**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ЭНЦИКЛОПЕДИЯ БОРБОРУ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Башкы редактор **Ү. Асанов**

Жооптуу редактор **И. Бекбоев**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Бекбоев И. (төрага), Абдиев А., Алимбеков А., Андашев Д., Байгазиев С., Жумагулов Ч., Иптаров С. И., Коңурбаев Т.А., Муратов А., Осмоналиева А. (жооптуу секретарь).

**АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО РЕДАКЦИЯСЫ**

Редакция башчысы М. Оморова, редакторлор: М. Молдалиева, Э. Турдубекова, Н. Жылдызова, Ж. Медералиева.

# КЫРГЫЗ ПЕДАГОГИКАСЫ

**ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛЫК ОКУУ КУРАЛЫ**

БИШКЕК – 2004

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ЭНЦИКЛОПЕДИЯ БОРБОРУ

УДК 37.0
ББК 74.00я2
К 97

**АВТОРЛОР**

Абдиев А.
Акматов Д.
Акиева Г.
Акунова Ж.
Алимбеков А.
Асипова Н.
Асанкулов Т.
Аттокуров А.
Баетов А.
Байгазиев С.
Байсалов Ж.
Бекбоев И.
Даминова И.
Жакышева Б.
Жаркынбаева Ч.
Жумабаева Г.
Жумалиева Ж.
Жунушалиева К.
Жоокаев Ж.
Жооданбеков А.
Ибраева Н.
Иптаров С.
Иманкулова М.
Калдыбаев К.
Калдыбаев С.
Каниметов Ж.
Касымбаев С.
Касымов А.
Касымов К.
Кекеева Ч.
Коңурбаев Т.
Кособаева Б.
Кыдыралиева А.
Масаев А.
Мамбетова З.
Мамбетакунов Э.
Мусаева В.
Мырзаибраимова Б.
Мырзадаирова Д.
Муратов А.
Муратбаев Б.
Ниязова Н.
Орускулов Т.
Осмоналиева А.
Рахимова М.
Рысбаев С.
Салыков С.
Сейдекулова К.
Сманбаев Ө.
Субанова Б.
Субанова М.
Тиленбаев Ч.
Түгөлбаев О.
Токтомаметов А.
Усупова М.
Үсөналиев С.
Үсөналиев Т.
Эсенакунова А.

## «ПЕДАГОГИКА» ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН ОКУРМАНДАРЫНА

**Урматтуу окурман!**

Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, Кыргыз Билим берүү академиясы жалпы өлкөдөгү педагог окумуштуулар менен биргеликте даярдаган бул маалымат берүүчү китеп кыргыз тилинде даярдалган педагогика тармагындагы эң алгачкы басылма болуп эсептелет. Мында окутуу, тарбиялоо багытындагы эл аралык мааниге ээ болуп калган терминдер, элдик педагогиканын түшүнүктөрү кыскача чечмеленип берилүү менен, бул тармактын белгилүү окумуштуулары, таанымал мугалим-практиктер, билим берүү тармагына ири салым кошкон адистер жана кыргыз педагогикасынын калыптанышында, өнүгүшүндө олуттуу орду бар дүйнөлүк жана советтик педагогдор тууралуу өмүрбаяндык маалымааттар киргизилди. Жалпысынан колуңардагы китептен кыргыз педагогикасына жана дүйнөлүк педагогикага байланышкан көп маалыматтарды аласыңар деп ойлойбуз, ошол эле кезде бул китеп өлкөдөгү интеллигенциянын эң билимдүү, эң окумал катмары болгон мугалимдердин, тарбиячылардын стол китебине айланып, алардын практикалык иштеринде керекке жарап, келечек муундарыбызды билимдүү жана ыймандуу өстүрүүгө көмөгүн көрсөтөт деп ишенебиз. Мына ушундай сөздүн чыныгы маанисиндеги энциклопедиялык китепти даярдоодо педагогика жана мектеп таануу багытындагы таланттуу жана талбас окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор Исак Бекбоев жана анын командасы кыска мөөнөт ичинде элибизге чоң эмгекти жаратып берди.

Бул китеп кыргыз улутунун этникалык педагогикасы менен дүйнөлүк педагогиканын, билим жана тарбиялоо жөнүндө советтик илим менен эгемендүү Кыргызстандын педагогикасынын синтезинен жаралганын окурмандар өздөрү аңдап билишер. Эң негизгиси мында эгемендүү мамлекет болгонубуздан кийинки алгачкы жолу өзүбүздүн педагогикабыздын жүзүн тартууга чоң аракет жасалды.

Кыргыз уруулары улут болгонго, эл катары калыптанганга чейин эле балдарды жана жаштарды тарбиялоо үчүн өздөрүнүн ишенимдерин, каада-салттарын, эреже-нормаларын, эмпирикалык билимдерин иштеп чыккан жана ошол тарбия-таалим берүүчү алгачкы башаттар кыргыздын улут болушуна, эл болушуна, сансыз көп уруш-чабыштарда өзүн сактап турушунда, бир идеяга биригишинде өлчөөсүз чоң кызмат кылган. Бир саптан турган макал-ылакаптар, санат-насыят, терме ырлары; «Манас» баш болгон эпикалык дастандар; жаңылмачтар, жомоктор, бешик ырлары, кошоктор, армандар, керээздер, айтыштар сыяктуу элдик оозеки чыгармачылык; кала берсе калптар; анан элдик оюндар; жылкы таптаган саяпкерлик, сынчылык өнөрлөр; саятчылык, мүнүшкөрчүлүк; жылдызга, булутка, шамалга, жан-жаныбарлардын кыймылына, аракетине карап аба ырайын, жыл мезгилдерин боолгологон элдик метореолог-жайчылар элдик педагогиканын бизге жеткирген алтын казынасы болуп калды.

Энциклопедияга макалаларды тандап алууда төмөнкүдөй чен-өлчөмдөрдү жетекчиликке алдык:

1. Кыргыз элинин улуттук педагогикасында өз орду бар, кылымдар бою элибиздин таалим-тарбиялоо салттарын түзүүгө, өркүндөтүүгө катышкан, аты уламышка айланган ырчылар, манасчылар, дастан айтуучулар, акындар өзүнчө кыска портреттик мүнөздөмөсү менен киргизилди.

2. Советтик мезгилдеги жана азыркы учурдагы акын-жазуучулардын, сүрөтчүлөрдүн, композиторлордун да чыгармаларындагы балдарды тарбиялоого байланышкан идеяларынын салмактуулугуна карап алардын да өмүр баяндарын педагогикалык багытына басым жасап жайгаштырууга аракет кылдык.

3. Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамын алгандар да өзүнчө макала катары кошулду.

4. Педагогика боюнча докторлук диссертациясын коргогон окумуштуулар, педагогика боюнча УАКтан атайын профессорлук даражасын алгандар да энциклопедиядан орун алды. Мында тармактын теориялык маселелеринин чечилишинде жана билим берүү, тарбиялоо практикасында өзгөчө орду бар айрым персоналдарды да жогорудагыдай наам, даражаларына карабай эле китепке кошууну ылайык көрдүк.

5. Кыргыз педагогикасынын өсүшүнө чоң салым кошкон дүйнөлүк ири педагог илимпоздор жана новатор мугалимдер тууралуу да өзүнчө материалдарды бердик.

6. Жалпы дүйнөлүк, анын ичинде кыргыз педагогикасында колдонулуп жүргөн терминдер жана түшүнүктөр кыскача чечмеленип берилди.

7. Жалпы билим берүүчү орто мектептердеги предметтер тууралуу, мектеп турмушундагы кеңири колдонулган түшүнүктөр жөнүндө да макалалар энциклопедияга сунуш этилди.

Жалпысынан бул китептен кыргыз элинин таалим-тарбия салттарын жана алардын жалпы адамзаттын педагогикалык илими менен кандайча байланышкандыгын, бүгүнкү улуттук педагогикабыздын оң-терс жактарын даана байкоого болот.

Бул китеп алгачкы саамалык эмгек, андыктан анда айрым кемчилдиктердин кетиши да мүмкүн, демек биз окурмандардан китеп тууралуу сын-пикирлерин күтөбүз жана аны кийинки басылыштарында эске алабыз.

Анда эмесе, бул китепке ак жол!

Биздин дарек: *720000, Бишкек ш., Эркиндик проспекти 56, Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.*

**Башкы редактор Ү. Асанов**

# ПЕДАГОГИКА

Педагогика – тарбиялоо, билим берүү жана окутуу проблемаларын изилдеп үйрөнүүчү теориялык жана прикладдык илимдердин жыйындысы. Университеттерде, институттарда ж. б. окуу жайларында адистештирилген программалар боюнча окутулуучу курс да педагогика деп аталат. Педагогика адегенде балдарды тарбиялоонун теориясы катары өнүккөн. Азыркы педагогика окутуу жана тарбиялоо, маданий-агартуу, агитациялык-пропагандалоо, адистердин кесиптик билимдерин өркүндөтүү проблемаларын камтыйт.

Тарбиялоо башка илимдерде да үйрөнүлөт: социологияда тарбиялоо коомдун жана мамлекеттин функциясы катары, ал эми психологияда болсо инсандын руханий, ички духунун өнүгүшүнүн шарты катары каралат. Педагогика тарбиялоо процессинин закон ченемдүүлүктөрүн, анын структурасын жана механизмдерин изилдейт, окутуу жана тарбиялоо процессинин теориясын жана аны уюштуруунун методикасын, мазмунун, принциптерин, уюштуруу формаларын, методдорун жана ыкмаларын иштеп чыгат.

**Педагогиканын тармактары жана бөлүмдөрү, алардын башка илимдер менен болгон байланыштары**

Педагогика өсүп-өнүгүү жолунда анын айрым бөлүмдөрү билимдердин өз алдынча тармактарына бөлүнгөн. Мис., билим берүүнүн жана окутуунун теориясы (дидактика), тарбиялоонун теориясы, мектеп ишин уюштуруу жана аны башкаруу жөнүндөгү билимдердин системасы (мектеп таануу). Айрым окуу предметтерин окутуунун методикалары да педагогика тармактары болуп эсептелет. Бул методикаларга салыштырмалуу, дидактика жалпы методика, ал эми предметтик методикалар айрым (жеке) дидактикалар деп эсептелинет. Бирок, бул айырмачылык шарттуу гана. Мис., математиканы окутуунун методикасы дидактикага салыштырмалуу – жеке методикалардын бири, бирок математиканын айрым бөлүмдөрүн (арифметиканы, алгебраны, геометрияны) окутуунун методикасына салыштырмалуу, ал мында эми жалпы методика катары каралат. Методикалар жалпы педагогикалык, дидактикалык негизде гана ийгиликтүү өсүп-өнүгүшү мүмкүн. Бирок, методикалардын ар биринин мазмуну дидактикалык жоболорду конкреттештирүү менен эле чектелбейт. Ар түрдүү тармактагы педагогикалык иш тажрыйбаларды үйрөнүп, жалпылап, предметтик методикалар ошол тажрыйбанын бөтөнчөлүгүн чагылдыруу менен дидактиканы байытышат.

Дене-боюнун жана психикасынын кемчилиги бар балдарды тарбиялоо, аларга билим берүү жана окутуунун теориясы дефектология болуп эсептелет. Ал илим сокур балдарды тарбиялоо, билим берүү, окутуунун теориясын – тифлопедагогиканы, дүлөй-дудуктарды тарбиялап окутуу теориясын – сурдопедагогиканы, кем акыл балдарды тарбиялап окутуу теориясын – олигофренопедагогиканы өз ичине камтыйт. Баланын речинин бузулуусун алдын ала эскертүүнүн жана аны оңдоонун жолдору логопедияда каралат.

Педагогиканын тарыхы дайыма өзгөрүп турат. Өткөн мезгилде ачылган жаңы фактылар эми тарых болуп калат, анткени мурун белгилүү болгон кубулуштар коомдук өнүгүүнүн жогорку азыркы деңгээлинде жаңыча талкууланып кабылданат, илимий билимдин жалпы процесси тарыхый-педагогикалык процесстерди кайрадан аңдап көрүүгө мүмкүндүк берет.

Педагогикалык билимдердин ички бөлүмдөрү ар түрдүү багыттарда дифференциацияланат: тарбиялоонун айрым жактарын иликтөөчү бөлүмдөр (мис., адептик, эстетикалык, физикалык, саясый тарбиялоонун теориясы жана методикасы); үй-бүлөдө жана билим берүүнүн түрлүү мекемелеринде таалим-тарбия берүү иштерин системалаштыруунун тажрыйбасы боюнча, мис., интернаттуу мектептердин педагогикасы, узартылган күндүн мектебинин педагогикасы, кесиптик-техникалык билим берүүнүн педагогикасы, жогорку мектептин педагогикасы, мектепке чейинки тарбиялоонун педагогикасы, мектептик педагогика жана ушул сыяктуу бардыгы жалпысынан “Курактык педагогикага” таандык. Мында ушундай бөлүштүрүүгө карата педагогиканын адистештирилген курстары түзүлөт.

Өткөн кылымдын 20-жылдарынын башында дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүндөгү тарбиянын типтерин жана билим берүүнүн системасын генетикалык-салыштыруу методу менен изилдөө максатында салыштырмалуу педагогика келип чыккан.

Адамга таалим-тарбия берүү – бул дайыма социалдык көрүнүш; таптык коомдо ал таптык мүнөздө болот. Педагогика социалдык илим катары пайда болуп калыптанган. Ал коомдук билимдердин системасында болуп, дайыма коомдук башка илимдер менен биринчи иретте философия, этика, эстетика менен тыгыз байланышта өнүгүп жатат. Адам жаратылыштын ажырагыс бөлүгү болгондуктан, анын физикалык жана психикалык өсүп-өнүгүшүн социалдык-биологиялык процесс деп эсептөөгө болот. Демек, педагогиканын абалы көбүнчө табигый илимдердин (биологиялык, физиологиялык, генетикалык билимдердин) деңгээлине көз каранды. Мис.; физикалык тарбиялоонун теориясы адамдын анатомиясына жана физиологиясына негизделет, дефектология болсо – педиатрия жана психиатрияга таянат.

Жалпысынан азыркы педагогикага антропология, социология жана психология менен байланышты күчөтүү мүнөздүү. педагогиканын коомдук башка илимдер менен болгон байланышы көп кырдуу, өтө эле татаал жана өзгөрмөлүү. Педагогиканын ырастоосу боюнча тарбиялоо иши коомдук турмуштун объективдүү закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүүнүн негизинде, тактап айтканда ар түрдүү коомдук-тарыхый шарттардагы балдардын турмушун жана өсүп-өнүгүшүн иликтөөнүн негизинде жүргүзүлүүгө тийиш. Мына ошол социалдык шарттар өсүп-өнүгүүгө кандайча таасир этээрин, коомдук идеологиянын инсандын психологиясына тийгизген таасири эмнеден көрүнө тургандыгын, коомдо топтолгон билимдер кандайча индивиддин (жеке адамдын) руханий байлыгы болуп кала тургандыгын педагогика изилдейт. Ошондуктан азыркы педагогикада изилдөөлөр социологиялык, психологиялык, педагогикалык анализ менен комплекстүү жүргүзүлөт.

Педагогика башка илимдер менен өз ара байланыштуулугунун натыйжасында “кошунду” дисциплиналар пайда болду. Мис., педагогиканын социология менен биригүүсү (педагогикалык социология), психология менен кошундусу (педагогикалык психология), медицина менен биригүүсү (дарылоо педагогикасы), искусство таануу менен кошундусу

(театрдык, музыкалык педагогика), укук таануу менен биригүүсү түзөтүү (эмгек педагогикасы), аскердик билимдер менен биригүүсү (аскер педагогикасы) ж. б. “кошунду” дисциплиналарды пайда кылды. Ошентип, педагогикада жалаң эле дифференциялоо процесси гана эмес, о. эле бардык башка илимдердегидей эле дисциплиналарды интеграциялоо (бириктирүү) процесси да орун алат. Педагогиканын методологиялык негизи болуп илимий философия, диалектикалык жана тарыхый материализм эсептелет. Философия педагогиканы таанып-билүүнүн жалпы теориясы менен камсыз кылат. Коомдук өнүгүүнүн закондору жөнүндөгү окуу тарбиянын объективдүү социалдык процесс экендигин баамдап билүүгө мүмкүндүк берет; илимий логика педагогикалык кубулуштардын татаал диалектикасын изилдөөгө жол ачат; дүйнөнү чагылдыруунун материалисттик теориясы, дал ошол теориянын өңүтүндө билимдерди өздөштүрүүнүн жана окутуунун закон ченемдүүлүктөрүн изилдөөгө мүмкүндүк берет; мораль жөнүндөгү окуу адептикке тарбиялоо теориясынын идеялык негизин түзөт.

Азыркы шартта педагогика илиминин түрдүү тармактары боюнча эң баалуу материалдар жана тажрыйбалар топтолуп жатат; педагогикалык изилдөөлөрдүн масштабы жана саны кескин өсүүдө, педагогикалык информациялардын агымы күчөп жатат. Бирок, педагогиканын айрым бөлүмдөрүндөгү жана тармактарындагы иштелмелердин ашыкча автономдоштурулгандыгынын натыйжасында жеке изилдөөлөрдүн корутундулары жалпы теорияда чагылдырылбай келүүдө. Бул кемчиликтерди жоюу педагогиканын керектүү милдеттеринин бири жана анын мындан аркы өнүгүшүнүн шарты болуп эсептелет.

**Педагогика илим жана искусство катарында**

К. Д. Ушинский тарабынан коюлган педагогика илимби же искусствобу деген суроону П. П. Блонский карап чыгып, ал тарбиячыга теориялык билим да, билгичтик да жана талант да керек деп эсептеген. Билгичтикке жеке тажрыйба жетилтет, жеке чыгармачылыктын натыйжасы бар; талантка ээ болууга болбойт. Бир адам экинчисине кээ бир идеяны гана бере алат, бирок талантты, иштөөнүн техникасын билдире албайт; ар бир педагог мастер боло алат; теориялык ойлорду ишке ашыруучу үлгүлөрдү, конкреттүү мисалдарды (демек педагогикалык техниканы) башка адамга берүүгө жардам көрсөтөт.

Адамдын ар башка ишмердиги сыяктуу эле педагогикалык ишмердик – бул объективдик менен субъективдиктин, жалпылык менен жекеликтин, зарылдык менен кокустуктун, кайталануу менен кайталанбастыктын биримдиги болуп эсептелет.

Тарбиячынын келбети, сезими, тапкычтыгы, тактыгы ж. б. көп субъективдүү сапаты тарбиялоо искусствосунун чындыктуу жана иштиктүү факторлору болот. Педагогдун интуициясынан, б. а. анын жөндөмдүүлүгүнөн, өзүнүн түздөн-түз сезгичтигине таянып ситуацияларга жана кылык-жоруктарга туура баа берүү менен дароо бир чечимге келе билүүсүнөн да көп нерсе көзкаранды. Бирок, мындан тарбияны ушул факторлордун биргелешкен таасири деп эсептөөгө болбойт. Тарбия – бул өзүнүн ички закон ченемдүүлүктөрү менен болуп өтүүчү бүтүн (бүкүлү) процесс. Интуиция тарбиялоонун курчтугуна, тарбиячынын байкагычтыгына гана эмес, ал о. элеанын педагогикалык билиминин жана тажрыйбасынын байлыгына, тарбиялануучулардын психологиясын түшүнүп билүүсүнө көзкаранды.

Адамды тарбиялоо жагындагы теория менен практиканын өз ара катнашы өзгөчө татаалдыгы менен мүнөздүү. Педагогикалык ишмердиктин объективдүү закондору анын негизги гана багытын аныктайт; алар белгилүү тенденциялар сыяктуу ишке ашырылат; педагогикалык закон ченемдүүлүктөрдүн көрүнүш (туюлуш) формалары ар бир учурда ар түрдүү жана алар конкреттүү шарттарга байланыштуу. Педагогика теориясы көп сандаган бул конкреттүү ситуацияларды алдын ала билип, ар бир кыйынчылык үчүн көрсөтмө бере албайт. Ошондуктан, И. Гербарт ырастагандай, теория бир эле мезгилде талап кылгандан көптү да жана азды да берет (б. а., өзгөчөлөнүп алынган ситуация үчүн теориялык маалымат мүмкүн ашыкча болгону менен жеке учурда кандайча иштөө керектиги анда айтылбайт). Бул карама-каршылык педагогикалык практикада чечилет. Педагогика типтүү жагдайларды, типтүү кыйынчылыктарды белгилейт, педагогикалык каражаттарды камтыйт, аларды ийгиликтүү колдонуунун шарттарын анализдейт. Мастер-педагог көп каражаттардын ичинен өзүнө керектүүсүн тандап алат. Ар бир жеке учурдун бөтөнчөлүгүнө жараша ал аны чыгармачылык менен пайдаланат.

Маселелердин, проблемалардын жана ситуациялардын көбү кайталана бере тургандыгына ар бир мугалим өзүнүн иш тажрыйбасынан көрүп ынанат. Тарбиялануучулар канчалык ар түрдүү болушпасын, алардын жеке мүнөздөрү бардыгына жалпы болгон белгилүү психологиялык типке таандык болот. Ошондой болсо да педагогикалык ишмердик ар бир педагогдон чыгармачыл ойлонууну, конкреттүү шарттардын бүткүл көп кырдуу өзгөчөлүктөрүн эске алып иштөөгө даяр болууну талап кылат. Педагогикалык кубулуштар өтө көп жана ар түрдүү, ошондуктан аларга карата берилүүчү теориялык көрсөтмө-сунуштар жана педагогикалык чыгармачылык да ар кандай болот.

Педагогикалык ишмердиктин бөтөнчөлүгү педагогикага коюлуучу талаптар менен шартталат. Педагогика педагогдорду педагогикалык ойлонуу менен педагогикалык процессти уюштуруунун методикасы жана педагогикалык устаттыктын техникасы менен камсыздайт. Бул техника айрым педагогикалык каражаттарды (сөз, үн, ымдоо-мимика, жандоо-жестикуляция) пайдалана билгичтик менен эле чектелбейт. Ал о. эле педагогикалык каражаттардын жыйындысы белгилүү максатты ишке ашыруунун искусствосу – педагогикалык стратегия менен тактика да болмокчу.

Көп ата-энелер атайын педагогикалык билимсиз эле балдарын тарбиялашат деген ой педагогикалык билимдердин маанисине шек келтирбейт. Эмгектенүүнүн түрлөрүн адамдар ишмердиктин закондору жөнүндө эч бир түшүнүгү болбогон кезде да пайдаланышкан. Бирок, илимдин таасири менен адамдар эң укмуштуудай жетишкендиктерди, жаңылыктарды ойлоп табууга жол ачты. Ушул эле эреже педагогикага да таандык. Кээ бир башка илимдерге (мис., математика, физика, химия, биология) караганда педагогикалык теория азыраак иштелип чыккандыгына карабастан, азыркы педагогика тарбиячыны ага зарыл болгон көлөмдөгү билимдер менен камсыз кылат. Педагогика нын андан аркы өсүп өнүгүшү менен анын практикалык керектүүлүгү жана мааниси дагы өсө берет.

Албетте, теорияны билип өздөштүрүү тиешелүү билгичтиктерди дароо эле түздөн-түз камсыз кыла койбойт. Тарбиялоонун искусствосуна ээ болуу үчүн ошол теориялык билимдерди пайдаланууну үйрөнүү зарыл. Мындай билгичтик жеке тажрыйба менен ойлонуп эмгектенүүнү туура айкалыштырууда калыптанат жана ал педагогдон өзүнүн жумушун сын көз менен анализдеп турууну талап кылат.

Теориянын байышы менен педагогикалык искусствонун өркүндөшү – бул бири бирине өтө байланыштуу, бири бирин толуктоочу процесс. Педагогика практикалык ишмерлерди педагогикалык маселелерди чечүүнүн методдору менен камсыз кылат, аларды мурдатан белгилүү болгондорду кайта жаныдан издеп табуу зарылчылыгынан куткарып өзүнүн тажрыйбасын максаттуу анализдеп жаңы ыкмаларды жаратууга мүмкүндүк берет. Педагогика жөндөмдүү, таланттуу тарбиячыга да жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет. Өз кезегинде практикалык табылгалары жана ойлоп ачкандары теорияны байытат.

**Педагогиканын негизги категориялары**

Педагогиканын жалпы түшүнүктөрү (категориялары) – тарбиялоо, окуу, окутуу, билим берүү, педагогикалык процесс. Мына ушул ж. б. педагогикалык түшүнүктөрдүн мазмуну стабилдүү (туруктуу) эмес. Категорияларда аларда белгиленүүчү чындыктуу кубулуштардын өзгөрүүлөрү жана илимий ойдун ар бир кубулуштун маани-маңызына тарап жайылышынын даражасы чагылдырылат. Көп педагогдор (П. Г. Редкин, А. Н. Острогорский, Л. Н. Толстой ж. б.) өз эмгектерин түшүнүктөрдү анализдөөгө жана аларга аныктама берүүгө, алардын арасындагы өз ара байланыштарды мүнөздөөгө арнашкан. Педагогикалык түшүнүктөрдүн системасын иштеп чыгуу, тиешелүү аныктамаларды жана терминдерди тактоо иши улантылып жатат; ошондой болсо да педагогиканын категорияларын азыркыча түшүнүп кабылдоого мүнөздүү болгон негизги тенденциялар ачык болду.

Тарбиялоо, сөздүн кең маанисинде – өсүп-өнүгүүгө таасир этүү жана ошол таасирдин натыйжасы. Адамды анын бүткүл өмүрү (турмушу) тарбиялайт деген ойдун мааниси да дал ушунда. Сөздүн адистик тар маанисинде тарбиялоо деп тарбиялоочунун жумушун, өсүп-өнүгүүгө максаттуу жетекчилигин жана ошол жетекчиликтин натыйжасын түшүнөбүз. Педагогикалык жетекчилик мурдагы педагогикада тарбиячынын тарбиялануучуларга түздөн түз таасир этүүсү деп эсептелинип келген. Илимий педагогика ырастоосу боюнча адамдын инсандыгы ишмердик процессинде калыптанат. Бул ишмердүүлүк өсүп-өнүгүүгө чоң таасир этет, б. а. тарбиялайт.

Белгилүү педагогдордун эмгектеринде объективдүү социалдык кубулуш катарындагы тарбияны атайын уюштурулган тарбиялык жумуштан тактап айырмалоонун зарылдыгы белгиленип көрсөтүлөт. Ар бир жаңы муун жашай баштагандан тартып өзүнөн көзкаранды эмес, ага чейин эле болуп келген социалдык, идеологиялык жана экономикалык мамилелердин системасына дуушар болот. Жаңы муундун ишмердигинин мүнөзү жана жалпы шарттары барыдан мурда мына ошол коомдук мамилелер менен аныкталат. Ал көзгө көрүнбөгөн чексиз көп жактары аркылуу коомдун бардык тармактары менен байланыштуу. Мына ушул кубулуштардын бардыгы объективдүү тарбиялык процесс болуп эсептелет.

Окуу – бул түшүнүктү кыскача билимдерди, билгичтиктерди жана көн-дүмдөрдү өздөштүрүү деп аныктоого болот. Мурда бул термин адамга гана карата колдонулуп келген болсо, азыр кибернетикалык адабияттарда ал о. эле машиналарды "окутууга" карата да пайдаланылат. Ушуга байланыштуу "окуу" түшүнүгү максаттуу аракеттердин тажрыйбасы катары бир кыйла кеңири талкууланып жүрөт.

Окутуу – сөздүн тар маанисинде, окууга жетекчилик кылуу. Кең мааниде алганда окутуу эки жактуу процесс; ал окуу материалын берүүнү жана өздөштүрүүнү, б. а. мугалимдин ишмердигин (сабак берүүнү) ж-а окуучулардын ишмердиктерин (окуп билим алууну) ичине камтыйт.

Билим берүү – системалаштырылган билимдерди жана аларга байланыштуу болгон практикалык таанып билүүчүлүк ишмердикти өздөштүрүү процессин жана натыйжасы.

Коомдун алгачкы өнүгүү жолунда билим берүү өткөн муундардын тажрыйбасын үйрөнүп-билүү сыяктуу мүнөздө болгон. Балдар айлана-чөйрөдөн белгилүү эмгек ыкмаларын үйрөнүшкөн. Эмгекти бөлүштүрүү пайда болгондон баштап айланадагы тажрыйбаны үйрөнүү функциясы өсүп келе жаткан жаш муундарды өз алдынча эмгектенип жашоого даярдоочу атайын уюштурулган ишмердиктин мазмунуна айланган.

Педагогикалык процесс улам жаңыланып туруучу социалдык маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн коомдук турмуштун бардык сферасында болуп өтүүчү тарбиялоо менен билим берүүнүн, окутуу менен окуунун, өзүн-өзү тарбиялоо менен кайрадан тарбиялоонун, нукура тарбиялык ишмердик менен кеңири социалдык кубулуш катарындагы тарбиянын өз ара байланыштарын аныктап чыгып, алардын бири бирине камтылыш татаал процесстерин терең анализдөөгө туура келет. Мына ушул кубулуштарды толугураак чагылдыруу үчүн педагогикадагы категориялардын бири катарында "педагогикалык процесс" деген термин кеңири колдонулат. Педагогиканын талаптарына ылайык уюштурулган окуу-тарбиялык процесс, педагогдордун жана тарбиялануучулардын, окутуучулардын жана окуучулардын ишмердиктери жалпысынан мына ушул термин менен белгиленет. Коомдун бардык сферасында ишке ашырылуучу адамды тарбиялоо процесси жана ал процесстин жыйынтыгы инсанды социалдык жактан калыптандыруу деп аталат. Ар кандай педагогикалык кубулуштар (процесстер) өз ара бири бирине тыгыз көз карандылыкта болушат. Мектеп менен үй-бүлөнүн тарбиялык иши коомдук турмуштун бардык сферасында ишке ашырылуучу инсанды калыптандыруу процессинин натыйжалары толук эске алынган учурда гана туура уюштурулушу мүмкүн. Тарбиялоо менен билим берүүнүн бирдиктүүлүгүнө жетишкен кезде гана окутуу эң жогорку эффективдүү (тарбиялоочу окутуу) болот. Эгерде тарбиячылар балдардын жана жаштардын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн толук билип, алардын өсүп-өнүгүүсүн дал ошол өзгөчөлүктөргө ылайык туура багытташса, анда натыйжалуу ийгилик (өнүктүрүүчү тарбия) жаралат.

**Педагогиканын келип чыгышы жана өнүгүшү**

Педагогиканын калыптанышы турмуштук байкоолордон жалпылаштырууга карай, тарбия жөнүндөгү ар түрдүү ойлордун айтылышынан толук педагогикалык системаларга карай, эмпирикалык сунуштардан нукура теориялык

изилдөөлөргө карай, эркинче айтылган ойлордон эксперименталдык текшерилүүчү концепцияларга карай, сапаттык анализдөө методдорун колдонуудан так (өлчөө, ченөөлөрү болуучу) сандык баалоолорго жана мүнөздөмөлөргө карай, жоромолдуу ойлор менен утопиялардан илимий алдын ала көрө билүүлөргө карай багытталып калыптанып олтурган. Көп тармактуу бул татаал процесс улануудa, азыркы педагогиканын түрдүү бөлүмдөрү бирдей өнүккөн жок. Мис.; окутуу процессин изилдөөлөрдө сандык талдоо методдору кеңири колдонулат, мында окутуунун алгоритмдери аныкталат, аны программалоонун проблемалары иштелип чыгат, бирок, тарбиялоонун методун иликтеп изилдөөдө сандык талдоо методун колдонуу боюнча биринчи гана кадамдар жасалууда. Социалдык-педагогикалык проблемаларды изилдөөдө тарбиялоо теориясы билим берүү теориясынан бир кыйла алдыда.

Педагогиканын өсүп-өнүгүүсүнүн түрдүү этаптары түрдүүчө тереңдикте жана түрдүү толуктукта изилденген, бирок, бул процесстин негизги контуру жетишерлик даражада аныкталган. Бизге белгилүү болгон биринчи педагогикалык жалпылоолор кул ээлөөчүлүк коомдогу тарбияга тиешелүү. Тарбиялоонун жана окутуунун максаттары, тартиптин мааниси, мугалимге жана окуучуга коюлуучу талаптар жөнүндөгү пикирлерди Байыркы Чыгыштын ойчулдары айтышкан. Ал пикирлерди эмпирикалык системалардын педагогикасынын башталышы деп кароого болот. Байыркы доордун педагогикасы сөзсүз авторитардык болгон. Анын максаты тарбиянын жардамы менен ыймандуулукту жана каада-салтты, коомдук түзүлүштү: Египетте жрецтер сословиесинин талашсыз авторитетин, Индияда касталык топтордун түзүлүшүн, Кытайда императордун буйруктарын жана үй-бүлө традицияларынын кебелбес туруктуулугун сактоо болгон.

Байыркы доордогу педагогикалык ойлор философиянын, диндин, саясаттын системасында пайда болуп өнүккөн; адам, коом, жакшылык жана жамандык жөнүндөгү жалпы түшүнүктөр менен биргелешкен; диний китептерде (Библия, Куран, Талмуд ж. б.) ата-энелер жана балдар өздөрүн кандай алып жүрүү керектиги жөнүндөгү нормалар, деталдаштырылган акыл-насааттар баяндалган.

Байыркы замандын философиясы Африкада (б. з. ч. V–IV к.) эң күчтүү өнүккөн. Демокрит, Протагор, Сократ, Платон, Аристотель теоретик педагогдор болушкан. Алар мектептик жана үй-бүлөлүк тарбия маселелери менен чектелишкен эмес; социалдык кеңири проблемалар: саясат жана тарбия, мамлекет жана инсан, билим берүүнүн коомдун турмушундагы мааниси ж. б. изилдешкен. Байыркы замандын педагогикасынын тарбиядагы күчтүү жагы мына ушунда, бирок, дал ушул проблемаларды чечүүгө кул элөөчүлүк коомдун идеологиясы (тарбиянын ошол кезде жашап турган мамлекетти чыңдоонун куралы катарында пайдаланылышы, гармониялуу өнүккөн адамдын барыдан мурда кул ээлөөчүлүк мамлекет тарабынан коюлган маселелерди ишке ашыруунун каражаты деп эсептелиши) таасир эткен. Албетте, мындайларды ал кезде адам катары эсептелбеген кулдар эмес “эркин төрөлгөндөр” деп түшүнүшкөн.

Антикалык (байыркы гректик, байыркы римдик коомдук түзүлүш) педагогика тарыхый жагынан гана эмес, өзүнүн эң бай эмпирикалык байкоолору, ой жүгүртүүлөрү, көрөгөч божомолдору менен биз үчүн баа жеткис кызыктуу. Антикалык ойчулдар, о. эле педагогика кээ бир жалпы теориялык жоболорун (билим берүүнүн тарбиялоочулук баркы, адамды комплекстүү тарбиялоонун зарылдыгы, фрагментардык “көп кырдуу билимге” караганда системалык билим берүүнүн артыкчылыгы жөнүндөгү ж. б.) формулировкалашкан. Байыркы грек философиясында педагогиканын өнүгүшүнүн негизги тенденциялары: материалисттик тенденция негизинен Демокритте (б. з. ч. 460–370-ж.), идеалисттик тенденция Сократта (б. з. ч. 469–399-ж.) жана анын окуучусу Платондо (б. з. ч. 427–347-ж.) так туюнтулуп көрсө-түлгөн.

Демокриттин ырастоосу боюнча адамдын акыл-оюнун калыптанышында анын турмуштук тажрыйбасы, иши, кылык-жоругу чечүүчү мааниге ээ. “Жаратылыш менен тарбия окшош. Тарбия адамды өзгөртөт жана аны башкача кылып жаралтуу менен жаратылышты түзөт”. Анын мындай көз карашына Сократтын борбордук педагогикалык идеясы таптакыр карама каршы. Сократ педагогдун башкы милдети – адамдардын алардын өздөрүндөгү мурдатан билинбей келгенсиген түшүнүктөрдү жана элестөөлөрдү сездирип ойготуу болуп эсептелет. Буга “сократтык аңгеме” менен жетишүүгө болот, мындай аңгеме өткөрүүчү сүрөмөлөп жетелөөчү суроолорду берүү менен керектүү корутунду чыгарат. Демокриттин ырастоосу боюнча адамдар жаратылыштан эмес көнүгүүдөн, үйрөнүүдөн, аракеттенүүдөн жакшырат, ал эми Сократ боюнча жакшы болуш үчүн эмне жакшы, эмне жаман экендигин билүү гана жетиштүү. Демек, Сократ адамдын ахлак-адептүүлүгү анын билиминде деп эсептеген. Методологиялык негиздери боюнча бири-бирине карама-каршы бул позицияларда жалпы формада болсо да, тарбияны эки башка позицияда кабылдоо белгиленген. Биринчиси (материалисттик) бытиёну, жашоо-тиричиликтин мүнөзүн, тажрыйбанын ролун алгачкы аныктоочу деп тааныйт. Экинчиси (идеалисттик) “таза” аңдап сезүүнү, моралдык үгүттөөнү, таасирдүү сөздү кыялга батууну ашкере даңазалайт.

Байыркы Грециянын эң ири окумуштуусу Аристотель (б. э. ч. 384–329-ж.) материализм менен идеализмдин ортосунда олку-солку болгон, бирок, бул проблеманы теориялык жактан карап чыгып, ал акырында Демокриттин позициясын уланткан. Анын окуусу боюнча дене (тело) жандан (душа-ой) мурда жаралган сыяктуу эле акыл-эси болбогон жандын элементи да акыл-эстүү элементтен мурда жаралат... Сезим ойгонгон абал, эрктүүлүк аракеттер, о. эле кумарлануу, дилгирленүү жаңы төрөлгөн балдарга да таандык, ошондой болсо да эстүүлүк жана ойлонуу жөндөмү, албетте, кийинчерээк – алардын чоңоюшу менен пайда болот. Ошондуктан, жан (душа-ой) жөнүндө кам көрүүдөн мурда дене жөнүндө кам көрүү керек, андан ары, денеден кийин шыктуулукту тарбиялоо жөнүндө кам көрүлөт, анткени аны калыптандыруу акылды тарбиялоого, ал эми денени тарбиялоо – жанды тарбиялоого кызмат кылууга тийиш.

Байыркы Рим адабиятында педагогика маселелерине салыштырмалуу аз орун берилген.

Батыш Европа элдеринин педагогикасына христиандык идеологиянын келип чыгышы жана анын көп кылымдар бою эволюциялык өнүгүшү өтө таасир эткен. Алгачкы христианство кулдардын жана эзилген эмгекчилердин идеологиясы катары пайда болгон. Бирок, IV кылымдын башталышында эле ал идеология Рим империясынын расмий идеологиясы деп таанылган. Ф. Энгельстин сөзү боюнча “чиркөө... феодалдык түзүлүштүн эң эле жалпыланган синтези” болуп калган. Бул синтездин элементтеринин бири – тарбия, ал эми анын жетекчилери – чиркөөнүн ишмерлери болушкан.

Христиандар куугунтукталган сектада болуп турганынча алар өздөрүнчө мектептер уюштурушу мүмкүн эмес же өтө татаал болгон. Христиандык духовенство күч алган кезде гана дин кызматчылары мектеп ишин колдоруна алышкан. Педагогика маселелери негизинен дин илиминин трактаттарында жарыяланып турган. Педагогиканын тарыхы боюнча таасири, азыркы буржуазиялык адабиятта христиандыктын тарбияга болгон таасири идеалдаштырылып берилүүдө. Мында баарыдан мурда христиандыктын педагогикага адамдын инсандыгы жөнүндөгү көз караштарды кийирип, жакындарды сүйүп-урматтоону даңазалагандыгы белгиленген.

Экономиканын, саясаттын жана маданияттын конкреттүү шарттарына жараша түрдүү өлкөлөрдө чиркөө менен граждандык бийликтин арасындагы мамилелер ар түрдүү болуп турган. Алардын арасындагы күрөш бирде жашыруун, бирде ачык мүнөздө болуп, орто кылымдык маданият менен антикалык мурастар арасындагы мамилелер маселеси түрдүүчө чечилип келген. Педагогикалык ой-пикирлер диний догмалардын кысымында болгон: бул жарык дүйнөдөгү адамдар – келгиндер, жолоочулар; адамдын денеси – бул шайтандын түтүкчөсү; ой-пикирлер жана каалоо-тилектердин бардыгы күнөө; тарбиянын башкы максаты – тукумдарды каза таптырып, алардын арбактарын, периштелерин жоошуутуу болуп эсептелет деген сыяктуу диний догмалар орун алган. Бул көз караштар, албетте, илимге зыяндуу.

Чиркөө ишмерлеринин арасында өз учуру үчүн билимдүү философтор жана жазуучулар болушкан. Алар педагогикалык трактаттарды түзүшкөн, догмаларды формулировкалашкан, педагогикалык кеңештерди беришкен, бирок, ошондой болсо да “орто кылымдагы билим берүү менен тарбиянын мазмуну ошол кездеги чиркөө менен диндик түзүлүшкө карата аныкталгандыктан, ал кезде педагогикалык теория жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эместигине алар ынанышкан”.

Фанатик чиркөөчүлөр грамматика “негизги диндик китепти” окуганды, философия “еретиктерди шылдыңдап маскаралоого” кызмат кылганды, астрономия болсо диний майрамдардын даталарын эсептөөнү үйрөтүшү керек деп талап кылышкан.

Педагогиканын андан аркы өнүгүүсү феодализм урап, буржуазиялык коом пайда боло баштагандагы Кайра жаралуу дооруна (Италияда – XIV–XVI к., башка өлкөлөрдө XV–XVI к. акыры) туура келет. Адегенде схолистика расмий философия болуп кала берген, бирок антикалык ойчулдарга кайрылуу, табияттаануунун ийгиликтери, маданияттын жалпы жогорулашы философияда билим берүүнүн бардык системасында жана педагогика тармагында схоластикага каршы багыттардын пайда болуп күчөшүнө таасир эткен. Орто кылымдын атеизмине адамдын ар тараптан өнүгүү идеалы каршы коюлган. Аларды ойчул-гуманисттер: испаниялык психолог жана педагог Х. Вивес, англиялык саясый ишмер Т. Мор, францияльк жазуучу Эразм Роттердамский ж. б. негиздеп өнүктүрүшкөн. Гуманисттердин педагогикалык көзкарашында, албетте, ар бир автордун улуттук бөтөнчөлүгү, өлкөсүнүн спецификасы, өзүнүн жеке кызыкчылыгы чагылдырылган. Бирок, негизги педагогикалык талаптар бардык гуманисттер үчүн бирдей жалпы болгон. Алар үчүн көңүлдүн борборунда – адам, анын турмушту сүйүүсү, өмүргө кумарлануусу, активдүү ишмердикке суктануусу турган.

Гуманисттердин көзкараштары, ой-пикирлери азырынча системалаштырылган бирдиктүү педагогикалык теория боло алган эмес. Педагогикалык ой-пикирлер ар түрдүү адабияттык формаларда: философиялык трактаттарда (мис.; Х. Вивестин “Илимдерди окутуу жөнүндө”), сатиралык ой толгоолордо (мис.; Эразм Роттердамскийдин “Похвальное слово глупости”), фантастикалык баяндоолордо (Т. Мордун “Утопия”), сатиралык романда (Ф. Рабле “Гаргантюа и Пантагрюэль”), философиялык эсселерде (“Опыты” М. Монтень) жазылган. Гуманисттердин идеялары педагогиканын өнүгүшүнө таасир этип, аны чагылдырганы менен XV–XVI кылымдарда мектептерде схоластика басымдуулук кылган.

XVI кылымда түзүлгөн “Общество Иисуса” (“Иисустун коому”) аттуу реакциячыл католиктик иезуиттер ордени өзүнүн авторитардык педагогика системасын иштеп чыккан. Элдик массасынын караңгылыгын иезуиттер диндик ишенимдерди сактап калуунун шарты деп эсептешкен. Алар негизинен орто жана жогорку мектептерди ачышкан. Кайра жаралуу доорунун акырында гуманизм өзү да таза философиялык мүнөзгө ээ болгон.

Схоластиканы сынга алуу (Н. Кузанский, Дж. Бруно, Т. Кампанелла ж. б. ойчулдардын) натурфилософиялык концепцияларына байланыштуу болуп дүйнөгө схоластикалык көзкараш жана дүйнөнү схоластикалык методдор менен андап билүүлөр бузулуп талкаланган; теологиянын бүткүл тармактарына кайтадан материалисттик тенденцияга жол ачылган. Жаңы доордун материализминин атасы Фрэнсис Бэкондун (1561–1626-ж.) көзкарашын марксизмдин негиздөөчүлөрү: “Илим – бул тажрыйбалык илим жана ал рационалдуу методду туюлуп сезилүүчүлөргө пайдалануудан турат. Индукция, анализ, салыштыруу, байкоо, эксперимент – рационалдуу методдун башкы шартынын маани-маңызы” (К. Маркс, Ф. Энгельс. Соч., 2 изд., т. 2, с. 142) деп мүнөздөшкөн. “Илимдердин жакшы жагы жана аларды өркүндөтүү жөнүндө” деген сочинениесинде Бэкон окумуштуулар тарабынан топтолгон билимдерди системалаштырып, аларды жаңыча классификациясын сунуш кылган. Мында педагогика өзүнчө дисциплинага бөлүнгөн, бирок, анын предмети толук белгиленген эмес; мис., педагогика негизинен китеп окууга жетекчилик кылуу деп түшүндүрүлгөн. Сунуш кылынган системаны жетекчиликке алып Бэкон педагогикалык проблемаларды өзүнүн эмгегинин түрдүү бөлүмдөрүндө: дене тарбияны адамдын денеси жөнүндөгү илимге байланыштырып, окутуунун ыкмалары – “речтин методунун теориясы” китебинде, адептик тарбияны – адам жөнүндөгү китебинде ж. б. карап чыккан. Бэкон өнөкөт, адаттардын маанисин ар тараптан анализдеп чыгып, адат адамдын жаш кезинен башталып өнөкөткө айлана тургандыгын жана тарбия дегенибиздин мааниси – бул эрте калыптанган адат деп белгилеген. Бэкондун бул ойлору кызыктуу болгондугуна карабастан унутулуп калган. Таанып-билүүнүн сенсуалисттик теориясынын Бэкон тарабынан айтылган жоболору педагогиканын андан аркы өнүгүүсүнүн гносеологиялык негизи болуп калган; Коменскийдин дидактикасы, Локктун философиялык, психологиялык жана педагогикалык чыгармалары дал ошол теорияга таянат.

Педагогиканы салыштырмалуу өз алдынча теориялык билимдин тармагы катарында Ян Амос Коменский (1592–1670) иштеп чыккан. Анын “Великая дидактика” аттуу чыгармасы үгүттөөчүнүн сөзү же акыл-насыят айтуусу эмес, ал

теоретиктин жалпылаштыруучу эмгеги. Мында педагогикалык система логикалык жактан негизделген ойлордун, далилдөөлөрдүн жана корутундулардын өз ара байланышкан формасында баяндалып берилген. Ал системада педагогикалык кубулуштардын универсалдуу жалпы закон ченемдүүлүктөрү, мугалимге коюлуучу талаптар ишке ашырылган. Ал идея адамдардын бирдейлиги жөнүндөгү жаңы гумандуулук көзкарашынын талабына, мектептин социалдык жаңы идеясына: "бардыгын бардыкка үйрөтүү" идеясына толук жооп берген. Коменскийдин педагогикасы өз учурундагы граждандык тарыхтын жана маданияттын мүнөздүү белгилерин чагылдырган. Коменскийдин дидактикасында дин менен байланыштуулук сакталып калган. Ф. Бэкондун таасири астында өнүккөн материалисттик сенсуализмдин идеялары христиандык көзкараштар (адамды аркы дүйнөгө даярдоо) менен кошулуп кеткен. "Великая дидактиканы" Коменский жаңыдан өнүгө баштаган капитализм менен анын катуу кысымында калган феодализмдин курч күрөшүү доорунда жазган. Коменскийдин педагогикасы ошол тарыхый процесстин прогрессивдүү күчтөрүнө кызмат кылып, схоластикалык мектепке күчтүү сокку урган, мектеп тажрыйбасынан чыккан жакшылыктарды жалпылап анын өнүгүшүнүн келечегин чагылдырган.

Албетте, Коменский ал кезде педагогикалык кубулуштардын бүткүл татаалдыктарын толук изилдеп чыга алган эмес. Бул маселелерди Коменский (XVI–XVII к. механистикалык материализмдин методологиясына ылайык) ички өз ара байланыштарды, бири бирине өтүп кетүүчүлүктөрдү толук анализдөөсүз эле караган. Ошондой жетишпеген жактары болсо да Коменскийдин дидактикасы педагогикалык ойдун өнүгүү жолунун ири учуру болгон, педагогика натурфилософиялык жалпы системадан өз алдынча бөлүнүп чыгышын салтанаттык менен белгилеген. Окутуунун негиздөөчү "башталмаларын" формулировкалап, аларды системалуу түрдө баяндап жазып чыгып, окуу процессин, аларга ылайык уюштуруу формаларын аныктоо боюнча биринчи жолу аракет жасалган. Албетте, бул аракет ошол кездеги окутуунун класстык-сабак системасынын чегинде жасалган.

Педагогика андан аркы өнүгүүсүнө мүнөздүү көрүнүш – бул тарбия теориясы менен окутуу теориясынан кескин дифференциацияланышы болуп эсептелет. Алар Коменскийдин дидактикасында дагы эле бирге коюлуп келген. Европалык адабиятта адептик тарбия проблемаларын жаңы башталыштарда иштеп чыгуунун биринчи аракети Дж. Локк (1632–1704) тарабынан жасалган. Анын "Мысли о воспитании" деген китебинде байкоолордон дыкаттык менен тандалып алынган эң кеңири материал камтылган. Локктун материализми (Ф. Бэкон менен Я. А. Коменскийдики сыяктуу) дагы эле метафизикалык мүнөздө болгон. Ошондой болсо да Локк педагогика өнүгүүсүн кыйла уланткан. Ал эмпирикалык психологияны иштеп чыгып инсандыкты тарбиялоо, кулк-мүнөздү калыптандыруу, өз алдынча ойлонууну өнүктүрүү проблемаларын изилдеген.

Коменский менен Локктун идеяларын, өзгөчө тарбиянын орто кылымдык эски үрп-адаттык системасын биринчи буржуазиялык революция мезгилинде көптөгөн европалык өлкөлөрдө ошол кездеги алдыңкы ойчулдар колдоп улантышкан. Р. Декарттын тубаса идеялар концепциясынын Локк тарабынан сындалып талданышы, тарбия теориясынын иштелип чыгышы педагогика материалисттик багытта өнүгүшүнө түрткү болду. Ал теория окутуу менен тарбиялоону балдардын жашоо турмушун уюштуруунун негизинде жүргүзүү зарылдыгын көрсөтүп, баланын жандүйнөсүнө фаталисттик көзкараштын эч негизсиз экендигин ошол теория ырастап, тарбиянын мүмкүнчүлүгүн жогору баалаган. Бул идеялар француздук агартуучулардын жана Ж. Ж. Руссонун кийинчерээк социалист-утопиячылардын да философиялык жана педагогикалык көзкараштарынын булактарынын бири болгон.

Францииялык агартуучулар тарбия маселесин адамдын турмушунун жана коомду кайра куруунун кардиналдык проблемалары менен бирдикте карашкан. 1748-ж. жарык көргөн Ш. Л. Монтескьёнун "О духе законов" китебинин бир главасында башкаруунун түрдүү формаларына (монархияга, деспоттук мамлекетке, республикага) ылайыктуу тарбияны карап чыгып деспоттук тарбиянын жагымсыз кемчиликтерин ашкерелеп ага "республикалык тарбияны" каршы коёт. 10 жылдан кийин К. А. Гельвеций "Об уме" китебин анонимдүү жарыялайт; 1773-ж. анын "О человеке, его умственных способностях и его воспитании" китеби чыгат. Бул чыгармаларда тарбиянын жаратылышы адамдын жаратылышы жана ага социалдык түзүлүштүн таасири менен тыгыз байланышта изилденет. Жөндөмдүктөрдүн жаратылыш бирдейлиги жөнүндөгү теорияны өнүктүрүү менен Гельвеций адамдардын социалдык бирдейлик идеясына келген, сословиелик артыкчылыктарга каршы, аристократиянын билим берүүгө жана маданиятка жасаган монополиясына каршы чыккан.

Францииялык материалисттердин башчысы Д. Дидро (1713–1784) бул концепцияларды өтө тактаган. Ал Гельвеций сыяктуу эле бардык нормалдуу адамда потенциалдуу жакшы шык болоруна шектенген эмес, эски феодализм, чириген коомдук тартип, эрежелер таланттарды муунтуп басып, балдарды билимсиз калтыра тургандыгын түшүнгөн.

Бирок, Дидро Гельвецийдин адамдар арасында жаратылышы боюнча жеке айырмачылык жок имиш деген ырастоосун туура сындап көрсөткөн. Ал тарбиялоо жана билим берүү жекеликти (индивидуальность) өнүктүрүүгө тийиш деген педагогиканын эң орчундуу жоболорунун бирин жактап калган. Экономика менен маданияттын өнүгүш шартын Дидро физика-математикалык жана табият илимдерин жайылтуудан көргөн. Ошонун натыйжасында педагогикада чындыктуу билим берүү жаңы идеясы ырасталган.

Педагогикалык ойлордун өнүгүү тарыхында Ж. Ж. Руссонун (1712–1778) педагогикасы бөтөнчө орунда турат. Ал агартуучуларга чукул жакындашкан, бирок закондуулукту өркүндөтүү жана жалпы билим берүү коомду адептүү идеалга алып келүүсү мүмкүн деген жалган көзкараштан эркин болгон. Өзү жашап турган коомдо илим жана искусство амалкөйлүккө, меркантилизмге, чириген моралга гана кызмат кыла тургандыгын мазактап курч формада далилдеген. Руссо иштеп чыккан педагогикалык системанын балдардын табийгый өнүгүшү менен эсептешүү керек деген негизги талабы педагогиканын XVIII кылымдагы мыкты жетишкендиги болгон. Коменский үчүн тарбияны жаратылыштын жалпы законуна баш ийдирүү болсо, анда Руссо жаратылышка ылайыктыкты баарыдан мурда тарбиянын балдардын жаратылышына, алардын шыгына, алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө шайкеш (туура дал) келүүсү деп эсептеген. Ал: адам

жаратылышынан кемтиксиз мыкты, табигый абалында бардык адам бирдей, адамдын башкы табигый укугу – эркиндик деп жарыялаган. Мына ошондон табигый (эркин) жалпы адамзаттык тарбиялоо талабы келип чыккан.

Руссонун педагогикасы ой жүгүртүүдөн жаралган абстракттуу конструкцияланган система болгон. Анын “Эмиль, или О воспитании” деген китеби роман-трактат эле. Ал китепте кеңири философиялык ой жүгүртүүлөр, гениалдуу социологиялык божомолдор, айрым психологиялык байкоолор жана педагогикалык тажрыйба менен далилденбеген фантазия түрүндөгү сунуштар бөтөнчө айкалыштырылып берилген. Руссонун педагогикалык көзкараштары социалдык гана эмес психологиялык шарттары (өбөлгөлөрү) боюнча да карама-каршылыктуу болгон. Адам жаратылышын идеалдаштырып, ал баланын өз алдынча өнүгүү мүмкүнчүлүгүн ашыкча баалаган, балдардын жеке “изилдөөчүлүк” тажрыйбасын билимдерди системалуу үйрөнүүгө каршы койгон. Тарбиялоону өз алдынча өнүгүүгө багыттоону талап кылып, ал дагы бир объективдүү зарылчылыкты – өнүгүүнү багыттоо зарылчылыгын барктабай койгон.

XVIII кылымда Германиянын шарттарында жаңы көз караштар жана идеалдар коомдук турмушта эмес, философияда бекитилген, анткени ал кездеги немецтик буржуазия артта калган жана начар болгон. Немецтик идеализмдин негиздөөчүсү И. Кант (1724–1804) философияны, этиканы жана педагогиканы ашыкча баалоо менен сындап карап чыккан. Канттын өтө карама-каршылыктуу педагогикасында өз уят-сыйытын сактоо, өз милдетин актоо, адептик закондун талаптарына баш ийүү идеясы терең орун алган. Бирок, ал законду Кант формалдуу түшүнгөн. Эгерде адамдын кылык-жоругу, кылган иши кандай гана жакшы болбосун эгер аны адам милдеттүүлүктөн эмес, өзүнүн жөндөмдүүлүгү боюнча аткарса, анда Кант ал кылык-жорукту адептүү деп эсептеген эмес. Ошондуктан адептүү адат-көндүмдөргө ал “таза” моралдык ой-сезимди каршы койгон. Бул догма педагогикада идеалисттик ырым-жырымдарды бекитип, педагогикалык теория менен практиканын айырмачылыгын негиздеген.

Педагогикалык ойлордун өнүгүшүнүн жаңы этабы швейцариялык педагог-демократ И. Г. Песталоццинин (1746–1827) чыгармачылыгына байланыштуу. Анын чыгармачылыгына Руссонун демократизми, Француз революциясынын педагогикалык идеялары жакшы таасир эткен. Песталоцци биринчи жолу окуу менен өндүрүмдүү эмгекти бириктирип, аны тарбияга кызмат кылгыдай пайдалануу керек деп далалаттанган, ал политехникалык даярдоо идеясына жакын турган. Мектепте окутуу жолу менен ар бир баланын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, балдарды турмушка үйрөтүү жолу менен элди өз алдынча жашоого даярдоо жөнүндөгү анын идеясы XIX кылымдагы буржуазиялык-демократиялык педагогиканын туусу болуп калган.

Песталоцци тарбиялоону жекечелештирүү талабын койгон, тарбия менен өнүгүүнүн өз ара байланышын ар тараптан анализдеп чыгууга аракеттенген, элементардык билим берүү теориясын түзгөн, башталгыч (элдик) мектептин жеке методикаларын иштеп чыгуу боюнча көп иштерди жасаган. Песталоццинин ысымы алга жылуунун символу, осуяттары өз учурундагы прогрессивдүү педагогиканын идеологиялык куралы болуп калган. Ошондой болсо да анын концепциялары карама-каршылыктуу болгон. Ал саясаттан көз каранды эмес мектептин болушу, балдарды курчап турган чөйрөдөн – турмуштун таасиринен изоляциялоо мүмкүн деп ишенген, эненин балага болгон сүйүүсүн тарбиянын негизги жана чечүүчү методу катары баалаган. Песталоццинин чыгармачылыгы татаал жана карама-каршылыктуу болгондугунун натыйжасында аны менен ар түрдүү багыттагы философтор жана педагогика ишмерлер байланыштуу болушкан. Германияда Кант, Фихте, Гербарт, Фребель Песталоццинин идеяларын түрдүү чечмелөө менен өздөрүн анын жактоочулары деп эсептешкен.

Педагогиканын философиялык жана психологиялык аргументтүү далилденген теория катары иштеп чыгууга биринчи болуп И. Ф. Гербарт (1776–1841) аракеттенген. Ал педагогика менен этиканын байланышы жөнүндөгү маселени карап чыгып, педагогика үчүн философиялык жана психологиялык фундамент зарыл экендигин негиздеген. Гербарттын теориясынын айрым жоболору жемиштүү болгон, анын киргизген айрым түшүнүктөрү (аң-сезимдин башталышы, кызыкчылыктын көп кырдуулугу, тарбиялоочу окутуу ж. б.) кийинчерээк психологияга жана педагогикага кирди. Бирок, жалпысынан алганда анын педагогикалык концепциясы илимий жактан ишенимдүү эмес эле. Гербарттын философиясы менен психологиясы бардык кубулуштарды түбөлүктүү жана өзгөрүлбөй тургансыган элементтерге бөлүү деген метафизикалык идеяга баш ийген, мис.; материалдык дүйнөдө – бул реалдар деп аталуучулар; адептүүлүк жагында – бул жөнөкөй, караманча абстрактуу этикалык башталыштар; адамдын психикасында – бул элементардык түшүнүктөр аң-сезимдин атомдору. Гербартчылардын балдарды башкарууну алардын эркин басынтуу катарында карагандыгы ачык авторитардык мүнөздө болгон. Гербарттын көз карашынын көп сандаган улантуучулары (О. Вильман, К. Стой, В. Рейн) анын педагогикалык системасын жакшыртууга аракеттенишкен, бирок, алардын бул аракети толук аткарылбастан, айрым гана маселелер менен чектелип калган.

Педагогиканын теориясынын өнүгүшүнө Германиядагы солчул песталоцисттердин башчысы Ф. Дистервег (1790–1866) көмөк көрсөткөн. Адамдык жаратылышты жана анын өнүгүүсүн талап кылуу менен Дистервег жаратылышка ылайыкташуу принциби салыштырмалуу экендигин биринчи көрсөткөн, ал “жаратылышка ылайыкташууну” “маданиятка ылайыкташуу” (б. а. коомдук өнүгүүнүн керектөөлөрү) менен айкалыштырууга чакырган. Дидактикалык эрежелердин салыштырмалуулугун, ийкемдүүлүгүн, карама-каршылыгын алардын өз ара байланышын көрсөтүүгө багытталган анын аракеттери дидактика үчүн жаңылык болгон. Педагог-диалектик Дистервег өзүнүн дидактикасында Гегелдин өнүгүү идеясын жетекчиликке алган. Ал окутуу процессин терең анализдеп чыгып, бир топ методикалык кеңештерди берген. Педагогиканын буржуазиялык тарыхында Дистервегге тийиштүү баа берилген эмес; аны эң мыкты көрүнүктүү практик деп гана аташып, анын оригиналдуу ойчул экендиги жөнүндө эч нерсе айтылган эмес.

Педагогиканын XVIII–XIX кылымда өнүгүшү социалдык-утопиячылардын окуусунун келип чыгышына байланышкан. Францияда А. Сен-Симон менен Ш. Фурье, Англияда Р. Оуэн масштабы боюнча эбегейсиз чоң, өтүмдүү, божомолдору боюнча гениалдуу, бирок илимий негизделбеген социалдык, анын ичинде педагогикалык реформалардын долбоорлорун сунуш кылышкан. Таптык-антагонисттик коомдун акылга сыйбаган структурасын жактырышпай алар

"бардыгынын баары менен" күрөшүнө таянган мамлекетти сынга алышкан, коомдун жана айрым инсандын кызыкчылыктарын ар тараптан бириктирүүгө умтулушкан.

Сен-Симон (1760–1825) билим берүүдөгү сословиелик артыкчылыкты кабыл алган эмес, эмгекке жөндөмү боюнча иштөөгө бардык жарандар акылуу экендигин далилдеген; илимий билимдер да бардык адамдарга жеткиликтүү болууга тийиш. Фурье (1772–1837) келечектеги коомду бардык мамилелер күчтүү тилекке, кызыгууларга негизделген эркин эмгектик ассоциация катары элестеткен. Мына ушундай жалпы көз караштардын жана өзүнүн балдарды байкоолорунун, алардын жөндөмдүүлүктөрүн, мүдөөлөрүн анализдеп чыгуунун негизинде ал келечекте боло турган коомдогу балдарды эркин эмгекке тарбиялап өнүктүрүүнүн планын түзгөн. Оуэн (1771–1858) "Об образовании человека" (1812) деген китебинде адамдын кулк-мүнөзү айланадагы шартка жараша түптөлө тургандыгы жөнүндөгү ойду теориялык жактан өркүндөткөн. Нью-Ланарктагы (Шотландия) фабрикасынын ээси болуп туруп ал пролетарлардын балдары үчүн биринчи мектепке чейинки мекемени ачып, педагогиканын тарыхында биринчи жолу өнөр жай өндүрүшүндөгү жаш муундардын эмгегин окутуу менен бириктирген. Фабрикада балдар 10 жашынан баштап иштеп башталгыч билим алышкан. Бул ага чейинки бардык педсистемаларга караганда принципиалдуу жаңы кадам болгон. Мис., Фурьенин педагогикасында балдарды айыл чарбалык жана үй тиричилик гана жумуштарга катыштыруу каралган. 1817-ж. баштап Оуэн филантроп-реформаторлуктан коммунисттик идеяларга жана тажрыйбага өтүп оошкон. Улуу утописттердин ичинен жалгыз ал өзүнүн өмүрүн жумушчу кыймылына байланыштырган.

Буржуазиялык педагогика өзүнүн андан аркы өнүгүшүндө социалист-утописттердин прогрессивдүү идеяларын эсепке алышкан эмес. Анын ордуна позитивизмдин эклектикалык системасы барган сайын кеңири тарала баштаган. Анын негиздөөчүсү француз философу О. Конт (1798–1857) беш жыл бою Сен-Симондун катчысы жана кызматчысы болуп туруп өз мугалимин танып, билимдердин бардык тармактарын камтый турган позитивизмди философия катары жактаган. Өз учурундагы белгилүү позитивист Лафит жалгыз позитивизм гана тарбиянын системасын, б. а. универсалдуу дүйнөгө, адамга жана коомго көрсөтмө берүүчү жана баарыга жалпы (универсалдуу) эрежени, доктринаны сунуш кыла алат деген.

Империализмдин кулоо доорундагы педагогика үчүн идеялык бытырандуулук, реакциялык тенденциянын күч алышы мүнөздүү. Теориялык синтездөөчү ойлор жаратылыш таануу менен техниканын жетишкендиктеринен улам барган сайын артта калып отурган.

Американын философ, психолог жана педагог Джон Дьюи (1859–1952) келечектеги мектеп жалпы практикалык эмгекке негизделген балдардын чакан коому болуш керек деп эсептеген. Өндүрүмдүү эмгек анын оюу боюнча жаңы мектепти турмуш менен байланыштырып, балдардын көндүмү болуп калат да, билим берүүнүн жана тарбиялоонун каражатына айланат. Дьюинин оюу боюнча эмгек мектеби коомдук тартипке тарбиялоого керектүү шарт түзөт, балдардын өз алдынчалыгынын жана чыгармачылыгынын аренасы болуп эсептелет. Принцибинде ушул туура жоболорду Дьюи негизинен алганда консервативдик, утилитардык (кийинчерээк ачык реакциячыл болуп кеткен) мазмун менен толтуруп таштаган. Саясый адашкандык, теориялык билимдерди барк албоо, тарбияны таптарды жалпы тилге келтирүүнүн каражаты катары эсептөө – мына ушунун бардыгы чектелген, тайкы ишчелердин мектебине дуушар кылган. Дьюинин педагогикалык теориясында, өзгөчө анын "Технология и педагогика мышления" деген китебинде психологиянын жана логиканын өнүгүшүндө айтылган татаал проблемалар каралып, бирок, алар чечилген эмес. Өзүнүн социалдык идеялары боюнча, Дьюинин педагогикасы ошол кезде азырынча прогрессивдүү тап болуп турган буржуазиялык идеологдордун чечкиндүү көз карашынан бир топ бошоң болуучу. Батыш Европанын жана Американын педагогикасынын империализм мезгилиндеги мүнөздүү белгиси мына дал ушунда. Алдыңкы идеяларды эми буржуазиялык ишмерлер эмес, пролетариаттын идеологдору жактап чыгышкан.

Дүйнөлүк педагогикага ошондой эле Россиянын экономикасы менен маданиятына байланышкан көптөгөн педагогикалык проблемаларды Россиялык, Украиналык, Белоруссиялык педагогика ишмерлери чечишкен. Ошол кездеги эски көз караштарга каршы туруп алар бардык адамдар бактылуу болууга, жаратылыш байлыктарынан пайдаланууга, өз эмгегинин үзүрүн көрүүгө, агартуунун жакшылыгын алууга бирдей укуктуу экендигин салтанаттуу жарыялашты. Россияда маданиятты жана агартууну өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик ири өзгөртүп түзүүлөр доорунда (XVII к. аягы, XVIII к. башы) Пётр I тарабынан чакырылган чет элдик окумуштуулардан башка да орус педагогика ишмерлери Л. Магницкий (1669–1739), Феофан Прокопович (1681–1736), М. Смотрицкий (1657–1733), В. Татищев (1686–1750) жемиштүү эмгектенишкен ж. б. Алардын сочинениелеринде өлкөнүн экономикалык жана саясый өнүгүшү тарбиянын алдына коюла турган жаңы милдеттер, мектепти өнүктүрүү тенденциясы, айрым окуу предметтерин окутуунун методикасы боюнча кеңештер ж. б. чагылдырылган. Улуу орус окумуштуусу, Россиядагы материалисттик философиянын негиздөөчүсү М. В. Ломоносов (1711–1765) билим берүүнүн жалпы элге жеткиликтүү болуусуна умтулуп, сословиесиз окутуунун принцибин талап кылган. Ломоносовдун демилгеси менен анын долбоору боюнча 1755-ж. Москва университети ачылган, ал академиялык гимназиянын жана Москва университетинин гимназиясынын "Регламенттерин" жазып, жогорку мектеп үчүн бир катар окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдаган. Ломоносовдун "Регламенттеринде" ошондой эле балдарды тарбиялоо жана окутуу жөнүндөгү анын ойлору баяндалган.

Педагогика боюнча биринчи монографиялык сочинениелер Россияда XVIII кылымдын экинчи жарымында пайда болгон. Алардын авторлору – И. И. Бецкой (1704–1795), Ф. И. Янкович де Мириево (1741–1814), Н. И. Новиков (1744–1818) педагогика билимин жайылтуучулар болгон. Россияда педагогиканын андан аркы өнүгүшү боштондукка чыгаруу кыймылынын өсүшүнө, крепостнойлукка каршы күрөшкө байланыштуу болгон. Орус революция ойлорун негиз салуучу А. Н. Радищев (1749–1802) өзүнүн саясый жана философиялык чыгармаларында педагогикалык маселелерди да карап чыгып сословиелик мектепти демократиялык позициядан сынга алган, элди агартуу маселесин болочок (дыйкандар) революциясынын шарты катары көтөрүп чыккан. Орус революциячыл демократтар В. Г. Белинский (1811–1848), А. И.

Герцен (1812–1870), Н. А. Добролюбов (1836–1861), Н. Г. Чернышевский (1828–1889) педагогиканын төмөнкүдөй теориялык проблемаларын иштеп чыгышкан: адамдын жаратылышы жана аны тарбиялоо, тарбиянын максаты, коомдук турмуштагы тарбия менен агартуунун ролу жана алардын инсандын акыл-ой кулк-мүнөзүнө тийгизген таасири, адамды жана жаранды тарбиялоо, гуманитардык жана табияттаануу билимдеринин билим берүүчүлүк мааниси, эстетикалык тарбиялоонун маңызы ж. б. Эгерде Батыш Европада агартуучулар XVII–XVIII к. прогрессивдүү буржуазиялык идеологияга жол салуу менен жалпысынан "үчүнчү сословиенин" кызыкчылыктарын жакташкан болсо, анда XVIII–XIX к. Россиядагы революциялык агартуучулук элдин кеңири массасынын миллиондогон эмгекчил дыйкандардын идеологиясы катарында көтөрүлүп чыккан. Россиядагы педагогикага традициянын материалисттик артыкчылыгы сыяктуу философиялык жоболор жана Батыш Европадагыга караганда табияттаануу фундаментинин бир кыйла бекемдиги таасир эткен. Революциячыл демократтар агартууну элдин революциялык аң-сезимин жандандыруунун күчтүү куралы катары эсептешкен. Алар расмий реакциячыл Педагогика менен гана эмес либералдардын тайкылыгына да каршы күрөшкөн. Өздөрүнүн методологиялык негиздери боюнча революциячыл демократтардын педагогикасы тарыхий материализмге өтө жакын, ошондуктан бул мааниде аны марксисттик педагогикалык ойлорго чейинки эң улуу жетишкендик деп эсептөөгө болот.

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында чет элдик окумуштуулар айрым педагогикалык проблемаларга монографиялык изилдөөлөр жүргүзүшүп, дүйнөлүк педагогикадагы классиктердин чыгармаларын жана ар түрдүү жазма булактарды кайра чыгарышкан. Мындай изилдөөлөр негизинен Германия, Франция, Англия, АКШ ж. б. өлкөлөрдө жүргүзүлгөн.

Орус изилдөөчүлөрү XIX кылымдын ортосунан баштап чет элдик педагогика тарыхы менен катар педагогиканын Россиядагы айрым маселелери боюнча кыйла изилдөөлөр жүргүзүшкөн. Буга М. И. Демковдун үч томдук "Орус педагогикасынын тарыхы" (1895–1909), Ф. Каптеревдин "Орус педагогикасынын тарыхы" (1910) ж. б. жалпылоочу эмгектери күбө боло алат.

Советтик мезгилде педагогикалык ойлор Н. А. Константиновдун, В. Я. Стру-минскийдин, Ш. И. Ганелиндин, В. З. Смирновдун, Ф. Ф. Королёвдун ж. б. изилдөөлөрүндө чагылдырылган.

XIX кылымдын 60-жылдары педагогика маселелери басма сөздөрдө кеңири баяндалып талкууланган. Белгилүү хирург жана педагог Н. И. Пироговдун (1810–1881) макалалары, сынчы, публицист Д. И. Писаревдин (1840–1868) "Наша университетская наука" макаласы, коомдук ишмер Н. В. Шелгуновдун "Письма о воспитании" деген макаласы Россияда педагогика проблемалары коомдук кеңири кызыкчылык туудургандыгын күбөлөндүрөт. 1861-ж. Реформанын алдында жана андан кийинки жылдары Россиянын экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшү мектептин жана Педагогиканын алдына жаңы милдеттерди койгон. Бул жөнүндө XIX кылымдын 60-жылдарындагы Россиядагы коомдук-педагогикалык кыймылды окуп толук маалымат алууга болот. Атамекендик педагогиканы билимдин өз алдынча тармагы деп теория катары негиздөөчүсү К. Д. Ушинскийдин (1824–1870) эмгектеринде турмуштун эң курч талаптары чагылдырылган. Анын эмгектеринде жалпы педагогикалык мүнөздөгү көптөгөн теориялык проблемалар каралган. Өзүнүн биринчи эле "О пользе педагогической литературы" (1857) деген макаласында Ушинский теория менен практиканын байланышын талдап чыккан. Турмуш менен байланышы болбогон кабинеттик система эч кандай ишенимге татыбайт, анын эч кандай мааниси жок деп көрсөткөн. Ушинский коомдук тарбия ишиндеги жагымдуу ойлор эки негизге: коомдун, элдин керектөөлөрү жана бардык элдерге жалпы илимдин корутундуларына таянуусу керек деп белгилеген. Ушинский социологияны илим деп эсептеген эмес, бардык элдерге жалпы деп ал антропологиянын көрсөткүчтөрүн гана эсептеген. Ошондой болсо да ушундай жаңылыштыктарына карабастан ал европалык илимдин жетишкендиктерин чыгармачылыктуу кайра иштеп чыгууну элдик проблемаларды жана Россиядагы тарбиянын өзүнчө өзгөчөлүгүн изилдөө менен бириктирген. Педагогиканын жалпы проблемалары жана дидактика боюнча теориялык ишти А. Н. Острогорский, В. Я. Стоюнин, П. Ф. Каптерев, В. П. Вахтеров улантышкан. Көрүнүктүү орус методисттери Н. Ф. Бунаков, В. И. Водовозов, Д. Д. Семёнов ж. б. К. Д. Ушинский түзгөн дидактикалык негизде предметтик методикаларды иштеп чыгышкан. Элдик мектептин алдыңкы ишмерлери, алардын ичинде педагог-демократ И. Н. Ульянов ж. б. Ушинскийдин идеяларын ишке ашырууга умтулушкан. Ушинскийдин эмгектери Армениянын (Г. Агаян жана Н. Гер-Геводян), Азербайжандын (Р. Эфендиев), Грузиянын (Я. С. Гогебашвили), Казахстандын (И. Алтынсарин) ж. б. прогрессивдүү педагогдордун чыгармачылыгына жакшы таасир эткен.

Л. Н. Толстойдун (1828–1910) педагогикалык иштери өзгөчө мааниге ээ. Балдардын ички дүйнөсүн психологиялык анализдөөнүн тереңдиги боюнча, расмий педагогикалык идеологиянын формалдуулугун жана такыбасынуучулугун сыноонун күчтүүлүгү боюнча анын чыгармаларына теңдеш жок. Толстойдун көз карашындагы (биринчи орус революциясынын алдындагы социалдык шарттарды чагылдырган) карама-каршылыктар анын педагогикалык көзкарашына да таасир эткен.

Көрүнүктүү ойчулдар коомдун өнүгүшүнүн илимий теориясы иштелип чыга электе педагогиканын социалдык проблемаларын чече алышкан эмес. Мындай теорияны илимий коммунизмдин негиздөөчүлөрү К. Маркс менен Ф. Энгельс түзгөн. Ошондон кийин гана педагогика ишенимдүү методологиялык негизге ээ болгон. К. Маркс менен Ф. Энгельс коомду тирүү организм катарында анын иш-аракетин жана өнүгүүсүн изилдешкен, аларга чейинки бардык материализмдин бир жактуулугун, кемчиликтерин сынга алышкан. Алар илимий материализмди коомдук турмуштун тараптарына ырааттуулук менен жайылтышкан. Маркс менен Энгельстин эмгектеринде тарбиянын көптөгөн маанилүү өзгөчөлүктөрүнө: анын материалдык өндүрүш жана коомдук мамилелер менен шартталгандыгына, таптык коомдогу тарбиянын таптык мүнөзүнө, өнүгүп жаткан өнөр жайдын керектөөлөрү менен буржуазиялык мектептин антагонизмине илимий түшүндүрмө берилген. Үстөмдүк кылуучу тап тарбияны эмгекчилерди эзүүнүн куралына айландырып, өзүнүн

бийлигин чыңдоо үчүн пайдаланат, билимди өзүнө пайда келтиргидей гана өлчөмдө берет деп далилдешкен. Коомдук өнүгүүнүн закондорун жетекчиликке алуу менен алар илимий коммунизмдин теориясын түзүп, буржуазиялык коомдун өзүндө ишке ашырылышы мүмкүн болгон тарбиялоо жана билим берүү жагындагы пролетариаттын талаптарын аныкташып, ошол талаптарды ишке ашыруудагы күрөшкө түздөн түз катышкан.

Философияда революциялык төңкөрүш жасоо менен илимий коммунизмдин негиздөөчүлөрү мурунку прогрессивдик ойлордун жетишкендиктерин таштап коюшпастан, аларды сынга алып чыгармачылык менен кайра иштеп чыгышкан. Р. Оуэн менен Л. Фейербах “адам кырдаалдын жана тарбиянын пассивдүү жемиши” деп эсептешкендиги үчүн К. Маркс менен Ф. Энгельс сынга алышкан; марксизм ошондой эле “агартуу жана эстүү законченемдүүлүк менен социалдык гармонияны түзүүгө мүмкүн имиш” деген идеалисттик көз карашты жокко чыгарган. Бирок, К. Маркс жана Ф. Энгельс Оуэндин фабрикалык ишканалардагы окутууну өндүрүмдүү эмгекке кошуунун тажрыйбасын, Фурьенин балдарга байкоо жүргүзүү кубанычын, Париж Коммунасынын ишмерлеринин педагогикалык идеяларын жогору баалашкан. Маркс менен Энгельс адамдар жаратылышка жана коомго активдүү таасир этип, дал ошол процессте өздөрүнүн да жаратылышын өзгөртүшөт деген корутундуга келишкен.

Эмгектин жана практикалык ишмердиктин таасир этүүчү кайра өзгөртүп түзүүчү ролу жөнүндөгү, революциялык практиканын элдин өзүнүн өзгөрүшү менен дал келиши жөнүндөгү жоболор адамдын өнүгүүсүнүн тарыхый жолун түшүндүрүүгө, жеке өнүгүүнүн социалдык шарттарын түшүнүп билүүгө, пролетарлык революциянын жүрүшүндө эзилүүчүлөрдү тарбиялоонун келечегин алдын ала айтууга мүмкүндүк берген.

К. Маркс “Критика Готской программы” деген эмгегинде өткөөл доордо мамлекет катарындагы пролетариат диктатурасы жөнүндө окууну иштеп чыгып, педагогика үчүн да фундаменталдуу корутунду жасаган: эзүүчүлөрдү революция аркылуу кулатууда гана жаңы тарбияга, агартууга, маданиятка жол ачылат.

Педагогика үчүн личностун марксисттик концепциясы адамдын коомдук маңыз-маанисин, ар түрдүү социалдык структурадагы индивиддин өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн илимий анализдөө өтө маанилүү.

Педагогика жагында марксизм, анархизм жана реформизм менен философ эклекттер (Е. Дюринг) менен катуу күрөштө ырасталган.

Марксизмдин негиздөөчүлөрү педагогиканын кээ бир конкреттүү проблемаларын, мис., инсандын ар тараптан өнүгүүсүнүн маанисин, үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиянын мамилесин, жалпы жана политехникалык билим берүүнүн мамилесин чечүүнүн жалпы жолдорун белгилешкен. Капитализм өзүнүн өнүгүүсүнүн акыркы – империализм стадиясына жеткен жаңы шартта, социалисттик революциянын тарыхый зарылдыгы күчөгөн мезгилде тарбиянын, агартуунун, билим берүүнүн көптөгөн проблемаларын жаңыча чечүүгө туура келген. Батыштагы жана Россиядагы татаал социалдык процесстерди илимий анализдеп, ошол маселелерди В. И. Ленин чечкен. Марксизм иштелмелерин улантып, Ленин үч орус революциясынын жана эл аралык жумушчу кыймылынын тажрыйбасы менен байыткан. Революцияга чейинки Россиядагы элге билим берүүнүн мазмунун жана уюштуруу формаларын анализдеп, Ленин ал система сословиелик жана таптык элементтерди камтый тургандыгын көрсөткөн, сословиелик мектепке салыштырмалуу таптык мектептин прогрессивдүү белгилерин, ошону менен бирге ал мектеп да арзыбаган азчылыктын помещиктер менен капиталисттердин жеке кызыкчылыктарына көз каранды экендигин мүнөздөп көрсөткөн, билим берүү тармагы боюнча большевиктер партиясынын программалык талаптарын иштеп чыккан. В. И. Ленин педагогиканын эң маанилүү проблемаларын: буржуазиялык маданияттын негизги карама-каршылыктары жөнүндөгү, демократиялык жана социалисттик маданияттын өнүгүшүнүн законченемдүүлүктөрү жөнүндөгү, элдин духунун өсүшүнүн шарты катарындагы пролетардык революция жөнүндөгү, пролетариаттын саясый жеңишинен кийинки маданий революциясы жөнүндөгү, көп улуттуу мамлекеттеги мектепти куруу жөнүндөгү эң маанилүү проблемаларды анализдеп чечкен. Лениндин бул идеялары советтик педагогиканын негизи болуп калган.

**Советтик педагогиканын пайда болушу жана өнүгүшү**

В. И. Ленин элге билим берүүнүн, маданияттын жана агартуунун өзөктүү проблемаларын иштеп чыгып ишке ашырууга түздөн-түз өзү катышкан. Педагогиканын теориясынын өнүгүшү анын саясатка байланышы, пролетариаттын маданий мурастарына жана эски мектепке болгон мамилеси жөнүндөгү, коммунисттик моралда тарбиялоонун мазмуну жана методдору жөнүндөгү, жалпы билим берүүчү мектептин окуучуларын политехникалык даярдоо жөнүндөгү маселелерге түздөн-түз байланыштуу болууга тийиш эле. Мына ушул ж. б. толуп жаткан татаал суроолорго В. И. Лениндин макалалары, мугалимдердин, саясый агартуу кызматкерлеринин, жаштардын алдында сүйлөгөн сөздөрү, анын Наркомпрос кызматкерлерине берген директивалары жооп берген. В. И. Ленин жаңы коомдо окуу, тарбия жана билим берүү эскиче калуусу мүмкүн эмес, бирок алар эски коомдон калган материалга таянышы керек деп көрсөткөн. Агартуу боюнча Бүткүл россиялык 1-съезддин (август, 1918) катышуучуларына элге билим берүү тармагындагы Совет өкмөтүнүн саясатынын принциптүү негиздерин түшүндүрүп жатып В. И. Ленин “...турмуштан четтеги, саясаттан четтеги мектеп – бул жалган жана эки жүздүүлүк” деген.

Билим берүүдө улуттук, сословиелик, динге ишенүү ж. б. чектөөлөрдүн алынып ташталышы, чиркөөнү мамлекеттен жана мамлекетти чиркөөдөн ажыратуу, мектепти башкаруудагы эски сословиелик-бюрократтык аппаратты жоюу жаш муундарды окутуунун жана тарбиялоонун бардык иштерин түптамырынан кайра курууга жол ачкан. Өткөн мезгилдеги педагогиканын прогрессивдүү идеялары (билим берүүнү динге байланыштырбоо, эркек балдарды кыздар менен бирге окутуу, эмгекке тарбиялоо) ишке ашырылган; тарыхта болуп көрбөгөндөй ири маселе – мектепти таптык үстөмдүктүн куралынан коомду таптарга бөлүштүрүүнү толук жок кылуунун куралына айландырып, аны адамдын личностун тарбиялоонун куралы катарында пайдалануу ишке ашырылган.

Турмуштук муктаждык болгондуктан, жаңы мектептин актуалдуу проблемалары РСФСР Наркомпростун илимий-методикалык комиссияларында эч токтоосуз каралып турган. Педагогика боюнча изилдөө иштери кеңири жүргүзүлө

баштаган. Наркомпростун алдында коммуна мектеби, тажрыйба станциялары сыяктуу изилдөө лабораториялары уюштурулган. Аларды П. Н. Лепешинский, М. М. Пистрак, С. Т. Шацкий ж. б. башкарып, тарбиялоонун жана окутуунун жаңы методдорун иштеп чыгып, практикада текшерип турушкан.

Педагогика боюнча теориялык ишти туңгуч советтик педагог-марксист Н. К. Крупская башкарган. Октябрь революциясынан кийин А. В. Луначарский, М. Н. Покровский элге билим берүүнүн көрүнүктүү ишмерлери менен бирдикте Н. К. Крупская К. Маркс, Ф. Энгельс жана В. И. Лениндин идеяларын активдүү пропагандалап, аларды теориялык жактан иштеп чыккан. Н. К. Крупская коммунисттик тарбиянын жана дидактиканын теориялык проблемалары боюнча иштеген, балдардын коммунисттик кыймылынын маанисин ачып көрсөткөн, саясый-агартуучулук иштердин көптөгөн орчундуу маселелерин иштеп чыккан. Педагогиканын предмети, анын философияга болгон катышы, педагогикалык ойлордун өнүгүшүнүн диалектикасы деген сыяктуу методологиялык маселелер П. П. Блонский, А. Г. Калашников, А. П. Пинкевич, Б. Б. Комаровский, И. Ф. Сводовский, О. В. Трахтенберг ж. б. эмгектеринде берилген.

Советтик мектептин жана педагогиканын он жылдык өнүгүшүнүн жыйынтыгы А. Г. Калашниковдун редакциясында даярдалган 3 томдук педагогикалык энциклопедияда (1927–1928) чагылдырылган.

КПСС БКнын 1931-жылдын 5-сентябрындагы "О начальной и средней школе" деген токтомунда буга чейин сунуш кылынып келген мамлекеттин жок болушу менен мектеп да кошо жоголот да, анын ордун мектептен тышкаркы иштердин ар түрдүү формалары жана методдору ээлөөгө тийиш деген жалган теорияны айыптаган. Педагогика тармагындагы илим изилдөө иштеринин мазмуну кескин өзгөрүлүп, дидактика менен методикаларды иштеп чыгуу тездетилип, мектеп башкаруу маселелерине орчундуу көңүл бурула баштаган. 1934-жылы педагогика боюнча М. М. Пистрактын педагогикалык институттар үчүн "Педагогика" окуу китеби чыгарылган. 1934–40-ж. педагогика боюнча чыгарылган жаңы окуу куралдарын даярдоодо И. А. Каиров, П. Н. Груздев, Е. Я. Голант, Н. К. Гончаров, С. М. Ривес, Л. Е. Раскин, С. Х. Чавдаров ж. б. эмгектенишкен.

Өткөн кылымдын 30-жылдарынын биринчи жарымындагы педагогикалык адабият педагогика мугалимге эмпирикалык гана сунуштарды бере алат, бирок аларды теориялык жактан негиздөө башка дисциплинага – педологияга жүктөлөт деп эсептеген концепцияны бирден бир жалгыз туура концепция катары пропагандалаган. Педология айыпталгандан кийин балдарды изилдөө иши кооптонуучулук, этияттык менен жүргүзүлүп, бир нече жылдар бою лабораториялык эксперименттин ж. б. психологиялык изилдөө методдорунун зарылдыгы таанылып калган.

Социалисттик закондуулук бузулуп турган мезгилде педагогиканын көптөгөн көрүнүктүү ишмерлери чагымдын жана репрессиянын курманы болушкан. Бирок алар советтик педагогиканын өнүгүүсүн токтото алышкан эмес. 1941–45-жылдары Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу сыноосун советтик педагогика жана мектеп өздөрүнүн негизги милдеттерин ийгиликтүү аткаргандыгын ачык көрсөттү.

1943-жылы РСФСР педагогикалык илимдер Академиясы (1966-жылдан СССР педагогикалык илимдер Академиясы) түзүлгөн. Академия дүйнөдөгү эң ири илимий педагогикалык мекеме болуп эсептелет. Ал педагогиканын негизги тармактары боюнча изилдөөлөр жүргүзөт; элге билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик документтерди иштеп чыгууга активдүү катышат; педагогиканын бардык тармактары боюнча илимий журналдарды чыгарат. Педагогиканын зор жетишкендиги болуп А. С. Макаренконун эмгектери эсептелет, ал окутууну өндүрүмдүү эмгек менен бириктирүү жөнүндөгү марксисттик-лениндик принципти ийгиликтүү ишке ашырган.

Советтик дидактикада окутуунун методдору, окутуу процессиндеги тарбия менен билим берүүнүн өз ара байланышы, окууну мотивациялоо, окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүн уюштуруу (М. А. Данилов, Б. П. Есипов, Э. И. Моносзон, М. Н. Скаткин, С. Г. Шаповаленко ж. б.) маселелери эң сонун изилденип чыкты. Окутуу менен өнүгүүнүн өз ара байланышы боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөлөр (Л. В. Занков, Д. Б. Эльконин ж. б.) балдардын өнүгүү деңгээли өскөндүгүн далилдеген, ал болсо окутуу проблемаларын ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берет. Билим берүүнүн мазмунун аныктоо проблемалары (А. М. Арсеньев, К. А. Иванович, А. И. Мар-кушевич ж. б.), дифференциацияланып, окутуу проблемалары (М. А. Мель-ников, Д. А. Эпштейн ж. б.) ийгиликтүү изилдөөгө алынган.

1929-жылы өнөр жайларды индустриализациялаштыруу жана айыл чарбаны коллективдештирүүгө байланыштуу элге билим берүү саясаты толук аныкталган. Советтик педагогикада билим берүүнү политехникалаштырууга багыт алынган. Мугалимдердин алдына бүгүнкү күндүн талабын (сабатсыздыкты жоюу) камсыз кылуу, адистерди даярдоонун темпин тездетип, сапатын көтөрүү, социализмдин таяныч базалары катарындагы фабрика-заводдун, райондордун, совхоздордун жана колхоздордун керектөөлөрүнө кызмат кылуу сыяктуу негизги милдеттер коюлган. Бул маселелерди чечүү бардык жерде мугалимдерди коомдук иштерге тартууну талап кылган (эгерде мугалим өзүнүн убактысынын 70% коомдук иштерге, 30% мектепке жумшаса, анда ал туура деп эсептелген).

1929-жылы ноябрда партиянын пленуму Наркомпросту окуучуларга жалпы билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу максатында II баскычтагы мектептин программасын кайра карап чыгууну милдеттендирген. 1930-жылы жети жылдык мектептин ролун күчөтүү жана II баскычтагы мектепти бир эле мезгилде орто билим жана эмгектин кандайдыр бир тармагы боюнча квалификация берүүчү политехникум тибиндеги мектепке өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Дал ошол учурда А. С. Макаренконун педагогикалык таланты ачык көрүнгөн, ал коллективде эмгекке тарбиялоо идеологдорунун бири болгон. Экономисттердин, саясатчылардын жана педагогдордун арасында карама-каршы эки көз караш: монотехнизм (жаштарды эрте, тар кесиптештирүүнү талап кылуучу) жана политехнизм (жаштарды ар түрдүү өндүрүшкө мүнөздүү болгон типтүү процесстер менен тааныштырууну талап кылуучу) пайда болгон. Монотехнизмдин жактоочулары белгилүү профсоюздук ишмер Б. Г. Козелев жана академик О. Ю. Шмидт, политехнизмдин жактоочулары Н. К. Крупская, А. П. Пинкевич жана А. В. Луначарский болушкан. Политехнизмдин жактоочулары адамды эрте жашынан тар адистиктин туткунуна айландырууга болбойт, тескерисинче адистештирүүгө чейин кесипке багыттоочу

гана жалпы билим берүү керек деп эсептешкен. Алар эң негизгиси тигил же бул техникага ээ болуу эмес, анын иштөө принцибин туура түшүнүп билүү деп эсептешкен.

О. Ю. Шмидт менен Б. Г. Козелев политехнизмди утопия деп аташкан. Алар өспүрүмдөрдү 12 жаштан баштап завод-фабрикаларда иштетүүнү сунуш кылышкан. Алардын оюу боюнча тар адистештирүүдө эмгекти бөлүштүрүү болбой койбойт, ал адамга да, өндүрүшкө да тезирээк пайда келтирет. В. И. Лениндин “О работе Наркомпроса” (5-9-февраль, 1921-ж.) деген макаласы менен дискуссияга чекит коюлуп, партиянын тиешелүү директивасына ылайык кесиптик билим берүү 15 жаштан башталышы белгиленип, монотехнизм айыпталган.

СССРдин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети (ББАК) менен Эл комиссарлар Советинин (ЭКС) токтому менен 1930/31-окуу жылында өлкөдө жалпыга милдеттүү: айыл жерлеринде башталгыч (төрт жылдык), шаарларда жети жылдык окутуу киргизилген. Ошол кездеги элге билим берүү системасы төмөнкүдөй документтердин негизинде ишке ашырылган:

1) 1918–жылы 16-октябрда Бирдиктүү эмгек мектебинин ЖОБОСУ кабыл алынып, ага ылайык I баскычтагы 5 жылдык мектепте балдар 8 жаштан 13 жашка чейин; II баскычтагы 4 жылдык мектепте алар 13 жаштан 17 жашка чейин окутулган.

2) 1923-жылы 8–декабрда Бирдиктүү эмгек мектебинин УСТАВЫ кабыл алынып (ага кийинчерээк өзгөртүүлөр киргизилген), ал уставка ылайык I баскычтагы 4 жылдык мектепте балдар 8 жаштан 12 жашка чейин, II баскычтын 3 жылдык 1-концентринде 12 жаштан 15 жашка чейин (жети жылдык мектеп, ФЗС, ШКМ), 2 жылдык 2-концентринде 15 жаштан 17 жашка чейин окутулган.

3) 1933-жылы 19-сентябрда советтик политехникалык мектептин Уставы кабыл алынып, анын “0” группасында балдар 7 жаштан 8 жашка чейин, I баскычтагы 4 жылдык мектепте 8 жаштан 12 жашка чейин, II баскычтагы 3 жылдык мектепте 12 жаштан 15 жашка чейин, 3 жылдык орто мектептин I баскычында 15 жаштан 18 жашка чейин окушкан.

1966-жылдагы КПСС БК менен СССР Министрлер Советинин “Жалпы билим берүүчү орто мектептин ишин андан ары жакшыртуунун чаралары жөнүндөгү” токтомунда илим менен техниканын азыркы өнүгүүсүнө ылайык окуу процессин рационализациялоонун, окуучулардын билиминин сапатын жогорулатуунун зарылдыгы аныкталган. Анда билим берүүнүн мазмунун илим, техника, маданияттын өнүгүүсүнүн талаптарына шайкеш келтирүү; 1-класстан акыркы класска чейин илимдердин негиздерин окутуудагы ирееттүү улантуучулукту белгилөө; окуу материалын окуу жылдары боюнча рационалдуу бөлүштүрүү; илимдердин негиздерин окутууну төртүнчү окуу жылынан баштоо; окуу программаларын жана окуу китептерин артыкча деталдаштыруудан жана экинчи катардагы материалдан арылтуу жолу менен окуучуларды ашыкча жүктөнтүүнү жоюу белгиленген. Башталгыч мектепте окутууну оптималдаштыруу проблемасы билим берүүнүн мазмунун реформалоодо негизги орунду ээлеген. Окумуштуу педагог-психологдор (Л. В. Занков, Д. Б. Эльконин, В. В. Давыдов) окуучулардын таанып билүүчүлүк ишмерүүлүгүн активдештирүү жолу менен баштапкы билим берүүнүн мөөнөтүн төрт жылдан үч жылга өткөрүп кыскартууну сунуш кылышкан. 1969/70-окуу жылынан баштап СССРдеги бардык мектептерин массалык түрдө башталгыч билим берүүнүн үч жылдык программасына өткөрүү ишке ашырылган.

Советтик педагогика өзүнүн биринчи күндөрүнөн баштап эле жаш муундарды окутуу-тарбиялоонун өзөктүү проблемаларын марксисттик-лениндик окуулардын негизинде чечүүнү изилдеген. Педагогикалык илим-изилдөө мекемелеринин иштери мектептин жана мугалимдердин ишмердүүлүктөрү менен тыгыз байланышта жүргүзүлүп келген. Жаңы педагогиканын теориялык жоболорун текшерип, анын идеяларын пропагандалоо максатында илимий педагогикалык ишмердиктин эксперименттик базасы болгон тажрыйбалык мектептердин жана станциялардын кеңири тармагы түзүлгөн.

Өткөн кылымдын 60-80-жылдарында методологиялык жана жалпы теориялык мүнөздөгү бир катар орчундуу проблемалар, алардын ичинде педагогиканын илимий билимдер системасындагы ордун аныктоочу маселелер изилденген (“Общие основы педагогики” п/ред. Ф. Р. Королева и В. Е. Гмурмана, “Проблема педагогики и методики исследования” п/ред. М. А. Данилова и Н. И. Болдырева, “Основы дидактики” п/ред. Б. П. Есипова, “Методы педагогических исследований”, “Теория и практика педагогического эксперимента” п/ред. А. И. Пискунова и Г. В. Воробьева). Илимий-техникалык жана социалдык прогресс шарттарындагы Педагогика илиминин өнүгүүсүнүн негизги багыттары аныкталып, инсанды ар тараптан өнүктүрүүнүн марксисттик-лениндик теориясына көп көңүл бурулган.

Советтик мектептин тарыхында анын өнүгүүсүнүн ар бир этабы биринчи кезекте дайыма программалык-методикалык иштерди кайра куруудан башталган. Жалпы орто билим берүүгө өтүүнү ишке ашырууда мектептик билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо жана окуу-тарбиялоо процессин өркүндөтүү менен бирдикте ишке ашырылган. Педагогика илиминин ишмерлери мугалимдер менен бирдикте мектептеги окуу-тарбиялоо процессин кайра куруунун зарылдыгын негиздеп, аны практикада ишке ашырууну камсыз кылышты.

Мектепте билим берүүнүн мазмунун илимдин, техниканын жана маданияттын өнүгүү деңгээлине туура келтирүү маселесин чечүү максатында дидактиканын жетишкендиктерине баарыдан мурда өнүктүрүп окутуунун теориялык негиздерине таянып советтик методистер XX кылымдын 60-70-жылдарында мектептик программалар үчүн окуу материалдарды тандап алуунун принциптерин иштеп чыгышкан, аларды илимий-техникалык жетишкендиктерге шайкеш келтиришкен, табигый жана гуманитардык илимдердин байланыштарын белгилешкен, орто окуу жайларынын ар түрдүү типтериндеги жалпы билим берүүнүн бирдиктүү деңгээлинин жалпы негиздерин аныкташкан. Натыйжада окуучуларды практикалык ишмердүүлүккө даярдоонун мазмуну жаңыланып, окуу курстарынын системалуулугу жана окутуунун политехникалык багытталышы күчөтүлүп, үзгүлтүксүз билим берүү байытылган. Дидактикалык-методикалык проблемаларды изилдөөгө М. Н. Скаткин (“Проблемы современной дидактики”, М., 1984), Ю. К. Бабанский (“Методы обучения в современной общеобразовательной школе”, М., 1985; “Оптимизация учебно-воспитательного процесса”, М.,

1982), В. В. Краевский (“Проблемы научного обоснования обучения”, М., 1977), И. Я. Лернер (“Дидактические основы методов обучения”, М., 1981) ж. б. олуттуу салым жасашкан.

Мектептик реформа окуучуларга билим берүү, аларды тарбиялоо жана өнүктүрүүнү комплекстүү ишке ашырууга байланышкан бир катар проблемаларды андан ары изилдөөнүн зарылдыгын талап кылды.

1985-жылы окуу программаларында илимий-техникалык жетишкендиктерди жана коомдук-саясый турмуштагы социалдык зор өзгөрүштөрдү эске алуу ишке ашырылган; аларда илимдердин негиздеринин жогорку деңгээли жана ошону менен катар алардын окуучулар үчүн жеткиликтүүлүгү, окуучуларды илимдин эл чарбасында технологиялык, экономикалык жана практикалык колдонуштары менен тааныштыруунун мүмкүнчүлүктөрү камтылган.

Программаларды иштеп чыгуу, мугалимдер үчүн окуу китептерин жана методикалык колдонмолорду түзүү 1985/86-окуу жылы мектептердин жогорку класстарында информатика жана электрондук-эсептөө техникасынын негиздерин (А. П. Ершов, В. М. Монахов) окута баштоого мүмкүндүк берди.

Өткөн кылымдын 60-70-жылдарында окуу-тарбиялоо процессинде проблемалык окутуунун негизделген методдорун (И. Я. Лернер, М. И. Махмутов, А. М. Матюшкин) сезимталдуу колдонууга жардам берүүчү уюштуруу-педагогикалык иш-чараларынын системасы, жаңы техникалык каражаттарды комплекстүү пайдалануунун методикасы (С. Г. Шаповаленко), окутуу методдорун оптималдуу тандап алуунун жолдору (Ю. К. Бабанский) активдүү иштелип чыккан.

1980-жылы СССРдин Педагогика илимдери академиясынын (ПИА) окутуунун мазмунун жана методдорун илим-изилдөө институтунда эксперименталдык окуу китептери боюнча атайын лаборатория түзүлүп, окуу китептерин тажрыйбада текшерип чыгуу уюштурулган. 1984-жылы илимий-идеялык жагынан жеткиликтүүлүгү жана кыскалыгы, тактыгы баяндалып, берилишинин ачыктыгы жана кызыктуулугу, методикалык жеткилеңдүүлүгү боюнча мурункулардан кескин айырмалана турган жаңы окуу китептерин түзүү максатында СССРдин ПИАсы “Школьный учебник” деген жалпы академиялык комплекстүү программаны бекиткен. Программаны ишке ашыруу 1984-жылы окуу китептерине коюлуучу жалпы талаптарды иштеп чыгуудан, алардын көлөмдөрүн аныктоодон башталган. 60-жылдан баштап мектепти реформалоонун талабына ылайык окутуунун жана тарбиялоонун методдорун өркүндөтүү проблемаларын изилдөө көбүнчө практикалык багытта жүргүзүлгөн; методдордун системасы жана алардын мугалимдер менен окуучулардын ишмердиктеринде колдонулушу талдоого алынган. Изилдөөлөрдө окуучулар менен мугалимдердин мүмкүнчүлүктөрүнүн конкреттүү шарттарын эске алуу аркылуу ийгиликтүү окутуунун методдорун жаратуу, окутуу менен тарбиялоонун өз ара байланыштуулугун күчөтүп окуучулардын окуп билим алууга ынтызар болуусун мотивациялап стимулдаштыруу проблемаларына басымдуу көңүл бурулган.

Педагогика илими окуучуларды саясый-идеялык, эмгектик жана адептүүлүк жактан бирдиктүү тарбиялоону камсыз кылуунун жалпы теориялык маселелерин иштеп чыккан. Ар түрдүү курактагы балдардын дүйнөгө көз карашынын социалдык-педагогикалык жана психологиялык негиздери аныкталып, бардык окуу предметтеринин мазмунундагы дүйнөгө көз караштык башкы идеялар менен теориялардын системасы белгиленген; окутуу процессинде жана класстан тышкаркы ишмердүүлүктө көз карашты калыптандыруунун жолдору жана каражаттары мүнөздөлүп көрсөтүлгөн. Ушул изилдөөлөрдүн материалдары боюнча Ю. К. Бабанскийдин “Комплексный подход к воспитанию школьников”, Э. И. Моносзондун “Проблемы теории и методики коммунистического воспитания школьников”, Г. Н. Филоновдун “Проблемы эффективности воспитания личности в условиях развитого социализма” жана башка эмгектер басылып чыккан. 80-жылдардын экинчи жарымындагы педагогикалык изилдөөлөрдө тарбиялоочулук окутуу принциби (окутуу процессинде тарбияны ишке ашыруу принциби) В. М. Коротов (“Воспитывающее обучение”, М., 1980), тарбиялоо процессин оптималдуу башкаруунун жоболору Ю. К. Бабанский (“Оптимизация учебно-воспитательного процесса”, М., 1982) педагогикалык стимулдаштыруунун жана мотивациялоонун теориясы жана методдору З. И. Равкин (“О подлинных и мнимых стимулах к учению”, Народное образование, 1961, №2), Л. Ю. Гордин (“Школа инициативы и самостоятельности: из опыта работы школ Таганрога”, М., 1984) иштелип чыккан. 60-жылдары да окуучулардын жалпы өнүгүшү үчүн окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында мектепте окутуунун ыкмалары менен баланын психикалык өнүгүп-өсүүсүнүн арасындагы байланыш табылган. Л. В. Занковдун (“Дидактика в жизнь”, М., 1968) жетекчилиги менен жүргүзүлгөн бул изилдөөлөрдүн жыйынтыгы практикада активдүү колдонулуп, илимдердин негиздерин IV класстан баштап системалуу окуп үйрөнүүгө өтүүнү камсыз кылды.

60–80-жылдары да окуучулардын математикалык, адабияттык, конструкторлук-техникалык, көркөм-ишмердик атайын жөндөмдөрүн изилдөө активдүү жүргүзүлгөн. Ошондой эле зээндүүлүктүн курактык бөтөнчөлүгү жана окуучуларда шыктуулукту өнүктүрүүнүн шарттары изилденип, төмөнкүдөй бир катар эмгектер жарыкка чыккан: Н. С. Лейтес “Способности, труд, талант”, В. А. Крутецкий “Психология математических способностей”, Б. М. Теплов “Проб-лемы индивидуальных различий” ж. б.

Ошол эле жылдарда баланын психикасынын өнүгүүсүнө жол ача турган оздуруп окутуу жана тарбиялоо идеясына чоң көңүл бурулуп, В. В. Давыдов менен Д. Б. Элькониндин жетекчилиги астында жүргүзүлгөн теориялык эксперименттин натыйжасында “Психология начального обучения”, “Виды обобщения в обучении” өңдүү монографиялар жаралып, мазмундуу жалпылоо теориясынын негизинде окутуунун методикасы иштелип чыккан.

Өспүрүмдөрдүн курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн, алардын коомдук пайдалуу ишмердүүлүктөрүнүн аспектилерин, аларда коллективдик өз ара жардамдашуу сезимдерди, жалпы тапшырмаларды биргелешип аткаруудагы жагымдуу мамилелерди калыптандырууну изилдөөгө зор көңүл бурулган. Психологиянын теориялык негиздеринин өнүгүүсү баланын ички мүмкүнчүлүктөрүн аныктоонун жолдорун табууга, анын интеллектисин, сезимин жана эркин калыптандырууга мүмкүндүк берген. Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктары И. С. Якиманскаянын “Развивающее обучение” (М., 1979); Д. И. Фельдштейндин “Психологические основы общественно-полезной деятельности подростков”;

"Проблемы диагностики умственного развития учащихся" (п/ред. З. И. Калмыковой); "Психологические проблемы учебной деятельности школьника" (п/ред. В. В. Давыдова) ж. б. эмгектерде чагылдырылган.

Музыкалык билим берүүнүн жаңы мазмунун жана методикасын аныктоо боюнча кеңири масштабда педагогикалык эксперимент (Д. Б. Кабалевский), ошондой эле иштер мектептик сүрөт сабагы курсун өркүндөтүү боюнча (Б. М. Неменский) да зор иштер аткарылган. Бул багыттагы педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча "Система эстетического воспитания и развития учащихся", "Художественно-эстетическое воспитание как фактор всестороннего развития личности школьника" деген темалардагы басылмалар класстан жана мектептен тышкаркы эстетикалык тарбияны андан ары өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды даярдап колдонууга мүмкүндүк берген.

СССР ПИАсында ошондой эле кесиптик-техникалык педагогика боюнча да зор изилдөөлөр иштелип чыгып, фундаменталдуу эмгектер жаралган, алар "Очерки профессиональной педагогики", "Производственная педагогика", "Очерки истории профтехобразования" (С. Я. Батышев, Н. И. Думченко, Е. Г. Осовский, Н. Н. Кузьмин, Н. В. Кузьмина) ж. б.

Мектеп жашына чейинки курактагы балдарды өстүрүп өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык концепциясын иштеп чыгуу советтик педагогиканын жетишкендиктеринин бири болуп эсептелет. Балдар проблемасынын жана балдар чыгармачылыгын калыптандыруунун ядросун түзүүчү мотивациялык эрктүүлүктү өнүктүрүү проблемаларын фундаменталдуу изилдөөлөр колго алынып, мектеп жашына чейинки курактагы балдардын билимдерин тандап алып системалаштыруунун илимий принциптери иштелип чыккан (А. В. Запорожец, Н. Н. Поддъяков, В. Н. Логинова, Т. С. Комарова, П. Г. Саморукова жана башка).

Педагогикада кемчиликтери бар балдарды иликтеп үйрөнүүнүн методдорун иштеп чыгуу кеңири орун алган, анткени аномалдуу балдарды педагогикалык, психологиялык, физиологиялык жана клиникалык жактан терең изилдеп чыгуу жолу менен гана аларды атайын окутуп тарбиялоочу мекемелерге туура тандап орноштуруп, тиешелүү багыттагы окуу-тарбиялоо жана дарылоо иштерин уюштурууга болот. Дүлөй балдарды окутуунун деңгээлин жогорулатуу боюнча конкреттүү жыйынтыктарга жетишилген (Ф. А. Рау жана Ф. Ф. Рау, С. А. Зыков, Т. А. Власова, Р. М. Боскис, Н. Д. Ярмаченко ж. б. эмгектери). Ал эми Б. И. Коваленко, М. Н. Земцова, Ю. А. Кулагин, В. С. Свердловдун эмгектери болсо сокур балдарды кесипке даярдоонун жана алардын жалпы билимин жогорулатуунун системасын түзүүгө мүмкүндүк берген.

60–70-жылдардагы педагогика илиминин өнүгүүсүнүн мүнөздүү белгиси – бул жылдары өндүрүштүк окутуу жана эмгекке тарбиялоонун бөтөнчөлүктөрүн изилдөө боюнча тажрыйбалык-эксперименттик иштердин, мектеп окуучуларын коомдук пайдалуу эмгекке тартуунун түрдүү формаларынын кеңири масштабда өркүндөөсүндө болгон. Окуучулардын өндүрүштүк бригадаларынын иш тажрыйбалары боюнча жалпы жыйынтыктар чыгарылган. Энтузиаст мугалимдердин катышуусуу менен өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча, жаныбарларды тейлөө боюнча тарбиялык иштердин мүмкүнчүлүктөрү жана окуу-тажрыйбалык иштерди жүргүзүүнүн методикалык негиздери изилденип чыккан. Изилдөөлөрдө окуучуларды материалдык өндүрүш сферасындагы эмгекке даярдоо, анын мектептеги окуу-тарбиялоо процесс менен байланышын күчөтүү маселелери биринчи орунга коюлган. Техникалык чыгармачылыкты, мектептерде тажрыйба иштерин жүргүзүүнү, окуучулардын эмгектик бирикмелерин уюштурууну, алардын айыл-чарба комплекстери менен болгон байланыштарын өөрчүтүү бөтөнчө орунду ээлеген. Ошону менен катар эле балдардын жана өспүрүмдөрдүн коомдук пайдалуу өндүрүштүк эмгегин нормага келтирүүгө, аны өлкөнүн түрлүү региондоруна жана жергиликтүү шарттарга ылайыктоого байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Натыйжада психологиялык маалыматтар менен катар философиялык, социологиялык, экономикалык, медициналык, ошондой эле фундаменталдык жана прикладдык илимдердин техниканын жана өндүрүштүн өсүшүн илимий техникалык прогресстин өсүшүн, аныктай турган жетишкендиктерин пайдалануу менен иштелип чыккан окуучуларды эмгекке даярдоонун жалпы концепциясы бир кыйла байытылып өркүндөтүлгөн. Ошонун базасында типтүү жаңы программалар, окуучуларды эмгекке жана кесипке окутуунун ар түрдүү багыттары боюнча бир катар методикалык жана окуу колдонмолор түзүлгөн. "Өндүрүштүн негиздери. Кесип тандоо" деген мектептин жаңы курсунун программасы иштелип чыккан. Ал программанын негизги максаты – окуучулардын эмгегинин социалдык багытталышын күчөтүү, азыркы экономикалык ойлонууну калыптандыруу, мектеп окуучуларын эрте эмгекке тартуу жана аларды техникалык чыгармачылыкка киргизиүү болгон. Ушул максатта мектептерде жана райондордо кесипке багыттоонун формалары жана методдору өркүндөтүлүп, 1985-жылдан баштап СССР ПИАсынын алдында техникалык жана жаш натуралисттик чыгармачылык, мектептердин жана СПТУлардын окуучуларынын рационализаторлук жана ойлоп табуучулук иштери боюнча илимий кеңеш иштеген.

Ушул эле мезгилде педагогика илиминин дагы бир маанилүү маселелери – мектеп таануунун проблемасын изилдөөгө олуттуу көңүл бурулган, анткени мектеп ишин башкарууну өлкөдө жалпыга сегиз жылдык билим берүүнү жана анын келечеги катарында акырындык менен жалпы орто билим берүүгө өтүүнү ишке ашыруу эң маанилүү болучу.

Бир нече жылдар бою билим берүү органдарынын жана методикалык мекемелердин уюштуруу педагогикалык ишмердиктерине байланыштуу изилдөөлөр жемиштүү жүргүзүлгөн. Ошонун негизинде алардын административдик функцияларын, жергиликтүү бийлик органдарынын системасындагы алардын ээлеген орду жана ролун, баарыдан мурда мугалимдерге илимий-методикалык кызмат өтөөнүн эффективдүү системасын терең анализдеп иликтөөлөр жүргүзүлгөн (А. А. Шаталов, Ф. Е. Штыкало, Л. И. Филатова, Ю. П. Кузнецов ж. б.).

Он биринчи беш жылдыкта мектеп таануунун теориялык негиздери аныкталып, башкаруунун бардык функцияларынын өз ара байланышы белгиленип, аларды оптималдаштырууну окуу-тарбиялоо процессин оптималдаштыруу менен бирдикте жүргүзүүнүн зарылдыгы көрсөтүлгөн, советтик коомдун социалдык-экономикалык өнүгүү шарттарында мектептин ишин андан ары башкарууну өркүндөтүүнүн жолдору белгиленген (П. В. Худоминский,

М. Л. Портновдун эмгектери). Бул багыттагы изилдөөлөрдү андан ары кеңейтүү максатында 1986-жылы СССРдин ПИАсында башкаруунун жана элге билим берүүнүн экономикасынын илим-изилдөө институту уюштурулган.

Педагогика тармагындагы өлкөнүн астына коюлган изилдөөлөрдү ийгиликтүү жүргүзүү, мектепти реформалоонун негизги багыттарын сапаттуу ишке ашыруу СССР ПИАсынын ишмердигин СССР ИА, СССР МИА, ВАСХНИЛ, союздук республикалардын академиялары менен байланыштарды күчөтүүнүн зарылдыгын ачык көрсөткөн, ал илимий мекемелердин бирдиктүү аракети менен гана бүткүл мектеп окуучуларынын жалпы компьютердик сабаттуулугун ишке ашырууга жетишүү мүмкүн эле.

Педагогика илиминин алдына мектептердин ишинин жогорку деңгээлде жана натыйжалуу болуусуна олуттуу салым жасоо милдети жүктөлгөн. Ал үчүн изилдөөлөрдүн сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатып, алардын натыйжаларынын практикада колдонулушун камсыз кылууга жетишүү зарыл эле. Окумуштуу-педагогдордун, психологдордун, методисттердин илимий эмгектери конкреттүү сунуштарда, окуу китептеринде, методикалык колдонмолордо пайдаланылып, ишке ашууга тийиш эле.

Ушул турмуштук маселелерди чечүү зарылдыгы педагогикалык илимдин алдына төмөнкүдөй олуттуу проблемаларды белгиледи:

– мектептерде, кесиптик-техникалык жана атайын орто окуу жайларында окуучуларга жалпы билим берүүнүн бирдиктүү деңгээлин камсыз кылуу;

– табигый-математикалык циклдеги предметтерди окутуунун деңгээлин жогорулатып, аны өсүп келе жаткан муундарда дүйнөнүн азыркы табигый илимдик сүрөттөлүшүн калыптандырууга, илимдин жетишкендиктери азыркы өндүрүштүн негизги тармактарында жана ишмердиктин башка сфераларында практикалык жактан кандайча колдонула тургандыгын даана билүүгө багыттоо;

– окуучуларды компьютерлерден пайдалануунун ыкмаларына үйрөтүп, бул техниканы эл чарбасынын ар түрдүү тармактарына кеңири пайдалана билүүнү калыптандыруу үчүн жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарында, кесиптик-техникалык окуу жайларында, атайын орто окуу жайларында электрондук-эсептөөчү техниканын негиздерин окутууну уюштуруу;

– жалпы билим берүүчү мектептердин окуу процессине компьютерлерди киргизүүгө байланыштуу психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөрдү уюштуруу.

Бул милдеттерди аткаруу жолунда СССР ПИАсы өзүнүн бүткүл күч аракетин мектепти билим берүүнүн мазмунун өлкөдөгү улам өсүп жаткан социалдык, илимий жана техникалык прогресстин талаптарына ылайык иштеп чыгууну илимий жактан камсыз кылууга жумшаган. Педагогика илиминин бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн натыйжасында: мектептик билим берүүнүн мазмунунун илимий-техникалык деңгээли көтөрүлдү, анын политехникалык багытталышы күчөдү, башкы идеялар менен түшүнүктөрдүн системасы өркүндөтүлдү, билим алуу процесси менен эмгек көндүмдөрүнө үйрөнүүнүн байланышы жанданды, орто мектептеги предметтер аралык байланыштын системасы тагыраак деталдаштырылып иштелип чыкты, окуучулардын билимин баалоонун критерийлери өркүндөтүлдү. Ушул маселелер жаңы программаларды жана жаңы окуу китептерин түзүүдө пайдаланылып, аларда мурдакыга караганда жалпылоонун жогорку деңгээли орун алып, илимий маалыматтарды теориялык жактан сезимталдуулук менен түшүнүп билүү күчөтүлдү, фактологиялык жана справка түрүндөгү материалдар кыскартылып, окуучулардын жалпы өнүгүүсүнө жардам бергидей тапшырмаларга көбүрөөк орун берилди.

Жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектепти реформалоонун негизги багыттарын илимий жактан камсыз төмөнкүдөй: "Окутуунун мазмунун жана методдорун өркүндөтүү", "Ар тараптан өнүккөн окуучунун личностугун (инсандыгын) тарбиялоо", "Мектептик окуу китеп", "Айыл мектебинин мугалими", "Мектеп жана ден соолук", "ЭВМ мектепте", "Окутууну окуучулардын өндүрүмдүү эмгеги менен бириктирүү", "Жаштарга кесиптик-техникалык билим берүү" сыяктуу комплексттүү жалпы академиялык программаларды ишке ашырууну талап кылды

Советтик педагогиканын 60–80-жылдардагы өнүгүшүндө окутуу-тарбиялоо процессин өркүндөтүүнүн негизинде окуучунун өз алдынча изденүү чыгармачыл өнүгүүсүн камсыз кылууга керектүү бир катар төмөнкүдөй концептуалдык теориялар иштелип чыккан:

– окутуу процессин активдештирүү теориясы (М. А. Данилов);

– акыл аракеттерин этаптар боюнча калыптандыруу теориясы (П. Я. Гальперин, Н. Ф. Талызина);

– мазмундуу жалпылаштыруу теориясы (В. В. Давыдов);

– проблемалык өнүктүрүү теориясы (Т. В. Кудрявцев, И. Я. Лернер, М. И. Махмутов, А. М. Матюшкин, М. Н. Скаткин);

– личностту чыгармачыл өнүктүрүү теориясы (В. И. Андреев, А. Е. Ларин);

– окутууну алгоритмдештирүү теориясы (Л. Н. Лында, И. Марев, В. П. Беспалько);

– окутууну оптималдаштыруу жана интенсивдештирүү теориясы (Ю. К. Бабанский);

– окутуу процессинин теориялык негиздери (В. В. Краевский).

Новаторлук статуска жетишкен мугалимдер өздөрү иштеген окуу жайынын материалдык-техникалык шарттарына жана профессионалдык устаттыгына жараша жогоруда көрсөтүлгөн теориялардын тиешелүүсүн практикада колдонуунун конкреттүү ыкмаларын иштеп чыгышып, үзүрлүү эмгектенип жатышат.

**Кыргыз педагогикасынын пайда болушу жана өнүгүү жолу**

XX кылымда элдердин жалпы маданий өнүгүшүнүн көз карашындагы тарыхый-педагогикалык проблемаларды чагылдырган эмгектер чет элдерде пайда боло баштаган (К. А. Шмидт).

1917–жылдагы Октябрь революциясынан кийинки Кыргызстандагы мектептер, педагогикалык ойлор СССРдеги элге билим берүүнүн бүткүл системасынын составдык бөлүгү катарында өнүгө баштаган.

Тарыхый-педагогикалык мүнөздөгү алгачкы эмгектер XVII кылымдын аягында пайда боло баштаган. XIX кылымда педагогиканын тарыхына кызыгуу өскөн. Ал кездеги тарыхый-педагогикалык эмгектер тарбиялоо менен окутуунун теориясы жана практикасынын ар түрдүү тармактарына тиешелүү болгон бир топ материалдарды камтыган. Кыргызстанда тарыхый-педагогикалык изилдөөлөрдү республиканын бир катар илимпоздору (Д. Айтмамбетов, Б. Кулдашев, А. Э. Измайлов, М. Р. Балтабаев, М. Р. Рахимова, А. Э. Имаева, Н. И. Асипова ж. б.) жүргүзүшкөн. А. Э. Измайловдун Кыргызстандагы советтик мектептердин 40 жылдык тарыхы боюнча очерктерин (1917–1957)", М. Р. Балтабаевдин Кыргызстанда жалпыга милдеттүү орто билимди ишке ашыруу проблемаларына арналган эмгектерин, М. Р. Рахимованын Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү педагогиканын болуу жана өнүгүү маселелерине арналган эмгектерин ж. б. көрсөтүүгө болот.

1993-жылы Жусуп Баласагындын (XI–XII к.) бүткүл дүйнөгө белгилүү "Кут билим" аттуу дидактикалык поэмасынын байыркы түрк тилинен кыргызчага которулушу кыргыз коомчулугундагы маданий жана педагогикалык маанилүү окуя болду. Эпикалык мазмундагы бул дидактикалык поэмада кыргыз элинин жашоо турмушу, чарбалык уклады, билими жана түшүнүгү, каада-салты, материалдык жана руханий маданияты чагылдырылган. Анда автор асман менен жерди, тоолор менен талааларды, суу менен денизди, жылдыз менен күндү мактап ырдаган, анын айтуусу боюнча бүткүл адамзаттык нарктуулуктар улуу төрт түшүнүккө бириктирилген: 1) адилет; 2) ырыс; 3) чындык – ак дилдик; 4) каниет-токтоолук.

Элдик педагогика элдин жашоо тиричилигинин укладында (тартибинде) сакталып калган, оозеки элдик чыгармачылыкта, салт-санааларда, үрп-адаттарда, балдар оюндарында ж. б. чагылдырылган педагогикалык маалыматтардын жана тарбия берүү тажрыйбаларынын жыйындысы катарында педагогиканы этнография жана фольклористика менен байланыштыруучу атайын тармакты элдик педагогика деп түшүнүүгө болот. Элдик педагогика элдин миндеген жылдык тажрыйбасында иштелип чыккан жана бүгүнкү күнгө чейин анын турмуш-тиричилигинде колдонулуп жаткан педагогикалык маданиятын изилдейт.

Этнопедагогика болсо – бул кыйла тар түшүнүк. Ал белгилүү этникалык жалпылыктагы педагогиканы изилдейт. Этнопедагогиканын предмети болуп уруктун, уруунун, элдин жана улуттун педагогикалык маданияты эсептелет. Ар бир эл өзүнүн тарыхый өнүгүү жолунда тарбия берүү практикасын калыптандырган, окутуу жана тарбия берүү ыкмаларын иштеп чыккан. Тарбия берүү тармагындагы элдик тажрыйба педагогикалык билимдердин түзүлүшүндө татыктуу орун ээлеген. Бул айтылгандар толук бойдон кыргыз элинин этнопедагогикасына да таандык. Ал азыркы Кыргызстандын аймагында жүздөгөн жылдар бою өнүгүп келген педагогикалык процесстин составдык бөлүгү болуп эсептелет.

Этнопедагогика ошол элдин чарбалык-тиричилик укладдагы жана көзкараштагы туруктуу салттарына таянат. Кыргыз элинин улуттук этнопедагогикасы бул жагынан алганда четте калбайт. Бул салттар убакыттын өтүшүнө жараша түрүн өзгөрткөн, бирок алар көп жагынан коомдун психикалык, коомдук аң-сезимдин, үрп-адаттардын, ырым-жырымдардын көптөгөн белгилерин, тиричиликтин жана бүтүндөй руханий маданияттын өзгөчөлүгүн аныктоону уланта беришкен.

Кыргыз этнопедагогикасы улуттук руханий маданияттын өзөктөш бөлүгү болуп эсептелет. Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтун түзүүдө жана илимий иштерин уюштурууда анын биринчи директору, таланттуу педагог Б. К. Кулдашевдин (1916–1950) эмгеги зор.

Б. К. Кулдашевдин изилдөөсү болгон "1917–30-жылдардагы кыргыз совет мектептеринин тарыхы" (Алма-Ата, 1950) Кыргызстандагы элге билим берүүнүн тарыхы боюнча биринчи илимий эмгек. Б. К. Кулдашевдин педагогикалык мурастары кеңири чөйрөдөгү маселелер боюнча макалаларды түзөт. Анын негизги темалары: К. Д. Ушинский менен А. С. Макаренконун педагогикалык системалары; негизги предметтерди окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору; балдарды мектепте жана үй-бүлөдө тарбиялоо проблемалары (мында Т. Сатылгановдун педагогикалык көз караштары жөнүндө, кыргыз эл жомокторунун материалында окуучуларды тарбиялоо жөнүндө, башталгыч класстардагы тарбия иштеринин өзгөчөлүктөрү жөнүндө, өз учурундагы оригиналдуу эмгектер атайын бөлүнүп көрсөтүлөт), мектеп ишин башкаруу; класстан сырткары жана мектептен алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо сырткары иштер; алдынкы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоонун жана аны кеңири маселеге жайылтуу жолдору, мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүүнүн формалары ж. б., бир сөз менен айтканда Б. К. Кулдашевдин китебин кыргыз совет мектебинин төрт он жылдыгынын мазмундуу летописи деп эсептөөгө болот.

Республикада педагогика илимдеринин көрүнүктүү ишмери, педагогика илимдеринин доктору, профессор А. Я. Ареттин (1907–1974) негизги эмгектери өзүн өзү тарбиялоо проблемасына арналган, өзүн өзү тарбиялоо идеялары республикада эле эмес, анын чегинен сырткары-Бүткүл союздук масштабдагы педагогикалык изилдөө мекемелеринде, ошондой эле жалпы билим берүүчү мектептердин жана жогорку окуу жайларынын практикасында да түздөн түз колдонулууда. Өзүн-өзү тарбиялоо – бул адамдын же жамааттын өзү өзүнүн оң сапаттарын өнүктүрүп, терс сапаттарынан арылуусу болгондуктан, ал концепция педагогикалык илим изилдөө иштеринде орчундуу орун ээлейт, анткени бул түшүнүктөн өзүн өзү жөнгө салуу, өзүн өзү уюштуруу, өзүн өзү башкаруу, өзүнө өзү жетекчилик кылуу сыяктуу адамды личность катары калыптандыруу жөнүндөгү негизги проблемаларды иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгат.

Кыргыз мектептеринде орус тилин окутуунун методун өнүктүрүүгө республикадагы даярдоо класстарын алгачкы уюштуруучулардын бири В. П. Петров (1910–1974) чоң салым кошкон. Ага лингвометодика тармагында 70тен ашык эмгек таандык. В. П. Петров – лингводидактика боюнча окуу китебинин, программалардын, методикалык разработкалардын, илимий- теориялык эмгектердин автору.

"Кыргыз мектептеринде орус орфографиясын адепки окутуу ыкмалары" (1962) жана "Сүйлөөгө жана жазууга алгачкы окутуу" (1966) деген монографияларында В. П. Петров илимпоз–методисттердин алгачкыларынан болуп терең

байланышкан кубулуш катары орус тилин окутуунун, сүйлөөнүн жана сабаттуулуктун лингвистикалык, дидактикалык, психологиялык негиздерин иштеп чыгууга аракеттенген. Анын бул көз караштары методикалык концепцияларында чагылдырылган: орус речинде сүйлөөгө, окууга жана жазууга үйрөнүү комплекстүү жүргүзүүсү, ал тарбиялык мааниге ээ болуп, тилди өздөштүрүүдө оптималдуу натыйжа берүүгө тийиш.

Кыргызстанда даярдоо класстары башка республикаларга караганда мурдараак иштей баштаган (1966). Бул класстарда орус эмес балдарды орусча сүйлөөгө үйрөтүү методунун негиздөөчүсү В. П. Петров болгон. Кенже окуучулардын класстык коллективин уюштуруу, орус эмес балдарды орус тилине окутууга системалуу мамиле жасоо, орус тилинин каражаттары аркылуу аларды коллективдикке тарбиялоо, өз өмүрүндө бул негизги ишти ишке ашыруу боюнча илимий-практикалык ишмердикти, педагогикалык чеберчиликти туруктуу иштөөчү семинарлар аркылуу республиканын даярдоо класстарынын мугалимдерине берүүдө, Кыргызстанда педагогиканын жана орус лингвометодикасынын көптөгөн проблемаларын коюуда жана чечүүдө В. П. Петровдун киргизген салымы зор.

Белгилүү педагог П. С. Дадабаева (1930–1976) окуучуларды тарбиялоо маселелери боюнча бир катар илимий эмгектердин автору. Анын бүткүл педагогикалык ишмердиги Кыргыз педагогика илим-изилдөө институту жана Кыргыз мамлекеттик университетинин кафедрасы менен байланышкан. Республикада анын окуучуларга эмгектик тарбия берүү боюнча илимий эмгектери белгилүү.

А. Э. Измайловдун төмөнкү эмгектери кыйла белгилүү: “Кыргызстанда 40 жылдагы советтик мектептердин тарыхы боюнча очерктер (1918–1957)”, “Туташ сабатсыздыктан агартуунун туу чокусуна карай”, “Орто Азия менен Казакстан элдеринин педагогикалык көз караштары” ж. б. илимий эмгектери педагогдор үчүн абдан маанилүү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор М. Р. Балтабаевдин Кыргызстанда педагогика илиминин таралуусунда өз орду бар. Анын “Развитие всеобщего среднего образования в Киргизской ССР”, “Кыргызстандагы элге билим берүү иши 60 жылда” ж. б. эмгектеринде улуттук билим берүүнүн тарыхына арналган.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор М. Р. Рахимованын “Кыргыз Республикасында мектепке чейинки тарбия берүү системасын өнүктүрүү 1917–1992-жылда”, “Педагогика тарыхынын очерктери”, “Педагогикалык сунуштар”, бала бакчалар үчүн жазылган окуу китептери, хрестоматиялар ж. б. эмгектери белгилүү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, эл аралык педагогика жана социалдык илимдер Академиясынын академиги, педагогика илимдеринин доктору, профессор И. Б. Бекбоевдин илимий ишмердиги негизинен билим берүүнү башкаруунун аспектине, педагогиканын жалпы проблемаларына, окутуунун методикасын изилдөөгө, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого багытталган. Ал билим берүү тармагына көрүнүктүү салым кошкон, математиканы окутуу методикасынын проблемаларын изилдөөчүлөрүнүн илимий-мектебинин негиздөөчүсү. Бекбоев 150дөн ашык илимий жана илимий-методикалык эмгектин (анын ичинде: 9 монография, 20 окуу китептеринин жана окуу колдонмолорунун) автору. Алардын негизгилери: “Программаланган окутуунун принциптерин математика сабагында колдонуу” (1970), “Физика-математика адистери эмес үчүн жогорку математиканын жалпы курсу” (1984, 2000), “Задачи с практическим содержанием как средство раскрытия содержательно-прикладного значения школьного курса математики” (1967), “Ориентация на личность” (2000), “Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери” (2003) ж. б.

Бекбоев өзүнүн шакирттери менен Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу орто мектептин I-XI класстары үчүн математика боюнча стабилдүү окуу китептеринин толук циклин түзүп чыгарды.

Эл аралык педагогика жана социалдык илимдер академиясынын анык мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Л. А. Шейман кыргыз мектептеринде орус адабиятын окутуунун методикасынын калыптанышына чоң эмгек сиңирген. Л. А. Шейман кыргыз мектептери үчүн окуу китептерин, методикалык адабияттарды жазган. Окумуштуунун жетекчилиги менен орус тили жана адабиятын окутуунун концепциясы, “Русский язык и литература в школах Кыргызстана” деп аталган илимий-методикалык журнал түзүлгөн. Л. А. Шейман илимий кадрларды даярдоого көп көңүл бурат.

Эл аралык педагогика жана социалдык илимдер академиясынын анык мүчөсү педагогика илимдеринин доктору, профессор Э. Мамбетакуновдун окутуу процессинде окуучулардын жана студенттердин илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу, табигый илимдерди байланыштырып окутуу маселелерине арналган эмгектерин окуучулар, студенттер жана мугалимдер кеңири пайдаланууда.

Мектеп окуучуларын тарбиялоо жана билим берүүнү өнүктүрүүнүн маселелери педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж. А. Аманалиевдин “Пути развития и перестройки образования Кыргызстана”, “Общеобразовательные школы Кыргызстана на современном этапе” деген эмгектеринде изилденген.

Өсүп келе жаткан муундарга дене тарбиясы сабагын берүү маселелери педагогика илимдеринин доктору, профессор Х. Ф. Анаркуловдун “Совершенствование физического воспитания учащихся общеобразовательных школ” ж. б. эмгектеринде каралган.

Кыргыз этнопедагогикасынын теориялык жана практикалык маселелерин изилдөөнү Ж. Койчуманов “Тоголок Молдонун агартуучулук ишмердиги жана педагогикалык идеялары” (1964), Н. Имаева “Токтогулдун чыгармаларындагы тарбиялык идеялар” (1971) эмгектеринде алгачкылардан болуп жүр-гүзүшкөн.

Педагогика илимин өнүктүрүүдө, кадрларды даярдоодо Эл аралык педагогикалык жана социалдык академиянын академиги, анын Кыргызстандагы филиалынын президенти, физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз улуттук илимдер академиясынын академиги А. А. Бөрүбаевдин эмгеги зор. Кыргыз Республикасынын президенти А. Акаев тарабынан аныкталган улуттук “Билим” программасынын негизинде А. Бөрүбаевдин жетекчилиги менен “XXI кылымдын педагог кадрларын даярдоо” деген программа түзүлгөн.

Өткөн кылымдын 40-жылдарынын акырына чейинки мезгилде билим берүү жана жалпы педагогикалык маселелер өкмөт менен партиянын тиешелүү чечимдерине ылайык мектептер үчүн айрым окуу предметтерин, окуу программаларын жана окуу китептерин түзүүгө, ошондой эле кээ бир темалар боюнча тарбия берүүгө керектүү чакан методикалык сунуштарды жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууга гана багытталып келген. Бул мезгилде педагогика адистиги боюнча илимий даражалуу бир дагы изилдөөчү окумуштуу болгон эмес.

Кыргыз Республикасында педагогикалык изилдөөлөрдүн пайда болуп, акырындык менен алдыга жылышы Түркстандагы, советтик чыгыш республикаларындагы жана Кыргызстандагы билим берүүнүн тарыхы боюнча жалпыланган эмгектерде (Д. О. Айтмамбетов, К. Е. Бендриков, А. Э. Измайлов, Б. К. Кулдашев, А. К. Карыпкулов, С. Ч. Чечейбаев жана башка) чагылдырылган. Бирок, педагогикалык проблемалар мурда айрым авторлордун атайын изилдөө предметинин чегинде кээ бир убакта гана каралып келген. Республикада узак жылдар бою айрым предметтерди окутуунун тарыхына көп көңүл бурулган, бирок, ошондо деле изилдөөчүлөрдүн эмгектери негизинен хронологиялык тар чөйрөдөгү маселелерди (билим берүүнүн советтик доорунун айрым этаптарындагы же мектептин окуу курстарынын айрым звенолорун, мис, башталгыч билим берүү) кароо менен гана чектелген.

Мына ушул өңүттөн алып караганда “Антология педагогической мысли Кыргызской ССР” (М., Педагогика, 1988) масштабдуу десек болот. Бирок, бул китепте да негизги орун кыргыз этнопедагогикасына, эл акындарынын жана советтик адабияттын тарыхынын баштапкы мезгилиндеги классиктеринин чыгармачылыгына берилип, профессионалдык педагогика илими ошол монография даярдалып басылган моментке чейин көзү өтүп кеткен айрым окумуштуулардын ысымдарын (А. Я. Арет, С. И. Денисов, П. С. Дадабаева, Б. К. Кулдашев, В. П. Петров) атоо менен гана чектелип калган. Ошол кездеги шартка жараша бул монографияда тоталитардык режим менен репрессияланган кыргыздын улуттук маданиятынын көрүнүктүү ишмерлери Касым Тыныстанов, Базаркул Данияров, Сатыбалды Наматов, Ишеналы Арабаев ж. б. агартуу ишмерлери жөнүндө да эч маалымат берилбей калган.

Педагогика илиминин биздин республикада расмий түрдө өнүгүүсү 1951-жылдын ноябрь айында Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомунун негизинде түзүлгөн Кыргызстан педагогикалык илим-изилдөө институтунун уюштурулушунан башталган. Бул институттун ишмердүүлүгү 1945-жылы уюштурулган Мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүүнүн республикалык институтунун иши менен тыкыс байланышта жүргүзүлгөн. Кыргызстан илим-изилдөө педагогика институту 1992-жылдын ортосунда Кыргыз билим берүү институту (КИО) болуп кайра түзүлүп, анын составына мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институту кошулган. Бул институт ошондой эле Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын окумуштуу-педагогдору менен, республиканын демилгелүү чыгармачыл мугалимдери менен тыгыз кызматташтыкта илим-изилдөө иштерин жүргүзүп келет. 1950-жылдардан баштап институт Кыргызстандын педагогикалык борбору болуп, мында мектептер үчүн базалык окуу программалары, окуу китептер, окуу-методикалык колдонмолор, кийинчерээк о. эле билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары, предметтик концепциялар ж. б. таяныч нормативдик-педагогикалык материалдар иштелип чыгат.

Институтта таяныч окуу предметтерди окутуунун теориясы жана методикасы боюнча, Кыргызстандагы билим берүүнүн тарыхы боюнча, этнопедагогика жана педагогикалык этнокультурология боюнча бир катар фундаменталдык эмгектер иштелип чыккан. Бул эмгектер республиканын гана эмес коңшулаш башка өлкөлөрдүн педагогдорунун жана окумуштууларынын да жактыруусуна татыктуу болду.

Педагогиканын масштабдуу проблемалары боюнча эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларды, педагогикалык окууларды, негизги окуу предметтер боюнча мектеп окуучуларынын олимпиадаларын өткөрүүдө институтка негизги роль таандык. Буга мисал катары республикалык педагогикалык окуулардын 23 сессиясы, 10дон ашык эл аралык жана республикалык илимий-методикалык конференциялар өткөрүлүп, аларда 25000ден ашык мугалимдер менен окумуштуу-методисттердин алдыңкы тажрыйбасы жалпылангандыгын эскерүү жетиштүү.

Институт тарабынан даярдалып өткөрүлүүчү Республикалык педагогикалык окуулардын ар бир сессиясы Кыргызстандын педагогдорун дайыма туруктуу кызыктыра турган өзгөчө актуалдуу, өтө зарыл проблемаларга арналган. Мис., элге билим берүү системасындагы болуп жаткан кайра куруу республикада мурдатадан бери адатка айланып кеткен нормалардын жана баалуулуктардын сенектик тенденцияларынан акырындык менен кутулуп, аларды жок кылууну талап кылган. Бул милдет өтө татаал жана эң жооптуу болчу. Мына ушул шартта ишке ашырылуучу кайра куруунун өзөктүү маселелери боюнча окумуштуулар менен билим берүү кызматкерлеринин диалогу эң зор мааниге ээ болгон. Анткени илимий тематиканы калыптандырууда, практика өзүнүн ишенчиликтүү сөзүн айтат, илимий теория болсо практиканы туура жолго багыттап өркүндөтөт. Алар биргелешип коомдогу саясаттын, экономиканын жана маданияттын динамикасына сөзсүз реакция кылууга тийиш. Ошондуктан республикалык педагогикалык окуулардын кезектеги XX сессиясынын темасы бекеринен “Взаимодействие психолого-педагогической теории и практики в условиях перестройки народного образования” (элге билим берүүнү кайра куруунун шарттарындагы психологиялык-педагогикалык теория менен практиканын өз ара аракеттешүүсү) деп аталган эмес. Бул сессиянын зарылдыгы эмнеден көрүндү? Биринчиден, ал окумуштуулар жана мугалимдер окуу-тарбиялоо илиминдеги теория менен практиканы бири-бирине байланыштуу өнүктүрүүгө өтө терең кызыгыша тургандыгын ачык көрсөттү. Экинчиден, окуу-тарбиялоо процессин түп-тамырынан бери оптималдаштырууга керектүү шарттарды түзүү зарыл жана ага толук мүмкүнчүлүк бүгүнкү күндөгү мектепте бар экендигин бул окуулар иш жүзүндө эң сонун далилдеди. Үчүнчүдөн, бул окууларда алдыңкы мугалимдер жана республикадагы элге билим берүүнүн башка кызматкерлери өз ара пикирлешип, чыгармачылык менен тажрыйба алмашып, мектептин ишин андан ары алга жылдырууга керектүү оригиналдуу жолдорду белгилөөгө мүмкүнчүлүк алышты. Төртүнчүдөн, педагогикалык окуулар мугалимдин чыгармачыл күчтөрүн

мобилизациялоонун эң таасирлүү каражатын, жаштарды окутууну жана тарбиялоону өркүндөтүү үчүн жаңы факторлорду таап аныктап чыгып, аларды жаңы резервдер катары пайдалануунун эң сонун фактору экендигин дагы бир жолу ырастады.

Өз кезегинде илим изилдөөлөр мугалимдердин профессионалдык устаттыгын арттырууга олуттуу таасир этти жана азыр да таасир этүүдө.

Педагогика илиминин республикада өсүп–өнүгүүсү, албетте, биринчи иретте илим изилдөө мекемелеринде, жогорку окуу жайларында эмгектенүүчү педагогикалык адистиктеги илимдин кандидаттарын жана докторлорун даярдоого түздөн түз байланыштуу. КББИ (КИО)нун аспирантурасы жана анын адистештирилген кеңеши аркылуу педагогикалык илимдердин 400дөн ашык кандидаттары жана 10дон ашык докторлору – Кыргызстандын көрүнүктүү окумуштуулары даярдалып чыгарылды. Бүгүнкү күндө өзүнүн профессорлук-окутуучулар коллективинин составында КИОдон даярдалып чыккан адистер иштебеген бир дагы жогорку окуу жай жок.

Кыргызстан педагогикалык илим-изилдөө институтунун түзүлүшү республикада педагогиканын жана билим берүүнүн өсүп–өнүгүүсүндөгү эң зор учурдун белгиси болгон. Ошондон баштап мектептерди программалар менен, котормо жана оригиналдуу окуу китептери, окуу–методикалык колдонмолор менен илимий негизде системалуу, ар тараптан камсыз кылып турууга керектүү фундамент түзүлгөн. Жалпыга милдеттүү окутууну уюштуруу, политехникалык билим берүүнүн мазмуну жана методикасы, котормо жана оригиналдуу окуу китептеринин сапатын жакшыртуу сыяктуу ошол мезгил үчүн эң эле актуалдуу маселелер илимий кызматкерлердин көңүлүнүн борборунда болгон.

Котормо жана кыргыз тилиндеги оригиналдуу окуу китептерди даярдап чыгаруу боюнча олуттуу иштер аткарылган. Кыргыз мектебинин IX (азыркы X) классы үчүн 1961-жылдан бери чыгарылып келген орус адабиятынын оригиналдуу окуу китеби Азербайжанда, Өзбекстанда ж. б. республикаларда чыгарылуучу ушуга окшош наамдагы окуу китептери үчүн үлгү катарында пайдаланылды. Биздин республикадагы бул китеп 1981-жылы СССР ВДНХсынын күмүш медалына татыктуу болгон. Республикада билим берүү системасы бир нече жолу реформалангандыгы белгилүү. Билим берүүнү акыркы жолу реформалоо процессинде институттун илимий кызматкерлери тарабынан 15 концепция, мамлекеттик 22 стандарт, 220 окуу программалары, 160 окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолор иштелип чыкты. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин I–IV, V–IX жана X–XI класстары үчүн математика боюнча оригиналдуу окуу китептерин түзгөндүгү үчүн институттун бир катар илимий кызматкерлери 2002-жылы Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары болушту.

Педагогика илиминин өзгөчө кыйынчылыктуу өнүгүүсү 1958– жана 1966-жылдардагы мектеп реформаларын ишке ашырууга керектүү окуу-нормативдик жана илимий-методикалык документтерди даярдоого, алардын республикада колдонулушунун практикалык тажрыйбасына байланыштуу болду. 1960-жылы кыргыз мектептери үчүн чет тилдери боюнча биринчи программа түзүлүп, оригиналдуу окуу китептерин даярдоо иштери башталган, 1961-жылдан 1969-жылга чейин V–VIII класстар үчүн англис, немец жана француз тилдери боюнча 11 окуу китептери басылып чыгарылган.

1965-жылы институттун илимий кызматкерлеринин күчү менен республиканын тарыхында биринчи жолу “Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы” даярдалып чыгарылган.

Республикада билим берүүнүн жана педагогикалык проблемаларды изилдөөнүн эффективдүүлүгү мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатууга түздөн түз байланыштуу. Бул ишти активдештирүүчү маанилүү документ – КПСС БК менен СССР Министрлер Советинин 1972-жылдын 20-июнундагы “Жаштарга жалпы орто билим берүүгө өтүүнү аяктоо жана жалпы билим берүүчү мектепти андан ары өнүктүрүү жөнүндө” токтому болуп эсептелет. Токтомдо педагогикалык кадрларды кайра даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуунун системасын андан ары өркүндөтүү белгиленген. Бул иш биздин республикада бир нече багытта жүргүзүлдү. Биринчи багыт – мугалимдердин билимин өркүндөтүүнүн республикалык институтунун, шаардык жана райондук методкабинеттердин ишин жакшыртуу. Экинчи багыт – педагогикалык кадрлардын квалификациясын педагогикалык билим алуунун (сырттан жана кечки) окутуу жолдорун жакшыртуу аркылуу жогорулатуу. Билим берүүнүн мындай формасы бирдиктүү эки маселени: иштеп жаткан мугалимдердин саясый, илимий жана адистик даярдыктарын жогорулатууну, ошондой эле агартуу сферасы үчүн жогорку орто билимдүү жаңы адистерди даярдоону чечкен. Үчүнчү багыт – мектептердин, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелердин жетекчилеринин квалификациясын жогорулатуу. Бирок мектептердин жетекчилерин даярдоонун жана кайра даярдоонун мурда болуп көрбөгөндөй эң жаңы өзгөчө маанилүү формасы орто мектептердин директорлорунун квалификациясын жогорулатуунун факультети (ФПК) болуп эсептелген. Чындыгында эле буга чейин башкаруунун теориясы жана методикасы баяндалган илим анын ичинде мектепти башкаруу жөнүндөгү өзүнчө атайын илимдин бар экендигине карабастан, мектеп жетекчилерин мектепти кантип башкаруу керектигине эч жерде эч ким окутуучу эмес.

Турмушка сыйышпаган бул парадоксту жоюу максатында өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары өкмөттүн атайын токтому менен Советтер Союзунун республикаларынын ири жогорку окуу жайларынын алдында мектеп жетекчилеринин квалификациясын жогорулатуунун факультеттери уюштурулду. Биздин республикада мындай факультет СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы КМУУ) алдында 1975-жылдын март айында жалаң Кыргыз илим-изилдөө педагогикалык институттун кызматкерлеринин күчү менен түзүлүп, анын иши институттун И. Б. Бекбоев, А. Н. Тимофеев, Б. С. Тетенькин, И. Н. Шерстюк, Н. Я. Ильяшева, Т. И. Шумакова сыяктуу тажрыйбалуу кызматкерлерине жүктөлгөн.

Алар факультеттин угуучуларын окутуу ишине университеттин башка кафедраларынын окутуучуларын, Агартуу министрлигинин кызматкерлерин тартуу менен төмөнкүдөй маселелерди ишке ашырышкан:

– педагогика, психология, башкаруу, элге билим берүүнүн экономикасы боюнча акыркы жетишкендиктерди угуучулардын активдүү кабылдап өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;

– угуучуларда элге билим берүүнү демократташтыруу шартындагы мектепти башкаруу боюнча билгичтикти калыптандыруу жана өнүктүрүү;

– окутуунун формаларын жана методдорун өркүндөтүү, окуу-тарбиялоо процессин интенсивдештирүү;

– жалпы билим берүүчү мектептерге методикалык жардам көрсөтүү;

– профессорлор жана окутуучулар составынын квалификациясын, анын саясый-идеялык, педагогикалык, адистик жана жалпы маданиятынын деңгээлин жогорулатуу.

Бул факультеттин иштеген 17 жылынын ичинде республиканын мектептеринин 6000ден ашык директорлору жана алардын орун басарлары (алардын 80%тен ашыгы айыл мектептеринин жетекчилери) кайра даярдоонун 2 айлык курстарынан өткөрүлгөн. Өлкөдөгү ФПКлардын ишмердүүлүктөрүнүн биринчи жылдарында Советтер Союзу боюнча бирден бир жалгыз “Научные основы управления школой” (“Мектеп башкаруунун илимий негиздери”) кафедрасы биздин республикада түзүлгөн, составында ошол кафедрасы болгон ФПКны бештен ашык жыл бою профессор И. Бекбоев түзүп жетектеген. Өзүнүн иштей баштаган биринчи эле жылдарында бул факультет ишмердүүлүктүн бардык түрлөрү (окуу, окуу-методикалык, илимий, уюштуруучулук, аудиториядан тышкаркы) боюнча олуттуу ийгиликтерге жетишкендиктен, 1977-жылы октябрь айында факультеттин базасында Советтер Союзунун ушундай факультеттеринин декандарынын Бүткүл союздук семинар-кеңешмеси өткөрүлүп, ага бардык союздук республикалардын, алардын ичинде Москванын жана Ленинграддын өкүлчүлүктөрү катышып тажрыйба алышкан. ФПКнын составында жогоруда аталгандай атайын кафедра түзүү сөзсүз зарыл экендигин кеңешменин катышуучулары бир добуштан колдошуп, кийинки жылдары мындай кафедралар бардык союздук республикалардагы ФПКларда уюштурулушуна жетишишкен. Мына ушундан улам өзгөчө белгилеп кетүүчү олуттуу бир маселе: 80-жылдардын башталышынан тартып СССР Министрлер Советинин алдындагы Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын илимий даражаларды жана наамдарды ыйгаруу номенклатурасына ылайык тарыхта биринчи жолу профессорлук илимий наам “Научные основы управления средней общеобразовательной школой” кафедрасы боюнча бериле баштаган.

**Билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы**

Кыргыз Республикасында элге билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын максаты – бул илимди, маданиятты жана билим берүү процессин түрк элдеринин тарыхын, Чыгыштын, Орто Азия өлкөлөрүнүн жана Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин көчмөндүү маданиятын дүйнөлүк тарыхтын контекстинде дүйнө таануучулук синтездөөнүн негизинде жаш муундарды окутуп тарбиялоонун жогорку сапатын камсыз кылгыдай билим берүүнүн улуттук моделин калыптандыруу болуп эсептелет. Бул максатка жетишүү үчүн билим берүүнүн мазмунун аныктоодо баарыдан мурда адамзат маданиятынын жана техниканын бүткүл жетишкендиктерин нечен кылымдар бою жалаң гана батыш европалык цивилизацияга таандык кылып келген бир жактуу көз караштарды жеңүү керек болгон. Окуу жайларын бүтү-рүүчүлөрдү өздөрүнүн жеке жөндөмдүүлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана керектөөлөрүн толук пайдаланып ишке ашырууга даярдоо; проблемаларды өз алдынча чечүүнү, билгичтикти,изденүүчүлүктү, өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасы жана анын кийинкиси үчүн жоопкерчиликти толук моюнга алууга даяр экендикти калыптандыруу – иштин негизги максаттары болмокчу. Аларды натыйжалуу ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы позитивдик жетишкендиктерди өткөн учурдун негативдүү жактары мындан ары кайталанбасын үчүн аларды терең анализдөө менен айкалыштыра пайдалануу керек болду. Биздин мамлекеттеги билим берүүнүн негизги принциптери жана артыкчылыктуу багыттары ушул максаттар менен аныкталган.

Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясынын башкы милдеттери билим берүүнүн бүткүл мазмунун реформалоо катарында аныкталды, башкача айтканда гумандаштыруу жана окуучуларда чыныгы тарыхий аң-сезимдүүлүктү калыптандыруу белгиленди. Бул – окуучулар контингентин дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүнүн жана региондорунун билим берүү системаларында болуп жаткан глобалдуу өзгөрүүлөрдү анализдөөнүн, ошондой эле өзүбүздүн улуттук жана регионалдык маданияттык жана жеке нагыз педагогикалык мурастарды ар тараптан максималдуу эске алуунун негизинде адамзаттын эс–акылы жана маданияты менен топтолгон баалуулуктарга, байлыктарга активдүү тартуу дегендикке жатат.

Кыргызстанда билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялык маселелерин чечүү үчүн төмөнкү багыттардагы концептуалдуу негиздерди иштеп чыгууга туура келет:

– өлкөнүн квалификациялуу адистерге болгон муктаждыктарын камсыз кылуу, аларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

– атуулдукту жана патриотизмди, өзүнүн Родинасын – Кыргыз Республикасын урматтоону, мамлекеттик символдордун маанисин түшүнүп билүүнү, элдик традицияларды, конституцияга каршы көрүнүштөрдү жек көрүүнү тарбиялоо;

– личносттун (инсандын) ички дүйнөсүн, чыгармачылык жана дене бой мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүп, өнүктүрүү, адептүүлүктүн жана ден соолукта жашоонун чың негизин калыптандыруу, интеллектти жана өсө турган адамдын эмоционалдуу сферасын байытуу;

– кыргыз элинин, көп улуттуу Кыргызстан элдеринин тарыхын, маданиятын, каада салттарын жана традицияларын үйрөнүүнүн билим берүүчүлүк программаларын өздөштүрүүгө керектүү шарттарды түзүү, личносттун (инсандын) үй-бүлөгө, элге, коомго жана мамлекетке милдеттүүлүктү жана өз укугун сезүүсүн, Кыргыз Республикасынын маданияттык, коомдук, экономикалык жана саясый турмушуна катышууга кызыгуусун камсыздоо.

Социалдык-экономикалык өнүгүү негизинен билим берүүнүн жана илимдин абалына түздөн түз көз каранды экендигин биздеги реформалардын жүрүшү толук жана ачык ырастады. Дал ошондуктан эгемендүү Кыргызстандын

алгачкы кадамдарынын бири “Билим берүү жөнүндө” Законду (1992-ж.) кабыл алуу болду, бул документте биздин билим берүү системабыздын төмөнкүдөй негизги принциптери аныкталган:

1) республиканын бардык атуулдарынын билим алууга тең укуктуулугу; жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгы, инсандын эркин өсүп–өнүгүүсү, адам укугун жана эркиндигин урматтоо;

2) бардык типтеги мамлекеттик окуу жайларында билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын чегинде акысыз окутуп билим берүү, ошондой эле акы төлөтүп билим берүүлөрдүн иштешине да керектүү шарттарды түзүү;

3) билим берүүнүн мамлекеттик мекемелеринде акы төлөтүп окутуучу бөлүмдөрдүн иштеринин мүмкүнчүлүгү;

4) республиканын калкынын билим берүүнүн бардык деңгээлдерине, баскычтарына жана типтерине бирдей кире алуусу, атуулдардын интеллектуалдык өнүгүүсүн, психофизиологиялык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен окутуунун тилинин жана билим берүү мекемесинин тибин ата-энелер жана окуучулардын эркин тандап алуусу;

5) таланттуу окуучуларды тандап алууга жана алардын чыгармачылыктуу өсүп-өнүгүүсүнө керектүү шарттарды түзүү, инсандын ички потенциалын ачып көрсөтүүсүн стимулдаштыруу (демилгелөө), билим берүүнүн гумандуулук жана өнүктүрүүчүлүк мүнөзү, анын укуктук жана экономикалык багытталышы;

6) билим берүүнүн мамлекеттик мекемелериндеги окутуунун советтик мүнөзү; билим берүүнүн саясый жана диндик институттардан көз карандысыздыгы, окутууну илимий жетишкендиктерге жана билим берүүнүн эл аралык стандарттарына багыттоо;

7) улуттук артыкчылыктарды сактап, колдоого алуу менен дүйнөлүк билим мейкиндигине кошулуу (интеграциялануу);

8) билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү, анын баскычтарынын уланмалуулугун камсыз кылуу;

9) муундарды социалдаштыруу, окутуу менен тарбиялоонун үзгүлтүксүздүгү, орто жана жогорку окуу жайларынын контингенттерин профессионалдык билимдердин жана көндүмдөрдүн дүйнөсүнө, коомдун этикалык нормаларынын, цивилизациянын, маданияттын системасына интеграциялоо;

10) окутуу жана тарбиялоо формалары, ишмердүүлүк багыттары жана менчиктештирүүнүн формалары боюнча билим берүү мекемелеринин көп түрдүүлүгү;

11) билим берүүнүн альтернативдүү мекемелеринин жана мамлекеттик эмес структураларынын иштөө мүмкүнчүлүгү, башкача айтканда билим берүүнүн жеке секторун мамлекеттик системанын толук укуктуу составдык бөлүгү катарында таануу.

Бул принциптердин ишке ашырылышы окуу предметтеринин концепцияларын түзүүгө байланыштуу болмокчу.

**Предметтер боюнча билим берүүнүн концепцияларынын мааниси**

Коомдук турмуштун эгемендүүлүк, демократия жана гумандуулук принциптерине жараша өзгөрүп жаткан учурунда республиканын мектептеринин абалы жөнүндө кеңири ойлонуу зарылдыгы келип чыккан. Анткени СССРдин таркап кетишине жана Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет болгондугуна байланыштуу мазмуну бирдей болгон советтик концепция өз күчүн жоготту. Ага ылайык республиканын Жогорку Кеңеши тарабынан “Билим берүү жөнүндө” Законун кабыл алганы белгилүү. Закондун негизги идеяларын ишке ашыруу боюнча Кыргыз билим берүү институтунун илимий кызматкерлери тарабынан мектептерде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепциялары иштелип чыгып, Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясы тарабынан (6. IV. 1993) жактырылган.

Билим берүүнүн мазмунун жаңылоонун теориялык жактары жалгыз эле учурдагы педагогикалык принциптер менен эмес, окутуу процессинин бардык системасын өркүндөтүүнүн методологиясын изилдөөгө байланышкан. Демек, окутуунун максатын жана милдетин, мазмунун жана көлөмүн, методдорун жана каражаттарын, уюштуруу формаларын, окутуунун жыйынтыгын текшерип баалоонун, о. эле билим берүүчү ар кандай типтеги мекемелердин иштөө шарттарын кайрадан карап чыгуу зарылдыгы пайда болууда. Ошентип, бул концепцияны иштеп чыгууга системалуу-структуралык мамиле жасалды.

Билим берүү – адамзат жашаган коомдун күзгүсү. Улуттун жетишкендиги жана баалуулугу катары аны сактоо жана жаңылоо улуттун жалпы рухий маданиятынын өнүгүшүнө алып келет. Ошондуктан, предметтик концепциялардагы жаңы, биздин оюбузча, келечектүү деп эсептелген жоболор төмөнкүлөр:

Биринчиден, өсүп келе жаткан муундарды улуттук маданият, элдик каада-салт, ыймандык жана эстетикалык баалуулуктар менен тааныштыруу, ошол эле учурда аны жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштыра ишке ашыруу. Бул идея айрыкча башталгыч билим берүү, тил жана адабият, тарых, география жана башка предметтик концепцияларда кеңири чагылдырылган.

Экинчиден, бул концепцияларды түзүүдө окумуштуулар билим берүүнүн азыркы мазмунун түп-тамырынан бери өзгөртүү же тануу эмес, аны жаңылоону учурдун талабына шайкеш келтирүү позициясында болушту. Анткени советтик доордо ээ болгон кыргыз билим берүүсүнүн теориясы жана практикасын толугу менен жокко чыгаруу мүмкүн эмес эле. Бул багыттагы жетишилген ийгиликтерди сактоо, аны чыгармачылык менен өнүктүрүү аркылуу гана жаңы чектерге жетише алмакчыбыз.

Концепцияларды түзүүдө илимий-педагогикалык документтердин нормалык арналышын аныктоочу төмөнкү принциптер негиз кылынып алынган:

– балдардын интеллектуалдык жана ыймандык сапаттарын калыптандырууда алардын таанып-билүүдөгү этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрүн жана элдик педагогиканын каада-салттарын эске алуу принциби;

– билим берүүнүн мазмунунун жогорку илимий деңгээли жана жеткиликтүүлүгү, үзгүлтүксүздүгү жана ырааттуулугу (мында берилген принциптер билим берүүнүн мазмунуна гана эмес, анын методдоруна жана уюштуруу формаларына да тийиштүү экендиги эске алынган. Билим берүүнүн бүткүл процесси психологиялык-педагогикалык илимде аныкталган

объективдүү закон ченемдүүлүктөрдүн негизинде жүргүзүлүүгө тийиш. Эгерде окутуунун методдору жана уюштуруу формалары объективдүү закон ченемдүүлүктөргө таянбаса, анда билим берүү көздөгөн максатка жетпейт);

– билим берүүнү гумандуулук принциби жана предметтик курстардын мазмунун улуттук, жалпы адамзаттык маданияттын жана ички руханий дүйнөнүн, анын ичинде илимий жана нарктуулуктардын базасында түзүү;

– билим берүүнүн мазмунун тандоого жана окутуу процессинде аны ишке ашырууга демократиялуу мамиле жасоо принциби;

– билим берүүнүн ар кандай баскычында интеграциялоо жана дифференциациялоо принциптерин айкалыштыруу принциби;

– мугалимдин жетекчилиги менен окуучунун өз алдынча илимин көтөрүүгө жана өркүндөтүүгө ынтызарлануусун камсыз кылуу принциби;

– билим берүү теория менен практиканын тыгыз айкалышында, тарыхка кайрылуу принциби менен мүмкүн болушунча аны жеткиликтүү шарттарга ылайыктап жүргүзүү прициби;

– билим берүүнүн жыйынтыгынын натыйжалуулугун жана окуучулардын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн үзгүлтүксүз жогорулатуу принциби;

– билим берүү мекемелеринин типтерине, жергиликтүү шарттарга жана балдардын өсүү деңгээлине жараша окуу материалдарындагы прикладдык суроолордун вариативдүү болуусун камсыз кылуу принциби;

– предметтер аралык байланышты ишке ашыруу принциби;

– окутуудан өз алдынча билим алууга жана өзүн өзү өркүндөтүүгө өтүү принциби;

– билим берүүнүн жыйынтыктарынын бекемдик жана окуучулардын таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү принциби.

Сунуш кылынган концепциялардын түзүлүшү жана мазмуну ар түрдүү. Бирок алардын бардыгында тиешелүү төмөнкүдөй жалпылыктар да бар: үзгүлтүксүз билим берүүдөгү айрым окуу предметинин максаты жана орду; окуу предметин окутуунун абалы жана аны өнүктүрүүнүн тенденциясы; ар кандай типтеги мектептерде жана окутуунун ар кандай баскычында курстун түзүлүшү жана мазмуну; саясат менен байланышы бар окуу материалдарынын мазмунун аныктоого жасалган мамилелер; ар бир предметти окутууну окуу-методикалык, материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу; жогорку окуу жайларында мугалим адистерин даярдоо; илимий-педагогикалык кадрлардын адистигин жогорулатуу жана башка

Жыйынтыктап айтканда, сунуш кылынган концепциялар окуу пландарын, программаларын, окуу китептерин, окуу-методикалык көрсөтмөлөрдү, окуу каражаттарын, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыгуунун методологиялык негизин түзмөкчү.

**Инсандын маданиятын тарбиялоо**

Инсандын маданияттуулугунун башкы көрсөткүчтөрүнүн бири анын нравалык (адеп–ахлактык) туруктуулугу болуп эсептелет. Кайра куруунун шарттарында коомдун бардык сферасында анын бардык ойчулдарынын инсандык туруктуулугу биринчи кезекте укуктук маданиятка көз каранды. Укуктук маданияттын таяныч элементтери – булар: көздөгөн максатка карай алга жылуунун ыкмасын акыл-эстүүлүк менен туура тандап алууга керектүү экономикалык ишмердиктин укуктук негиздерин билүү; өзүндү коргоп тургандыгын сезиш үчүн мамлекеттин жаштарга карата болгон эмгектик закон ченемдүүлүктөрүн жана социалдык саясатынын негиздерин билүү; укук менен милдеттин, укук менен эркиндиктин ортосундагы байланыштарды сезе билүү, эркиндик дегенди түшүнүп–билинген зарылдык катарында кабылдоо, коомдо кабыл алынган нравалык (адеп-ахлактык) нормаларды сактап баш ийүү.

Билим берүүнүн мазмунуна маданияттуулук менен мамиле кылуучулук принципти ишке ашыруу үчүн окуучуларда коммутативдик маданияттуулукту калыптандыруу өтө маанилүү. Башталгыч мектептин окуучулары маданияттуу жүрүм-турумдун элементардык эрежелерин өздөштүрүшөт; ортоңку класстарда мугалимдер менен класс жетекчилери окуу жана сабактан тышкаркы иштердин адеп-ахлактык багытталышын ишке ашырууга аракеттенишет; экономиканын негиздери боюнча өтүлүүчү сабактарда үй-бүлөдөгү өз ара мамилелешүүнүн маданиятына көңүл бурулат; мындан тышкары жогорку класстарда “Иш боюнча мамилелешүүнүн этикасы” аттуу курс окулат.

Кыскасын айтканда, билим берүүнүн мазмунундагы маданияттуулук баарыдан мурда окуу-тарбиялоо процессинин ар бир элементинин окуучулардын жана мектептин бүткүл окуу ишинин маданиятын калыптандырууга тийгизген таасири менен аныкталат.

**Билим берүүдө жана тарбиялоодо улуттук өзгөчөлүктөрдү чагылдыруу маселелери**

Билим берүүнүн мазмунун аныктоодо окуу материалынын окуучуларга жеткиликтүү болуу принцибин толук сактап, бүткүл адамзаттык руханий баалуулуктарды максималдуу чагылдыруу менен катар Кыргыз Республикасынын элдеринин спецификалык, улуттук өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу жергиликтүү этнопедагогикалык жана этнопсихологиялык материалдарды да пайдалануу үчүн жетишерлик орун берүүгө туура келди. Анткени этникалык маселелер бүгүнкү күндөгү эң курч проблемалардын бири. Мурунку СССРдин территориясындагы, ал гана эмес планетанын көп точкаларындагы кризистер көбүнчө этникалык себепке байланыштуу. Граждандык тынчтык, улуттар

арасындагы биримдүүлүк, саясый жана адеп-ахлактык атмосфера, коомдун менталитети көбүнчө Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин ишине байланыштуу. Бул өңүттөн алып караганда билим берүү сферасын жаңылоо проблемасы биздин республикадагы элдердин этникалык группаларында гана эмес, андан кем эмес даражада нагыз улут үчүн да – кыргыздардын өздөрү үчүн да курч мүнөздө болуп отурат. Бул проблемалар баарыдан мурда мамлекеттик программаларды иштеп чыгып ишке киргизүүнү, даярдоону мамлекеттик тилде окуу китептерди, окуу-методикалык жана илимий-педагогикалык колдонмолорду даярдоону терең ойлонуп, кынтыксыз оперативдүү чечүүнү талап кылды.

Мазмуну адекваттуу аныктоонун өзөктүү маселеси – бул улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга таянуу менен дүйнөнү системалуу түшүнүп билүүнү жана ойлонууну калыптандыруу болчу. Ал болсо адамдын табияттык-илимий, техникалык жана гуманитардык маданиятын синтездөөнүн негизинде гана мүмкүн эле.

Бул маселенин татаалдыгы бир четинен 70 жылдан ашык мезгил ичинде борбордук саясаттын буйругу боюнча окуу китептерин даярдоо жана басып чыгаруу элдердин традицияларына жана маданиятына багытталгандыгы менен түшүндүрүлөт. Тескерисинче, коомдук жана табигый илимдер боюнча улуттук тилдерде окуу китептерин даярдоого катуу тыюу салынган.

Улуттук билим берүү – бул билим берүүнүн өзгөчө түрү эмес, ал жөн эле жакшы билим берүү экендигин биздин окумуштуулар жетекчиликке алышты. Улутту бөлүп-жарбай, анын биримдигин чындай турган илимий бийиктикке жана жогорку маданиятка багытталган билим берүүнү чыныгы улуттук билим берүү болуп эсептелет.

**Билим берүүнү өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруунун шарттары**

Предметтер боюнча түзүлгөн концепциялар окуу пландарын, программаларын, китептерин, окуу-методикалык колдонмолорду, окуу-көрсөтмө каражаттарын, ошондой эле билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын иштеп чыгуунун методологиялык негизи катарында пайдаланылды.

Бул материалдарды даярдоодо илимий кызматкерлер адамдардын сапаттуу билимге ээ болууну каалоолорун максималдуу канааттандыруу максатын көздөштү. Коомдун башкы максат милдети мамлекеттик сектордо да, жеке сектордо да мүмкүн болушунча минималдуу чыгымдар менен мүмкүн катары жогорку сапаттагы билим берүүнү камсыз кылуу эмеспи. Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдө адамдын алгач билими анын бүткүл турмуштук өмүрүн: карьерасын, турмушунун жогорку деңгээлин, белгилүү социалдык группага тиешесин, престижин аныктайт. Аларды билим алуунун акыркы натыйжасы ачык белгиленген кадимки эле экономикалык сферадагы ишмердик катары эсептешет, жана билим берүүгө жумшалган чоң суммаларды чыгым катары эмес, пайдалуу инвестиция катары карашат.

Биздеги билим берүү азырынча бул сыяктуу максаттарга жооп бербейт. Биздин турмушубуздун парадоксу (акылга сыйбагандык) мына ушунда. Билимдүү адамдар, тилекке каршы, байлыгы барларга караганда бир кыйла кедейчиликте. Ошого карабастан биз өзүбүздү көбүнчө улутубуздун менталитетинде руханий адеп-ахлактык мүнөз, жалпы адамзаттык баалуулуктар көбүрөөк таандык экендиги менен ынандырууга аракеттенебиз, ал эми мындай касиеттерге, адамдарды пайдалуу орундарды тезирээк таап алууга шаштыруучу рыноктун прагматикалык баалуулуктары эмес, негизинен коомдун билимдүү жарандары гана ээ. Бирок, азыркы рыноктук экономикада билим берүүнүн жогорку сапаты – коомду ийгиликтүү кайра куруу процессинин орчундуу фактору болуп эсептелет. Анткени билим берүүнүн сапаты, бир жагынан алганда, кызмат өтөөчүлөрдүн квалификациясын, алардын адаптациялануууга жөндөмдүүлүгүн, профессионалдык жарамдуулугун, функционалдык сабаттуулугун аныктайт, мунун бардыгы коомдун материалдык базасын өнүктүрүү үчүн эң зарыл шарт, экинчи жагынан – билим берүүнүн сапаты жарандардын рухий ички дүйнөсүн өнүктүрүүчү жалпы адамзаттык нарктуулуктар системасын өнүктүрүүнүн негизги базасы болуп эсептелет.

Азыркы кезде эл билимдин эмне кереги бар, анын пайдасы канча экендигин көбүрөөк ойлоно баштады, бул эң маанилүү жагдай. Окуучулар, алардын ата-энелери, ошондой эле квалификациялуу кызматчыларга кызыккан атайын уюмдар жана фирмалар ж. б. билимди керектөөчүлөр окутуунун түрлөрүн, формаларын, мөөнөтүн өтө кылдаттык менен тандай баштады. Ар бир керектөөчү билимдин пайдалуулугунун критерийлерин өзү белгилейт жана билим берүүнүн сапатынын орточо деңгээлинин көрсөткүчү барган сайын улам көтөрүлүп жатат, анткени билим берүү сферасындагы конкуренция аны тынымсыз жогорулатып, сапатсыз билим берүүнүн продукциясын жараксыз кылууда.

Билим берүү – бир катар экономикалык, социалдык, идеологиялык жана маданий факторлор менен аныкталуучу өзүнчө архитектуралуу социалдык-экономикалык уюм. Ал составындагы өз ара бири-бирине көз каранды элементтеринин аракеттери чыныгы жалгыз коомдук максатка баш ийүүчү система болуп эсептелет. Бул системанын бир да элементи өз алдынча аракет кыла албайт жана алардын ар бири өзүнүн бөтөнчө жолу менен сөзсүз башкаларына таасир этет.

Билим берүүнүн сапаты – анын наркынын негизги критерийи жана бул сапатты керектөөчүлөр аныктайт. Ал эми анын негизги керектөөчүсү – коом. Билим берүүнүн сапаты системанын ар бир деңгээлинде (ар бир элементте) жаратылат, ал гана эмес, мурунку кадамдын (элементтин) сапаты кийинкисинин алга жылышына түрткү болот.

Билим берүү системасынын сапатын башкаруу зарыл, анткени билим берүүнүн сапаты – бул түпкүлүгүндө эмгектин сапаты, ал эмгек окуу китебин жазуудабы, студенттерди окутуудабы же окуу куралдарын иштеп чыгуудабы колдонула тургандыгына көз каранды эмес. Ошондуктан билим берүүнүн сапатын башкаруу системанын бүткүл элементине эффективдүү таасир этүүчү механизмдерди аракетке келтирүүдөгү туура жол.

Билим берүү системасынын конструкциясы, узактыгы, түрлөрү, формалары жана акыркы максатты туура коюуга көз каранды. Бул элементтердин ар биринин артында конкреттүү адамдар, алардын жөндөмдүүлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү, билим берүүнүн белгиленген максатын ишке ашырууга кызыгуу турат. Бул максаттар педагогикалык процессти камсыз кылуучуларга гана эмес окуучуларга, сапаттуу билим алууга кызыккандарга да абдан ачык болууга тийиш.

**Билим берүү системасынын ресурстары**

Билим берүү системасынын ресурстары деп билим берүү процессине түздөн түз катышуучулардын бардыгын түшүнөбүз: эмгек ресурстары (педагогдор, тейлөөчү персонал, билим берүүнү уюштуруучулар, окуу китептеринин жана окуу колдонмолорунун авторлору ж. б.); маалымат ресурстары (окуу китептери, колдонмолор, компьютердик программалар жана окутуунун башка каражаттары); педагогикалык технологиялар жана ноу-хау; капиталдык ресурстар (окутууга жарактуу бөлмөлөрдүн болушу, окуу колдонмолору жана компьютерлер менен камсыз болушу ж. б.). Ушул ресурстар азыркы коомдун техникалык жана технологиялык өнүгүүсүнүн бүгүнкү күндөгү талаптарына канчалык даражада жооп бере ала тургандыгына жараша алардын билим берүү процессинин сапатына таасир эте ала турган мүмкүнчүлүгүн аныктоого болот. Дал ошол ресурстардын сапаттуу болушу гана билим берүүнүн натыйжасын камсыз кыла алат. Мис., бүткүл комплекстин бир эле мугалимдердин айлык акыларын жогорулатуу менен эле билим берүүнүн сапаттуулугуна дароо жетишүү мүмкүн эмес.

Демек, педагогикалык илимдин ырастоосуна ылайык калктын билимдүүлүгүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн мамлекет жана коом билим берүү системасынын жогоруда көрсөтүлгөн ресурстарынын толук комплексин даярдап камдоого такай кам көрүүсү зарыл.

**Билим берүүнүн мазмунун жаңылоонун негизги багыттары**

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн бекитилиши, анын коомдук маданиятынын түп-тамырынан жаңыланышы, социалдык багытталган рыноктук экономикага өтүүсү элге билим берүү органдарынын алдына өтө жоопту жаңы милдеттерди койду. Билим берүү системасынын ар түрлүү звенолорунда жүргүзүлүүчү иштер республиканын жана бүткүл шериктеш мамлекеттердин элдеринин социалдык-саясый, экономикалык, адеп-ахлактык, идеологиялык турмуш сфераларында болуп жаткан негизги өзгөрүштөргө адекваттуу болууга тийиш. Мына ушундай шарттарда окуу предметтеринин мазмунун принциптүү түрдө сапаттуу жаңылоо биринчи планга коюлат. Бардык окуу предметтерин кыргыз мектептеринде гана эмес, окутуу кайсы тилде жүргүзүлгөндүгүнө карабастан биздин территорияда жайгашкан бардык окуу жайларында окутууну илимий-методикалык жактан тейлөөнү республика өзү камсыз кылууга тийиш эле. Ошондуктан билим берүүнүн мазмунун жаңылоо, Кыргызстандын мектептерин азыркы илим менен практиканын талаптарына жооп бергидей жана республиканын улуттук-регионалдык өзгөчөлүктөрүн туюнтуучу оригиналдуу окуу-нормативдик жана илимий-методикалык материалдар менен камсыз кылуу кыргыз билим берүү институтунун кызматкерлеринин эң башкы, өзөктүү милдети болду. Институттун чакан илимий кызматкерлери билим берүүнүн мазмунун жаңылоо боюнча жаңы окуу китептерди иштеп чыгышып, мурдатадан бери колдонулуп келе жаткан окуу китептерин, окуу пландарын, окуу программаларын, окуу-методикалык жана илимий-педагогикалык колдонмолорду түп-тамырынан кайрадан иштеп чыгып, өркүндөтүшкөн. Илимий-педагогикалык оозеки жана жазуу жүзүндөгү сын-пикирлери жана сунуштары толук эске алуунун негизинде колдонуу үчүн басылып чыгарылган. Билим берүү системасын реформалоонун соңку он жылы ичинде институтта 150дөн ашык окуу программалар иштелип чыгып өркүндөтүлгөн. Улуттук кыргыз мектебин жаңылоонун стратегиялык жолдорун аныктоо учурдун эң маанилүү маселеси болуп эсептелди. Албетте, улуттук мектеп улуттун маданиятын "аттап өтүшү" мүмкүн эмес эле. Баарыдан мурда окуучуларды өз элинин маданиятын ар тараптан терең билүүгө үйрөтүү керек, алар улуттун нарктуулуктары менен сыймыктанууга, ошондой эле башка улуттардын маданиятын билүүгө тийиш.

Билим берүүнүн мазмунун жаңылоо иши биринчи кезекте ар бир предмет боюнча окуу-нормативдик документтерге (окуу китептерине, окуучулардын билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн баалоонун нормаларына ж. б.) коюлуучу жалпы педагогикалык талаптарды иштеп чыгуудан башталган. Окуу программалары ж. б. нормативдик документтер, эреже катары, адегенде долбоор иретинде иштелип чыгып, республикалык басылмаларда кеңири талкууланып, ошондон кийин гана мугалимдер улут

маданиятын терең урматтоо менен мамиле кылууга тарбиялоосу улуттук мектептин негизи болуп эсептелет.

Кайрадан жаралуучу кыргыз мектебинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоодо биздин коомдун жана дүйнөлүк коомдун материалдык жана акыл-ой турмушунун өнүгүү тенденциясын жана төмөнкүдөй маанилүү факторлорду толук эске алуу зарыл:

– илимий-техникалык революциянын темпин ыкчамдатуу, анткени ал өндүрүш сферасында терең өзгөрүүлөрдү, интеллектуалдык эмгектин үлүшүнүн адекваттуу өсүшүн, турмушка жаңыдан киришип жаткан муундардын билим деңгээлине коюлуучу талаптарды күчөтүүнү, ар бир адамдын чыгармачылык күчүнүн жана жөндөмүнүн өсүшүн, анын профессионалдык ийкемдүүлүгүн жана мобилдүүлүгүн пайда кылат;

– чарбачылык кылуунун экологиялык механизмдерин радикалдуу өзгөртүү, хозрасчётко жана өзүн өзү финансылоого өтүү, арендалык подряд, өндүрүштүн кооперативдик жана жеке менчиктүү формалары, мектеп окуучуларын конкреттүү экономикалык билимдер менен камсыз кылуу, алардын жоопкерчилигин, демилгесин, өз алдынча тартибин, демилгелик тапкычтыгын өнүктүрүү; ар бир адамдан саясый бышып жетилгендикти, социалдык активдүүлүктү, өз өндүрүшүнүн, районунун, бүткүл коомдун кожоюну болуунун позициясын талап кылуучу коомду кеңири демократташтыруу;

– коомдун маалымдалганынын жогорку деңгээли, информациялык техниканы кеңири пайдалануу; адамдын жоопкерчиликсиз өндүрүштүк ишмердигинин натыйжасында жаратылыш чөйрөсүнүн абалынын начарланышы, мисалы, радиоактивдүү жана химиялык заттар менен ууланган зоналардын кеңейиши, жана анын натыйжасында жаңы экологиялык ойлонууну калыптандыруунун, айлана-чөйрөнү коргоого жана кайра өндүрүүгө активдүү катышуунун өзгөчө мааниге ээ болуп жатышы;

– туруктуу адептүүлүктү тарбиялоонун зарылдыгы, өзүңдүн жүрүш-турушуңду тартипке келтирүүнү, өзүңдүн ден соолугуң жана айлаңаңдагылардын ден соолугу үчүн кам көрүүнү талап кылуучу азыркы өндүрүштүн шарттары;

– интернационалисттик жана элдер арасындагы достук сезимдердин өнүгүшүн талап кылуучу бүткүл дүйнөнүн элдеринин өз ара байланышынын күч алышы ж. б. мамлекеттик көз карандысыздыкка жана толук эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки биринчи он жылдыкта Кыргыз Республикасында педагогикалык изилдөөлөр бир нече багытта жүргүзүлдү.

1. Жаңы социалдык-экономикалык шарттарга ылайык билим берүүнүн мазмунун жалпы педагогикалык позицияда жаңылап чыгуу.

2. Жалпы билим берүүчү мектептерде жана мектепке чейинки мекемелерде предметтер боюнча окутуунун мазмунун, методдорун жана каражаттарын жаңылоо проблемалары.

3. Этнопедагогиканын маселелерин изилдөө жана анын элементтерин окуу-тарбиялоо процессинде пайдалануунун проблемалары.

4. Билим берүү системасында инновациялык процесстердин пайда болушунун жана өнүгүшүнүн социалдык-педагогикалык проблемалары.

Жогоруда көрсөтүлгөн экинчи илимий багыт боюнча мурда иштелип чыккан концепциялардын негизинде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын долбоорлорун түзүү белгиленген. Изилдөөлөрдүн натыйжасында: мектепке чейинки тарбия жана билим берүү боюнча; башталгыч билим берүү боюнча; кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты боюнча; чет тилдери боюнча; математика, химия, биология, физика, география боюнча; информатиканын негиздери жана эсептөө техникасы боюнча билим берүү мамлекеттик стандарттарынын долбоорлору даярдалган. Ошондой эле мектеп окуучуларына тарбия берүүнүн концепциясы жана программасы да даярдалып, мамлекеттик ошол стандарттарды апробациялап, практикага киргизүүнүн методикасы иштелип чыккан.

Бардык предметтер боюнча апробацияланган мамлекеттик стандарттар бүгүнкү күндө республиканын мугалимдери тарабынан жетекчиликке алынууда. Саналып көрсөтүлгөн изилдөөлөрдүн локалдуу жана акыркы жыйынтыктуу корутундулары Кыргыз Республикасынын мектептери үчүн 144 наамдагы окуу китептерин жана 25 окуу программаларын иштеп чыгуу боюнча жарыяланган Улуттук конкурстун талаптарына ылайык жаңы муундагы окуу китептерин түзүүдө авторлор тарабынан максималдуу пайдаланганын сыймыктануу менен айтууга болот.

Кыргыз мектептеринин жана республиканын бүткүл билим берүү системасынын турмушунда котормо эмес кыргызча оригиналдуу окуу китептердин математика боюнча I–XI класстар үчүн, физика боюнча VII–VIII класстар үчүн, химия боюнча VIII–IX класстар үчүн, биология боюнча VII жана IX класстар үчүн, география боюнча VII–X класстар үчүн КББ институтунун “Педагогика” басмасында чыгарылышы олуттуу окуя болду. 1999–2003-жылдарда эле “Педагогика” басмасынан 70тен ашык наамдагы жалпы окуу китептер жана окуу колдонмолор басылып чыгарылган.

Этнопедагогикалык маселелерди изилдөөнүн натыйжаларын окуу-тарбия процессинде пайдалануу багытында билим берүү мекемелеринин ишмердиктерин этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү үчүн кыргыздын элдик педагогикасынын негизги окуяларынын азыркы абалы анализге алынып, элдин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун фактору катарында билүү жана

колдонуу боюнча көрсөтмө-сунуштар иштелип чыккан. Кыргыздын элдик педагогикасынын төмөнкү багыттардагы терминологиялык сөздүгү түзүлгөн:

– этнопедагогика илим жана окуу предмети катарында;
– этнопедагогикалык жалпы түшүнүктөр жана терминдер;
– элдик тарбиячылар жана педагогдор;
– үй-бүлөлүк этнопедагогика;
– элдик педагогикадагы тарбиялануучулардын курактык группалары;
– элдик педагогикадагы тарбиячылардын курактык группалары;
– аялдардын, эркектердин, балдардын элдик педагогикадагы типтүү мүнөздөмөлөрү ж. б.

“Манас” эпосу жана кыргыз маданиятынын феномени катарындагы улуттук нарктуулуктарды камтыган “санжыра” боюнча этнопедагогикалык материалдарды анализдеп тандап алуу менен окумуштуу педагогдор тарых жана маданият программаларындагы азыркы курстардын мазмунун олуттуу байытышты.

Окумуштуулар мектепке чейинки мекемелердин, авторлук мектептердин, мектеп-комплекстеринин жана мектеп-гимназияларынын окуу-тарбиялоо системаларындагы инновациялык процесстердин өнүгүшүнүн төрт фазасын изилдешти. Жалпы билим берүүчү мектептердеги инновациялык процесстердин сапатын жогорулатуучу же төмөндөтүүчү факторлор табылып, билим берүүдөгү перспективалык инновациялык процесстердин болжолдуу чектери аныкталган.

Сенектик мезгилде Кыргызстандын педагогика илими билим берүүнүн мектепке чейинки мекемелеринен баштап жогорку окуу жайларынан жана андан кийинки баскычтарына чейинки бардык типтериндеги артык багыттагы педагогиканын фундаменталдуу ири проблемаларын изилдөөлөргө масштабдуу негизделген эксперименттерге катыштырылган эмес. Республикада фундаменталдуу методологиялык маселелер да иштелген эмес. Педагогиканы башкаруу белгилүү даражада бюрократташтырылып педагогика акырындык менен башкаруунун мамлекеттик органдарынын илимий-методикалык коштондусуна айлана баштаган. Мына ошого байланыштуу педагогиканын, педагогикалык илимдердин бүткүл комплексинин ролу төмөндөгөн. Республиканын педагогикасы өзүнөн өзү изоляцияланып, автономдук системанын курчоосунда гана изилдөө жүргүзүү менен жалаң ичте пайдаланылуучу илимий-педагогикалык жана методикалык продукцияларды өндүрүп турган.

Азыр абал түп-тамырынан өзгөрдү. Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ) педагогикасынын жана дүйнөлүк педагогика илиминин жетишкендиктерин эске алуу менен институттун илимий кызматкерлери бир катар оригиналдуу эмгектерди иштеп чыгышты. Мындай эмгектер этнопедагогиканын, кыргыз жана орус адабиятынын, этномаданияттаануунун проблемаларын изилдөөлөрдө жаратылды.

Азыркы кезде өзгөчө айыл мектебин өнүктүрүү проблемаларын иштеп чыгуу – эң маанилүү. Айыл мектебин жаңы деңгээлге көтөрүүнүн эң ишеничтүү жана перспективалуу багыттары төмөнкүлөр деп эсептелет:

– айыл мектебинин билим берүү практикасынын абалын бардык жагынан терең анализдеп, ошонун негизинде анын республикадагы мындан аркы өнүгүүсүнүн прогнозун түзүү;

– айылдык мектептин окуучусун үзгүлтүксүз билим берүү системасынын окуу-тарбиялоо процессинин шарттарындагы личность катары өнүктүрүүнүн келечегин аныктоо;

– айыл жаштары үчүн педагогикалык атайын концепцияларын, ошондой эле аларды окутуу, тарбиялоо техникасын иштеп чыгуу, окуучулардын улуттук, типологиялык, жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен айыл мектебинин окуучусунун личностун калыптандыруу.

Билим берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизги жолун педагогикалык илимдин жетишкендиктерин практикага жайылтуу жана колдонуу системасын жаңыртуусу зарыл. Кыргызстандын педагогикалык илими азыр сапаттык жана сандык өзгөрүүлөргө дуушар болуп жатат. Республикада жыл сайын түрдүү илимий-педагогикалык жана окуу-методикалык эмгектер, анын ичинде монографиялар, брошюралар, жыйнактар ж. б. продукциялар басылып чыгарылууда. Кыргыз билим берүү институтунун алдында 45тен ашык жылдар бою “Русский язык и литература в школах Кыргызстана” деген республикалык илимий-методикалык журнал чыгарылат. Бирок ошого карабастан билимдердин көбөйүп өсүүсүнүн темпи аларды практикада пайдалануунун азыркы мүмкүнчүлүгүнөн алда канча ашык. Басылмалардын санынын барган сайын өсүшү менен аларды практикада пайдалануунун ортосунда карама-каршылык келип чыгууда.

Бүгүнкү күндө биздин республикада педагогикалык эмгектерди практикага пайдаланууну ар түрлүү деңгээлде, тактап айтканда:

– информациялоо деңгээлинде; бул жаңы педагогикалык идеяларды жана технологияларды пропагандалоого жана жайылтууга байланыштуу;

– илимий жыйынтыктарды практикага жайылтып кеңири пайдаланууну ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө байланыштуу болгон уюштуруучулук жана маалымдоочулук деңгээлде;

– жаңы илимий идеяларды билим берүүдө пайдалануу процессинде аларга мүмкүн болгон түзөтүүлөрдү киргизүү деңгээлинде ж. б. ишке ашыруу максатка ылайык келет.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө республикада изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын билим берүү мекемелеринин практикасында пайдаланууну жөнгө салуучу бирдиктүү документ жок; кээде жеткиликтүү түрдө текшерилбеген идеялар да колдонула берет, мындай маселелерди жөнгө салып туруунун

механизми жок, ошондуктан Кыргыз билим берүү институту ушул системаны кайрадан уюштурууга багытталган материалдарды даярдоодо. Мис., биздин оюубузча илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын билим берүү мекемелеринин практикасына пайдалануу иштерин борборлоштуруп уюштуруу жөнүндөгү маселени чечүүнүн өтө зарыл экендиги бышып жетти. Бул жумушту ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:

– илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын билим берүү мекемелеринин практикасына жайылтып пайдалануу боюнча Билим жана маданият министрлигинин алдында атайын башкаруучу орган түзүү;

– илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын билим берүү мекемелеринин практикасына жайылтуу жана пайдалануу боюнча тийиштүү сунуштарды иштеп чыгуу;

–илимий идеяларды жайылтуунун жана пайдалануунун тартибин аныктоо;

– илимий-педагогикалык изилдөөлөрдү координациялап, илимий мекемелерден, жогорку окуу жайларынын ж. б. уюмдардан, конкреттүү айрым адамдардан, ошондой эле диссертациялык кеңештерден келип түшкөн сунуштарды карап чыгып, алардын алгылыктууларын билим берүү мекемелерине жайылтууга багыт берүүчү республикалык атайын кеңеш түзүү;

– илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын билим берүү мекемелеринин практикасына жайылтууга же пайдаланууга керектүү зарыл шарттарды камсыз кылуу;

– сунуштарды жайылтуу боюнча жер-жерлерде методикалык кызматтарды түзүү;

– илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн материалдарын жайылтууга, пайдаланууга, сунуш кылынуучуларын пропагандалоону уюштуруу;

Пайдалуу сунуштарды жана идеяларды жайылтуунун ийгилиги көбүнчө областта, райондо, шаарда жүргүзүлүүчү иштерге көз каранды. Ошондуктан министрликтин бере турган көрсөтмөлөрүндө мына ошол жергиликтүү мекемелердин сунуштарды жайылтуучулук ишмердиктерине өзгөчө көнүл бурулууга тийиш. Мындай көрсөтмөлөрдү, мис., иштеле турган иштин этаптары жана болжол менен алганда төмөнкүдөй мазмуну берилүүсү зарыл:

– жайылтылуучу сунуштар жана жумуштар жөнүндөгү маалыматтарды билим берүүчү ар бир мекемеге сөзсүз жеткирүү;

– жайылтылуучу материалдарды пропагандалоону уюштуруу;

– мугалимдерди жана мектеп жетекчилерин методикалык кызмат көрсөтүүлөр (службалар) жана квалификацияны жогорулатуунун системасы аркылуу сунуш кылынган материалдар боюнча адистик билимдердин комплексине катыштырып үйрөтүү;

– илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жайылтуу жана пайдалануу тармагындагы алдыңкы жана новаторлук тажрыйбаны аныктап массага таратуу;

– алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу процессинин өзүн жана жайылтылуучу материалдын сапатын өркүндөтүү боюнча мугалимдердин жана билим берүү системаларынын башка кызматчыларынын сунуштарын анализдеп чыгуу;

– практикага жайылтууга же пайдаланууга сунуш кылынган жумуштардын эффективдүүлүгүн аныктоо.

Жыйынтыктап айтканда билим, берүү системасынын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун жолу жана илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн таасирин кыймылдаткыч күчү – педагогикалык илимдин жетишкендиктерин билим берүү мекемелеринин практикасына жайылтуу болууга тийиш.

Азыркы кезде окумуштуулар Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мекемелериндеги окуу-тарбиялоо процессинин бүткүл системасын өткөн он жылдарда топтолгон педагогикалык тажрыйбаны ар тараптан эске алуу менен принципиалдуу түрдө жаңылоонун биринчи кезектеги актуалдуу проблемаларын иштеп чыгуу боюнча эмгектенишүүдө.

Дүйнөдө болуп жаткан зор өзгөрүүлөр жана анын түрдүү өлкөлөрдүн, анын ичинде Кыргызстандын коомдук-экономикалык өнүгүүсүнүн проблемаларына көп жагынан жаңыча кароого, көнүп калган стереотиптерден жана эски көз караштардан баш тартууга, бир катар нарктууларды өзгөргөн реалдуулук, жаңы кубулуштар жана тенденциялар менен туура келтирүүгө аргасыз кылууда.

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу жаңы социалдык-экономикалык реалдуулукка жараша элге билим берүү системасын кайра куруу зарылдыгын пайда кылды. Мында билим берүүнүн артыкчылыгы Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүшүнүн зарыл шарты болуп калды.

Кыргыз Республикасында билим берүү системасы эл аралык макулдашууларда жана фактгарда жарыяланган принциптерге, ошондой эле адам укугунун жалпы Декларациясына, элдин жана дүйнөлүк маданияттын гумандуу дөөлөттөрүнө негизденет.

Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги принциптеринин маанилүүлөрү төмөнкүлөр:

– Кыргыз Республикасынын бардык атуулдарынын билим алууга болгон тең укуктуулугу;

– мамлекеттик окуу жайларда, мамлекеттик билим берүү стандартынын чегинде акысыз билим берүү, ошондой эле акы төлөнүүчү билим берүүнүн болушуна шарт түзүү;

– билим берүүнүн гумандуулук мүнөзү, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн биринчилиги;

– илимий жетишкендиктерге жана эл аралык стандарттарына багыт алуу;

– системалуулук жана үзгүлтүксүздүк;

– билим берүүнүн саясий жана диний институттардан көз карандысыздыгы;

– окутуу жана тарбия берүү формасы, ишмердик багыты, менчиктик формасы боюнча билим берүү мекемелеринин көп түрдүүлүгү;

– билим берүүнүн мамлекеттик мекемелеринде граждандык мүнөзү;

– билим берүүнүн жалпыга жеткиликтүүлүгү, билим берүү системасынын окуучулардын өнүгүү жана даярдык деңгээлдерине жана өзгөчөлүктөрүнө туура келүүсү;

– таланттуу окуучуларды тандоого жана алардын чыгармачылык өсүшүнө шарт түзүү;

– альтернативалык билим берүү мекемелеринин жана билим берүүнүн мамлекеттик эмес структураларынын болуу мүмкүндүгү.

Мамлекет базар экономикасы жана коомдук турмушту демократиялаштыруу шартына атуулдардын билим алуу укугун гарантиялайт. Буга биринчи кезекте жеке адамдын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына туура келген билим берүү системасын түзүүнү жана жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын чегинде билим берүүнүн мамлекеттик мекемелеринде акысыз толук орто жана жогорку билим алуу үчүн тиешелүү социалдык-экономикалык шарттарды түзүүнү киргизүүгө болот.

Педагогика илиминин эзелтен берки түбөлүктүү маселеси – бул жаш муундарды кандай мазмунга кантип окутуу керек экендигин аныктоо болуп келүүдө. Мектептин өнүгүү тарыхында “кандай мазмунга” окутуу керек деген суроого жооп берүү боюнча тарыхта өз кезегинде бири-бирине карама-каршы түрдүү көз караш айтылып, билим берүүнүн формалдык жана материалдык эки теориясы белгиленген.

Формалдык билим берүүнү жактоочулардын ой-пикирлери жана ырастоолору боюнча мектеп башкы көңүлдү окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн, алардын ой-жүгүртүүлөрүнүн формаларын, элестетүүлөрүн, акыл-эсин өнүктүрүүгө багытталган. Бул теориянын жактоочулары – эң башкысы – илимдердин негиздерин билүү эмес, адамдын акыл жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү тийиш деп эсептешкен. Алар тилдерди жана математиканы үйрөнүүгө өзгөчө маани беришкен. Материалдык билим берүүнү жактоочулар (Декарт, Лейбниц, Кант) тескерисинче, чоң көлөмдүү билимге артыкчылык маани берүү менен ойду өнүктүрүүгө жеткиликтүү баа бербеген. Бул теориянын жактоочуларынын ою боюнча окутуунун башкы милдети – окуучулардын билимдерди өздөштүрүүсү, бирок жалпы эле билимдерди эмес, турмушка керектүү жана пайдалуу билимдерди өздөштүрүүсүн камсыз кылуу болуп эсептелет; ал эми окуучулардын таанып-билүү күчтөрүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсү болсо алардын билиминен келип чыгат. Бул эки теориянын экөө тең К. Д. Ушинский тарабынан сынга алынган. Мектеп бул эки маселени бирдей чечүүгө тийиш. Окуучулардын акыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп, аларды терең билимге үйрөтүүгө тийиш.

Азыр педагогика формалдык жана материалдык билим берүүлөрдүн бирдиктерине таянат, башкача айтканда окуучуларга мектептен билим берүүнүн мазмуну эки маселени бирдиктүү бир бүтүндүктө ишке ашырууга тийиш: окуучулардын илимдердин негиздерин өздөштүрүүсүн камсыздоо жана ошонун негизинде алардын илимий көз караштарын калыптандыруу, таанып билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, аларды турмушка, эмгектенүүгө даярдоо. Бүгүнкү күндөгү педагогиканын теориялык эң башкы маселеси билим берүүнү модернизациялоонун (аны өркүндөтүүнүн) багытын жана мүнөзүн аныктай турган алгылыктуу концепцияларды иштеп чыгууда турат.

Акыркы жылдардагы социалдык-экономикалык жана коомдук-саясый турмуштун өзгөчө тездик менен өзгөрүүлөрү педагогикалык ситуацияны да түп-тамырынан бери өзгөрттү. Бул өзгөрүүнүн позитивдүү же негативдүү экендиги боюнча педагогикалык коомчулуктун пикирлери ар түрдүү. Мындай көрүнүшкө баа берүүнүн объективдүүлүгү коомдук-саясый көз караштарга, адамдардын турмушунун реалдуу шарттарына жана алардын азыркы баалуулуктарына болгон мамилелерине көз каранды болууда.

Азыр билим берүүнү модернизациялоо менен аны ишке ашыруунун реалдуу шарттарынын арасында фундаменталдык карама-каршылык келип чыкты. Билим берүүнү модернизациялоо зарыл экендигинде эч бир талаш жок, бирок негизги маселе аны ишке ашыруунун каражаттарын аныктоодо болуп жатат. Иштин темпи жана башкаруунун инструменталдык каражаттары ишке ашырыла турган өзгөрүүлөрдүн шарттарын реалдуу анализдөөгө таянууга тийиш. Реалдуу ситуацияны этибарга албай койгон учурда ар кандай модернизация аябагандай зор моралдык жана материалдык чыгымдарга, ошондой эле орду толгус адамдык жоготууларга дуушар кылат. Азыр болсо жогорку жактан сунушталган модернизациялоонун процесстерине жалпы система даяр эмес болуп, ошонун кесепетинен натыйжасыздык жана профессионалдыксыз ачык орун алууда.

Биринчиден, билим берүүнүн айрым алынган мекемелеринде финансалык, техникалык жана кадр боюнча даярдыктардын деңгээли чындыгында ар түрлүү. Экинчиден, жалпы бирдей даярдыктын болушун күтүп отуруунун мааниси да, келечеги да жок. Ал эми жогорудан сунушталган модернизациялоонун максаттары болсо эң сонун, алар ачык социалдык идеяларга негизделген: билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, кайсыл жерде жашаганына карабастан балдардын алгачкы старттык шарттарын теңештирүү, билим берүүнүн бардык баскычтары (анын ичинде жогорку билим берүүнү да камтыган) боюнча бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу – мындан артык дагы эмне керек? Бирок, иш жүзүндө мунун бардыгы каалагандай натыйжаны бербей жатат.

Теориялык жактан алып караганда модернизациялоо жолу менен билим берүүнү мындан ары өнүктүрүүнүн түрдүүчө концептуалдык моделдери, проблемалары жана аларды ишке ашыруунун багыттары сунушталууда.

Баарыдан мурда билим берүү системасынын негизин түптөөчү фундаменталдык принциптер социалдык жана либералдык эки идеяга багытталгандыгын белгилөөгө болот. Алардын жалпы базасы гумандуу педагогиканын баалуулуктары болуп эсептелет. Бирок, гумандуулук баалуулуктардын өздөрү да карама-каршылыкка келип калышы

ыктымал. Акыйкаттык – бул эң жогорку баалуулук, бирок ар дайым эле ырайымдуулукту талап кыла бербейт. Мындай көрүнүштү төмөндөгүдөн байкоого болот.

Эркиндикке ээ болгон адам ар бир конкреттүү абалды өзү терең баамдап көрүп, сезимталдуулук менен жоопкерчиликтүү чечимге келет. Бирок, анын бул ишенимдүү жана жоопкерчиликтүү чечими чындыктагы процессти ар тараптан толук камтыйт деп айтууга болбойт. Мис., билим берүүнү модернизациялоо боюнча соңку мезгилде педагогикалык төрт парадигма (алгачкы концептуалдык схема, проблемаларды белгилөөнүн жана аларды чечүүнүн модели; келечекте боло турган өзгөрүүлөрдүн багытын жана мүнөзүн аныктоочу башкы концептуалдык идея) сунушталып айтылууда. Алар:

– когнитивдик-информациялык;
– инсандык;
– культурологиялык;
– компетенттүүлүк парадигмалар.

Бул парадигмалардын ар бири билим берүүнү модернизациялоого байланыштуу чындыктын кандайдыр бир бөлүгүн (жагын) гана туура камтыйт. Бирок, бөлүк деген бөлүк, ал эч качан бүтүндү алмаштыра албайт.

Ар кандай педагогикалык парадигма билим берүүнүн башкы жыйынтыгы эмне болуу керек экендигин белгилөөгө артыкчылыктуу көңүл бурат. Мына ошол концептуалдуу идеянын негизинде жүргүзүлүүчү модернизациянын багытын жана мазмунун аныктайт. Ушуга жараша ар бир педагогикалык парадигманын мааниси эмнеде экендигине токтололу.

1. *Когнитивдик-информациялык парадигма* адамзат тарабынан топтолгон бардык билим, билгичтик, көндүмдөрдүн балдарга мүмкүн болгон максималдуу көлөмүн берүү артыкчылыктуу деп эсептейт. Мугалимдерди предметтик программалар менен иштөөгө, келечектүү балдарды тандап алып, аларды улам тереңдетип окутууга багыттайт. Бирок, баланын инсанынын каалоосу, керектөөсү мында, эреже катары, анча эске алынбайт.

2. *Инсандык парадигмада* билим берүүнүн негизги багыты баланын интеллектуалдык жагына караганда анын эмоционалдуулук жана социалдык жактарын өнүктүрүүгө артыкчылык берилет. Окуучуларды жакшылап байкап үйрөнүүгө, алардын инсандык жеке өнүгүүсүн талкуулоого көңүл бөлүнүп, кызыкчылыктарын жана мүдөөлөрүн канааттандырууга артыкчылык берилет. Мында окуучу окутуунун жакшы ийгиликтерге жетишүүгө жардам кыла турган жолун тандап алуучу инсан катары каралат. Бул парадигмага ылайык айрым учурда окуу предметтеринин чектери жоюлуп, окутуу айрым предметтер боюнча эмес билимдердин бүткүл жактары боюнча жүргүзүлөт, билимдердин ар түрдүү жактарын реалдуу практика менен байланыштырууга аракеттер жасалат. Мындай аракеттердин натыйжасында, мис., тематикалык окутуу, окуучулардын кызыкчылыктары боюнча окутуу, долбоорлоп окутуу жүргүзүлүүдө.

3. *Культурологиялык парадигма* мугалимди башкы ыйык маселеге – баланын личностун калыптандырууга багыттайт. Бирок, инсандык парадигмадан айырмаланып, мында эркин тарбиялоого далилсиз эле сокур ишенич менен маани берилбейт, мында эркиндик берүү жана мажбурлоо (зордуктоо) бири бирин өз ара толуктоочу башталыш катары каралат, билим берүүдө мажбурлоону толук тануу – бул культураны (маданиятты) тануу деп эсептелет. Культурологиялык парадигмага ылайык билим берүү өзүнүн башкы милдетин маданияттын баалуулуктарын кийинки муундарга өткөрүп берүү деп эсептейт, бирок кийинки муун ар түрдүү себептерге байланыштуу мунун зарылдыгын аңдап билбөөсү да мүмкүн. Мына дал ушундан педагогикалык мажбурлоонун элементтеринин сөзсүз керек экендиги келип чыгат.

4. *Компетенттүүлүк парадигма* билим берүүнүн прагматикалык, когнитивдүү-информациялык парадигмасынан өнүгүп чыккан. Бирок, ал андан айырмалуу: бир жагынан улам өсүп кеңейип, экинчи жагынан ар бир 3-4 жылда эскирип турган информацияларды кийинки муундарга берип туруу мүмкүн эмес жана аны чексиз кеңейте берүүнүн эч бир мааниси жок деген ойго басым жасалат. Бул парадигмада билим берүү процессинен күтүлүүчү натыйжа билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн системасы эмес, ал мамлекет тарабынан билдирилген (сунушталган) өзөктүү компетенциялардын топтому (набору) болуусу керек деп талап кылууда, анткени андай компетенцияларсыз интеллектуалдык, коомдук-саясый, коммуникациялык, информациялык ж. б. сфераларда азыркы адамдын ишмердигин нормалдуу болушу мүмкүн эмес. Компетенттүүлүк парадигма жалпы орто билим берүүнүн практикалык ориентациясын жана инструменталдык багытталышын күчөтүү максатын көздөйт.

Жогоруда саналып көрсөтүлгөн парадигмалардын ар бири билим берүүнүн мазмунун модернизациялоого өзүнүн негизги багытын белгилеп, аны өнүктүрүүнүн стратегиясын аныктап көрсөтүшү мүмкүн. Бирок, иштин бардыгы алардын ар биринин базалык баалуулуктарына жана реформаторлордун алгачкы багытталыш–көрсөтмөлөрүнө көз каранды болот.

Чындыктагы педагогикалык практикада вариативдүү билим берүүнүн шартында ар бир конкреттүү мектеп тобокелдик менен эле тигил же бул концептуалдуу идеяны тандап алып иштеши мүмкүн. Буга культурологиялык лицейлердин, информациялык технологиялар лицейлеринин, өзүн өзү башкаруу мектептеринин ж. б. пайда болушу толук күбө. Бирок, мектептердин тигил же бул парадигманы өз алдынча тандап алуусу менен функция толук аткарылды деп эсептөөгө болбойт, анткени бардык парадигмаларды интегралдаштырып, гармонизациялап пайдалануу алардын алдында турган өтө зор проблема бойдон калууда. Себеби:

– биринчиден, башкы концептуалдык идеялардын ар биринин орчундуу базалык негизи бар, ошондуктан алардын эч бири да билим берүү процессинен толук сүрөттөлүп көрсөтүлө албайт;

– экинчиден, билим берүү парадигмаларынын бирөөнү өтө эле көкөлөтүү баланын инсандык өнүгүүсүнө тескери таасир этүүсү мүмкүн;

– үчүнчүдөн, окутуунун аякталуучу этаптарында мүмкүн болуучу адистештирүү жана окуучулар турмуштук карьерасын сезимтал тандап алууга даярдаган кезде да билим берүүнү өнүктүрүүнүн бүтүндүк стратегиясын тизмектештире түзүү проблема бойдон кала берет;

– төртүнчүдөн, билим берүүнүн бирдиктүү мейкиндигин сактоодогу мамлекеттик жана социалдык маселелердин таасири астында вариативдүү билим берүүнүн объективдүү чеги бар;

– бешинчиден, татаал дифференциацияланган коомдо бирдиктүү идеология болбой тургандыктан, билим берүүнүн өнүгүүсүндөгү ар кандай кыйшаюулар социумда өтө кейиштүүлүк менен баштан өткөрүлөт.

Окуу пландарын, андагы жумалык сааттардын санын жөн эле түрдүүчө манипуляциялоо менен билим берүүнү реформалоо маселелерин чечүүгө болбойт, ал эми мамлекеттик стандарттарды мазмундуу талкуулоо акыр аягында баягы эле билим берүү парадигмаларын интеграциялоо, гармонизациялоо проблемасына келип такалат.

Эми билим берүүнүн алдыңкы катардагы концепцияларынын ортосундагы карама-каршылыктарга токтололу. Алардын негизин ар түрлүү баалуулуктар түзөт. Философтордун ырастоолору боюнча адамдардын кылымдар бою көксөп келе жаткан түпкү максаты – бул эркиндик жана теңчилик. Бирок, “карышкырдын абсолюттук эркиндиги – бул койлордун өлүмү” дегендей, күчтүү жана таланттуу балдардын толук эркиндиги начар жана жөндөмдөрү төмөнүрөөк балдардын татыктуу жашоого болгон укугуна туура келбейт.

Билим берүүнүн когнитивдик-информациялык парадигмасы жаңы замандын позитивдик жана рационалдык талаптарына ылайык барган сайын улам күчөп турган эң бекем традициясына таянат. Бул агымдын алкагында предметтик тар сферада өздөрүн жетишерлик комфорттуу жана адаттагыдай сезүүчү, балага жалаң өзүнүн гана илиминин негиздерин берүүгө, ошондой эле өздөштүрүүнүн натыйжаларын такай көзөмөлдөп турууга багытталышкан педагогдордун жүздөгөн муундары өсүп чыккандыгын эстен чыгарууга болбойт. Жүздөгөн жылдар бою педагогдун өзүнүн ишмердигинин натыйжасы анын окуучуларды окутуу ишмердигинин натыйжасы менен бааланып келген. Бул туруктуу практика азырга чейин сакталып калууда. Айрым олуттуу педагогдор жана психологдор когнитивдик-информациялык парадигмага мурдатан бери эле ал бала үчүн стресстик коркунучту, аны дидактикалык неврозго келтирүүчү адаптивсиз (деадаптивный) деген диагноз коюп келишкен. Каргашанын бардыгы башкача негиздер боюнча алып караганда инсандык парадигма да (таза түрүндө) адаптивсиз экендигинде.

Азыр биз алгачкы капиталды топтоонун жана өтө курч конкуренциянын эң катаал ырайымсыз мезгилинде, биздин тарбиялануучуларыбыздын келечеги аныкталбаган “тобокел – же бар болосуң, же жок болосуң” деген формулага туура келе тургандай ырайымсыздык өкүм сүргөн кезде жашап жатабыз.

Мисалы, орто мектепти бүтүрүүчү жогорку окуу жайына өтпөй калды дейли, анда ал кооптуу жерлердин биринде армия кызматын өтөөгө чакырылышы ыктымал. Албетте, ата-энелер мындан коркушат да, программаларды жеңилдетүүгө жасалган ар кандай аракеттерди, баланын психикасын сактоочу, окутуунун баштапкы стадияларында инсанга багытталуучу технологияларды аябай колдошуп, ызы-чуу түшүп чоң невроздукка дуушар болушат. Ошондуктан вальдорфтук же мантессориялык класстардагы мугалимдик гуманизмдин тескериси катарында “менин балам башкалардан кем болбосун” дегенди камсыз кылуу үчүн ата-энелер баланы үйдөн ойго келгис кыйын диктанттар менен, өздөрүнүн үй тапшырмалары менен ашыкча жүктөп басым жасаша тургандыгын белгилөөгө болот. Ким эле өз баласынын келечеги үчүн тынчсызданбасын?

Ата-энелердин мындай тынчсызданган суроо-талаптарына рынок, албетте, тез эле жооп берет. Ошондуктан, мисалы “мектепке чейинки курактагыларды бир эле мезгилде үч тилге үйрөтөбүз!” деген сыяктуу кулактандыруулар бат эле өз кызыкдарларын таап жатышпайбы. Кандай болгон күндө да: “мектепти гуманизациялоо”, “окуу-тарбия процессинин борбору – окуучу”, “эркин тарбиялоо” ж. б. ушул сыяктуу кооз, бирок көп учурда технологиялык жактан түптөлүп бекемделбеген ураандарга берилип кетпестен, мектеп этияттык менен сактанып иштөөгө тийиш.

Чынында эле: “Окуу-тарбия процессинин борборунда турган окуучу кандай окуучу? Ал кандай процесс жана кандайча уюштурулат? Эркин өнүгүү дегенди кандайча түшүнүү керек?” Мындай суроолордун коюлушу табигый иш, анткени балдардын жеке айырмачылыктары бар, ошондуктан бардык балдар үчүн бирдей жагдайды түзүүгө мүмкүн эместигин эске албаганда да, үй-бүлө менен баланын максаты ар түрдүү болушун кантип эске албай коёбуз. Интеллекти жогору болгон балага карата уюштурулган окууга коюлуучу күчтүү талаптардын гумандуулугу начарлаган, адаптациясы жок, камкордукту, жеңилдик берүүнү талап кылган, терапевттик педагогикага муктаж болгон баланы бактысыздыкка дуушар кылат. Бирок, мындай гумандуулук таланттуу, интенсивдүү өсүп-өөрчүүчү баланын муктаждыгын канааттандырбай, анын өсүшүнө тоскоол болот.

Билим берүүнүн когнитивдик-информациялык жана инсандык парадигмаларынын арасындагы карама-каршылык көбүнчө социалдык-педагогикалык мүнөздө экендигин оңой эле байкоого болот. Алардын арасындагы талаш-тартыштарда социалдыкка караганда педагогикалык – баланы өстүрүп-өнүктүрүү жана окутуунун эң жакшы жолдору жөнүндө ар түрдүү көз караштарды чагылдыруучу аргументтер басымдуулук кылат.

Бирок, бул эки парадигмага караганда жаңыдан түптөлүп келаткан компетенттүүлүк парадигма социалдык-экономикалык курч проблемаларды чечүү жагына кескин багыт алууда. Мында маселе кабыргасынан коюлуп: окуучунун информациялык технологиялардын негизги багыттары боюнча даярдыгы камсыз кылынбаса, аларга социалдык (экономика, укук, саясый системанын негиздери, менеджмент, социология ж. б.) адаптацияны камсыз кылуучу базалык көндүмдөр берилбесе, функционалдык сабаттуулуктун деңгээлинде эч болбогондо бир чет тил үйрөтүлбөсө, анда биз социалдык майыптарга ээ болоорубуз айкын.

Эгерде глобализация процесси менен мүнөздөлүүчү азыркы шарттарда жашап эмгектенүүгө жөндөмдүү адамдар даярдалбаса, анда эч болбогондо өзүбүздүн балдарыбыз жана неберелерибиз татыктуу, жаңы сапаттагы турмушка жетерине үмүттөнүүгө болбойт.

Компетенттик мамилени жактоочулардын мына ушул сыяктуу прагматикалык аргументтерин тануу өтө кыйын.

Билим берүүнүн сапатын жаңы деңгээлге көтөрмөйүнчө, өлкөнү модернизациялоо жана аны өнүккөн өлкөлөрдүн катарына жакындатуу мүмкүн эмес. Мына ошондуктан билим берүүнүн сапатын кескин түрдө жогорулатууну бүгүнкү күндө ар түрдүү педагогикалык агымдар ар кандай түшүнүп кабыл алууда.

Компетенттик парадигма традициялык когнитивдик-информациялык парадигмадан өсүп чыккандыгына карабастан, аны менен карама-каршылыкка келүүдө. Чынында эле азыркы жалпы билим берүүнүн көлөмдүк көрсөткүчтөрү эбак эле акылга сыярлык чектерден ашып кеткендиги жалпыга белгилүү. Демек, компетенттиктин талаптарына ылайык келе турган билим берүүнүн жаңы мазмунун киргизүү үчүн ага орун даярдоо зарыл, ал жаңы мазмун кайсы жерге, азыркы мазмундун составынабы же кайда, кандайча кириши мүмкүн? Бирок, окуу материалынын мазмунун окуучуларга зарыл жана жетиштүү болгон өзөктүү (ачкычтуу) компетенцияларды берип калыптандырууну камсыз кыла тургандай көз караштı тандап алууга мүмкүнчүлүк бере алгыдай ишеничтүү критерийлер, чен-өлчөмдөр кайда? Алар азырынча жок. Ошондуктан педагогикалык традиционализмдин жактоочуларынын мектептин турмуш менен байланышын жалпы орто билим берүүнүн практикалык багыт алышын жана инструменталдык багытталышын көздөөчү жеңилдетилген сценарий боюнча шашылыштык менен бекемдөөдөн коопсузданууларынын олуттуу негизи бар.

Жыйынтыктап айтканда, парадигмалардын карама-каршылыктары, алардын өз ара конфликттешүүлөрүнүн негизи – дидактикалык проблема болуп эсептелет.

Америкалык дидакт М. Скривен: “Илимди электр тогунун закондорун үйрөнүүгө караганда, сезгичтиги жогору аппаратураны оңдоо процессинде өздөштүрсө болот”, - деп айткан.

Ага сын пикир айтуучу Дж. Мартин: “Окуу предметинин башкы мүнөзү – бул анын теориялык багытталышы жана күнүмдүк практикалык маселелерден алыс болушу” - деген. Алардын бул талашына калыс болууга ким эрдик кыла алмак эле?

Культурологиялык парадигмада билим берүүнүн эң маанилүү маселеси деп дүйнөгө көз караштык маселе эсептелинет, балдарга дүйнөлүк бардык диндер үчүн жалпы кээ бир диний-нравалык принциптерди калыптандырууну, азыркы мезгилдеги негизги проблемаларды туура түшүнүп кабылдап, аларды чыгармачылык менен чече билүүгө көнүктүрүүнүн зарылдыгын биринчи орунга коёт. Бирок, жалаң курулай принциптер менен эч нерсеге жетүүгө болбойт. Бул сыяктуу орчундуу милдеттерди азыркы эң маанилүү прагматикалык маселелерди токтоосуз чечүү зарылдыгы менен айкалыштырып кароого педагогдордун жетиштүү фундаменталдык даярдыктарынын жоктугу культурологиялык парадигманы педагогикалык аң-сезимдин чет жагына жылдырып коёт.

Жеке адамга сыйынуу адамдардын ички оюнда кандай кулк-мүнөздүк бузууларды алып келгендиги, канчалаган арамза митаамдарды жана жүрөксүз коркокторду даярдап чыгаргандыгы жалпыга белгилүү. Ошондон соң адамдын жаратылышын, ички дүйнөсүн, кулк-мүнөзүн билим берүү аркылуу жакын арада жакшырта коюу – жеңил ойлуулук болот го. Адамдын жаратылышын, анын табиятын жакшыртуу – искусствонун, философиянын, саясый илимдердин башкы милдети эмеспи. Ошондуктан колдон келбей турган оор, чечилбес проблемаларды чечүүгө жандын бардыгынча тырышуудан эмне пайда? Андан көрө билим берүүнүн локалдуу жетише турган максатына бардык күчтү топтогон жакшы эмеспи.

Культурологиялык парадигмага карата болгон оппозициянын аргументтери дал ушундай.

Билим берүүнүн төрт парадигмасынын арасындагы жогоруда баяндаган карама-каршылыктарды карап чыгуу менен төмөнкүдөй корутундуларга келүүгө болот:

– алардын ар бири коомдун, анын ичинде билим берүүнүн эң маанилүү муктаждыктарын чагылдырат;

– бул парадигмалардын бирөөнү да толук бойдон көңүлгө албай коюуга жана билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгууда эсепке албай коюуга болбойт;

– педагогикалык теориядагы жана практикадагы бул маселенин ачыксыздыгы мектепти дестабилдештирүүчү субъективдик, волюнтаристтик, конъюнктуралык чечимдердин келип чыгышына түрткү берет;

– философиялык жактан алганда педагогикалык парадигмалардын конфликтинин негизи – билим берүүнүн максаттары, маани-маңызы жана акыркы натыйжалары жөнүндөгү баалуулуктардын күрөшүнө барып такалат;

– бардык баалуулуктар бири-бирине карама-каршы болгондуктан, маселени педагогикалык стратегиялардын бирөөнүн пайдасына чечүү мүмкүн эмес;

– маселенин биротоло чечилишинин мүмкүн эместиги компромисске келүүнүн мүмкүн эместигине жатпайт, тескерисинче, мында карама-каршы көз караштардын басаңдатуусу, түрдүү мамилелердин теңсалмактуулугунун сакталышын талап кылынат;

– мына ошентип, билим берүүнүн борбордук проблемасы –бардык педагогикалык парадигмалардын арасында кооперация түзүүнүн жолдорун изденүү болуп эсептелет;

– билим берүү парадигмаларын интеграциялап гармонизациялык билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги стратегиясы болууга тийиш;

– изделүүчү компромисске жалаң эмпирикалык (сынап көрүү жана каталарды кетирүү) жолу менен жетишүүгө болбойт. Ал үчүн барыдан мурда мындай кооперациянын философиялык, методологиялык негиздерин ачык түшүнүп, тактап алып, анын ишке ашырылышына мүмкүндүк бергидей п р и н ц и п т е р- д и жана шарттарды аныктоо зарыл. Ал эми педагогикалык парадигмалардын күрөшү ар түрдүү маданият баалуулуктарга негизделгенден, алардын өз ара аракеттенүү идеясы “культуралардын диалогу” концепциясына таянат.

Мындай принциптерге төмөнкүлөр кирет:

– билим берүү боюнча башкы идеялардын ар биринин күчтүү жана начар жактарын сезимдүү кабылдоо менен бир беткейликти жоюу принциби;

– баланын инсандык өнүгүүсүнүн ар бир этабында ар түрдүү мамилелерди оптималдуу айкалыштыруу максатында бири бирин толуктоо принциби;

– бир жагынан ар түрдүү парадигмалардын колдонулуучу сфераларындагы алардын жалпылыгын көрүүгө, экинчи жактан конкреттүү педагогикалык маселени чечүүдөгү алардын ар биринин салмагын туура аныктоого мүмкүнчүлүк бере турган жалпы кесилиш чекиттерин табуу принциби.

Мектепте концепцияларды кооперациялап пайдалануунун башкы шарттары төмөнкүлөр болууга тийиш:

– вариативдүү билим берүүнү сактоо;

– вертикалдык жана горизонталдык дифференциациялап окутуу;

– вертикалдык дифференциациялоо дегенди балдарды окутуунун жана өнүктүрүүнүн курактык ар бир этабына ылайык педагогикалык парадигмалардын оптималдуу айкалыштыгын табуу деп түшүнүү керек.

Горизонталдуу дифференциациялап окутуу бүткүл окуу процессин балдардын психофизикалык бөтөнчөлүктөрүн, алардын жөндөмдүүлүктөрүн жана шыктуулуктарын максималдуу эске алуу менен уюштуруу дегендик. Горизонталдык дифференциациялоо азыркы практикадагы ар түрдүү деңгээлде дифференциациялап окутууну уюштуруу жана бул ар бир курактык этапта баланы окутуу жана өнүктүрүү жолу менен билим берүүнүн инсандык парадигмасын ишке ашыруу дегендик болот.

Билим берүүнүн жогоруда айтылган концепцияларынын ичинен культурологиялык парадигма артыкчылыктуу болуп эсептелет. Анткени ал, биринчиден, билим берүүнүн түпкү, акыркы максаттарын эң толук туюнтуп, ар кандай конъюнктуралык көз караштардан оолак болууга мүмкүнчүлүк берет.

Экинчиден, билим берүүнүн сапатына болгон баалуулуктарга культурологиялык парадигманын көз карашы мазмунду туура тандоодо, окутуунун жана өстүрүп-өнүктүрүүнүн методдору менен ыкмаларын аныктоодо жалаң гана инсандык, гумандуулук мамилелерди жетекчиликке алууга жардам берет.

Үчүнчүдөн, “өзөктүү, ачкычтуу компетенциялар” да асмандан эмес ошол эле культурадан өнүгүп чыгат. Кыскасын айтканда, когнитивдик-информациялык, компетенттик жана инсандык – үч парадигманын үчөөнүн тең негизи культурологиялык парадигмага барып такалат.

Мына ошентип, эгерде биз баалуулуктарга негизделген билим берүүнүн бирдиктүү бүтүн процессин түзгүбүз келсе, анда культурологиялык парадигманы башкы жана үстөмдүк кылуучу деп таанууга тийишпиз. Ансыз билим берүүнүн түпкү максаттары бурмаланып бузулат жана бул педагогикалык процесстеги чыныгы субъективдиктин жоголушуна алып келет.

Культурологиялык парадигма инсанга багытталган педагогикага эч карама-каршы келбейт, тескерисинче ал анын түпкү, ыйык маани-маңызын түзөт. Анткени ойлонуп иштеген бир да педагог инсанга багыттап мамиле түзүүгө (окутууга) карама-каршы келиши кыйын. Бирок, иш жүзүндө мындай фактар көп кездешет. Анын себеби төмөнкүдө: инсанга багытталган, гумандуу педагогика өткөн кылымдын 80-жылдарында авторитардык-императивдик педагогикага альтернатива катарында калыптанган. Баланын жеке бөтөнчөлүктөрүн жоюп жиберип башкалар менен теңештирүүчү педагогикалык талаптар күч алып турган кезде сүйүп урматтоонун, бири бирин түшүнүүнүн башталыштарын, башкача айтканда бала менен мугалимдин өз ара гумандуу мамилесин түзүүгө катуу талап коюлган. Бир сөз менен айтканда, педагогикалык мамилелердин стилине жана баланын жекечелигине (индивидуалдуулугуна) максималдуу көңүл бурууга өзгөчө акцент жасалган. Ошондой жагдайда психологдор индивидуалдуулук боюнча адис катары билим берүүнүн индивидуалдык парадигмасын трактовкалоо менен панпсихологизмди күн мурунтадан белгилешти. Буга, мисалы, Россиядагы гумандуу педагогиканын патриархы, психология илимдеринин доктору Ш. А. Амонашвили толук далил болот. Психологдордун педагогикага жасаган экспансиясы өз учурунда көп жагынан пайдалуу иш болду. Ошону менен катар ал бир топ жаңылыштыктардын болушуна шарт түздү. Мисалы, гумандуу педагогиканын жактоочулары педагогикада эч бир мажбурлоо жок жана болбош керек, анткени окуп билим алууга шыктуулук жана жөндөмдүүлүк адамдын өзүнүн жаратылышында жаралган деп эсептешет. Бирок, бул теория мажбурлоонун айрым формалары баланын өз кызыкчылыгынан келип чыга тургандыгын да эч эске албайт. Чындыгында, белгилүү ойчулдар (Ж. Ж. Руссо, Л. Н. Толстой) мажбурлоонун ролун танышкан эмес. Эркиндик менен зордоо карама-каршылыктуу гана эмес алар бири-бирин толуктоочу башталыштар. Тарбия мажбурлоосуз боло албайт. Зордук – адамзат тарабынан эмес адамдын жаратылышынан келип чыккан факт, анткени адам эркин болуп төрөлбөйт. Адам аны курчап турган чындыктын кулу болуп төрөлөт. Адамды бытиенин бийлигинен бошотуу – турмуштун гана, мисалы, билим берүүнүн тапшырмасы.

Психологиялык позиция боюнча кабылдануучу инсандык парадигмада билим берүүнүн мазмунун тандоого анын эки гана параметринен (жеткиликтүүлүк жана баланын актуалдуу абалы) башкасына кош көңүлдүүлүк мамиле жасалат. Анын жактоочулары, инсанга эмоционалдуу мамиле кылууну жанды (адамдын өзүн) психикага келтирип теңдештирет, алар үчүн алгачкы себептин ролун материя эмес мотив ойнойт. Аксиологиялык мамилени карманган культурологиялык педагогика өзүнүн түпкү турушу менен инсандын ядросун, мотивди калыптандырууга багытталган. Дал ошондуктан культурологиялык парадигма инсанга багытталбай койбойт, анткени адамдын өз алдынча эрктүү аракети сөзсүз анын тигил же бул баалуулуктарга багытталуусуна көз каранды. Албетте, бул баланын мотивдерин, муктаждыктарын жана кызыкчылыгын эсепке албай коюу дегендикке жатпайт. Бирок, жөн эле анын артынан ээрчий берүү да профессионалдуулукка жатпайт. Практикага тараган традициялык трактовкалоо жагынан алганда инсандык парадигманын ролу маанилүү, бирок ал көмөкчү гана. Анын колдонулушу көбүнчө бала менен коммуникативдик мамилелерди түзүүнүн психологиялык-педагогикалык техникасы жөнүндөгү маселелерге байланыштуу. Ошондой болсо да, культурологиялык позициядан алып караганда инсандык мамиле билим берүү процессин уюштуруунун бүткүл этаптарында бөтөнчө ардактуу орунда турат.

Билим берүүнүн культурологиялык жана инсандык парадигмаларынын жалпылыгын аныктаган сыяктуу эле эми ошол эле максатта когнитивдик-информациялык жана компетенттик концепцияларга токтололу.

Маалымдуулук жана компетенттик өсүп келе жаткан балага үзгүлтүксүз тез өзгөрүп туруучу турмушка адаптацияланууну (ыңгайлашып көнүгүүнүн) эң зарыл каражаты болуп эсептелет. Булар адамдын өзүнүн инсандыгын өз алдынча куруунун зарыл материалы. Культурологиялык мамиле дал ошондой материалды тандап алууга жардам берет жана билимге ээ болуунун чыныгы сапатын камсыз кылат. Ошондуктан культурологиялык концепция когнитивдик, инсандык жана компетенттик парадигмаларды такай азыктандырып туруусу керек. Алардын арасында эч кандай келишпестик карама-каршылыктар жок жана болуусу да мүмкүн эмес. Ал эми билим берүүнүн мазмунун тандап алуу жана окуу процессин уюштуруу боюнча келип чыгуучу айрым дал келишпестиктер билбегендиктен же ошол педагогикалык төрт парадигманын жалпы кесилиш чекиттерин конъюнктуралык каалабагандыктан болушу ыктымал.

Педагогикалык бардык төрт парадигмалардын жалпы кесилишүү чекиттерин карап чыгуу менен билим берүүчү процессти (анын субъекттерин, максаттарын, каражаттарын, натыйжаларын, детерминанттарын) мүмкүн болушунча көп сандаган ар түрдүү позициялардан көрө билүүгө үйрөнүү максатында XXI кылымдын педагогикасы бирдиктүү универсалдыктын бийлигин "жеңип" жок кылууга тийиш деген корутундуга келүүгө болот.

Педагогикалык парадигмалардын оптималдуу байланышын табуу – өтө чеберчиликти талап кылуучу татаал процесс, ал вариативдүү окутууну сактап калууда, ошондой эле вертикалдуу жана горизонталдуу дифференциациялап окутуу шарттарында натыйжалуу боло алат. Мына ушул эки шартка таянып, практикада баланы окутуунун жана өнүктүрүүнүн ар түрдүү э т а п т а р ы н- д а парадигмалык кооперация кандайча түзүлө тургандыгын карап көрөлү:

1. Балдар бакчасында билим берүүнүн инсандык парадигмасы басымдуулук кыла тургандыгын моюнга алуу керек. Бул жерде балага мамиле кылууда панпсихологизм өзүн актайт, анткени баланын өнүгүшүндөгү синтезитивдик мезгилдерге байланыштуу билимге таянбай коюу мүмкүн эмес, ансыз ишке зыян келиши ыктымал.

Балдар бакчасы – бул инсанга багытталган, психиканы сактоочу, технологияларды жайылтууга керектүү, эң сонун объект болуп эсептелет. Мектепке чейинки мекеме балдардын психикалык жана физикалык ден соолугун сактап өнүктүрүүгө багытталган, мында окуучулук билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр акыркы орунда турат. Биринчи кезекте баланы сенсорлук өнүктүрүү, анын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу максаты турат. Бирок бул мектепке чейинки тарбиялоо этабында билим берүүнүн калган парадигмалары пайдаланылбайт дегенге жатпайт. М. Монтессори: "Бала колуна кашык кармагандан баштап эле жазууга үйрөнөт", – деп жазган. Албетте, ал мында баланын жазуусуна керек болуучу майда моторикасынын (баланын кыймылы) өнүгүүсүнүн зарылдыгын түшүнгөн. Ошол эле сыяктуу бут кийиминин боосун бала өзү байлаганы да ушундай түшүнүккө байланыштуу. Сенсорлук материалдарды (бирдиктер, жүздүктөр жана миңдиктер салмагы боюнча айырмалана турган М. Монтессоринин алтын материалы) пайдаланып, беш жаштагы балдарды эч ашыкча жүктөбөй эле табигый түрдө ондук система менен тааныштырган. Атайын ойлонуп уюштурулган өнүктүрүүчү чөйрөнүн жардамы менен ошол эле куракт агы балдарды китеп окууга көндүрө баштаган. Бир сөз менен айтканда балдар бакчасында когнитивдик-информациялык парадигманын маселелерин ийгиликтүү чечкен. Балдар бакчасында ошондой эле культурологиялык парадигманын маселелерин да чечүүгө болот, анткени иш туура уюштурулган кезде, мектеп жашына чейинки балдар өздөрүнө жеткиликтүү болгон деңгээлде Моцарттын, Чайковскийдин, Римский-Корсаковдун, Атайдын, Муратаалынын, Карамолдонун чыгармаларын эң сонун түшүнүп кабылдап, операнын жана балеттин шарттуу тилин түшүнүүгө үйрөнүп, чоң кубаныч менен актёр болуп ойнойт.

Функционалдык сабаттуулуктун деңгээлиндеги өзөктүү компетенцияларды, ошондой эле эң кеминде бир чет тилди жана азыркы информациялык технологияларды деле мектепке чейинки курактагы балдарга толук үйрөтүү мүмкүн эмес, ошондой болсо да аларды пропедевтикалык планда ишке ашырууга болот.

Мектеп жашына чейинки балдарды активдүү, оюн түрүндөгү методдорду пайдаланып чет тилдерге үйрөтүүнүн ордуна алардын фонематикалык угууларын (сенсорлук өнүгүүсүн) өстүрүү жана баланын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу баа жеткис кадам, анткени мындагы бүткүл курс, эреже катары, группалык оюндар формасында үйрөнүлөт, ошондуктан балдарда активдүү коммуникативдик көндүмдөр калыптандырылат. 4-9 жаштагыларды методикалык туура жол менен чет тилине окутуу өз учурунда эч кандай ашыкча жүктөнүүсүз эле алардын келечектеги функционалдык сабаттуулугунун негизин түзүүгө мүмкүндүк берет.

Мектеп жашына чейинки балдарды катуу чектелген (10 минутадан ашпаган) убакыт ичинде, дисплейлеринин экрандарынын атайын коргоочу калканчысы бар компьютер менен тааныштыруу эч ашыкча жүктөндүрүүсүз эле керектүү компьютерлик пропедевтиканы ишке ашырууга жардам берет. Мектеп жашына чейинки балдар компьютерде "мышканын" жардамы менен сүрөт тарткан учурларды көп эле көрүүгө болот.

Мына ошентип, мектепке чейинки мекемеде да белгиленген педагогикалык парадигмалардын бирөө да билим берүү процессинен толук четтетилбейт. Балдардын жаш куракты к бөтөнчөлүгү, алардын ар биринин салыштырма салмагын, ээлей турган ордун белгилеп, өз ара байланышынын системасын аныктайт.

Албетте, бала чоңойгон сайын педагогикалык парадигмалардын кыймылдуу катнашы сөзсүз өзгөрүлүп турат. Алардын бирөөнүн салыштырмалуу салмагы кеңейип, башкаларыныкы тескерисинче кыскарат. Бул фактты башталгыч мектептин мисалынан ачык көрүүгө болот, мында балдар бакчасындагыдай эле инсандык парадигманын басымдуулугу улантылат, биринчи убактарда оюн баланын ишмердигинин башкы түрү катары басымдуулук кылат. Бирок балдар бакчасында да оюн сабакка багытталууга тийиш, ансыз оюн куруу тамашага айланат. Албетте, оюн деген оюн бойдон калууга тийиш, анткени мезгилсиз, убактысынан мурда сабакка айланса, анда оюн ырайымсыз, курулай алектенүүгө айланышы ыктымал. Тарбиячы мына ушул эки түрлүү бир жактуулукту эске алып, баланын оюнун өткөрүүгө тийиш. Аны үчүн такай көрөгөчтүк, эрктүүлүк талап кылынат. Ошентип, оюн процессинде келечектеги сабак көрүнүп турууга

тийиш. Баланын инсаны бир жагынан анын ишмердиктин максатынан алыстаган, өзүнүн алдына барган сайын улам алыскы максатты коюусунан, экинчи жактан өзүнүн кежирлигин улам татаалдашкан тартипке айласыз баш ийдирүүгө көнүгө баштоосунан улам өсүп-өнүгүп турат. Ошону менен оюн акырындап сабакка айланып өтөт.

2. Оюндун ишке өтүүсү, өзүнүн кежирлигинен улам татаалдашкан тартипке баш ийдирүү адатынын калыптанышы билим берүүнүн когнитивдик-информациялык парадигмасынын салыштырма салмагын акырындык менен күчөтүүнү алдын ала аныктоочу башталгыч мектептин башкы багыты болуп саналат. Мында балдарга тарбия-таалим берүү предметтик программаларга жана окуу ишмердигинин жыйынтыгын фиксациялап баалоолорго багытталат.

Баланы окутуунун жана өнүктүрүүнүн жаратылышка ылайык принцибине таянуучу башталгыч мектептеги тоталдык интегралдаштыруунун прагматикалык аргументтери, ошондой эле балдардын ашыкча жүктөнүүлөрүн жоюуга жасалган кадамдар коркунучтуу. Башталгыч мектепте когнитивдик-информациялык парадигмага этибар кылбоо окутуунун кийинки этаптарында жаман натыйжаларга кабылтат. Ал эми интегралдаштыруу боюнча сөз кыла турган болсок, анда билимдин ар түрдүү тармактарындагы ойлонулбаган, жөн эле механикалык түрдөгү маалыматтарды кошуп коюу бизди изделүүчү, керектүү бүтүндүккө алып келбестен дилетанттарды пайда кылат. Бардык нерсенин белгилүү чекте болгону жакшы, ошондуктан айрым сабактарда, мисалы, математиканын химия, биология менен болгон байланышын интеграциялоонун элементтеринин болушуна каршы чыгууга болбойт. Өтүлгөн материалды кайталап-жыйынтыктоо максатында айына бир жолу атайын интеграцияланган мүнөздөгү сабак өткөрүү эң пайдалуу. Бирок, ал үчүн адегенде эмнени, кайсы предметтерден кандай материалды интеграциялоо керек экендигин аныктап алуу зарыл.

Эми башталгыч мектепте билим берүүнүн когнитивдик-информациялык парадигмасынын калган үчөө менен өз ара байланышы кандай экендигин кароого өтөбүз.

Когнитивдик-информациялык парадигма башталгыч мектепте культурологиялык парадигмага эч бир карама-каршы келбейт. Ал гана эмес жазууга, саноого, эне тилине жана чет тилине үйрөтүүнүн өзү да ошол эле культуралык контексттен алынат да, сабактын зарыл болгон тереңдигин жана изделүүчү бүтүндүгүн жаратат.

Башталгыч мектепте культурологиялык парадигма билим берүүнүн мазмунун тандоого түрткү берет, инсандык парадигма баланын психикалык жана физикалык ден соолугун сактоонун сакчысы катарында окуу материалын өлчөп бөлүштүрүүнү, окутуунун формаларын жана методдорун конкреттүү окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүнө жана алардын курактык нормаларына ылайыктап аныктайт. Когнитивдик-информациялык парадигма билим берүүнүн мазмунунун контурун ачык, түшүнүктүү кылып тактайт, мазмунду үстүртөн кароочулуктан сактап, окуучуларды татаал жана оор окуу материалы менен иштөөгө көнүктүрөт. Компетенттик парадигма башталгыч класста азырынча эки багытта: предметтерге компьютерлик жардамдашууда жана чет тилин системалуу үйрөнүүдө көрүнөт.

Мына ошентип, педагогикалык башкы эки принцип: жаратылышка жана маданиятка ылайык бир бүтүнгө чиеленип биригишет. Бул ар түрдүү педагогикалык парадигмалардын жалпы кесилишүү чекиттерин табуу эсебинен жана конкреттүү педагогикалык маселелерди чечүүдө алардын ар биринин салыштырма салмагын туура аныктоонун натыйжасында гана болот. Албетте, башталгыч мектепте мындай парадигмалык кооперация мугалимдин өзүнөн бийик маданиятты жана методикалык устаттыкты талап кылат.

3. Эми негизги (базалык) мектепке өтөлү. Бул баскычта балдардын мүмкүн болгон жеке психофизикалык бөтөнчөлүктөрүн, алардын жөндөмдүүлүктөрүн жана шыктуулугун мүмкүн болушунча максималдуу эске алуу ишке ашырылуучу горизонталдуу дифференциациялоо убакыт бышып жетилет. Ошентип, эгерде вертикалдуу дифференцирлөө курактык нормаларга багытталса, анда горизонталдуу дифференциациялоодо балдардын эмоционалдык-эрктүүлүк сферасынан когнитивдикке чейинки кеңири диапазондогу жеке инсандык өзгөчөлүктөрү эске алынат.

Баланын эси (эстеп калуусу), ойлоосу, речи (кеби) артыкчылык кызыкчылыктары жана шыктуулугу сыяктуу башка психикалык функцияларынын өсүп жетилиш темпи анын өсүп-өнүгүүсүнүн траекториясын аныктоодо чоң мааниге ээ. Башталгыч мектептен эле горизонталдык дифференциациялоо парадигмалык кооперацияны түзүүнүн орчундуу шарты боло баштайт. Горизонталдуу дифференциациялоонун ички жана тышкы эки формасы белгилүү.

Ички дифференциациялоо деп окутуунун технологияларын, методдорун, иштөө ыкмаларынын формаларын, педагогикалык системаны окуучулардын конкреттүү контингентине (белгилүү класстын окуучуларына) карата тандап алууну түшүнөбүз. Бул сыяктуу ички дифференциациялоо балдар бакчаларында жана башталгыч мектепте орун алат, анткени аларда мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүү болгон балдар чогуу окутулат. Балдардын өсүп-өнүгүүсүндө орчундуу проблемалар келип чыккан учурда гана аларды атайын коррекциялык (түзөтүүчү) класстарда бөлүп окутуу зарылдыгы келип чыгат. Албетте, ички горизонталдык дифференциациялоо бардык жагынан алганда гумандуу жана демократтуу, анткени мында балага аянычтуу мамиле кылуу, аны кемсинтпөө камсыз кылынат, балдардын баштапкы түзүлгөн коллективи бузулбайт, окуучулардын арасында жагымсыз конкуренция (атаандашуучулук) пайда болбойт.

Бирок, биздин шартыбыздагы горизонталдык ички дифференциациялоонун мүмкүнчүлүктөрү чексиз эмес, анын чеги бар.

Негизги мектепке өтүүгө байланыштуу окуу материалынын татаалданышы, окуучулардын интеллектуалдык жактан жүктөнүүлөрүнүн күчөшү, алардын тандама кызыкчылыктарынын акырындап улам калыптанышы билим берүү мекемелеринин негизги мектепте окутуунун жыйынтыгына койгон талаптары, ошондой эле, билим берүүнүн вариативдүү системасы - мына ушулардын бардыгы негизги мектептин борбордук башкы маселесин – түрдүү деңгээлде дифференциациялап окутуунун системасын түзүүнү милдеттендирүү менен талап кылып жатат, б. а. негизги мектепте ички дифференциациялоо тышкы дифференциациялоо менен толуктоого аргасыз.

Окуу материалы улам татаалдашкан сайын, ошондой эле балдардын жөндөмдүүлүктөрү улам билинип аныктала баштаганда мугалим класстагы зээндүү, күчтүү, жөндөмдүүлөрдүн өнүгүп-өсүүсүн тормоздоп, өсүп-өнүгүүсү

проблемалуу болгон начар балдарга жетиштүү көңүл буруруга чамасы келбей, убактысы да жетпей тургандыгы айдан ачык боло баштайт.

Тышкы дифференциациялоо деп медициналык-педагогикалык- психологиялык жактан комплекстүү диагноздоонун негизинде окуучуларды окутуунун түрдүү потокторуна (мекемелерине) бөлүштүрүүнү түшүнөбүз.

Ар кандай тышкы дифференциациялоо баланын жөндөмдүүлүгүн объективдүү баалоого байланыштуу окуучулар жана ата-энелер үчүн белгилүү даражада кыйынчылык түзөт. Негизги мектептеги вертикалдуу дифференциациялоо билим берүүнүн мазмунунун класстан класска карай өнүгүүсүнө ылайык объективдүү улам татаалданышына байланыштуу культурологиялык жана когнитивдик-информациялык парадигмалардын күчөтүлүшүн талап кылат. Мындагы горизонталдуу дифференциациялоо конкреттүү балдардын чындыктуу окуу мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмүнө жана шыктуулугуна көбүрөөк көңүл буруу үчүн окуу материалын сабаттуу жана тийиштүү өлчөмдөргө бөлүштүрүп материал менен иштөөнүн оптималдуу формаларын жана методдорун аныктоону талап кылат. Башкача айтканда, горизонталдуу дифференциациялоо окуу процессинде билим берүүнүн инсандык парадигмасын ишке ашыруунун жумушчу механизми болуп эсептелет.

Эми негизги мектептеги педагогикалык парадигмалардын композициясына токтололу. Мында культурологиялык парадигма кеңири өнүгөт, анткени 12-15 жаш курагындагы өспүрүмдөр келечектеги адистигин азырынча даана тандап белгилей элек болушат. Алардын кабыл алуулары, ой жүгүртүүлөрү жана эстеп калуулары дүйнө элдеринин мифтерин, архитектуралык стилин жана культуранын фундаментин түзүүчү башка көп нерселерди жеңил өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет. Кийинчерээк, жогорку класстарда, бул маалыматтар алардын өздөрүнө эми тандап алган жолунан алаксытуучу өкүнүчтүү ашыкча нерсе болгонсуп көрүнүшү мүмкүн. Мисалы, жогорку класстын окуучусу медицинага кызыгып, ошол адистикти тандап алды дейли. Анда ага өткөн кылымдардын тереңине кеткен сулуулук жана акылмандык жөнүндөгү маалыматтардын эмне кереги бар эле? Андан көрө башкаларга эч алагды болбостон, негизги аракетти химия менен биологияны терең үйрөнүүгө жумшаса болбойт беле? Анын үстүнө алдыда жогорку окуу жайына өтүү тагдырына байланыштуу олуттуу маселе болуп жатат. Бирок, студент болгон кезде эми алардын чоң кишилер катары абстракттуу ойлонууларынын жогорку деңгээли көпчүлүгүнүн окуусун татаалдаштырат, анткени алар алтынчы класстагылардай материалды жеңил кабылдап, бекем эстеп кала алышпай, анан деталдардын майда-чүйдөсүнө чейин толук өздөштүрүүдө кыйналышат. Ошондуктан негизги мектепте өз учурунда баланы культуранын негизин түзүүчү бардык курулуш материалдар менен терең сугарып, балдарды ошол материалдардан ишеничтүү пайдалана билүүгө үйрөтүү зарыл, ошондо гана бала өзүнүн инсанын өзү куруп эмгектене алат. Бардык педагогикалык парадигмалардын негизги аракеттери да адамдын дал ошол инсандыкты өзү куруусун камсыз кылууга багытталган. Когнитивдик-информациялык парадигма баланын эсин бекемдеп, эрудициясын кеңейтүүнү камсыз кылат, ансыз аны культуранын контекстине кийирүү мүмкүн эмес. Бирок, зарыл болгон маалыматтарды топтоо менен чектелүүгө болбойт, ал маселени чечпейт. Жалгыз бактын артындагы токойду көрбөй калууга болбой турган сыяктуу бүтүндүктү жоготууга болбойт, ал сакталууга тийиш. Культурологиялык парадигма когнитивдик-информациялык парадигмадан дал ушунусу менен айырмаланат, анткени ал баалуулуктарга жана маанилүүлүктөргө акцент жасайт.

Маданий баалуулуктарды үйрөнүп-билүү өз акыл-оюңду байыркынын жактоочусуна айландыруу дегендикке жатпайт. Андан көрө ошол байлыкты жаш муундардын жүрөгүнө түйдүрүп, маданиятты бир бүтүн катары сездирип, өзүнө "акыркы суроолорду" берип, ошону өздөштүрүүгө үйрөтүү баарынан маанилүү. Бул маселелерди чечүүгө жакындашуу билим берүүнүн когнитивдик-информациялык парадигмасын культурологиялык парадигма менен толуктоого мүмкүндүк берет.

Негизги мектепте камтылган жаш курактык мезгилди адистер баланын инсанын активдүү калыптандыруу деп эсептешет. Ошондон улам гуманитардык тармакка көбүрөөк көңүл бурулуп, ал эч бир жагдайда ашыкча деп эсептелинбейт жана аны бир караганда эң маанилүү прагматикалык компетенциялардын пайдасы үчүн да радикалдуу кыскартууга болбойт. Компетенттик парадигма негизги мектепте эч кайда жоголуп кетпейт, бирок зарылдыгына жараша ал акырындап өзүнүн инструменталдык ордун ээлейт, ошону менен окуучулардын информациядан пайдалануусун жеңилдетет (демек, когнитивдик-информациялык парадигманы оптималдаштырат), информациялык тилдин өздөштүрүлүшүнө жараша культуралар аралык диалог үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берет (ошону менен ал культурологиялык парадигманы тереңдетет), мультимедиялык каражаттардын жардамы менен окуучулардын жеке өнүгүп алга жылуу темпи үчүн керектүү шарттарды түзүү аркылуу иш жүзүндө инсандык өнүгүүгө да инструменталдык колдоо көрсөтөт.

Мына ошентип, негизги мектепте педагогикалык парадигмалардын композициясы төмөндөгүчө болот.

*Культурологиялык парадигма* билим берүүнүн мазмунун тандап алуудагы анын максаттарын, маани-маңызын, баалуулуктарын аныктоодо балдар бакчасындагыга жана башталгыч мектептегиге караганда негизги мектепте басымдуулук кылат.

*Когнитивдик-информациялык парадигма* – бул мазмундун конкреттүү багытын аныктоо үчүн окуу процессинин жөнгө салынышын, ирettүүлүгүн, удаалаштыгын камсыз кылат.

*Инсандык парадигма* билим берүүнүн мазмунун, окуучулар менен иштөөнүн методдорун жана формаларын алардын реалдуу окуу мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө жана шыктуулугуна шайкеш келтирүүнү камсыз кылуу аркылуу горизонталдуу дифференцирлөөнүн ишке ашырылышына жооп берет.

*Компетенттик* – жогоруда аталган үч парадигманын үчөөнө тең жардам көрсөтүүнү камсыз кылат. Парадигмалык кооперациянын негизин түзүүчү педагогиканын эң назик, эң кычыктуу маселелеринин бири – акылга сыярлык тең салмактуулук идеясы окуучулардын чыгармачылыктуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө өтө кылдаттык мамиле кылууга мүмкүндүк берет.

Соңку мезгилде мектепте эч далилсиз сокур ишенимдүү сыйынуучулук менен чыгармачылыкты ашыкча даңазалоо бул чыгармачылыкка анча көңүл бөлүнүп колдоого алынбаган тоталитардык режимден чыгууга байланыштуу күчөдү. Бирок, мында турмуштун сапатынын 90% чыгармачылык менен эмес, милдеттүүлүктү так жана толук аткаруучулук менен камсыз боло тургандыгы эске алынбай калууда. Бул факт болсо азыр бизде жакшы абалда эмес. Бирок, биздин спецификалык менталитетти, маданияттык жана социалдык-психологиялык фондду эске албастан маселенин жалаң гана педагогикалык жагы менен чектеле турган болсок деле, баары бир ушул позициядан алып караганда мектепке чыгармачылыкты мезгилсиз таңуулоо өтө эле шектүү көрүнөт.

Албетте, чыгармачылык сабак сөзсүз болушу керек, бирок сабак сабак бойдон калууга тийиш. Бул болсо сабактын максаттары окуучуларга башкалар тарабынан аныкталып сунуш кылынса да, ал максаттарды ишке ашыруу үчүн керектүү каражаттарды тандап алуудагы демилгелүү эркиндик окуучуларга берилүүгө тийиш дегендикте жатат. Сабактын максаттарын белгилеп коюудагы аныктык, ага коюлган милдеттердин так чечилишинин талабы, ошондой эле, буга кошумча, максатка жетишүүнүн башкы жолдорун өз алдынча тандап алуудагы азыркы педагогиканын сабакка койгон талаптары аны сабактын мааниси мугалим тарабынан коюлган маселелердин чечилишинде, ошондой эле мугалимдин көрсөткөндөрүн жана айткандарын окуучунун кылдаттык менен так кайталап берүүсүндө деп эсептөөчү мурдагы эски педагогикадан кескин айырмаланат.

Сабакты мезгилсиз чыгармачылыкка айландыруу чыгармачыл инсанды эмес түшүнүгү ачык болбогон күңүрт жалпылаштыруу жана аткарылышынын так эмес жакындаштыруусу менен канааттанышкан дилетанттарды тарбиялоого алып келет жана ал чыныгы чыгармачылыкка жетишүүнүн жолуна тоскоолдук кылат.

Билим берүү парадигмаларын оптималдуу айкалыштыкта пайдалануу жолу менен гана негизги мектепте окуучуларды чыныгы чыгармачылыкка багыттап, аларды компетенттүүлүктүн элементтерине үйрөтүү боюнча жакшы натыйжага жетишүүгө болот.

4. Эми жогорку мектептеги педагогикалык композицияга токтололу. Мында компетенттүүлүк парадигма биринчи орунга чыгат, анткени:

биринчиден, биздин азыркы мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн билими кең, бирок анча так, ачык эмес, элес-булас мүнөздө. Мындай көрүнүш менен келишүүгө болбойт;

экинчиден, билим берүүнүн мазмунун өзгөрүлгөн турмуштун шартына ылайыкташтыруу маселесин чегине чейин жеткире талдоону актуалдаштыруу дал ушул жогорку мектепте жүргүзүлөт. Чынын айтканда, бул маселе билим берүүнүн бүткүл системасына таандык, ансыз биз бүтүрүүчүлөрдүн социалдык майыптар болуусун узарткан болобуз;

үчүнчүдөн, жогорку мектептин фрагментардык курч күч алуучулугун көрүүгө болот жана анын далилдүү себеби бар. Бул мектептеги жаштардын көпчүлүгү өздөрүнүн келечектеги профессионалдык жолун жана карьерасын эчак эле түшүнүшөт, өз максатына жетүү үчүн бүгүн кандай катуу конкуренттик күрөш зарыл экендигин билишет, келечекте ийгиликке жетишүү багытына өздөрүнүн бүткүл күч-аракеттерин жумшап, иштөөгө даяр болушат.

Жогорку мектептеги алардын мындай аракеттери горизонталдуу дифференциациялоону өзгөртөт: окутуунун ар түрдүү деңгээли мында окуучулардын таанып-билүүчүлүк муктаждыктарын максималдуу эсепке алууга мүмкүндүк берүүчү көп профилдүүлүк менен толуктанат.

Профилдик окутуу жогорку класстарда тандалып алынган сферага керектүү чыныгы компетенттүүлүктү калыптандырууга алдын ала зарыл шарттарды түзөт. Ал эми жалаң эле ачкычтуу (өзөктүү) компетенциялар менен гана чектелбеген чыныгы компетенттүүлүк бул жогорку класстардагы окуучуларды алдын ала сапаттуу адистикке даярдайт. Бирок, окуучулардын терең өздөштүргөн билим, билгичтик, көндүмдөрү болмоюнча ал маселени ишке ашыруу мүмкүн эмес. Ошентип, компетенттик парадигма когнитивдик-информациялык парадигма менен толуктанат. Инсандык мамиле жогорку мектепте окуучуларда профилдик окууну тандап алууга керектүү мүмкүнчүлүк бере тургандай алардын таанып-билүүчүлүк муктаждыктарын эске алуу аркылуу ишке ашырылат.

Культурологиялык парадигма бир жагынан гуманитардык профилдеги класстарда басымдуулук кылат, мында маданияттын өзөктүү маселелери жогорку профессионалдык деңгээлде терең үйрөнүлөт, экинчи жактан ал прагматизмдин чеги жок тажатмалыктан сактайт. Жогорку класста мындай коркунуч болбой койбойт. Ошондуктан окуучунун тандап алган кызыкчылыктарынын сферасына таянып, деги адистер үчүн "бытиёнун маданияттагы зарылдыгын" жана ар кандай профиль жемиштүүлүгүн негиздеп көрсөтүү менен жалпы философиялык-культурологиялык пландагы маселелерди "сууруп чыгууга" керектүү абдан этияттуу факт жана педагогикалык жөндөмдүүлүк талап кылынат. Келечектеги менеджер да, юрист да, медик да эртедир-кечтир баары бир өзүнүн ишмердигинде сөзсүз философиялык этиканын маселелери менен тыгыз кездешет.

Мына ушул педагогикалык парадигмалардын ар биринин маани-маңызын, билим берүүнү модернизациялоодогу ээлей турган ордун аң-сезимдүүлүк менен талдап чыгып, бирин да унутта калтырбастан, алардын оптималдуу айкалыштыктагы объективдүү гармониясын аныктап жана аны практика жүзүндө ишке ашыруунун технологиясын даана билүү окуу-тарбиялоо процессинин өзөгү болгон – билим берүүнүн мазмунун бүгүнкү күндөгү мектептин, окуучунун, педагогдун, ата-эненин, мамлекеттин жана коомчулуктун талаптарына жооп бере тургандай деңгээлде объективдүү аныктоого керектүү эң зарыл шарт болуп эсептелет. Демек, окуу программаларын, окуу китептерди жана окуу-методикалык колдонмолорду түзүүчү авторлор үчүн бул шарттын аткарылышы сөзсүз милдеттүү жана ал чоң жоопкерчиликти талап кылат.

Башкаларга караганда компетенттик парадигма жана анын ишке ашырылышы көпчүлүк педагогдор үчүн белгилүү даражада анча тааныш эместей, ошондуктан татаал болгонсуп көрүнөт. Ушундан улам компетенттүүлүктүн маани-маңызын чечмелеп берүүнү максатка ылайык деп эсептедик.

Адегенде “компетенттүүлүк” термини жөнүндө сөз кылуу менен биз билим берүүнүн натыйжасын жаңыча трактовкалоого педагогикалык коомчулуктун көңүлүн бурууну туура көрдүк. Анткени окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү өздөрүнүн тигил же бул адистик боюнча алган билимдерин функционалдык мааниде пайдалана алышпайт. Мисалы, мектептин бүтүрүүчүлөрү тил жана адабият сабактарынан алган билиминин негизинде сочинениени эң сонун жазышканы менен кээде керектүү жерге далилдүү кат түзгөндү, арыз же корутунду жазганды билишпейт. Демек, алар өз билимин функционалдык милдеттүүлүктү нормативдик талаптарга ылайык аткарганга, пайдаланууга көнүшкөн эмес, башкача айтканда алардын предметтик билгичтиктери бар болгону менен универсалдык жалпы билгичтиктери жок. Ал эми билим берүүнүн башкы максаттарынын бири адамды тигил же бул ишмердиктин ыкмалары менен куралдандыруу жана ошол билгичтиктерди турмуштук практикада пайдаланууга даярдоо, башкача айтканда анын компетенттүүлүгүн калыптандыруу эмеспи.

Ушул өңүттөн алып караганда к о м п е т е н т т ү ү л ү к – бул ишмердиктин (эмгектенүүнүн) ыкмаларын өздөштүрүү жана аларды турмуштук практикадагы функциялык милдеттүүлүктөрдү нормативдик талаптарга жооп бергидей деңгээлде аткара билгичтик болуп эсептелет.

Азыркы күндө адистердин ишмердиктеринде компетенттүүлүктүн бир нече түрлөрү турмуштан орун алууда:

Т е х н о л о г и я л ы к к о м п е т е н т т ү ү л ү к – бул технологияларды өздөштүрүүгө жана аларды профессионалдык ишмердикте жана турмуштук ситуацияларда сабаттуулук менен пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Коюлган маселелерди профессионалдуу чече билүү үчүн билимдерге, билгичтиктерге өз алдынча ээ болууга туура келет.

И н ф о р м а ц и я л ы к к о м п е т е н т т ү ү л ү к – бул азыркы информациялык коомдо ийгиликтүү эмгектенүүгө, маалыматтарды талдап, сындап чыгуунун негизинде туура чечимге келүүгө жардам берет.

Социалдык өз ара аракеттенишүү башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын алардын кызматкерлерине болгон симпатия же антипатияларга карабастан, өзүңдүн маселелериңди чечүүгө пайдаланууга жардам берет.

К о м м у н и к а т и в д и к к о м п е т е н т т ү ү л ү к – бул башка адамдардан жана уюмдардан керектүү информацияларды алууга, чечимдерди кабыл алууга таасир этүүгө, башка адамдардын баалуулуктарына жана кызыкчылыктарына толеранттуу мамиле жасоонун негизинде ынандыруу, ишендирүү иштерин жүргүзүүгө жардам берет.

Компетенттүүлүктүн мындан башка да көптөгөн түрлөрүнө токтолуп олтурбастан эми биз билим берүү тармагындагы компетенттик мамилеге токтололу.

Билим берүүдөгү компетенттик мамиле – баарыдан мурда окутуу программасында көрсөтүлгөн базалык билимдерге гана эмес ошондой эле жалпы окуу билгичтиктерине (же универсалдуу билгичтиктерге) ээ дегендикти көрсөтөт. Бул багытта такталып иштелип чыккан педагогикалык технология азырынча жок.

Мисал катары адегенде сабакта окуучулардын коммутативдик билгичтиктерин жана, мисалы, м а т е м а т и к а л ы к компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө керектүү кандай шарттарды аныктоого туура келе тургандыкты карап көрөлү. Башка предметтерге караганда негизинен математика сабагында биринчи кезекте калыптандырылуучу “базистик” математикалык билгичтиктердин болжолдуу тизмеси деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:

1. Логикалуу ойлоно билүүчүлүк, далилдей билүүчүлүк, негиздей билүүчүлүк, аргументтештире билүүчүлүк, айтылгандарды сын көз менен кабылдай билгичтик.

2. Математикалык тилди коммуникациянын, кепти (речти) жана ишмердикти уюштуруунун каражаты катарында билүү.

3. Математикалык моделдерди түзүп, алар менен иштей билүү (“Математика – математикалык моделдер жөнүндөгү илим”).

Булардын маани-маңызын аңдап билип өздөштүрүү үчүн өзүбүзгө же башкаларга мындай деген суроолорду берип көрөлү:

– Мектепте математиканы окутуунун кандай зарылдыгы бар?

– Келечекте бул тармактагы кесипте иштебей турган, мисалы, айдоочу, врач, чач тарач ж. б. математика эмнени берет? деген суроолор боюнча аңгемелешүүдөн кийин анын катышуучуларынан: “бул предмет адамга айлана-чөйрөдөгү чындыкка туура багыт алууга жардам берет, акылды тартипке келтирет, адамдын речинин өнүгүүсүнө өтө таасир этет...” ж. б. жоопторду угууга болот.

Чындыгында эле предметтик билгичтиктер менен универсалдык билгичтиктердин кандай байланышы бар? Мис., математикалык билгичтикти адамдын турмушунда кездешүүчү универсалдык башка билгичтикке кантип пайдаланууга болот? – деген суроо туулат. Мис., балдарга квадраттык теңдемелерди окутуп жатканда аларга мен эмнени үйрөтөм? Алардын турмушта адамга эмне кереги бар?

– Мында окуучулар эмнелерди үйрөнө алышат?

– Кандай билгичтиктерди калыптандыруу үчүн кандай шарттар түзүлөт, алар кандай универсалдуу билгичтиктер менен байланыштуу болушат?

Ушул сыяктуу суроолордун жардамы менен предметтик билгичтиктерди универсалдык билгичтиктерге өткөрүүнүн шарттарын ойлонуштурууга түрткү берүүгө болот. Чындыгында эле предметтик билгичтиктер ар түрдүү универсалдык билгичтиктердин калыптанышына чоң өбөлгө түзөт. Мисалы, ошол эле квадраттык теңдемелерди үйрөнүүдөн алган билгичтиктердин негизинде балдар: алгоритм боюнча иштөөгө, моделдер менен, формулаларды пайдалануу менен иштөө билгичтиктерине үйрөнүшөт, ал билгичтиктер балдарга башка предметтерди (физика, химия, биология, тарых) окуудагы, анализдөө жана салыштыруу жумуштарын аткаруудагы ыкмаларды ишке ашырууда сөзсүз жардам берет.

Математикалык билгичтикти универсалдык билгичтикке айлантуу сабак предметтик башка кабинетте өткөрүлгөндө окуучу өзүнүн математикадан алган билгичтигин, эми мис., химия сабагында пайдалануусунда ишке ашырат. Тилекке каршы, окуучулар өздөрүнүн бир предметтен алган билгичтиктерин ар дайым эле башка предметтик сабакта пайдалана алышпай тургандыгын көп мугалимдер билишпейт. Мындай кыйынчылыкты жеңүү үчүн мугалим балага белгилүү болгон ыкмаларды (билгичтиктерди) жаңы ситуацияда кандайча пайдалануу керек экендигин атайын түшүндүрүп жардам көрсөтүүсү зарыл. Мис., теңдемелердин системасынын жардамы менен физикалык маселелерди чыгарууда окуучулар төмөнкүдөй себептерден кыйынчылыкка кездешүүлөрү ыктымал:

– физикалык ситуациянын "чуулгандуу" шартында процесстин математикалык моделин түзүүнүн татаалдыгы, мурдатан белгисиз символдордун болуусу;

– маселенин шартын, анын өзгөчөлүктөрүн, аны чыгаруунун стратегиясын түшүнбөөчүлүк, математикалык аппаратты жаңы белгилөөлөрдө колдоно албагандык.

Мындай учурда мугалим окуучуларга жардам берүү үчүн маселени чечүүнүн төмөндөгүдөй бир катар жолдорун көрсөткөнү жакшы:

– мугалим предметтик же предметтик эмес материалдарда символикалык текст менен иштөөнүн кээ бир ыкмаларын өзү көрсөтүп, туюнтманын маани-маңызын, логикасын, аны өзгөртүп түзүүлөрдүн бөтөнчөлүктөрүн ачып көрсөтө алат;

– символикалык текст менен группалык же өз алдынча жеке иштөөнү уюштуруп, ал иште текстти кадимки (сөз жүзүндөгү) тилден математикалык тилге, геометриялык тилден векторлук тилге которуу жумушун аткартып, ошондой эле бир ыкма менен берилген моделди башка моделге которууну уюштурууга болот.

Бул багыттагы иштин натыйжалуулугу бир нече предметтик мугалимдердин биргелешип иштөөлөрүндө эң жакшы ишке ашат, мында алар бир илимдин методдорун же андагы предметтик билгичтиктерди башка илимде колдонуунун конкреттүү ыкмаларын белгилей алышат.

Мис., бир нече мугалимдер белгилүү бир билгичтикти (айталы, салыштыруу билгичтигин) тандап алышып ошол билгичтикти бекем калыптандыруу боюнча иштешет дейли, мында алардын предметтери балдардын дал ошол билгичтикке ээ болуусуна керектүү материал гана болуп кызмат кылат. Натыйжада бул билгичтиктин маани-маңызын балдар ар түрдүү предметтердин өзгөчөлүктөрүнө карата кандайча түшүнүп билүү керек экендигин ачык көрүшөт.

Математиканы окутуу процессинде окуучуларда компетенттүүлүктү (ар бир ишке компетенттүү мамиле кыла билүүнү) калыптандыруу үчүн жогоруда көрсөтүлгөндөй, баарыдан мурда ар бир тема боюнча таза математикалык (предметтик) билгичтиктердин тизмесин аныктоого туура келет.

Мис., VII класстагы "натуралдык көрсөткүчтүү даража" деген тема боюнча предметтик төмөнкүдөй билгичтиктерди белгилеп алууга болот:

– $n$ дин ар кандай терс эмес бүтүн маанилери үчүн $a^n$ ди эсептей билүү;

– негизги даражалардын таблицасынан пайдалана билүү;

– даражанын касиеттерин алгебралык туюнтмаларды жөнөкөйлөтүүгө жана алардын маанилерин эсептөөгө пайдалана билүү.

Эң пайдалуусу, мына ушул билгичтиктердин калыптандырылышы кезинде окуучулар закон ченемдүүлүктөрдү таба билүүгө, аларды сөз түрүндө баяндап берүүгө, ар түрдүү версияларды (болжолдоолорду) айтууга, гипотезаларды негиздөөгө кошо үйрөнүшөт. Мунун бардыгы компетенттүүлүккө керектүү сапаттарга кирет.

**Профессор И. Б. Бекбоев**

**АБИТУРИЕНТ -** (лат. abiturus – кетүүгө даярданган) – орто билим берүү окуу жайын бүтүрүп, жогорку же атайын орто билим берүү окуу жайларына тапшыруучу адам.

**АБДРАИМОВА -** Роза Асан кызы (1957–ж. т., Тогузторо р-ну) – пед. илимдеринин доктору (1998), Эл аралык пед. ж-а соц. илимдер Акад. академиги (2001). Кырг. кыз-келиндер пед. ин-тунун музыка факультетин бүтүргөн (1978). Ош мамл. пед. ин-тунда ага окутуучу (1978–1991), Украинанын пед. илимдер академиясынын аспиранты, докторанты (1991–1998), Кырг. Респ. Украинадагы өкүлчүлүгүнүн советниги (1992–1997), Украинанын Тышкы иштер министрлигинин Дипломаттык Академиясын бүтүрүп «Магистр внешней политики» академиялык даражасын алган. 1997–2002-ж. Кырг. Респ. Тышкы иштер министрлигинде, Кыргыз Билим берүү министрлигинде, Кырг. Респ. Премьер-министринин Аппаратында иштеген. 2002-жылдан Жайыл р-ндук администрация башчысынын орун басары.

**АБДРАХМАНОВА -** Симила (1944-ж. т., Чүй р-ну). Кырг. Респ. «Эл мугалими» (2001). Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунун муз. бөлүмүн бүтүргөн (1967). Калинин р-нундагы Эркинсай орто мектебинде музыка мугалим (1967), башталгыч класстын мугалими (1976). «Эл агартуунун отличниги» (1991), Кырг. Респ. эмгек сиңирген мугалими (1995).

**АБОНЕМЕНТ -** (фр. abonement) – белгилүү мөөнөткө чейин бир нерседен пайдалануу укугу; китепканадан китеп, театрдан, стадиондон, бассейнден ж. б. орун алуу ж-а алардан пайдаланууга укук берүүчү документ.

**АБСТРАКЦИЯ -** – (лат. abstraktio) – таанып-билүүнүн диалектикалык жолунун этаптарынын бири; кубулушту, процессти үйрөнүүдө анын олуттуу эмес белгилери эске алынбастан, жөнөкөйлөштүрүп «таза түрдө» кароо ыкмасына негизделген изилдөө методу.

Балада алгачкы А. анын күндөлүк аракетинде калыптанат. Мис., эки жашка чейинки бала өңү бир түстөгү ар түрдүү оюнчуктардын ар башка экенин ажырата албайт же тескерисинче, ар башка түстө боёлгон оюнчуктардын бирдей экенин түшүнбөйт. Бирок чоңдордун жардамы м-н тиешелүү предметтик аракеттерди өздөштүрүп, бала оюнчуктардын түстөрүнө байланышкан анын касиеттеринен тез эле А-га өтөт, кандай түстө боёлгондугуна карабастан күрөкчө м-н кум салып ойнойт.

Мектеп жашындагы балдарда болсо А-нын өнүгүшү түздөн-түз окууга (билим алууга) байланышкан. Бирок баланын адегендеги ойлоосу өтө эле конкреттүү болот. Мис., 1–класста бала 6 таякчага 2 таякчаны кошкондо канча таякча болорун өздөштүрсө да, ал таякчаларсыз 6га 2ни кошкондо канча болорун айта албайт. Бирок бара-бара практика жүзүндө буюмдар м-н иштеп, билимге ж-а ыкмаларга ээ болгон сайын мугалимдин жетекчилиги астында окуучулар конкреттүү көрүнүштөн А-га өтүү жөндөм-дүүлүгүнө үйрөнүшөт. Окутуудагы абстракциялаштыруу окуучунун жалпы өнүгүшүн шарттайт, анткени ал анын окуу материалын өздөштүрүү кезиндеги анализдөө, салыштыруу ж. б. ойлонуу аракеттеринин негизинде калыптанат. Мис., геометрияда перпендикуляр түшүнүгүн туура кабыл алып өздөштүрүү, ал түшүнүктүн эң негизги белгилерин (эки түз сызык, алардын кесилиши, алардын арасында бурчтун тик болушу) анализдөөгө ж-а андан ары ал белгилерди конкреттүү көрүнүштөрдүн ар кандай формаларынан туура таап пайдаланууга негизделет; ар түрдүү буюмдардан же алардын сүрөттөлүштөрүнөн окуучулар перпендикулярдуулуктун негизги белгилеринин бар же жок экендигин издешет. Мында алар фигуралардын, моделдердин, буюмдардын ж-а ар түрдүү татаал курулуштардын кандай экендиктерине эч назар салбастан туруп, алардан перпендикулярдуулукту гана издешет. Натыйжада алар үйрөнүлүп жаткан объекттердин олуттуу эмес белгилеринен А-га өтүүгө үйрөнүшөт.

Окутуу процессинде А. эки формада болот: 1) конкреттүү объекттердин сезилүүчү көргөзмөлүү А-лары (схемалар, чиймелер); 2) туюу органдарынын жардамы м-н сезилбестен ойдон куралып сөз аркылуу түшү-нүктү пайда кылуучу А. жаңы окуу материалын өздөштүрүүнүн биринчи этаптарында сезилүүчү А. өтө зарыл, анткени ал көргөзмөлүү, далилдүү ж-а ишенимдүү болот.

Окуу процессинде А-нын ар кандай деңгээли пайдаланылат, мунун өзү окуучулардын реалдуу чындыкты диалектикалык көз караште үйрөнүү жөндөмдүүлүгүн арттырат. Мис., математика сабагында окуучуларга сандар – булар конкреттүү буюмдардын А-сы, тамгалар болсо сандардын А-сы, көптүктөр – тамгалардын А-сы ж. б. экендигине ж-а бул А-лардын улам кийинкиси улам мурдакысына салыштырмалуу жогорку даражадагы А. экендигин көрсөтүү алардын жалпы математикалык кругозорунун өсүшү үчүн өтө пайдалуу.

**АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН ОКУТУУ СИСТЕМАСЫ (АОС - )** ж-а аны түзүүгө байланышкан окуу программасы. ЭЭМди түрдүү предметти окутууда, билимди текшерүүдө, консультация ж-а маалымат берүүдө; окуучуга жекече мамиле кылуу м-н убакытты кыскартууда ж-а окутуунун сапатын көтөрүүдө; окуу программасын иштеп чыгууда программалоонун алгоритмдик тилдерине салыштырмалуу убакытты 5 эсе кыскартууда; группалардын ж-а ар бир окуучунун окуу ишмердиги тууралуу жыйындарды уюштурууда ж-а статистикалык маалыматтарды эсептөөдө колдонулат;

Ага төмөндөгүдөй талаптар коюлат: ал адаптацияланган, б. а. окуу процессинин конкреттүү керектөөсүнө ылайыкташтырылган болуусу, түрдүү окуу процессине карата универсалдуу келип, аны педагогикалык изилдөөлөрдө ж-а эксперименттерде колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлүшү керек, о. эле ал окуу программаларын ж-а материалдарды дифференциациялоо ж-а кеңейтүү касиеттерине да ээ болуусу зарыл. Кеңири тараган АОСко төмөндөгүлөр кирет: «АОС ВУЗ» (ЭВМ ЕС үчүн), «Школьница», «Рига», «Радуга» (түрдүү типтеги персоналдык ЭЭМ үчүн). Мис., академик А. П. Ершовдун жетектөөсү астында иштелип чыккан «Школьница» АОС окуучуларды ЭЭМдин мүмкүнчүлүктөрү м-н тааныштырууга, программалоо ыктарын калыптандырууга, окуу процесстерин башкарууну уюштурууга, окуучулардын билимдерин автоматташтырылган контролдоону уюштурууга, математикалык, физикалык ж.б. маселелердин чыгарылышын камсыздоого, машыгуу көнүгүүлөрүн өткөрүүгө, физикалык ж. б. процесстердин ж-а кубулуштардын моделдөө ж-а имитация программасын колдонууга, оюн кырдаалынын негизинде маалымат кызыкчылыгын өстүрүүгө, ЭЭМди информациялык камсыздоо системасы катары колдонууга, ЭЭМди физикалык процесстердин ж-а кубулуштардын демонстрациясы үчүн колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Системанын киришүү тили болуп окуучуларга «Информатиканын негиздери жана эсептөө техникасы» окуу китебинен тааныш окуу-өндүрүштүк «Рапира» тили жана о. эле графиктерди чийүүгө, сүрөттөлүштү экранга чагылдырууга, мультфильм түзүүгө мүмкүн болгон «Шпага» графикалык пакети саналат. Башталгыч класстын окуучуларын окутуу үчүн Робик тили колдонулат.

**АВТОМАТИЗМ -** (грек. өзү аракет этүүчү дегенди билдирет) – психологияда аң-сезимдин контролсуз аткарылуучу аракети.

Окууга, билим алууга керектүү аракеттерди үйрөнүүдө А-дин мааниси зор, үйрөнүү процессинин башталышында адам керектүү эрежелерди системалуу түрдө аткарат. Ошондуктан ал өзүнүн көңүлүн толугу м-н жумуштун сапатына буруууга мүмкүндүк алат. Мис., окуучу жазуунун техникасын үйрөнүп алгандан кийин ал калемсаптын жардамы м-н керектүү тамгаларды кандайча чийип жазуу керек экендиги ж-дө ойлонуп олтурбайт, мунун өзү ага жазылуучу тексттин мазмунуна гана көңүл топтоого мүмкүндүк берет, жаттагандан кийин жадыбал ар бир адам үчүн А-ге айланат да, натыйжада турмуштук маселелерди чыгарууда адам ал ж-дө ойлонуп отурбастан эле өзүнүн бүт көңүлүн маселенин мазмунуна ж-а анын чыгарылыш жолуна гана топтойт.

Окууда А. көнүгүүлөрдү, аракеттерди узак убакыт бою бир нече ирет сезимдүү кайталоонун негизинде гана пайда болот. Көнүгүүлөр жетишээрлик санда кайталанып иштетилгенден кийин гана окуучунун билимди практикада пайдалана билгичтиги А-ге (аң сезимдин контролусуз эле аткарыла берүүчү аракеттерге) айланат. Бирок пайда болгондон кийин да А. (автоматташкан аракеттер) каалаган убакта акыл-эстин жардамы м-н жөнгө салынып турат.

**АВТОРДУК МЕКТЕП -** – бөтөнчө программа м-н иштеген таалим-тарбия мекемеси. Тарыхта мындай мектептердин үлгүлөрү ар кайсы мамлекеттерде, түрдүү көрүнүштө дамамат жашап келгендиги маалым. Мис., Витторино да Фельтре, Я. А. Коменский, С. Френе, Л. Н. Толстой, П. П. Блонский, В. А. Сухомлинский мектептерин көрсөтүүгө болот.

Адатта, мындай мектептин башында жаңычыл мүнөздөгү педагогикалык концепциясы бар ж-а аны иш жүзүнө ашырууга бүт коллективди ынандырып, шыктандыра алган, иш билги лидер педагог турат. Мындай мектеп коллективи таалим-тарбия ишиндеги олуттуу проблемаларды өздөрү тандап, артыкчылык берген технологиялык табылгаларга таянып чечүүгө умтулушат. Ал эми алардын ишинин майнаптуулугу, үзүрлүүлүгү, ишенимдүүлүгү окуучулардын бир муунун даярдап чыгарганда гана айкын болот. Албетте, А. м-тин тажрыйбаларын башка мектептерде өрнөк тутуп, тикеден-тике колдонуу айтаарлык натыйжа бербейт. Бирок, ал тажрыйбалардан келип чыккан рационалдуу ой-тыянактар, методикалык табылгалар башка массалык мектептердин ишмердүүлүгүн байыта алат.

**АВТОРДУК ОКУУ ПРОГРАММАЛАР -** мамл. билим берүү стандарттарынын негизинде түзүлөт. Бирок анда түзүүчүнүн жеке көз карашына ылайык окуу материалдарынын түзүлүш логикасы бир топ бөтөнчө берилиши мүмкүн. Автордук жеке көз караш айрым теорияларды, кубулуштарды, процесстерди, фактттарды чечмелөөдө да байкалышы мүмкүн. Мындай окуу программалар ал илим тармагындагы адистер, педагог, психологдор, методисттер тарабынан рецензиялангандан кийин гана мектептин пед. кеңеши тарабынан бекитилет.

А. о. п. көбүнчө тандама сабактар (факультативдик) б-ча кеңири колдонулуп келүүдө. Россиялык белгилүү дидакт А. В. Хуторский мектепте айрым бир окуучуну окутууга байланыштуу базистик окуу планынын окуучулук компоненти катары эсептелген жеке билим программалары да болушу зарылдыгын белгилейт. Бул программалар ар түрдүү ж-а ар кандай формада болушу мүмкүн. Ал айрым окуу предметтерине же окуучуга комплекстүү билим берүүгө да таандык болот. Аларды түзүүгө тике ж-а кыйыр түрдө окуучулардын өздөрү катышат. Мындай типтеги программалар да ар бир окуучу үчүн бүтүндөй же айрым предметтер б-ча окутуунун жеке максаттары, ишмердиктин планы, олимпиадаларга, конференцияларга катышуунун графиктери, чыг-лык иштердин аталышы, күтүлгөн билим натыйжалары, жетишкендиктерди текшерүү ж-а баалоонун формалары белгиленет.

Окуу программасын түзүүнүн концентрленген ж-а түз сызыктуу деп аталган эки ыкмасы бар. Түз сызыктуу ыкма м-н түзүлгөн программада окуу материалынын бирдиктери бири бирин ырааттуу улап олтурат ж-а бир эле теманы ар жыл өткөн сайын кайра-кайра кайрылууга жол бербейт. Ал эми окуу материалын концентрленген ыкма м-н түзүү бир эле теманы кийинки класста, татаалданган түрдө кайрадан кайрылууга негизделет.

**АВТОРЕФЕРАТ -** – автор тарабынан изилдөөнүн мазмунунун кыскача жазылышы. Диссертациянын А-ы – кандидаттык же докторлук диссертациялардын мазмунунун автор тарабынан кыскача жазылган түрү. А-тын түзүлүшү төмөнкү элементтерди камтыйт: иштин жалпы мүнөздөмөсү; проблеманын актуалдуулугу; иштин максаты; изилдөөнүн объекти ж-а предмети; илимий божомол; изил-дөөнүн милдеттери (чечилүүчү маселелер); изилдөөнүн методдору ж-а методологиялык негизи; изилдөөнүн жетектөөчү идеясы; диссертациянын теориялык ж-а практикалык баалуулугу; ил. жаңылыгы; коргоого сунуш кылынган жоболор ж-а натыйжалар; диссертациянын теориялык ж-а практикалык жыйынтыктарын сынап көрүүнүн жолдору; диссертациянын түзүлүшү ж-а көлөмү; сүрөттөрдүн, таблицалардын, тиркемелердин саны; диссертациянын негизги мазмуну; жалпы корутунду; диссертациянын темасы б-ча жарыяланган эмгектердин тизмеси; кыргыз, орус, англис тилдеринде жазылган кыска аннотация.

А. диссертация коргоого сунуш кылынгандан кийин белгиленген тартипте типографиялык жол м-н жарыяланат ж-а тийиштүү илимий мекемелерге, адистерге таркатылат. Ага коюлуучу талаптар Улуттук аттестациялык комиссиянын жоболорунда көрсөтүлөт.

**АВТОРИТЕТ - – ж**етекчинин (педагогдун) айткандарына, көрсөтмөлөрүнө, кеңешине, оюна кол алдындагылары (тарбиялануучулар, окуучулар) канчалык даражада ыйнанып баш ийише тургандыгынын чени. А. кызматтык ж-а өздүк болушу ыктымал. Кызматтык А. административдик түрдө тигил же бул кызматка дайындоочу буйрук м-н түзүлөт, ал эми өздүк А. болсо жетекчинин (тарбиячынын) билимдүүлүгү, ишмердиги, моралдык жагымдуулугу, ишке компетенттүүлүгү, адептүүлүгү, сылыктыгы аркылуу гана пайда болушу мүмкүн. Чыныгы жетекчи кызматтык А. м-н гана чектелип калбастан, аны өздүк А. м-н байытууга тийиш.

А. м-н катар кадыр (престиж) деген түшүнүк да көп колдонулат. Кадыр – жетекчинин жөндөмдүүлүгүн, артыкчылыгын, билимин, эмгегин, бай тажрыйбасын, акылдуулугун анын кол алдындагылары (тарбиялануучулары) канчалык даражада урматтай тургандыгын билдирет. Жетекчинин А-и м-н кадыры үчүн анын өздүк сапаты чоң роль ойнойт, бирок алар аны м-н гана камсыз кылынбайт. Мис., жетекчиге караганда анын кол алдында иштөөчүнүн адамга керектүү өздүк сапаттары көп болсо, анда ал коллективде жетекчи жогорку А-ке же кадырга ээ боло албайт. А-ке ж-а кадырга ээ болуу үчүн жетекчи талыкпастан такай окуп ж-а үйрөнүп, керектүү тажрыйбанын запасын түзүүгө тийиш, аны м-н ал кол алдындагыларга үлгү боло алат.

Тилекке каршы, айрым жетекчилер А-ти туура эмес жол м-н, б. а. колундагы бийликтен кыянат пайдалануу, мактоо чараларын ж-а жазаларды ойлонбостон колдонуу, кыйкыруу, кээде коркутуп опузалоо, коллективге өз менчигиндей мамиле кылуу аркылуу түзүүгө аракеттенет. Мындай адам татыктуу жетекчи боло албайт. Мындай «жетекчинин» ишине анын кол алдында ак иштегендер дайыма нааразы болуп натыйжада тиешелүү жогорку органдарга даттануу (ачык же тоголок) каттарды жазышат.

Кээде жетекчи өзүнө А-ти түзүү үчүн кол алдында иштөөчүлөрдү ж-а баарыдан мурда орун басарларды ишинин сапаттары б-ча өзүнөн жогору болбогон адамдардан тандап алат. Муну м-н ал өзүнүн кол алдында иштөөчүлөрдүн фонунда жакшы болуп көрүнгүсү келет. Мындай жол тескери жыйынтыкка дуушар кылат, анткени кол алдында иштөөчүлөргө толук өлчөмдө таянууга мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, жетекчи бардыгын өзү иштөөгө мажбурланат да, бардык майда иштерге кийлигишүүгө аргасыз болот, ошондуктан орчундуу маселелерди чечүүгө анын убактысы жетпейт. Мындай жетекчи убактылуу же биротоло башка жакка кете турган болсо, анда мекеме башчысыз калат. Орун басарлары иштей алышпайт, жетекчини башка жактан издеп дайындоо зарылчылыгы келип чыгат. Мунун өзү ишке белгилүү өлчөмдө тескери таасир этет.

Жетекчиге керектүү А-ти кандайча түзүүгө болот? Буга жооп катарында берилүүчү сунуштар өтө көп, биз алардын ичинен эң негизгилерин (милдеттүү түрдөгү минимумдар) санап кетели. А. төмөнкүлөр м-н камсыз кылынышы ыктымал:

максатка умтулуучулук, иштин эң негизги түйүндөрүн туура ажырата билүүчүлүк. Эгерде жетекчи коллективдин алдында турган маселени чечүүгө туруктуулук менен аракеттенип умтулгандыгын анын кол алдында иштөөчүлөр көрүшсө, анда коллективдин алдында анын А-ти жогорулайт;

маселени чечүүдөгү оперативдүүлүк. Маселени ар дайым токтоосуз, оперативдүү чечүү керек. Кээде ойдогудай ийгилик чыкпай турган болсо да, баары бир маселени оперативдүү чечүүгө аракеттенүү зарыл;

өзүнүн ж-а башкалардын убактысын баалай билүүчүлүк. Ар түрдүү чогулуштарга, кеңештерге карала турган маселелерге түздөн түз тиешеси болгон гана кишилерди чакыруу ж-а аларды күттүрбөө зарыл;

өз жаңылыштыгын мойнуна ала билүүчүлүк. Эгерде кайсы бир иш б-ча жаңылыштык (ката) кетирген болсо, анда жетекчи өзүнүн коллективинин алдында аны мойнуна алууга эрки жетүүгө чейин;

кол алдында иштөөчүлөрдүн (тарбиялануучулардын) сунуштарын дайыма колдоого алуу. Тигил же бул маселени талкуулоо кезинде коллектив тарабынан көп эле сунуштар айтылат, алардын кээ бирөөлөрү каралып жаткан маселенин чечилишине азырынча түздөн түз тиешеси болбогону м-н кийинчерээк пайдаланышы мүмкүн экендигин эске алуу зарыл;

кол алдында иштөөчүлөр м-н болгон мамиленин стилин өзгөртпөө, б. а. жетекчи болгонго чейин «сиз» дешип жүргөндөргө эми «сен» деп, же тескерисинче мамиле кылуудан алыс болуу. А-ке ээ болуу үчүн туура мамиле кылуунун стилине, сылыктыкка, адептүүлүккө көнүгүү зарыл;

кол алдында иштөөчү адамга анын ишинин кемчилиги б-ча эскертүүнү башка бирөө жок кезинде берүү. Мектептин директору мугалимдин жетишкен ийгиликтерин башка мугалимдердин көзүнчө, ал эми анын жетишпеген кемчиликтерин болсо өзүнө жалгыз эскертип көрсөтүүсү зарыл. Мугалимди окуучулардын же ата-энелердин көзүнчө уяткарууга болбойт. Эгерде мугалим өзүнүн кемчиликтерин мойнуна албай каршылык көрсөтсө, анда мындай учурда аны коллективдин алдында сындоого туура келет;

жетекчинин (мис.,мектеп директорунун) өзүнүн чыгып сүйлөөсү саясый жагынан да, уюштуруу жагынан да, мазмуну жагынан да мугалимдерге, окуучуларга ж-а башка ар кандай коллективге өтө таасирдүү болууга тийиш;

толкунданып (ачууланып) турган абалда чечим кабыл албоо керек, анткени мындай чечим жетекчини жаңылыштыкка дуушар кылуусу ыктымал. Аны андан кийин жоюу кыйын болот;

мугалимдерге буйрукту өтүнүч иретинде же тапшырма түрүндө берген жакшы. Мындай тапшырма ачык ж-а так берилип, анын аткарылыш сапатына коюлуучу талаптар, көлөмү ж-а бүткөрүү мөөнөтү так көрсөтүлүүсү зарыл;

жетекчи кол алдындагы адамдарды алардын ишинин сапаты б-ча гана өзүнүн байкап көргөн фактыларынын негизинде баалоого тийиш. Текшерилип, аныкталбаган кабарларга ишенип бирөө ж-дө ой жүгүртүүгө болбойт;

мектеп директору мугалимдердин сабактарына баарыдан мурда аларга методикалык жардам көрсөтүү үчүн же аларда болгон жакшы тажрыйбаны талдап үйрөнүү үчүн катышат. Ошондуктан эгерде мугалимдер кыйынчылыкка учураган кезде өздөрүнүн жеке демилгеси б-ча директорду сабагына чакырып, өзүнүн ишинин жетишкен ж-а оюнан чыкпай калган жактарын ачык айтып, жардам күтүп аны м-н акылдашса, анда бул директордун А-тин ырастайт, анткени мында мугалим директорду сөзсүз андан пайдалуу жардам алам деген үмүт м-н чакырат. Тескерисинче, эгерде директор өзүнүн иш планы б-ча мугалимдин сабагына кирейин дегенде ал мугалим коркуп түрдүү шылтоолор м-н (бүгүнкү сабакта контролдук иш эле алынат же бышыктоо иши эле болот ж. у. с.) директордун бүгүнкү бул сабакка катышпай коюусун өтүнүп жалдырап суранса, анда ал директор сабакты анализдөөгө ж-а объективдүү каалоонун иск-восуна кантип жетишүү керек экендиги ж-дө, өзүнүн теориялык байлыгын өркүндөтүү ж-дө, адамдар м-н мамиле кылуунун стилин өздөштүрүү жөнүндө ойлонушу керек. Анткени мындай учурда мугалим директордон курулай жемелөөдөн башка эч бир пайдалуу жардам ала албастыгына, директордун методикалык туура сунуш бере албастыгын билген болот.

Ата-эненин авторитети – ата-энени сүйүүгө ж-а урматтоого, алардын турмуштук тажрыйбасына, айткан сөзүнө, иштеген ишине ишенүүгө негизделген атанын ж-а эненин балдарга тийгизүүчү таасири. Бул тарбиялоонун эң зарыл шарты болуп эсептелет. Кенже жаштагы балдардын тарбияланышында Ата эненин А-и негизги роль ойнойт, мындагы тарбия атанын ж-а эненин чынчыл, адилет экендигине болгон баланын ишенимине, ата-эненин жасаган иштерин ж-а жүрүш-туруштарын баланын кайталап жасап тууроого умтулуусуна негизделет. Так режимде ж-а туура талапта тарбияланган бала «мүмкүн», «мүмкүн эмес», «керек», «кереги жок» деген түшүнүктөрдүн маанисин иш жүзүндө баамдап өздөштүрөт.

Орто ж-а андан жогорку жаштагы балдар кишилерге, алардын кылык-жоруктарына ж-а иштеген иштерине сын көз м-н мамиле кылышат. Ошондуктан бул кезде ата-энелердин жоопкерчилиги, аларга коюлуучу талаптар бир кыйла жогорулайт, балдар м-н кандайча мамиле кылуу керектигин алар аябай ойлонушу керек. Бала канчалык улуураак (чоңураак) болгон сайын ата-эненин коомдук ж-а адептүүлүк авторитети ал үчүн ошондой маанилүү боло баштайт. Бала атасынын же энесинин коомдук ишмер экендигин, анын коомго сиңирген эмгегин, жетишкен ийгиликтерин билүүгө ж-а аны м-н сыймыктанууга тийиш. Алардын үй-бүлөдөгү мамилелердин жакшылыгынан ж-а тарбиянын туура коюлушунан түзүлөт. Ата-эне балага талапты катуу коюуга тийиш, бирок талапкерчилик м-н катар балага ишенүүчүлүк, чыныгы жароокерлик дайыма болушу керек, ансыз бала ата-энеге берилип чын сырын айтпайт. Эгерде балдар ата-энелерин сүйүп урматтаса, өздөрүнүн көңүлүндө ыйык сактала турган сырларын ж-а тилектерин ортого салып сырдашса, алардын айткан кеңештерин угуп, талаптарын ыктыярдуулук м-н аткарышса, анда дал мына ошонун өзү чыныгы ж-а жетилген авторитет болуп эсептелет. Коомдогу адептүүлүктүн жогорку принциптерине, баланын турмушун, ага жардам берүүнү ж-а аны тарбиялоого жоопкерчиликти сезе билүүгө негизделген мындай авторитет чоң балдар үчүн да өз күчүн жоготпойт.

Кээ бир ата-энелер балдары үчүн чыныгы авторитетке жетише алышпай, аны антипедагогикалык жалган негизде курушат. Ар кандай жол м-н ж-а каалагандай күч м-н балдарды эптеп тил алдырууга аракеттенүү тарбиялоого зыян гана келтирет. Баланын өздүк оюн каккылап басмырлоо балада баш ийип моюн сунуучулукту, ачуусу келип каарданып жүдөгөндүктү пайда кылат, бул бара-бара ата-эне м-н баланын арасындагы мамиленин бузулушуна алып келет. Тескерисинче, ата-эненин өтө эле тил алгычтыгы, сеники ырас деп макул боло берүүсү баланын кежирлигине ж-а жок нерсени эңсеп кесирленүүсүнө, эгоизмге, өзүмчүлдүккө гана тарбиялайт. Ата-эненин А-ин бекемдөөдө мектептин ж-а мугалимдердин ролу зор. Ата-энелер да мугалимдин авторитетине кылдаттык м-н мамиле кылуу керек.

Мугалимдин авторитети – мугалимдин окуучуга тийгизүүчү таасири, тарбиялоонун зарыл шарты. Мугалимдин А-и анын чыныгы инсандыгынын тарбиялоодогу ролу м-н аныкталат. Мугалимдин коомдогу ролу, жалпы адамзаттык прогрессивдүү идеяларга берилгендиги, өзүнүн коомдук-саясий активдүүлүгү анын авторитети башкы негизин түзөт. Муналимдин А-и анын айрым окуучулар м-н болгон мамилеси м-н гана аныкталбастан, баарыдан мурда ал анын бүткүл коллектив м-н болгон мамилесине жараша болот. Коллективди барктоо Мугалимдин А-ин күчөтөт, ал ар кандай окуучуну баш ийүүгө ынандыруучу күчкө айланат. Мындай авторитетке ээ болуу үчүн мугалим башка сапаттар м-н катар балдар коллективинин ташкындаган чыг-лык турмушун уюштура алгыдай жөндөмдүүлүккө ээ болууга тийиш.

Мугалимдин А-и мектептин бүткүл пед. коллективинин авторитетине таянат. Пед. коллектив канчалык ынтымактуу, биримдик болсо, анын окуучулар, ата-энелер ж-а коомчулук арасындагы жалпы авторитети да ошончолук жогору болот, ар бир мугалим да авторитеттүү болот. Албетте, өз предметин окутуу м-н гана чектелип калбастан, бүткүл мектептин турмушуна кам көрүп, коомдук иштерге активдүү катышуучу педагогдун авторитети башкалардыкынан алда канча жогору турат.

Мугалимдин адептүүлүк турпаты (облиги) анын авторитетинин күчүн бир кыйла аныктайт. Эрте жаштан баштап эле балдар адамдык нарктуу моралдын негизги нормаларын өздөштүрө баштайт. Аларда адептүүлүктүн идеалы калыптанат да, алар ага жакындоого умтулушат. Албетте, балдар мындай идеал деп баарыдан мурда өздөрүнүн насаатчысын эсептегиси келет. Мугалимдин ар бир сөзүн, ар бир ишин балдар мына ушундай эң жогорку эталон м-н өлчөгүсү келет. Ошондуктан мугалимдин сабакка кичине эле кечиккени, контролдук иштин бир эле күнгө кечиктирилип берилиши анын авторитетин бошоңдотушу мүмкүн. Окуучулар окууга, коомдук иштерге, жолдошторуна түрдүү мамиле жасашат. Ошого жараша алардын жүрүш-туруштарына мугалим да түрдүү мамиле жасай тургандыгы белгилүү. Бирок мугалим адилет эмес деген жалган ой эч бир балада болбоого тийиш. Муалимдин А-инин зарыл негизи болуп анын билимдүүлүгү, предметти эң мыкты билиши ж-а пед. устаттыгы эсептелет. Балдар мугалимдин бул сапаттарын эң кылдат сезе билишет, мугалимдердин ар кайсынысынын кадыр-баркы ж-а кемчилиги ж-дө алардын өздөрүнүн ою болот.

Мугалимдин А-инин күчү көбүнчө анын адамгерчилик сапаттарына: балдарды сүйүүсүнө, мүнөзүнүн катуулугуна, боорукерлигине, шайыр-шаттуулугуна жараша болот. Мугалимдин личностунун сүйкүмдүүлүгү балдарды багынтат, аларды толук чечилип сырларын чын жүрөктөн айтууга алып келет, анын көңүлүнө ж-а мактоосуна татыктуу болууга аракеттенүүнү пайда кылат.

Бала эң эрте жашында чоң кишинин авторитетине кыйшаюусуз (ал чоң киши экендигинен гана) баш ийет. Чоңойгон сайын балдар чоң кишилердин сапаттарын аң-сезимдүү түрдө кабыл ала баштайт, алардын артыкчылыктарын гана эмес, кемчиликтерин да көрүп кабыл алышат. Мугалимдин а-инин таасири эми тандалмалуу мүнөздө боло баштайт: мугалим бир маселе б-ча авторитеттүү болгону м-н экинчи маселе б-ча авторитетсиз болуп чыгышы ыктымал. Мис., эгерде мугалим өз предметин эң сонун билгени м-н балдардын кубанычы ж-дө эч камкордук көрбөсө, анда окуучулар анын окууга байланыштуу болгон бардык көрсөтмөлөрүн көңүлдүү угушат, бирок алардын личностуна берген анын баасына кайдыгер бойдон калышат.

**АДАБИЯТ -** – мектепте көркөм-адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүчү ж-а окутуп-үйрөтүүчү ишмердикке негизделген предмет. А. – «адабай» деген араб сөзүнөн келген. Окуучулардын сөз өнөрүн кабыл алууга, көркөм маданиятын, эстетикалык табитин, оозеки ж-а жазуу кебин өстүрүүгө, чыг-лык жандүйнөсүн байытууга, рухий сезимин көтөрүүгө багытталган бул предмет мектеп практикасындагы негизги сабактардын бири. Мектепте А. курсунун үйрөнүү объекти –

көркөм сөз өнөрү, коомдук турмушту, адамдын жан дүйнөсүн изилдеген көркөм образдар дүйнөсү. А. өзүнүн образдык-эмоционалдык жаратылышынын аркасында коомдун адеп-ахлак идеяларын, бийик гуманисттик ж-а рухий асыл нарктарын окуучунун сезим-туюму, эмоциясы, психологиясы, жүрөгү аркылуу алып өтүп, анын аң-сезимине, рухуна бекем сиңире билүүгө жөндөмдүүлүгү м-н тарбия системасында башка каражаттарга, предметтерге караганда кыйла артыкчылыктарга ээ. Кыргыз адабияты курсу үчүн азыркы мезгилде улуттук фольклордун, ырчылар поэзиясынын ж-а жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары тандалып алынган, о. эле дүйнөлүк А-тын да мыкты үлгүлөрү сунуш кылынган. Окутуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоодо: эстетикалык-көркөмдүк, адеп-ахлактык, лингвистикалык, психологиялык-педагогикалык, жанрдык-тематикалык критерийлер негизге алынган. Көркөм чыгармалардын тексти м-н терең таанышуу, адабияттаануунун негиздерин үйрөнүү, окуучунун речин өстүрүү бул предметтин башкы максаты болуу м-н андан окуучулар көркөм өнөрдүн бир формасы катары адабият м-н өз алдынча таанышуу көндүмдөрүнө, билгичтигине, сөз өнөрүндөгү асылдыкты көрүп, эстетикалык табитин тазартуу маданиятына ээ болот.

Кыргыз А-ы окуу предмети катары кыргыз мектептеринде үч этапты камтыйт: 1 этап: V–VII класстар – адабияттык окуу; II этап: VIII–IX класстар – тарыхый-адабий курстун элементтерин ичине алган, системалык курска жакындатылган адабияттык окуу; III этап: X–XI класстар – системалык курс. Ар бир этаптын өзүнүн өзгөчөлүгү мазмуну ж-а ошого ылайыкталган окуу китептери, окутуу методдору болот ж-а алар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, көркөм А-ты кабыл алуу даярдыгына байланыштуу ишке ашырылат.

**АДАБИЙ ОКУУ -** – башталгыч класстардагы эне тили (окуу) предмети адабий окуу деп аталган. Ал адабияттык окуудан айырмаланат. А. о-нун негизин «окуу» түзүп, анын адабий багыты күчөтүлөт. Анда текстти окуудан баштап, айтып берүү, суроолорго жооп берүү, текстти өзгөртүп түзүү, кыскартып, жактарын өзгөртүп айтуу, текстти бөлүктөргө бөлүп, аларга ат коюу, бөлүктөрдүн ортосундагы байланышты аныктоо, план түзүү, каармандардын ортосундагы окшоштуктарды, айырмачылыктарды аныктоо, жаратылыш көрүнүштөрүн сүрөттөгөн, каармандарга тиешелүү саптарды ачык көрсөткөн көркөм сөз каражаттарын таап, аларга талдоо жүргүзүү, текстти улантуу, тексттеги жыйынтыкка башкача жол м-н келүү, макал-лакаптарды пайдаланып текст түзүү, автордун чеберчилигин көрө билүү, андан өзү үчүн жаңылык ачуу, мурда аткарылбаган жаңы деңгээлдеги өз алдынча текст жаратууга чейин камтылат.

**АДАМ -** — жердеги тирүү жандыктардын ичинен жогорку деңгээлге көтөрүлгөн аң-сезимдүү жаныбар. Аны башка жандыктардан: эмгек куралдарын улам өркүндөтүп, жасай билиши, жаратылыштын сырларын ачып, башкара билиши, сөз түрүндөгү алакага ээ болушу ж. б. айырмалап турат. А-дын бул жетишкендиги анын өзүн ж-а чөйрөнү таанып-билүүгө болгон керектөөсү м-н шартталган. Мында башкы өбөлгө эмгек м-н тилге таандык. Эмгек анын коомдук-жаратмандык сапаттарын өрчүтсө, тил анын тааным жөндөмдүүлүгүн арттырган. Бул эки башат тышкы ж-а ички дүйнөнүн төптүгүн, бүтүндүгүн жаратуу м-н бирге эле алардын айырмачылыгын да камсыз кылган.

А. турпаттуу жандыктардын эң байыркы табылгаларынын жанынан сомдолуп жасалган эмгек куралдары табылган. Алгачкы А-дардын эң байыркылары: «гоминид» деп аталып, сүт эмүүчүлөр тобуна кирген. Алардын теги зинджантроп (1млн. ж.) Азия, Африкада жашаган. Андан соң питекантроп (Ява аралдары), синантроп (Кытай), атлантроп (Африка), неандертальд, кроманьон (Хомо сапиенс) — акылы бар адам деп аталган бабалар өткөн. Ошентип, А. татаал тарыхый-эволюциялык өнүгүүнүн майнабы. Эмгек куралдарын жасоодон улам ал эң алгачкы коомдук керектөө болгондугун баамдоого болот. Ошол эле учурда ага чейинки жаныбарлар тобунда (балык, куштар ж. б.) добуш, үн ж-а кыймыл-аракет (белги) аркылуу маалымат алышуу көрүнүшү өнүккөндүгүн көрөбүз. Демек, А-дын А-га айланышында эмгек м-н бирге эле тил да чечүүчү милдет аткарган. А-дарды мындан башка жыныстык, диний, улуттук, расалык ж. б. белгилерине карай бөлүштүрүшөт. А. теги, анын келип чыгышы, бөтөнчөлүктөрдүн себеби ж. б. тууралуу көптөгөн көз караштар бар. Бул А. тарыхы м-н табиятынын өтө татаалдыгын көр-сөтөт.

**АДАМ АТА, ОБО ЭНЕ -** – диний түшүнүк б-ча Кудай жараткан эң алгачкы пенделер, адамзаттын атасы ж-а энеси. Диний аңыз б-ча Кудай адегенде күн м-н түндү, ай-ааламды, жерди, өсүмдүктөр м-н жаныбарлар дүйнөсүн, андан соң топурактан жууруп, адамды жаратып, анын таноосуна дем үйлөп, жан киргизип, ага булардын бардыгынан ыракат алып жашап, аларга бийлик кылууну тапшырат. Адам атаны бул да ыраазы кылбаган соң, аны уктатып коюп, кабыргасынан сөгүп, Обо энени жаратат. Ал экөө бейиште жашап жүрүп, жылан болуп кубулган шайтандын тилине кирип, Кудайдын жебегиле деген алмасын үзүп жеп коюшуп, анын каарына калып жерге куулушат. Ошондон баштап, түйшүк тартып, эмгек м-н күн көрүп калышкан делет. Хам, Сим, Яфет балдары болот. Алар эр жетип, ар кимиси ар түрдүү эмгектин түрүн аткарат. Бир ирет Кудай алардан өзүңөрдүн эмгегиңерден тартуу алып келгиле деп суранат. Дыйканчылык кылган Хамдын алып келгендерине анча көңүл бурбай, мал баккан Симдин алып келгендерин мактап койгондугуна ичи тарып, Хам Симди өлтүрүп салат. Бир ата, бир энеден тараган адам тукумунда ар кандай пенделик сапаттардын калыптанышы тууралуу олуттуу ойго түрткөн бул диний сюжет алиге окурмандарды бушайман кылып, көптөгөн талаш-тартыштын чордону болуп келет.

**АДАПТАЦИЯ -** (ыңгайлашуу) – биологиялык кең мааниде алганда организмдин айлана-чөйрөдөгү шарттарга (жарыкка же караңгыга, суукка, ысыкка, кислороддун жетишсиздигине, барометрлик басымдын өзгөрүшүнө карата) ылайыкташуусу.

Окуу процессинде болсо А. кээ бир ил. адабияттын же окуу предметинин текстин тажрыйбасы болбогон окурмандарга ылайыкташтырып, жеңилдетип берүүнү билгизет. Ил. маалыматтар, жаңы ачылыштар, көркөм чыгармалар ж. б. окуу китептеринде балдарга жеткиликтүү болгудай ылайыкташтырылып А-ланган текст түрүндө берилет.

Адабияттын текстин А-лап берүү өтө жооптуу иш, ал эң чоң устаттыкты, тексттин мазмунун терең талдап билүүнү, автордун стилин бузбай сактоону талап кылат. А-ланган текст көбүнчө чет тилдерин үйрөнүүдө колдонулат. Мындай учурда, текст бир кыйла кыскартылып, анын синтаксистик түзүлүшү жеңилдетилет да, татаал сөздөрү алынып ташталып,

сейрек кездешүүчү сөздөр жалпыга белгилүү сөздөр м-н алмаштырылат, же аларга түшүндүрмө берилет. Кыргыз мектептери үчүн түзүлгөн орус ж-а чет тилдериндеги окуу куралдарында А-ланган мындай тексттер өтө көп.

**АДАТ -** – дайыма кайталанып туруучу иштин түрүн аткарууда улам автоматташып ж-а талапка айланып кеткен иш-аракет. Мына ушул жагынан ал машыгуудан (навык) ж-а билгичтиктен (умение) айырмаланат. Көндүм болгон талаптар аткарылбаса, адам өзүнө ыңгайсыз, жагымсыз болгон абалды сезип турат. Бул баш мээдеги шарттуу рефлекстин калыптанышына негизделген**.**

А. тескери (өзүнө, чөйрөгө зыяндуу) ж-а оң (бардыгына жагымдуу) болушу мүмкүн. Мис., чылым тартуу, кумар ойноо – терс адат. Оң адаттар – спорттук көнүгүүлөр, тазалык көндүмдөр, кайсы бир эмгектин түрлөрүн так, сапаттуу аткаруу, кандайдыр жүрүм-турум эрежелерин колдонуу, сактоо көндүмдөрү. Оң А-тар жекече ж-а коомдук турмушта адамдын жашоосун жеңилдетет. Аларга эмгектенүү ыктарынан калыптанган А-тар кирет. Ал ар кичине жаш куракта педагогдун ж-а ата-эненин системалуу аракетинен улам өнүгөт. Ошондой эле оң адаттын калыптанышы үчүн үй-бүлөдөгү чоң адамдарды, мектепте педагогдорду туурап эмгектенүү да чоң роль ойнойт.

**АДИСТИК -** (лат. species – түр) – билим берүү процессинде адис алган ж-а квалификациясынын белгилүү деңгээлин камсыз кылган билимдердин, билгичтиктердин ж-а көндүмдөрдүн жыйындысы, иштин түрү, кесип.

**АДИСТИК БОЮНЧА ОКУУ МЕТОДИКАЛЫК ТОПТОМ (КОМПЛЕКС - )** – мугалимдин предмет б-ча адистик теориялык билимин, усулдук чеберчилигин ж-а предметтин мазмунунун негизинде тарбиялык иштерди жүргүзүү деңгээлин жогорулатууга багыт берүү максатында түзүлүүчү окуу адабияты.

Булардын биринчи тобуна: мугалимдин өзү сабак берген илимдин тигил же бул проблемалары б-ча теориялык даярдык деңгээлин көрсөтүүчү ил. теориялар, закондор, концепциялар, гипотезалар, методдор б-ча түшүнүктөр камтылуучу адабияттар; экинчи тобуна: кайсы бир окуу предмети б-ча билим берүүнүн жалпы проблемаларын ж-а анын мазмунун, окутуу методдорун, принциптерин, класстык ж-а класстан тышкаркы окууларды уюштуруу формаларын, жолдорун камтыган адабияттар кирет. Алардын максаты – мугалимдин сабак берүү чеберчилигинин деңгээлин көтөрүү. Үчүнчү топко: айрым алынган предметтер б-ча программалык материалдарды окутуу б-ча конкреттүү сунуштарды камтыган, жалпы проблемаларды конкреттүү темалардын, сабактардын негизинде чечүүнүн методикалык жол-жоболору б-ча мугалимди куралдандыруу максатын көздөгөн окуу адабияттары кирет. Окуу топтомунун төртүнчү тобу кайсы бир предмет б-ча окуучулардын жалпы таанып-билүү ж-а таалим-тарбия берүү проблемаларына, идеялык, патриоттук, интернационалдык, эстетикалык, экономикалык, экологиялык ж. б. арналса, бешинчи тобу сабактан тышкаркы лабораториялык-изилдөө иштерин, факультативдерди, окуу экскурсияларын уюштурууга арналат. Ал эми окуу хрестоматиялары, маалымат бергичтер, сөздүктөр, таблицалар, көнүгүүлөр топтомдору, маселелер ж-а текшерүү иштеринин, баяндама ж-а дилбаяндардын, тексттердин жыйнактары усулдук топтомдордун алтынчы тобуна кирет. Ал эми аларды түрлөрүнө жараша: методикалык куралдар, дидактикалык материалдар, маалымат бергичтер, көрсөтмө куралдар, таратып берүүчү материалдар, алдыңкы тажрыйбалардын топтомдору, сөздүктөр ж. б. деп бөлсө болот.

**АДИСТИН КЕСИПТИК МҮНӨЗ-ДӨМӨСҮ - –** жогорку окуу жайлары үчүн тигил же бул адистиктеги кесип ээлерин даярдоонун денгээлин аныктоо иретинде анын ишмердүүлүгүнө таандык теориялык билимдердин ж-а практикалык билгичтиктердин мазмунун ж-а структурасын айкындоочу атайын документ.

**АДЪЮНКТУРА -** – аскердик жогорку окуу жайлар м-н илим изилдөө мекемелеринде ил.-пед. кадрларды даярдоонун формасы. Граждандык окуу жайлардагы аспирантуранын аналогу. А. аяктап диссертация коргогондор илим кандидаты деген окумуштуулук даражага ээ болушат.

**АЗ КОМПЛЕКТТҮҮ МЕКТЕП -** – мугалим бир эле мезгилде бир нече класс м-н иштөөчү 1, 2, 3 комплекттүү башталгыч мектеп. 1 комплекттүү мектепте 1 мугалим бардык класстарды окутат; 2 комплекттүү мектепте 2 мугалим иштейт, алардын ар бири 2ден класс окутат; 3 комплекттүү мектепте 3 мугалим иштейт, алардын бирөө 2 класс окутат, 2 мугалим 1ден класс окутат. А. к. м. негизинен калк аз жашаган, жылына 1-класска окууга тартылуучу балдардын саны белгиленген нормага жетпеген чакан пункттарда иштейт. А. к. м-те окутуу башталгыч класстын окуу программалары б-ча жүргүзүлөт. А. к. м-тин 4 –классын бүтүрүүчүлөр базалык 9 жылдык мектептин 5–классына сынаксыз кабыл алынат. 2 комплекттүү мектепте адатта 1 мугалим 1- ж-а 3-класстарды, экинчиси 2- ж-а 4-класстарды окутат. Бир эле мезгилде бир нече класстты окутуу, албетте, мугалимден педагогдук жогорку устаттыкты талап кылат.

1, 2, 3 комплекттүү мектептердин ар бириндеги сабактардын расписаниесине ар башка кандай предметтерди түгөйлөп түзүү, сабактын ар бир этабында кайсы класс м-н эмне иштөө керек экендигин мурдатан ачык аныктап окутуу – өтө түйшүктүү ж-а ал кырдаалга карата ишке ашырылат. Мис., бир мугалим бир эле сабакта бир класска математиканы, экинчисине окуу сабагын окутат, же бир класска эне тилди, экинчисине сүрөт сабагын окутат. Бирок музыка ж-а дене тарбияны башка предметтер м-н түгөйлөштүрүүгө болбойт. Бул предметтер 4 сабактан кийин, же чоң тыныгуу убагында 20-25 минуталык болуп өткөрүлөт.

**АЙТМАТОВ -** Чыңгыз (1928, Карабуура р-ну) – кыргыз эл жазуучусу, коомдук ишмер, дипломат, УИА академиги, СССРдин Ленииндик ж-а Мамл. сыйл. лауреаты, Кырг. Респ. мамл. сыйл. ээси, Кырг. Респ. Эл Баатыры, Соц. Эмгектин Баатыры.

А. «Бетме-бет», «Жамийла», «Кызыл жоолук жалжалым», «Саманчы жолу», «Биринчи мугалим», «Ак кеме», «Гүлсарат», «Кылым карытар бир күн», «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт», «Фудзиямадагы кадыр түн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы» сыяктуу дүйнөлүк даңкы бар повесть, роман, драмалардын, көптөгөн публицистикалык макалалардын автору. Анын чыгармалары дүйнөнүн 100дөн ашык тилдерине которулган.

А. чыгаан жазуучу гана эмес, таланттуу педагог да болгон. Анын бир катар чыгармаларынын каармандары - мугалимдер ж-а балдар (Инкамал апай, Айша, Абуталип ж. б.). А. өзүнүн публицистикалык макалаларында

педагогдордун социалдык маселелерин ж-а билим берүүнүн курч проблемаларын козгогон. Чыгармаларында ж-а публицистикасында А. гуманист катары адамга, балага инсандык мамилени жактайт.

А-дун педагогдук кредосу – турмушка чыг-лык м-н мамиле жасаган, ички терең ишенимге эгедер, өз алдынча кайталангыс индивидуалдуу МЕНи бар, ыйман-абийири бийик, эркин инсан. Данияр, Жамийла, Толгонай, Танабай, Едигей, Абуталип, Елизаров, Бостон, Сабыр мына ушундай масштабдагы каармандар эркин, суверендүү рухтун өрнөктөрү.

А-дун көркөм-пед. концепциясы б-ча билим-тарбия процессиндеги борбордук нерсе – окуучунун субъективдүү активдүүлүгү, илим-билимге ички кумарлануусу, чындыкты өзүнүн акылы м-н ачышы, МЕНин, өз позициясын өзү аныкташы, өзүн-өзү тарбиялоосу, өзүн-өзү башкаруусу, өзүн-өзү реализациялоосу.

**АЙЫЛДЫК ЖАШТАРДЫН КЕЧКИ МЕКТЕБИ -** өндүрүштөн кол үздүрбөй сегиз жылдык ж-а орто билим берүүчү окуу жайы. 1944-ж. 15-июнда «Айылдык жаштардын кечки мектептерин уюштуруу жө-нүндө» токтом кабыл алынган. 1958-ж. тартып алар жумушчу жаштар мектеби сыяктуу эле жалпы билим берүүчү кечки /сменалык/ орто мектептер деп атала баштаган. Бул мектептерде окуучулардын каалоосу б-ча профессионалдык адистигин жогорулатуучу сабактар жана кыскартылган мөөнөт м-н сегиз, он жылдык мектептин көлөмүндө жалпы билим берүүчү класстар уюштурулган. Окуу жылынын башталышы айыл чарба жумушуна байланыштуу ар кайсы р-ндо ар түрдүү болушу мүмкүн. Кырг. Респ. 1973-ж. А. ж. к. м-де /сменалык/ 6,9 миңге жакын улан-кыз окуган.

**АЙЫЛЧИЕВ -** Асанбек (1930–2003) – физика–математика илимдеринин кандидаты, профессор, СССРдин, Кыргыз ССРинин билим берүүсүнүн отличниги, КР мамл. сыйл. лауреаты, «Ардак Белгиси» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгек ветераны» медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, КР Ардак грамоталары м-н сыйланган.

Кыргыз мамл. ун-тинин физика-математика факультетин бүтүргөн (1953). Ош пед. ин-тунун математика кафедрасынын ж-а В. В. Маяковский атн. кыз–келиндер пед. ин-тунун математиканы окутуунун методикасы кафедрасынын ага окутуучусу (1953–1957), ушул эле кафедранын башчысы (1960–1976), пед. факультетинин деканы болуп эмгектенген (1976–1997). А. 100дөн ашык ил. эмгектердин, анын ичинен 3 монография, 10дон ашык окуу китептеринин автору.

**АКАДЕМИК -** – Кыргыз УИАсынын ж. б. чет өлкөлөрдүн тармактык академияларынын анык мүчөсү. Ал академиянын жалпы чогулушунда шайланат. Кыргыз УИАсында А., ардактуу А., чет өлкөлөрдүн илимдер академияларынын ардактуу мүчөсү деген академиктик наамдар бар.

**АКАДЕМИЯ - –** айрым ил. мекемелердин ж-а окуу жайларынын аталышы. Мифтик каарман Академдин ж-а Афинанын жанындагы анын ысымына байланыштуу жердин атынан келип чыккан. Биринчи А. Платон А-сы (б. з. ч. 386-ж.) болгон. А. Кыргызстанда 1954-ж. Фрунзеде (азыркы Бишкек) СССР илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын базасында негизделген. Учурда Улуттук илимдер академиясы статусун алган.

**АКАДЕМИЯЛЫК ЖЫЛ - –** жогорку окуу жайларындагы сабактардын башталышынан, календардык жылдын күз айларынан кийинки жылдын жай айларына чейинки (адатта 8**–**10 ай) убакыт аралыгы; бул термин бир катар өлкөлөрдө колдонулуп, өлкө-дөгү бардык окуу жайлары үчүн кабылданган «окуу жылына» туура келет.

**АКАДЕМИЯЛЫК СААТ (ОКУУ СААТЫ - ) –** 1) окуу жайларындагы сабак үчүн бөлүнгөн 45-50 минутага созулган убакыт аралыгы. 2) окуу саатында окутууга арналган материалдын көлөмү. Окуу жайларынын пландары ж-а программалары окуу сааттары м-н эсептелет. Окуу материалын пландаштыруу, план б-ча өтүлгөндөрдүн эсеби, о. эле айрым окутуучулардын иштери А. с. б-ча жүргүзүлөт.

**АКАДЕМИЯЛЫК ЭРКИНДИК - –** жогорку окуу жайларындагы профессорлордун жетекчилигинде өзүн өзү башкаруу, жүргүзүлгөн окутуу программаларын аныктоо ж-а ички тартиптер б-ча укуктар; билим берүү ж-а ил.-изилдөө жагында инсанга берилген спецификалык укуктардын ж-а эркиндиктердин топтому; профессорлорду ж-а ректорлорду шайлоо көз карандысыз, сырткы административдик бийликтин кийлигишүүсүсүз жүрөт. Жогорку окуу жайлардын профессор-окутуучулар составына, ил. кызматкерлерге ж-а студенттерге төмөндөгүдөй эркиндиктер берилет:

– предметтик окуу пландарды өзүнүн тажрыйбасы, көзкарашы б-ча түзүү, ил.-изилдөө темаларын тандоо, аларды өзүнүн ыкмаларынын негизинде жүргүзүү,

– студенттин өзүнүн жөндөмдүү-лүктөрүнө ж-а муктаждыктарына карата билим алуусу.

**АКИЕВА -** Гүлдана Салмоорбековна (1957-ж. т., Фрунзе ш.) – педагогика илиминин доктору (1997), проф. (2002), Россия Федерациясынын социалдык ж-а пед. илимдер академиясынын анык мүчөсү (2000). В. И. Ленин атн. Москва пед. ин-тунун дефектология факультетин бүтүргөн (1980).

«Кыргызстанда аялуу балдарды тарбиялап, окутуу системасынын өнүгүү тенденциялары жана тарыхы» деген темада кандидаттык (1985), «Кыргызстандагы окуучулардын ден соолуктарын коргоонун системаларын өркүндөтүүнүн жана өстүрүүнүн педагогикалык негиздери» деген темада докторлук (1997) диссертацияларды коргогон.

А-нын ил. “Кыргыз Республикасында аномалиялуу балдарды окутуу, тарбиялоо системасын өнүктүрүүнүн тарыхы (1920–1990)”. “Педагогиканын кээ бир жалпы маселелери” (1994), “Кыргызстанда окуучулардын ден соолуктарын коргоо системасы” (1996), “Кыргызстанда окуучулардын ден соолуктарын коргоо системаларынын эффективдүүлүгүн арттыруунун педагогикалык негиздери” (1997).

**АКМАТАЛИЕВ -** Амантур (1934–2002, Тяншань р-ну) – этнограф, журналист, педагог. КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1994). Нарын пед. окуу жайын, мугалимдер ин-тунун тил-адабият факультетин (1948—54), Кыргыз мамл. ун-тинин журналистика факультетин бүтүргөн (1966). Лейлек, Нарын р-ндорунда мугалим болуп иштеген. 1972-ж. чейин «Советтик Кыргызстан» газетасында адабий кызматкер, бөлүм башчы, Нарын р-ндук «Коммунисттик эмгек» газетасында редактор. 1972—92-ж. Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Борбордук көркөм-сынак лабораториясында инженер, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде, респ-калык Эл чеберлер союзунда өнөр

таануучу болуп иштеген. 1993-ж. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын даярдоо ж-а өткөрүү б-ча мамл. дирекциясында башкы адис, 1996-жылдан Кыргыз билим берүү ин-тунун этнопедагогика бөлүмүндө ага ил. кызматкер, Эл чеберлер союзунда башкы өнөр таануучу болуп эмгектенген. Анын калеминен 20дан ашык этнографиялык, көркөм өнөр ж-а элдик педагогика багытындагы эмгектер, 100дөгөн макала, маек, очерктер жаралган. Алардын айрымдары («Баба салты, эне адеби» (1993), «Кыргыздын кол өнөрчүлүгү» (1996), «Кыргыздын уз-усталары» (1997), «Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү» (2001), «Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат» (2002) уникалдуу эмгектери бар. Ал элибиздин көркөм ж-а рухий-адептик мурасын сактоо, аларды жаштарга таалимдөө б-ча орто, атайын кесиптик ж-а жогорку окуу жайларында сабак берип, телерадиодо, басмасөздө, эл арасында тынымсыз баба-салтын, эне адебин жардап келген. Ал Кыргыз телерадиосунун, жергиликтүү өнөр жай тармагынын, кесиптик билим берүүсүнүн отличниги, республиканын Сүрөтчүлөр, Журналисттер, Эл чеберлер союздарынын, «Теңирордо» коомунун Бакай кеңешинин мүчөсү болгон.

**АКСЕЛЕРАЦИЯ** (лат. acselratio деген сөздөн алынган, тездөө дегенди билдирет). Б и о л о г и я д а түйүлдүктүн айрым бөлүкчөлөрүнүн тез калыптанышын, а н т р о п о л о г и я д а балдардын ж-а жаш өспүрүмдөрдүн денесинин физиологиялык бышып жетилүүсүнүн тездешин, п с и х о л о- г и я д а балдардын акылынын тез өнүгүшүн билдирет.

XIX к. аягында, XX к. башында дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө адамдардын денесинин өсүшүнүн тездегени байкалган. Ага байланыштуу болгон кубулуштардын татаал комплексин 1935-ж. Е. Кох А. деп атаган.

А. элдердин бардык социалдык группаларында байкалууда, ар түрдүү анатомиялык ж-а физиологиялык белгилерге таандык. Мис., мындан 100 жыл мурдагыга караганда азыр жаңыдан төрөлгөн баланын боюнун узундугу орто эсеп м-н алганда 0,5–1 *см*ге, массасы (салмагы) – 100–300 *г*га чоң. 5–7 жаштагы балдардын денесинин узундугу 1880-жылдан 1950-жылга чейинки мезгилдин ар бир 10 жылында орто эсеп м-н 1,5 *см*ге, массасы – 500 *г*га улам өсүп отурган. Мектеп жашындагы балдардын денесинин узундугу ушул эле мезгилдин ичинде 10–15 *см*ге өскөн. Балдар чоңойгон сайын А-нын темпи да күчөйт. Мис., Ленинград обл. 10–15 жылдын ичинде 16–18 жаштагы окуучулардын боюнун узундугу орто эсеп м-н алганда 6–9 *см*ге, салмагы 4–8 *кг*га, көкүрөгүнүн айланасынын узундугу 7–11 *см*ге өскөндүгү байкалган. Жаштардын өлчөмдөрүнүн өсүшү м-н катар алардын жыныстык жактан бышып жетилүү мөөнөтү да өзгөрүүдө.

Акыркы 75–100 жылдын ичинде жаштардын жыныстык жактан жетилүүсү мурдагыга караганда 2–3 жылга эртелеген.

Окумуштуулардын көбү морфологиялык А. психологиялык А. м-н бир убакта болот дешет, б. а. баланын денесинин өлчөмдөрүнүн тез өсүшү м-н анын психикасынын (акылынын) өсүшү да тиешелүү даражада тездейт десе, кээ бир окумуштуулар тескерисинче, балдардын психикасы алардын денесинин өлчөмдөрүнүн өнүгүшүнө туура келбей артта калат деп айтышкан. Бирок бул ж-дө азырынча бирдиктүү так критерий жок. Азыркы балдар мындан 50-100 жыл мурдагы балдарга караганда интеллектуалдык деңгээли б-ча бир кыйла жогору турары талашсыз. Анткени азыркы балдар мурдагыга караганда информацияларды өтө көп кабыл алышат, бирок алардын акылы, жоопкерчиликти сезүү сезими, өзүнүн жүрүш-турушуна, денесинин өлчөмдөрүнө анча туура келбейт. Мис., азыркы 5–6–класстардагы 12–13 жаштагы балдардын денесинин өлчөмдөрү б-ча рев-яга чейинки 16–17 жаштагыдай. Бирок 1916-жылдарда 16–17 жаштагылардын информацияны аз билишкени м-н алардын жоопкерчиликти сезүүлөрү азыркы 12–13 жаштагы балдарга караганда алда канча жогору болгон. Ошондуктан азыркы балдар өздөрүндөгү бай информацияларга ылайык жоопкерчиликти да сезгич болушу үчүн аларга атайын өз убагында туура багыт берип, психологиясынын өнүгүшүн тездетүү зарылдыгы келип чыгат.

**АКСИОЛОГИЯ -** – баалуулук, нарктуулук ж-а бийик дөөлөттөр ж-дөгү илим. Коомдогу ж-а коом мүчөлө-рүнүн ортосундагы адеп-ахлак мамилелериндеги баалуулук, нарктуулук түшүнүктөрдү, эрежелерди, талаптарды өз ичине камтыйт. Пед. А. – жаштарды коомдун баалуулуктарына, асыл нарктарына, адеп-ахлактык идеяларына, канондоруна шайкеш тарбиялоо маселелери ж-дөгү пед. илим тармагы.

**АКТИВДҮҮЛҮК -** – жаныбарлар организминин өзүнүн турмуштук муктаждыктарын канааттандыруу максатында тышкы дүүлүктүргүчтөргө ыкташа жооп кайтаруу касиети. А. адамдын өзүнүн муктаждыктарына, көзкараштарына, максаттарына ылайык айлана-чөйрөнү өзгөртө алуу жөндөмдүүлүгү, ал эмгектенүүдө, окууда, коомдук турмушта, чыгылыктын ар кандай түрлөрүндө, спортто, оюндарда көрүнөт.

Балдардын куактык өсүшүнүн этаптарына жараша баланын активдүүлүгү ар түрдүү болот. Эмчектеги баланын А-гү анын көзүнө көрүнгөндөрдүн бардыгын тең кармоого, аңтарып көрүүгө ж-а пайдаланып урунууга умтулуусунан көрүнөт. Андан ары анын А-гү бир кыйла башка формада, кыймылдуулугуна байланыштуу өнүгөт, предметке эмгектеп жетет, басат, жүгүрөт ж. б.

Мектеп жашына чейинки баланын А-гү анын жаңыны билүүгө (суроо берүү мезгили) умтулуусунан, оюнду өз алдынча башташынан ж-а ал оюнда чоңдордун аткарган иштерин кайталоосунан, башка балдар м-н байланыш түзүшүнөн, чоңдорго жардамдашуусунан, кээ бир нерселерди өз бетинче иштей алуусунан (мен өзүм деген мезгил) ачык көрүнөт. Бирок бул (куракта) баланын кээ бир ишке кызыгуусу кыска мөөнөттүү болуп, ал тез эле бир иштен экинчи ишке өтүп кетет. Бул жашында көп балдар оюн ойноодо да, башка иштерде да өздөрүнүн демилгесин көрсөтө алышпайт. Ошондуктан бул мезгилде баштаган ишти таштап башка ишке өтпөөгө баланы муктаж кылып, ойноло турган оюндун сюжетин айтып берип, башка балдар м-н достошо билүүгө үйрөтүп жардам берүү зарыл.

Мектеп жашындагы кенже балдар мектепке чейинки балдар сыяктуу иштин жүрүш процессине гана эмес, анын натыйжасына да өтө кызыгышат. Бул куактагы баланын А-гүн тарбиялоо үчүн анын ишин өз убагында ж-а системалуу контролдоп, өз күчүнө ишенүүчүлүктү, өзүнүн А-нүн зарылдыгын сезүүчүлүктү тарбиялоо зарыл.

Өспүрүмдөрдүн (V–VII класстар) А-гү алардын ар кандай иштеринде байкалат: окууда, эмгекте, техникалык модель жасоодо, ойлоп чыгаруучулукта, жаш натуралисттик жумушта, спортто ж. б.

байкалат, алардын мүнөздүү белгиси бүт бойдон өз алдынчалыкка умтулуу, бирок башталган ишти аягына чейин жеткире албайт. Ошондуктан педагог өспүрүм-дөрдү баштаган ишти сөзсүз аягына чыгарууга, кабыл алган чечимдин толук аткарылышын камсыз кылууга көнүктүрүп, аларга жардам берүүсү тийиш. Бирок мындай жардам өспүрүмдүн өз алдынчалыгынын өсүшүнө эч бир тоскоол болбошу керек.

Жогорку класстардын окуучуларынын А-ү алардын иштеринин жаңы формаларында, коомдук иштеринде, о. эле иск-вонун, адабияттын ж-а илимдин ар түрдүү тармактарындагы чыг-лыктарында ачык көрүнөт. Бул куурактагы окуучуларга алардын ар кимиси өздөрүнүн күчүн, талантын ж-а жөндөмдүүлүгүн кайсы тармакта жемиштүү өнүктүрүүсү максаттуу экендигин түшүндүрүп, жардам берүүгө туура келет.

**АКЫЛ АРАКЕТТЕРИН ЭТАПТАР БОЮНЧА КАЛЫПТАНДЫРУУ ТЕОРИЯСЫ -** – окуп үйрөнүү процессин окуучулардын таанып-билүү ишмердигин калыптандыруу катары карай турган, ишмердиктин коомдук пландагы тажрыйбадан жекече пландагы тажрыйбага айланып өтүшүнүн негизги этаптарын аныктоочу теория. Бул теориянын борбордук звеносу – белгилүү максатта ишке ашырылуучу аракет, мотив ж-а максат дал келишкен кезде маселени чыгаруу ишмердиги болуп саналат. Мис., эгерде окуучу адегенде колуна берген тапшырмаларды аларга эч кызыкпастан, жалаң окууга милдеттүү экендигинен гана жоопкерчилик сезиминин таасири астында же ал тапшырмаларды аткармайынча өзүнө кызыктуу болгон башка маселелерди түшүнүү сезими м-н аткарса, анда бул тапшырмаларды чыгаруу процесси окуучу тарабынан аткарылган аракет болот. Бирок эгер кээ бир этапта бул тапшырмалар окуучуну кызыктырып калса, эгерде ал тапшырмаларга карата окуучуда таанып билүү кызыкчылыгы келип чыкса, анда ошол эле тапшырмаларды аткаруу процесси ал окуучу үчүн ишмердик болуп калат, анткени, мында мотив (муктаждык) максат м-н дал келет.

Адамдын ар бир аракетинин багыттоо, аткаруу ж-а контролдоо бөлүк-төрү болот. Багыттоо бөлүгү аракетти ийгиликтүү аткарууга керектүү шарттардын чогуусунан турат. Аткаруу бөлүгү аракеттин объектинде берилген өзгөртүүлөрдү камсыз кылат. Контролдоо бөлүгү аракеттин жүрүшүн текшерүүдөн келип чыккан натыйжаларды берилген үлгү м-н салыштыруудан турат. Контролдоо бөлүгүнүн жардамы м-н аракеттин багыттоо ж-а аткаруу бөлүктөрүнө зарыл учурда түзөтүүлөр киргизилет. Ошентип, адамдын ар кандай аракети башкаруунун өзүнчө бир микросистемасын элестетет. Бул системанын “башкаруучу органы” (аракеттин багыттоо бөлүгү), “жумушчу органы” (аракеттин аткаруу бөлүгү), “текшерүү жана салыштыруу механизми” (аракеттин контролдоо бөлүгү) болот.

Психологиялык жактан алганда окутуунун негизги максаты окуучуларды аракеттерге үйрөтүү болуп эсептелет. Ал эми аракеттин жалпыланып кыскартылган акылдык формага өтүшү бир катар этаптарда гана ишке ашат.

Бул теорияга ылайык ар кандай аракетти окуучу толук өздөштүрүп, аны өзүнүн өздүк ички акыл-аракетине айландырышы негизинен беш этапта ишке ашат.

1-этапта окуучу үйрөнүлүүчү аракеттин максаты, анын обьекти, багыттоо системасы ж-дө керектүү түшүнүк алат, аракетти аткаруунун шарттары м-н үйрөнүлө турган аракетке кирүүчү операциялардын бардык үч түрү (багыттоо, аткаруу, контролдоо) кантип ж-а кандай тартипте аткарыла тургандыгы м-н алдын ала таанышат. Бирок анын бул иши азырынча аракет боло албайт, ал бар болгону бул аракеттин логикасын түшүнүп, ийгиликтүү аткаруунун шарттары м-н таанышуу гана болуп эсептелет.

2-этапта окуучу үйрөнүлүүчү аракетти, кээ бир материалды (же анын моделин, макетин, схемасын, чиймесин) пайдаланып иштейт. Ошондуктан бул этап аракет калыптандыруунун материалдуу (же материалдаштырылган) түрү деп аталат. Бул этапта окуучу аракеттин мазмунун өздөштүрөт, ал эми мугалим аракеттин составына кирүүчү ар бир операциянын аткарылышын контролдойт.

3-этапта ошол эле аракеттерди окуучу эч бир материалды (же анын моделин) пайдаланбастан катуу сүйлөп сөз формасында аткарат.

4-этапта аракетти адам өз ичинен кайталап үнсүз (үн чыгаруусуз) өз ичинен айтуу катарында аткарат. Бул этаптагы аракет алдыңкы этаптагыдан айырмаланбагансып көрүнөт, бирок ал акыл формасына айланып, тез эле кыскарып автоматташа баштап, формула түрүндөгү аракетке айланат.

Дал ушул моменттен баштап аракет жыйынтыктоочу эң акыркы 5-этапка – аракеттин калыптанышынын ичтен ойлонулуп айтылуучу этабына өтөт. Бул этапта аракет эң эле тез автоматтык агымга айланып, окуучунун өзүнө байкалбай кала баштайт.

Мына ошентип, окуучунун психикалык ички акыл-аракети тышкы, материалдык аракеттин бир нече этапта өзгөрүлүшүнүн продукту болуп эсептелет.

**АКЫЛ ТАРБИЯСЫ -** – өсүп келе жаткан муунду жашоого, эмгекке даярдоонун эң маанилүү тарабы, акыл ишмердиктерине кызыктыруу м-н акылын өстүрүү, таанып-билүү жөн-дөмдүүлүктөрүн арттыруу, билимге, ага ээ болуунун ыкмалары м-н куралдандырып, аларды практика жүзүндө колдонушуна көмөктөшүү, акыл эмгек маданиятын өнүктүрүү. Акылдын өнүгүшүнө ар тараптуу ишмердик өз таасирин тийгизет. Ишкердиктин мүнөзү да маанилүү. Бекерчилик ж-а максатсыз убакыт өткөзүү интеллектуалдык жардылыкка, акыл ж-а нравалык майыптыкка алып келиши мүмкүн.

**АКЫЛ ЧАБУУЛУ -** – бул чыгармачыл ой жүгүртүү методу. Ал адамды чектелип калуудан арылтуу аркылуу маселени жаңыча чечүү жолдорун табууга жардам берет. А. ч. интерактивдүү методдордун бири. Мында ар бир катышуучу өз ой-пикирин, идеясын эркин айтат. Катышуучулар бири бирин сындашпайт, тескерисинче, толукташат. «Туура эмес» деп да, «мен сага кошула албайм» деп да айтышпайт. Туура же туура эмес деп да бааланбайт. Андыктан, окуучулар өз ойлорун

эркин айтышат. Эч кандай обочолонууга жол берилбейт. Жөнөкөйлөтүп айтканда, «акыл чабуулу» ой жарыштырууга, көп жактуу ойлоого, бир нече варианттуу ойлоого, ал ойлорду салыштырууга, рационалдуу ыкманы табууга көмөктөшөт.

**АКЫСЫЗ ОКУТУУ -** – билим берүү-нүн демократиялык тутумунун негизги принциптеринин бири. Бул принцип Кырг. Респ. Конституциясында ж-а "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында бекитилген. А. о. эгерде ушул деңгээлдеги билимди жаран алгачкы жолу алса, мамл. тапшырманын ж-а билим берүү стандарттарынын чегинде мамл. билим берүү уюмдарында милдеттүү, акысыз жалпы орто, баштапкы кесиптик ж-а конкурстун негизи жогорку кесиптик ж-а жогорку окуу жайдан кийинки билим алуу үчүн зарыл болгон социалдык-экономикалык ж-а укуктук шарттарды түзүүнү талап кылат.

А. о. окуп жаткандар үчүн мамл. билим берүү уюмдарын күтүүнү бюджеттен каржылоо, билим берүү уюмдарынын билим берүүчү кызматтарын бюджеттен төлөө же мамл. билим берүү гранттарын берүү аркылуу ишке ашырылат.
**АЛГЕБРА** – арабдын «ал-жебр» деген сөзүнөн келип чыккан, ал математика илиминин негизги тармактарынын бири. А. бирдей типтеги арифметикалык маселелерди чыгаруунун жалпы методдорун изилдөөдөн ж-а коомдук практиканын муктаждыктарынан пайда болгон. А-да рационалдуу, иррационалдуу, комплекстүү сандардын системасынын касиеттери изилденет. А-да маселенин шарттары белгисиз чоңдуктар аркылуу туюнтулуп, алар м-н жүргүзүлгөн амалдардын негизинде теңдеме түзүлөт да, андан белгисиздин өзү аныкталат. А-нын өсүшүнө чыгыштын орто кылымдагы математиктеринин арабча жазылган эмгектери чоң таасир тийгизген. Өзбек математиги Мухаммед-ал-Хорезминин (IX–к.) «Алжебр ал-Мукобала» деген китебинде А-лык чоңдуктар м-н иштөө эрежеси ж-а теңдемелерди чыгаруунун теориясы иштелип чыккан. Ал-Хорезминин убагынан бери А. математиканын өзүнчө тармагы катарында окулат. Квадраттык теңдемелерди чыгарууга керектүү формулалардын табылышы жогорку даражалуу теңдемелер үчүн, о. эле формулаларды издөөгө түрткү болгон. 3– ж-а 4–даражадагы теңдемелердин чыгарылышына керектүү формулалар XVI к. табылган. Беш ж-а андан жогорку даражалуу теңдемелер үчүн мындай формулалардын жок экендиги XIX к. башында аныкталган. Азыркы кезде теңдемелерди изилдөө А-нын негизги маселеси эмес. Азыркы А. касиеттери А-лык операцияларда аткарылуучу жаратылыштагы объекттердин системалары ж-дөгү илим болуп эсептелет. А-лык операциялар: матрицаларды, функцияларды кошуу ж-а көбөйтүү, мейкиндиктик өзгөртүүлөр м-н болгон амалдар, векторлор м-н болгон амалдар ж. б. Илимдин өнүгүшүндө группа, талаа, алкак, структура, сызыктуу А., топологиялык А., гомологиялык А., категория ж. у. с. А-лык системалар пайда болгон. Бул системалар топологияда, функциялык анализде, сан теориясында, эсептөө математикасында, теориялык механикада ж-а физикада колдонулат.
**АЛГОРИТМ (АЛГОРИФМ - )** термини турмушта өтө эле сейрек колдонулат, ошондуктан көп адамдар үчүн ал өтө эле чоочун өңдүү угулат, бирок адам өзүнүн турмушунун ар бир кадамында белгилүү А-ди пайдаланат. Мис., санды ондук бөлчөккө бөлүүдө окуучу төмөнкүдөй А-ден пайдаланат. Адегенде бөлүнүүчүнү бүтүн түргө келтирет, б. а. бөлүүчүдө канча бөлчөк орду болсо, бөлүнүүчүнү да ж-а бөлүүчүнү да 1 м-н башталып аягы ошончо нольдор м-н аякталуучу санга көбөйтөт. Андан кийин санды бүтүн санга бөлүүнүн эрежеси б-ча бөлүү амалын аткара берет.
**АЛИППЕ -** – баланын сабатын ачуу, окууга ж-а жазууга үйрөтүүчү баштапкы окуу предмети. Баланын эң алгачкы, эң кичинекей энциклопедиясы болгон бул китеп балага эне тилинин мүнөздүү белгилери, дүйнө, айлана-чөйрө, Ата Журту, анын улуттук ыйык символдору, тарыхы, географиясы, элинин маданий салттары, элдик таалим-тарбия үлгүлөрү, үлгү туткан адамдары, өлкөнүн учурдагы түрдүү тармактагы жетишкендиктери ж. б. туурасында маалыматтарды өзүнө топтоо м-н, балага таанытат. Ошондуктан, А. – балага тамга таанытуучу гана эмес, дүйнө тааныткыч, Ата Журтун таанып билдиргич, элдик таалим-тарбиянын эң негизги үлгүлөрүн үйрөтүүчү өзгөчө окуу китеби.
Бүгүнкү күндө кыргыз мектептеринде он үчүнчү «А.» колдонулууда. Биринчи «А.» 1913-ж. (түз. И.Арабаев) чыккан. Улуттук «А.» китеби мазмуну ж-а түзүлүшү, билим ж-а тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү б-ча уламдан-улам өркүндөп келатат. Ал өзүнчө бүтүн комплексти түзүп турат, ага: «Алиппе» китеби, «Алиппе дептери», «Кесме тамгалар», «Шайыр тамгалар», «Методикалык колдонмо», «Класстан тышкары окутулуучу хрестоматия» кирет.
**«АЛИППЕГЕ» ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛ –** мектепке чейинки курактагы балдарга эне тилиндеги тыбыштарды таанытып, аларды өз алдынча ж-а сөздөрдө, кыска сүйлөмдөрдө туура айттыруу, оюнчук, сүрөттөрдү, көрсөтмө башка каражаттарды пайдаланып, артикуляциялык көнүгүүлөрдү уюштуруу. Бул мезгилде тарбиячылар китептеги сүрөттөрдү, көрсөтмө буюмдарды, сөз үлгүлөрүн пайдаланып, сүйлөм, сөз, муун, тыбыш, тамга деген түшүнүк-төрдү балдардын туура өздөштү-рүшүнө, эне тилинин ж-а ой-жүгүртүү-сүнүн өнүгүшүнө таасир этүүчү көнү-гүүлөрдү уюштурушат.
**АЛДАШЕВА -** Айгуль Абдулхаевна (1957-ж. т., Фрунзе ш.) – психология илимдеринин доктору (1996). Ленинград мамл. ун-тин бүтүргөн. КР УИА ил. кызматкер болуп иштеген. Социалдуу психология, башкаруу психологиясы б-ча адис. А. 40тан ашык ил. иштерди, анын ичинде 2 монография жазган.
**АЛТЫН МЕДАЛЬ - –** окуудагы, эмгектеги эң жакшы ийгиликтери ж-а үлгүлүү жүрүш-турушу үчүн орто мектепти бүтүргөндө берилүүчү сыйлык. Ал СССР ЭКСтин 1944-ж. 21-июндагы токтому м-н чыгарылган. А. медаль м-н 9–10–11-класстарда бардык сабактарын ж-а бүтүрүү экзамендерин «5»ке тапшырган, мектептин коомдук иштерине активдүү катышкан окуучулар сыйланат. А. медалды берүү ж-дө мектептин пед. совети кабыл алган чечимди өйдө жактагы эл агартуу органдары бекитет. А. м. м-н сыйлангандар жогорку окуу жайына кирүүдө кабыл алуу эрежелеринде белгиленген жеңилдиктерден пайдаланышат.
**АЛФАВИТ -** (грек. алфавитинин эң башкы эки тамгасынын: «альфа» (а) ж-а «бета (вита)» (б) аталышынан алынган). Ал эми орустардын «Азбукасы» славян А-индеги биринчи тамга а (аз), экинчи тамга б (буки) тамгаларынын аталышынан алынган. Славян А-и X к. ортосунда эки бир тууган Кирилл ж-а Мефодий тарабынан түзүлгөн. Азыркы славян эли (орустар, украиндер, белорустар, болгарлар, сербдер ж. б.) ушул А-тен пайдаланышат. Орустун биринчи «Азбукасын» 1574-ж. Иван Фёдоров түзгөн.

А. адам баласынын эң улуу жетишкендиги болуп саналат. Ал дароо пайда боло калган жок, бир нече кылымдарды басып өтүп, бизге ушул азыркы такталган, толукталган абалында келип жетти.

А. пайда болгонго чейин жазуунун ар кандай түрлөрү пайдаланылып келди. Аларга пиктографиялык (лат. pictus – сүрөттүү ж-а грек. grapho – жазуу), идеографиялык (грек. idea – ой, түшүнүк, grapho – жазуу), фонографиялык (грек. phone – тыбыш, grapho – жазуу) жазууларды көрсөтүүгө болот. Кыргыздар А-тин ар кандай түрлөрүнөн, мис., араб (1923–1927), латын (1927–1940), орус (1941–жылдан бери) пайдаланып келишкен.

**АЛЫМОВ -** Бектурсун (Бек) (1930, Панфилов р-ну – 1998, Бишкек) –публицист, педагогика илимдеринин доктору, проф., Кырг. Респ. эмгек сиңирген мугалими, СССР ж-а Кыргыз ССР жазуучулар ж-а журналисттер союздарынын мүчөсү, Эл аралык Айтматов академиясынын академиги. А. пед. окуу жайын, мугалимдер ин-тун, Ош пед. ин-тун бүтүргөн. Ош обл-нын Ленин, Ноокат, Араван р-нундагы мектептерде окуу бөлү-мүнүн башчысы, директор болуп эмгектенген. 1962–1966-ж. Кыргыз педагогика илим-изилдөө ин-тунда аспирантурада окуп кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы адистиги б-ча окумуштуулук даражага жумуриятыбызда биринчи ирет ээ болгон. 1972-ж. Кыргыз мамл. ун-тинде ага окутуучу, доцент ж-а проф. (1986) болгон. 1994-ж. докторлук диссертациясын коргогон. А. – кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминин пайдубалын түптөгөн белгилүү илимпоздордун бири. Ал талыкпаган эмгек жолунда мыкты адабий-теориялык ж-а методикалык эмгектерди жаратып, өз чыг-лыгы аркылуу кыргыз элинин филос.-пед. ой-дүйнөсүнүн, жалпы маданиятынын жогорулашына бакыбат салым кошкон. Анын калеминен 200дөй ил. эмгектер, окуу китептери жаралган. Окумуштуунун «Аалы Токомбаевдин чыгармаларын мектепте окутуу» аттуу эмгеги проблеманы адабий-методикалык планда ийгиликтүү чечкендиктен, эки жолу кайталанып басылган (1965, 1976). Анын «Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери» (1972) деген китеби кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде жаңылык катары кабыл алынып, анын калыптанышына ж-а өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон. А. ил.–теориялык деңгээлинин бийиктиги ж-а методикалык устаттыгы «Мектеп сочинениеси» (1982), «Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы» (1981, 1984) аттуу жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине арналган эки китептен турган окуулуктарында таасын көрүнгөн. А. кыйла жылдар бою орто мектептердин VII, VIII, IX класстары үчүн кыргыз адабияты б-ча программаларынын, окуу китептеринин ж-а методикалык эмгектердин автору болуу м-н, бул окуулуктардын мазмунун ж-а структурасын жакшыртуу багытында талыкпай мээнеттенген. Ал А. Токомбаев, М. Элебаев, Т. Сыдыкбеков, А. Осмонов, М. Алыбаев, Ч. Айтматов сыяктуу залкар сүрөткерлердин көркөм дүйнөлөрүнүн нарк-насили тууралуу жазган.

А-дун «Шакиртиме кат» аттуу көркөм публицистикасы ага чоң аброй алып келген. Анын сценарийи б-ча «Жараланган жүрөк» фильм-спектакли тартылып, «Өмүр элестери», «Күүнүн сыры» драмалары элдик театрларда коюлган.

**АМАНАЛИЕВ -** Жусупбек (1932-ж. т., Жумгал р-ну) – педагог, педагогика илимдеринин доктору (1992), проф. (1994). Кыргыз мамл. ун-тинин тарых факультетин бүтүргөн (1953). 1953–63-ж. Жумгал р-нундагы Чаек орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, директору, Атбашы р-нундагы балдар үйүнүн директору, Тянь-Шань обкомунун үгүт-насыят бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1963–69-ж. элге билим берүү министирлигинде мектептер башкармасында, 1989-жылдан орус тили ж-а адабияты пед. ин-тунда декан, Бишкек гуманитардык ун-тинде проректор болуп эмгектенген. 1992-ж. «Кыргызстандын мектептеринде билим берүүнүн өнүгүшү ж-а жаңылоонун жолдору» деген темада докторлук диссертация жактаган. 6 монографиянын, 100дөн ашык ил. эмгектин автору. Кырг. Респ. эмгек сиңирген мугалими, СССРдин ж-а Кыргызстандын эл агартуусунун отличниги, Н. К. Крупская атн. сыйл. лауреаты (1983), «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**АМОНАШВИЛИ -** Шалва Александрович (1937–ж. т.) грузин педагогу. Балдарды мектеп шартында алты жаштан баштап окутуунун бирден бир демилгечиси. Узак жылдар башталгыч билим берүүнүн жалпы мазмунун, формаларын ж-а методдорун аныктоо багытында эксперимент жүргүзгөн ж-а анын натыйжаларын «Саламатсыңарбы балдар!» (1983), «Алты жаштан мектепке» (1986), «Кандай өмүр кечирип жатасыңар, балдар?» (1986), «Педагогикалык процесстин инсан таламдуу негиздери» (1990) аттуу эмгектеринде жалпылаган. А-нин окутуу-тарбиялоо системасы гуманизмге, баланын мүмкүнчүлүгүнө карата терең ишенимге негизделген. Ал мектептеги 5 баллдык системанын, балдарды бири бирине салыштырып кароо сыяктуу салттуу ыкмаларга тескери мамиледе болгон. А. балдардын энергиясын жемиштүү иш-аракеттерге багыттоо б-ча педагогдор үчүн сунуш-кеңештерди иштеп чыккан. А. пед. көз караштары, идеялары Кыргызстанда да кеңири белгилүү. Ал өзү да респ-канын пед. коомчулугунун өкүлдөрү м-н тыгыз кызматташ. Бир нече жолу Кыргызстанга иш сапары м-н келип, мугалимдер үчүн лекция, семинарларды өткөргөн, айрым аспиранттардын диссертациялык изилдөө-лөрүнө жетекчилик кылган.

**АНАРКУЛОВ -** Хабибулла (1943 ж. т., Андижан обл.) – педагогика илимдеринин доктору (1994), проф. (1996). Кырг. мамл. дене тарбия ин-тун бүтүргөн (1969). Жалпы педагогика ж-а спорт педагогикасы б-ча адис. Кырг. Респ. эмгек сиңирген машыктыруучусу. Самбо күрөшү б-ча эл аралык категориядагы судья. Самбо, дзюдо, эркин күрөш, улуттук күрөш б-ча улуттук категориядагы судья. СССРдин спорт чебери (мастер), СССРдин дене тарбия ж-а спорт б-ча отличниги, Кырг. Респ. эл агартуу отличниги. 100дөн ашуун ил.-методикалык эмгектери, анын ичинде 8 монографиясы, «Кыргыз эл оюндары» (1991), «Киргизские народные подвижные игры и физические упражнения и современность» (2003), «Ала-Тоонун балбандары» (1989) ж. б. жарыяланган.

**АНАЛИЗ -** (грек. – analysis – ажыратуу, мүчөлөргө бөлүштүрүү) – үйрөнүлүүчү предметти (кубулушту, процессти же алардын арасындагы байланыштарды) ага мүнөздүү болгон негизги элементтерге (касиеттерге, белгилерге, катнаштарга) ойдон же реалдуу түрдө ажыратуу процедурасы. Адамдын жекече өнүгүшүндө А. адегенде анын конкреттүү практикалык ишинде аткарылат (мис., предметтин формасын адегенде бала ал предметти ар кандай абалда кармалап көрүү м-н гана анын касиетин ажыратат). Андан кийин бул операцияны көрүүнүн жардамы м-н аткарат. Мунун

артыкчылыгы – кабыл алуунун тез болушунда гана эмес, мында бир мезгилде предметтин башка да көп касиетин кошо камтый тургандыгында. Туюнуп-билүү методу катарында А. көрсөтмөлүү–аракеттүүлүктөн көрсөтмөлүү элестөөчүлүккө ж-а андан акыры сөз формасындагы логикага өсүп-өнүгөт. Окуучунун А-дик ойлоосу предметтерди ж-а кубулуштарды башталгыч класстарда адегенде жөнөкөй А-дөөдөн башталып, жогорку класстарда улам кеңири, терең ж-а толук А.дөөгө чейин өсүп өнүгөт. А-ге тескери процедура синтез болуп эсептелет. Адамдын туюнуп-билүү ишинде бул эки процедура дайыма бири-бирине айкалыша аткарылат. Энгельс айткандай А-сиз синтез болбойт. Ошондуктан, маселени түшүнүү үчүн кошо аткаруу зарыл. Китеп окууда текст айрым фразаларга, сөздөргө, тамгаларга бөлүнүп ажыратылат, ошол эле убакта алар бири-бири м-н ажырагыс болуп байланыштырылат: тамгалар сөзгө, сөздөр сүйлөмгө, сүйлөмдөр тексттин тигил же бул темасына бириктирилет. Ар кандай окуя ж-дө оозеки айтууда окуя ойдон айрым эпизоддорго ажыратылат, ошону м-н бирге алардын бири-бирине байланыштуулугу белгиленип көрсөтүлөт. Ошентип, үйрөнүлүүчү кубулуш ж-дө толук түшүнүк алуу үчүн ал окуяны А-дөө процедурасы сөзсүз аны синтездөө процедурасы м-н бирдиктүү байланышта орундалышы зарыл. Практикада А. дайыма абстракциялоого, ал эми синтез жалпылоого байланыштуу ишке ашат. Мис., теореманы туура А-дөө ошол теоремадагы фигуранын кандайдыр конкреттүү бир абалына карата айтылуу м-н гана аякталбайт, ал А. фигуранын мүмкүн болгон бардык башка абалдарын сөзсүз өзүнө камтыйт. Окуучулардын ойлоосун калыптандырууда А-дин мааниси эң зор, алардын математикалык же орфографиялык каталарынын негизги себеби тиешелүү эрежелерди билбегендигинен эмес, эрежелерди алар көп учурда жакшы эле билишет, ошол эрежелерди маселе чыгарууда, сөздөрдү жазууда пайдалана билбегендигинде. Ал эми мындай эрежелерди пайдалануу аналитикалык ж-а синтездик бир катар татаал ойлонуп эмгектенүү процесстерине негизделет. Жаңы материалды А-дей билүү окуу ишинин эң негизги элементи болуп эсептелет. Окуунун натыйжасында өздөштүрүлгөн ил. А-дин жолдору адамдын табылгасына айланат да, ал абстракциялоо, синтездөө ж-а жалпылоолор м-н бирге чындык дүйнөнү туюнуп-билүүнүн эң негизги ишенимдүү куралын түзөт.

**АНОМАЛИЯ** - (грек. anomalia – нормалдуу эмес, туура эмес, нормадан, өсүүнүн жалпы закон ченемдүүлүгүнөн кыйшаюу дегенден) биологияда ж-а медицинада нормалдуу өсүүдөн четтеп кетүүлөрдүн, б. а. типтүү эмес түзүлүштүн келип чыгышынын ж-а типтүү эмес органдардын же бүткүл организмдин ишинин жыйынтыгын белгилөө үчүн колдонулат. Органдардын түйүлө башташынын жеткиликтүү өнүкпөгөндүгү же тескерисинче артыкча тездик м-н өнүгүшү, о. эле органдын түптөнө башташынын өзгөрүшү А-ны пайда кылышы ыктымал. А. генетикалык факторлордон (мис., алты бармактуулуктун болушу), о. эле химиялык, термикалык факторлордун, жатындын ичиндеги уруктардын инфекциясы м-н өнүгүүчү түйүлдүктүн радиациялангандыгынан ж. б. бузулуп майып болууларынан келип чыгышы мүмкүн.

**АНОМАЛДУУ (АЯЛУУ) БАЛДАР** - – денелик же психикалык өнүгүшү нормалдуу эмес, ошондуктан атайын шарттарда тарбиялап окутууну талап кылуучу балдар. Мындай балдардын өсүп-өнүгүшүнүн нормадан кыйшаюусу же тубаса, же кийин келип чыгуучу дефекттерден болот. Ошондуктан кээде «дефекттүү балдар» деген термин да колдонулат. А. б-дын дефекттеринин негизги категориялары: көрүүсү (кемчил), угуусу (кемчил), речи бузулган (кемчил), акылы б-ча артта калган (кем акыл) балдар болуп эсептелет. А. б-ды тарбиялап, окутууну үйрөнүү иши дефектология илиминин мазмунун түзөт. Мындай балдарды үйрөнүү процессинде дефектинин келип чыгышы, анын мүнөзү ж-а убактысы, баланын аномалдуу өсүшүнүн жолдору айкындалат; баланын сезгичтигинин бузулушунун так мүнөздөмөсү (анын угуусу, көрүүсү, ойлоосу канчалык даражада бузулуп начарлагандыгы ж. б.) берилет. Окутуу процессинде өсүүнүн кемчиликтерин аныктоо ж-а ал дефекттерди компенсациялап толуктоонун жолдорун иштеп чыгуу б-ча жүргүзүлүүчү пед. изилдөөлөр өзгөчө чоң мааниге ээ. Балдардын денесинин ж-а психикалык өсүшүндөгү анча ачык билинбеген кемчиликтерди компенсациялап толуктоонун туура жолдорун аныктоодо массалык мектептердин окуучуларын пед.жактан үйрөнүүнүн ж-а бул кемчиликтерди мугалимдердин өз учурунда байкап билип турушунун зарылдыгы өзгөчө кымбат. Баланын сабакты анча өздөштүрө албай калышынын себеби көп учурда анын угуу же көрүү органдарынын начардыгынан, же психикалык өсүшүнүн убактылуу кармалып калышынан экендигин өз убагында байкап билбегендиктен келип чыгат. Баланын ойноосундагы, жалпы жүрүм-турумундагы ж-а интеллектуалдуу эмгектенүүсүндөгү тигил же бул кемчиликтер билинер замат ата-энелер педагогдорго ж-а врачтарга кайрылып консультация алышы зарыл. Акылы б-ча артта калган (кем акыл) балдар – булар туюнуу процессинин нормалдуу өнүгүшү бузулган ж-а ошол себептүү бардык психикасы бүтүндөй кемчил болгондор. Мындай балдардын негизги группасын олигофрендер түзөт. Кем акылдуулар 3 түрдүү:

а) идиоттордун (жиндилердин) психикалык өнүгүүсү гана эмес моторикасы (кыймылы) да аябай бузулган (алар өз алдынча жыла алышпайт), өзүн-өзү тейлөөнүн эң жөнөкөй ыкмаларын өздөштүрүүгө да жарамсыз, речи жок ж-а башкалардын речин да түшүнүшпөйт. Аларды дайыма такай тейлеп турууга туура келет, ошондуктан алар көбүнчө социалдык тейленүүчү балдар массаларында же психикасы бузулгандардын колонияларында тарбияланышат.

б) имбецилдер туюнуу процесстери өтө бузулган, узак убакыт багытталып иштей албаган, ою оңой эле алагдыланып кетүүчү балдар. Алар речи жаман, тили тантык, кекеч болушат. Көп убакыт бою атайын окутуудан кийин гана алар араң окууга, араң жазууга ж-а өзүн-өзү эптеп тейлөөгө үйрөнө баштайт. Имбецилдерди окутуу ж-а тарбиялоо социалдык камсыздандыруунун балдар мекемелеринде же жардамчы мектептердин алдындагы атайын класстарда ишке ашырылат.

в) дебилдер – булар акылы бир кыйла артта калган, бирок атайын программа м-н жардамчы мектепте системалуу түрдө окуй алуучу балдар. Дебилдердин акылы эрте жашынан эле бузула тургандыгы алардын ойноосунан, окуусунан ж. б. эмгектенүүсүнөн көрүнөт, алардын эмоциясы ж-а эрки жарды, өздөрүнүн керектөөлөрү, муктаждыктары, кызыкчылыктары өтө чектелинген болот. Дебилдердин көпчүлүгүнүн жүрүш-турушу жай, тыкан, аткаргыч, чектелген кызыкчылыктары туруктуу, баштаган ишти аягына жеткиргич, бирок өзүн-өзү жогору баалоочу болот. Дебилдердин кээ бирлери өтө эле ээликме, бир орунга токтолуп тура албаган, шалакы, сөз укпаган, оюн токтото албаган, өзүнүн ишин

башкара албаган, аларга коллективде иштөө эң оор ж-а ошондуктан алардын жүрүш-туруштарын тынымсыз жөнгө салып (коррекциялап) туруучу атайын пед. иштерди дайыма жүргүзүп турууну талап кылышат.

Башталгыч мектеп жашындагы дебилдердин туюнуу аракеттери бир кыйла өзгөчөлүү: кабыл алуулары жай, толук эмес ж-а айлана-чөйрөгө багыттанышы начар, так эмес, өзгөрүлүүчү шарттарга начар ылайыкташкан, байкагандарын сезип ойлонуусу жаман, так эмес. Алардын чындыкты элестеп кабыл алуулары так, толук эмес болушу, кабылдоолорунун өзгөчөлүгү м-н, өтө унутчаактыгы ж-а окшош нерселерди бири-биринен ажырата алышпагандыгы м-н түшүн-дүрүлөт. Биринчи жылдарда дебилдер окугандарын ж-а көргөндөрүн тез унутушат, анткени алардын сезимдүү эстеп калуулары жок. Мындай балдардын речи (тили) өтө эле кеч (3–4 жашында) чыгат. Аларды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу чоң, баланын өсүшүндөгү артта калуучулук билинер замат ата-энелер психоневрологдон кеңеш сурап, зарыл болгон учурда баланы мектепке чейинки атайын мекемеге орноштуруу керек. Жардамчы мектепти бүтүргөндөн кийин мындай балдар көп учурда өздөрүнүн алы келе турган иште эмгектене алышат.

**АНДРОГОГИКА -** (грек. андрос – эркек киши ж-а аго – алып баруу, жетелөө) – чоң адамдарды окутуу ж-а тарбиялоо проблемаларын изилдеген коомдук илимдердин бир тармагы.

**АНКЕТАЛЫК МЕТОД** – айрым пед. ж-а психологиялык маселелерди чечүү үчүн материал топтоп, андан кийин аны математикалык статистика жолу м-н талдап чыгуу максатында бир нече кишилерге атайын түзүлгөн схема–суроолор берип чечүү. Кээ бир массалык фактларды айкындоодо, адамдардын өз ара катнашын баалоодо, кээ бир факт ж-дөгү коомчулуктун ой-пикирин үйрөнүүдө, социологиялык изилдөөлөрдө А. м. кеңири колдонулат. Ал аңгеме методуна көп окшош: бул методдордун экөөндө тең суроолор коюлуп, аларга жооптор алынат. Бирок, аңгеме методуна караганда А. м-до суроолордун ж-а жооптордун логикалык конструкциясы эч өзгөрүлбөй туруктуу бойдон калат, аңгемеде болсо суроолордун коюлушу ж-а аларга берилүүчү жооптор эркин түрдө болот. Аңгеме методунда аны өткөрүүчү адамдан эң чоң устаттык, терең билим, эрудиция, теориялык мыкты даярдык ж-а адамды өзүнө тарта билүү сыяктуу бир катар сапаттар талап кылынат, ансыз аңгеме методу м-н эффективдүү жыйынтыкка жетишүүгө болбойт. А. м-до болсо негизги кыйынчылык суроолорду туура тандап формулировкалоодо турат. Бул методдогу иштин эң негизгиси суроолорду билгичтик м-н коюп, аларга берилүүчү мүмкүн болгон жооптордун стандарттуу вариант-тарын туура аныктоо керек. Эгерде үйрөнүлүп жаткан фактыны, окуяны же кубулушту баяндоого мүмкүндүк берүүчү маалыматтарды толук ичине камтыган суроолордун тизмеги түзүлгөн болсо, анда ал түзүлгөн анкета б-ча керектүү маалыматтарды ар кандай эле киши топтоп ала алат, ал гана эмес анкетаны почта аркылуу таратып, каалаган территориялардагы адамдардан да анын суроолоруна тиешелүү жоопторду алууга болот. Мазмуну б-ча анкетада берилүүчү суроолор түз ж-а кыйыр суроолор деп эки топко бөлүнөт. Мис., эгерде суроо «Сизге мугалимдик профессия жагабы?» деп берилсе, анда бул суроо түз мааниде берилет. Ошол эле суроону «Мугалимдик профессия жакшы профессиялардын бири деген ойго сиз макул боло аласызбы?» деп кыйыр мааниде да коюу ылайыктуу. Биринчи учурда изилдөөчүнүн аталган адистикке болгон кызыкчылыгы суроонун мазмунунда кошо камтыган. Экинчи учурда болсо изилдөөчүнүн кызыкчылыгы суроонун мазмунуна карама-каршы келип жатат.

Формасы б-ча анкетада берилүүчү суроолор ачык ж-а жабык болушу мүмкүн. Эгерде анкетадагы суроолорго жооп берүүнүн жолдору инструкция м-н чектелбесе, б. а. күтүлүүчү жооптор алдын ала аныкталып берилбесе, анда андай суроолорду ачык формадагы суроолор дешет. Мис., «Сиз өзүңүз тандап алгыңыз келген профессиянын атын жазыңыз» деген ачык суроого жооп берүүчү киши анкетага өзү билген профессиялардын каалаганынын атын жаза алат. Жабык суроолордо болсо жоопторду тандап алуу мүмкүнчүлүктөрү анкетаны түзүүчү тарабынан алдын ала белгиленген варианттардын саны м-н чектелген болот. Мис., «Берилген тизмедеги профессиялардын сиз кайсынысын тандап алар элеңиз? Ошол профессиянын астын сызып коюңуз» деген жабык суроого жооп берүүчү киши дал ошол тизмеде көрсөтүлгөн гана профессиялардын бирөөнү сызып көрсөтөт, андан башка эч бир профессияны көрсөтө албайт. Ачык формадагы суроолорго караганда жабык формадагы суроолорду математикалык статистика жолу м-н иштеп чыгуу жеңил болот.

**АНАЛОГИЯ -** (грек. analogia – туура келүү, окшоштук) – предметтердин (кубулуштардын, процесстердин) кээ бир белгилери б-ча окшоштугу. А. б-ча ой корутундулоо кээ бир предмет ж-дө анын башкаларга окшоштугунун негизинде жыйынтык чыгаруу болуп эсептелет. А-лык ой корутундулоодо кээ бир объектти үйрөнүүдөн алынган билимдер башка бир, азырынча анча тааныш эмес, анча изилденип билине элек, изилдениши көргөзмөлүү эмес объектге көчүрүлүп колдонулат. А. б-ча ой корутундулоо төмөнкүдөй схемада болот: А ж-а В предметтердин кээ бир белгилери окшош; А предметинин алардан башка дагы бир касиети бар, демек ал касиет В предметте да болууга тийиш. Мис., кораблдин моделинин формасы, анын салмагы м-н көлөмүнүн, айрым бөлүктөрүнүн арасындагы катыштардын бардыгы реалдуу курулуп жаткан кораблдин формасындай ж-а көрсөтүлгөн катыштар да дал кораблдеги тиешелүү катыштардай. Ошондуктан моделди бассейндеги сууда сыноодон өткөргөн кезде эгер ал чөгүп кетсе, анда А. б-ча ошол модель б-ча жасалып жаткан корабль да сууга чөгүп кетет деген корутундуга келебиз. Демек, А. б-ча ой корутундулоо ил. гипотезаларды (болжолдоолорду) чыгаруунун, индуктивдүү ойлонуу жолдорунун бири болуп эсептелет. Салыштырылуучу предметтердин (кубулуштардын, процесстердин) жаратылышка ж-а алардын белгилеринин арасындагы байланыштардын мүнөзүнө жараша А. б-ча ой корутундулоо чындыктуу же жалган корутундуга алып келиши мүмкүн.

**АНТИПАТИЯ -** – кимдир бирөөнү (же бир нерсени) жактырбоо, ага кастык кылуу, кээде аны жактырбай жаман көрүү м-н мүнөздөлүүчү адамдын эмоциялык мамилеси. А. адамдын тышкы турпатынын айрым белгилеринен, анын үнүнөн, манерасынан, адамдар м-н байланышуусунун формасынан, айрым аракеттеринен, мүнөзүнүн белгилеринен ж. б. келип чыгышы мүмкүн. Симпатия сыяктуу эле А. түшүнбөстүктөн же түшүнүп билгендиктен да келип чыгышы ыктымал. Түшүнбөстүктөн болуучу А. адатта балдарда алардын турмуштук тажрыйбасынын жетишсиздигинен, адамдардын

кылган иштерин, кылык-жоруктарын жеткиликтүү талдап биле албагандыгынан келип чыгат. Адамга же адамдардын тобуна карата түшүнүп баамдоодон жаралуучу А. көз караштардын, кызыкчылыктардын, кооздук сезимдердин кескин түрдөгү айырмалуулугунан, жалпысынан алганда бири-бирине кас социалдык же саясий группировкаларга таандык болгондуктан, турмушка ар түрдүү көз карашта мамиле кылуучулуктан келип чыгат. Кээде А. көрө албастык сезимине айланып кетиши ыктымал. Ошондуктан тарбиячылар балдарды өздөрүнүн тигил же бул эмоциялык абалынын себептерин сезе билүүгө, башка адамдар м-н мамилени алардын эң негизги адамдык баркын ж-а кемчиликтерин туура баалоонун негизинде түзүүгө үйрөтүү зарыл.

**АНЫКТАМА -** – түшүнүктүн мазмунун окууга арналган логикалык амал. А. реалдуу ж-а номиналдуу болуп бөлүнөт. Эгер предметтин мазмуну аныкталса, реалдуу А., ал эми предметти белгилеген терминдин мазмуну аныкталса, номиналдуу А. деп аталат. Окутуу процессинде түшүнүктү теги ж-а түрдүк белгиси б-ча аныктоо кеңири колдонулат.

А. аныкталуучу түшүнүктөн ж-а аныктоочу түшүнүктөрдөн турат. Аныктоочу түшүнүк өз учурунда аныкталуучу түшүнүктүн тегинен ж-а түрдүк белгисинен түзүлөт. Мис., масса заттын инерттүүлүк касиетин мүнөздөөчү физикалык чоңдук. Мында: масса – аныкталуучу түшүнүк, физикалык чоңдук – масса түшүнүгүнүн теги, анын түрү – заттын инерттүүлүк касиетин мүнөздөгөндүгү.

**АҢГЕМЕ -** – окуучулардын таанып билүүлөрүн активдештирүү үчүн колдонулуучу окутуунун методдорунун бири. А-де окуучулар мугалим же жолдоштору тарабынан коюлуучу суроолорго жооп берүү м-н жаңы билимдерге ээ болушат, өтүлгөн материалды кайталап бекемдешет. Ошондуктан суроолор жаңы түшүнүктөрдү калыптандырууга, фактылардын, кубулуштардын ж-а процесстердин арасындагы жаңы байланыштарды түзүүгө, билимдерди пайдаланууга арналып так, түшүнүктүү формулировкаланышы зарыл. А. кезинде окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрү ачык көрүнөт. Алардын бирөө окуянын же кубулуштун мүнөздүү белгилерин тез көрө билсе, экинчиси проблеманын мазмунун кыскача формулировкалаганды жакшы билет, үчүнчүсү – процессти график түрүндө сүрөттөп көрсөтүү м-н калгандарга орчундуу жардам көрсөтөт. А. – психология ж-а пед. илимдеринде адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрүн (анын ишенимин, аракеттенүү багытын, кызыгуусун, чөйрөгө ж-а адамдарга болгон мамилесин ж. б.) ошол өзгөчөлүктөрдүн калыптануу шарттарын үйрөнүү максатында пайдаланылат. А-ни ийгиликтүү өткөрүү үчүн, биринчиден, көрүнгөн суроолорду эле берүүгө болбойт, мында негизгиси А-нин натыйжасында кайсыл маселе аныкталууга тийиш экендиги эске алынууга тийиш, экинчиден, изилдөөчүнүн билгичтиги, даярдыгынын күчтүүлүгү, өзүнө керектүү маалыматтарды түздөн түз байкоолордон топтоп алуучулугу болууга тийиш; үчүнчүдөн, изилдөөчүнүн адамды өзүнө тарта билгичтиги, анын адамга жасаган мамилесинин маданияттуулугу чоң роль ойнойт, ансыз изилдөөчү А-ни суракка айландырып жиберүүсү ыктымал. Буга эч жол берилбейт.

**АПАТИЯ -** – толук көңүл коштук, жүүнү бошоп ылдырагандык абал; айланадагы бардык нерсеге кош көңүлдүк кылуу. А-нын дайыма боло бериши нервдик-психикалык оорунун (шизофрениянын) башталышынын алгачкы белгиси болушу мүмкүн. А. мектеп окуучуларынын окуп-билим алуу иштерин өтө кыйынчылыктуу абалга келтирет. А. кезинде окуучунун жаңы материалды өздөштүрө албагандыгы, эсинин начарланышы, ишке жарамдуулугунун төмөндөшү күч алат да, мунун бардыгы анын сабактарды өздөштүрө албай калуусун шарттайт. Мындай балдарды окутууда эмгекти туура уюштуруу, алар м-н жекече иш жүргүзүү ж. б. эң чоң роль ойнойт. Мугалимдин милдети баланы окууга кызыктырып, аны чыдамкайлык м-н эмгектенүүгө көн-дүрүү. Мындай балдарды нерви бузулган балдардын санаториялык мектептерине дайындоо эң жакшы натыйжаларды берет.

**АППЕРЦЕПЦИЯ -** – кабылдоонун буга чейинки тажрыйбадан, билимдердин запасынан ж-а адамдын психикалык турмушунун жалпы мазмунунан болгон көз карандылыгы; мындай көз карандуулук өз кезегинде ага сырткы дүйнөнүн таасиринин натыйжасы болуп саналат. Кабылдоого адамдардын муктаждыктары, кызыгуучулуктары, жөндөмдүүлүктөрү, сезимдүүлүктөрү ж-а өнөкөттөрү чоң таасир этет. Адамдын ишениминин, дүйнөгө көз карашынын да мааниси өтө чоң. А. туруктуу ж-а убактылуу болуп бөлүнөт. Кабылдоонун адамдын туруктуу кызыгуусунан, анын дүйнөгө көз карашынан, психикалык турпатынан болгон көз карандылыгы м-н мүнөздөлүүчү А-ны туруктуу деп аташат. Убактылуу А. – кабылдоонун адамдын берилген моменттеги психикалык абалынан (анын көңүлүнөн, бир нерсенин болушун күтүү абалынан ж. б.) болгон көз карандылыгы м-н мүнөздөлөт. А. термини биринчи жолу илимге немец окумуштуусу Т. Лейбниц (1646–1716) тарабынан киргизилген. Окутуудагы А. окутуу процессинде жаңы билимдердин мурдагы билимдер м-н болгон байланышын түзүү болуп эсептелет. Педагогикага А. түшүнүгүн Гербарт киргизген. Ал ошол түшүнүктүн негизинде окуучулардын билимдерди өздөштүрүүсүнүн жолдору ж-а ыкмалары ж-дөгү окуу катарындагы пед. бүткүл теорияны түзүп чыккан.

**АППЛИКАЦИЯ -** (негизги бир фондун үстүнө гүлдүү кездемеден, кагаздан, булгарыдан кесип жабыштырып коюу аркылуу сүрөт жасоо) – түстүү тегиз жалпак сүрөт катарындагы көрсөтмөлүү окуу куралы. Мындай көрсөтмө курал кагаздан же кездемеден алынып кагазга, картонго ж. б. жабыштырылып жасалат. А. мектепте негизинен башталгыч класстарда эне тили, орус тили, математика ж-а сүрөт сабактарында колдонулат. Жогорку класстарда тарых ж-а география сабактарында өтүлүүчү айрым окуу материалдарынын мазмунун конкреттештирүү максатында да А. пайдаланылат. Мис., окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүү үчүн материалынын эң негизги түйүндүү түшүнүктөрүн бөлүп алып, аларды тиешелүү А-лык сүрөттөр аркылуу белгилеп, таяныч сигналдар катарында пайдаланууга болот. Кээде А-ны мугалим карта м-н иштөөдө да пайдалана алат. А. үчүн ландшафтуу ж-а сюжеттүү сүрөттөр, айрым нерселердин сүрөттөрү, уздар, орнаменттер, үлгүлөр ж. б. да пайдаланышы мүмкүн. Көрсөтмө курал катарында мектепте колдонулуучу А-лар адатта дайыма колдон жасалат.

**АПЫШЕВ** Бекенбай (же Бекенбай Апыш) (1932-ж. т., Сузак р-ну) – Ош мамл. пед. ин-тун чет тилдер факультетин бүтүргөн (1956). Айыл мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, Ош мамлекеттик пед. институтунда (1959) педагогика ж-а психология кафедрасында окутуучу, кафедра башчысы, кафедранын доценти, деканы, проф. 1974-ж.

элдик пед. материалдардын негизинде кандидаттык диссертациясын коргогон алгачкы окумуштуу. Негизги эмгектери: «Жалпы дидактикалык негиздер», «Педагогика» (1993), «Тарбия маданияты» (1996), «Педагогика» (2003) ж. б.

**АРАБАЕВ -** Ишеналы (1882, Кочкор р-ну – 1933, Ташкент) – кыргыздын биринчи мугалими, алгачкы агартуучу, коомдук ишмер, туңгуч «Алиппенин» автору. А. өзү туулган аймактагы кат билген кишилерден, молдолордон окуп, сабаты ачылгандан баштап, Кочкор өрөөнүндөгү айылдарда мугалим болуп, бала окутуп, агартуу ишинин ардактуу ж-а татаал жолун беттеп чыккан. 1907-ж. А. Түркиянын Константинополь шаарына келип, окууга кирет. Анда бир аз окуп, кийин Тегеран, Багдад ш-ларын басып өтүп, Мекеге жеткен. Билим издеп, Оренбург, Казань, Уфа шаарларына барган. 1910–13-ж. Уфа калаасындагы дин сабагы м-н катар европалык үлгүдө илим-билим үйрөткөн «Медресе Галия» окуу жайында окуган. Мында Сарсакеев деген казак студент м-н биргелешип, биринчи жолу кыргыз, казак балдарына арналган «Алип-бээ жаки төтө окуу» аттуу окуу китебин жазып, 1911-ж. жарыкка чыгарган. Ушуга удаа эле «Жазуу өрнөктөрү» (сулуу жазуунун үлгүлөрү) деген китепти да жаратып, 1912-ж. Оренбург ш-дагы «Вакыт» басмасынан чыгарган. 1914-ж. «Медресе Галияны» бүтүп келип, мектеп ачып, балдарды окутканда, өзүнүн китептерин чоң ийгилик м-н пайдаланган. 1916-ж. кандуу каргашанын айынан мектепти, эл-жерин таштап, Кытайга качууга аргасыз болгон. 1917-ж. Окт. рев-ясынын жеңиши м-н ал Кытайдан тууган жерине кайтып келген. А. эки эселеген кайрат м-н мурдагыдан да активдүү иштей баштаган. Шериктештери м-н бирдикте кыргыз алфавитин түзүп, мындан соң «Алип-бээ» (Ташкент, 1924), «Кыргыз алип-бээси» (1925), «Жазуу жолунда саамалык» (1925), «Сабатсыздыкты жоюу куралы» (1925), «Жаңылык» (Х. Карасаев м-н бирдикте, 1928), «Биздин мектеп, балдар үчүн алип-бээ» (1930), «Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо» (1931), «Табият таануу» (Д. Исмагунов м-н бирдикте, 1932) аттуу учурунда эл үчүн абадай зарыл окуу китептерин, окуу колдонмолорду жазып тартуулайт. А. жалаң эле окуу куралдарын жазуу м-н чектелбестен, 1918–24-ж. Түркстандын Жети-Суу областында ар түрдүү жооптуу кызматтарда иштеген. Мугалимдерди даярдай турган алгачкы курстарды уюштурган. Ал кыргыздын туңгуч газетасы «Эркин-Тоонун» биринчи номерин чыгарууга да активдүү кол кабыш кылган. Тилекке каршы, негизсиз саясий айып коюлуп, акыры 1925-ж. «эл душманы» деп ак жерден күнөөлөнүп, камакка алынган, 1933-ж. Ташкенде түрмөдө каза болгон.

**АРАЛЫКТАН БИЛИМ БЕРҮҮ -** (дистанционное образование) – окуучунун (студенттин) жекече планындагы суроолору б-ча өзүнө бекитилген окутуучунун телефон, интернет, спутниктик байланыш аркылуу берүүчү консультациясынан пайдаланып билим алуусу. Билим алуунун бул жаңы түрү XX к. аягында өрчүй баштады, ал ачык билим берүү идеясына негизделген. Аралыктан ачык билим берүү (ААББ) – бул жаңы технологияларды кеңири колдонуу м-н информацияларды керектөөчүлөргө жеткирүүнүн өтө прогрессивдүү формасы болуп эсептелет. ААББдө билим алуучулардын географиясы кеңейет, окутуучу м-н окуучунун телекоммуникациялык пикир алышууларынын тездигине байланыштуу окутуу убактысы кыскарат. ААББнүн дагы башка мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар: мында окутууну өндүрүштөн үзгүлтүксүз ишке ашырууга болот. Адам жашаган жерине, ден соолугунун абалына, социалдык статусуна көз карандысыз билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. ААББ адамдын чыгармачыл, интеллектуалдуу потенциалын жогорулатат, мында адам өзүн өзү ишке уюштуруу, информациялык жаңы технологияларды пайдалануу зарылдыгына туш келет. ААББдө окутуучунун да ролу өзгөрөт: ал таанып билүү процессин координациялайт, ошол эле мезгилде өзүнүн курстарын, методикасын жаңылап өркүндөтөт, ал жаңылыктарды киргизип инновациялар режиминде иштөөгө аргасыз болот.

**АРАЛЫКТАН ОКУТУУ -** (грек. distantia – аралык) – адамдарды аралыктан окутуу, б. а. азыркы техниканын, өзгөчө байланыш техникасынын жетишкендиктерин пайдаланып, окуучуларга аралыктан үзгүлтүксүз билим берүүнү камсыз кылуу. Ал максатта телефондук байланыш, радиоберүү, телеберүү, спутник байланышы ж-а Интернет түйүнү аркылуу компьютерлер пайдаланылат. Билим берүүнүн мындай жолу эл аралык практикада XX к-дын 70-жылдарында пайда болгон. Көпчүлүк учурларда аралыктан окутууну мурдатан көнүмүш болгон сырттан окуу м-н бир катарга коюшат. Бул туура эмес. Алардын окшош ж-а бири-биринен кескин айырмалануучу жактары бар. Алсак, сырттан окуу формасында студент окуу жылынын башында окуу жайына келип, тийиштүү курстарды угуп, тапшырмаларды алып кетет. Жыл бою өз алдынча даярданып, текшерүү жумуштарын аткарат, аларды окуу жайына жөнөтүп турат. Окуу жылынын аягында келип, тийиштүү зачет, экзамендерди тапшырса, курстан курска көчүрүлөт. Сессия учурунан башка убактарда студенттердин окуу жайы м-н байланышы көп учурда болбойт. Бирок, кийинки учурда сырттан окууну талап кылуучулардын санынын өскөндүгү, о. эле окутуу каражаттарынын мүмкүндүгүнүн кеңейгендиги алыскы аралыктан түздөн-түз окутуунун жаңы формасын табууну талап кылды. Ал аралыктан окутуу болду. Мында окуучу м-н окутуучу телефон, компьютер, радио, телевизордун жардамы м-н түздөн-түз байланыша алат. Бул негизинен күндүзгү окутуу учурундагыдай эле мугалимдин окуучуга жасаган түз байланышын ж-а окуучунун мугалимге жасаган кайра байланышын камсыз кылат. Ошентип, сырттан окутуунун негизги максаты жогорку ж-а атайын орто билим берүү гана болуп келсе, окутуу учурунда окуучулардын, б. а. билимге кардарлардын саны кескин көбөйдү. А. о. системасынын кызматынан сырттан окуган студенттер; эки же андан көп программалар б-ча окууну каалаган студенттер; кошумча адистик алууга же кошумча билимге ээ болгусу келгендер; жашаган ордун тез өзгөртүп туруучу окуучулар ж-а студенттер, мындай шартта алар туруктуу программалар б-ча мугалимдердин туруктуу контингентинен билим алышат; жогорку окуу жайынын мугалимдеринен атайын программалар б-ча билим алууну каалаган окуучулар; ар кандай окуу предметтери б-ча окуучулардын ж-а студенттердин олимпиадаларын уюштуруучулар ж-а катышуучулар; мамл. ж-а жеке менчик уюмдарда квалификациясын жогорулатуучу, кайра даярдалуучу кызматчылар, инженер-техникалык ж-а ил.-окутуучу кызматкерлер ж. б. А. о. системасы өзүнө техникалык, программалык ж-а методикалык каражаттарды камтыйт. Алардын катарына кубаттуу серверлер ж-а жумушчу станциялар, персоналдык компьютерлер, коммуникациялык каражаттар, ар кандай программаларды камтыган аудио- ж-а видеотехника, окутуучу ж-а текшерүүчү программалар, о. эле аларды түзүүгө арналган каражаттар кирет. А. о. системасын ишке ашырууда чечилүүчү маселелер биз негизинен үч

чоң топко бөлүнөт. Уюштуруу маселелери: окуучулардын контингентин тактоо ж-а топтоо (окуучулар, абитуриенттер, студенттер, аспирант-тар, жумушчулар, кызматчылар, инженер-техникалык ж-а ил. кызматкерлер); А. о. уюштуруунун негизги базасы (кайсы каражаттын негизинде окуйт, окуучуларга кандай кызмат көрсөтүлөт, эмне берилет); окуу предметинин курамы (кайсы предметтерди аралыктан окутууга боло турганын тактоо); окутуучу ж-а тейлөөчү кызматкерлердин курамы (анткени бардык эле окутуучулардын мындай кызматты аткарууга мүмкүн-чүлүктөрү жок), алардын иштөө графигин аныктоо; окуу үчүн төлөнүүчү каражаттын суммасын аныктоо. Методикалык маселелер: окуу-методикалык материалдардын түрлөрүн ж-а аны даярдоонун жолдорун аныктоо; көнүгүүчү ж-а текшерүүчү тестти өткөрүүнүн формаларын табуу ж-а уюштуруу; окутуунун графигин ж-а текшерүү иш-чараларын түзүү, ишке ашыруу; окуу китептеринин ж-а методикалык көрсөтмөлөрдүн түрлөрүн аныктоо, аларды түзүү; аудио- ж-а видеотехниканы пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо ж. б. А. о. техникалык камсыздоо маселелери: техникалык каражаттардын курамы (персоналдык компьютерлердин, жумушчу станциялардын, модем ж-а башка коммуникациялык каражаттардын типтери, аудио-видеокаражаттар); программалардын курамы (компьютерлер ж-а эсептөө түйүнү үчүн амалдарды аткаруучу системалар, электрондук почтанын программаларынын тобу, алыс жактагы жабдууларды башкаруу каражаттары); программалык каражаттарды А-тык о-нун жергиликтүү шарттарына ылайыкташтыруу (диалогдук ж-а группалык иштерди аткаруучу кеңири масштабдагы берүүлөрдү уюштуруу, ишти белгилүү график б-ча аткарууну камсыз кылуу). А. о-ну уюштурууга арналган материалдардын катарына төмөнкүлөр кирет: базалык окуу китеби; теориялык материалдарды үйрөнүүгө көрсөтмө; маселелер жыйнагы ж-а өзүн-өзү текшерүүгө суроолор; лабораториялык практикумдар б-ча тапшырмалар, лабораториялык иштерди аткарууга методикалык көрсөтмөлөр; курстук иштерге тапшырмалар ж-а аларды аткарууга көрсөтмөлөр; текшерүүчү суроолорго берген студенттердин жообуна мугалимдин эскертүүлөрү; окуу материалын андан ары үйрөнүүгө сунуштар; теориялык курстук өздөштүрүүдө, лабораториялык же курстук иштерди аткарууда пайда болгон суроолорго жооптор; жалпы курс б-ча кошумча суроолор ж. б. Мурда белгиленгендей, А. о-нун негизги базасы болуп персоналдык компьютерлер, локалдык (жергиликтүү) ж-а глобалдык (жалпы) эсептөөчү түйүндөр эсептелет. Электрондук почто эң чоң аралыктан түздөн-түз окутууну камсыз кылат. Мында телефондук байланыштын коммутаторунун негизинде жалпы түйүн пайдаланылат. Аралыктан билим берүү борбору телефон аркылуу окуучулар м-н байланышканда, алар өздөрүнүн компьютерлери же компьютердик класстар аркылуу билим алууга мүмкүндүк түзүлөт. Мындай окутууну камсыз кылуунун эки жолу бар.

Биринчиси, А. о. борборуна жакын жайгашкан окуучулар телефон аркылуу борбордун почтолук серверине түздөн-түз байланыша алат. Бул учурда борбордун почталык сервери ар дайым телефон сигналын күткөн режимде болуп турат. Экинчиси, А. о. борборунан алыс жайгашкан р-ндордо жашаган окуучулар шаар аралык телефон байланышынын кызматынан пайдаланат. Албетте, бул экономикалык жактан бир топ татаал. Бардык эле окуучулардын мындай мүмкүнчүлүгү жок. Ошондуктан, ар бир региондо борбордун филиалдары түзүлөт. Мис., Ош, Нарын, Каракол, Токмок ш-ларында. Ушул ш-ларга жакын жайгашкан окуучулар региондук борборго телефон аркылуу байланышат. Ал эми региондук түйүн маалыматтарды негизги борбордон алып, өздөрүндө сактап турат. Албетте, булардын иштөө режимдери өз ара макулдашылып, бирдиктүү график б-ча жүргүзүлөт.

**АРИФМЕТИКА - –** сандар ж-а алар м-н иштелүүчү амалдар ж-дөгү илим. А-да натуралдык сандардан баштап комплекстүү сандарга чейинки сандар окулат. А-да мектеп курсунда оң бүтүн сандар, бөлчөктөр, алар м-н иштелүүчү А-лык амалдар, саноо, өлчөө жумуштарына байланыштуу эсептерди ичине алган маселелер чыгарылат. А. саноо, өлчөөнүн муктаждыктарынан келип чыгып, байыркы Египет м-н Вавилонияда өзүнчө илим болуп калыптанган. Араб цифралары м-н сандарды саноо Индияда пайда болгон. Б. з. ч. VII–IV к. грек илимпоздору Пифагор, Евдокс (б. з. ч. 408–555-ж.), Евклид, Эратосфен (б. з. ч. 276–194 ж.), Архимед, Диофант А-нын теориялык маселелерин өркүндөтүшкөн. VII–XV к-да А-лык амалдарды өркүндөтүүдө Чыгыш илимпоздору ал-Хорезми, ал-Каши да өз үлүшүн кошкон. Россияда XVII к-дын башына чейин гректердикине окшош номерлөө колдонулган, оозеки номерлөөнүн 50 разрядга чейинки системасы мында мыкты иштелип чыккан. XVIII к. башындагы А-лык колдонмолордун ичинен Магницкийдин «Арифметикасы» (1703-ж.) олуттуу мааниге ээ болуп, ал Ломоносов тарабынан жогору бааланган. XIX к-да математиканын логикалык негиздеринин сынга алынышына байланыштуу А-ны аксиомалардын негизинде иштеп чыгуу башталган. XIX к-дын орто ченинде немец математиги Г. Грасман кошуу ж-а көбөйтүү амалдарын аныктоочу аксиомалардын негизги системасын тандап алган. А.ны аксиомалардын системасында түзүүдөгү Грасмандын ишин италиялык математик Пеано өз эмгектеринде аягына чыгарган. Пеанонун эмгектеринде негизги түшүнүктөрдүн системасы ачык белгиленип көрсөтүлгөн. Анын толук индукция аксиомасы амалдардын грасмандык аныктамаларынан пайдаланып, натуралдык сандардын жалпы касиеттерин далилдөөгө мүмкүндүк берген. **АРЕТ** А. Я. (1907–1974) педагогика илимдеринин доктору, проф. Эстонияда гимназияны, Тарту ун-тин бүтүргөн (1932). 1957-жылдан тартып Кыргыз мамл. ун-тинде доцент, кафедра башчысы болуп иштеген. Өзүн өзү тарбиялоо теориясынын ж-а жогорку окуу жайларында, ил. пед. тармакта кеңири пайдаланылат. Анын ырастоосу б-ча ар бир инсан аң-сезимдүү максатка умтулуучулукта өзү м-н өзү иштей алат. Өзүн өзү аңдап билүү, өзүн өзү сындоо, өзүн өзү баалоо, өзүн өзү анализдөө, өзүн өзү отчёт берүү, өзүн өзү мажбурлоо, өзүн өзү кармай билүү ж-а башкаруу ж. б. түшүнүктөрдүн маани-маңызын, аларды практикада колдонуунун методикасын иштеп чыккан.

**АСАН -** Кайгы – болжолдуу маалыматтарга караганда XV к. жашап өткөн акын. Калайык-калктын бул даанышман насаатчысынын ысымы кыргыздарга гана эмес, коңшу казак элине да кеңири маалым болгон. Ушундан улам аны белгилүү казак окумуштуусу Шокан Валиханов «калайык-калктын оюнан чыкпас көчмөн философу» деп мүнөздөп кеткени бар. Анын адамдарды табиятка ырайымдуу мамиле кылуу, аны теңата дүнүйө катары кабылдоого чакырган гуманисттик, экологиялык мазмундагы насыят, осуяттары эчен кылымдан бери эл оозунан түшпөй айтылып келет. Анын пикири б-ча жанжаныбарларды жабыркатпай, алар үчүн ар тараптуу камкордук жасоо – адамдын бирден бир вазийпасы, бийик адамгерчилигинин башкы көрсөткүчү. А. адамдардын жүрөгүнө мээрмандык, боорукердик сезимди бекем

уютууга, жаз, кыш дебей жаныбарларды жадынан чыгарбай, аларга коюнун кеңири ачып, кең пейилин көрсөтүүгө үндөгөн бир катар таасирдүү ыр циклдарын жараткан.

**АСКЕРДИК ПЕДАГОГИКА -** – педагогика илиминин бир бөлүгү. Аскер адамдарын тарбиялоо, окутуу ж-а закон ченемдүүлүктөрдү о. эле согуш аракеттерин ийгиликтүү жүргүзүүгө аскер коллективдерин даярдоону окутат. А. п. байыркы мезгилдерде эле пайда болгон. Алгач кеңеш, жолдомо, үйрөтүү, аскерлерди тарбиялоо ж-а окутуу эрежелери катары муундан муунга өтүп оозеки түрүндө сакталып келген. Аскер ишинин татаалдашы, аскерлердин санынын өсүшү м-н А. п. идеялар пайда болгон. XVI к-дан баштап алар уставдарда, инструкцияларда, насааттарда ж. б. документтерде сакталып калган. XIX к-дын 2-жарымынан баштап А. п. өз алдынчы педагогика илиминин бир багыты катары калыптана баштаган. Көптөгөн полководецтер, флот адмиралдары оригиналдуу аскердик-пед. системаларды түзүшкөн. Мезгилдин талабына ылайык аскерлерди жогорку деңгээлде окутуп даярдоого шарт түзгөн. А. п. негизи түшүнүктүк системасы калыптанган ж-а аскерлердин, аскердик коллективдерин ар тараптуу даярдыктарын көрсөтөт. Тарбия берүү, окутуу, психологиялык даярдык, өзүн өзү тарбиялоо, өз алдынча үйрөнүү окуу ж-а өнүгүү. Булар бири бири м-н тыгыз байланышта.

**АСИПОВА -** Нурбүбү Асаналиевна (1946, Кочкор р-ну) – педагогика илимдеринин доктору, проф. Эл аралык педагогика ж-а коомдук илимдер академиясынын академиги. Кыргыз мамл. ун-тинин чет тилдер факультетин бүтүргөн (1969). Рыбачье ш-ндагы № 4 орто мектепте англис тили мугалими, 1971–2001-ж. улуттук ун-ттин педагогика кафедрасында эмгектенген. АКШнын IREX программасы б-ча Индиана ун-тинде стажировкада болгон (1997). 2001-жылдан баштап Кыргыз–Түрк Манас ун-тинде эмгектенет. Ал 80ден ашык ил.-пед. эмгектердин автору. Алардын ичинде 1 монография, 6 окуу куралы, 3 методикалык колдонмо, 1 окуу программасы, 30 дан ашык ил. макала, 30дан ашык респ-калык ж-а эл аралык ил. конференциялардын материалдары бар. Ал КР Өкмөтүнүн алдындагы илим ж-а интеллектуалдык менчикти сактоо б-ча мамл. агентствонун ил. эксперти, педагогика б-ча атайын диссертациялык кеңештин мүчөсү катары көптөгөн коомдук, ил. иштерди алып барат.

**АСПИРАНТ -** (лат. aspirans – бир нерсеге жетүүгө умтулуу) жогорку окуу жайларынын же ил.-изилдөө мекемелеринин аспирантурасында окуп, ил. же окутуучулук кесипте иштеп ж-а илимдин кандидаты деген даражаны алуу үчүн окумуштуулар кеңеши тарабынын бекитилген белгилүү бир тема б-ча диссертация жазып жүргөн адам.

**АСПИРАНТУРА -** – ил. ж-а ил.-пед. кадрларды даярдоонун негизги формасы. Мурдагы СССРде А. 1925-ж. жогорку окуу жайларында ж-а ил.-изилдөө ин-ттарында уюштурулган. А-нын күндүзгү ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү бар. Күндүзгү бөлүмүндө, б. а. өндүрүштө иштебей (35 жашка чейинкилер үчүн 3 жыл мөөнөт м-н) ж-а сырттан окуу бөлүмүндө ( 45 жашка чейинкилер үчүн 4 жыл мөөнөт м-н) ил.-изилдөө иштерин жүргүзүшөт. А-га жогорку билимдүү, ил. иштерге шыгы бар, адистиги б-ча 2 жылдан кем эмес стажы бар, жогорку окуу жайларын жаңы бүтүргөндөр үчүн ин-ттун окумуштуулар кеңешинин сунушу б-ча конкурстук кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшыргандар кабыл алынат. Кирүүчүлөр жарык көргөн ил. эмгектерин же докладдарын (реферат) тапшырышат. Алар жактырылгандан кийин үч предметтен: адистиги б-ча, философиядан, чет тилинен экзамен тапшырышып, сынактан өтүшөт. Аспирант жогорку окуу жайынын окумуштуулар кеңеши же илим-изилдөө ин-ту бекиткен жекече окуу планы м-н иш алып барат. Ар бир аспирантка ил. жетекчи (илимдин доктору же кандидаты) бекитилет. Өндүрүштө иштебей окуган аспиранттарга А-га киргенге чейин айлык акысынын көлөмүнө жараша стипендия (ай сайын) төлөнөт ж-а ар жылы 2 айга каникул берилет. Өндүрүштө иштеп, жекече планын аткарган аспиранттар үчүн ар жылы эмгек акысы сакталып, кошумча дагы 30 күн дем алыш, ал эми жумасына 6 күн иштегендер болсо, кошумча дагы бир күн кошулуп берилет.

**АССИСТЕНТ -** (лат. assistens – жанында туруп жардам берүүчү) – 1. Ректорлор аркылуу окумуштуулар кеңешинин чечими м-н бекитилип, жогорку окуу жайын бүтүргөндөргө же сабак берүүгө же ил.-изилдөө иштеринде профессордун же доценттин кол алдында иштей турган адам. 2. Жогорку окуу жайларында лекция окуганда, лабораториялык ж-а практикалык иштерде профессордун жардамчысы. Ооруканаларда оорулуунун абалын көзөмөлдөгөн врачтын жардамчысы. Операцияда хирургдун жардамчысы. 3. Орто мектептерде, атайын кесиптик билим берүү окуу жайларында ж-а жогорку окуу жайларында экзамен учурунда экзамен алуучунун жардамчысы.

**АССОЦИАЦИЯ** – сезүү-туюулардын, кабыл алуулардын, сөздөрдүн, ойлоолордун, элестердин, сезимдердин бири-бири м-н белгилүү түрдө өз ара байланышы. А. эстеп калуунун психофизиологиялык негизин түзөт. Ошондуктан, эсте калуучу объекттердин ортосундагы ар кандай байланыштарды билбей туруп эске тутуу, таанып билүү, кайрадан элестетүү мүмкүн эмес. Мис., кээ бир ырды эстеп калтыруу үчүн биз ошол ырдагы сөздөрдүн белгилүү байланышын, иреттин эсте калууга аракеттенебиз. Же болбосо кээ бир адамдын өңүн жазбай таануу деген бул анын өңү м-н атынын же ага мүнөздүү белгилердин ортосундагы тыгыз байланышты түзүү болот. Эске түшүрүүгө аракеттенүүдө тигил же бул буюмдардын байланышы келип чыгат. Демек бир нерсени эстөө – аны башка нерселер м-н байланыштыруу дегендикке жатат. А-нын келип чыгышынын физиологиялык негизин И. П. Павлов ачкан убактылуу нервдик байланыштардын пайда болуу механизми түзөт. Качан гана шарттуу рефлекстер пайда болгондо мээнин чоң жарым шарынын кыртышында жаңы нервдик байланыштар түзүлөт да, алар А-нын негизи болуп калат. А. жөнөкөй ж-а татаал болуп экиге бөлүнөт: жөнөкөй А-нын үч түрү бар: жакындык, окшоштук ж-а контрасттык. Жакындык А. мейкиндик ж-а убакыт м-н байланыштуу болгон эки кубулушту бириктирет. Мындай А-лар тамгаларды окуп үйрөнүү убагында түзүлөт. Мис., бир тамганы айтканда, анын артынан экинчиси эске түшөт. Ш-дагы бир көчөнү эстесек, анда ал көчөдөгү дүкөндөрдү, кинотеатрларды, скверлерди, аны кесип өткөн көчөлөрдү, ошол көчөдө жашаган таанышыбызды дароо эске түшүрөбүз. Окшоштук А. болгондо белгилери окшош эки кубулушту же объектини байланыштыра алабыз. Мис., учуп бара жаткан канаттуу кушту көргөндө учуп жүргөн самолёт эске түшөт. Ал эми контрасттык А-ны бири-бирине түздөн-түз карама-каршы келген буюмдар м-н кубулуштардын ортосундагы байланыштарды түзүүдөн көрүүгө болот. Мис., чөл зонасынын өзгөчөлүгүн эске түшүргөндө ага карама-каршы токой зонасынын контрасты эске түшөт. Биз жымжырт тынчтыкты

эстесек, ага каршы кулакты тундурган ызы-чуу эске түшөт. Татаал түрдөгү А. да бири-бири м-н такай бирдикте болгон эки кубулуштун ортосунда мааниси бар себептүү байланыш түзүлөт. Эгерде мен бир окуяны экинчи бир окуянын себеби болгонун баамдап билсем, анда менин оюмда алар мааниси бар байланыш аркылуу өз ара биригишет. Мааниси бар байланыштар биздин эстөөбүз үчүн негизги тирек болуп саналат. Буларды эсибизде баарынан жакшыраак тутуп кала алабыз. Анткени А-нын бул түрүн пайда кылууга экинчи сигналдык система активдүү катышат. А-лардын пайда болушунун эң негизги шарты – кайталоо. Кээ бир сан м-н байланышкан номерлерди эстөө үчүн аны бир нече жолу кайталап айтуу керек. Чет тилдик сөздүн маанисин бекем өздөш-түрүү үчүн аны мүмкүн катары көп жолу кайталоо, аны текстте мүмкүн катары кайта-кайта жолуктуруу, сүйлөшүүдө мүмкүн болушунча бат-бат угуу ж-а аны өз сөзү катары колдонуу керек ж. б.

**АСТРОНОМИЯ -** – 1) асман телолорунун түзүлүшүн, кыймылын, мейкиндиктеги жайланышын, анын закончөнемдүүлүктөрүн үйрөтүүчү илим; 2) орто ж-а жогорку окуу жайларында окулуучу окуу предмети.

**АТА-ЭНЕЛЕР КОМИТЕТИ -** – мектеп м-н дайыма байланыш жасоо үчүн уюштурулган ата-энелердин коомдук уюму. А.-э. к. мектептеги ата-энелердин чогулуштарында сунуш кылынган өкүлдөрдөн бир жылдык мөөнөткө шайланат. Анын председатели педсоветтин мүчөсү болот. Комитеттин иш планы мектептин жалпы иш планына ылайык окуу жылына же жарым жылга түзүлөт. А.-э. к. ата-энелер м-н байланышып, мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртууга, материалдык базасын чыңдоого ж-а жалпыга милдеттүү окуу законун турмушка ашырууга көмөк көрсөтөт.

**АТАЙЫН МЕКТЕПТЕР -** – дене бою ж-а психикалык жактан кемчилдиги бар балдар үчүн жалпы билим берүүчү мектептер. Аларга сокур, начар көрүүчү, керең, акылы кем, кекеч, полиомиелиттин кесепети бар ж. б. өзгөчө муктаждыгы бар балдар үчүн ачылган мектептер кирет. Аномалдуу балдардын ар бир категориясынын психикалык–дене өнүгүшүнүн мыйзам ченемдерин ж-а өзгөчөлүктөрүн ж-а таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн терең, комплекстүү изилдөөнүн натыйжасында А. м-дин ондон ашык тарамдалган тармагы түзүлгөн. Алардын бир бутагы билим берүү министрлигинин карамагына кирип, мектептерди түзүүнүн жалпы принциптеринин негизинде уюштурулат, бирок структурасы, режими, тарбиялоо ж-а окутуу ыкмалары өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ. Бул мектептер атайын окуу планы, программасы, окуу китептери м-н иштейт. А. м-дин мугалимдеринин атайын дефектологиялык билими болот. Окуучулардын категорияларынын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жалпы билим берүү м-н катар аларда окуучуларды кесипке даярдоо да камсыз кылынат. А. м-дин негизги милдети балдардын психикалык же дене бою жагынан кемчил өнүгүшүн оңдоо болуп эсептелет. Ошондуктан А. м-дин ар бир тибинин өзүнчө айырмалуу милдеттери бар.

**АТАЙЫН ПЕДАГОГИКА -** – көрүүсү, угуусу, аң-сезими аялуу балдарды окутуу ж-а тарбиялоо проблемаларын изилдейт. Балдардын физиологиялык, психологиялык өнүгүшү, айлана-чөйрө ж-а чоңдор м-н болгон карым-катнашы тууралуу ата мекендик ж-а чет элдик ар тараптуу изилдөөлөргө негизделет.

**АТА–ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫ -** – жалпысынан үй-бүлө турмушунун абалына оң таасир этүү м-н бирге, ата-энелердин пед. ишмердигинин негизин түзөт, аларга үй-бүлөлүк таалим-тарбиядагы айрым жагдайлардын алдын алууга, кыйын кырдаалда ишенимдүү чечимге келүүгө жардам берет. А.-э. п. м. бири-биринен шартуу көз карандысыз төрт компоненттен турат. Ата-энелер эң алды м-н социология, психология, физиология тармагындагы билимдерден кабардар болушу абзел. К. Д. Ушинскийдин сөзү м-н айтканда, эгер ата-энелер баланы «ар тараптуу» тарбиялагысы келсе, аны «ар тараптуу» билмеги ийги. Ушундан улам үй-бүлө шартындагы пед. ишмердиктин каражаттары, ыкмалары, натыйжалары ж-дөгү айкын билимдер гана алардын ишинин майнаптуулугун арттырат. Ал эми мындай билимдерди этибарга албагандык эртеби-кечпи баланын тарбиясынан сөзсүз байкалышы мүмкүн. Балдарды кантип тарбиялоо ж-дөгү теориялык билим м-н катар аларды ийгиликтүү колдонуу б-ча билгичтиктерге, көндүм-дөргө да ээ болуу шарт. Азыркы тынымсыз өзгөрүлмөлүү дүйнөдө тажрыйбаларды конкреттүү шартта чыг-лык м-н пайдалана билгенде гана ийгиликке жетишүүгө болот. Ошондой эле ата-энелердин таалим-тарбия ишинин үзүрлүүлүгү, алардын камкордугуна, өздөрүнүн ата-энелик милдетин канчалык терең түшүнүшүнө да көз каранды.

**АТА ЭНЕЛЕРДИ УКУГУНАН АЖЫРАТУУ - –** мыйзам актталарынын негизинде, соттун чечими аркылуу балдарды коргоо чарасы. Бул чаралар Кыргыз Өкмөтү тарабынан 2003-жылдын 30-августунда кабыл алынган үй-бүлө кодексинин 13-главасынын 74-статьясында көрсөтүлгөн. А.-э. у. а. балдарды толук кандуу тарбиялай албай калган учурларда сот органдары аркылуу ата-эне же алардын бирөө төмөнкү жагдайда укугунан ажыратылат. Ата-энелик милдеттери аткарылбаган учурларда, алимент төлөөдөн эч негизсиз эле баш тартса, жаңы төрөлгөн наристени төрөт үйүнөн башка дарылоочу, тарбия берүүчү ж-а социалдык коргоо жайларынан алуудан баш тартса, ата-энелик укугун кыянаттык м-н колдонсо, балдарга карата канкор мамиле кылса, аларга дене жагынан ж-а рухий жактан терс таасир тийгизсе, алардын жыныстык тийгизбестигине шек келтирсе, айыкпас маңгичил же ичимдикке берилип өзүнүн балдарына же жарына атайылап кылмыштуулук иш-аракеттерин жасаса, алардын өмүрүнө, ден соолугуна коркунуч туудурган учурларда укуктан ажыратылат. Укугунан ажыратылган ата-эне балага карата бардык укуктарынан ажыратылат. Аларды тарбиялоодон, бой жеткенден кийин пособияларды алуудан, мамлекет тарабынан балалуу ата-энелерге чектелген ар кандай жеңилдиктерден, мамл. пособиелерден кол жууйт. А.-э. у. а. аларды балдарына кам көрүү милдетинен куткарбайт.

**АТУУЛДУК ТААЛИМ-ТАРБИЯ - –** мамл., коомдук мекемелер, окуу жайлар ж. б. тарабынан жаштарды өз өлкөсүнө берилген, ата мекенин терең сүйгөн, анын алдындагы атуулдук милдетин туура түшүнгөн жарандарды тарбиялоо максатында жүргүзүлгөн окутуу, тарбиялоо иш-чаралары. Бул максатты ишке ашыруу үчүн мектеп шартында атайын мекен таануу билимдери, «Граждандуулукка үйрөтүү», «Ата мекен тарыхы» ж. б. сабактар м-н катар эле класстан ж-а мектептен тышкаркы көп кырдуу таалим-тарбия иштери жүргүзүлөт.

**АТТЕСТАТ - –** орто билим берүүчү мектепти бүткөндүгү тууралуу күбөлүк.

**АЧЫК САБАК -** – мугалимдин пед. дареметин, окутуучулук чеберчилигин баалоонун формасы. А. с. окуу программасындагы татаал же жаңыдан киргизилген темаларга карата уюштурулуп, аны тажрыйбалуу мугалимдер өтүшөт. А. с-та пед. теория м-н практиканын биримдиги, окутуунун жаңы технологияларын: алдыңкы методдору, окутуунун салтка айланбаган формаларын кеңири колдонуу ишке ашат. Ошондой эле А. с. мектеп практикасында мугалимдер арасында алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтуунун да ийкемдүү жолу болуп саналат. А. с-тын планы күн мурунтан түзүлүп, алдын ала предметтик мугалимдердин методикалык бирикмесинде каралат ж-а мектеп директору же анын окуу иштери б-ча орун басары тарабынан бекитилет. А. с-тын планы сабакка чакырылган тараптарга, мектеп мугалимдерине күн мурунтан же сабак башталганга чейин берилет. А. с-тын планы күндөлүк сабактын планынан айырмаланып, так, кенен жазылууга тийиш. А. с-тын планы ж-а аны талкуулоонун протоколу методикалык кабинетте сакталат. А. с-ка чакырылган гана тараптардын катышуусу максатка ылайыктуу, анткени көп кишилердин катышуусу окуучулардын өздөрүн эркин сезишине, сабактын жандуу өтүшүнө кедерги болушу мүмкүн.
**АФФЕКТ -** (лат. affectus–көңүлдүн толкушу, туталануу) – өтө күчтүү, чагылгандай тез пайда болуп, кыска убакытка созулган эмоционалдык абал. Адам абдан корккондо, кубанганда ж-а кайгырганда эмоциялык көрүнүштөр А. түрүндө өтөт. Нерв системанын иштешинин кескин түрдө өзгөрүп кетиши А-тин негизги физиологиялык механизмин түзөт. И. П. Павловдун пикири б-ча: «А. күчү бирдей болгон эки козголуунун ортосунан келип чыккан карама-каршылыктын, мурунку калыптанган байланыштардын системасын кескин бузуп жиберүүсү». Мындай абал невроз оорусуна алып барышы ыктымал. А. абалында вегетативдик нерв системада өзгөрүүлөр жүрөт. Бул көрүнүштү ички органдардын функциясынын (жүрөктүн, дем алуу органдарынын, кандын химиялык составынын) кескин өзгөргөндүгүнөн, сырткы терс кыймыл-аракеттен (кол шилтөөлөрдөн, ыйлоодон, кыйкырыктан, бет булчуңдардын кыскарышынан, карышып калуудан) улам даана байкаса болот. Кээде А. адамда кыймылсыз абалды пайда кылат (мис., күтүлбөгөн жерден суук кабар уккан адамдын аң-сезимин жоготуп коюшу). А-те эрктик аракеттер катышпайт. Ошондуктан эрки начар адамдар ж-а кичинекей балдар А-ке ылдам берилишет. Мындан А. өкүнүч м-н аяктай тургандыгы көрүнөт. А-ти болтурбай коюу үчүн, алдын-ала чара көрүү талап кылынат. Ал үчүн күтүлгөн кыймылдык реакциялардын зыяндуулугу ж-дө ой жүгүртүүнүн, жагымсыз сезимдерди көз алдыга келтирүүнүн жардамы чоң. А. коркунучунан оолак болууда үй-бүлөдө ж-а мектепте окутуу-тарбиялоо иштерин уюштура билүү жакшы натыйжа берет. Жогорку класстын окуучусу А-тен сак болуу үчүн, өзүн-өзү тарбиялоо ишине өзгөчө көңүл бурууга тийиш.
**БААЛОО -** – беш баллдуу система б-ча окуучунун билим сапатын, жетишүүсүн аныктоо, ага баа коюу; окуучунун иш-аракетине, жүрүм-турумуна, либералдык белгилүү нормага туура келүүсүнө баа берүү, ага маани берип колдоо (макул болуу, сын-пикир айтуу); окуучунун мотивин, максатын, туура ж-а туура эмес багытын аныктоо. Мугалимдин Б-су анын социалдык позициясы, көз карашы, маданий ж-а интеллектуалдык деңгээли м-н нравалык сапатына көз каранды.
**БАБАНСКИЙ -** Юрий Константинович (1927–1987) – педагогика илимдеринин доктору, проф. Окутуу процессин оптималдаштыруу теориясын иштеп чыккан. Бул теорияны стратегиялык ж-а практикалык мүнөздөгү пед. проблемаларды чечүүнүн бирден бир жолу катары эсептеген. Окуучулардын билиминин кунарсыздыгынын себептерин астейдил, ар тараптуу айкындоонун негизинде мектептердеги ордуна калуучулуктун алдын алуунун эффективдүү формаларын ж-а методдорун тандап алуу б-ча конкреттүү сунуштарды, кеңештерди иштеп чыккан. Ошондой эле педагогдук эмгекке ил. негизде уюштуруу теориясынын түптөлүшүнө да чоң салым кошкон.
**БАБАЕВ -** Дөөлөтбай (1952, Сузак р-ну) – педагогика илимдеринин доктору (1994). Ош мамл. пед. ин-тунун физика факультетин бүтүргөн (1972). Санкт-Петербург ш-дагы билим берүү ин-тунда иштеген. 1994-ж. Ош мамл. ун-тинин доценти, проф. Физиканы окутуунун методикасы, теориясы ж-а тарыхы б-ча адис. 70тен ашуун ил. ж-а 2 монография ж-а 5 методикалык колдонмосу жарыяланган. Эл агартуунун мыктысы (1989), Кырг. Респ. Ардак грамотасы м-н сыйланган (2001).
**БАЙГАЗИЕВ -** Советбек Орозканович (1946, Жумгал району) – филология илимдеринин доктору, проф., Кырг. Респ. билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкер. Кыргыз мамл. ун-тинин филология факультетин бүтүргөн (1969). Кыргыз телекөрсөтүүсүндө редактор, «Кыргызстан маданияты» газетасында кабарчы, Кыргыз илимдер академиясында ил. кызматкер, Кыргыз педагогика илим-изилдөө ин-тунда иштеген. 1993-ж., 2002-ж. И. Арабаев атн. ун-ттин проректору, 2003-жылдан Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти. И. Арабаев атн. сыйл. лауреаты, Кыргызстан журналисттер союзунун сыйл. лауреаты. Жаңыча адабий-пед. ой жүгүртүү ыңгайынан туруп мектептерде адабиятты окутуунун концепциясын, анын негизинде адабияттын V–XI класстар үчүн жаңы программасын түзгөн ж-а жетектеген. Жаңы программа б-ча башкалар м-н авторлошуп жазган X–XI класстардын «Кыргыз адабияты» окуу китеби стабилдүү окутулууда. «Ыйман сабагы» программасын түзүүнү жетектеген ж-а анын авторунун бири. Анын мектеп мугалимдерине арнап, окуу-тарбия иши үчүн жазган «Кыргыз тили жана адабияты окуу китептерине коюлуучу талаптар», «Улуу «Манас» улутубуздун дил жана тил бешиги», «Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар», «Гумандуу педагогика жөнүндө сөз», «Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун мектепте үйрөнүү», «Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой жүгүртүүлөр» аттуу китептери, программалары мектептерде ийгиликтүү колдонулууда. Ал мындан бөлөк «Атуул ж-а Ата Журт», «Агай, эмне үчүн атынып өлгөн жоксуз!», «Кыргыз журту ободогу «бүркүттүн» көзү менен», «Ала-Тоолук мугалимдин ак кар, көк музу», «Иниме кат» аттуу коомдук-пед., аң-сезимге күчтүү таасир эткен публицистикалык китептердин ж-а «XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы» аттуу фундаменталдык монографиянын автору. Кыргыз адабиятынын 2 томдук (1987) ж-а 7 томдук (2003) тарыхтарына авторлош. С. Байгазиевдин калемине «Манастаануу» окуу китеби да таандык.
**БАЙСАЛОВ -** Джоомарт Усубакунович (1949, Ысыккөл р-ну) – педагогика илимдеринин доктору (1998), профессор (2001), РФ социалдык ж-а пед. илимдер академиясынын академиги (2000). Пржевальск мамл. пед. ин-тунун физика-математика факультетин бүтүргөн (1970). Пржевальск мамл. пед. ин-тунда окутуучу (1970), Респ-калык мугалимдердин

билимин өркүндөтүү ин-тунда методист (1970–1974), Кыргыз ССРнин педагогика илим-изилдөө ин-тунда кенже ил. кызматкерден, бөлүм башчылыкка чейинки (1974–1992), Кыргыз мамл. улуттук ун-тте доцент (1990–1995), И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-тинде кафедра башчысы (1995–1998), Ж. Баласагын атн. Кыргыз улуттук ун-тинде кафедра башчысы (1998–2002) болуп эмгектенген. Б. математиканы окутуунун теориясы ж-а методикасы жаатында 110дон ашык ил. эмгектерди жараткан. Алардын ичинен 2 монография, 13төн ашык окуу-методикалык колдонмолорду жазып, 12си Москва, Санкт-Петербург, Мюнхен, Алматы, Ташкент, Шымкент ш-дагы басмаканалардан жарык көргөн. Б. КР улуттук аттестациялык комиссиясында эксперттик комиссиянын (1998–2000), педагогика илими б-ча докторлук (кандидаттык) ил. даражаны ыйгаруу адистештерилген кеңешинин (2001-жылдан) мүчөсү, ал эми 2002-жылдан бери КР өкмөтүнүн алдындагы илим жана интеллектуалдык менчик б-ча мамл. агентстводо эксперт. Б-дун жетекчилиги м-н 2 кандидаттык жумуш корголгон. Азыр 5 аспирантка жетекчи, 2 докторантка кеңешчи. Б. 2003-жылдан февраль айынан И. Арабаев атн. КМПУнун алдындагы педагогика ж-а психология ин-тунун директору.

**БАЙЫМБЕТОВ -** Мамади (1927-ж. т.) – жаңычыл педагог, Кырг. Респ. Эл мугалими (2001). Ош мамл. пед. ин-тун бүтүргөн. Билим берүү системасында 50 жылдан ашык эмгектенип, анын ичинде 39 жыл мектеп жетекчиси болгон. Ал мугалимдик иш-аракеттин устаты, өз учурунда жүргүзүлгөн: «Кол эмгек сабагы» (1955-ж. киргизилген), «Пионердик үч баскыч» (1957), «Сегиз жылдык мектеп» (1958), «Милдеттүү орто билим алуу» (1961), «Даярдоо классы» (1979), «Үй-бүлө жана адеп сабагы» (1983) ж. б. жаңы башталмаларды мектепте калыптандырууда ж-а акыркы жылдары респ-кабызда жүрүп жаткан «Ыйман сабагы» (1992), «Пилоттук мектеп» (2002) ж. б. реформаларды ишке ашырууда башка мектептерге жол көрсөткүч, насаатчы катары таанылган. Москвада өткөн Бүткүл союздук агартуу кызматкерлеринин III съездине (1988) ж-а респ-калык мугалимдердин III–V съездерине делегат болуп шайланган. Б. белгилүү педагогдор В. А. Сухомлинский, Г. Н. Волков ж-а жаңычыл-педагогдор Шаталов, Амонашвили, Крачковский, Ильиндер м-н пикир алмашып, билим берүү системасындагы өз көз караштарын сунуш кылган. Б. кыргыз тили ж-а адабиятын окутуу, элдик педагогиканын методдору, улуттук менталитетке байланыштуу 40тан ашык окуу макалаларын жарыялаган. Б. «Ыйман сабагынын программасы» (1992), «Мактанба» (1994), «Каада-салт жобосу» (1996), «Тил сабагында өз алдынча ой жүгүртүү» (1998), «Окуучу ойлоно билсин» (1998), «Тил сабагындагы ыр сабагы» (1998), «Манас эпосу – тарбиянын кенчи» (1999) китептеринин автору. Б. эмгеги мамлекет тарабынан бааланып, «Ардак белгиси» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгек ардагери» медалдары м-н сыйланган. Кырг. Респ. Элге билим берүүсүнүн отличниги (1997), «СССР эл агартуу отличниги» (1977), «Методист-мугалим» (1983), Кырг. Респ. эмгек сиңирген мугалими (1995), «ОшМУнун ардактуу профессору» (1999) наамдары берилген.

**БАКАЛАВР -** (лат. baccalaureus) – базалык жогорку билимдин академиялык даражасы. Б. даражасын алгандар магистратурага тапшырууга же кесиптик ишмердүүлүккө киришүүгө укуктуу.

**БАКАЛАВРИАТ -** – ил. багытта бакалаврларды даярдоо программасы б-ча базалык жогорку билимге ээ болуунун негизги бөлүгү. Толук эмес жогорку билими барлар үчүн окуу мөөнөтү 2 жыл. Бул программаны өздөштүргөн адам бакалавр даражасын алат ж-а жалпысынан төмөндөгүдөй иштерди аткарууга даярдалат: конкреттүү кесиптик билим берүү программасы м-н аныкталган ишмердикти аткаруу; мамл. билим берүү стандартында каралган деңгээлде изилдөө иши м-н байланышкан маселелерди өз алдынча чечүү; тийиштүү багыт б-ча окуусун магистратурада улантуу.

**БАЛА БАКЧА -** – мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоочу коомчулук ж-а жекече адамдар тарабынан уюштурулган мекеме. Б. б. мектепке чейинки курактагы балдарга ар тараптуу билимдин, тарбиянын негиздерин берет. Мектепке чейинки мекемелерде 1 жаштан 6–7 жашка чейинки балдар тарбияланат. Б. б-лардагы топтор төмөнкүдөй бөлүнөт:

– 1 жаштан – 2 жашка чейин – наристелердин экинчи тобу;
– 2 жаштан – 3 жашка чейин – биринчи кенже балдар тобу;
– 3 жаштан – 4 жашка чейин – экинчи кенже балдар тобу;
– 4 жаштан – 5 жашка чейин – ортоңку курактагы балдар тобу;
– 5 жаштан – 6 жашка чейин – жогорку курактагы балдар тобу;
– 6 жаштан – 7 жашка чейин – мектепке даярдоо тобу.

Окуу-тарбия иштери жогоркудай жаш курактарына, жекече жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык түзүлгөн программанын чегинде жүргүзүлөт. Ар бир топто 20дан- 30га чейин бала болот, ага тарбиячы ж-а тарбиячынын жардамчысы бекитилет. Б. б-сын атайы пед. билими бар, тажрыйбалуу педагог жетектейт. Окуу-тарбия иши билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген мамл. ж-а альтернативалык программалык документтер б-ча мамл., официалдуу тилде ж. б. улуттар басымдуу жайгашкан чөйрөдөгү ата-энелердин каалоосу б-ча тандалып алынган тилде жүргүзүлөт. Б. б-лардын педагогдору, врачтар режимдик талаптардын так аткарылышына, балдардын ден соолугуна ж-а алардын дене-бой жагына өнүгүшүнө жетекчилик ж-а көзөмөлдүк жүргүзүшөт. Б. б-да өзгөчө көңүл (бир күндө 3–4 саат) дидиактикалык-өркүндөтүүчү ж-а кыймылдуу оюндарга берилет. Ал эми атайы уюштурулган сабактарда балдардын эне тилине, эсептөөгө, сүрөт ж-а конструкциялоого, ырдоо-бийлөө, айлана-чөйрө м-н тааныштырууга бурулат. Мектепке даярдоо тобунун программасынын негизинде башталгыч мектепте ийгиликтүү окууга даярдоо ишке ашырылат. Эмгекке тарбиялоо – балдардын өзүн-өзү тейлөө, жаратылыш бурчунда, бакчанын короосунда өсүмдүк ж-а жаныбарларга кам көрүү, дежурдук милдетти аткаруу ишмердиктеринде жүргүзүлөт. Мектепке чейинки мекемелер үй-бүлө м-н тыгыз байланышта иш алып барат. Ата-энелер, коомчулук Б. б. окуу-тарбия ишин уюштурууга, анын жакшы идеяларын эл арасында жайылтууга көмөк көрсөтүшөт. Камкорчулар кеңеши Б. б. бардык иш-аракеттерине активдүү катышып, мүмкүн болгон моралдык ж-а материалдык колдоолорду көрсөтүшөт. Ата-энелердин суроо-талаптарын аткаруу ж-а балдардын ден-соолугуна кам көрүү, аларды колдоо максатында жер-жерлерде атайы Б. б. топтор уюштурулат: күнү-түнү иштөөчү, (ден-соолугу начар, начар уккан (дүлөй), начар көргөн (сокур) балдар үчүн) санитардык типтеги Б. б. ж. б.

1990-ж. респ-кабызда Б. б-нын саны 1860 болсо, 2003-ж. алардын саны 460 түзөт. Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу бюджеттик Б. б-лары м-н бирге азыркы күндө альтернативдүү: үй-бүлөлүк бакча, «Энелер мектеби», «Кошумча билим, тарбия кызматын көрсөтүүчү борборлору» ж. б. уюштурулууда.

**БАЛАНЫН ӨНҮГҮҮ КҮНДӨЛҮГҮ** – баланын психикалык ж-а дене-бой жактан өсүп–өнүгүшүн күндөлүк турмушта байкоо аркылуу топтолгон материалдарды такай жазуучу дептер. Күндөлүк дептер үй-бүлөдө ата-энелер, ал эми балдар бакчаларында тарбиячылар тарабынан толтурулат. Чогултулган материалдардын негизинде тарбиячы, ата-эне баланын өсүп-өнүгүшүн шарттоочу ж-а текшерүүчү педагогикалык ыкмаларды тандап алышат. Б. ө. к. мектепке баруучу балага мүнөздөмө түзгөнгө орчундуу негиз болот. Баланын өсүп-өнүгүшүн күндөлүктөгү жазуулар аркылуу байкоо, жыйынтыктоо биринчи жолу Тэн (1876) ж-а Дарвин (1877) аркылуу ишке ашырылган. Азыркы күндө Б. ө. к. ата-энелер, тарбиячылар, илим изилдөөчү педагог, врачтар тарабынан жүргүзүлөт.

**БАЛДАР АЙЫЛЫ -** – томолой жетим же ата-энесинин биринен ажырап, кароосуз калган балдар үчүн шарты үй-бүлөдөгү абалга жакын уюштурулган мекеме. Мындай балдар айылы 1949-жылы биринчи жолу австриялык педагог Герман Гмайнер тарабынан уюуштурулган. Герман Гмайнер дүйнөдөгү алдыңкы пед. жетишкендиктерге таянып, жетим же эне-атасы тарабынан багуусуз калган балдарды тарбиялоочу эффективдүү тарбия системасын түзгөн. Азыркы күндө дүйнөдөгү 120 мамлекетте Б. а. түзүлгөн. Биздин өлкөдө да эл аралык коомчулуктун ж-а «Мээрим» фондунун колдоосу м-н 2000-ж. Бишкек ш-да, 2002-ж. Чолпон-Ата ш-да SOS–балдар айылы уюштурулган.

**БАЛДАР АСЫРАНДЫ ҮЙҮ -** **–** ата-энеси жок, үйдөн качып жүргөн балдар үчүн убактылуу баш калкалоочу жай. Кароосуз калган балдар үчүн биринчи асыранды үйдү швейцариялык педагог Песталлоцци түзгөн. Биздин өлкөдө «Ак жол» балдар асыранды үйү, Бишкек ш-нда (2000) уюштурулган. Мында мектепке чейинки ж-а мектеп курагындагы балдар убактылуу жашап, билим-тарбия алышат.

**БАЛДАР БАКЧАСЫ ЖАНА МЕКТЕП КОМПЛЕКСТЕРИ -** – балдар бакчасынан келген бала мектептеги жаңы шартка, окуу процессине ийкемдүү, эч кыйынчылыксыз көнүгүшү үчүн уюштурулган окуу комплекстери. Алардын негизги максаты – ата мекенибиздеги ж-а чет элдик алдыңкы методикалык иш тажрыйбаларды пайдаланып, ар бир бала жетиштүү деңгээлде өсүп-өнүгө ала турган окуу-методикалык комплекстерди түзүү, иштин мазмунун «уланмалуулукта» айкалыштыруу. Мындай комплекстер Бишкек ш-да №61, 39, 68 орто мектептери ж-а № 184 балдар бакчалары тарабынан түзүлгөн.

**БАЛДАР БАКЧАСЫНЫН УЧАСТОГУ** – балдар м-н сабак ж-а оюндарды уюштурууга ылайыктуу каражаттар м-н жабдылып, атайы кыска кыркылган жашыл бак тилкеси м-н бөлүнгөн аянт. Ал оюн ж-а дене тарбиясын уюштуруучу аянтты, огород, гүлзар, жемиш багын ж-а чарбалык короону камтыйт. Жалпы аянты бир балага 40 $м^2$ эсебинен түзүлөт. Аянтчаларда чоң курулуш каражаттары, кум сакталган тосмолор ж. б. кызыктуу оюндар үчүн шарттар болот. Бакчанын короосунда балдар м-н сейилдөөнү, эмгек аракеттерин, оюн, жаратылыш кубулуштары м-н тааныштыруу, байкоо жүргүзүүнү тарбиячы программанын мазмунуна ылайык уюштурат. Дене тарбиясы үчүн аянтчада балдар сыйгаланып түшүүчү секиче, жөрмөлөп чыгуучу шатычалар, секирүү үчүн тактай, тең салмактуулукту өркүндөтүүгө арналган дөңгөч, тактайчалар ж. б. болот.

**БАЛДАР ДЕМОКРАТИЯЛЫК УЮМДАРЫ -** – ар кандай партиялардын, демократиялык, жаштар ж-а аялдар уюмдарынын, кесиптик союздардын ж. б. жетекчилиги м-н иштөөчү массалык балдар бирикмелери. Б. д. у. балдарды демократия духунда, элдер ортосундагы достукту ж-а бүткүл дүйнөдөгү тынчтыкты жактоого тарбиялоонун бирден бир звеносу болуп эсептелет. Дүйнөнүн дээрлик бардык мамлекеттеринде Б. д. у. түзүлгөн. Алардын ар биринин өзүнүн салтанаттуу убадалары, өзүнүн законору, эрежелери, девиздери ж-а символикалары бар.

**БАЛДАР ЖАНА ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ГИГИЕНАСЫ -** – тиричилик шарт ж-а окуу-тарбия иштеринин баланын өсүп-өнүгүшүнө, ден соолугуна таасир этишин, о. эле аларга карата иш-чараларды иштеп чыгуучу илим тармагы. 1. Окуучулардын эмгек гигиенасы – акыл ж-а кара жумуш эмгектеринин, о. эле санитардык профилактикалык чаралардын комплексинин окуучунун ден соолугуна эмгектенүүсүнө, аракет жөндөмүнө таасир этишин изилдөөчү тармак. Мында окуучулардын жаштык өзгөчөлүгүнө, мүмкүнчүлүгүнө таянып аба, жарык, нымдуулук режимдерди оптималдуу шарты, эмгектенүү учурунда камсыз болушу каралат. Окуучу эмгектенүүнүн тиги же бул түрлөрүнө тартылганда алардын ден соолугундагы өзгөчөлүк ж-а ага каршы келбегендей режим тандалат. Мис. температуралык режимдер столярдык жайда 14□–18□ Слесардык жайда – 12□–16□жылуу болуу керек. Кол эмгеги өткөрүлүүчү класстын температурасы 18□тан төмөн же жогору болбоосу керек. Эмгектенүүдө окуучулар иш операцияларды алмаштырып аткарышат. Бир операция 10–15 минутадан ашпашы керек. Окуучулардын кара жумушта эмгектенүүсү 14 жаштагылар үчүн 2 саат, 15–16 жаштагылар үчүн 4 сааттан ашпоосу зарыл. 11–14 жаштагы балдар ар бир 30 минутада 10 минута дем алат. Эмгектенүүнүн бардык түрлөрүндө коопсуздук чаралары сакталат.

2. Мектеп гигиенасы – окуучулардын ден соолуугун сактоо, чыңдоонун жолдору ж-а каражаттары ж-дөгү илим. Өзүнчө ил. тармак катары XIX к-дын экинчи жарымында калыптанган. Бул илимдин пайда болушуна мектеп окуучуларында дайыма кеңири таралып келген оорулар себеп болгон. Мис., көрүү органынын оорулары, дене турпатынын өзгөрүшү, неврастения, аз кандуулук болуп эсептелет. Бул оорулардын себебин изилдеп келгенде окуучуларга сабактын көптүгү артыкча жүк болгондугу, мебелдердин туура жасалбагандыгы, жарыктын туура эмес коюлгандыгы ж. б. себеп болгон. Мындай кемчиликтерди жолго кою үчүн көптөгөн изилдөөчүлөр иштеп, бир нече эмгектер жаралган. Көпчүлүк мамлекеттерде бул б-ча конгресс өткөрүлөт. Конгресс 1904-ж. (Нюрнберг), 1907-ж. (Лондон), 1910-ж. (Париж), 1912-ж. (Буффало), 1947-ж. (Париж), 1957-ж. (Берлин) өткөн. Мектеп гигиенасынын негизги маселелери төмөнкүлөр: ден соолугунун абалы ж-а бой салмагынын өсүшү, акыл-эсинин өрчүшү; окутуунун ж-а тарбиялоонун гигиенасы; мектеп окуучусунун эмгек режими ж-а дем алуусу; бала бакча ж-а билим берүү мекемелеринин санитардык гигиеналык жактан талапка жооп бериши; жугуштуу оорулардын алдын алуу.

3. Окуу куралдарына карата гигиеналык талаптар – окуу куралдагы ачык, даана басылган печаттык тексттер көздүн аракетин жеңилдетет, көп чарчатпайт. Окуу китебинин барактары ак, глянцталбаган болуу керек. Контрасттуу болуу үчүн кара түстөгү тамгалар колдонулуп, ак кагазга жөнөкөй ж-а ачык, даана шрифт м-н басылат. Тез окуган адамдар үчүн шрифттин бийиктиги 1,75 *м*, сабаттуулукка жаңы үйрөнүп жаткан окуучуга шрифтин 2,8 *мм*. 2–4-класстар үчүн 2,1–2,4 *мм* окуу китебиндеги саптын узундугу 78–80 *мм* болсо окуганга женил болот. Эки саптын аралыгы 2,7–3 *мм* болуу керек. Ар бир беттин жогорку, төмөнкү ж-а оң жагындагы талаасы 30 *мм* болсо жарык жакшы чагылып, контраст жогорулайт.

Химиялык идиштердин кыры тегиз, өзү бекем болуу керек. Металл приборлордун учу, курч бурчтары тегерегирээк формага келтирилет. Окуу куралдарынын көлөмү, бийиктиги, формасы ж-а салмагы окуучулардын боюна ж-а жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталып жасалат. Таблицаларга ылайыкталган кагаздар жылтырак эмес, бирок ак түстө болот. Куралдар, таблицалар, карталар анча ачык эмес күңүрт түстөр м-н боёлот.

**БАЛДАР КЫЛМЫШТУУЛУГУ -** – балдар тарабынан жасалган кылмыштар ж-дөгү мыйзамдардын жыйындысы. Закондо көрсөтүлгөндөй, белгилүү куракка келгичекти, балдар кылмыш жоопкерчилигине тартылбайт. Балдардын кылмыштуулугу ж-дөгү арыз укук коргоо органдарына берилет. Балдар кылмыштуулугу өспүрүм куракка чейинки кылмыштуулуктан айырмаланат. Ал 14 жаштан 18 жашка чейинки өспүрүмдөр тарабынан жасалган кылмыштар жыйындысы катары каралат.

**БАЛДАРДЫН СПОРТТУК МЕКТЕБИ -** – мектеп жашындагы балдарды дене бой жактан тарбиялоонун системасын уюштуруунун өркүндөтүлгөн формадагы мекемеси. Бул комплекстүү (спорттун 2–5 түрлөрү) же спорттун бир гана түрү б-ча адистештирилген болушу мүмкүн. Б. с. м. Билим берүү министрлигинин системасында ж-а спорттук коомчулуктарда түзүлүп, максаты мектептеги дене тарбиялоонун милдеттери м-н тыгыз байланыштуу. Муну кеңири жайылтуу жаштарды эмгекке ж-а Ата мекенди коргоого жарамдуу кылып даярдоого мүмкүндүк берет. Спорттун спецификалык бөтөнчөлүгүнө ж-а организмге тийгизе турган таасирине жараша ар түрдүү курактагы балдарга анын тигил же бул түрлөрүнө катышып машыгуу сунуш кылынат: 7–8 жаштан баштап сууда сүзүү; 8–10 жаштан – фигуралык катание (муз тебүү), тоодо лыжа тебүү, стол тенниси, бадминтон, сууга секирүү, шахмат, шашки; 10–11 жаштан көркөм гимнастика, трамплинден секирүү, парустук спорт, акробатика, спорттук гимнастика, баскетбол, волейбол, футбол, кол тобу, топ м-н хоккей ойноо; 12–13 жаштан спорттук гимнастика, фехтование, лыжа м-н жарышуу, жеңил атлетика; 13–14 жаштан класстык ж-а эркин күрөшүү; 14 жаштан атыш, бокс; 15–16 жаштан оор атлетика.

**БАЛДАР ҮЙҮ -** – мамлекет, коомдук ж-а чет элдик уюмдар, жеке адамдар тарабынан үйрөнүлүп, ата-энеси жок жетим калган, ата- энелери укугунан ажыраган же ден соолугу начар, балдарын убактылуу бага албаган ж. б. орчундуу себептерден улам кароосуз, багуусуз калган балдарды тарбиялоочу мекеме. Б. ү. төрөлгөндөн 7 жашка чейинки ж-а мектеп курагындагы балдарды тарбиялоочу мекемелер болуп экиге бөлүнөт. Б. ү. тибине ж-а укуктук статусуна ылайык балдар жашоочу жай, аларга ылайыктуу шарттар, тамак-аш, кийим-кечек, дарылоо, окутуп-тарбиялоо үчүн керектүү шарттар м-н камсызданат. Мектепке чейинки курактагы балдар Бишкек, Токмок ш-дагы Б. ү-ндө атайы адистиги бар педагог, медицина кызматкерлеринин камкордугу астында тарбияланып, 6–7 жаштан кийин мектеп курагындагы балдарга арналган Чүй обл. Ак-Суу р-нундагы, Ош областынын Кара-Суу, Баткен обл. Кадамжай р-нундагы Б. ү-нө тапшырылат. Б. ү. кароосуз калган балдарга мамл. деңгээлде кам көрүп, болочокто өз турмушунун ээси болгонго, эмгектенүүгө даярдайт.

**БАЛДАР ПСИХОЛОГИЯСЫ -** – баланын психикасынын өнүгүү закончнемдүүлүгүн, фактарын, факторлорун ж-а механизмдерин изилдөөчү психология илиминин бир тармагы. Б. п. атайын изилдөөлөр XIX к-дын аягында ж-а XX к-дын башында пайда болгон. Белгилүү психологдор Л. С. Выготский, С. Л. Рубинштейн, А. Н. Леонтьев, А. А. Менчинская, П. Я. Гальперин, Д. Б. Эльконин, А. В. Запорожец ж. б. баланын психикасынын өнүгүүсүнө тарыхтын, маданияттын, айлана-чөйрөнүн ж-а иш-аракеттин тийгизген таасирин анализдешкен. Б. п-да ил. -эксперименттердин коюлушу бул илимдин биздин респ-када өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизген. Мындагы алгачкы ил. иштердин негизги максаты: балдардагы психикалык өнүгүүнү изилдөөдө жергиликтүү шарттын өзгөчөлүктөрүн чагылдырууга багытталган. Мектепке чейинки балдарды тарбиялоонун, окутуунун психологиялык-педагогикалык принциптери М. Р. Рахимованын «Кыргыз Республикасында мектепке чейинки тарбиялоо системасынын өнүгүшү (1917–1992)» деген эмгегинде чагылдырылган. Ил.-эксперименталдык, психологиялык изилдөөлөр С. И. Гершун, Ж. Жоокаев, Н. Н. Палагина, Ж. М. Жумалиева, К. Н. Кененбаева, Ч. А. Шакеева, С. В. Фатеев, А. Ысыкеев, К. Миңбаев, Т. А. Коңурбаев ж. б. психологдордун эмгектеринде кеңири берилген. Б. п-нын негизги проблемалары Н. Н. Палагина тарабынан ил. -эксперименталдык деңгээлде кеңири изилденип, «Мектеп жашына чейинки курактагы балдардын оюндары» (1989), «Элес башаты» (1992) деген сыяктуу 70 басма табактан ашык эмгек жарыкка чыгарылган. Баланын ойлом процессинин өнүгүүсүн Ж. Жумалиева, балдардагы нарктуулуктарды кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандырууну Т. А. Коңурбаев изилдеген.

**БАЛДАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН КӨРГӨЗМӨСҮ -** (БЧЖК) окуучулардын көркөм, жасалга-колдонмо өнөрүндөгү ж-а техникадагы өз алдынча чыг-лык жетишкендиктерин коомчулукка көргөзүү. БЧЖК негизинен окуу жылынан аягында же каникул мезгилинде өткөрүлөт. Көргөзмөгө экспонаттарды тандоо ж-а баалоо үчүн составына мугалимдер, сүрөтчүлөр, инженерлер ж-а техниктер, мектептен тышкаркы мекемелердин жетекчилери кирген уюштуруу комитети же калыстар тобу. БЧЖК экспонаттар конкурстук негизде тандалып алынат. Мектеп көргөзмөсүндөгү мыкты иштер р-ндук, обл., респ-калык көргөзмөгө тандалып алынат. БЧЖК – комплекстүү ж-а тематикалык деп бөлүнөт. Комплекстүү БЧЖКда окуучулар чыгармачылыгынын ар түрдүү түрлөрү көрсөтүлөт. Ал окуу жылынын аягында өткөрүлөт. Тематикалык БЧЖКда – окуучулардын тигил же бул тармак б-ча өз алдынча чыг-лыгы (мис., техникалык, көркөм, жасалга-колдонмо ж. б.) көрсөтүлөт.

**БАЛДАРДЫН БИЛИМ АЛУУ БОРБОРЛОРУ** – «Мээрим» фондунун колдоосу м-н обл., р-ндордун борборлорунда ачылган, мектепке чейинки куракгагы балдарга ж-а мектеп окуучуларына кошумча билим берүүчү мекемелер. Аларда мектепке чейинки курактан баштап, балдардын ар тараптуу чыг-лык жөндөмдүүлүктөрүн (конструктордук, көркөм өнөрчүлүк, хореографиялык, вокалдык ж. б.) өркүндөтүүгө, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоого, турмушка даярдоого чоң көңүл бурулат.

**БАЛДАРДЫН ӨЗДҮК КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ** – балдардын көркөм чыг-лыкка шыгын ж-а жөндөмүн өстүрүү үчүн иск-вонун ар түрдүү тармактары (ыр-хор, музыка, бий, сүрөтчүлүк, театр өнөрү ж. б.) уюштурулган класстан тышкаркы ж-а мектептен тышкаркы иштер. Мындай чыг-лыкты уюштуруунун мазмуну, методу ж-а формасы ар түрдүү. Алар мектепте, балдар үйүнүн, маданият түйүнүнүн, клубдун маданий секторунда уюштурулат. Алардын ийгиликтери майрамдарда, даталуу күндөрдө, кечелерде, чыгармачыл конкурстарда ж-а фестивалдарда, радиоберүүдө, телекөрсөтүүдө кеңири чагылдырылат.

**БАЛДАРДЫН ТЕХНИКАЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ -** – политехникалык окуунун ж-а кесиптик багыт берүүнүн негизги каражаттарынын бири. Ал балдардын техникага кызыгуусун арттырып, чыгармачыл ж-а ойлоп тапкыч жөндөмдүүлүгүн, чыгармачыл ж-а ойлоп тапкыч жөндөмдүүлүгүн, техникалык ойлонуусун өнүктүрөт, ил. деңгээлин жогорулатат. Б. т. ч-гы көбүнчө модель, прибор (аспап, шайман), механизм, жөнөкөй машина өңдүү техникалык объекттерди конструкциялоодон көрүнөт. Балдардын техникалык чыг-лыгы класстан тышкаркы окууларда, мектептен тышкаркы мекемелерде (жаш техниктердин станциясында, клубдарда, чыгармачыл үйлөрдө ж. б.), о. эле эмгекке үйрөнүү ж-а предметтик сабактарда ишке ашырылат. Б. т. ч. 4 негизги этаптан турат: техникалык маселени алдыга коюп, зарыл маселелерди жыйнап үйрөнүү, маселени чыгаруу жолун издөө, чыгармачыл ниетти ишке ашыруу. Б. т. ч. уюштуруунун эң кеңири тараган формасы техникалык кружок. 1967-жылдан баштап системалуу түрдө кароонун составдуу бөлүгүн Б. т. ч. түзөт. Эң жакшы эмгектер көргөзмөгө экспонат катары коюлат, сыйлыктар м-н сыйланат. Б. т. ч. жеткинчектерди келечекте өндүрүштө, илимде, техникада чыгармачыл эмгектенүүгө көнүктүрүп, чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрөт. Атактуу ойлоп табуучулардын, рационализаторлордун, өндүрүштүн новаторлорунун, конструкторлордун, илимпоздордун көбү өз учурунда Б. т. ч. аркылуу даярдалып өтүшкөн.

**БАЛЛ -** (фр. Balle – шар, топ) – 1. кубулуштун деңгээлин же күчүн аныктай турган шарттуу белги (мис., шамалдын ылдамдыгы, жер титирөө ж. б.). 2. окуучулардын окуу материалдарын өздөштүрүүсүн ж-а жүрүш-турушун баалай турган цифралык белги (баа). 5 баллдуу система б-ча окуучулардын жетишкендиктерине баа коюу 1944-ж. кабыл алынган: 5 – «эң жакшы», 4 – «жакшы», 3 – «орто», 2 – «жаман», 1 – «эң жаман». Ар түрдүү өлкөлөрдө ар башка цифралык баллдуу системалар бар. Мис., Италияда 11, Франциянын лицейлеринде – 20, Нидерландыда – 10 ж. б.

**БАЛТАБАЕВ -** Мукаш (1921, Кочкор р-ну) – педагог, педагогика илимдеринин доктору (1974), проф. (1977). КР УИАнын мүчө-корреспонденти, Россия Билимдер академиясынын мүчөсү (1999). Кырг. Респ. эмгек сиңирген мугалими (1981). Фрунзедеги пед.–жумушчу факультетин бүткөн (1939). Севастополду баатырдык коргоого катышкан (1941–42). 1948–51-ж. Тбилиси мамл. пед. ин-тунда сырттан окуган, Грузиянын Гардабан р-нунун Новоульяновск сегиз жылдык мектебинде мугалим болуп иштеген. 1951-ж. мекенине келип, Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтун сырттан окуп бүтүргөн. 1951–53-ж. Фрунзе обл. Чүй орто мектебинде мугалим, директор, 1953–55-ж. Кыргызстан КП БКнын инструктору, 1955–64-ж. Кыргыз ССР Эл агартуу министрлигинде жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн, мектептер башкармасынын начальниги, Фрунзе обл. Эл агартуу бөлүмүнүн башчысы. 1965–66-ж. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунун проректору, 1966–75-ж. Кыргыз мамл. ун-тинин педагогика кафедрасынын башчысы, 1975–80-ж. проректору, 1981–84-ж. Кыргыз педагогика илим-изилдөө ин-тунун директору, 1984–90-ж. орус тили жана адабияты ин-тунун кафедра башчысы, 1990-ж. тартып Бишкек ш-дагы бир катар жогорку окуу жайларында профессор-консультант болуп иштеп, 1991-ж. Кыргызстандагы пед. илимдер б-ча адистештирилген ил. кеңештин, 1994—99-ж. КР Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиянын пед. илимдер б-ча эксперттик комиссиясынын председатели болгон. Педагогдук иши м-н катар жалпы орто билим берүүнүн ил.-пед. проблемаларына арналган изилдөөлөрдү жүргүзгөн. 120дан ашык илимий эмгектин, анын ичинде «Кыргыз ССРинде жалпы орто билим берүүнүн өнүгүүсү» (1978), «Кыргызстандагы элге билим берүү иши 60 жылда» (1983), «Айылдык жалпы билим берүүчү мектептердин ишин өркүндөтүү» (авторлош, 1987), «Кыргыз ССРинде педагогикалык акыл-ойлордун антологиясы» (авторлош, 1988), «Педагогиканын негиздери» (жалпы ред. 1996) ж. б. эмгектери бар. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын 1–6 томдорунун элге билим берүү тармагы б-ча ил. кеңешчиси ж-а пед. илимдер б-ча макалалардын автору. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн 1-даражадагы «Улуу Ата Мекендик согуш», «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**БАРПЫ** Алыкулов (1884–1949) – кыргыз элинин залкар насаатчы акындарынын бири. Барпы элдик таалимчи-педагог катары адамды ар кандай чен-өлчөмдөр м-н, ар тараптан келип карап, түрдүү мүнөздөрдү салыштырып талдап, терс жактарын иргеп таштап, оң сапаттарын алып, кошумчалап, жалпылап отуруп, өз идеалындагы ошондой личностун көркөм концепциясын иштеп чыккан. Атап айтканда, акын «Болоор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», «Жигиттик», «Марттык», «Баатырдык» деген ырларында эркектер тобунун мүнөз дүйнөсүн изилдеп, өзүнүн байкоолору м-н коштоп, жалпылап, эр жигиттин ырааттуу идеалын түзгөн. Акындын пикири б-ча чыныгы жигиттин артыкча ар-намысы, сөздөрүнүн курчу, бекем эрки, өзгөчө сүрү болот. Чыныгы жигит барда да, жокто да ар-намыс м-н адамдык наркты бийик сактайт. Эр жигиттин нарк насили акындын «Санат» аттуу ырында төмөнкүдөй саптар м-н толукталат: «Калың элдин калкасы, Болгон жигит жакшы экен. Кабар келсе бир жерге, Жеткен жигит жакшы экен. Кадыры элге бөтөнчө, өткөн жигит жакшы экен. Адамга катык тийбеген, Майын жигит жакшы экен. Көпчүлүктү күлдүргөн, Шайыр жигит жакшы экен». Ал өмүрүн, эмгегин, эрдигин, эл-журт тагдырына анын келечек бактысына багыштаган. Барпынын ой тыянактары белгилүү өлчөмдө учурдагы инсан идеалы ж-а таалим-тарбиянын максаты тууралуу көз караштарды тактоого, байытууга өбөлгө боло алат.

**БАТЫРКУЛОВ -** Бекмурза Батыркулович (1930, Токтогул р-ну) – педагог. Жалалабаттагы мугалимдерди даярдоо курсун, Кыргыз мамл. ун-тинин кыргыз филологиясы факультетин бүтүргөн. 1965–жылдан баштап Токтогул р-нун мектептеринде иштеген. Ал көп жылдык педагогдук эмгегинде эксперименттерди үзгүлтүксүз жүргүзүүгө, окуучулардын практикалык машыгууларын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган. Сабактын салттуу формасын чыг-лык м-н өркүндөтүп, анын стандарттуу эмес формаларын практикага киргизген. «Сабак сахна», «Сабак жомок» деп аталган стандарттуу эмес формаларын драмалык ж-а эпостук чыгармаларды окутууда пайдалануу м-н, окутуунун оптималдуулугун жүзөгө ашырууда өзүнүн ил.-методикалык жаңыча жолун тапкан. Учурда алар улуттук педагогикабыздын теориялык жактан толукталышында, окутуунун методдорунун өркүндөөсүндө өз ордун таап, жалпынын үлүшүнө айланган. Б. Кыргыз ССР, СССР эл агартуусунун отличниги, методист-мугалим, КР эмгек сиңирген мугалими, 2003-ж. Кыргыз эл мугалими деген жогорку наамды алган, көптөгөн грамоталар м-н сыйланган.

**БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП -** – кенже курактагы балдарга башталгыч билим берүүгө багытталган атайын мекеме**.** Б. м. өз алдынча же жалпы орто билим берүүчү мектептин тутумунда болот. Мазмуну жагынан орто билим берүү системасынын курамына кирип, анын биринчи баскычы болуп эсертелет. Дээрлик бардык өлкөлөрдө Б. м. 5 жаштан 7 жашка чейин жүргүзүлөт. КР 3 ж-а 4 жылдык Б. м. орун алып келген. XXI к-дын башынан тартып респ-када 4 жылдык Б. м. сакталып, ага 6–7 жаштагы балдар кабыл алынат. Көптөгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, 4 жылдык башталгыч билим берүү балдардын ден соолугун сактоого, тиешелүү билим денгээлин камсыз кылууга ийкемдүү шарт түзө алат. Б. м-те баланын сабаты ачылып, окурмандык, таанып–билүүчүлүк, окуп-үйрөнүү ишмердиктери калыптанат, математиканын, дүйнөнүн ил. автоматталышынын негиздерин, аалам ж-а адам ж-дө алгачкы ил. түшүнүктөрдү кабылдайт. Ошону м-н бирге эле кенже курактагы окуучунун инсандык сапаттары, экологиялык, эстетикалык, жүрүм-турум маданияты тарбияланат. Аталган касиеттер эне-тили, математика, мекен таануу, адеп, сүрөт, музыка ж-а дене тарбия сыяктуу окуу предметтери аркылуу калыптанат.

**БАШТАПКЫ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ –** эл чарбасынын түрдүү тармактары үчүн квалификациялуу жумушчулар даярдоочу мекеме**.** Мындай окуу жайларга 9 жылдык билими барлар да, 11 жылдык билими барлар да кабыл алынат. 9 жылдык билими барлар кесипке үйрөнүү м-н бирдикте 10–11-класстын окуу программасын толук өздөштүрүп, орто билимге да, жогорку окуу жайга кирип окуу укугуна да ээ болушат. Учурда респ-када 56 кесиптик орто билим берүүчү окуу жай бар. Аларда 29,3 миң окуучу окуйт. Бирок, азыр орто билим берүүчү техникалык окуу жайлардын саны күн санап азайып бара жатат. Анткени аларды эмгек м-н камсыз кылуучу завод, фабрикалар, айыл чарба ишканалары кыскарып же башка технологиялык кайра курууларды баштан кечирип жатат.

**БЕЙАҢДУУЛУК (БЕССОЗНАТЕЛЬНОЕ)** – субъект тарабынан толук, аягына чейин жетик түшүнүлбөгөн психикалык кубулуштардын жыйындысы**.** Б. түшүнүгүн илимге немец ойчулу Лейбниц киргизген. Б. психологиялык ж-а философиялык жактан түрдүү мааниде: а) маалыматтын баш мээге чагылбастан, субъекттин толгонууларынын деңгээлинде, кайрадан иштелип чыгуусун түшүндүрүүчү мээнин иш-аракети; б) субъект тарабынан толук таанылып бүтпөгөн толгонуулар катары каралып келет. Бул феномен онтогенездик өнүгүүнүн алгачкы этабында, аффект абалында, өтө чарчаганда же болбосо аң-сезимдин патологиялык өзгөрүүлөрүндө байкалат. Б. проблемасынын өнүгүшү психопатология м-н байланыштуу. Француздардын психиатрия мектеби (Ж. М. Шарко, И. Бернгейм ж. б.) тарабынан гипноздоо методунун жардамы м-н Б. патогендик ролу табылып, адам өзү толук түшүнбөсө да, муютуу аркылуу анын аң-сезимдүү жүрүм-турумуна таасир этүүгө боло тургандыгы аныкталган. З. Фрейд да Б. ж-дө окууну иштеп чыккан. Анын оюу б-ча Б. өзүнүн энергетикалык потенциалын сактоочу, психикалык бузулуу түрүндө байкалуучу ж-а тымызын толгонууларды, өнүгүүдөгү кемчиликтерди билдирүүчү кубулуш. К. Г. Юнг «коллективдүү Б.» ж-дө окууну уланткан. Бул окууну символдук образдар – «архетиптер» түрүндө көз алдыга келтирүүгө болот. Ага окууга мааниси б-ча «социалдык Б.» түшүнүгү (Э. Фромм) жакын. Россияда Б. түшүнүгүнүн изилдениши И. М. Сеченов, И. П. Павлов, В. М. Бехтерев ж. б. ысымдары м-н байланыштуу. Алар Б. түшүнүгүн субсенсорика, кыймыл-аракеттерди башкаруу, уйку, гипноз ж. б. жогорку нерв системасынын иш-аракеттери м-н байланышта окуп-үйрөнүшөт. Б. проблемасы грузин окумуштуусу Д. Н. Узнадзенин изилдөөлөрү да кеңири ылайыкталган. Кыргыз психологу, доцент К. Миңбаев Б. «аң-сезимсиз абал» деген термин аркылуу белгилейт. Бул абалда адам өзү жасаган аракетке баа бербейт, анын убактысына, өтүп жаткан ордуна карата багыты жоголот, атүгүл аракетти башкарган кеп да бузулат. Акыркы жылдары жарык көргөн адабияттарда Б. түшүнүгүн психикалык процесс, объективдүү чындыкты чагылдыруунун бир формасы катары кароого боло тургандыгы ж-дө ойлор кездешет (А. В. Петровский). Турмушта Б. объективдүү жашай тургандыгын далилдеген окуялар көп кездешет. Санкт-Петербургдук психотерапевт А. М. Свядош адамды уйку-соо абалына өткөрүп чет тилди үйрөтүү мүмкүнчүлүгүн изилдеген. Адамдар тамактанганда, көчөдө, кийингенде, басып бара жатканда, машинаны башкарууда, муз. аспапта ойноодо ж. б. ар дайым эле аң-сезим катыша бербейт. Адамдардын көп кыймыл-аракеттери Б-тун негизинде ишке ашат. Б-тун бул жактары али толук изилденип бүтө элек.

**БЕЙФОРМАЛ БИЛИМ БЕРҮҮ - –** мамл**.** билим берүү тармактарынан тышкары коомдук**,** мамл**.** эмес же жекече инсандар тарабынан уюштурулган**,** негизинен кыска мөөнөттүү кошумча билим берүү жолу**.** Мындай кошумча билимди берүү тармактары негизинен билим өркүндөтүү же кайрадан даярдоо б-ча кыска мөөнөттүү семинарлар, тренингдер, окуу курстары түрүндө уюштурулат**.**

**БЕКБОЕВ** Ысак (1930-ж. т., Атбашы р-ну) – педагогика илимдеринин доктору (1994), проф. (1983), КРУИАнын корр.–мүчөөсү (1997), эл аралык пед. ж-а социалдык илимдер академиясынын академиги (1996), Кырг. Респ. Эмгек сиңирген мугалими (1983), эл аралык «Руханият» сыйл. лауреаты (2000), Кырг. Респ. илим ж-а техника тармагындагы мамл. сыйл. лауреаты (2002). Кыргыз мамл. ун-тинин физика-математика факультетин бүтүргөн (1952). Орто мектептин математика мугалими (1952–1955), Кыргыз пед. илим-изилдөө ин-тунда ага ил. кызматкер, сектор башчысы, директорго орун басар (1955–1975), КМУда декан, окуу иштери б-ча проректор (1975–1984), Кыргыз Билим берүү ин-тунда директор (1984–

2002) болуп иштеген. 2003-жылдан баштап Кыргыз Билим берүү академиясынын билим берүү борборунун директору. 150дөн ашык ил. эмгектердин (а. и. 10 монография, 20 окуу китеби) автору. Эмгектери негизинен билим берүүнү башкаруунун аспектине, педагогиканын жалпы проблемаларына, окутуунун мазмунун ж-а методикасын изилдөөгө, ил.-пед. кадрларды даярдоого арналган (мис., математиканы окутуунун проблемаларын изилдөөчүлөрдүн ил. мектебинин негиздөөчүсү). «Ардак Белгиси» ордени (1971) ж-а медалдар м-н сыйланган.

**БЕНЖАМЕН БЛУМДУН ТАКСОНОМИЯСЫ -** (грек. taxis – иретке келтирүү + nomos мыйзам) – таанып-билүү ишмердигинин максатын талдап, жиктөөгө ж-а аны так ырааттуулукка келтирүүгө арналган система. Муну түзүүнүн зарылдыгы Америкада пайда болгон. Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин колледжде сынак алуу б-ча комитетке кирген педагогдор м-н психологдордун жоон тобу Б. Блумдун жетекчилиги м-н пед. максатты так аныктоонун ж-а аны ырааттуулукка келтирүүнүн жалпы жол-жобосун, эреже-талаптарын иштеп чыгуу максатында көп жылдык ил.-изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Натыйжада 1956-ж. таанып-билүүчүлүк (когнитивдик) ишмердиктин максатын так баяндап, чечмелеген “таксономия” жарыкка чыккан. Топ окутуп-үйрөтүүнүн максаты катары каралуучу 6 негизги түшүнүктү (категорияны) аныктап чыккан: 1. Билүү; 2. Түшүнүү; 3. Колдонуу; 4. Талдоо (анализ); 5. Топтоо (синтез); 6. Баалоо. Буларды төмөндөгүдөй мүнөз-дөөгө болот.

1. Билүү. Бул түшүнүк окуп-үйрөнүлгөн материалды эске сактап калууну жана аны кайра кайталап айтып берүүнү билдирет. Ал конкреттүү фактардан тартып, бүтүндөй теориялардын мазмунун өз ичине камтышы мүмкүн. Бул түшүнүктүн негизги белгиси – тийиштүү маалыматтарды эске түшүрүү м-н байланыштуу. Мында окуучу колдонулган терминдерди, конкреттүү фактыларды, усул-ыкмаларды, негизги түшүнүктөрдү, эрежелерди жана принциптерди билет.

2. Түшүнүү. Мында окуп-үйрөнүлгөн материалды бир түрдө туюнтуудан башкача түрдө туюнтууга көчүрө билүү (трансляция), аны «бир тилден» башка тилге (мис., сөз м-н туюнтулган маалыматты математикалык жол менен туюнтууга) которо билүү ал материалдын маанисин түшүнүүгө болгон жөндөмдүүлүктүн көрсөткүчү болуп эсептелет. Окуучунун материалды чечмелей билүүсү – интерпретациялоосу – (түшүндүрүү, кыскача баяндоо) же окуянын андан аркы уланышын боолголой билүүсү (анын кийинки майнабын, түпкү натыйжасын баамдай билүү) түшүнүүнүн көрсөткүчү катары кызмат кылат. Мындай окуунун натыйжасы материалды жөнөкөй гана эске тутуп калуудан алдаганча артыкчылык кылат. Мында окуучу фактарды, эрежелерди жана принциптерди түшүнөт, сөз жүзүндө берилген маалыматты, схемаларды, графиктерди, диаграммаларды чечмелей билет, айтылган маалыматтын төркүнүн баамдай алат.

3. Колдонуу. Бул түшүнүк окуп-үйрөнүлгөн материалды конкреттүү шартта ж-а жаңы кырдаалдарда колдоно билүүнү билдирет. Ага эрежелерди, методдорду, түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, принциптерди, теорияларды колдоно билүү кирет. Окутуп-үйрөтүүдө тийиштүү натыйжаларга жетишүү түшүнүүгө караганда материалды кыйла бийик деңгээлде билүүнү талап кылат. Мында окуучу түшүнүктөрдү ж-а принциптерди жаңы кырдаалдарда пайдалана алат, мыйзамдарды, теорияларды конкреттүү практикалык жагдайда колдоно билет, ар түрдүү усул-ыкмаларды, эреже-жоболорду иш жүзүндө туура колдонот.

4. Талдоо (анализ). Бул түшүнүк материалды анын структурасы так, ачык-айкын көрүнүп тургандай бөлүктөргө ажыратып бөлө билүү жөндөмүн билдирет. Буга бүтүндүн бөлүктөрүн ажырымдай билүү, алардын ортосундагы өз ара байланышты таба билүү, бүтүндү жаратуунун принциптерин аңдап-түшүнө билүү кирет. Мында окуп-үйрөнүүнүн натыйжасы түшүнүүгө ж-а колдонууга караганда өзүнүн кыйла бийик интеллектуалдык деңгээли м-н мүнөздөлөт. Себеби, мында окуу материалынын мазмунун да, анын ички түзүлүшүн да аңдап-түшүнө билүү талап кылынат. Окуучу мында купуя (ачык туюнтулбаган), боолголонгон ойлорду ажырата билип, ой жүгүртүүнүн логикасындагы каталыктарды ж-а калпыстыктарды көрө билет; фактар м-н натыйжалардын ортосундагы айырмачылыктарды көрүп, маалыматтардын олуттуулугун баалай алат.

5. Топтоо (синтез). Бул түшүнүктүн төркүнү жаңычыл мүнөзгө ээ бүтүн-дүктү алуу элементтерди (бөлүкчө-лөрдү) ич ара айкалыштырып, чогулта билүүнү билдирет. Чыгып сүйлөө (билдирүү же доклад жасоо), иш-аракеттин планы же жалпыланган байланыштардын жыйындысы (белгилүү болгон маалыматтарды иретке келтирүү максатында түзүлгөн схемалар) ушундай жаңы продукт болушу мүмкүн. Окутуп-үйрөтүүдө тийиштүү натыйжаларга жетишүү үчүн жаңы схемаларды ж-а структураларды түзүүгө басым жасаган чыг-лык мүнөздөгү иш-аракет талап кылынат. Окуучу мында чакан чыгармачыл дилбаян жазат, эксперимент жүргүзүүнүн планын сунуш кылат, тигил же бул проблеманы чечүүнүн планын түзүү үчүн ар кандай тармактагы билимдерди пайдаланат.

6. Баалоо. Бул түшүнүк конкреттүү максатта тигил же бул материалдын (ырастоонун, көркөм чыгарманын, изилдөөнүн маалыматтарынын) маанисин баалай билүү жөндөмүн билдирет. Ой жүгүртүү мында так чен-бааларга (критерийлерге) негизделиши керек. Чен-баалар ички да (структуралык, логикалык), тышкы да (белгиленген максатка шайкеш) болушу мүмкүн. Чен-бааларды окуучу өзү аныкташы же алар ага тыштан (мис., мугалим тарабынан) берилиши мүмкүн. Бул түшүнүк жогоруда айтылган түшүнүктөрдүн бардыгы б-ча окуу ишмердигинде олуттуу натыйжаларга жетүүнү ж-а ага кошумча ачык-айкын чен-бааларга таянган баалоочу ой жүгүртүүнүн болушун талап кылат. Окуучу мында материалдын түзүлүшүнүн логикасын жазуу жүзүндөгү текст түзүү аркылуу баалайт, чыгарылган тыянактардын айтылган ойлорго ылайык келишине, иш-аракеттин тигил же бул продуктунун маанисине сапаттуулуктун тышкы чен-бааларына таянуу м-н баа берет.

Б. Б. т. эл аралык кеңири таанылууга ээ болгон. Ал окутуп-үйрөтүүнү пландоодо ж-а анын натыйжаларын баалоодо кеңири колдонулат, о. эле ал жаңы курстарды тажрыйба-сынактан өткөрүп текшерүүдө да ийкемдүү каражаттардын бири катары кызмат кылат.

**БИБЛИОГРАФИЯ -** (грек. biblion – китеп, grafo – жазуу) – бир нече мааниге ээ: 1) кайсы бир белгилери б-ча басма сөз продукцияларын эсепке алуу м-н ил. ж-а системалуу түрдө баяндап берүү; 2) мындай баяндаманы түзүүнүн ыкмалары ж-а методдору ж-дө билимдердин тармагы; 3) кайсы бир тема б-ча макалалардын, китептердин тизмеси.

**БИЛИМ -** – философиялык көз караште объективдүү чындыктын адамдын сезиминде чагылдырылышы. Педагогикада Б-ди биз эки мааниде түшүнөбүз: 1) Б. – адам тарабынан кабыл алынуучу, сезилүүчү, түшүнүлүүчү ж-а анын оюнда сакталып калуучу информация (маалымат); 2) Б. – улам жаңы информацияны кабылдап, аны өздөштүрүү үчүн адам тарабынан пайдаланылуучу каражат, курал. Демек Б. түшүнүгү пед. процессте эки жактуу (информация ж-а каражат) мааниде кабыл алынат. Окутуу кандай гана формада уюштурулбасын, окуучунун жаңы материалды өздөштүрүшү үч этапта ишке ашырылат.

1-этапта окуучу үйрөнүлүүчү информацияны сезимдүү кабыл алып эсине сактайт.

2-этапта окуучу жаңы кабыл алынган Б-ди көрсөтүлгөн үлгү б-ча же ал үлгүнүн башкача вариантында пайдалануунун ыкмаларын өздөштүрөт.

3-этапта окуучу өзүнүн мурунку этаптарда өздөштүргөн Б-ин жаңы, өзүнө тааныш эмес ситуацияларда, чыгармачылыктуу пайдалана билүүгө даяр болот. Ошентип, окуу материалын өздөштүрүү үч этаптан: материалды сезимдүү кабылдап эстеп калуу, аны көрсөтүлгөн үлгү б-ча ж-а тааныш эмес ар кандай жаңы ситуацияларда пайдалануудан турат. Тиешелүү түрдө бул этаптарда материалды өздөштүрүүнүн үч деңгээли камсыз кылынат.

Окутуу процесси үчүн материалды өздөштүрүүнүн 1- ж-а 2- деңгээлдеринин камсыз болушу милдеттүү зарыл, бирок ал жетиштүү эмес. Окутуунун азыркы кездеги максаты – материалды өздөштүрүүнүн 3-деңгээлине жетишүүнү камсыз кылууда, б. а. окуучуларды алган Б-дерин чыг-лык м-н пайдаланууга даярдоодо турат.

**БИЛГИЧТИК -** – билимди (айлана-чөйрөдөгү объекттердин ордун, өз ара катнашын, көз карандылыктарын чагылдыруучу закондорду, теорияларды, аныктамаларды, эрежелерди, формулаларды) практикалык ж-а интеллектуалдык ишмердикте пайдалануунун ыкмасы. Билгичтиксиз билим формалдуу болот. Мис., окуучу эрежени же формуланы билет, бирок аны пайдаланып маселе чыгара албайт; сөз түркүмдөрүнүн аныктамаларын так айтат, бирок конкреттүү сүйлөмдү сөз түркүмдөрү б-ча талдай албайт. Демек анын формалдуу билими бар, бирок билгичтиги жок.

**БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТЫ -** – мамлекет өзүнүн бардык граждандарын милдеттүү түрдө камсыз кылуучу билим берүүнүн минималдуу, алгачкы, түпкү деңгээли. Бул деңгээлден төмөн түшүүгө болбойт, ошол деңгээл гана адамга өз алдынча билимин улантууга, өзүнүн турмуш жолун туура аныктап алууга мүмкүндүк берет. Демек, стандарт – коом тарабынан ар бир гражданин гарантиялана турган билимдүүлүктүн мамл. нормасы. Мындай норма окуучулардын билим деңгээлин өлкөнүн ичинде ж-а андан тышкары жерде салыштырып баалоого мүмкүндүк берет. Б. б. м. с. билимдүүлүктүн деңгээли м-н аныкталат. Билимдүүлүктүн деңгээлин сандык көрсөткүчтөр м-н баалоого болбойт. Ал милдеттүү окуу жылдарынын саны м-н да, окуу предметтеринин тизмеси м-н да, окуу программаларынын сапаттары м-н да, окуу материалынын көлөмү м-н да, аттестаттагы баалар м-н да ченелбейт. Билимдүүлүктүн деңгээлин мындай көрсөткүчтөр м-н баалоо стандарттык-бюрократтык структураларда гана орун алат. Чындыгында билимдүүлүктүн деңгээли – адамдын практикада активдүү ойлоно билгичтиги ж-а ишмердүүлүк жөндөмү, б. а. анын эмнени иштей ала тургандыгы ж-а татаал проблемалык ситуацияларда эмнеге жөндөмү бар экендиги. Муну аныктап билүү оңой иш эмес, мындай жөндөмдүүлүктү калыптандыруу андан да татаал. Аны туура аныктоо кеминде төмөнкүдөй талапты камсыз кылууну милдеттендирет:

1) билим берүүнүн мазмуну бүткүл адамзаттык баалуулуктарды камтыш керек, ансыз жалпы кабылдануучулук (признание – конвертируемость) болбойт;

2) этникалык, улуттук жергиликтүү материалдар оптималдык максималдуу камтылуусу керек;

3) окуу материалы окуучуларга жеткиликтүү болууга тийиш.

**БИЛИМ БЕРҮҮ -** – системалуу ил. билимдерди берүү ж-а алуу процесси. Билим берүү мазмуну б-ча эң татаал түшүнүктөрдүн катарына кирет. Биринчиден, билим алуу кандайдыр бир көлөмдөгү ж-а сапаттагы билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү өздөштүрүү; экинчиден, билим берүү – белгилүү бир тартипте уюштурулган окутуу процесси ж-а инсандын калыптанышы, өнүгүшү; үчүнчүдөн, билим берүү – билимдерди алууга ж-а берүүгө багытталган адамдардын аракеттеринин системасы катары каралат. Күндөлүк турмуштан байкалгандай, «билим берүү» термини биз элестеткен кеңири мазмунду толук чагылдыра албайт. Анткени, бул термин адатта мугалимдин аракетин же билим берүүчү мекемелердин гана ишин мүнөздөп калгандай көрүнөт. Чындыгында, бул термин аркылуу аныкталуучу түшүнүктүн мазмуну адамдын билимге ээ болуу процессин, ага жетекчиликти жана уюштурууну, акырында келип анын жыйынтыгын мүнөздөйт. Ошондуктан «билим берүү» түшүнүгүн өтө кеңири мааниде: окуучунун билим алуу, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу ишмердигин; окуучунун инсан катары калыптануу процессин; таалим-тарбия берүү процессинин ж-а аны ишке ашырууга түзүлгөн шарттардын жалпы комплексин, ошондой эле таалимчилердин иш-аракетин; акыры келип инсандын гармониялуу мүнөздөгү өнүгүшүн түшүнүү ылайык болот.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАГЫНДАГЫ ГРАНТ -** – мамл. окуу жайлар, жеке инсандар, менчик окуу жайлар, ишканалар ж. б. тарабынан билим алууга ынтызар, жөндөмдүү жаштар үчүн ж-а кайтарымсыз бөлүнгөн каражат. Ал каражат билим алуучуну жашоо тиричилик, окуу куралдары ж-а окуу акысына тиешелүү каражаттар м-н камсыз кылууга багытталат. Билим гранты көбүнчө ар кандай демөөрчүлүк иштерин жүргүзгөн фонддор тарабынан чет мамлекеттерге барып билим алуу үчүн да берилет.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАГЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТТЫН ПРИНЦИПТЕРИ -** – билим берүүдөгү Кыргыз Республикасынын мамл. саясатынын артыкчылыктуу стратегиялык багыты. Өлкөдө билим берүү эл аралык келишимдерде ж-а пактыларда, Адам укуктарынын жалпы декларациясында жарыяланган принциптерге, демократияга ж-а элдин гумандуу дөөлөттөрүнө, дүйнөлүк маданиятка негизденет. КР Конституциясында (32-ст. ) КР жарандарынын

билим алууга болгон укугу бекитилген. Негизги билим берүү милдеттүү ж-а акысыз, ар бир адам аны мамлекеттик окуу жайларында алууга акылуу. Мамлекет ар бир адамдын жөндөмүнө жараша кесиптик, атайын орто ж-а жогорку билим алуусу үчүн мүмкүнчүлүктү камсыз кылат. Билим берүү жагындагы мамл. саясаттын принциптери мыйзамдар, жалпы мамл. программалар, өкмөттүн токтомдору аркылуу, о. эле колунда болгон каражаттары м-н колдоо көрсөтүү үчүн коомдук уюмдарды ж-а кыймылдарды, кеңири коомчулукту (массалык маалымат каражаттарын, коомдук академияларды, кесиптик ассоциацияларды, бирликтерди ж. б.) тартуу жолу м-н ишке ашырылат.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ** – билим берүү тармагын уюштуруунун, башкаруунун ж-а анын иштөөсүнүн негизги принциптерин белгилөөчү, аларды ишке ашыруунун укуктук базасы катары кызмат өтөөчү укуктук акт. “Билим берүү жөнүндө” КР Мыйзамы 1992-ж. кабыл алынган. 1997-ж. ага өзгөртүүлөр ж-а толуктоолор киргизилген. 2004-ж. КР “Билим берүү жөнүндө ” жаңы мыйзамы ЖК палатасында каралып чыгып кабыл алынган.

**БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИН АККРЕДИТАЦИЯЛОО**- мамл. же мамл. эмес уюмдар тарабынан (мис., кесиптик ассоциациялар ж. б.) белгилүү бир көрсөткүчтөрдүн негизинде тигил же бул окуу жайлардын ордун аныктоо ж-а ага жараша аларга баа берүү, ишеним көрсөтүү. Аккредитация б-ча жогорку орунду ээлеген окуу жайлар мамлекет тарабынан кошумча финансылык каржылоого татыктуу ж-а илимдин доктору даражасын берүү мүмкүн-чүлүгүнө ээ болот.

**БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИН АТТЕСТАЦИЯЛОО -** – алдын ала аныкталаган мамл. талаптарга ылайык тигил же бул окуу жайдын материалдык базасын, тиешелүү адистер м-н камсыз болушун, андагы окуган окуучулардын билим сапатын текшерүү ж. б. көрсөткүчтөрдүн негизинде ал окуу жайдын билим берүү системасындагы ордун, окуу-тарбия иштеринин денгээлин аныктоо ж-а баалоо. Мындай аттестациялоонун натыйжасында ал окуу жайдын мамл. талапка жооп берер-бербеси аныкталат.

**БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИН ЛИЦЕНЗИЯЛОО - –** мамл. талаптардын негизинде таалим-тарбия мекемесинин билим берүүчүлүк мүмкүн-чүлүктөрүн: окуу бөлмөлөрдүн, окуу куралдардын жетиштүүлүгүн, жогорку квалификациялуу адистер м-н камсыз болуусун ж. б. шарттарын эсепке алуу м-н ал окуу жайга билим берүүчүлүк иш жүргүзүү б-ча расмий уруксат берүү же бербөө ж-дө чечим кабыл алуу иши.

**БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНИН (УЮМУНУН) МЕНЧИГИ -** – билим берүү мекемелерине таандык болгон ж-а уставдык милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн керектелүүчү мүлк. Билим берүү мекемеси өз уставында аныкталган мүлккө ээ болууга, пайдаланууга ж-а тескөөгө укуктуу. Өзүнүн уставына ылайык билим берүү ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу билим берүү мекемесине уюштуруучуга таандык болгон же үчүнчү жактан (менчик ээсинен) ижарага алган менчик укугунун объекттерин (жерди, имараттарды, курулуштарды, мүлктү, жабдууларды, о. эле социалдык, маданий ж. б. зарыл болгон мүлктү) бекитип берет. Өз алдынча башкаруу органдары билим берүү мекемелерине жер участокторун акысыз ж-а мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп беришет. Мамл. билим берүү мекемелеринин имараттары ж-а материалдык-техникалык базасы менчиктештирилбейт. Мамл. эмес билим берүү мекемелери аларга мурда бекитилип берилген же алар ижарага алган мамл. же коммуналдык менчикти сатып алуунун артыкчылыктуу укугунан пайдаланышат.

**БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНИН УЮМДАШТЫРУУЧУСУ (УЮМДАШТЫРУУЧУЛАРЫ - )** – билим берүү мекемесин түзүүчү жеке же юридикалык жактар. КР “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын 13-ст. ылайык билим берүү мекемелеринин уюмдаштыруучулары: мамл. башкаруу ж-а жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары; ата мекендик ж-а чет өлкөлүк бирикмелер, ассоциациялар менен фонддор, ишканалар, мекемелер, уюмдар, жарандар, анын ичинде чет өлкөлүктөр; негизги мектеп билиминин мамл. билим стандарттарын сактаган шартта мамл. эмес коомдук ж-а диний уюмдар болушу мүмкүн.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ -** – белгилүү бир мезгилге эсептелген билим берүү тармагынын келечегин айкындап көрсөтүүчү мамл. нормативдик документ. Ал өз ичине кандайдыр бир максат коюп, ошол максатка жетүүнүн ресурстарын, мөөнөтүн, аткаруучуларын ж-а аткаруу жолун аныктайт. Программаны түзүү ж-а аткаруу бир нече этаптардан турат: маалыматтарды топтоо – маалыматтарды иштеп чыгуу – анализ – прогноз – милдеттер – пландар – ишке ашыруу – текшерүү. Ал эми мөөнөтү кыска (оперативдүү) – 1 жылга жетпеген; утурумдук – 1-2 жылдык; орто мөөнөттүү – 3 жылдан 5 жылга чейин; перспективалуу (стратегиялык) – 5 жылдан 10 жылга чейин болушу мүмкүн. Кыргызстанда улуттук билим программалары («Жеткинчек», «Билим», «XXI кылымдын кадрлары») иштелип чыккан. Аларда өлкөнүн билим берүү тармагынын стратегиясы, эртеңки күндүн негизги багыттары, бул же тигил иш чараны аткаруу мөөнөттөрү көрсөтүлөт. Билим берүү программалары окумуштуулар, алдыңкы көз караштагы педагогдор, методисттер ж. б. бул ишке тиешеси бар адамдар тарабынан иштелип чыгат ж-а ал жалпы элдик талкуудан кийин мамлекет жетекчиси тарабынан бекитилет, ал үчүн бюджеттен акча каражаты бөлүштүрүлөт. Ошондой эле ар бир билим берүү мекемесинин өз Б. б. п-сы болот.

**БИЛИМ БЕРҮҮ РЕФОРМАСЫ - –** билим берүү системасындагы олуттуу өзгөрүүлөр. Б. б. р. «Билим берүү системасын өнүктүрүү концепциясы» (1992) ж-а «Билим берүү мыйзамы» (1992) Б. б. р-нын укуктук-нормативдик негизи болуп калды. Эгемендүүлүк жылдарындагы билим берүү системасындагы негизги өзгөрүүлөргө орто мектептердин 11 жылдык окуу мөөнөтүнө толук өтүүсүн, орто, атайын орто ж-а жогорку окуу жайларынын менчик формасынын, тибинин ж-а мазмуунунун ошондой эле окуу программаларынын көп түрдүүлүгүн (варианттуулугун), окуу жайларынын жаңы муундагы компьютерлер м-н жабдылып дүйнөлүк информациялык системага кирүүсү, жаңы муундагы окуу китептеринин пайда болушун, окуучулар ж-а студенттердин чет өлкө-лөрдө, чет өлкөлүктөрдүн бизде окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушун эл аралык уюмдардын программаларынын биздин окуу жайларга кириши аркылуу дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануунун ж. б. кошууга болот. 1996-ж. кабыл алынган улуттук «Билим» программасы да бул процессти стабилдештирүүгө арналды. Өлкөдөгү саясий-экономикалык өзгөрүүлөр билим берүүнүн максаттарын кайра карап чыгуу милдетин койду. Билим берүү тармагынын өнүгүү багыты 2025-жылга чейинки «КРнын

Билим берүү боюнча мамлекеттик доктринасында», КРнын 2010-жылга чейинки өнүгүүсүнүн комплекстүү негиздеринин стратегиялык программасында» белгиленип, аны ишке ашыруу жолдору Кыргыз Өкмөтү 2001-ж. март айында бекитилген «КРнын 2010-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясында» көрсө-түлгөн. Реформанын негизги максаты – өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн ж-а экономикалык өсүшүн, адам ресурсунун коомдук өзгөрүүлөргө ылайык өркүндөшүн ж-а инсандын билимге болгон талабын канааттандырууну шарттаган эффективдүү билим берүү системасын түзүү. Муну жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү артыкчылыктуу маселелерди чечүү талап кылынат:

– билим берүүнү башкаруунун эффективдүү коомдук-мамл. системасын түзүү;
– билим сапатын гарантиялаган ийкемдүү механизмдерди түзүү;
– бардык деңгээлде сапаттуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктү шарттаган мамл. гарантияны камсыз кылуу;
– билим берүү кызматын эксперттөөгө шарт түзүү.

Б. б. р-нын негизи багыттары болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

– мектепке чейинки билим ж-а тарбия берүүнү пропагандалоо ж-а мектепке чейинки тарбиялоо мекемелеринин тармагын кеңейтүү;
– орто мектепте 12 жылдык билим берүү мөөнөтүнө өтүү м-н билим берүүнүн мазмунун, стандарттарын кайра карап чыгуу;
– билим берүү мекемелерин лицензиялоо ж-а аттестациялоо системасын өркүндөтүү ж-а улуттук тест жүргүзүү системасын киргизүү аркылуу билим сапатын гарантиялоо механизмдерин бекемдөө ж-а агартуу мекемелеринин ишмердигин баалоо механизмдерин күчөтүү;
– көз каранды эмес тест жүргүзүү кызматын уюштуруу;
– Кыргызстандын билим берүү системасын бүткүл дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо;
– башкаруунун мамл.-коомдук органы катары билим берүү мекемелеринде «Камкорчулар кеңешин» түзүү;
– эмгек рыногун изилдөө аркылуу билим берүү саясатын жөнгө салуу;
– билим берүү чөйрөсүндө рынок мамилелерин өнүктүрүү, мамлекеттик каражатты пайдалануунун эффективдүүлүгүн арттыруу ж-а билим берүү мекемелерин каржылоонун көп түрдүүлүгүн камсыз кылуу аркылуу билим берүү системасында финансылык-экономикалык мамилелерди турукташтыруу жана өнүк-түрүү ж. б.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШИН ИЗИЛДЕП ҮЙРӨНҮҮ (МОНИТОРИНГ - ) –** билимдин сапатын текшерүү, изилдөө максатында билим берүү системасына башкаруучулар тарабынан мезгил-мезгили м-н жүргүзүлүп туруучу көзөмөлдүк. Мындай мониторингдин негизинде билим берүү мекемелеринин билим берүү иш сапаты, билимдин мамлекеттик стандарттарга жооп бериши ж-дө маалыматтар топтолот. Ошондой эле көзөмөлдөө айрым бир окутуучунун ишинин сапатын ж-а натыйжалуулугун аныктоо үчүн да колдонулат.

**БИЛИМ БЕРҮҮНҮ КАРЖЫЛОО -** – бардык типтеги билим берүү мекемелеринин муктаждыктарына акча каражаттарын бөлүп берүү. Мамл. билим берүү уюмдарын каржылоо билим алып жаткан ар бир адамга иш жүзүндө жумшалган чыгымдарды ырааттуу көбөйтүү принцибинин негизинде билим берүү мекемелеринин бардык түрлөрү м-н типтери б-ча каржылоонун КР Өкмөтү бекиткен ченемдердин негизинде республикалык ж-а жергиликтүү бюджеттердин ж. б. булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат. Мамл. эмес билим берүү уюмдарын каржылоо акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын, уюштуруучулардын каражаттарынын, о. э. КР мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

**БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУ -** төмөнкүдөй төрт компоненттен турат:

1. дүйнө, адамзат, коом ж-а ишмердиктин (иштеп-эмгектенүүнүн) ыкмалары ж-дөгү билимдер;
2. ишмердиктин (иштеп-эмгектенүүнүн) буга чейин белгилүү болгон ыкмаларын ишке ашыруунун, б. а. репродуктивдик эмгектенүүнүн тажрыйбасы (билгичтиктер ж-а көндүмдөр);
3. чыг-лык м-н өз алдынча изденип-эмгектенүүнүн (продуктивдүү эмгектенүүнүн) тажрыйбасы.
4. айлана-чөйрөгө, адамдарга эмоционалдуу боорукерлик м-н, сарамжалдуулук ж-а адилеттүүлүк м-н, адамгерчиликтүү ж-а гумандуулук м-н мамиле кылуунун тажрыйбасы, б. а. тарбиялуулуктун деңгээли. Мындан тышкары соңку мезгилде «Инсанга багыттап окутуунун» талабына ылайык билим берүүнүн мазмунун аныктоодо ар бир окуучунун субъекттик таанып-билүүчүлүк тажрыйбасын да, окуучу эмнеге көбүрөөк кызыга тургандыгын да ж-а окуу материалын үйрөнүүнүн өзүнө ылайыктуу ыкмаларын окуучу өз демилгеси м-н тандап алууга мүмкүнчүлүк түзүү да сөзсүз эске алынышы зарыл экендиги белгиленип отурат.

**БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНИН УСТАВЫ** – окутуу, билим берүү иштерин жүргүзүүчү мекемелердин, окуу жайлардын юридикалык статусу, билим берүүчүлүк максаты, милдети, иштөө эрежелери, структурасы, сырткы байланышы, ал мекемеде иштеген кызматкерлердин абалына жараша аткарган милдети ж. б. жол-жоболор аныкталган ырасмий документ. Устав билим берүү мекемесинин жалпы чогулушунда бекитилет ж-а анын талаптарын аткаруу мекеменин ар бир мүчөсү үчүн милдеттүү болот.

**БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫ** – билим берүү процесси кандай болууга тийиш ж-а ал кандай максат үчүн кызмат кылуусу керек деген коомдо орун алган түшүнүктөргө билим берүү процессинин, анын натыйжаларынын ылайык келүүсүнүн чен-өлчөмүн туюндуруучу интегралдык мүнөздөмө. Б. б. с. азыркы учурда анын социалдык эффективдүүлүгүн шарттоочу төмөнкү факторлор: ишмердиктин бул же тигил чөйрө-сүндөгү руханий маданияттын ж-а тажрыйбанын мыкты жетишкендиктерин камтыган мазмун; пед. кызматкерлердин жогорку кесиптик чеберчилиги; жаңы пед. технологиялар ж-а аларга ылайык келүүчү материалдык-техникалык жабдуулар; калктын билим алууга болгон муктаждыгынын толуктугу аркылуу аныкталат.

**БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК (ЖАҢЫЛАНУУ) ПРОЦЕССТЕРИ -** – жаңыча окутууну, жаратууну, кабылдоону, баалоону, өздөштүрүүнү ж-а пед. жаңылыкты кабыл алууну башкаруу процесси. XX

к-дын башында илимде жаңы бир область түзүлдү, ал материалдык өндүрүштүн сферасында жаңычылыктын законченемдүүлүк-төрүн үйрөнүүнүн алкагындагы жаңы нерселерди киргизүү илими болуп саналат. Пед. инновациялык процесстер Батыштагы чет өлкөлөрдө 1950-жылдын акырында, ал эми Россияда акыркы он жылдыкта атайын изилдөөнүн предметине айланды. Кыргызстанда инновация б-ча макалалар 1990-ж. гана жарыялана баштады. «Инновация» түшүнүгү латын тилинен которгондо «жаңыны киргизүү» дегенди билдирет. Бул ил. адабиятта кээ бир процессти жүргүзүүнүн жаңыча жолу катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан, инновация аркылуу кайсы бир системада бир сапаттык абалдан экинчи бир сапаттык абалга өтүү процесси жүрөт десе туура болот. Демек «инновациялык» процесс деген жаңычылдыкты жаратуучу, түзүүчү (иштеп чыгуучу), өздөштүрүүчү, колдонуучу жана жайылтуучу комплекстүү ишкер аракеттенүүнү өзүнө камтыйт. Мына ушул санап өткөн бардык ишкер аракеттенүүлөр окуу процессине киргизилгенде гана ал инновациялык окутууга жатат. Эгер ушул жаңыча ишкер аракеттер тарбиялык ишке, өстүрүүгө, же башкарууга байланыштуу болсо, анда ал инновациялык тарбиялоо, өстүрүү же башкаруу деп аталат. Инновациялык окутуу окуу материалынын мазмунун, окутуунун методун ж-а формасын жаңылоо катары да көрүнөт. Эгер инновациялык окутуунун масштабы (көлөмү) б-ча аныктагыбыз келсе, ал жекече (локалдык), модулдук (комплекс түрүндө өз ара байланышкан, мис., бир түрдүү предметтер, же бирдей курактагы окуучулардын тобу), системалуу (жалпы мектепти камтыган) болуусу ыктымал. Эгер, мис., мектепте окулбай турган, программадан тышкаркы окуу материалы өздөштүрүлүүгө тийиш болсо, же класска жаңы технология киргизилсе, бул жекече жаңычылдык деп мүнөздөлөт. Эгер бардык класстарга бирдей, же бир нече класстарга жарыш түрдө жаңыча программа киргизилсе, ал модулдук жаңычылдык деп аталат. Эгер, жаңычылдык бүткүл мектепти кайра курууга багытталса, же жаңычыл билим берүүчү мекеме уюштурулса, ал системалуу жаңычылдык деп аныкталат.

**БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫ –** билим берүүнүн жалпы теориялык көз караштык (теоретико-мировоззренческие) проблемалары, системалуу негизи ж-дөгү философиянын бир бөлүмү. Б. б. ф. коомдогу көп пландуу билим ишмердигинин түпкү маңыз максатын, стратегиялык, концептуалдык ж-а башкы рухий-дөөлөттүк багыттарын аныктайт. Б. б. ф. билим берүү саясатын туура негиздүү ж-а перспективдүү нукка салууга, билим берүүнүн мазмундук-процессуалдык жагын туура өңүттө натыйжалуу иштеп чыгууга, пед. практикага ж-а анын перспективасына теориялык-методологиялык пайдубал, туура ил. компас болуп берет. Кыргызстандын Б. б. ф. негизинен КР Билим берүү доктринасында чагылдырылган.

**БИЛИМ САПАТЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ -** – билим берүү процессинин зарыл компонентинин бири. Б. с. к. системасы мугалимдин, о. эле билим берүү мекемесинин ишинин сапатын аныктоого багытталат. Б. с. к. окутуунун жыйынтыгы күнүмдүк көзөмөлдөө, тематикалык көзөмөл-дөө, жыйынтыктоочу көзөмөлдөө болуп бөлүнөт. Күнүмдүк көзөмөл-дөөнү негизинен мугалим жүргүзөт. Анын негизги максаты – окуучулардын учурдагы билгичтиктеринин калыптанышын текшерип туруу. Жыйынтыктоочу көзөмөлдөө мугалим окуучунун билиминдеги мүчөлүштүктөрдү өз убагында байкап, керектүү оңдоолорду киргизет. Тематикалык көзөмөлдөө окуучулар тарабынан программанын чоң темаларынын кандай өздөштүрүлгөндүгүн байкоого багытталат. Жыйынтыктоочу көзөмөлдөө окуу жылынын ичинде 4 жолу жүргүзүлөт (1, 2, 3, 4-чейректен кийин). Аны мугалим өзү же мектептин администрациясы жүргүзөт. Окуу жылынын аягындагы текшерүүнү башкаруучу органдар (билим берүү департаменти, р-ндук, обл. бөлүмдөрү, министрлик) жүргү-зүшү мүмкүн.

**БИЛИМ ТҮШҮНҮГҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИДЕГИ АНЫКТАМАСЫ - .** Б. түшүнүгүнө толук аныктама берүү үчүн адегенде окуу материалынын окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүнүн этаптарын карап көрүү керек. Окутуу кандай гана формада уюштурулбасын окуучунун жаңы материалды өздөштүрүшү үч этапта ишке ашырылат.

Биринчи этапта окуучу үйрөнүлүүчү информацияны сезимдүү кабыл алып эсине сактайт. Информацияны кабыл алуу ар кандай: нерселерди (буюмдарды) түздөн-түз байкоо, алар м-н кошо аракеттенүү, символдордон пайдалануу ж. б. жолдор м-н ишке ашырылат.

Экинчи этапта болсо окуучу жаңы кабыл алынган билимди көрсөтүлгөн үлгү б-ча же ал үлгүнүн башкача вариантта бир аз өзгөртүлүп берилгендигин оңой баамдап, пайдалануунун ыкмаларын өздөштүрөт.

Эң акыркы, үчүнчү этапта окуучу өзүнүн биринчи этапта өздөштүргөн билимин жаңы, өзүнө тааныш эмес жагдайларда чыг-лыктуу пайдалана билүүгө даяр болот.

Жыйынтыктап айтканда, окуу материалын өздөштүрүү үч этаптан: материалды (информацияны) сезимдүү кабылдап эстеп калуудан, аны көрсөтүлгөн үлгү б-ча ж-а тааныш эмес ар кандай жаңы ситуацияларда пайдалануудан турат. Тиешелүү түрдө бул этаптарда материалды өздөштүрүүнүн үч деңгээли камсыз кылынат. Бир эле информацияны (материалды) үч деңгээлде өздөштүрүүгө мисалдар келтиребиз.

Кыргыз тили сабагында, мис., зат атоочту окуп үйрөнүүдө мугалим ал түшүнүктүн маанисин түшүндүрөт, зат атоочтун аныктамасын берип, зат атоочтун милдетин аткаруучу сөздөрдү сүйлөмдөн табууга мисалдар келтирет. Мис., «Окуучулар курулушка чоң жардам көрсөтүштү», «Эмгек адамдын бактысын ачат» деген сыяктуу сүйлөмдөрдөгү зат атооч сөздөрдү таап көрсөтөт. Мына ошондон кийин окуучулар зат атоочтун аныктамасын өз алдынча кайталап айта алышат ж-а мугалимдин келтирген мисалдарына окшоштуруп зат атоочтун милдетин аткаруучу сөздөргө мисалдар келтире алышат. Бул окуучулардын зат атооч түшүнүгүн өздөштүрүшүнүн биринчи этабы (деңгээли) болот. Андан ары мугалим окуучуларга эки типтеги көнүгүүлөрдү сунуш кылуусу мүмкүн:

1. Күн жылуу болуп, кар бат ээриди. Космоско дагы бир ракета учурулду.

2. Күрөшүү б-ча болгон мелдеште Осмоналиев дүйнөнүн чемпиону болду. Шамалдан кийинки бозомуктар көпкө чейин тарабай турду. Текшерүүдөн кийин деле даттануулар азайган жок, ж. б. биринчи эки сүйлөмдөн зат атоочту табуу мурда көрсөтүлгөн үлгү б-ча ишке ашырылат, б. а. бул тапшырманы аткарууга окуучунун аракети мугалимдин көрсөткөн аракетинин үлгүсү б-ча аткарылат, демек өздөштүрүүнүн биринчи эле этаптагы деңгээлинде болот. Кийинки үч

сүйлөмдүн ар биринде зат атоочту так таап көрсөтүү үчүн окуучу мурдагыдай эле даяр үлгү б-ча аракеттенүү м-н чектелбестен, бир аз кыйынчылыкты сезип эмгектенет, анткени, бул сүйлөмдөрдөгү «күрөшүү», «бозомтук», «текшерүү», «даттануу» деген сөздөрдү окуучулар кээде зат атооч деп эсептебестен тиешелүү түрдө этиш, сын атооч ж-а этиш деп ойлошот. Эки типтеги көнүгүүлөрдүн экөө тең зат атооч ж-дөгү билимди үлгү б-ча, тааныш ситуацияда колдонуу болуп эсептелет. Бирок бул зат атооч түшүнүгүн өздөштүрүүнүн экинчи (деңгээлин) түзөт. Зат атооч түшүнүгүн өздөштүрүүнүн үчүнчү этабында (деңгээлинде) биринчи этапка кабыл алынып өздөштүрүлгөн зат атооч жөнүндөгү ошол эле билим мурдатан тааныш болбогон жаңы жагдайда, чыг-лык м-н пайдаланылат. Бул максатта мугалим окуучуларга төмөнкүдөй тапшырма бере алат. Биз биреөлөр м-н сүйлөшкөнүбүздө: тааныш, тааныш адам, аскер кызматы, таштанды, таштандыдай, шире, ширелүү деген сөздөрдү көп пайдаланабыз. Бул сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кире тургандыгын аныктагыла. Тапшырманы туура аткаруу үчүн окуучу сөздөрдүн формаларынын обочолонуп, алардын ар биринин чыныгы маанисин сезимдүү баамдап, окшош сөздөрдү ар түрдүү сөз түркүмдөрүнө таандык кылышы керек. Мунун өзү зат атооч түшүнүгүн өздөштүрүүнүн үчүнчү этабына (деңгээлине) жатат.

Математика сабагында: көптүк, камтылган көптүк, көптүктөрдүн биригүүсү ж-а кесилиши деген материалды окуп үйрөнүүдө адегенде мугалим бул түшүнүктөрдүн маанисин айкын-ачык көрсөтүп, тиешелүү аныктамаларды берет да, тиешелүү мисалдарды келтирет. Окуучулар адатта мындан кийин ал түшүнүктөрдүн аныктамаларын айта алышат, мугалим келтирген мисалдардын үлгүсү б-ча аларга туура келүүчү мисалдарды да туура таап көрсөтүшөт. Бул материалды өздөштүрүүнүн биринчи этабы (деңгээли) болот. Андан ары мугалимдин талабы б-ча эгерде окуучу бир эле түз сызыкта жайланышкан эки нурдун биригүүсүнүн ж-а кесилишинин мүмкүн болгон бардык учурларын туура таап көрсөтө алса, анда ал материалды экинчи деңгээлде өздөштүргөн болот. Эгерде мындан тышкары окуучу бардык «ромбдор менен бардык тик бурчтуктардын көптүктөрүнүн» кесилишин туура таап түшүндүрсө, анда ал жогорудагы материалды үчүнчү деңгээлде өздөштүргөн болот.

**БИЛИМДИ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ДЕҢГЭЭЛДЕРИНИН МААНИСИ -** . Окутуу процесси үчүн билимди өздөштүрүүнүн биринчи деңгээлинин камсыз болушу сөзсүз зарыл, бирок ал жетиштүү эмес. Окутуунун азыркы кездеги максаты – билимди өздөштүрүүнүн үчүнчү деңгээлине жетишүүнү камсыз кылууда, б. а. окуучуларды алган билимдерин (информацияларды) чыг-лык м-н пайдаланууга даярдоодо турат. Өздөш-түрүүнүн биринчи деңгээлиндеги билимди төмөндөгүчө аныктоого болот. өздөштүрүүнүн биринчи деңгээлиндеги билим деп айланадагы чындыктын, сезимдүү кабыл алынган ж-а эсте сакталып калган тигил же бул объекттери ж-дөгү объективдүү информацияны айтабыз. Өздөштүрүүнүн эң жогорку деңгээлиндеги билимди кыскача чыгармачылык м-н пайдаланылуучу деңгээлде өздөштүрүлгөн информация деп аныктоого болот. Билимдин окутуу процессинде сөзсүз эске алынуучу эң баалуу төмөнкүдөй түрлөрү бар: терминдер ж-а түшүнүктөр, фактылар, закондор, теориялар, методологиялык билимдер, баа берүү билимдери.

Терминдер ж-а түшүнүктөр үйрө-нүлүүчү объекттердин кандайдыр бир түрүн же билимдердин чогуусун белгилөө үчүн колдонулат. Терминдер ж-а түшүнүктөрдүн жардамы м-н ой жасалат, адамдын ой пикири туюнтулуп айтылат.

Фактылар ж-дөгү билим бардык башка билимдердин базасын түзөт, анткени, алар түздөн-түз реалдуу чындыкты чагылдырышат. Фактыларды билмейинче закондорду, теорияларды, сезимдүү кабыл алуу мүмкүн эмес, б. а. чыныгы фактылар арасындагы мүмкүн болгон байланышты чагылдырууга болбойт.

Закондор белгилүү гана сандагы фактылардын байланыштарын чагылтат.

Теория болсо көп сандагы фактылардын чогуусун ж-а аларды байланыштыруучу закондорду өз ичине камтыйт, конкреттүү кубулуштарды жалпы закондордун негизинде түшүнүүгө жардам берет, адамдын түшүнүктөрүн системага келтирет.

Методологиялык билимдерге методдор ж-дөгү, таанып билүүнүн тарыхы, илимдин конкреттүү методдору, чыг-лыктын ж-а эмгектенүүнүн ар кандай ыкмалары жөнүндөгү билимдер кирет. Методологиялык билимдер мурда өздөштүрүлгөн билимдерди анын улам жаңы үлүштөрүнө ээ болууда кандайча колдонуу керектигине туура багыт берет. Эң акыры, баа берүү билимдери – тигил же бул объекттерге болгон катнашуунун, аларга баа берүүнүн, маанисин ачып көрсөтүүнүн нормалары болуп эсептелет. Билимдин бул түрү туура катнашууларды калыптандыруу, ар кандай билимдердин салыштырма салмагын, реалдуу объекттерди сезүү, адамдын личностунун баалуулугу системасын калыптандыруу үчүн чоң мааниге ээ.

**БИЛИМДИН ФУНКЦИЯЛАРЫ -** – билимдердин азыркы деңгээлинде алардын жогоруда аталган бардык түрлөрү бири-бирине таасир этишет. Билимдердин бардык түрлөрүнүн чогуусу гана адамдардын турмушунда өздөрүнүн зарыл функцияларын толук аткара алышат. Тилекке каршы, окутуу процессинде, ал гана эмес кээде программаларды ж-а окуу китептерин түзүүдө да билимдердин айрым түрлөрүн, атап айтканда, таанып билүүнүн процесстери ж-а методдору ж-дөгү билимдер, ойдун пайда болуу ж-а өнүгүү тарыхы ж-дөгү билимдер, баа берүү билимдери эске алынбай калат. Мунун өзү окуучулардын личностун калыптандырууда өтө зыяндуу. Окуучунун личностун калыптандырууда билимдердин аткара турган үч функциясын белгилөөгө болот. Б. ф. – окуучунун айланадагы чындыкты элестөөлөрүнүн негизин түзөт, билимсиз окуучу реалдуу чындыктын объекттерин туура ж-а толук элестете албайт. Билимдердин бул функциясын онтологиялык деп аташат. Адам өзүнүн биринчи эле турмушунда айлана чөйрө м-н катнашып, өзүн курчап турган предметтер ж-дөгү, андан кийин алардын байланышы, адамдардын өз ара катнаштары жөнүндөгү, акырындап отуруп адамдардын арасында ж-а дүйнөдө өзүнүн алып турган орду жөнүндөгү элестерге ээ болот. Мындай элестөөлөр болмоюнча адамдын турмушунун да болушу мүмкүн эмес. Адамдын мындай элестөөлөрү да чектүү, же эң эле кең болушу мүмкүн, анын ишмердүүлүгүнүн областы дал ошого көз каранды. Мектептин милдети окуучуларда дүйнөнүн жалпы картинасын азыркы илимдин деңгээлинде калыптандырууда турат, анткени, бул картина адамдын сезиминде канчалык так калыптанса, анын түшүнүгү да ж-а багыт алуу сферасы да ошончолук кең болот.

Билимдердин экинчи функциясын ориентирлөөчү деп аташат, анын мааниси адамдын практикалык же руханий ишмердигинин багытын аныктоодо турат. Закондорду, кубулуштардын өнүгүү тенденциясын билүү ж-а аларды түшүндүрө алуу м-н адам дал ошол билимдерге ылайык ыкмаларды ж-а аракеттенүүлөрдүн принциптерин тандап алат. Б. ф-дын белгилүү бөлүгү ишмердиктин (эмгектенүүнүн) эрежелер, көрсөтмөлөр, алгоритмдер сыяктуу нормаларын түздөн-түз мүнөздөйт.

Эң акыры, билимдер окуучунун реалдуу чындыктагы объекттерге катнашуусун калыптандыруунун базасын түзөт, анткени, объект ж-дө билим болмоюнча ал объектге катнашуу да болушу мүмкүн эмес. Бул билимдердин үчүнчү функциясы баа берүү функциясы болуп эсептелет.

Ошентип, биз билимди өздөш-түрүүнүн ар түрдүү деңгээлиндеги аныктама бердик. Билимдердин түрлөрүн ж-а окуучунун личностун калыптандырууда алардын аткаруучу функцияларын аныктап чыктык. Бул маалыматтарды так билмейинче мугалим өзүнүн күндөлүк ишин ил. негизде туура түшүнүп баалай албайт. Анткени билимдердин мазмунуна байланыштуу окутуунун максаттары азыркы кезде төмөндөгүчө:

1. Бардык окуучуларды массалык түрдө өз алдынча билим алууга, б. а. өзүнүн билимин өз алдынча толуктоого даярдоо, аларды ил. ж-а саясый информациялардын күчөгөн агымында туура багыт ала билүүгө үйрөтүү;

2. Өндүргүч күчтөрдүн ж-а илимдин андан аркы өнүгүшүнүн, интеллектуалдуу күчтөрдү калыптандыруунун эң маанилүү шарты катарында окуучулардын чыг-лыктуу жөндөмдүүлүктөрүн массалык түрдө тарбиялап өстүрүү;

3. Бардык окуучулардын, б. а. бүткүл жаш өспүрүмдөрдүн илимий көз карашын ийгиликтүү калыптандырууну камсыз кылуу талаптары м-н аныкталып отурат.

**БИРГЕ ОКУТУУ -** – эркек балдарды ж-а кыздарды бир мектепте, бир класста кошуп окутуу. Мектеп алгач пайда болгон байыркы мамлекеттерде эркек балдар м-н кыздар бөлүнүп окутулган. Б. о. негизинен орто кылымдарда киргизиле баштаган. Б-к, азыркы мезгилде деле дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө эркек балдар м-н кыздарды бөлүп окутуу сакталып калган. Кыргызстанда 1918-ж. чейин Б. о. дээрлик болгон эмес. Ошол кездеги РСФСР Эл агартуу комиссариатынын 1918-жылдын 3-майындагы «Милдеттүү түрдө бирге окутууну киргизүү» токтомуна ылайык Кыр-дын бардык мектептеринде Б. о. жүзөгө ашырыла баштаган. 1990-жылдан Кыргызстанда «Себат» билим берүү фирмасынын окуу жайлары ачылып, Кыргыз–түрк эркек балдар лицейлери, кыздар лицейлери иш жүргүзүп жатышат.

**БИРИ-БИРИН ОКУТУУ** – окуучулардын, студенттердин жөндөмдүү-лүктөрүнүн, теориялык ж-а практикалык даярдыктарынын ар түрдүү-лүгүнө негизделген, маалымат, пикир алышууну, билгичтиктерди ж-а көндүмдөрдү биргелешип калыптандырууну, өздөштүрүүнүн деңгээлин өз ара текшерүүнү көздөгөн топтук же жуптук окутуу түрү. Б.-б. о-нун артыкчылыгы төмөндөгүлөрдөн турат: биринчиден, окуучулар, студенттер мугалимдин (окутуучунун) түшүндүргөнүнө караганда бири-бирине айтып бергендерин жакшы түшүнөт; экинчиден, өзү бирөөгө түшүндүрсө, материалды жогорку деңгээлде өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мында ар бир окуп үйрө-нүүчү өзүнүн ж-а мугалимдин (окутуучунун) ролун алмак-салмак аткарып, натыйжада алардын билимдери бышыкталат, ой-жүгүртүүлөрү, элестетүүлөрү, речи активдейт ж-а ички ынтызарлык күчөйт.

**БИОЛОГИЯ -** – (грек. био- тиричилик ж-а логия – илим) – жандуу жаратылыштын тиричилиги ж-дөгү илим. Тиричилик – өзүн-өзү тейлөөчү, өзүн-өзү башкаруучу, өзүндөй нерсени жаратууну камсыз кылуучу процесстердин системасы. Б. мына ушул процесстердеги закон ченемдүүлүктөр ж-а тирүү организмдин түзүлүшү, аткарган кызматы, келип чыгышы, таралышы ж. б. ж-дөгү илим. Б. деген термин 1802-ж. франциялык окумуштуу Ж. Б. Ламарк тарабынан киргизилген. Бул илимдин башаты Гиппократ, Аристотель, Теофрасттын окууларында жатат. Алардын эмгектери Кайра жаралуу мезгилинде Везалий, Гарвей, андан кийинки доорлордо Линней, Ламарк, Дарвин, Шван ж. б. тарабынан улантылып, Б. илими калыптанган.

**БИХЕВИОРИЗМ -** (англ. Behaviour – жүрүм-турум) теориясы И. Павлов, Джон Б. Уотсон, Эдвард Торндайк, Скинер ж. б. эмгектеринин негизинде түптөлүп калыптанган теория. Б. теориясына ылайык үйрөнүү Т□ Р □Б формуласы аркылуу жүзөгө ашат. Мында Т – түрткү кээ бир иш-аракеттин жасалашынын же кырдаалдын түзүлүшүнүн себеби. Үйрөтүү процессиндеги маселенин шартын, суроолорду, сигнал, ишараат белгилерди түрткү катары карасак болот. Р – реакция бул түрткүгө ылайык аткарылган иш аракеттин дал өзү. Сабакта окуучунун мугалимдин суроосуна берген жообу, коюлган тапшырмага ылайык аткарган амалы, кыймыл-аракети, анын реакциясы же жооп маселеси. Б – бекемдеме, б. а. түрткүгө жооп мамиле иретинде берилген реакциянын туура экендигин тастыктаган иш аракет. Бекемдеме материалдык ж-а моралдык колдоо иретинде билдирилет. Мис., айбандардын иш-аракетинин туура экендиги тамак аш м-н тастыкталат. Ал эми окуу процессинде окуучулардын туура жообун тастыктоо үчүн мактоо, жакшы баа коюу сыяктуу каражаттарга кайрылабыз. Албетте, бекемдеме айбандарга байланыштуу машыктыруу (дрессировкалоо) практикасында өзгөчө мааниге ээ болору анык. Аларды адамга карата абсолютташтыруунун күмөндүүлүгү көп-төгөн психологдордун эмгектеринде белгиленген. Бирок, бихевиористтер бекемде идеясынын негизинде окутуу теориясына байланыштуу маанилүү тыянак чыгара алышкан. Ал окутуунун сапатын баскыч баскыч м-н текшерип ж-а коррекциялоо идеясы. Азыркы кеңири популярдуу үйрөтүм технологияларынын бири программалап окутуунун принциптери дал ушул теорияга негизделген.

**БОТАНИКА -** (грек. botane – өсүмдүк, чөп) – өсүмдүктөрдүн көп түрдүү-лүгү, түзүлүшү, өөрчүшү, тиричилик аракетинин өзгөчөлүгү ж-дөгү илимдердин комплекси. Анын негизги тармактары: өсүмдүктөрдүн систематикасы (классификация жана филогения), анатомиясы (ички түзүлүшү), палеоботаника (байыркы өсүмдүктөрдүн калдыктары), геоботаника (өсүмдүктүн бирдейлиги), альгология (балырлар ж-дө), бриология (мохтор ж-дө), лихенология (эңилчектер ж-дө). Б. илимине Теофраст негиз салган. Анын башаты байыркы Греция.

**БРИГАДАЛЫК-ЛАБОРАТОРИЯЛЫК МЕТОД -** – окуу процессин уюштуруунун бир формасы. XX к-дын башталышында окуу сабактарын лабораториялык түрдө өткөрүүнүн жолу катары АКШнын Дальтон ш-нда колдонулуп,

«Дальтон-план» деген атка ээ болгон. Мында окуучулар бригадаларга бөлүнүшүп, окуу-лабораториялык тапшырмаларды өз алдынча аткарышкан. Мугалим кеңеш гана берген. Бул метод АКШнын мектептеринде бүгүн да окутуу ишин уюштуруунун формасы катары колдонуудан чыга элек. Сов. мектептерде «Дальтон-план» Б.-л. м. деген ат м-н 1920-жылдарда колдонулуп келген. Окуу материалын өздөштүрүүнүн негизи катары балдардын өз алдынча лабораториялык иштери, бригадада китеп окуу, доклад, реферат жазуу, маселелерди чыгаруу эсептелген. Мугалимге текшерүүчүлүк милдет гана берилген. Б.-л. м. жактоочулары окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө ашкере баа беришкен. Б-к окуучулардын билимди өздөштүрүү процессиндеги, мугалимдин ролу чечүүчү экендигин жетишээрлик эске алышкан эмес.

**БЛОНСКИЙ -** Павел Петрович (1884–1941) – педагог ж-а психолог, педагогика илимдеринин доктору (1935). Педологиянын эң алгачкы теоретиктеринин бири. Коомдук тарбия академиясын түзүүгө катышкан ж-а аны жетектеген. Блонскийдин баштапкы чыгармалары тарыхый-философиялык ж-а тарыхый-пед. өнүттө болгон. Эмгекке ж-а политехнизмге негизделген массалык толук эмес орто билим берүүнү баланын коом мүчөсү катары калыптанышынын башкы фактору катары негиздеген. Анын бул эмгектери СССРдеги мектеп системасынын курулушунда теоретикалык-пед. негиздемелердин бири катары кабыл алынган. Блонскийдин түрдүү курактагы балдардын табияты ж-а аларды тарбиялоо, окутуунун өзгө-чөлүктөру ж-дөгү көз караштарын "Педология" (1934; 2-чыгарылышы, 1936) окуу китебинде жалпылаган. Ал эми «Психологиялык очерктер» (1927) аттуу китебинде психологиялык турмуштун келип чыгышы ж-а өнүгүшү психологиялык ишмердиктин түрдүү денгэлдери катары чечмелеген.

**БОЛОН КЕЛИШИМИ -** – 1999-жылдын 19-июнунда 29 европа өлкө-лөрүнүн билим берүү министерстволорунун ортосунда кол коюлган келишим. Болонья ш-нда түзүлгөн-дүктөн Б. к. деп аталып калган. Ал жогорку билим берүү тармагында европалык кызматташтыкты өнүктүрүү ж-дөгү 1998-ж. Сорбон келишиминин негизинде түзүлгөн. Б. к. 10 жылдын ичинде бирдиктүү европалык билим берүү системасын түзүү максатын көздөйт. Киргизилип жаткан бирдиктүү жогорку билим берүү системасы эки циклдан турат: толук эмес жогорку билим –«бакалавр» титулу, ал минимум 3 жылга созулуп, билим алууну улантууга ж-а эмгек рыногуна жарамдуу квалификация болуп эсептелет ж-а толук жогорку билим «магистр» же «доктор» титулдары.

**БЫШЫКТОО -** – окуу процессинин зарыл этабы, окуучулардын алган билимдери эстеринде бекем сакталып калуусуна багытталган иш-аракеттердин жыйындысы. Сабактагы өткөрүлгөн иш-аракеттердин басымдуу бөлүгү билимди Б-го багытталат. Мис., жаңы теманы өтүп бүткөн соң мугалим аларды Б. иши м-н алек болот. Кийинки этапта мурдагы сабакта өтүлгөн материал кайталанат, аны да Б. десе болот. Дегеле билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандыруу процесси аларды жетишээрлик Б. аркылуу жүргүзүлөт. Б. ар кандай формада жүргүзүлөт: алган билимдерди кайра кайталап берүү (репродукция), көнүгүүлөрдү аткаруу, тренаж, изложение жазуу, үлгү б-ча өз алдынча иштерди аткаруу, суроо-жооп м-н Б., чыгармачыл Б. ж. б.

**ВИННЕТКА-ПЛАН - –** окутууну жекелештирүүнүн (индивидуалдаштыруунун) бир формасы. 20-к-дын 20-жылдары АКШнын Виннетка деген ш-нда иштелип чыккан. В.-п-га ылайык окуу иши ар бир окуучунун өзүнүн окуп-үйрөнүү арымына жараша жекече окуу планы б-ча уюштурулат. Ал үчүн өтө майдаланып иштелип басмадан чыккан «жумушчу материалдары» колдонулат. Ошондой эле В.-п. жекелештирип уюштуруу сабактары м-н катар коллективдүү окуу иштеринде (оюн, талкуу, ар кыл кружоктор ж. б.), тарбиялык иштерде да көп практикаланат.

**ВИКТОРИНА** – илим, техника, ишмердик же иск-вонун ар кыл тармактарына байланыштуу суроо жооп формасында өткөрүлүүчү оюн. В. мектеп кечелеринде, балдар лагерлеринде, ар кыл конкурстарда, телеберүүлөрдө кеңири колдонулат. Ортоңку ж-а жогорку класстын окуучуларынын билимин, кругозорун кеңейтүүдө чоң мааниге ээ. В. үчүн суроолорду тандоодо окуучулардын курагы, билим деңгээли кылдат эске алынууга тийиш.

**ВОЛКОВ -** Геннадий Никандрович (1927, Чуваш АССРи) — этнопедагогика илиминин негиз салуучусу. Чуваш пед. ин-тунун физика-математика факультетин бүтүргөн (1949). Педагогика илимдеринин доктору (1967), проф. (1968), СССР Пед. илимдер академиясынын (1989), Россия Билимдер академиясынын, Социалдык ж-а пед. илимдер академиясынын академиги. 1979—82-ж. Эрфурт Жогорку пед. мектебинин профессору, 1984-ж. ардактуу доктору болгон. В. педагогика илимин теориялык жактан байыткан ири илимпоз. «Этнопедагогика» (1974, 2000) аттуу эмгеги бул илим б-ча болочок мугалимдер үчүн жазылган негизги саамалык эмгектердин бири. Ал өз эмгектеринде окутуу-тарбиялоонун улуттук-аймактык ж-а маданий-этникалык бөтөнчө-лүгүн, элдик педагогиканын улуттук ж-а жалпы адамзаттык маңызын, калыптануу жолун, өбөлгөлөрүн, усул-ыкмаларын, каражаттарын, анын учурдагы абалын, окуу-тарбия ишин этнопед. негизде өркүндөтүү маселелерин терең изилдеген. Илимпоз ар түрдүү элдердин улуттук-пед. салттар ж-а көз карашын ырааттуу изилдеген. Өзүнүн «Письма о «Манасе», «Созвездия земли» (1979), «Педагогика жизни» (1989) ж. б. эмгектеринде ж-а бир катар макалаларында кыргыз элинин эпикалык чыгармаларында, үрп-адат, каада-салт, макал-ылакаптарында чагылган пед. ойлорду изилдеген. Көптөгөн чет өлкөлөрдө «Манас» эпосундагы залкар пед. идеяларды даңазалаган лекцияларды окуган. Кыргызстандык 20дан ашык илимдин докторун ж-а кандидатын даярдаган.

**ВЫГОТСКИЙ -** Лев Семёнович (1896–1934) орус психологу. Жалпы, балдар, пед. ж-а патологиялык психология б-ча көптөгөн эмгектердин автору. МГУнун тарых-философия факультетинен ж-а Шанявский ун-тинен билим алган. Психология Ин-тунда, Н. К. Крупская атн. коммунисттик тарбиялоо Академиясында, МГУда иштеген. Ар кандай психологиялык процесстерди изилдөөнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыккан. «Жогорку психологиялык функциялардын өнүгүшүнүн маданий-тарыхый концепциясын» иштеп чыккандыгы м-н белгилүү болгон. В-дин теориясы б-ча балдардын дүйнөнү кабылдоосу, түшүнүүсү айланасындагы адамдар м-н кызматташуунун натыйжасында калыптанат. Ал «Өнүгүүнүн жакынкы зонасы» идеясын сунуш кылган. Балдар үчүн кабылдоого оор болгон тигил же бул проблема чоңдордун же тажрыйбалуу кишилердин жардамы м-н чечүүгө мүмкүн болгондой абалга келет. Жардамчылар м-н

дайыма кызматташып туруу жеткинчектин тигил же бул проблеманы оңой чечип, өзүнүн жеке турмуштук тажрыйбасы катары кароого мүмкүнчүлүк түзөт. Бала акырындап айрым маселелерди өз алдынча чечүүгө үйрөнөт.

В. 10 жыл бою дефектология тармагында эмгектенген. Москвада аномалдуу балдар психологиясы лабороториясын негиздеген (1925-1926). Аномалдык балдардын өнү-гүүсүнүн жаңы теориясын иштеп чыккан. Чыг-лыгынын акыркы жылдарында ойдун ж-а сөздүн катышы проблемалары, түшүнүк-төрдүн онтогенездеги өнүгүшү, эгоцентристтик сөздүн проблемалары ж. б. үстүндө иштеген. Ата мекендик ж-а дүйнөлүк психология, педагогика, дефектология, иск-вого киришүү, философия сыяктуу илимдеринин өнүгүшүнө өз салымын кошкон. А. Н. Леонтьев, А. Р. Лурия, А. В. Запорожец, Л. И. Божович сыяктуу оригиналдуу психологиялык концепцияларды иштеп чыгуучулар В. шакирттери болгон.

**ГЕНДЕРДИК БИЛИМ -** – аялдардын ж-а эркектердин, кыздардын ж-а балдардын үй-бүлөлүк, коомдук, экономикалык, саясый ж-а социалдык кубулуштарга карата ролдордун, иш-аракеттердин бөлүштүрүүдө теңдикти камсыз кылууга арналган билим. Ар бир адам жынысына, улутуна, тутунган динине, жашаган жерине, социалдык статусуна карабай билим алууда, эмгектенүүдө, жумушка орношууда, мамл. башкаруу процессине катышууда ж. б. бирдей укукка ээ. Булардын бардыгы эл аралык да, респ-калык да мыйзам акттарында, нормативдик документтерде унутулбай жазылып келет. Бирок реалдуу турмушта бары эле ойдогудай эмес. Баланс бузулган учурлар көп кездешет. Мунун себептери бар, эң негизгилери – бул жарандардын өз укуктары ж-а милдеттери тууралуу кабарынын жоктугу, социалдык ролдордун бөлүштүрүүдө кылымдар бою калыптанып келген салттык факторлордун үстөмдүк кылышы. Мис., үй-бүлөдө кыз төрөлсө, адамдар дароо эле аны бирөөнүн бүлөсү, үй ичин тыкан кармаганга, жыйнактуу болууга, эркектерге жагымдуу болууга тийиш деген пикирде болушат. Ал эми эркек бала төрөлсө, анда ал сырттан таап келиши керек, табышы күч болушу керек, үй-бүлөсүн камсыз кылышы керек, жоопкерчиликтүү болууга тийиш дагы ушул сыяктуу ролдорду ыйгарышат. Ошентип кыздын да, эркек баланын да потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө башынан эле бөгөт койулат. Г. б-дин негизги максаты – коомдогу социалдык ролдук балансты мурдатан калыптанып келген стереотиптерди сындыруу м-н эмес, аларды өзгөртүү аркылуу калыбына келтирүү. Бул багытта «Сорос-Кыргызстан» ж-а «Педагогдор граждандык коом үчүн» фонддору тарабынан алгылыктуу иштер алып барылууда. Кыргызстандын 40ка жакын орто мектептеринде ж-а жогорку окуу жайларында «Ыйгарым укуктуу билим берүү» программасы практикаланууда.

**ГЕОМЕТРИЯ -** – тегиздиктеги (планиметрия) ж-а мейкиндиктеги (стереометрия) фигуралардын касиеттерин иликтеп үйрөнүүчү математиканын бөлүгү. Г. термини (латын тилинде «гео» – жер, «метрия» – ченейм) жер ченөө деген сөздөн келип чыккан. Демек, Г. илиминин элементтери биздин эрага чейин көп кылымдар мурда эле пайда болгон. Мис., Евклидге чейинки математиктер тегеректин аянтын ж-а шардын көлөмүн эсептөөнү билишкен. Г-ны математика илиминин өз алдынча бөлүгү катары системалаштырылган биринчи эмгек. IV–III к-дарда жашаган грек математиги Евклиддин «Башталышы» болгон . Евклидге чейин Г. илиминин өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон окумуштуулар Милетте төрөлгөн ж-а б. з. ч. VI к-да жашаган окумуштуу илимпоздордун Милет мектебин түзгөн Фалес ж-а Кичи Азия жээктеринде жакын жайгашкан Симос аралында б. з. ч. VI к-да төрөлгөн, Грециянын колониясы болгон Италиянын түштүгүндө Кротон ш-нда өзүнүн мектебин түзгөн Пифагорлор болушкан. Фалес соодагер болгон. Соода иштери б-ча Египет, Азия, Халдей ж. б. өлкөлөлөргө каттап турган ж-а өзүнүн билимин ал жерлердеги окумуштуулардын эмгектери аркылуу байытканга аракеттенген. Фалес математикага алгачкы болуп далилдөөнү киргизген. Пифогор дагы Египет, Вавилон ж. б. жерлерди көп кыдырган ж-а өзүнүн билимин тереңдеткен. Пифагорго чейин Кытайда, Вавилондо, Египетте Пифагордун атын алып жүргөн теорема белгилүү болгон ж-а далилденген. Г. илиминин өсүшүнө X–XI кылымдарда жашашкан окумуштуу-илимпоздор Бируни ж-а Омар Хайямдар зор салым кошушкан Бируни синустардын теоремасын ж-а сферикалык синустардын теоремасын далилдеген. Омар Хайям Евклиддин «Башталышына» көптөгөн толуктоолорду киргизген.  Ошондой эле Г. илиминин өнүгүшүнө XV–XIX к-дарда жашашкан Виет, Декарт, Паскаль, Лобачевский, Янош Боян, Риман ж. б. математиктер чоң салым кошушкан. Г-лык фигуралардын касиеттерин окуп үйрөнүү үчүн Декарт координата системасын киргизген. Орустун улуу математиги Н. Лобачевский Евклиддик эмес г-ны түзгөн. Г. мектепте математикалык циклдеги негизги окуу предмети болуп эсептелет. Г-нын элементтери башталгыч мектептин математика курсунда орчундуу орунду ээлейт. 5-6-класста геометриянын системалык курсун окуп үйрөнүүгө даярдык көрүлөт. Ал эми 7–класстан тартып Г-нын системалык курсу башталат. Мектеп курсунда Г-нын планиметрия ж-а стереометрия бөлүктөрү окулат. Планиметрия бөлүгүндө тегиздиктеги фигуралар: чекит, түз сызык, кесинди, үч бурчтуктар ж-а алардын түрлөрү; төрт бурчтуктар ж-а алардын түрлөрү; көп бурчтуктар, анын ичинде туура көп бурчтуктар; айлана ж-а айлананын бөлүктөрүнүн касиеттери окулат. Ал эми стереометрия бөлүгүндө мейкиндиктеги фигуралар: призма ж-а анын түрлөрү; пирамида ж-а кесилген пирамида, цилиндр, конус ж-а кесилген конус, шар ж-а шардын бөлүк-төрү, алардын касиеттери окулат. Ошондой эле тегиздиктеги ж-а мейкиндиктеги кээ бир Г-лык өзгөртүп түзүүлөр каралат.

**ГЕОГРАФИЯ -** – табигый ж-а өндү-рүштүк комплекстерди, алардын компоненттерин изилдөөчү табигый ж-а коомдук илимдер системасы. Г-нын табигый ж-а коомдук илим-изилдөө объекттеринин байланышы, изилдениши табигый ресурстарды натыйжалуу пайдалануу, өндүрүштү рационалдуу жайгаштыруу ж-а адам турмушу үчүн өтө оңтойлуу чөйрө түзүү максатында жүргүзүлөт. Г-нын башкы тармактары: а) физикалык Г.; б) коомдук же экономикалык-социалдык Г. Физикалык Г. – жердин Г-лык кабаты ж-а анын структуралык бөлүктөрү ж-дөгү илим. Негизги бөлүмдөрү: жертаануу, ландшафттаануу, океанология, гидрология, гляциология, геоморфология, климатология, гидрология, топурак Г-сы, биогеография, палеогеография ж. б. Физикалык Г. бардык деңгээлдеги – Г-лык кабыктан ландшафттын фасциясына чейинки – табигый комплекстер ж-дөгү синтезделген илим. Физикалык Г-нын орчундуу проблемаларынын бири – маданий ландшафтты (антропогендик ландшафтты) изилдөө. Азыркы мезгилдеги физикалык Г-нын негизги милдеттери – ландшафттын функциясын максатка багыттуу жөнгө салуу ж-а аймакты рационалдуу уюштуруу жолун

изилдөө, б. а. ар түрдүү максат м-н бөлүнгөн, түрдүү режимде пайдалануу ж-а коргоо үчүн дайындалган аянттарды жайгаштырыуу. Физикалык Г-нын максаты – экология м-н экономикалык Г. тыгыз байланышта кароо. Экономикалык ж-а социалдык Г. – коомдук өндүрүштүн аймак б-ча жайгашуу закон ченемин, анын түрдүү өлкөлөрдө ж-а р-ндордо өнүгүү, жайгашуу шартын ж-а өзгөчөлүгүн изилдөөчү коомдук илим. Ал экономикалык ж-а социалдык Г. илиминин системасына кирип, физикалык Г. м-н өз ара өтө тыгыз байланышта. Экологиялык проблемаларынын курчушунан улам анын башка табигый илимдер м-н байланышы да күчөөдө. Ал тармактык, дүйнөлүк чарба Г-сы, калк Г-сы, саясый Г., региондук болуп бөлүнөт.

**ГЕОГРАФИЯЛЫК АЯНТЧА -** **–** физикалык Г. б-ча байкоо жүргүзүү ж-а практикалык сабак өткөрүү үчүн атайын жабдылган аянтча. Анда окуу программасына ылайык күндүн бийиктик абалына байкоо жүргүзүү, азимутту аныктоо, алтын казык ж-а күн б-ча ориентир жасоо, аба ырайына байкоо жүргүзүү б-ча практикалык сабактар өткөрүлөт. Мектептин окуу – тажрыйба участогунун болжолдуу планы б-ча анда метеорологиялык аянтчаны түзүү каралат. Г. а. имараттан же бак-дарактан обочо жайгашуусу керек, анткени түш-түктү ж-а түндүктү караган горизонт мүмкүн болушунча ачык болушу зарыл; айрым учурларда мектептин айланасында участок чакан болушуна байланыштуу Г. а. сырткары жайгаштырылып, бир нече мектеп пайдаланышы мүмкүн. Жеринин бети түз, аянты 12г12 *м*ден 21г21 *м*ге чейин болушу керек. Г. а. окуучунун кадамын аныктоо үчүн ченем – тосмо м-н тосулат. Г. а-да төмөнкү приборлор, куралдар ж-а көрсөтмө куралдар болушу зарыл: бой ченегич; 10 *м*ге жеткен бийиктикти ченегич – мамы (башкы нерселердин бийиктиктерин аныктоо үчүн); 1 $м^2$ болгон аянтча (квадрат ченеми ж-дө түшүнүк болушу үчүн); куб метр (куб ченеми ж-дө түшүнүк болушу үчүн төрт кырдуу жыгач устундар); аянт өлчөгүч; гномон (чыныгы ж-а магниттик меридиандардын, магниттик эңкейиштиктин багытарын көрсөтүү, күнгө карата ориентировка жасоо үчүн); Алтын казык жылдызын көрсөткүч; күн сааты (чыныгы күн убактысын аныктоо үчүн); флюгер (шамалдын багытын ж-а ылдамдыгын билүү үчүн); абанын нымдуулугун өлчөөчү гигрометр, абанын ж-а жердин үстүңкү катмарынын температурасын өлчөө үчүн термометр, абанын максималдык ж-а минималдык температурасын билүү үчүн максималдык ж-а минималдык термометрлер коюлат; рельефтин формалары (тоолор, түздүктөр), край таануу бурчу (жергиликтүү тоо тектер, кен байлыктар ж. б.). Г. а-га о. эле практикалык сабак өткөрүү үчүн столдор ж-а отургучтар коюлат.

**ГЕОГРАФИЯЛЫК КАРТАЛАР** – жер бетинин кичирейтилип, жалпыланып тегиздикке түшүрүлүшү. Г. к. жалпы географиялык ж-а тематикалык болуп бөлүнөт. Тематикалык карталарда (мис., геологиялык, климаттык) айрым элементтер гана толук көрсөтүлүп, жалпы Г. к-га кирүүчү калган элементтер көрсөтүлбөйт. Алар өзүнчө экиге бөлүнөт: а) табигый кубулуштардын (физикалык география) карталары; б) коомдук кубулуштардын (социалдык–экономикалык) карталары. Булардын ичинен атайын карталарды (мис., деңиз жолдору, туристтик, долбоорлоо, учкучтар карталары ж. б.) ажыратуу керек. Аймактык белгиси жагынан Г. к. – дүйнөнүн, материктин, мамлекеттин, океандын, деңиздин карталары ж. б. болуп бөлүнөт. Тематикалык өзгөчө-лүктөрүнө карата Г. к. жекече же тармактык ж-а жалпы карталар, ал эми көп тармактуу мүнөз-дөгүлөр комплекстүү карталар деп аталат.

**ГЕРБАРИЙ -** – (лат. herbaium – чөп, өсүмдүк деген маанини билдирет) – картонго монтаждалган кургатылган өсүмдүк. Ага өсүмдүктүн түрдүү белгиси, өскөн жери, жыйналган датасы көрсөтүлөт. Дүйнөдө эң ири Г. коллекциясы топтолгон жерлер: Петербургдагы ботаникалык бакта (5 млн түрү), Лондон шаарында (6,5 млн түрү).

**ГЕРБАРТ** Иоганн Фридрих (1776–1841) – немец философу, психолог ж-а педагог. Г-тын педагогикасы философия ж-а психологияга негизделет. Ал билим берүү балдарды башкаруудан, окутуудан ж-а адеп-ахлактык тарбиядан турарын белгилеген. Г. тарбиялоо процессинде башкаруу ишине кеңири басым жасаган. Баланын табиятына ж-а калыптанышына ал төрөлгөндөгү эле "ачуу эрк", "жапайы өткүрлүк" өктөм таасир этет. Тарбиялоо баланы эркин башкаруу, мажбурлоо, дене тарбиясы аркылуу ишке ашат. Г-тын окутуу системасы психикалык процесстер аркылуу түшүндүрүлөт. Ал төрт баскычтан турат: ачык-айкындык – жаңы билимдерди балага түшүнүктүү кылып маалымдоо (түшүнүк пайда кылуу); ассоциация (таяныч-түшүнүктөрдү чырмалыштыруу); система (алган билимдерден тыянак чыгаруу ж-а жалпылоо, түшүнүктөргө таянуу); метод (алган билимдерди колдонуу, түшүнүктөрдү пайдалануу). Бул система окутуу ж-а тарбиялоо теориясына чоң таасир тийгизген. Г-тын пикири б-ча адеп-ахлак тарбиясы балада окутуу аркылуу тиешелүү түшүнүктөрдү пайда кылат, ал кийин автоматтык түрдө жүрүм-турумга өтөт. Мында дин өтө маанилүү. Г. «тарбиялоочу окутуу» деген түшү-нүктү киргизген.

**ГИМНАЗИЯ -** – (грек. gymnasion – дене тарбиялык коомдук мектеп, о. эле байыркы Грециянын философтору, илимпоздору чогулуучу жер). 1) Г. – негизинен гуманитардык билим берүүчү ж-а окуучуларды негизинен ун-тке кирүүгө даярдоочу орто окуу жайы. Реформатордук гумандуу мектептерден сөздүн азыркы маанисиндеги Г. – жалпы билим берүүчү орто окуу жайы келип чыккан. 2) Г.- окуучуларды шык-жөндөмдөрүнө жараша терең, профилдүү, дифференциациялуу окутууну жүзөгө ашыруучу жалпы орто ж-а кошумча билим берүүчү программаларды ишке ашыруучу жалпы орто билим берүүчү мекеме. Г-лар 1990-ж. Бишкек ш. №5- ж-а № 6 мектептеринин базасында ачылган. Бүгүнкү күндө Г-лардын саны республикада 100дөн ашты.

**ГИПОТЕЗА -** (грек. – негиз, болжолдоо) – жаратылыштын, коомдун ж-а ой жүгүртүүнүн кубулуштарын, закон ченемдерин түшүндүрүү, тажрыйбада текшерүү ж-а теориялык жактан далилдөө үчүн түзүлгөн илимий болжолдоо. Илимий жактан негизделген болжолдоону илимдеги жыйынтыксыз фантазиядан айырмалай билүү керек. Анткени, ил. болжолдоо илимдин өнүгүү формасы болуп эсептелет.

**ГЛОБУС -** (лат. globus – шар) – жер шарынын аянттарынын өз ара катыштары м-н геометриялык окшоштугу сакталып түзүлгөн модели. Глобус – жер шарынын модели, ошондуктан жердин тышкы көрүнүшү Г-та гана туура көрсөтүлгөн, океандардын, материктердин, мамлекеттердин ж. б. географиялык объекттердин түспөлдөрү өтө так берилген. Ошондуктан окумуштуулар планетаны изилдеп үйрөнүүдө эзелтен бери Г-ту пайдаланышат. Алгачкы г-тардын бири XV к-мда немец географы Бехайм тарабынан түзүлгөн. Санкт-Петербургда XVIII к-да академиялык жасалган эң чоң Г. бар.

Анын диаметри үч метрден ашык. Г-тун ичине он эки киши батат. Г-тарды негизинен үч масштабда жасашат. Эң кичинекей Г-тун масштабы: 1:83 000 000, орточо Г-тун масштабы 1:50 000 000, чоң Г-тун масштабы 1:30 000 000. Демек чоң Г-та жер шарынын бардык объекти 30 миллион эсе, орточо Г-та 50 млн. эсе, кичине Г-та 83 млн эсе кичирейтилип түшүрүлгөн. XVII–XVIII к-дарда Г. деңизде сүзүүдө колдонулган, деңиз карталары м-н лоциялар чыккандан тартып, Г. мектептерде окуу куралы катары пайдаланылып калды.

**ГРАММАТИКА -** (грек. gramma – тамга, жазуу деген сөзүнөн алынган) – сөздөрдүн ж-а сүйлөмдөрдүн түзүлүш ж-а өзгөрүш эрежелерин изилдөөчү тил илиминин бир бөлүгү, же окуу предмети.

Г. сөз формаларынын жасалыш ж-а колдонулуш закон ченемин изилдейт. Г. тилдин морфология ж-а синтаксис деп аталган бөлүктөрүнүн мазмунун камтып, сөздөрдүн ички түзүлүш өзгөчөлүктөрүн ж-а алардын сүйлөмдөргө биригиш закондорун үйрөтөт. Орус тилинин биринчи Г-сын 1755-ж. М. В. Ломоносов түзгөн. Түрк тилдериннин биринчи Г-сы («Грамматика татарского языка», СПБ, 1801) Иосиф Гиганов тарабынан түзүлүп 1802-ж. жарыкка чыккан. Кыргыз тилинин алгачкы Г-сы 1934-ж. («Кыргыз тилинин морфологиясы», 5- ж-а 6-класстар үчүн), синтаксиси 1936-жылы (Кыргыз тилинин синтаксиси: 6–7–8-класстар үчүн) К. Тыныстанов тарабынан түзүлгөн. Г-лык түшүнүктөр ар түрдүү баяндоосуна ылайык сыпаттама, салыштырма, тарыхый ж. б. болуп бөлүнөт.

**ГРАФИКАЛЫК САБАТ -** – окуучуларды ар түрдүү графикалык сүрөт-төлүштөрдү түзүү жана окуй алуу, о. эле түрдүү объекттерден ж-а про-цесстерден графикалык сүрөттөлүш-төрүнө ж-а тескерисинче графикалык сүрөттөлүштөрдөн объекттерге ж-а процесстерге өтө алуу билгичтерин калыптандырууга багытталган окутуунун элементтеринин жыйындысы. Г. с. ой жүгүртүү процесси м-н тыкыс байланышта м-н тыгыз байланышта болуп окуучулардын графикалык сүрөттөлүштөрдүн символикалык функцияларын аңдап сезүү даражасы м-н аныкталат. Адамдардын турмуш-тиричилигинде чыныгы көрүнүштөрдү өзүндөй кылып чагылдырып көрсөтүү системаларында өндүрүштүн түрдүү тармактарында графикалык көрүнүштөр түркүн маанидеги милдеттерди аткарышат (мис., сүрөттө нерсенин формасы ж-а түсү, карта ж-а чиймелерде нерселердин же алардын бөлүктөрүнүн тегиздикте жайланышы, диаграммада – сандык катнаштары, схема ж-а графикте тетиктеги айрым элементтердин өз ара байланышы ж. б. чагылдырылат). Бул материалдарды окуучулардын өздөштүрүүсүндө белгилүү, тыкыр законченемдүү удаалаштык орун алат. Ошондуктан ар түрдүү графикалык сүрөттөлүштөр окутуунун түрдүү баскычтарында дал ошол удаалаштыкта киргизилиши керек.

**ГРАФИКАЛЫК ЖУМУШ -** (грек. grapha – жазам, чийем, тартам) – графикалык каражаттар м-н аткарылган сызыктарды, штрихтерди ж-а чекиттерден түзүлгөн сүрөттөлүштөрдү алуу. Айрым графикалык көркөм чыгармалар ар кандай полиграфиялык жолдор м-н (мис., ксилография, гравюра, литография, цинкография ж. б. ыкмалар) алынат. Түрдүү кубулуштарды изилдөө аркылуу сүрөт-төлүштөрдү алууда өз алдынча жазуучу приборлор колдонулат (мис., медицинадагы кардиограммалар ж. б.). Математика сабагында диаграммалар ж-а графиктер, пландар ж-а географиялык карталар, география, тарых, физика, чийүү, эмгекке үйрөтүү сабактарында схемалар кеңири колдонулат.

**ГУМАНДУУ ПЕДАГОГИКА -** – XX к-дын 60-жылдары АКШ гуманисттик психологиянын идеяларын иш жүзүнө ашыруу багытында АКШда пайда болгон окутуу тарбиялоо системасынын бир тармагы. Г. п. педоцентризми прогрессивизмдин пед. асыл нарктары м-н шайкеш. Ал жаш муундарга билим ж-а коомдук нормаларды таңуулоо м-н алпурушкан салттуу педагогикадан кескин айырмаланып, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук ачуу, жөндөм шыгын тынымсыз өркүн-дөтүү, түрдүү турмуштук кырдаалдарда туура ж-а чечкиндүү аракет жасоого жөндөмдүү инсандарды тарбиялоону көзөмөл тутат. Учурда Г. п. идеялары тамырын кеңири жайып, бардык мамлекеттердин, анын ичинде Кыргызстандын таалим-тарбия ишинин өсүп-өнүгүшүн аныктоочу бирден бир көрсөткүчкө айланды.

**ДАБАЕВ -** Кыргызбай Дүйшөнбекович (1954-ж. т., Аксуу р-ну) – педагогика илимдеринин доктору (1999), проф. (2003). Москвадагы В. И. Ленин атн. МГПУнун филология факультетин бүтүргөн (1980). Орто мектепте мугалим, жогорку окуу жайларда окутуучу, кафедра башчысы, декан, КМУУнун окуу бөлүмүнүн башчысы, директордун орун басары, ил. иштер б-ча проректор болуп эмгектенген. 110 дон ашык ил. эмгектери, а. и. 5 монография, 3 методикалык китеп жарык көргөн. Анын жетекчилигинде 2 кандидаттык дисертация корголгон. Негизги эмгектери: “Азыркы мектептин инновациялык технологиясы”, “Кыргыз тилин өзгө тил катары окутуунун усулу”, “Билим берүү процессиндеги интерактивдүү окутуу”, “Кыргыз тилинин лексикалык минимум-сөздүгү”, “Кыргыз тили орус группалары үчүн”, “Азыркы учурда илимий педагогикалык кадрларды даярдоодо көп эмгек сиңирүүдө”.

**ДАРЫЛОО ПЕДАГОГИКАСЫ -** – акыл жөндөмүндө ж-а дене мүчөсүндө кемчилдиги бар балдарды окутууда, тарбиялоодо ж-а өнүктүрүүдө, б. а. аларды болочок турмушка даярдоодо пед. ж-а дарылоочулук каражаттарды колдонуу теориясы ж-а практикасы ж-дөгү илим. Д. п-нын негизги идеясы – оорулуу балдарды акыл-эс, адеп жагынан өнүктүрүүдө аны атайын физиотерапия, психотерапия м-н окуу-тарбия ишин айкалыштырган режимде алып баруу.

**ДЕДУКЦИЯ - –** ой корутундулоонун бир түрү, мурдатан белгилүү болгон жалпы законченемдүүлүктү тигил же бул айрым учурга колдонуу. Мис., сандардын бөлүнүүчүлүк теориясындагы «цифраларынын суммасы 3 эселүү болгон бардык сандар 3кө бөлүнөт» деген жалпы эрежеден 67920 санынын 3кө бөлүнүшү жөнүндөгү корутунду келип чыгат, анткени бул сандын цифраларынын суммасы 3кө бөлүнөт.

Дедуктивдүү ой корутундулоонун мааниси өтө зор, анын жардамы м-н илимде эң маанилүү ачылыштар ишке ашырылган. Мис., бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону ж-а Уран планетасынын кыймылы ж-дөгү тажрыйбалардан алынган маалыматтардын негизинде Нептун жаңы планетасы ачылган.

Дедуктивдүү ой корутундулоо окутуу процессинде өтө кеңири пайдаланылат. Ал дедуктивдүү окуу материалын баяндоонун ж-а анын окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүнүн негизги формаларынын бири болуп эсептелет. Мис., геометрия б-ча болгон окуу китептериндеги материалдар көбүнчө дедуктивдик жол м-н баяндалып берилген. Физика курсунда Жердин бетинде оордук күчүнүн бар экендиги, демек нерселердин эркин түшүү закондору да бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону аркылуу түшүндүрүлөт. Дедуктивдүү ой корутундулоо геометриялык сүйлөмдөрдө далилдөөгө өтө көп

пайдаланылат. Мис., эгерде: «берилген төрт бурчтук – параллелограмм» деген факт белгилүү болсо, анда «ар кандай параллелограммдын карама каршы жактары параллель» деген жалпы эрежеге таянып, бул фактан: «Демек, берилген фигуранын карама-каршы жактары параллель» деген корутунду чыгарабыз. Демек, дедуктивдик ой корутундулоодо жаңы билим түздөн түз тажрыйба аркылуу эмес, башка билимдерди колдонуу аркылуу алынат.

Дедуктивдүү ой корутундулоо баланын логикалык ойлоосунун калыптанышында чоң роль ойнойт, анткени ал окуучунун мурда билген билимдерин жаңы материалды өздөштүрүүгө пайдалана билүүсүнүн, тигил же бул конкреттүү сүйлөм ж-дөгү өзүнүн оюнун тууралыгын далилдеп, логикалык жактан туура негиздей билүүсүнүн өсүшүнө түрткү берет. Д. конкреттүү ар бир учурду кубулуштардын бирдиктүү жайланышынын звеносу катарында кароого, окуяларды ж-а кубулуштарды өз ара бири-бирине байланыштыкта кароого үйрөтөт. Дедуктивдүү ойлонуунун негизинде окуучу алгачкы берилген маалыматтардан пайдалануу м-н ал маалыматтардан башка жаңы маалыматтарга ж-а жаңы корутундуларга ээ болот. Алгачкы маалыматтардын объекттерин улам жаңы байланыштарда пайдаланып, алардын улам жаңы-жаңы касиеттерин ачат. Бул болсо окуучунун активдүүлүгү ж-а «продуктивдүү» ойлоосунун өсүшүнө түрткү берет. Д. окуучулардын себептүү ойлоосун калыптандырууда эң чоң орунду ээлейт. Мис., ысытуудан нерселердин кеңейиши ж-дөгү физиканын законун билүү темир жол рельстеринин жайдын ысык күндөрүндө узарышынын себебин түшүнө билүүгө мүмкүндүк берет. Дедуктивдүү ой корутундулоону өздөштүрүү м-н окуучу окулуп, үйрөнүлүп жаткан фактардын ж-а кубулуштардын арасындагы объективдүү байланыштарды ж-а катнаштарды ачып биле алат. Окуучулардын өздөрүндө болгон билимдерди практикада колдонуусунда, көбүнчө абстракттуу мүнөздө болуучу жалпы теориялык законченемдүүлүктөрдү өздөрүнүн турмушунда ж-а күндөлүк иштеринде кездешүүчү конкреттүү кубулуштарга пайдалануусунда Д. негизги роль ойнойт. Д. – мектептик билимдердин турмуш м-н байланышын шарттап турган эң негизги ыкмалардын бири.

Дедуктивдүү жол м-н билим алууда окуучу корутундуну алгачкы туура айтылыштардан пайдаланып жасоосуна контролдук кылуу зарыл, анткени жалган жоболордон пайдаланып жасалган туура Дедуктивдүү ой корутунду натура болот, туура эмес билим берет. Конкреттүү айрым учурларда берилген жалпы законченемдүүлүк колдонула турган гана окуялардын категориясына туура таандык кыла билүүгө үйрөнүү зарыл. Окуучулар дал мына ушундан кыйналышат. Берилген конкреттүү мисалды окуучулар кээде суроого жооп берүү үчүн корутунду жасоого боло тургандай жалпы жобого таандык кыла алышпайт. Мис., таяныч аянты канчалык чоң болсо, бет бирдигине туура келүүчү басым ошончолук кичине болоорун билүү м-н окуучулар кээде төмөнкү суроого жооп бере алышпайт: «кайсы мала (тырмоо) топуракты терең майдалайт: 60 тиштүүсүбү же 20 тиштүүсүбү». Ошондуктан кандайдыр бир законду, жалпы жобону түшүндүрүүдө мугалим окуучуларга баарыдан мурда анын маанисин ачык, так баяндап, фактардын ж-а кубулуштардын белгилүү тобуна аны колдонууга мүмкүндүк бергидей анын жалпы принцибин, жалпы багытын көрсөтүүгө тийиш, конкреттүү фактардын ж-а кубулуштардын орчундуу, мүнөздүү белгилерин ажырата билүү-гө үйрөтүүсү зарыл.

Анализ, синтез, абстракция, жалпылоо, салыштыруу м-н катар Д-да ил. таанып-билүүнүн методу болуп эсептелет. Таанып-билүүнүн дедуктивдүү жолу анын индуктивдүү жолу м-н тыгыз байланыштуу. Индукциянын мааниси жеке фактылардан ж-а айрым алынган мисалдардан жалпы жобого өтүүдө турат. Д. м-н индукцияны туура байланыштырып пайдалануу эң баалуу билимдерди камсыз кылат. Бул ж-дө Ф. Энгельс «Жаратылыштын диалектикасы» аттуу эмгегинде «Индукция жана дедукция өз ара синтез жана анализ сыяктуу зарыл түрдө байланыштуу. Анын бирөөнү экинчисинин эсебинен бир жактуу артыкчалап асмандаткандын ордуна ар бирин өз ордунда пайдаланууга аракеттенүү керек, буга эгерде алардын өз ара байланышын, алардын өз ара бири бирин толуктоолорун эстен чыгарбаган кезде гана жетишүүгө болот» деп көрсөткөн.

Мектепте индуктивдүү-дедуктивдик метод да өзгөчө эффективдүү болуп эсептелет. Бул методдун мааниси төмөндөгүчө: айрым учурлардан жалпы жобо жасалат да, андан кийин бул жобонун жардамы м-н башка айрым фактар үйрөнүлөт. Мис., окуучулар кээ бир типтеги бир нече маселелерди чыгарышат да, ошонун негизинде ал типтеги маселелердин мүнөздүү, эң негизги жактарын белгилешет, б. а. окуучуларда индуктивдүү жол м-н маселелердин тиби ж-дөгү түшүнүк калыптандырылат. Андан кийин окуучу кандайдыр конкреттүү маселе м-н кездешсе, анын мазмунун анализдөө аркылуу ал маселеден бул типтеги маселелерге мүнөздүү болгон негизги белгилерди табат, ж-а ошонун негизинде аны ошол типке таандык кылат. Ошентип, индуктивдик жол м-н алынган жалпы закон дедуктивдүү жол м-н жаңы корутундуларды чыгаруунун негизин түзөт.

**ДЕМОНСТРАЦИЯ** - – окуучуларды кээ бир предмет м-н, кубулуш же процесс м-н көрсөтмөлүү-сезимталдуу тааныштырып окутуу ыкмаларынын бири. Тажрыйбаларды ж-а окуу көрсөтмө куралдарын демонстрациялоону мугалим өзүнүн сөз жүзүндөгү түшүндүрүүсүн ачык ж-а далилдүү кылуу үчүн пайдаланат, ошондуктан ал окуучулардын байкагычтыгын өнүктүрүүнүн каражаты болупп эсептелет. Д-нын эффективдүүлүгү демонстрациялануучу объекттердин туура тандалып алынышына көз каранды, б. а. эмне көрсөтүлө тургандыгына (кинофильмби, таблицабы же ж. б.) ж-а кандайча көрсөтүлө тургандыгына, мугалимдин өзүнүн оозеки түшүндүрүүсүн демонстрациялануучу көрсөтмө объектилер м-н туура айкалыштыра билүүсүнө байланыштуу болот. Көрсөтмө куралдарды ж-а тажрыйбаларды д-лоону төмөнкү учурларда пайдалануу өтө максаттуу:

1. көрсөтмө курал же тажрыйба өзү түздөн түз үйрөнүлүүчү объект болгон кезде (мис., предметтин өзүн өзү же анын моделин – графикалык сүрөтөлүшүн, геометриялык телолорду, ар түрдүү өсүмдүктөрдү, куралдары ж. б. түздөн түз көрүү аркылуу алардын формаларын үйрөнүү кезинде); физика ж-а химия сабактарында тажрыйбаларды Д-лоодо;

2. көрсөтмөлүү объект окуучулардын буга чейинки тажрыйбасы м-н бирдикте кубулуштардын арасындагы түздөн түз кабыл алууга мүмкүн болгон ички байланыштарды сөз жүзүндө түшүндүрүү ү-ң мугалимге таяныч боло алган кезде (мис., күкүрт кислотасын өнөр жайларда өндүрүүнүн технологиялык процессин анын макети же схемасы б-ча түшүндүрүүдө мугалим окуучулардын ал кислотаны лабораториялык жол м-н алуу ж-дөгү билимине таянат);

3. көрсөтмөлүү объект мугалимдин сөз жүзүндөгү түшүндүрүүсүн ырастоо, иллюстрациялоо катары пайдаланылган кезде (мис., минералдарды оозеки түшүндүрүүдөн кийин алардын үлгүлөрүн көрсөтүү, ар түрдүү сүрөттөрдү, диапозитивдерди, диафильмдерди же окуу кинофильмдерин Д-лоо);

4. көрсөтмөлүү объект окуучуларга буга чейин эч белгисиз ж-а түздөн түз кабыл алып билүүгө мүмкүн эмес болгон кубулуштар, окуялар ж-а байланыштар ж-дө оозеки түшүндүрүүнүн башталышы боло алган кезде (мис., география сабагында тигил же бул алкактагы климаттын зона-тропикалык, токой, тундра ж. б. ж-дөгү түшүндүрүүсүн мугалим кинофильмди, ландшафттык сүрөттөрдү пайдаланып баштоосу мүмкүн).

**ДЕПРЕССИЯ -** (лат. басмырлоо, эзүү дегенди билгизет) – кээ бир психикалык ж-а жалпы ооруларда, о. эле турмуштук оор жагдайларга карата жооп, реакция катары келип чыгуучу адамдын басыңкылык, эзилгендик, сабыры суздук, капалуу абалы. Мында оорулуунун кыймылынын тормоздолуусу, ойлоосунун жайыраак болушу, активдүүлүгүнүн ж-а инициативдүүлүгүнүн төмөндөшү байкалат; речи да тормоздолгон болот, оорулуу өзү сөзгө аралашпайт, суроолорго кыска ж-а көбүнчө шыбырап акырын жооп берет; өңү муңайым тартып кайгылуу болот да, аппетити жоголо баштайт (кээде тамакты көргүсү келбейт), уйкусу тынчсыз (көбүнчө уктай албай калат). Кээде жөөлүп өзүн өзү күнөөлөө оюна батат. Жөөлүп отуруп көп учурда оорулуу өзүн өзү өлтүрүүгө да аракеттенет. Д. реактивдүү, б. а. турмуштук оор ситуацияларга (иш оңунан чыкпагандыкка, бирөөгө өтө таарынууга, жакын адамдарынын өлүп калышына) байланыштуу болот да, ошол ситуациялардын негизги себеби жоголгондо же психикалык травма болгондон белгилүү убакыт өткөндөн кийин тарап кетет. Бирок жагдайсыз жаман шарттарда эгер кыйын ситуациялардын улам боло беришин адам өзүн өтө эле оор сезип кабылдай берсе, анда Д. узак убакытка созулуп, бара бара аны психикалык ооруга чалдыктыруусу мүмкүн. Д-ны айыктыруу үчүн жалпы бекемдөөчү каражаттар, витаминдер, ультрафиолетовый нурлар ж-а суу процедуралары м-н чыңдоо чаралары пайдаланылат. Д-дан айыгууда сүйүнүч (оң) эмоцияларга байланыштуу бир нерсеге алагдылануунун пайдасы чоң. Ал абалды (жагдай-шартты) өзгөртүү, санаторийлик режимди колдонуу, көп учурда ар түрдүү эмгек иштерин күчөтүү сунуш кылынат. Д. кезинде чоң кишилер сыяктуу эле балдардын да көңүлү суз, маанайы пас, сабыры суз болуп, аппетити ж-а уйкусу начарлайт, бирок балдарда баарынан да себепсиз коркуу сезиминин пайда болушу аларды өтө жапа чектирип азаптандырат. Чоң кишилерге караганда балдарда Д. көп учурда инфекциялар (ревматизм), кызылча ж. б. жугуштуу оорулар м-н кошо болот, кээде ооруп айыккандан кийин деле бала эч себепсиз ыйлаак, кыжырдуу, кежир, дайыма нааразы, көңүлү суз болот. Үй-бүлөдө же мектепте баланы травма абалына келтирүүчү моменттердин узакка созулушу анын мүнөзүнүн калыптанышына зыян тийгизиши мүмкүн, анын личностунун патологиялык өнүгүшүнө алып келиши ыктымал. Бала курулай шектенүүчү, кайгычыл, бирөөлөр м-н жакындашууну каалабаган, бардыгына пессимисттик мамиле жасоочу боло баштайт. Натыйжада андай баланын балдар бакчасынын ж-а мектептин шартына көнүгүшү да кыйындайт, өзгөчө анын мектепте окушу өтө кыйынчылыктуу болот. Өспү-рүмдөрдө ж-а өзгөчө андан кийинки куракта Д. абалы өтө оор өтөт. Мис., бул кезде Д-нын негизги симптомдору м-н катар окуучунун өзүн өзү баалоосу төмөндөйт, көп учурда жөөлүү идеялары пайда болот. Жаш балага караганда өспүрүм баланын Д-лык абалы узагыраак (кээде бир жылга чейин) созулат. Мына ошондуктан мүмкүн болушунча Д-ны болтурбай коюучу алдын ала иш-чараларын уюштуруу өтө зарыл. Мындай профилактикалык иштерге: инфекцияларга каршы күрөшүү, баланын дене бой ж-а психикалык туура өнүгүшүнө керектүү шарттарды түзүү ж. б. кирет. Өзгөчө үй-бүлөдөгү чөйрөнүн (ата-энелеринин өз ара бири бирине, балдарга ж. б. жасаган мамилеси, алардын ишке, коомго көз карашы, социалдык абалы ж. б.) нормалдуу болушу, тарбиялоодо жаңылыштыктарды алдын ала эскертүү, үйдө ж-а мектепте балага туура мамиле жасоо өтө чоң мааниге ээ.

**ДЕТЕРМИНИЗМ -** (лат. аныктаймын дегенди билдирет) – бардык кубулуштардын (жаратылыштагы, коомдогу ж-а психикалык) себептүү шартталышы ж-дөгү материалисттик окуу. Ил. физиология ж-а психология, өзгөчө И. М. Сеченов м-н И. П. Павловдун окуусу бул закондун тууралыгын ырастап, психика (болгондо да анын эң эле жогорку формалары – аң сезим ж-а эрк да) адамдын турмуш тиричилигинин материалдык шарттарына өтө катуу көз каранды экендигин далилдеди. Адамдардын жүрүм-туруму алардын турмушунун шарттары ж-а коомдук мамилелери м-н себептүү шартташкан деп эсептөө м-н диалектикалык материализм адам аракеттеринин боштондугун танбайт. Диалектикалык материализмге ылайык адамдын боштондугу адамдын ж-а анын жүрүм-турумунун жаратылыш ж-а коом закондоруна кыялданып элестетилүүчү көз карандысыздык эмес, бул дал ошол закондорду таанып-билүүгө, адамдардын жаратылышка ж-а өздөрүнүн коомдук катнаштарына жасалган үстөмдүгүнө негизделген көз карандысыздык; диалектикалык материализмге ылайык боштондук деп биз таанылып-билинген зарылдыкты түшүнөбүз. Адамдын психикасы анын тышкы өз ара аракеттешүүлөрү м-н Д-дештерилген деп эсептөө аркылуу диалектикалык материализм шартташуу түз эле автоматтык жол м-н эмес, ишмердик процессинде адамдын объективдүү чындык м-н өз ара аракеттенишүүсү аркылуу гана ишке ашат деп көрсөтөт. Бирдей эле тышкы шарттар, бирдей эле тышкы чөйрө ар кандай адамга ар түрдүүчө таасир этээрин, ж-а о. эле бир эле адамга анын өмүрүнүн түрдүү мезгилинде түрдүүчө таасир эте тургандыгын дал ушуну м-н түшүндүрүүгө болот. Мындан тышкы шарттар эч качан адамдын андан аркы өсүп-өнүгүшүн биротоло алдын ала аныктабайт деген корутунду келип чыгат. Окутуу процессинде Д. термини программалап окутууга байланыштуу адабияттарда көп кездешет. Мис., программалап окутуунун негизги принциптеринин бири оптималдуу алгоритм түзүү экендиги белгилүү. Ал эми ар кандай алгоритм болсо негизинен төрт касиетке ээ. Алардын бири – улам мурдагы жасалган жөнөкөй аракет (кыймыл) сөзсүз дал өзүнөн кийин аткарылуучу аракетти шарттай тургандыгы. Алгоритмдин Д. касиети берилген алгоритм б-ча кээ бир типтеги (практикалык же интеллектуалдык) маселелерди чыгаруу милдетин ар кандай адамга берилген алгоритмге ылайык жөнөкөй аракеттерди аткара ала турган адамга, ал гана эмес механизмге) да «тапшырууга» мүмкүндүк берет.

**ДИДАКТИКА -** – (гректин үйрөтүүчү деген сөзүнөн алынган) – билим берүүнүн ж-а окутуунун теориясын иштеп чыгуучу педагогиканын тармагы. “Дидактика” термини тарбиялоо, билим берүү ж-а окутуу жөнүндөгү эмгектердин

авторлору тарабынан XVII к-дан бери колдонулуп келе жатат. Мис., Я. А. Коменский (1592-1670) өзүнүн «Великая дидактика» (1967) деген эң чоң эмгегин жаратып, анда балдарды окутуунун принциптерин ж-а эрежелерин берген; феодалдык коомдун идеологиясы м-н философиядагы, илимдеги жаңы идеялардын арасындагы курч күрөштүн XVII к-га мүнөздүү шарттарында Д-ны түзгөн, ал өзүнүн Д-сында окумуштуу катары диндик идеологиянын таасиринен чыга албаса да өзүнө чейинки болгон алдыңкы идеяларды жыйынтыктап, тарбиялоонун ж-а окутуунун практикасына жол салган. Д-нын өнүгүшүнө И. К. Песталоцци, А. Дистервег, Ж. Ж. Руссо, К. Д. Ушинский ж. б. зор салым кошушкан. Бүткүл педагогика сыяктуу эле Д-да адам коомунун өнүгүшүнүн ар кандай этаптарында мектеп алдына коюлуучу маселелерди чечүү м-н тарыхый мүнөздө өнүккөн. Д-дагы окулуп үйрөнүлүүчү эң негизги ж-а эң татаал кубулуш (объект) – окуу процесси болуп эсептелет. Ал эми окуу процесси болсо бул билимдерди, билгичтиктерди ж-а көндүмдөрдү сезимдүү ж-а бекем өздөштүрүүгө, аларды турмушка, өз алдынча ойлонууга колдоно билгичтигин, окуучулардын билүүлөрүнүн башка жөндөм-дүүлүктөрүн калыптандырууга, ойлонуп эмгектенүүнүн маданиятынын зарыл элементтерине ээ болууга ж-а дүйнөгө көз караштын негиздерин калыптандырууга багытталган мугалим м-н окуучулардын өз ара байланышкан ырааттуу аракеттеринин жыйындысы. Окуу процесси билим берүүнүн максаты м-н шартталып, өзүнүн төмөнкү компоненттеринин бири-бирине жасоочу таасирлери аркылуу мүнөздөлөт:

окутуунун, б. а. окуу предметинин мазмуну (мында ар бир класстын окуучулары үчүн), илимдердин негиздери (билимдер системалаштырылып берилет);

окутуу (сабак берүү), б. а. мугалимдин ишмердиги (окуучуларды окууга кызыктыруу, окуу предметинин мазмунун баяндоо, окуучулардын ишмердигин уюштуруу, алардын өз алдынча эмгектенүүлөрүнө жетекчилик кылуу, билимдерин ж-а билгичтик-терин текшерүү);

окуп үйрөнүү, б. а. окуучулардын акыл ж-а күч аракеттерин өз ичине камтыган алардын ар кандай ишмердиктери;

окутуунун материалдык каражаттары (окуу китептери, окуу куралдары, техникалык каражаттар, куралдар ж. б.).

Окуучулардын билимдерди өздөштүрүүсүнүн ж-а акыл жагынан өнүгүүсүнүн эффектин максималдуу жогорулатуу үчүн окуу процессинин негизги ушул компоненттеринин бири-бирине туура байланышын таап аныктоо Д-нын эң негизги проблемасы болуп эсептелет. Тарбиянын максаттары ж-а милдеттери ж-дөгү философиялык окуу, таанып билүүнүн ил. теориясы Д. үчүн методологиялык чоң мааниге ээ. Д. пед. ж-а балдар психологиясы, жалпы психология ж-а жогорку нерв ишмердигинин физиологиясы м-н тыгыз байланышта. Бул илимдердин ар бири өзүнүн областында баланын таанып билүү ишмердигинин процесстери ж-дө билим берет. Ошондуктатан балдарды окутуунун мазмунун ж-а методдорун окуп үйрөнүүгө чоң жардам көрсөтөт. Д-лык эң ири проблемаларды чечүүдө бул илимдерди чогуусу м-н пайдалануу эң эле зарыл. Д-да изилденүүчү окутуунун жалпы закон ченемдүүлүктөрү айрым окуу предметтерин үйрөнүүнүн ж-а алар б-ча сабак берүүнүн конкреттүү өзгөчөлүктөрүн камтый алышпайт. Ал эми мугалимдер ү-н жалпы закон ченемдүүлүктөрдүн ар бир предметтерди окутууда ишке ашырылышынын конкреттүү жолдору өтө керектүү ж-а эң маанилүү. Бул маселелер предметтик дидактикаларда каралат. Окуу предметтерин окутуунун практикасында балдарга мамиле кылуунун, окутуу ишинин жолдорун ж-а каражаттарын тандап алуунун принципиалдуу бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу зарыл. Билим берүүнүн мазмуну ж-дөгү, окутуу процессинин закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү, окутуу ишинин эффективдүү методдору ж-а уюштуруу формалары ж-дөгү эң жалпы ил. дисциплина катары Д. дал ошол бирдиктүүлүктү гана аныктоого тийиш. Д-дагы таяныч терминдер: окуу; окутуу; окуучу; окутуучу; окутуу процесси; окутуунун максаты; билим берүүнүн (окутуунун) мазмуну; окутуу принциптери; окутуунун законченемдүүлүгү; окутуу методу; окутуу каражаттары; окутууну уюштуруу формалары; билим; билгичтик; көндүм; билимдерди текшерип баалоо; өнүгүү; таалим-тарбия.

Д-нын негизги милдеттери:

а) окутуунун максаттарын ж-а милдеттерин аныктоо;

б) окутуу процессинин законченемдүүлүктөрүн аныктап чыгуу;

в) билим берүүнүн мазмунун аныктоо;

г) окутуунун эң эффективдүү методдорун ж-а уюштуруу формаларын иштеп чыгуу. Демек, Д. төмөнкү суроолорго жооп берет:

Эмне үчүн окутуу керек?

Эмнени окутуу керек?

Кандайча окутуу керек?

Билим берүү теориясынын проблемасы Д-да бардык аспектте каралат: жалпы билим берүүнүн мүнөзү, окуу планы, окуу программалары, окуу китептери. Бул проблема м-н тыгыз байланышта сабак берүүнүн илимий деңгээлин жогорулатуу, поли- техникалык окуунун эмгек тарбиясын ж-а кесипчилик багыт берүүнү ишке ашыруунун, о. эле окутууда ж-а тарбиялоодо техникалык каражаттарды колдонуунун эң эффективдүү жолдорун аныктоо маселелерин иштеп чыгуу талап кылынат.

**ДИДАКТИКАЛЫК МАТЕРИАЛ -** – көрсөтмөлүү окуу куралдарынын бир түрү. Алардан пайдаланып окуучулар өз алдыларына коюлган окууга ж-а оюнга байланыштуу тапшырмаларды аткарууга зарыл болгон конструктивдүү иштерди жасашат. “Д. м.” термини балдар бакчасынын уюштурулушуна байланыштуу пед. адабиятка мектепке чейинки тарбия б-ча киргизилген. Д. м-га: сүрөт тартылган, текст же цифралар жазылган карточкалардын набору; саноого керектүү материал (таякчалар, тегеректчелер); жашылчалардын, жемиштердин, жаныбарлардын трафареттери; геометриялык фигуралардын ж-а телолордун моделдери: физика, химия, өндүрүш негиздери сыяктуу сабактарда жыйнала турган ар түрдүү деталдардын наборлору ж. б. кирет. Д. м. эки түрдүү: демонстрациялык ж-а балдардын өздөрү түздөн-түз колдонуп иштеши үчүн таратылып берилүүчү Д. м. болот. Д. м. сабактын бардык этабында: жаңы окуу материалын түшүндүрүп өтүүдө ж-а бышыктоодо, окуучулардын билимдерин текшерүүдө ж-а өтүлгөн материалды кайталоодо

колдонулат. Бир эле Д. м. ар түрдүү окуу маселелерин чечүүдө колдонулушу мүмкүн. Мис., металлдан жасалган деталдардын набору черчение сабагында ар түрдүү графикалык жумуштарды аткаруу үчүн, ал эми математика сабактарында көлөм-дөрдү эсептөө үчүн колдонулат. Д. м. мектепке чейинки ж-а башталгыч класста окуган балдардын жалпы өнүгүшү үчүн, мис., тигил же бул предметтин формасын, өзүн ж-а чоңдугун туура баамдап билүүгө кө-нүгүүсү үчүн, балдардын мейкиндиктик элестетүүлөрүн, речин, ойлоосун ж-а жалпы жөндөмдүүлүгүн өнүктү-рүү үчүн пайдаланылат. Башталгыч класстарда Д. м. негизинен эне тили, орус тили ж-а математика сабактарында колдонулат. Мис., эне тили ж-а орус тили сабактарында сүрөт тартылган тамгалар, муундар, сөздөр ж-а кыска сүйлөмдөр жазылган карточкалар пайдаланылат. Алардан пайдаланып иштөөдө окуучуларга, мис., сөздөрдөгү атайын ташталып кеткен тамгаларды ж-а муундарды таап кошуп жазуу, сү-рөттөрдөгү объекттердин аттарын табуу, сүйлөмдүн тигил же бул мүчөсүн, ошондой эле тигил же бул сөз түркүмдөрүн туюнтуучу сөздөрдү тандап алуу, сүйлөмдөрдү түзүү ж. б. тапшырмалар берилет. Математика сабагында болсо Д. м-дын жардамы м-н 1–2-класстарда окуучулар бирден, экиден, үчтөн түз ж-а тескери тартипте санап эсептешет, он ж-а жыйырма ичинде кошуу, кемитүү, көбөйтүү ж-а бөлүү амалдарын аткарышат; о. эле Д. м-дардан пайдаланып анча татаал эмес маселелерди чыгарышат ж-а сандардын составын окуп үйрөнүшөт ж. б. Жогорку класстарда Д. м-дар көнү-гүүлөрдү аткарууда ж-а фронталдык мүнөздөгү иштерди өткөрүүдө пайдаланылат. Мис., геометрия курсунда аянттарды ж-а көлөмдөрдү аныктоодо жалпак ж-а үч бурчтуу фигуралар пайдаланылат. Д. м. класстагы бардык окуучулар м-н же алардын айрым группалары, ал гана эмес окуу материалын өздөштүүрө албай артта калуучу же тескерисинче тапшырмаларды башкалардан мурда аткаруучу ар бир окуучу м-н иштөөдө да пайдаланылат.

**ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР -** – бул мектеп жашына чейинки ж-а мектептин кенже окуучуларына таалим-тарбия берүүгө багытталган ийкемдүү оюндар. Бул оюндар окуучулардын сенсордук сезимдүүлүгүн (көлөмгө, өң-түскө, буюмдардын жайланышына болгон), байкагычтыктыгын, көңүл буруусун, аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, речин, айлана-чөйрөгө болгон элестетүүсүн өстүрөт. Бул оюндардын адеп-ахлактык тарбиялоодогу мааниси дагы зор, анткени алар окуучуларда чыдамкайлыктын, өз алдынча иш алып баруу ишмердүүлүгүнүн, коллективизм сезиминин өсүүсүнө таасир берүү м-н, өзүлөрүн жүрүм-турум нормаларына ылайык алып жүрүү адаттарын калыптандырат. Оюндарда атайын жасалган оюнчуктар колдонулат (лото, сүрөттөр, кубиктер). Мындан тышкары, сөз м-н ойнолгон оюндар да болот (мис., табышмактар, үндөрдү тууроо, тил жатыктыруучу «тыюу салынган сөздөр» оюндары ж. б.). О-да жогорку аталган нерселерден башка да турмушта колдонулган ар кандай буюмдарды ж-а жаратылыш материалдарын (топчу, таш ж. б.) колдонууга болот. Д. о. өзгөчө бала бакчада окутуунун эң бир маанилүү каражаты болуп эсептелет. Алар балдардын ар кандай курактагы топторуна карата түзүлгөн программа м-н өтүлөт.

**ДИДАКТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕР -** – тарбиялоонун жалпы максаттарына ж-а окутуу процессинин законченемдүүлүктөрүнө ылайык мектептин окуу ишинин мазмунун, уюштуруу формаларын ж-а методдорун аныктоочу алгачкы жоболор. Мындан окутуунун принциптери бул сабакты (окутуу процессин) даярдап өткө-рүүгө коюлуучу талаптарды туюнта турган алгачкы дидактикалык жоболор экендиги келип чыгат. Дидактикада окутуунун төмөнкү принциптери иштелип чыкты: Билим берүү, тарбиялоо ж-а өнүктүрүп өстүрүү маселелерин комплекстүү ишке ашырып окутуу принциби. Окутуу м-н тарбиялоонун биримдүүлүк законуна ылайык тарбия дайыма окутууда камтылган болот, б. а., окутуу процессинде окуучулар билим алуу м-н катар керектүү адамдык сапаттарга тарбияланышат. Окуу процессинде ар дайым окуучунун белгилүү тартиптеги инсандагы: анын турмушка ж-а билимге болгон мамилеси, анын ар кандай акыл жөндөмдүүлүгү, нравалык сезими ж-а эрки кошо калыптанат, б. а. окутуу болгон жерде тарбия кошо болот, бирок ал тарбиянын жакшы же жаман болушу башка кеп. Тарбиялык таасир окутуунун ажырагыс жандоочусу болуп эсептелет. Албетте, мындан окутуу окуучуларга дайыма бирдей тарбиялык таасир берет ж-а бул иште мугалимдин атайын жасаган аракеттери, анын устаттыгы анча мааниге ээ эмес деген корутунду жасоого болбойт. Тескерисинче, тарбиялоочунун окутуу мүнөзү, анын идеялык багыты ж-а окуучуларга тийгизе турган таасиринин күчү төрт фактор (окутулуучу билимдердин мазмуну, окутуу методдору, сабакты уюштуруу формалары ж-а мугалимдин личностунун таасири) м-н аныкталат. Окутуунун натыйжасында окуучулар билим алышат, билгич-тикке үйрөнүшөт, аларда ил. көз караштын негиздери калыптанат ж-а алардын таанып билүү жөндөмү өсүп-өнүгөт. Мунун бардыгы окуучуларда коомдук жүрүш-туруштун нормаларынын ж-а нравалык идеалдардын калыптанышынын негизин түзөт. Демек, окуу процессинин өзүндө окуучуну коомдук социалдык нормаларга тарбиялоо ишке ашырылат.

Окутуунун илимий принциби. Окутуу процессинде окуучуларга азыркы илимге ылайык такталган, окуучуларды эки анжы ойго келтирбей турган гана маалыматтар берилет. Ошондуктан окутуу методдору өздөрүнүн мүнөзү б-ча тиешелүү илимдерде колдонулуучу методдорго жакын ылайыкташтырылып түзүлүүгө тийиш. Натыйжада окуучулар үйрөнүлүүчү кубулуштарды, предметтерди ж-а факттарды ил.-диалектикалык көз карашта талдап көрүүгө көнүгүшөт, аларда акырындык м-н диалектикалык ойлонуунун элементтери калыптанат. Бул принциптин теориялык негизи таанып-билүүнүн диалектикалык теориясы болуп эсептелет, ал теорияга ылайык дүйнөнү таанып-билүүгө болот ж-а адамдардын практикада текшерилген билимдери дүйнөнүн туура ж-а объективдүү сүрөтүн берет. Бирок, окуучулардын таанып-билүүлөрүнүн өсүшү ил. билимдердин өсүү темпиндей эмес, андан бир кыйла жай темпте.

Бул принциптин негизги талаптары төмөнкүлөр:

а) окуу предметинин логикасын ачып көрсөтүү;

б) үйрөнүлүүчү материалдын башка объекттери м-н көп кырдуу байланыштарын түзүү, б. а., ар бир жаңы окуяны ж-а предметти бардык жагынан карап үйрөнүү (мунун өзү окуучуларда диалектикалык ойлонуунун элементтерин калыптандырат);

в) илимде кабыл алынган терминдер м-н туюнтулуучу туура түшү-нүктөрдүн пайда болушу үчүн шарттарды түзүү;

г) үйрөнүлүүчү билимдердин ачылышынын тарыхый жолун, түшүнүктөрдүн ж-а закондордун пайда болуу процессинин ички байланыштарын ачып көрсөтүү;

д) окутуу методдорунда илимий таанып билүүнүн методдорун чагылтуу.

Окутуунун жеткиликтүү принциби. Бул принципти окутууну жеңилдетүү деп кароого болбойт, окутуунун илимийлүүлүгү м-н ажырагыс кылып бирге алып караганда гана окутуунун жеткиликтүүлүк принциби жаңы мазмунга ээ болот, анткени, окутуунун ил. материалды жөнөкөйлөтүүгө жеткиликтүүлүктүн буга чейинки кабылданып жүргөн маанисине карама-каршы турат.

Илим дегенибиздин өзү – бул чындык дүйнөнүн белгилүү областын ж-а анын өсүп-өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн чагылдыруучу закондордун, теориялардын, илимий түшүнүктөрдүн, фактардын системасы болуп эсептелет. Ошондуктан илимге ээ болуу үчүн аны белгилүү системада үйрөнүүгө туура келет. Бул да аздык кылат. Илим практикалык керектөөлөрдүн таасири астында келип чыгат да, турмуш м-н, өндүрүш менен ажырагыс байланышта болот. Демек, илимге ээ болуу үчүн анын мазмунун окуп үйрөнүү м-н гана чектелбестен, аны турмушта колдоно билүүгө көнүгүү зарыл.

Илимдердин негиздерин сезимдүү ж-а бекем өздөштүрүү: биринчиден, окуучуларга билимдер белгилүү системада (ар бир кийинки ил. түшүнүк, өзүнөн мурунку түшүнүктөн келип чыгып, анын андан аркы табигый уландысы болгудай тизмектештикте) берилгенде гана, экинчиден, өздөштүрү-лүүчү билимдер окуучулар тарабынан практикада, айлана-чөйрөдөгү кубулуштарды ж-а процесстерди түшүндүрүүдө колдонулганда гана камсыз боло алат. Б. а., билимдердин системасы алардын колдонулушунун эң негизги шарты, ал эми теориянын турмуш ж-а практика м-н байланыштуулугу болсо, билимдердин системасын терең өздөштүрүп билүүнүн эң негизги фактору болуп эсептелет. Булардын бирөө экинчисиз анча натыйжа бербейт. Окутуу процессинде теория м-н практиканын байланышы дайыма эле бир орунда эмес, кээде жаңы материалды түшүндүрүүнү аяктоодо ишке ашырылат. Окутууда теорияны практика м-н байланыштыруунун формалары да ар түрдүү:

а) үйрөнүлүүчү материалдын окуучулардын өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасы м-н байланышы;

б) коомдук курулуштун практикасы м-н, турмуш м-н болгон байланыштык;

в) илимдин өнүгүшүнүн коомдук керектөөлөргө көз карандылыгын ачып көрсөтүүчү тарыхый экскурстар;

г) өндүрүштүк мазмундагы маселелерди чыгаруу, лабораториялык жумуштар;

д) эмгек окуусу, окуучулардын өндүрүмдүү эмгеги ж-а алардын коомдук пайдалуу иштери.

Окутуунун активдүүлүк жана сезимталдуулук принциби. Окуучулардын активдүүлүгү ж-а сезимталдуулугу, алардын өз алдынчалыгы мугалимдин жетекчилик ролу астында дегенге карама каршы келбейби? деген суроо туулушу ыктымал. Чындыгында окуучулардын сезимталдуулук ж-а активдүүлүк принциби мугалимдин жетекчилик кылуу ролу принциби м-н терең ички байланышта; мугалимдин жетекчилиги окуучуларды ар бир түшүнүк, ар бир жалпылоо, ар бир билгичтик ж-а көндүм окуучулар тарабынан айланадагы предметтерди ж-а кубулуштарды андан ары таанып-билүүнүн инструменти катарында пайдалангыдай даражага жеткирүүгө тийиш. Окуучулардын сезимталдуулугу:

а) окуунун максаттарын ж-а милдеттерин ойлонуп баамдоо;

б) материалды терең түшүнө билүү;

в) аны практикада сезимдүү пайдалана билүүдө көрүнөт. Окуучулардын активдүүлүгү: материалдын мазмунуна, окутуунун методдоруна, о. эле окуучунун активдүүлүгү эмнеге багытталганына көз каранды болот.

Көрсөтмөлүк принциби. Бул принцип пед. адабияттарда көп учурда бир жактуу окутуунун алгачкы каражаты катары каралып келген. Чындыгында окутууда “көрсөтмөлүүлүктөн жалпылыкка карай” деген тенденция башталгыч класстардын окуучуларына мүнөздүү. Ал эмес башталгыч класстарда да балдарга алардын өздөрүнө белгилүү буюмдарды жалпылаштырууну сунуш кылып, материалды дедуктивдик жол м-н окууну ийгиликтүү колдонууга болот. Башталгыч класстын окуу программасынын өзгөртүлүшү да абстракттуулуктун элементтерин күчөтүүнү талап кылып олтурат.

К. п-инин маанисин төмөндөгүчө түшүнүп кабыл алууга туура келет:

а) көрсөтмөлүүлүк окутуунун алгачкы таяныч пункту болуп, негизинен башталгыч класстарда пайдалынат;

б) окуучулар улам жогорку класстарга өткөн сайын окутуунун алгачкы баштапкы пункту катарында тигил же бул проблеманын өз учурунда кандайча келип чыккандыгы, андан кийин анын чыгарылышынын тарыхы, эң акыры анын азыркы абалы баяндалат. Ошентип, мында көрсөтмөлүүлүк эки жолу (жаңы ачылышты, анын тарыхта кандайча келип чыккандыгын иллюстрациялап көрсөтүү катарында ж-а проблеманын азыркы чечилиш жолун ачып көрсөтүү катарында) катышат;

в) проблеманы тарыхый көзкарашта алып үйрөнүү дайым эле ылайыктуу эмес, мында убакыт көп талап кылынат. Окутуунун башталгыч пункту катарында мурда окулуп өздөштүрүлгөн же мугалим тарабынан баяндалып айтылган теориялык материалдын практикалык колдонушун иллюстрациялап көрсөтүү үчүн пайдаланылат. Көрсөтмөлүүлүктүн түрлөрү төмөнкүлөр: предметтик көрсөтмөлүүлүк (макеттер, моделдер, сүрөттөр ж. б.); сөз м-н элестетүү көрсөтмөлүүлүгү (тилдин жардамы м-н тигил же бул ачык образдарды баяндап келтирүү); шарттуу сүрөттөмөлөөчү көрсөтмөлүүлүк (схемалар, чиймелер ж. б.); динамикалык көрсөтмөлүүлүк (б. а., угуу ж-а көрүү органдарына таасир этүүчү каражаттар, кино, телевидение ж. б.). Демек, көрсөтмөлүүлүк конкреттүү ж-а абстракттуу болушу мүмкүн.

Көрсөтмөлүүлүккө негизинен төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

а) окуу процессин көрсөтмө куралдар м-н ашыкча жүктөнтүүгө болбойт;

б) көрсөтмө куралдарды колдонуунун максаты ж-а орду ачык-айкын аныкталууга тийиш;

в) көрсөтмө куралдарда ашыкча эч нерсе болбоого тийиш;

г) көрсөтмө куралдар окуучулардын жаш өзгөлүктөрүнө карата тандалып алынуусу керек.

Окуучулардын билим-билгичтерин бекемдеп өнүктүрүү принциби. Билимдерди өздөштүрүү ж-а окуучулардын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү бир эле процесстин бири-бирине байланыштуу эки жагы болуп эсептелет. Илимий билимдерди өздөш-түрүп, таанып билүү мүнөзүндөгү белгилүү тапшырмаларды аткаруу м-н окуучулар ошол эле убакта өздөрүнүн акыл-аракеттерин өнүктүрүшөт. Билимдерди өздөштүрүүнүн өзү аларды тынымсыз тереңдетүү, тактоо ж-а бекемдөө процессинен турат. Ошондуктан билимдерди өздөштүрүүнүн бекемдөө ж-а окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүгүн ар тараптан өнүктүрүү принцибинин мазмуну төмөнкү компонент-терден турат деп айтууга болот:

а) үйрөнүлүүчү материалдардын негизги түйүндөрүн ажыратуу;

б) негизги түйүндөр м-н окуучулардын буга чейинки билгендеринин байланышын түзүү;

в) билимдерди окуучунун көз караштар ж-а ишеничтер системасына айландыруу;

г) окуу материалы м-н окуучунун практикалык аракеттеринин байланышын түзүү.

Билимдердин бекемдиги: материалды кайталоо, бышыктоо м-н сөзсүз эстеп калына турган материалдын көлөмүн азайтуу, окуу предметинин логикалык системасын окуучулардын аң-сезимине жеткирүү, окуу материалын жакшы эстеп калууга мүмкүндүк берүүчү таяныч фактыларды ж-а түшүнүктөрдү пайдалануу, чыгаруунун рационалдуу ыкмаларын изденүүнү ж-а активдүү ойлонууну талап кылуучу көнүгүүлөрдү ж-а маселелерди тандап алуу аркылуу камсыз кылынат. Мис., билимдерди кайталоодо анын бекемдигин камсыз кылуу үчүн аларды жаңыча көз карашта карап, алардан жаңыча пайдалана билүүгө үйрөтүү зарыл.

Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алып окутуу принциби. Окутуунун жамааттык мүнөздө болуу ж-а окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу принциби төмөнкү шарттардын камсыз кылынышын талап кылат:

а) окуучуларды жамаатта эмгектенип, анын наамы үчүн иштеп, аны барктай билүүгө үйрөтүү зарыл, анткени, келечекте аларга жамаатта иштөөгө туура келет;

б) ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн билип, ага жекече мамиле жасоонун негизинде анын ийгиликтүү эмгектенүүсүн уюштуруу (мис., начар көрүүчү же начар угуучу окуучуну алдыңкы партага отургузуу, өтө эле тынчы жок окуучуну партага өзүн жалгыз отургузуу, жай ж-а начар ойлонуп иштөөчү окуучуга маселе чыгарууда карточкага жазылган көрсөтмөнү берүү, бир нерсеге тез алагды болуп кетүүчү окуучуну тез-тез сурап туруу ж. б.). Коллективдин ишинин ийгилиги анын ар бир мүчөсүнүн ишинин сапатына байланыштуу болот. Акыркы жылдары окуу процессинде окуучулардын акыл-аракеттеринин интенсивдүү өнүгүшүнүн шарттарын аныктоо багытында атайын изилдөөлөр жүргүзүлдү. Советтик белгилүү психолог Л. В. Занков тарабынан башталгыч класстардын окуучуларын окутуунун дидактикалык системасы төмөнкү принциптердин негизинде иштелип чыккан:

1. Окутууну кыйынчылыктын жогорку деңгээлинде уюштуруп өткөрүү. Окуучулар кыйынчылыкты жеңүүдө гана өсүп-өнүгө алышат. Кыйынчылыктын чеги программаларда ж-а окуу китептеринде конкреттештирилет.

2. Окуу материалын ылдам темпте окуп үйрөнүү. Окуучуларды ар түрдүү билимдер м-н тынымсыз байытып туруу, берилген убакыттын ичинде көнүгүүлөрдү мүмкүн болушунча көп иштетүү, алдыга карай улам тез темп м-н жылуу.

3. Башталгыч окутууда теориялык билимдердин басымдуулугун (негизги ролун) камсыз кылуу принциби. Албетте, бул прин- цип практикалык билгичтик ж-а көндүмдөрдүн маанисин басаңдатпайт. Практикалык билгичтиктерди ж-а көндүмдөрдү (ыкмаларды) калыптандыруу бул принципке ылайык окуучулардын жалпы өнүгүшүнүн негизинде камсыз кылынат.

4. Окуучулардын окуп-үйрөнүү процессин сезип баамдашы, мис., мугалим ар бир окуу аракетин окуучу эмне үчүн аткарып жаткандыгын сездирүү максатында ага дайыма суроо берип турат.

Окутууну мына ушул принциптерге негиздеп уюштурууда балдар интенсивдүү ойлонуп эмгектенүүдөн канааттанып, улам жаңы нерселерди билүүгө кызыгышып, кыйынчылык келтирүүчү тапшырмаларды сүйүнүп аткарыша тургандыгын Л. В. Занков өзүнүн эксперименталдык изилдөөлөрүндө ишенимдүү далилдеген.

**ДИДАКТИКАЛЫК БИРДИКТЕРДИ ИРИЛЕШТИРҮҮ -** (укрупнение дидактических единиц) – инсандын аң-сезимин өнүктүрүүнүн башкы шарты катары билимдердин бүтүндүгүнө жетишүүнү көздөгөн окутуу технологиясы. Д. б. и. Россия билим берүү академиясынын анык мүчөсү П. М. Эрдниев тарабынан мектептин математика курсунун мисалында иштелип чыккан. Д. б. и-нү колдонууда: өз ара тескери амалдар бир учурда окуп үйрөнүлөт; карама-каршы маанидеги түшүнүктөр салыштырылат; аналогия б-ча корутунду чыгаруу кеңири колдонулат; көнүгүү иштөөнүн этаптары ж-а маселе чыгаруунун жолдору салыштырылат ж. б. Мында окутуу төмөнкү схема б-ча жүргүзүлөт: 1) бөлүктөргө ажыратылбаган бүтүн нерсени алгач өздөштүрүү; 2) бүтүндүн элементтерин ж-а алардын өз ара катнаштарын ажыратып көрсөтүү; 3) элементтерди ж-а алардын өз ара катнаштарын өздөштүрүүнүн негизинде бүтүн нерсе тууралуу тагыраак ж-а толугураак түшүнүккө ээ болуу.

**ДИДАКТИКАЛЫК ТЕСТТЕР -** – окуу процессинде окуучунун билим деңгээлин тез аранын ичинде, объективдүү түрдө аныктоочу контролдоо формасы. Д. т-тер билим берүү тармагындагы массалык изилдөөлөрдө, сыноолордо (кабыл алуу экзамендери, билим берүүнүн абалы ж. б.) дагы колдонулат. Д. т-тердин жардамы м-н окуу тарбия процессинин эффективдүүлүгүн аныктоого болот. XX к-дын 60-жылдарынан баштап Д. т-дин нормага ж-а критерийге ылайыкталган түрлөрү негизделген. Д. т-ди түзүү ж-а билим берүү системасында колдонуу иш-аракеттери тестирлөөнүн этаптарынын негизинде жүргүзүлөт. Окуу процессинде Д. т-тер контролдоонун башка формалары м-н (экзамен, зачёт ж. б.) шайкеш колдонулат. Окуучунун алдын ала билимин текшерүүдө диагноздоочу, темалык ж-а жыйынтык контролдоону уюштурууда жетишкендик, күнүмдүк контролдоону уюштурууда калыптандыруу тесттери колдонулат. Контролдоонун башка формаларына караганда Д. т-тер төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ: 1) сыноону уюштуруу ж-а жыйынтыгын чыгаруу аз убакытты талап кылат; 2) окуучунун билим деңгээлин объективдүү, тез аныктоого болот; 3) тестти жүргүзүү тартиби ж-а керектүү жабдуулары салыштырмалуу түрдө жөнөкөй; 4) тестти түзүү, жүргүзүү, анализдөө ж-а

жыйынтыгын чыгаруу иштери кабыл алынган эреженин негизинде аткарылат; 5) тестти жеке адам үчүн ж-а группа үчүн дагы колдонууга ыңгайлуу; 6) жыйынтыгы математикалык же статистикалык методдор аркылуу иштетилип чыгат.

**ДИКТАНТ -** (лат. dicto-кайталайм) – окуучуларды адабий тилдин жазуу формасына үйрөтүү үчүн эреже катары пайдаланылган көнүгүүлөр тиби. Д. сөздөрдү, сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү же текстти үн чыгарып окуудан ж-а аларды окуучулардын көчүрүп жазуусунан турат. Окулуп жаткан текстин жазылышына карай Д. толук, форма өзгөртүүчү, тандалып алынуучу, чыгармачылык, эркин болуп бөлүнөт.

Жазуунун формасы б-ча Д. сөз жүзүндөгү ж-а графикалык болуп айырмаланат. Аткарылуучу функциялары б-ча Д. үйрөтүүчү (эскертилүүчү, коментариялоочу, түшүндүрүүчү) ж-а текшерүүчү болуп бөлүнөт. Д-тын түрүн тандап алуу тилдик ж-а кептик материалдарды изилдөөдөгү өзгөчөлүк-төргө жараша аныкталат. Д-тын спецификалык формалары башка окуу предметтерди (мис., чет тилдерин, математиканы, географияны, тарыхты, муз. мектептердин сольфеджио сабактарындагы музыканы) окутууда да колдонулат.

**ДИЛБАЯН -** (сочинение) – автор өз оюн чыг-лык м-н жазуу формасында ишке ашыруу ишмердиги. Д. жазуу илим да, өнөр да болуп саналат. Д. узак жылдардан бери мектеп программасында колдонулуп келе жаткан жазуу ишинин бир түрү, о. эле ал жогорку окуу жайларына кабыл алуудагы билимди өлчөп көрүүнүн да башкы критерийи катары кызмат кылып келген ж-а келүүдө. Д-да – чыгарма, ал ошол чыгарманы жазып аткан автордун пикирин, ички сезимдерин, ой толгоолорун чыгармачылык м-н кагазга түшүрүүлөт. Д. жазуу – текст түзүп, байланыштуу речти өстүрүү үчүн аткарылган окуу ишмердиги, ошол эле кезде, автордун дүйнөсүн, турмуштук позициясын калыптоочу тарбиялоо каражаты ж-а эстетикалык табитти, адабий-коомдук түшүнүктү өстүрүүнүн формаларынын бири. Чыг-лыктын мүмкүнчүлүктөрү абдан ар тараптуу болгондой эле, Д-дын тематикалык, жанрдык, стилдик жактары да чексиз кеңири. Тематикасына карап Д-дар экиге бөлүнөт: биринчиси – адабий-чыг-лык Д-дар, б. а. мында программада өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар өз ойлорун кагазга түшүрүшөт; экинчиси – эркин темадагы Д-дар, мында окуучулар мектептин адабият сабагында атайын өтүлбөгөн, өз алдынча окулган чыгармалардын, же көргөн фильм, спектакль, сүрөттөрдүн, интернет материалдарынын, турмуштан алган таасирлердин негизинде жазышат. Ошондой эле айрым окумуштуулар Д-дардын проблемалык-тематикалык типологиясын үчкө (сочинение-мүнөздөмө; адабий-сын сочинениеси; «эркин» темадагы сочинение) деп да бөлүштүрүп жүрөт. Д-да анын текстинин типтери үч түрдүү болот: а) баяндоо; б) сүрөттөө; в) ой жүгүртүү. Д. жанрлар б-ча да бөлү-нөт. Айталык, орус методисти А. М. Гринина-Земскова Д-дар көркөм, публицистикалык ж-а ил. жанрларда болорун айтса, башка изилдөөчүлөр Д-дын адабий темадагы, эркин темадагы, репортаж, Д.-рецензия, портреттик очерк, салыштырма мүнөздөмө, аннотация, жол заметкалары, аңгеме, фельетон сыяктуу жанрларын белгилешет. Айрымдар Д.-мүнөздөмө, Д.-адабий портрет, Д.-рецензия, Д.-адабий-сын макала, Д.-очерк (же Д.-аңгеме), Д.-эске түшүрүү, Д.-күндөлүк, Д.-ыр деген жанрдык классификацияны сунуш кылат. Кээ бир таланттуу жазылган Д-дарды ар кыл жанрлар аралашып келет, мис., бир эле каармандын образын талдоодо Д. автору мүнөз-дөмөнү да, портретти да, адабий сынды да ж. б. колдоно бериши мүмкүн, мындайда иштин окумдуулугу артып, окуган кишини эриктирбейт. Д. прозалык, поэтикалык, драмалык тексттерде жазылып келе жатса да, кыргыз мектептеринде көбүнчө кара сөз түрүндөгүсү арбын кездешет. Стилине карай көркөм, публицистикалык, ил. стилдерде жазылып жүрсө да, бир топ учурда бул үчөөнүн аралашып, бири-бирин толуктап турганын да көрөбүз. Бир эле Д-дын ичинде көркөм адабий чыгарма, илимдин тили м-н бул же тигил көрүнүштү түшүндүрүүсү, коомдук актуал маселелерди көтөрүп чыгуу кездешет.

Д. инсанды калыптандырууда өзгөчө чоң мааниге ээ. Анда окуучу-автордун же абитуриент-автордун программалык материалдарды өздөштүрүү деңгээли, турмуш б-ча түшүнүгү, адабиятты кабыл алуу табити, логикалык ой жүгүртүүсү, көз карашы, стили, орфографиялык ж-а пунктуациялык сабаттуулугу айкын көрүнөт. Д. аркылуу адам өзүн өзү чагылтат, ички дүйнөсүн ачат, б. а., ишмердиктин бул формасы адамдын өзүн өзү көрүп турууучу күзгүсү болуп саналат. Кыргыз адабиятын окутуу тарыхында Д-ды изилдеген Б. Алымовдун “Жогорку класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн айрым маселелери” (1968) жана “Мектеп сочинениеси” (1982), А. Муратовдун “Сочинение кандайча жазылат?” (1992), С. Рысбаевдин “Окуучунун дилбаяны” деген китептери жарык көргөн.

**ДИНИЙ ТААЛИМ-ТАРБИЯ -** – узак кылымдар бою максаты, мазмуну, иш формалары методдору жагынан ойдогудай уюштурулган пед. система. Ар кандай дин өз үмөттөрүнүн турмушун бекем эреже тартиптердин чегинде уюштурууга умтулат. Алсак, ислам дини беш убак намаз окуу, мечитке баруу диний ырым-жырымдарды так сактоо, ыйык социалдык ж-а ишеним сыяктуу аткаруу ар бир мусулмандын ыйык парзы деп эсептейт. Диний таалим-тарбия дүйнө, аалам, адам ж-а анын ариети тууралуу маселелерди мифтик канондорунун негизинде чечмелейт. Ошондой эле ар бир дин инсанга жеке ж-а коллективдүү таасир этүү, анын рухун агартуунун боорукерлик кайрымдуулукка ыймандык-этикалык маданиятын калыптандыруунун өтө таасирдүү ийкемдүү ыкмаларын иштеп чыгууга жетишкен. Диний таалим-тарбия аркылуу адам психологиясынын законченемдүүлүктөрүн, көмүскө аң-сезимдин табиятын кылдат өздөштүрүү, адамдын эмоциясын, эркин алдыртан бийлеп алуу бардык диний системаларга таандык башкы өзгөчөлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамында мектеп таалим-тарбиясы динден тыш (светский) болушу белгиленген. Бул таалим-тарбия чөйрөсүндө иштеген педагогдордун окуучуларда ил. көз караштарды калыптандыруу, ошол эле мезгилде өз ата-энелеринин ж. б. адамдардын ишенимдерине ызат-сый, толеранттуулук м-н мамиле кылууга тарбиялоо б-ча жоопкерчилигин арттырат. Мектептин милдети – балага объективдүү дүйнөнүн реалдуулугу ж-а аны таанып-билүү мүмкүндүгүн таанытуу, ага ынандыруу, ал эми ар бир адам эрезеге жетип, жашоо тажрыйбасы байыган соң кандай көз карашты тандап алуу өз укугуна кирет.

**ДИССЕРТАНТ -** (лат. dissertans – талдоочу, изилдөөчү) – окумуштуулук даражаны алуу үчүн өзүнүн ил. эмгегин даярдоочу ж-а аны көпчүлүк алдында ачык коргоочу адам.

**ДИССЕРТАЦИЯ -** (лат. dissertatio – талдоо, изилдөө) – окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн даярдалган ж-а изденүүчү тарабынан көпчүлүк алдында ачык корголгон ил. эмгек. Биздин респ-када Д-нын үч түрү кездешет: а) магистрдик Д.; б) кандидаттык Д.; в) докторлук Д. Магистрдик Д-лар ун-ттерде мамл. аттестациялык комиссиялардын жыйынында корголот. Д-лардын темалары, эреже катары, ил. мекемелердин, жогорку окуу жайларынын негизги ил.-изилдөө иштеринин багыттары м-н байланыштырылышы керек, алардын окумуштуу (ил.-техникалык) советтери тарабынан ар бир изденүүчү үчүн ж-а бир эле убакта ил. консультантын (докторлук Д.) же ил. жетекчисин (кандидаттык Д.) дайындоо м-н бекитилет.

Илимдин докторунун окумуштуулук даражасын алууга жазылган диссертация ил. квалификациялуу, илимдин тийиштүү тармагынын адистиги б-ча изденүүчү тарабынан өз алдынча даярдалган, ил. изилдөөнүн негизинде аткарылган эмгек болуп эсептелет ж-а төмөнкү талаптардын бирине жооп бериши керек:

а) ил. жактан негизделген багыттардын өнүгүшүндө маанилүү социалдык-экономикалык, маданий, саясый ж-а чарбалык мааниси бар ил. проблемаларды чечүүнү камтыган жаңы натыйжаларга ээ болуу;

б) ири прикладдык проблеманын чечилишин камсыз кылууда пайдалана турган теориялык жоболорду, эксперименталдык натыйжаларды, алардын жыйындысын, конкреттүү ил. багытты өнүктүрүүдө ири натыйжаларды алуу;

в) маанилүү прикладдык проблеманын чечилишин камсыз кылууда пайдалана турган белгилүү бир тармактар ил. жактан негизделген техникалык, экономикалык же технологиялык чечилиштерди ил.-техникалык прогресске ири салым киргизе турган иштеп чыгууларды ишке ашыруу.

Докторлук Д. коргоого бир же эки адистик б-ча коюлушу мүмкүн. Изденүүчү тарабынан кандидаттык Д-сын коргоого алып чыккандагы ил. жыйынтыктарды ж-а жоболорду докторлук Д-ны коргогондо да алып чыгууга болбойт. Илимдин кандидатынын окумуштуулук даражасын изденүүгө даярдалган Д. изденүүчү тарабынан өз алдынча даярдалган илимдин тийиштүү тармагынын адистиги б-ча же, эреже катары, илимдин докторунун жетекчилиги астында аткарылган квалификациялуу ил. эмгек болуп эсептелет ж-а төмөнкү талаптардын бирине жооп бериши керек:

конкреттүү билимдин тармагы үчүн олуттуу мааниси бар конкреттүү илимий маселени чечкен натыйжаларды алуу;

маанилүү прикладдык милдетти чечүүнү камсыз кылуучу техникалык, экономикалык же технологияларды иштеп чыгууларды камтыган натыйжаларды алуу.

Кандидаттык Д., эреже катары, бир адистик б-ча коргоого коюлушу мүмкүн.

**ДЕФИНИЦИЯ,** а н ы к т а м а – окуп үйрөнүлүүчү объекттин башкалардан айырмаланган орчундуу касиеттерин мүнөздөөгө мүмкүндүк берүүчү логикалык ыкма. Объектти окуп-үйрөнүүнүн натыйжасы тиешелүү түшүнүктөрдө чагылдырылгандыктан, Д-ны ошол түшүнүктөрдүн мазмунун ачык ж-а кыска баяндалышы катары кароого болот. Д. – белгилүү бир логикалык талаптарга-эрежелерге жооп берүүчү сүйлөм же сүйлөмдөрдүн жыйындысы. Кайсы түшүнүккө берилип жатса, ал аныкталуучу, ал эмне аркылуу аныкталса – аныктоочу деп аталат. Д. билимдин эң маанилүү элементтеринин бири болуп эсептелген ил. түшүнүктөрдү окуп үйрөнүүдө маанилүү ролду ойнойт. Ошондукктан окуу процессинде түшүнүктөрдүн аныктамасын ил. жактан тактап, ошол эле учурда жеткиликтүү баяндоо айрыкча мааниге ээ.

**ДЕКАН -** (лат. decanus – он башы) – жогорку окуу жайлардагы факультеттин жетекчиси. Д. факультеттик советтин председатели, ал факультеттеги окуу-тарбия иштерине, ил. иштердин мазмуну м-н сапатына жооп берет.

**ДЕНЕ ТАРБИЯ** – тарбиялоонун жалпы системасынын адамдын ден соолугун чыңдоого ж-а дененин өсүшүнө арналган бөлүгү. Ал нравалык, эстетикалык тарбия ж-а политехникалык окутуу м-н байланыштуу. Д. т. Байыркы Грецияда ж-а Римде өнүккөн. Орто кылымда Францияда Ф. Рабле, М. Монтель Д. т-ны акыл-ой, билим м-н байланышта кароо керек дешкен. Педагог Я. А. Коменский пед. эмгектеринде балдар гигиенасына, тамактануу ж-а ден соолук режимине, оюнга, машыгууларга өзгөчө көңүл бурган.

Орустун алдыңкы педагогдору ж-а коомдук ишмерлери В. Г. Белинский, Н. Г. Чернышевский балдардын Д. т-сына чоң маани берген. Улуу педагог К. Д. Ушинский окуучулардын эске тутуу жөндөмүн өөрчүтүү, чарчаганда эс алуу үчүн Д. т. сөзсүз керек экенин көрсөтүп, аны мектеп программасына киргизүү зарыл деп эсептеген. Мектеп жашына чейинки кенже балдарда Д. т-нын негизи – баланы тазалыкта багуу ж-а туура тамактандыруу. Мектеп жашындагы балдарга Д. т. атайын программа м-н физкультура сабагында ж-а сабактан тышкаркы убакыттарда өткөрүлөт. Д. т-га жогорку окуу жайларында да чоң көңүл бурулат. Анын негизги каражаттары: гимнастика, спорт оюндары, туризм ж. б.

**ДИРЕКТОР** (лат. direktor – багыттайм) – мекеме, ишкана же орто окуу жайлардын жетекчиси.

**ДИСПУТ -** (лат. disputare – ой жүгүртүү, талашуу) – 1. Мектеп окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү ж-а адептик тарбия берүүчү иштердин (класстан тышкаркы) өзүнчө формасы. Окуучулар абдан кызыккан ж-а аларды толкундатуучу актуалдуу маселелер Д. темасы катары тандалып алынат. Д. окуучулардын дүйнөнү таанып билүү б-ча жеке түшүнүгүн кеңейтип, талкуулаган илим тармагына туура түшүнүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. 2. Түрдүү көз караштa болгон окумуштуулар, жазуучулар ж. б. адамдардын ортосундагы талаштар. 3. Ил. даража алуу үчүн диссертация коргоодогу талаштар.

**ДИПЛОМ** (фр. diplome, гр. diploma – эки бүктөлгөн документ) – 1) жогорку же атайын орто окуу жайын бүткөндө же ил. даража, ил. наам ыйгарууда берилүүчү официалдуу документ; 2) мекеменин, уюмдун же жеке адамдын белгилүү бир ишти аткарганга укуктуу экенин күбөлөндүрүүчү документ; 3) ар түрдүү конкурстарда, мелдештерде, көргөзмөлөрдө ж. б. ийгилиги үчүн берилүүчү сыйлык.

**ДИПЛОМДУК ИШ -** – жогорку, атайын орто окуу жайларды бүтү-рүүчүлөрдүн айрым адистиги б-ча аткарылган ил. ишинин жыйынтыгын мүнөздөгөн корутунду иши. Д. иштин максаты – окууну бүтүрүүчүлөрдүн атайын теориялык билимин, практикалык иштерин системага келтирип, жыйынтык чыгаруу же текшерүү. Д. и. студенттин өз алдынча ил.иш аткарууга жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт ж-а мамл. атайын экзамен комиссияларынын отурушунда корголот.

**ДИСТАНТТЫК БИЛИМ -** – билим берүү кызматындагы жаңы комплекси, аралыктан туруп билим берүүнүн негиздерин калктын калың катмарына жеткирүү.
**ДИСТАНТТЫК ОКУТУУ** (аралыкта туруп окутуу) – окутууну жайылтуудагы жаңы ыкма. Жаңы информациялык ж-а телекоммуникациялык технологиялар м-н окутууга негизделген «аралыкта туруп окутуу» окуучу м-н окутуучунун жеке, түздөн-түз байланышуусу болуп саналат.
**ДИСТЕРВЕГ** Фридрих Адольф Вильгельм (1790–1866) – немец педагогу, философия илимдеринин доктору (1920). 1812–20-ж. Германиядагы үлгүлүү мектеп-гимназиясында физика ж-а математика сабагын, Мёрсто (1820–32), Берлинде (1832–47) мугалимдер семинариясынын директору ж-а педагогика, математика, немец тилинен окуткан. 1827–1866-ж. «Рейн баракчалары» пед. журнал чыгарган, анда өзүнүн 400 макаласы жарык көргөн ж-а элдик мектепке өзгөчө көңүл болгон. 1831–41-ж. Берлинде 4 мугалимдер коомун түзгөн. 1848-ж. Жалпы немецтик мугалимдер коомунун төрагасы болуп шайланган. 1850-ж. мамл. кызматтан мажбурлап кетиришкен. 1851-жылдан баштап «Педагогический ежегодник» аттуу жыйнак китеп чыгара баштаган.

Д. тарбиялоонун жалпы адамзаттык идеясын жактаган. Мектептин милдети деп «чыныгы пруссактарды» эмес гумандуу ж-а аң-сезимдүү атуулдарды тарбиялоону тааныган. Д. 20 окуу китептин, математика, немец тили, табият таануу, география, астрономия б-ча колдонмолордун автору. Ал «Немец мугалимдери үчүн колдонмо» аттуу белгилүү эмгегинде; педагогика жана дидактиканын жалпы маселелерине, жеке предметтерди окутууга көңүл бөлгөн. Бул китеп 1913-ж. кыскартылып, 1956-ж. кеңейтилген түрдө орус тилине которулуп, «Немец мугалимдери үчүн колдонмо» деген ат м-н жарыкка чыккан. Д.тарбиялоо практикасы үчүн табиятка шайкештик, маданий шайкештик ж-а өз алдынча ишмердиктин принциптерин сунуш кылган. Д. окутуунун принциптерин конкреттештирүү аркылуу чечмелеген, Я. А. Коменскийдин «Жакындан алыска карай», «Жөнөкөйдөн татаалга карай» ж. б. эрежелерин алгачкы жолу психологиялык жаткан негиздеген: ал окуу материалын ийгиликтүү өздөштүрүүнүн шарты анын жеткиликтүүлүгү, аны жүзөгө ашыруу мугалимдин ыкласына, аракетине байланыштуу деп эсептеген.

Д-дин пед. идеялары Германиянын чегинен алыс өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да кеңири белгилүү.
**ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯЛАНГАН ОКУТУУ -** – окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу шартындагы окутуу. Жалпы билим берүүчү мектептерде бардык балдар бирдиктүү окуу пландары, бирдиктүү окуу программалары, бирдиктүү окуу китептери ж-а бирдиктүү окуу куралдары м-н окутулат. Бирок алардын тубаса жөндөмдүүлөктөрү, кызыкчылыктары, өсүү деңгээли, турмуштук пландары ар башка. Башталгыч класстарда алардын мындай айырмачылыктары анча кескин түрдө байкалбаса да улам барган сайын дааналанып, айырмалана баштайт. Ошондуктан жогорку класстарда бүткүл класс м-н иштөөдө ал айырмачылыктарды эсепке алуу кыйындай берет да, белгилүү класстан баштап бүткүл балдарды алардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуусуз бирдей окутуу пед. жактан максатка ылайык келбей калат. Ошентип, окутуу процессинде окуучулардын жекече же алардын бир нечесинин группалык өзгөчөлүктөрү эсепке алынгыдай шарттарды изденүү проблемасы келип чыгат. Окуучулардын типтүү айырмачылыктарын эсепке алуу м-н мүнөздөлүүчү окуу-тарбиялык процесс дифференциацияланган процесс деп, ал эми мындай процесстеги окутуу болсо Д. о. деп аталат. Окутууну дифференциациялоо – дидактиканын эң негизги проблемаларынын бири, анткени, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алып, алардан толук пайдаланган кезде гана окутуунун билим берүүчүлүк жана тарбиялоочулук гана эмес, анын балдарды жалпы өнүктүргүч потенциалынын жогорку эффектине жетишүүгө болот. Окутууну дифференциациялоо б-ча эки түрдүү түшүнүк бар: тышкы дифференциациялоо ж-а ички дифференциациялоо.

Тышкы дифференциациялоодо окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу үчүн алар атайын Д. о. топторуна бөлүштүрүлөт: атайын класстар, ал гана эмес атайын мектептер түзүлөт.

Ички дифференциациялоодо окуучулардын жекече өзгө- чүлүктөрүн эске алуу мугалимдин кадимки эле класста иштөөсүн- дө ишке ашырылат.

Окутууну тышкы дифференциациялоонун төрт түрү бар:

окуучулардын жөндөмдүүлүктөрү б-ча;

жөндөмсүздүктөрү б-ча;

алардын келечекте ээ боло турган адистигинин долбоорлонушу б-ча;

алардын кызыгуулары б-ча дифференциациялоо.

Биздин коомдо орто мектепте окутууну дифференциациялонун биринчи ж-а экинчи түрү колдонууга ылайыксыз, ал эми үчүнчү ж-а төр-түнчү түрлөрү болсо ылайыктуу ж-а алар кеңири таралган.

Тышкы дифференциациялоону ишке ашыруунун мүмкүн болгон формалары катарында төмөндөгү-лөрдү көрсөтүүгө болот:

– окуучулардын ыктыярдуулугу м-н тандалып алынуучу факультативдик сабактарды уюштуруп өткөрүү;

– бир катар окуу предметтерин тереңдетип үйрөнүүнүн класстарын уюштуруу;

– атайын мектептерди (физика жана математикалык, физика ж-а химиялык, физикалык, химия ж-а биологиялык, гуманитардык ж. б.) уюштуруу.

Булардын ар биринин өзүнчө артыкчылыктары ж-а кемчиликтери бар.

Ички дифференциациялоонун мааниси төмөндөгүчө баяндалат:

Окуу программаларынын мазмунунун бирдиктүүлүгү окуу процессинде окуучулардын бардыгына тең бирдей проблемаларды сунуш кылууну талап кылат. Мына ушунун өзү мугалим үчүн эң эле татаал дидактикалык маселе болуп эсептелет, анткени класстагы окуучулардын туюнуп–билүүлөрүнүн өсүшү ж-а туюнуу тажрыйбаларынын деңгээли эң эле ар түрдүү: кээ бир окуучулар коюлган проблеманы өз алдыларынча түшүнүп чыгара алышат, экинчилерине болсо

ошол эле проблеманы алар үчүн жеткиликтүү болгудай кылып майдалап берүүгө туура келет, үчүнчүлөрүнө проблеманы чыгаруунун жолун, планын толук түшүндүрүп көрсөтмөйүнчө алар ойлонуп эмгектенүүгө киришишпейт ж. б.

Ойлонуп эмгектенүүнүн темпи б-ча да окуучулар бири-биринен өтө айырмаланышат: күчтүү окуучулар начар окуучуларга караганда окуу материалын үч эсе тез кабыл алып түшүнүшө тургандыгы белгиленген. Ошого карабастан, практикада мугалимдер окутуунун темпин кээ бир чындыкта жок «орточо» окуучунун темпине ылайыктап уюштурат. Мына ошол орточо темп бүткүл класстык жамааттын ишинин ритми катарында, о. эле ар бир окуучунун ишинин да критерийи катарында кабыл алынат. Мындай шартта тез ойлонуп иштөөчү күчтүү окуучулар толук өсүп-өнүгө алышпайт, алардын өсүшү жасалма түрдө токтотулат. Ал эми жай ойлонуп иштөөчү балдар болсо орточо темпке жетише албай, материал үй-рөнүлө баштагандан бир аз убакыттан кийин эле коллективдик ритмден чыгып, мугалимдин ж-а окуучулар коллективинин башкаруусуна камтылбай калат. Ошондуктан мындай окуучулар кээде өздөрүн ойлонуп эмгектенүүгө жөндөмсүзмүн, демек, толук баалуу эмесмин деген сыяктуу натура ойго келиши ыктымал. Чындыгында мындай окуучулардын көпчүлүк сабактардан алуучу «2» ж-а «3» деген баалары алардын ишинин темпин гана мүнөздөйт, бирок, ал баалар эч убакта алардын туюнуп билүү мүмкүнчүлүктөрүн мүнөздөй албайт. Тилекке каршы, мектеп практикасында жай ойлонуп иштөөчү окуучуларды кээде сабакты билбеген окуучуларга теңешет, мугалимдер мындай окуучуларды көп учурда жалкоолонуп, жакшы окугусу келбеген окуучулардай эсептешет.

Жай ойлонуп эмгектенүүчү окуучулардын нормалдуу иштөөлөрүнө шарт түзүү максатында өлкөбүздүн айрым алдыңкы мугалимдери төмөндөгүдөй чараларды көрүшөт. Бирдей эле өлчөмдөгү тапшырманы чыгаруу үчүн жай ойлонуп иштөөчү окуучуларга кошумча убакыт беришет. Мис., математика, физика ж. б. сабактар б-ча контролдук иштерди өткөрүүдө аларга кошумча убакыт беришет же оозеки суроолорго жооп берүү үчүн да башкаларга караганда аларга убакытты көбүрөөк сарп кылышат ж. б. Бирок, берилген кошумча убакыт үчүн аларга коюлуучу балл төмөндөтүлбөйт. Жай ойлонуп иштөөчү окуучуларга мугалим башкаларга караганда тез-тез жардам берет, алар мыкты окуган алдыңкы окуучулардын жардамынан да пайдаланышат, аларга ар түрдүү маалыматтар б-ча справка берүүчү кошумча адабияттардан кеңири пайдаланууга уруксат берилет. Бирок, мына ушул жардамдардын көрсөтүлгөндүгүнөн алардын билиминин бааланышы эч төмөндөтүлбөйт, б. а. алардын билимине баа коюуда көрсөтүлгөн жардамдар ж-а жеңилдиктер эсепке алынбайт. Мында мугалим үчүн эң негизгиси анын жай ойлонуп иштөөчү окуучусу класска коюлган проблема кандайча чыгарыла тургандыгына түшүнүп эмгектене башташы болуп эсептелет.

Ошентип, кадимки класста окутууну дифференциациялоодо окуучуларга сунуш кылынуучу проблема дифференциацияланбайт, проблема бүткүл класс үчүн жалпы бирдей, анткени, куу программасы бардык окуучу үчүн бирдей милдеттүү талап кылынат, мында төмөнкү үч нерсе дифференциацияланат:

1) окуучулардын ишинин мазмуну дифференцирленет (проблеманы чыгарууга киришсин үчүн алардын ар кимисине ар кандай деңгээлдеги жардамдар көрсөтүлөт, жалпы проблема майдаланып берилет же аны чыгаруунун планы, жолу көрсөтүлөт ж. б.).

2) бирдиктүү жалпы проблеманы чыгарууга ар бир окуучунун зарыл түрдө минималдуу сарп кылуучу убактысы дифференциацияланат (жай ойлонуп иштөөчүлөргө кошумча убакыт берилет ж. б.).

3) окуучулардын изденүүлөрүнүн натыйжаларын эсепке алып баалоо дифференциацияланат (эгерде күчтүү окуучу жалкоолонуп жардам алса, анда көрсөтүлгөн жардам үчүн анын баллын кемитүүгө болот, ал эми алы жетпегендиктен муктаж болгон окуучуга көрсөтүлгөн жардам үчүн анын баллы кемитилбейт ж. б.).

**ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ - .** Сабакты окуучулардын окуу мүмкүнчүлүктөрүнө жараша дифференциациялаштырып уюштуруунун ар түрдүү ыкмалары бар: мис., окуучуларга тапшырманы эки формада (төмөндөөчү кыйындыкта ж-а жогорулоочу кыйындыкта) сунуш кылуу.

1-формадагы төмөндөөчү кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска туюнуп-билүү маселесинин бир кыйла татаал варианты (мис., формуланы чыгаруу, теореманы далилдөө ж. б.) сунуш кылынат. Мыкты окуган күчтүү окуучулар тапшырманы өз алдынча чыгарууга киришип эмгектенишет. Бул убакта тапшырманы өз алдынча чыгара албагандар үчүн мугалим маселенин чыгарылыш жолун түшүнүүгө жардам берүүчү жалпы баяндама берет. Натыйжада дагы бир катар окуучулар өз алдынча иштөөгө киришет. Андан кийин да жардамга муктаж болгондорго мугалим дагы бир жолу жалпы көрсөтмө берет. Ошондон кийин да тапшырманы аткарууга кирише албаган болсо, анда мугалим аларга чыгарылыштын рационалдуу планы жазылган карточканы сунуш кылат. Натыйжада бүткүл окуучулар берилген тапшырманын чыгарылышын изденүү процессине катышып эмгектенишет.

2-формадагы жогорулоочу кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска жеңил аткарылуучу тапшырма сунуш кылынат. Бул тапшырманы баарынан мурда туура аткаргандарга эми мурункудан кыйыныраак тапшырма сунуш кылынат. Бул убакытта мугалим артта калган окуучуларга тиешелүү жардам көрсөтүп, алардын ишин башкарат. Эң акырында, даярдыктары эң мыкты окуучуларга жогорку татаалдыктагы тапшырма берилет.

Сабакта окуучулардын өз алдынча иштөөсүн камсыз кылып жекечелештирүүнүн мындай формаларынын баалуулугу – учурда мугалим тигил же бул окуучунун даярдыгынын деңгээлин атап көрсөтпөйт, ар бир окуучу тапшырманы өз ыктыярынча тандап алат. Бирок, бул үчүн ар бир окуучу өзүнүн окуу мүмкүнчүлүгүн сунуш кылынуучу жумуштун кыйынчылык даражасына ылайыктай билүүсү зарыл. Окутууну дифференциациялоо максатында даярдыктары төмөн болгон окуучулар үчүн жалпы материалды кайталап түшүндүрүү ж-а ошол эле убакта ошол тема б-ча даярдыктары мыкты окуучулардын өз алдынча эмгектенүүлөрүн татаалдаштыруу ыкмасы колдонулат. Мындай тажрыйбанын мааниси төмөндөгүчө:

Сабактын башталышында жаңы материалды бүткүл класс фронталдуу үйрөнөт. Даярдыктары мыкты окуучулар жаңы материалдын мазмунун толук түшүнүп кабылдаган сайын аларга мугалим улам өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар берип коёт (китеп м-н иштөө, көнүгүүлөрдү аткаруу ж. б.) да, өзү жаңы материалды калган окуучулар м-н иштеп

чыгуусун улантат. Материалды орто окуган окуучулар да түшүнүп кабыл алгандыгына ишенгенден кийин мугалим аларга да өз алдынча иштөөгө тапшырмалар берип коюп, өзү бул учурда даярдыктары начар окуучулар м-н иштөөсүн улантат. Жаңы материалды начар окуучулар да түшүнүп кабыл алышкандан кийин мугалим эми буларга өз алдынча иштөөгө тапшырма берип коёт да, бул учурда ал мыкты ж-а орто окуган окуучулардын өз алдынча иштеринин натыйжаларын текшерип чыгат. Сабактын аяк чонинде ар бир группадагы окуучулардын өкүлү өзүнүн ишинин натыйжасын окуйт, бул учурда калган окуучулар тигил же бул формада аткарылган жумуштун тууралыгын текшерүүгө катыштырылат. Натыйжада бардык тапшырмалар класстагы бүткүл окуучулар тарабынан иштелип чыгат.

Өлкөбүздүн алдыңкы мектептеринде сабакты дифференциациялап уюштуруунун төмөнкүдөй формалары да кеңири практикаланат:

1) жаңы материалдын негизги мазмуну 15–20 минута ичинде бүткүл окуучуларга фронталдуу баяндалат. Андан кийин күчтүү окуучуларга же күчтүү ж-а орто окуучуларга баяндалган материалды сезимдүү түрдө ойлонуп чыгуу ж-а аны тереңдетүү б-ча өз алдынча иштөөгө тапшырмалар берилет. Бул учурда (8–10 минута) мугалим материалды калган окуучуларга фронталдуу түшүндүрүүсүн улантат.

Сабактын андан кийинки этабында мугалим акыркы группадагы окуучуларга өз алдынча иштөөгө тапшырма берет да, өзү бул учурда (8-10) минута биринчи ж-а экинчи группалардагы окуучулардын өз алдынча иштеринин жыйынтыктарын анализдеп чыгат, аларды өздөштүрүлгөн материалды фронталдуу жалпылоого даярдайт. Андан кийин материал 3-5 минута ичинде фронталдуу жалпыланып бекемделет, бышыкталат, системалаштырылат.

2) кээде дифференциациялоонун мындай формасы да колдонулат: сабактын башталышында, адегенде 2–3 минута ичинде өтүлө турган темага ылайык жүргүзүлө турган иш б-ча бардык окуучуларга фронталдуу жалпы инструктаж берилет. Андан кийин өтүлө турган жаңы материалды активдүү кабыл алууга даярдануу үчүн мыкты окуган окуучуларга өз алдынча иштөөгө тапшырмалар берилет. Бул учурда (15–20 минута) мугалим орто ж-а начар окуган окуучулар м-н иш жүргүзүп, аларды эми жаңы өтүлүүчү материалды туура түшүнүп кабыл алууга даярдайт, ошентип окуучулардын бардыгы даяр болушкан соң жаңы материал фронталдуу үйрөнүлөт, бул 15–20 минутага созулат.

3) дифференциациялоонун үчүнчү формасында мугалимдин тапшыруусу б-ча даярдыктары мыкты окуучулар жаңы өтүлүүчү материалды үйлөрүнөн өз алдынча даярданышат да, сабактын башталарында алар эле өз алдынча иштешет. Бул учурда мугалим класстагы калган окуучулар м-н иш жүргүзүп, жаңы билимдерди алууга аларга жардамдашат (15–20 минута). Андан кийин жаңы материалды тереңдетүү ж-а бышыктоо б-ча варианттатлган тапшырмалар аркылуу өз алдынча иш өткөрүлөт (15–20 минута). Эң акырында өтүлгөн материал фронталдуу түрдө жалпыланат да, варианттар б-ча үйгө тапшырмалар берилет.

Эң күчтүү окуучуларга дилбаяндын темасы гана берилет; андан кийинки группадагы окуучуларга дилбаяндын темасы ж-а планы кошо берилет;

андан кийинки группадагы окуучуларга дилбаяндын темасы, планы ж-а таяныч тексттер ж-а кээ бир сүрөттөр кошо берилет ж. б.

Кыскасы, окуучулар өздөрүнүн окуу мүмкүнчүлүктөрүнө (окуй алуу), жөндөмдүүлүктөрүнө жараша программалык ар бир теманы ар түрдүү деңгээлде, ар түрдүү көлөмдө окуп үйрөнө алат:

1. Күчтүү окуучулар окуу китебинен башка да кошумча ил.-популярдуу адабияттардан пайдаланышат, демек, алар берилген тема б-ча билимдерин өз алдынча тереңдетишет.

2. Башкалары окуу китептеринен ж-а андан тышкары дагы башка окуу колдонмолорунан пайдаланышат, демек, алар берилген тема б-ча билимдерин өз алдынча бир кыйла даражада кеңейтишет.

3. Үчүнчүлөрү жалаң окуу китебинен пайдалануу м-н гана чектелишет, демек, алар берилген тема б-ча минималдуу милдеттүү болгон билимди алуу м-н гана чектелишет, аны өз алдынча тереңдете да, кеңейте да алышпайт.

4. Төртүнчүлөрү класста угуп көргөндөрү м-н гана чектелишет, алар окуу китебин да талаптагыдай окуп пайдаланышпайт, демек, алардын берилген тема б-ча билинер-билинбес гана түшүнүгү болот.

Мунун өзү ар бир тема б-ча тапшырмаларды түрдүү группадагы окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыктап камдап алып, окутууну алардын ар бири сөзсүз эмгектенгидей түрдө уюштуруп өткөрүүнү зарыл түрдө талап кылат.

**ДҮЙНӨТААНУУ** (мировоззрение) – инсандын айлана-чөйрөдөгү, жаратылыштагы, коомдогу, бир нерсени таанып-билүүдөгү кубулуштарга, адамдын коомдогу ордуна, милдетине, жашоо маңызына, максатына ж. б. уюткулуу түшүнүктөрү ж-а көрө билүүсү ж-дөгү системалуу көз карашынын жыйындысы.

**ДОКТРИНА** - (лат. doctrina – үйрөтүү) – ил. же философиялык теория, система. Анда кээ бир ишмердиктин (саясый, билим берүү, мамлекеттин ж. б.) негизги, орчундуу көз караштарынын, принциптеринин жыйындысы чагылдырылат. Мис., билим берүү Д-сы, мамлекет Д-сы, ил. Д. ж. б.).

**ДОЦЕНТ** - (лат. docens – окутуучу, үйрөтүүчү) – жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ил. наамы же ээлеген кызматы. Россияда Д. наамы 1863-ж. киргизилген (магистрлик даражасы бар мугалимдерди Д. дешкен). Биздин мамлекетибизде Д. наамы жогорку окуу жайынын окумуштуулар кеңешинин сунушу б-ча сынактан өткөн илимдин докторлоруна, кандидаттарына жогорку аттестациялоо комиссиясы тарабынан берилет. Кээде жогорку окуу жайында иштеген атайын пед. стажы, жарык көргөн ил. эмгектери, ойлоп табуучулары бар ил. даражасы жок жогорку квалификациялуу эл чарба адистерине да Д. наамы ыйгарылат.

**ДЬЮИ ДЖОН** - (1859–1952) – америкалык философ, психолог ж-а педагог. Мичиган (1884–1894), Чикаго (1894–1904) ж-а Колумбия (1904–1930) ун-ттеринин профессору. Логика тармагында прагматикалык методологияны, прагматизмдин жаңы варианты катары "инструментализмди" иштеп чыккан. Д-нин пикири б-ча таалим-тарбия эркин экономика шартында ар кандай кырдаалдарга ыңгайлаша билген инсанды тарбиялоого багытталышы зарыл. Ал мектеп системасындагы билимге ээ болуу сапатына каршы баланын өзүнүн жеке тажрыйбасына өз алдынча практикалык

ишмердигине негизделген «жасап көрүп үйрөнүү» моделин сунуш кылган. Анын пед. теориясы XX к-дын биринчи жарымына чейин Америкада, о. эле бир катар Европа мамлекеттеринде өтө кеңири популярдуулукка ээ болгон.

**ЖАЛПЫ БИОЛОГИЯ -** X–X1 класста окутулат. Бул предметте тиричиликтин негизги законч_енемдүүлүктөрү, организмдин жекече ж-а тарыхый өрчүшү, биологиялык процесстердин механизми ж-дөгү окуу молекулалык ж-а клеткалык деңгээлде берилет. Ошондой эле тукум куучулуктун, белоктун биосинтезинин закондорунун чарбада колдонулушу окутулууда. Бул предмет мектептерде 1963-жылдан баштап окутулат. Ал 1939-жылдан тартып окутулуп келе жаткан дарвинизмдин ордуна киргизилген. Ж. б. курсу 6, 7, 8, 9-класстарда окутулган биология б-ча илим фактгарга теориялык негиз берип, алардагы жалпы закончөнемдүүлүктөрдү корутундайт.

**ЖАЛПЫ ДИАГНОСТИКАЛЫК ТЕСТТЕР - –** сыналуучунун жалпы акыл өнүгүш деңгээлин ченөөгө багытталган. 1. Сезүү органдарына (көрүү, сезүү, туюу). 2. Акыл жөндөмүнө (эске сактоо, логикалык ой жүгүртүү). 3. Кыймыл жөндөмүнө (күчү, реакция ылдамдыгы, тактыгы, ж. б.). 4. мүнөзүнө ж-а темпераментине (өз алдынчалуулук, чечкиндүүлүк ж. б.). Кийинчерээк Ж. д. т-дин пед. багыты негизделип, окуучунун оозеки эсептөө аракеттерин, кенже окуучулардын айрым сөздөрдү окуу ж-а жазуу ылдамдыгын аныктоо максатында колдонулган.

**ЖАЛПЫГА МИЛДЕТТҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ -** (всеобщее обучение) - мыйзамдарда аныкталган көлөмдө ар бир баланын (белгилүү куракка чейин) акысыз билим алуусун камсыз кылуу үчүн мектепте ж. б. уюштурулган таалим-тарбия иши. Кээ бир мамлекеттерде капиталисттик өндүрүштүн сабаттуу жумушчуларына ж-а рев-ялык кыймылдардын талаптарына ылайык Ж. м. б. б. XIX к. башында эле жарыяланган. Мамл. бийлик Ж. м. б. б. мыйзамдык эрежелерге багындыруу гана м-н мектептердин мазмунуна ж-а аны куруууга акча каражаттарын дайыма эле мыйзамдаштырышкан эмес. Ушундай мамилелер мыйзамдык аракеттердин (ант) көп жылдап ишке ашуусуна алып келсе, кээ бир мамлекеттерде ал маселенин такыр эле ишке ашырылбасына таасир эткен. Ошондой эле кээ бир мамлекеттерде бүгүнкү мезгилге чейин балдарды окутууга шарттын жоктугу (ата-энелердин же жетекчилердин, атуулдардын жашоо шартынын начардыгы) да тоскоол бойдон калууда. Ж. м. б. б. 1952-ж. АКШда (бардык штаттарында эмес) кабыл алына баштаса, ал эми Англияда 1880-ж., Францияда 1882-ж., Японияда 1879-ж. кабыл алынган. Германия м-н Скандинавия өлкөлөрүндө Ж. м. б. б. ж-дөгү мыйзам алардан эртерээк кабыл алынганы маалым. Өнүккөн капиталисттик мамлекеттерде Ж. м. б. б. узактыгы же мөөнөтү 6 жаштан 10 жашка чейин эле белгилениши, ошол мезгилдеги балдардын ж-а жаш өспүрүмдөрдүн эмгегинин кеңири чөйрөдө колдонулушу, б. а. өндүрүштүн балдардын жумушчу күчүнө болгон кызыгуусу да себеп болгон. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин, өзгөчө XX к-дын 30-ж. баштап өнүккөн өлкөлөрдөгү экономикалык кризистин себептеринен улам Ж. м. о. мөөнөтү же узактыгы узартылып, эмгекчилердин балдарынын жумушка кирүүсүн кечеңдетип, натыйжада жумушсуздуктун санын кыскартууга болгон аракеттерди да түшүнсө болот эле. Ошондой эле окутуу мөөнөтүнүн узарышы мектептин балдардын саясый жактан калыптанышына таасиринин күчөшүнө да шарт түзгөн. Мектептердеги окутуу мөөнөтүнүн узарышы окуучулардын көпчүлүк бөлүгүнүн билим алуусунун сапатын ж-а деңгээлин жакшыртуу дегенди түшүндүрбөйт. Мис., АКШда окуу мөөнөтүнүн узартылышы ж-а орто мектептердеги окуучулардын санынын көбөйүшү көпчүлүк окуучулардын жалпы маалыматтык даярдалыш сапатынын начарлашына алып келген. Ошондой кээ бир мамлекеттерде Ж. м. б. б. ж-дөгү мыйзамдарда балдардын жаш курактары чектелип көрсөтүлсө, кээ бир мамлекеттерде (экономикалык жактан начар өнүккөн) ал мыйзамдар салтанаттуу түрдө жарыяланып, аны ишке ашыруучу негизги шарттардын бири мектептердин жетишсиздиги башкы себептерден болуп келди.

Улуу Окт. рев-ясынан кийин коммунисттик партия м-н совет мамлекети Ж. м. б. б. өлкөнүн эң башкы милдеттеринин бири деп жар салып, 1932-ж. милдеттүү башталгыч билим берүү (I–IV кл.), ал эми 1933-37-жылдарынын аралыгында ш-ларда, жумушчу посёлокторунда, бир катар р-ндордо жети жылдык билим берүү ишке ашырылат. 1938–42-ж. үчүн Ж. м. б. б. кийинки деңгээли, б. а. ш-ларда орто билим берүү, ал эми айыл-кыштактарда жети жылдык билим берүүнү ишке ашыруу пландаштырылып, Улуу Ата Мекендик согуштун кесепетинен ал план ишке ашпай калган, он миңдеген мектеп имараттары кыйроого, талкаланууга учурап, аларды калыбына келтирүү, жалпыга милдеттүү жети жылдык билим берүү 1950-ж. гана аяктаган. Совет мамлекетинин социалдык-экономикалык өнүгүшү Ж. м. б. б. кийинки баскычтарга жогорулатууга мүмкүндүк түздү. Мурунку СССРде жалпыга милдеттүү орто билим берүү 1970-ж. толук ишке ашырылып, Ж. м. б. б. ишке ашырылышын окуучулар жашаган жерлерде мектеп иштерин уюштуруу ж-а алыскы тоолуу р-ндордо жашаган калк ж-а мал чарбасында эмгектенген адамдардын балдары үчүн мектеп жатаканаларын же алыс жашаган балдар үчүн атайын транспортторду уюштуруу, мектептерге квалификациялуу мугалимдерди топтоо, мектептерде окуучуларды өз эне тилинде окутуу; окутуунун акысыз болуусу, жеткиликтүү баада окуу китептери ж-а жазууга тиешелүү каражаттары м-н жабдуу, жардамга муктаж болгон окуучуларга материалдык жардам берүү, элдин жашоо-турмушун жогорку материалдык деңгээлге жеткирүү, окууга тийиш болгон балдардын так эсебин алуу ж-а алардын окууга катышуусун текшерүүнү (көзөмөлдөөнү) камсыз кылынат. Ж. м. б. бдө психо-физиологиялык жактан (кулагы, көзү ж. б.) толук өсүп-өнүкпөгөн балдар үчүн атайын түзүлгөн мектептердин болушун да талап кылат.

**ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ -** – техникалык изилдөө, ЭЭМдин жардамы м-н адамдагы мүмкүнчүлүктү күчөтүү.

Учурда адамдын Ж. и-тин өнүктү-рүү проблемасына ЭЭМ эксперт катары аныкталган областтагы башкаруунун тапшырмалары, автомашинанын багыты, порттун иштөөсү, теореманын далилдениши, образдын калыптануусун таанып-билүү, шахмат оюндары ж. б. саналат.

Ж. и. информатиканын бир бөлүгү катары математиканын жетишкендиктерин, логиканы, психологияны, физиологияны, кибернетиканы, лингвистиканы, биониканы колдонот. Учурда адистердин көңүлүндө Ж. и-ке робототехниканын пайда болушу, системалоо программасынын курулушу, адамга тапшырманы аткарууда ж-а башкарууда жардам берүү кирет.

**ЖАТАКАНАЛУУ МЕКТЕП - ,** м е к -т е п и н т е р н а т (лат. интернус – ички) – жалпы билим берүүчү мектептердеги жатакана. Кыргызстанда 1960-жылдардын башында ачыла баштаган Ж. м. ар кыл категориядагы балдар үчүн курулушу

мүмкүн, алар жетимдер, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары, дене бой ж-а акыл жагынан аялуулар, ар кыл жагдайлардан улам мамлекеттин жардамына муктаж болгондор, о. эле балдардын мектепке келиши оор болгон татаал аймактарда жашагандар кирет.

Ж. м. мамлекеттин же жеке сектордун эсебинен каржыланышы мүмкүн. Мектептин ж-а мектептен тышкаркы тарбиянын функциясын аткарат.

**ЖАТТОО -** – билим берүү процессиндеги окуу материалын эске тутуп калуунун ж-а аны бышыктоонун бир түрү. Ал материалды кайра-кайра кайталоо аркылуу ишке ашат. Ж. ырларды, грамматикалык эрежелерди, кошуунун ж-а көбөйтүүнүн жадыбалдарын үйрөнүүдө колдонулат. Ж. окуучунун активдүү иш-аракетинен, алган билимин пайдалануу процессинде жүргүзүлүүсү ылайык. Ошондо гана окуу материалы өзүнөн-өзү (непроизвольно) эсте калат. Ал эми түшүнбөстөн куру Ж. эске тутуу процессиндеги натыйжасыз бир иш катары каралат.

**ЖАҢЫ ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР** – информациялык технологиялар, коомдогу информатизациялык каражаттарды таратуудагы акыркы жетишкендиктер, о. эле электрондук эсептөө техникасы, информациялык-телекоммуникациялык система, жасалма интеллекттин методдору.

**ЖАҢЫЧЫЛ САБАК -** – бул окутуунун жаңычыл элементтерин (максаты, мазмуну, методдору, окутуунун каражаттары ж-а формалары б-ча) камтыган ж-а анын талаптарына жараша ж-а жаңычыл технологияларга (оюн, өнүктүрүүчү, түрдүү деңгээлдүү, модулдуу ж. б.) таянылып өтүлгөн сабак.

**ЖАШЫ ЖЕТПЕГЕНДЕРДИН ИШТЕРИ БОЮНЧА КОМИССИЯ -** – мектептен сырткары калган «көчө балдары», «базар балдары» м-н иштөө ш-дык, р-ндук, обл. ички иштер башкармасынын алдында б-ча юристтерден, мугалимдерден, психологдордон, врачтардан, ж. б. коомчулук өкүлдөрүнөн түзүлүп, атайын таалим-тарбия иштерин жүргүзүү милдетин аркалаган уюм. Бул комиссиянын чечими б-ча балдарын карабаган, аларды туура эмес тарбиялаган граждандарды ата-энелик укуктарынан ажыратып, алардын ордуна башка кам көрүүчү адам дайындоо алат, алар ж-дө сот органдарына жолдомо даярдалат же мамлекеттин атайын таалим-тарбия мекемелерине жөнөтүлөт.

**ЖОГОРКУ БИЛИМ** – системалаштырылган билимдердин ж-а практикалык көндүмдөрдүн биримдиги. Ж. б. илимдин, техниканын ж-а маданияттын акыркы жетишкендиктерин колдонуу ж-а чыгармачылык м-н өнүктүрүү аркылуу даярдык профили б-ча теоретикалык ж-а практикалык маселелерди чечүүгө жардам берет. Ж. б. термини о. эле экономика, илим, техника ж-а маданият тармактары б-ча жогорку квалификациядагы адистерди даярдоо дегенди түшүндүрөт.

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ - .** 1932-, 1936- ж-а 1954-ж. кабыл алынган жогорку ж-а орто билимдүү кесип ээлерин даярдоонун сапатын жакшыртуу б-ча токтом кабыл алынгандан кийин, жогорку окуу жайларындагы айрым кемчиликтер жоюлган (профилдер кеңейтилген, жалпы теориялык даярдык жакшыртылган, предметтердин саны азайтылган, өндүрүштүк практика жакшыртылган). Жогорку окуу жайлары эл чарбасынын бардык тармактары, мамл. аппарат, маданият ж-а коомдук турмушта иштөө үчүн жогорку квалификациялуу кесип ээлерин даярдайт. Мектепти турмуш м-н байланыштыруу ж-а элге билим берүү системасын өнүктүрүү законунда Ж. к. б. б. турмушка, өндүрүшкө жакындатылган илимдин ж-а техниканын жетишкендиктерине ылайыктуу кесип ээлерин даярдоонун теориялык деңгээлин жогорулатуу талабы коюлган. Билим берүүнү практика м-н байланыштыруу жогорку окуу жайларынын профилине, студенттердин составына ж-а регионалдык ж-а улуттук өзгөчөлүгүнө жараша болот. Жогорку окуу жайына кабыл алууда, практикалык стажы бар абитуриенттерге жеңилдик берилген. Окуу жайларынын кечки ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү ачылган. Жогорку билимдүү кесип ээлерин даярдоо химиялык технология, автоматика, эсептөө техникасы, радиоэлектроника кесиптерине бөлүнгөн. Жогорку окуу жайлары мамлекеттин экономикасына жараша үзгүлтүксүз өнүгүүдө.

Жогорку окуу жайынын мазмуну билим берүүнүн ил. техникалык деңгээлин жогорулатуу, практика м-н байланыштыруу багытына карай өнүктүрүлүүдө.

Жогорку окуу жайларынын учурдагы мазмунунун негизги мүнөздөмөлөрү төмөнкүлөр:

– билим берүүнүн мазмунунун ил.-техникалык ж-а экономикалык өнүгүүнүн приоритеттеринин келечегине туура келүү даражасы;
– мазмунду гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу;
– предмет аралык мазмунду ирилештирүү ж-а илим, өндүрүш, актуалдуу коомдук практика м-н ирилештирүү даражасы;
– мазмунду интелектуалдаштыруу даражасы;
– мазмундун инсанды өнүктүрүү потенциалы;
– фундаменталдуулук;
– кесиптик компетенттүүлүккө калыптандыруу багыттуулугу;
– чыг-лык жөндөмдүүлүктү ж-а кесиптик-чыгармачыл сапатты калыптандырууга багыттуулугу;
– мазмундун мотивдештирүү жөндөмдүүлүгү;
– мазмунда ар түрдүү түзүүчүлөрдүн катышы;
– натыйжаларды интенсификациялоонун методологиясын өздөштүрүүгө багыттуулугу;
– экологиялык ж-а жаратылышты коргоого багыттуулугу.

**ЖОГОРКУ МАТЕМАТИКА -** – негизинен жогорку окуу жайларында окутулуучу сабактардын жыйындысы. Азыркы учурда Ж. м-нын элементтери атайын орто окуу жайларында, о. эле орто мектептин жогорку класстарында да окуп үйрөнүлөт. Ж. м. деген аталыш ал мурда жогорку окуу жайларында гана окутулганы м-н түшүндүрүлөт. Ж. м-нын жалпы курсунда, сызыктуу жогорку алгебра, аналитикалык геометрия, математикалык анализ, ыктымалдыктардын теориясы, математикалык статистика, дифференциалдык теңдемелер окутулат. Ж. м-нын негиздөөчүлөрү XVII к-да жашашкан улуу англис окумуштуусу И. Ньютон ж-а улуу немец математиги Г. Лейбництер болушкан. Чындыгында Ж. м-нын

элементтери Ньютон ж-а Лейбницке чейинки байыркы грек окумуштуулары Евклид, Архимед, Анаксагор ж. б. эмгектеринде кезиккен, кийинчерээк Кеплер, Кавальери, Торричелли, Ферма, Декарт, Паскаль ж. б. эмгектеринде ачыгыраак көрүнө баштаган. Мис., Архимеддин (б. з. ч. III к.) «Бөлүн-бөөчүлүктөр ж-а статиканын теоремасынын жардамы аркылуу параболанын квадратурасы» деген эмгегинде чексиз кичине ж-а чексиз чоң чоңдуктар түшүнүктөрү кезигет. Ошондой эле Архимед айлананын узундугун ж-а тегеректин аянтын эсептегенди билген. Б. з. ч. III–II к. жашаган байыркы грек математиги Аполлонийдин эмгектеринде координата методунун негиздери баяндалган. Координата методун системалуу түрдө математикага киргизген XVI–XVII к. жашаган француз математиктери П. Ферма ж-а Р. Декарттар болушкан. Дифференциалдык ж-а интегралдык эсептөөлөрдү И. Ньютон ж-а Г. Лейбництер өзүлөрүнүн изилдөөлөрүндө биринчи болуп пайдаланышкан.

Жогорку алгебра бөлүгүндө теңдемелердин ж-а теңдемелердин системаларынын; барабарсыздыктардын ж-а барабарсыздыктардын системаларынын чыгарылыштары изилденет, о. эле сандардын теориясы каралат. Аналитикалык геометрия бөлүгүндө, тегиздиктеги ж-а мейкиндиктеги геометриялык фигуралардын касиеттери алгебралык методдордун жардамы аркылуу окутулат ж-а геометриялык өзгөртүп түзүүлөр каралат. Математикалык анализ бөлүгүндө функциялардын касиеттери изилденет. Функциялардын касиеттерин изилдөө-нүн методдору, пределдер теориясы, дифференциалдык ж-а интегралдык эсептөөлөр, катарлардын теориясы ж-а дифференциалдык теңдемелердин теориясы окутулат. Ыктымалдыктар теориясы ж-а математикалык статистика бөлүгүндө, кокусунан жүрүүчү дискреттик ж-а үзгүлтүксүз процесстердин сандык мүнөздөмөлөрү каралат.

**ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАР -** – орто билимдин ж-а атайын орто билимдин негизинде терең фундаменталдуу билимге ээ жогорку квалификациялуу атайын адистерди даярдоочу окуу-тарбия мекемелери**.** Ж. о. ж. көп тармактуу ж-а көп баскычтуу билим берет. Алар негизинен ун-ттер ж-а адистештирилген ин-ттар, академиялар ж. б. турат. Ун-ттер жогорку даражалуу ж-а квалификациялуу окутуучулар ж-а профессорлор м-н камсыз болушуна жараша илимдин бакалаврдык, магистрдик, кандидаттык ж-а докторлук даражаларын берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындан тышкары өнөр жайдын, маданияттын ж-а коомдук жашоо-тиричиликтин ар кандай тармактары б-ча адистердин квалификациясын өркүндө-түү иштерин да алып барат.

**ЖОМОК -** – элдик оозеки чыг-лыкта ар кандай табигый кубулуштарды, жаратылышты ж-а турмуштук көрүнүштөрдү окуя, мүнөз, элес аркылуу баяндоо ыкмасы м-н туюндуруп келген көркөм форма. Мунун эквиваленти – эпикалык жанр, б. а. Ж. м-н эпикалык чыг-лык бирдей эле түшүнүк. Балдар фольклоруна жомоктун бардык жанрдык түрлөрү – уламыш, болумуш, тамсил, жөө жомок, дастандар түз ж-а кыйыр түрдө тиешелүү**.**

**ЖОЛДОШЕВ -** Токчоро (1902–1937, Жети–Суу обл., Пишпек у., Сарбагыш болушу, Кара–Жылга кыш.) – Кыргызстандагы алгачкы мамл. ишмерлердин бири, кыргыздын туңгуч адабият сынчысы. 1925-жылдан Алматыдагы Казак-кыргыз агартуу ин-тун бүтүргөн. Ин-тта окуп жүргөндө «Сауле» («Шоола») деген ат м-н кол жазма түрүндө чыгып жүргөн коомдук-адабий журналга редактор болуп, ага кыргыздын оозеки чыгармаларынан жарыялап турган. 1933–35-ж. Кыргыз АССР эл агартуу комиссары болгон. Ошондой эле жооптуу кызматтарда иштеген. Ж. «Биздин кооз адабиятыбыз», «Кыргыз көркөм адабияты», «Аалы Токомбай уулунун ырлары» сыяктуу макалаларды жазып, кыргыз адабий сынына чыйыр салган. Ж-дин редакторлугу м-н В. И. Лениндин, марксизм-ленинизм классиктеринин туңгуч кыргызча котормосу, адабий жыйнактар (Тоголок Молдонун «Насыят», Боогачынын «Күйгөн», Т. Жапиев айткан «Семетейден» үзүндү ж. б.), кыргыз мектептерине арналган алгачкы окуу китептери басылган.

**ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТ БИЛИМ» ДАСТАНЫ - .** Таалим-тарбия ишинин ары татаал, ары масштабдуу проблемаларын, түбөлүктүү түшүнүктөрүн акыл тегирменине салып, талдап, тактап баш-аягы калыптанган окуу сымал ырааттуу чагылдыруу жагынан «Кут билим» дастанына орто кылымдагы түрк тилдүү элдердин рухий көркөм мурастарынын эч бири теңдеше албайт. Ошондуктан “Кут билим” – көркөм поэтикалык тил м-н шөкөттөлүп жазылган классикалык пед. трактат, ал эми анын автору Жусуп түрк тилдүү элдердин арасынан чыккан эң алгачкы энциклопедист, даанышман педагог болгон.

«Кут билимдин» ар бир ыр сабында эбегейсиз рухий жаратмандык кудуретке ээ педагогикалык идея, орошон осуяттар уютулган. Адамдардын адеп наркын асылдандыруучу акыл кеңештерди рационалдуу пед. парадигмаларды таамай так, таасирдүү, натыйжалуу жеткирүүдө да олуттуу пед. устаттыкты көрсөтө алган. Дастандагы көптөгөн этикалык, пед. түшүнүктөр каармандардын көз карашы, турмуш образы аркылуу персонификацияланып, идеал жаратуучу күчкө ээ болгон. Алсак, Күнтууду – адилеттик, вазир Айтолду – бакыт-дөөлөт, Вазирдин уулу Акдилмиш – акыл эс, вазирдин иниси Өткүр-мүш – каниетчилик. Ал эми алардын ортосундагы диалог пикир алышууну эле мүнөздөбөстөн алар аркылуу адамдарды ошол адептик-этикалык маселелерге карата ой жүгүртүүгө чакырып, таасирлүү сабак берет, бүтүм чыгарууга өбөлгө түзөт.

Жусуп пендени эл ичинде калыптанган ар кандай чен өлчөмдөр м-н ар тараптан талдап, ал үчүн зарыл болгон оң сапаттарын алып кошумчалап, жалпылап олтуруп, жалпы эле адамды гармониялуу өнүктүрүүнүн пед. концепциясын иштеп чыккан. Акын алды м-н адамдын турмушунда жакшылык м-н жамандык жанаша жашай тургандыгына токтолот. Дастандын мазмуну акындын адамдар ортосундагы этикалык эрежелердин ак карасын ылгап, мыкты өздөштүрүп системага салгандыгынан кабар берет. Жусуп адамдарды адептүү, адилеттүү, көтөрүмдүү, жоомарт, кичипейил, жароокер, жөнөкөй, мээнеткеч, намыскөй болууга үндөйт. Ошону м-н бирге адамдын нарктуулугуна шек келтирген, арак-шарап ичүү, сүй-лөшкөндө ашкере жалпаңдап жасакерленүү, артыкбаш арсалаңдап күлүү, кепке конок бербөө, сараңдык, кепсисин агытуу, ичи тардык сыяктуу ж. б. жосунсуз жүрүм-турум эрежелерин сынга алып, маңыз-маанисин кесепетин түшүндүрөт; тунук жашоонун атынан бийик үн салып жаштарды андай сапаттардан оолак болууга чакырат.

**ЗАЧЕТ -** – окуучулардын, студенттердин билимдерин, билгичтиктерин ж-а көндүмдөрүн жыйынтыктоочу текшерүүнүн ж-а баалоонун формасы. З. окуп үйрөнүлгөн курстун бөлүмү же толук ошол курс б-ча жеке же группалык аңгемелешүү

түрүндө, жазуу жүзүндө, практикалык, лабораториялык иштер формасында, тест түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн. Реферат, дилбаян, доклад формасында да болот. Эгер балл коюлбаса З. дифференциацияланбаган, ал эми балл көрсөтүлсө дифференциацияланган деп айтылат. Адатта дифференциацияланган З-тор практикалык ж-а семинардык, лабораториялык жумуштар б-ча өткөрүлөт. Ал эми курстук иштерди, өндүрүштүк ж-а окуу практикаларын баалоодо дифференциацияланбаган З-тор колдонулат.

Атайын орто ж-а жогорку окуу жайларында З. экзамен сыяктуу эле милдеттүү түрдө, атайын бекитилген планга ылайык жүргүзүлөт. З. негизинен экзамендик сессия башталардын алдында өткөрүлөт да, студент эреже катары окуу планында көрсөтүлгөн зачёттордун бардыгын бергенден кийин гана экзамендик сессияга жиберилет. Жалпы билим берүүчү мектептерде З. көпчүлүк учурда администрациянын же мугалимдин демилгеси м-н өткөрүлүшү мүмкүн. Мында үч түрдөгү: утурумдук, тематикалык ж-а жыйынтык З. колдонулат.

**ЗЭЭНДҮҮЛҮК -** – жалпы жөндөмдүү-лүк, шыктуулук. З. Адам баласына белгиленген багытта өтө жемиштүү иштөөсүнө түрткү берет. Кайсы бир тармакта өзгөчө жөндөмдүү зээндүү болушу мүмкүн. (музыка, адабият, математика, спорт ж. б. багыттарда).

**ЗЭЭНИ АЯЛУУ БАЛДАР МЕКТЕБИ -** (көмөкчү мектептер) – психикалык өнүгүш жагынан артта калган балдар үчүн атайын окуу-тарбия мекемеси. Мындай мектептердин негизги тиби-жатакалуу мектептер, аларда көбүнчө эсер (жарым эс) даражасындагы кем акылдыктан жапа чеккен балдар окутулат. Алар мындай мектепке медицина-педагогикалык комиссиянын корутундусунун негизинде жиберилет. Бул мектепте 9 жыл окуп, башталгыч мектептин деңгээлинде билим алышат. Окутуу атайын окуу планы ж-а программалардын негизинде жекече ж-а фронталдык иштин атайын ыкмаларын кеңири пайдалануу аркылуу жүргүзүлөт. Мындай мектептердин негизги максаты балдарды өз мүмкүнчүлүгүнө шайкеш келген эмгектин түрлөрүнө даярдоо болуп эсептелет.

**ИЗМАЙЛОВ -** Азиз Эминович (1913–2004, Крым обл., Евпатория ш.) – көрүнүктүү педагог-окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору (1959), СССР ПИАнын анык мүчөсү (1967), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1968), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1974). 1934-ж. Москвадагы Н. К. Курпская атн. коммунисттик тарбия берүү академиясын бүтүргөн, ошол эле жылы РСФСР эл агартуу комиссариатынын жолдомосу м-н Кыргызстанга келип, педагогикалык кызматтарда эмгектенген. 1955–1981-ж. Кыргыз педагогика ил. изилдөө ин-тунун директору болгон. Педагогика илиминин өнүгүшүнө зор салым кошкон. Ал 260 ил. эмгектердин автору. Анын ил. эмгектери КМШ өлкөлөрүнө кеңири белгилүү. 1970–74-ж. жазган эмгектери үчүн СССРдин ПИА эң жогорку Н. К. Крупская атн. сыйлыгына татыктуу болгон (1974), 1955–81-ж. 40ка жакын ил.-пед. кадрларды, илимдин кандидаттарын, докторлорун даярдап чыгарган. Өкмөт алдында сиңирген эмгектери үчүн Октябрь революциясы, үч Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган.

Ал “К вопросу об изучении обобщения и распространения передового педагогического опыта” (1952), “Из опыта политехнического обучения в школах Киргизии” (1955), “Мектепте атеисттик тарбия берүү” (1967), “Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы (1917–1957)” (1961), “Мектепте кесип тандоого багыт берүү” (1965), “По ленинскому пути” (1970), “В. И. Ленин и проблемы воспитания и образования” (1971), “Просвещение в республиках советского Востока” (1973), “Изучение развития культуры народов Средней Азии и Казахстана в курсе истории СССР” (в 8-10 классах); (1986), “Этика и педагогика семейной жизни” сыяктуу эмгектердин автору.

**ИЙРИМ ИШТЕРИ - ,** о к у у ч у л а р и й р и м д е р и – илим, адабият, искусство маселелерин тереңдеп үйрөнүү үчүн балдардын өз демилгелери м-н ата-энелердин, педагогдордун ж.б. чоң адамдардын кө мө ктө рү аркылуу уюштурулган бирикмелер. Ийрим иштеринин милдеттери: окуучулардын билимин тереңдетүү ж-а кеңейтүү, алардын кызыкчылыгын ж-а мүдөөсүн канааттандыруу, чыгармачыл жөндөм-шыктарын өнүктүрүү, практикалык билгичтиктерин, көндүмдөрүң калыптандыруу, өндүрүмдүү ж-а коомдук эмгектерге катыштыруу болуп эсептелет

**ИЛИМ -** – курчап турган дүйнөдөгү мыйзамченемдүүлүктөрдүн коомдук аң-сезимде чагылдырылышы. И. коомдук тажрыйбалардагы талаптардан ж-а муктаждыктан пайда болуп, коомдук турмуштун материалдык прогресси м-н бирге өз кезегинде коомдун өсүп-өнүгүшүнө көмөк берет.

Өнүгүүнүн ички закондорунун таасиринде И. көп учурда коомдун талабынан озуп кетет. Бирок, ил. проблемаларды терең ж-а ар тараптан иштеп чыгуу ал жетишкендиктерди да колдонуу коомдо ага керектүү зарыл өбөлгөлөр ж-а шарттар түзүлгөндө гана мүмкүн болот.

Объективдүү чындык, материя кыймылынын бардык формалары, о. эле алардын коомдук аң-сезимде чагылуу формалары И. предмети болуп эсептелет. Ил. билимдердин өзгөчөлүгү б-ча илимдер үч топко бөлүнөт: 1) табигый, 2) коомдук, 3) философиялык. Табигый илимдер табияты, коомдук илимдер – коомду, филос. илимдер адамдын таанып-билүү иш-аракетин ж-а табияттын, коомдун ж-а ой жүгүртүүнүн бир кыйла жалпы законченемдүүлүктөрүн изилдейт.

И. мазмуну эмпирикалык материалдан (байкоодон, тажрыйбадан ж-а эксперименттен алынган фактылар) ж-а абстракттуу ой жүгүртүүдөн (гипотеза, жалпылоо, концепция, теория, закондор) турат.

И. материалды изилдөөгө карата жалпы мамиле ж-а аны теориялык жактан талдап изилдөөнүн методологиясын түзөт.

Ил. изилдөө конкреттүү, эмпирикалык материалды окуп үйрөнүүдөн аны жалпылоого, андан ары текшерүүгө, ачылган ил. чындыкты, теорияларды, закондорду практикада текшерип көрүүгө багытталат. Практика чындыктын критерийи болуп саналат. Эмпирикалык материалды, практиканы этибарга албоо ж-а абстракттуу ой жүгүртүүнү ашыра баалоо идеализмге алып келет. Ал эми абстракттуу ой жүгүртүүгө маани берилбесе, билим үстүртөн болуп, изилдөөчү И-деги кубулуштардын ж-а законченемдүүлүктөрдүн ички маңызын ачып бере албайт.

И-дин максаты – жаратылыш м-н коомдун обьективдүү закондорун таанып билүү, коомдук өндүрүштүн ж-а коомдук аң-сезимдин практикалык талаптарын канааттандыруу. Ушуга байланыштуу шарттуу түрдө илимди теориялык ж-а прикладдык деп бөлүшөт. Теориялык илимдер объективдүү дүйнөнүн законченемдүүлүктөрүн изилдейт (механика,

физика, химия, биология ж. б.). Прикладдык илимдер түздөн-түз практиканын талаптарын тейлейт (машина куруу, хим. технология, жер иштетүү, медицина, экономика ж. б.).

**ИЛИМДИН ДОКТОРУ -** – окумуштуулук даража. Биринчи жолу Болон университетинде 1130-ж. берилген, андан кийин 1231-ж. Париж университетинде, 1819-ж. баштап Россиянын ун-ттеринде бериле баштаган. И. д. даражасы жогорку окуу жайлардын ж-а илим изилдөө мекемелеринин өтүнүчү б-ча кандидаттык даражасы бар, чоң ил. эмгектерин жарыялаган ж-а доктордук диссертациясын эл алдында жактаган жеке адамдарга берилет. Диссертация илимге ж-а практикага маанилүү үлүш кошкон өз алдынча ил.-изилдөөчүлүк жумуш болуп, теориялык жалпылоолорду ж-а айрым ил. маселелердин чечилишин камтыйт. И. д. диссертациясы Кырг. Респ. илимдин төмөнкү тармактары б-ча берилет: физика-математика, техника, химия, биология, экономика, педагогика, медицина, филология, философия, тарых..

**ИЛИМДИН КАНДИДАТЫ -** – биринчи окумуштуулук даража. Ал жогорку билимдүү, кандидаттык минимумдарды тапшырган ж-а кандидаттык диссертациясын эл алдында коргогон жеке адамдарга берилет. Илимдин кандидаты даражасы жогорку окуу жайлардын же илим изилдөө мекемелеринин илимий кеңештери аркылуу берилет, текшерүү тартиби б-ча кандидаттык диссертацияларды Жогорку аттестациялык комиссия (ЖАК) карап чыгат ж-а бекитет.

**ИЛИМИЙ ТЕРМИН -** – ил. түшү-нүктүн так атын билдирүүчү сөз же сөз айкашы. И. т-дин негизги касиети, анын туруктуу бир маанилүүлүгү. Бул же тигил термин бир нече мааниге ээ болгон учурлар көп кездешет. Ошондуктан анын ил. же күндөлүк турмуштагы маанилерин айырмалай билүү өтө маанилүү. Мис., «жумуш» термини физика илиминде өзүнчө мааниге ээ болсо, турмушта өзүнчө мааниге ээ.

**ИМАНАЛИЕВ -** Киреше (1927-ж. т., Ысыккөл обл., 1998, Бишкек ш.) – көрүнүктүү окумуштуу-методист, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кырг. Респ. илимге эмгек сиңирген ишмери. И. 1957-ж. Кыргыз мамл. педагогикалык ин-тунун тил ж-а адабият факультетин аяктап, кыргыз адабияты кафедрасында окутуучу болуп иштеген. Өмүрүнүн акырына чейин ошол факультетте эмгектенген. 1954-ж. филология илимдеринин кандидаты, 1956-ж. кыргыз адабияты кафедрасынын доценти болгон. 40 жылдан ашык педагогдук ишинде ал 20 жылдан ашык улуттук ун-ттин кыргыз тили ж-а адабиятын окутуунун методикасы кафедрасын жетектеген.

И-ди республикада кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминин негиздөөчүсү деп эсептөөгө болот. Анын калеминен алгачкы ирет «Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» деген саамалык эмгек жаралып, педагогикалык ж-а ил. коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынган. Ал орто мектептер ж-а пед. атайын орто ж-а жогорку окуу жайлары үчүн кыргыз адабияты б-ча бир нече окуу программаларынын ж-а 9–10-кл. үчүн Кыргыз совет адабияты окуу китебинин автору болгон. Бул эмгек 20 жолудан ашык басылып чыккан. И. орто мектепте кыргыз адабиятын окутуунун көп жактуу проблемалары б-ча жазылган бир нече ил.-методикалык эмгектин, 100дөн ашык ил. макалалардын да автору. Анын калеминен монографиялык, окуу-методикалык ж-а колдонмо эмгектер, окуу программалары жаралып, анын жетекчилиги м-н пед. илимдин 10дон ашык кандидаты ж-а доктору даярдалган. И. ил. педагогикалык иш м-н бирге эле бир катар коомдук иштерди да аткарган. Билим берүү министрлигинин алдындагы кыргыз филологиясы б-ча ил.-методикалык кеңештин төрагасы, улуттук университеттин окумуштуулар кеңешинин ж-а адабият б-ча докторлук диссертацияларды коргоо б-ча атайын кеңештин мүчөсү болгон. Көп жылдык педагогдук ж-а илимпоздук эмгеги жогору бааланып, Эмгек Кызыл Туу ордени, бир катар медалдар, «Билим берүүнүн отличниги», «Жогорку билим берүүдө жетишкен мыкты ийгиликтери үчүн» төш белгилери, Ардак грамоталар м-н сыйланган.

**ИМАЕВА -** Нуриля (1936-ж. т., Ысыккөл р-ну) – педагогика илимдеринин кандидаты. Кырг. Респ-сынын эмгек сиңирген мугалими, Элге Билим берүүнүн отличниги, СССРдеги жогорку билим берүүнүн отличниги, профессор. 1954-ж. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык ин-тунун орус филологиясы факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун 1958-ж. Тамчы айылынын орто мектебинде орус тили ж-а адабияты мугалимдигинен баштаган, андан кийин Нарын шаарындагы Токтогул атн. орто мектебинде мугалимдик эмгек жолун уланткан. 1970-ж. педагогиканын тарыхы ж-а теориясы б-ча «Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгында тарбия идеялары» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон.

Ал КМУнун педагогика ж-а психология кафедрасында көп жылдар бою эмгектенген. 1994-ж-дан тартып 2000-ж-га чейин КМУУнун Жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу ж-а кадрларды кайра даярдоо борборунда иштеген.

Административдик иштер м-н катар Н. И. негизги, атайын окуу курстары б-ча лекцияларды окуп, «Тарбиялык иштердин педагогикасы ж-а методикасы», «Кыргыздардын этнопедагогикасы», «Жогорку окуу жайларынын педагогикасынын негиздери» аттуу педагогикалык дисциплиналар б-ча аспиранттар ж-а адистигин жогорулатуу курстарынын угуучулары үчүн көптөгөн окуу программаларын түзгөн.

«Кыргыз ССРинин педагогикалык ойлорунун антологиясынын» (1988) редакциялык кеңешине мүчө ж-а авторлордун бири катары белгилүү. 1994-ж-га чейин педагогика илими б-ча эксперттик комиссиянын мүчөсү болуп келген. Жогорку сапаттагы эмгеги үчүн «Эмгектеги артыкчылыгы» медалы, «Элге билим берүүнүн отличниги», «СССРдеги жогорку билим берүүнүн отличниги» белгилери м-н сыйланып, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими», Эл аралык Түрк Академиясынын академиги деген наамдарга ээ болгон. Проф. Н. И. «Токтогулдун чыгармачылык мурастарынын тарбиялык идеялары» деген монографиянын, 70тен ашуун ил. иштердин автору.

**ИНДУКЦИЯ -** (лат. тартипке салуу, ойго келтирүү дегенди билдирет) – таанып-билүү методдорунун бири; белгилүү класстагы предметтердин айрымдары ж-дөгү билимдин негизинде ошол класстын бардык предметтери тууралуу жалпы жыйынтык чыгаруучу ой корутундулоо. Айлана-чөйрөнү таанып-билүүнү адам айрым предметтерди, кубулуштарды, окуяларды, фактыларды үйрөнүүдөн баштайт. Мында адам айрым учурлардан жалпы эрежеге, айрым фактылардан жалпы корутундуга келет. Мис., Д. И. Менделеев химиялык айрым элементтерди үйрөнүүнүн негизинде химиялык элементтердин мезгилдүүлүк законун ачкан. Эгерде адам жалпы жоболорду индуктивдүү жол м-н ачпаса, анда теориялык ойлонуу мүмкүн болбос эле. Бирок и-ны бирден бир калетсиз чындык метод деп эсептөөгө болбойт. Мис.,

квадраттык $x^2+x+41$ үч мүчөдөгү x тин ордуна ирети м-н -4, -3, -2; -1, 0, 1, 2, 3, 4, 5 сандарын коюп чыгып эсептөөнүн натыйжасында тиешелүү түрдө 53, 47, 43, 41, 41, 43, 47, 53, 61, 71 сандарына ээ болобуз. Келип чыккан бул сандардын бардыгы жөнөкөй сандар, мына ушунун негизинде: «x тин каалагандай бүтүн маанисинде берилген үч мүчөнүн мааниси жөнөкөй сан болот» деген жалпы корутунду чыгарылышы мүмкүн. Бирок, чындыгында, бул айтылган корутунду ката, анткени x тин ордуна 41 санын койгонго үч мүчөнүн мааниси жөнөкөй сан болбойт, ал $41^2+41+41=41\cdot43$ курама сан болот. Демек, айрым мисалдардан кандайдыр жалпы корутунду чыгарып ой жүргүзүү, б. а. И. методу ар дайым эле туура боло бербейт. Ошондуктан таанып-билүүнүн И-лык методу башка методдор м-н – дедукция м-н (жалпы жоболор ж-дөгү билимди, айрым фактыларды ж-а предметтерди үйрө-нүүгө пайдалануу методу), фактыларды, предметтерди ж-а окуяларды салыштыруу методу м-н, абстракциялоо ж-а конкреттештирүү методдору м-н толуктоо зарыл.

И. дайыма анализ м-н, окшош фактыларда ж-а кубулуштарда жалпы корутунду чыгарууга негиз бере турган белгилерди ажыратуу м-н айкалыша пайдаланылышы керек. Мында иштин мааниси «Металлдан жасалган бардык буюмдар сууда чөгөт, тескерисинче, жыгачтан жасалган бардык нерселер чөкпөйт, калкып жүрөт» деген сыяктуу жалпылоодо эмес, ошол фактыларды туура негиздеп түшүндүрүүгө керектүүлөрдү ачып көрсөтүүдө турат. Мис., металлдан жасалган нерсенин бардыгы эле сууга чөгө бербейт (мис., кеме).

Индуктивдүү корутунду берилген класстагы предметтердин бирин да калтырбастан бардыгын тең үйрөнүүнүн негизинде чыгарылышы мүмкүн. Анда толук И-га ээ болобуз. Мис., коомдук экономикалык формация ж-дөгү тарыхый түшүнүк бардык типтеги коомдук экономикалык мамилелердин (алгачкы-общиналык, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик, социалисттик, коммунисттик) мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн аныктоонун натыйжасында пайда болот. Эгерде жалпы корутунду берилген типтеги кубулуштардын баарын эмес бир нечесин гана (адатта алардын мүмкүн болгон бардык түрлөрүн камтуу өтө кыйын) кароонун негизинде жасалса, анда ал толук эмес И. болот. Мис., жогоруда көрсөтүлгөн квадраттык үч мүчөнүн жөнөкөй санды аныктай тургандыгы ж-дөгү корутунду толук эмес И-га жатат.

И. методу окутуу процессинде кеңири колдонулат. Мис., окуучуларга салыштырмалуу салмак ж-дөгү түшүнүктү түшүндүрүүгө мугалим көлөмдөрү бирдей болгон, бирок ар түрдүү материалдардан жасалган бир нече предметтерди алат да, аларды таразага тартат. Ал предметтердин салмактарынын ар түрдүү болуп чыгышы заттын салмагы м-н анын көлөмүнүн арасындагы жалпы эрежени, б. а. салыштырма салмак ж-дөгү түшүнүктү чыгарууга мүмкүндүк берет. Тажрыйбада бардык заттар эмес, айрым гана заттардан жасалган предметтер алынды, ошондуктан бул толук эмес И. болот. Мектептик окутууда көбүнчө толук эмес И. пайдаланылат.

Индуктивдүү ой корутундулоонун тууралыгы ой жүргүзүүнүн эрежелерин туура пайдаланууга ж-а алгачкы таяныч түшүнүктөрдүн чындыгына жараша болот; эгерде ой башталуучу алгачкы таяныч түшүнүктөр жалган болсо, анда корутунду да жалган болушу мүмкүн. Ошондуктан индуктивдик корутунду көп сандаган фактылардын негизинде гана эмес туура байкалган фактылардын негизинде түзүлүшү керек. Эгерде корутунду чыгарылуучу фактылар бир өңчөй болушса, анда кеңири жалпылоо жасоого болбойт. Фактылардын ар түрдүүлүгүнүн кокусунан болушу да жетишсиздик кылат: эгерде алынган фактылар предметтердин негизги эмес белгилерине тиешелүү болушса ж-а алар кубулуштардын үйрөнүлүүчү группасы үчүн мүнөздүү эмес болсо, анда алар туура эмес корутунду жасоого алып келет. Окуучулардын индуктивдик ойлоосун өнүктүрүүдө аларды шашылып жасалуучу корутундулардан алдын ала сактоо зарыл.

И. методу окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, алардын даярдык деңгээлине жараша пайдаланышы керек. Башталгыч класстагы балдардын дүйнө, жаратылыш, коом ж-дөгү билими анча көп эмес, ошондуктан аларга окуу материалын көбүнчө индуктивдүү жол м-н түшүндүрүү максаттуу. Кийинки класстарда болсо, кандайдыр бир группадагы бардык кубулуштар үчүн жалпы законченемдүүлүктү көрсөтүү керек болуп, бирок ал законченемдүүлүктүн тууралыгын далилдөөнү азырынча окуучуларга сунуш кылууга болбой турган кезде И-лык метод пайдаланылат.

Окутуу процессинде И-лык методду ашыкча пайдалануу, бир жагынан, окуу материалын айрым фактыларга майдалап бөлүүгө гана, экинчи жагынан, ал бөлүктөрдү ошол фактылардан жасалуучу корутундулардан ажыратууга алып келиши ыктымал. Мына ошондуктан И-лык методду таанып-билүүнүн башка методдору м-н бирдикте пайдалануунун зарылдыгы ж-дөгү эреже окутуу процессинде да толук жетекчиликке алынышы керек.

**ИНСТИТУТ -** – (лат. бекитме мекеме) – 1. Эл чарбасынын, маданияттын ж-а саламаттык сактоонун ар түрдүү тармактары боюнча 4–6 жылдык жогорку окуу жайлардын аталышы (политехникалык, педагогикалык, медициналык, укуктук, соода ж. б.) 2. Илим-изилдөө мекемеси. 3. Адистердин билимин өркүндөтүү ж-а кайра даярдоо ж-а уюштуруу методикалык ж-а окуу борборлору (мис., квалификацияны жогорулатуу ин-ту, врачтардын, мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-ттары). 4. Коомдук мекемелердин белгилүү бир чөйрөсүндө укук нормаларынын жыйындысы (мис., нике ж-а үй-бүлө ин-ту, мурастоо ин-ту д. у. с.).

**ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН САБАК -** (лат. integratio – бүтүнгө бириктирүү) – бири-бири м-н байланышы бар окуу материалдарын окуучулардын аң-сезиминде бир бүтүн системага келтирүүгө арналган сабактын түрү. Адатта мындай сабактар тектеш предметтерди окутууда колдонулат. Мис., физика – химия – биология; физика – математика; физика – биология – музыка; адабият – тарых ж. б. Мындай сабактарды эки же андан көп мугалимдер өткөрүшөт. Ал байланыштырылуучу предметтердин санына көз каранды болот. И. с. көбүнчө жогорку класстарда, мугалимдердин өз ара макулдашуусу боюнча, кош сабактарга арналган убакытта уюштурулат.

**ИНТЕЛЛЕКТ ТЕСТТЕРИ -** – тестирлөө-нүн бул түрү азыркы кезде дүйнөлүк практикада кенен жайылтылган деп эсептелет. Мындай тесттер сыналуучунун интеллектуалдык деңгээлин аныктоого арналган. Көпчүлүк И. т-терде атайын даярдалган бланкаларда түшүнүктөрдүн логикалык байланышын табуу, классификациялоо, анализдөө ж-а жалпылоо аракеттеринен турган, өздөштүрүлгөн түшүнүктөрдүн жаңы абалда колдонулушуна ылайыкталган тапшырмалар берилет. Сыналуучу өзүнүн жообун жазуу түрүндө берет, же болбосо даяр жооптордун ичинен туурасын тегеректейт. Жалпысынан алганда, И. т. сыналуучунун акыл-эсинин өсүш деңгээлин аныктай алат. Ал эми интеллектуалдык

деңгээлин аныктоонун негизги критерийлеринен болуп, түшүнүктөр, терминдер ж-а алардын арасындагы байланыштар, билгичтиктер ж-а көндүмдөр эсептелет.

Сыналуучунун интеллектуалдык деңгээлин аныктоонун сандык көрсөткүчү катары интеллектуалдык коэффициент (IQ) түшүнүгү 1912-ж. америкалык психолог Л.Термен тарабынан негизделген.

Интеллектуалдык коэффициент (IQ) төмөндөгү формула боюнча
эсептелет:
Мында, МА – сыналуучунун акыл курагы, СА – сыналуучунун хронологиялык курагы (жашы).

**ИНТЕРНАТУРА -** – медициналык жогорку окуу жайлардын бүтүрүү-чүлөрүнүн ж-а врачтардын кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн болгон клиникалардагы ж-а ооруканалардагы стажировкасы.

И. дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттеринде кабыл алынган. Ал эми Кыргызстанда эки жылдык мөөнөт м-н практикаланып келүүдө.

**ИНТЕРНЕТ -** – бүткүл Жер шарын камтыган көптөгөн компьютерлердин ж-а компьютердик топтордун жыйындысы. Жер бетинин каалаган шаарында жашаган адамдын телефону болсо, аны м-н телефон аркылуу сүйлөшүүгө боло турган сыңары эле, И-ке кошулган компьютердеги маалыматтарды алууга ж-а аларга тийиштүү маалыматтарды берүүгө болот. Муну так элестетүү үчүн төмөнкүдөй салыштырууну сунуш кылышкан. Мис., көптөгөн жөргөмүштөр жашаган бөлмөнү элестетеличи. Алардын ар бири бөлмө ичинде өздөрүнүн желесин токушат. Желелер ушунчалык көп. Бирок, алар бири-бири м-н чаташпастан, үзгүлтүксүз туюк тор сыяктуу тыгыз байланышып турушат. Ал желелердин бети б-ча жөргөмүштүн ар бири комнатанын каалаган чекитине оңой эле жетип бара алат.

Кай бир учурда И-ти жер бетин курчаган маалыматтардын өзгөчө магистралы деп коюшат. Тандап алган жол б-ча өлкөнүн каалаган шаарына барууга мүмкүн болгон сыяктуу эле, И. б-ча маалыматтарды бири-бири м-н байланышкан түрдүү компьютерлердин тобуна берүүгө болот. Компьютерлердин мындай түйүндөрү бирдиктүү эреженин негизинде бири-бири м-н байланышып турат. Мындай туташуу спутниктик байланыш аркылуу ишке ашат. Анткени жер шарынын бир бөлүгү м-н экинчисин өткөргүч кабель аркылуу туташтыруу оңойго турбайт. Жогорудагыдай спутник байланышы болгон учурда, мындай түз туташтыруунун зарылдыгы да жок болуп калат.

И. терминин так түшүнүү үчүн анын реалдуу мүнөздөмөлөрүн ачып берүүгө аракеттенели. И. – баарлашуунун каражаты. Анткени И-ти пайдалануучулар негизинен өз тааныштары м-н кабар алмашууга, сүйлөшүүгө кызыгат. И. маалымат алуунун ресурсу катары кызмат кылат. И-тин өзүндө миңдеген компьютерлер бар. Алардын эсинде көптөгөн документтердин, китептердин, сүрөттөрдүн ж. б. мазмуну сакталып турат. Аны колдонуучу кайсы бир предмет боюнча билим алгысы келеби же Жер жүзүнүн каалаган шаарынын белгилүү музейи м-н таанышкысы келеби, ал дайыма пайдалуу маалыматты ала алат. И. маалыматтарды сактоочу өтө кеңири кампа. Бир эле компьютерде жүз-дөгөн же миңдеген файл болорун билесиңер. Ал канча текстти, сүрөттү, графиктерди кармап турат. Эми ошону миллион компьютерге көбөйтүп көргүлөчү. Ошондо силер И. кампасында канчалык көп сандагы маалымат сакталып тургандыгын элестете аласыңар.

И. – бирдиктүү уюм катары кызмат өтөйт. Анткени И-теги ар бир билдирүүнүн, документтин же программанын артында аны түзгөн адамдар турат. И-тин көптөгөн демилгечилери убактыларын аяшпастан маалыматтарды чогултушат, программаларды иштеп чыгышат ж-а суроолорго жооп беришет. Албетте, мындай татаал ж-а бир караганда башкарууга мүмкүн эместей болгон иш эч кандай борбордук же мамл. башкаруу органын талап кылбагандыгы таң каларлык көрүнүш. И-тин көпчүлүккө керек экендиги ж-а анын баалуулугу мына ушунда деп ойлойбуз.

Айрым маалыматтарга караганда, Жер жүзүндө 30000ден ашык компьютердик түйүндөр И-ке кошулган. Анын курамында 10 млн. дон ашык компьютер бар ж-а 30 млн. го жакын адам алардын кызматынан пайдалана алат.

И-тен каалаган темадагы чексиз көп маалыматтарды табууга болот. Анда илимдин ар кандай багыттары б-ча жаңы ачылыштар, искусствонун бардык түрлөрү, экономика ж-а башкаруу б-ча маалыматтар, о. эле студенттер ж-а окуучулардын окуусуна тийиштүү болгон эң бир керектүү маалыматтар топтолгон. И-ке ар кандай справочниктер, сөздүктөр, энциклопедиялар ж-а географиялык карталар киргизилген.

**ИНТУИЦИЯ -** – чындыкты түздөн-түз таанып-билүү м-н түшүнүүнүн өзгөчө жолу. И-нын маанисин мистикалык трактовкалоодо «сезим», «ишеничке батып кубануу» деген түшүнүктөр пайдаланылат. Маселенин логикалык күч алышы аркылуу көпкө чейин аныкталбаган чыгарылышынын күтүлбөгөн жерден дароо табылышы, коркунучтан кутулуунун бирден бир туура жолун көз ачып жумганча табуу, адамдын жүрүш-турушун, ойлорун ж-а мотивдерин тез, катасыз таба билүү, ачык көрүнүүчү кыймылдардын ж-а физиономиялык белгилердин өзгөчөлүктөрүн дароо байкап түшүнүү, байкалбай турган ж-а билинер-билинбес болуп бүдөмүк сезилүүчү белгилердин негизинде алдыда боло турган окуялардын тенденцияларына күн мурунтадан таң калуу ж. у. с. кубулуштарды И. областына таандык кылуу кабыл алынган. Чыгармачылык процесстин (музыкада, живописте, скульптурада, поэзияда, сценалык искусстводо, окумуштуулардын ж-а ойлоп табуучулардын ачылыштарында) мазмунун анализдеп, ачып көрсөтүү б-ча жүргүзүлүүчү изилдөөлөрдө И. түшүнүгү дайыма эң кеңири пайдаланылат. Чыг-лыктын психологиясы ж-дөгү адабияттарда И-нын маанисин иллюстрациялоочу көп мисалдарды кездештирүүгө болот, аларда: чыг-лык м-н изденүү моменттеринде, чыг-лыктуу ойлордун пайда болуу мезгилинде, же тескерисинче мүмкүн болгон көп чечимдердин бирөөн тандап алуунун алдында адамдын күмөн саноо ж-а өзүнө өзү ишене албоо, олку-солку болуу абалында И-нын пайда болушунун конкреттүү мисалдары көп. Кээде сезимсиз, аткарылышынын мотиви сезимталдуу далилдениши м-н кыймылдардын, тартип бузуунун жашыруун түрткүнчүктөрүнүн кайдан келип чыга тургандыгын ачып билүү б-ча жасалган аракеттерде И-дан пайдаланышат.

И. түшүнүгү м-н белгиленүүчү кубулуштар эзелтен бери билимдин ар түрлүү тармактарында эмгектенишкен окумуштууларды ж-а ойчулдарды кызыктырган. Адегенде И. деп түздөн түз сезүү аркылуу таанып-билүүнү

түшүнүшкөн. Филос. ойлордун өсүү процессинде И. түшүнүгү улам барган сайын такталып, улам жаңы белгилер м-н өркүндөтүлүп отурган.

Таанып-билүүнүн методу катарындагы И-нын маанисин толугураак ж-а тереңирээк ачып көрсөтүү үчүн аны таанып-билүүнүн башка методдору м-н салыштырып көрүүгө туура келет. Таанып-билүүнүн тикеден тике ишке ашырылуучу формасы катары И-ны таанып-билүүнүн түздөн түз эмес, кыйыр, дискурсивдик формасына карама-каршы коюп салыштыруу кабыл алынган. Таанып-билүүнүн дискурсивдик формасы болсо И-дай тезинен эмес, узакка созулган убакыт ичинде ишке ашат.

Чындыкты интуитивдүү эмес, кыйыр жол м-н таанып-билүү дегенибиз – бул ал чындыкка кокустан, ойлонбостон, кебелбестен логикалык операциялардын тизмегинде бир баскычтан экинчи баскычка акырындык м-н өтүүгө мүмкүндүк берүүчү ойлонуу аракеттеринин белгилүү ыкмаларынын жардамы м-н келүү дегендикке жатат.

И-ны таанып-билүүнүн дискурсивдик жолу м-н салыштыруу ж-а чындыкты ачып көрсөтүү, филос. ойдун алдына таанып-билүүнүн бул эки формасынын баалуулугу ж-дөгү маселени койду. Бул маселени чечүү жолунда карама-каршы ой-пикирлер келип чыккан. Ойчулдардын бири И-нын таанып-билүүчүлүк баалуулугун жокко чыгарышкан же анын маанисин өтө жупуну кылып көрсөтүшкөн. Экинчилери – интуитивисттер болсо, тескерисинче, И-ны таанып-билүүнүн эң өркүндөтүлгөн жолу деп эсептешкен, алардын концепциясы б-ча И. таанып билүүнүн интеллектуалдуу жолунан (анын логикалык аппаратынын ж-а ойлонуу аргументациясынын бүткүл байлыгына карабастан) артыкчылык кылат. Бири-бирине диаметриалдуу карама-каршы бул эки көз караштан тышкары И. проблемасын трактовкалоого өздөрүнүн кошумча сапаттарын киргизген башка да көз караштар бар. Материалисттик илим таанып билүүнүн формаларынын ар түрдүүлүгүн ж-а чындыкты билүүнүн жолдорунун ар түрдүүлүгүн танбайт, о. эле И-ны таанып-билүүнүн дискурсивдик жолуна карама-каршы койбойт. Бирок И. кубулушун материалисттик түшүнүү баарыдан мурда тикеден тике ж-а кыйыр жолдор м-н алынуучу билимдердин байланыштуулугу ж-дөгү проблеманы тактоону, алардын арасында түзүлүүчү катнаштарды таанып-билүүчүлүктүн ж-а практикалык ишмердүүлүктүн жандуу, динамикалык процесстеринде деп түшүнүүнү көздөйт. Бул проблема эң кыйын ж-а толук изилденле элек проблемалардын бири болуп эсептелет. Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү этаптарында түздөн түз ж-а кыйыр таанып-билүүлөр түрдүүчө боло тургандыгы гана белгилүү.

**ИНФОРМАТИКА -** – (франц. *Information* (информация) ж-а *automatigie* (автоматика) сөздөрүнөн алынган) – информатикалык автоматика, информацияны автоматташтырып кайра иштетүү, информациянын структурасын, жалпы касиетин (свойства) изилдөө, о. эле анын мыйзамченемдүүлүгүн ж-а түзүлүш методдорун сактоо, издөө, өзгөртүп түзүү, берүү ж-а ар кандай сферада адамдын иш аракетиндеги колдонуучу илимий-техникалык жаңылык.

**ИНФОРМАТИКА -** – эсептөө техникасына негизделген, информацияны кайра өзгөртүп түзүү ж-дөгү илим ж-а методдор ж-дө билим берүүчү, методдор тууралуу аң-сезимде түзүү ж-а функциялаштыруу ыкмалары (жолдору), социалдык чөйрөдөгү ар кандай класстагы ж-а багыттагы информациялык системаны түзүү ж-а функциялаштыруу ыкмалары (жолдору), ЭЭМди колдонуп, коомдогу ишкердиктин бардык түрүн – өндүрүштү, башкарууну, илимди, билимди, долбоорлук иштеп чыгууну, сооданы, акча-кассалык операцияны, медицинаны, криминалистиканы, коргоону, курчап турган чөйрөнү ж. б., о. эле турмуш ж-а ишти камтыган информацияны жыйноо, иштетүү ж-а берүүнүн жаңы адам-машина технологиясында ишке ашыруу. Өз алдынча илим катары ал качан изилдөөчү кубулуш катары *информациялык модель* деп аталган абал түзүлгөндө гана өз укугуна ээ болот. И. өзү ушул сыяктуу моделдердин жалпы методологиялык принцибинин түзүлүшүн берет, бирок, моделди түзүү ж-а негиздөө айрым илимдин маселеси болуп саналат; кибернетикадан айырмаланып информациялык, техникалык, программалык ж.б. кибернетикалык системага толгон, аларды иштетүүнүн ж-а машиналык колдонуусунун технологиясын ээлейт. Ошондуктан И-дан мазмундуу, уюштуруучу, техникалык, алгоритмикалык ж-а программалык областтар бөлүп чыгарат.

И-нын бардык тармактарын ж-а анын теоретикалык ж-а практикалык бөлүктөрүн биринчиден өндүрүш (айыл чарба) тармагында информацияны түзүү, өзгөртүү ж-а колдонуу процессин камтуучу ж-а каражаттардын комплексине, ишкананын негизги коллективине ж-а эсептөө центрлеринин камсыздоо персоналдарына, чоң материалдык ресурстарга (каражаттарга) ж-а татаал технологияга негиздеп кароого болот.

**ИНФОРМАЦИЯ -** – XX к. орто ченинен баштап, адамдар, адам ж-а автомат, автомат ж-а автомат арасындагы маалымат (кабар) алмашуучу, жандуу ж-а жансыз жаратылыштын, жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр ортосундагы сигнал (белги). И. о. эле генетикалык информацияларды алмашуучу жалпы ил. түшүнүк катары кеңири мааниде каралып келүүдө.

И. – объектти ж-а курчап турган чөйрөнүн кубулушу тууралуу маалымат берүүчү алардын параметри, касиеттери ж-а абалы. ЭЭМде андан ары колдонууну ж-а иштетүүнү берүүчү (көрсөтүүчү) божомолдоосу болгондуктан информатикада бул кабарлар маалымат деп аталат. Информациялык издөөгө, редакциялоого, которууга, пландоого, репродукциялоого байланышкан эсептерди чыгарууда сандык эмес маалыматтар: тексттер, сүрөттөр, графикалар, ар түрдүү тизмелер ж-а таблицалар ЭЭМде берилет, сакталат ж-а иштетилип чыгат. Алар ЭЭМ үчүн маалымат (данный) болуп саналат. Машиналаштырылып иштетүү үчүн маалыматтар чоңдук же алардын жыйындысы катарында берилет.

**ИНФОРМАЦИЯЛЫК КООМ -** – башкы өндүрүшү билим болгон коом. И. к-дун өзгөчө белгилери төмөн-күлөр: керектүү информациянын коомдун ар бир мүчөсүнө жеткирүүсү, адамдын өмүр жолуна, чыгармачылыгына керектелүүчү информацияны жасоо ж-а ушул эле информацияны коомдун ар бир мүчөсүнө жеткирүүнү камсыздоо.

**ИНФОРМАЦИЯЛЫК МАДАНИЯТ -** – дүйнөлүк гуманистикалык маданиятка кирген, компьютерлештирилген коомдогу, робот-машина системасындагы элдердин өзүн алып жүрүү эрежелер жыйыны.

**ИНФОРМАЦИЯЛЫК ПЕДАГОГИКА -** – теория катары педагогикалык кибернетикага ж-а информациялык педагогиканын технологиясынын методологиясына, теориясына, принциптерине, закондоруна негизделген педагогика.

**ИНФОРМАЦИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ -** – инструменталдык негиздеги радикалдуу өзгөрүү, информация берүү, сактоо, көлөмү, калкка активдүү жеткирүү.
**ИНФОРМАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ ТЕОРИЯСЫ -** – илим, информация ж-а информациялык процесстердин жаратылыштагы ж-а коомдогу касиети жөнүндө маалымат берүү. Илимди таанып-билүүдөгү, информациялык реалдуулуктардын законченемдүүлүктөрүндөгү, жаратылышты ж-а коомду өнүктүрүүдөгү бирден-бир келечектүү тармак.
**ИНФОРМАЦИЯНЫН КАРАЖАТТАРЫ -** – инструменталдык аппараттар ж-а программалык каражаттар, информациялык технологиялар, коомдогу колдонулган информациялык процесс.
**ИСАКОВ -** Бектур Сыдыкович (1942-ж. т., Талас р-ну.) КМУнун (1965) кыргыз тили ж-а адабияты адистигин бүтүргөн. 1965-ж-дан бери Талас р-нундагы К. Нанаев атн. Арал орто мектебинде мугалимдик кесипти аркалап келе жатат. Талыкпаган чыгармачыл эмгектери үчүн көптөгөн мамл. сыйлыктарга ээ болгон. Ал «Кыргыз ССРинин эл агартуунун отличниги» (1974), «Ардак белгиси» ордени (1978), СССРдин «Эл агартуу отличниги» наамы (1980), Крупская медалы (19982), СССР ВДНХ күмүш медалын (1982), Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1983), Кыргыз Республикасынын «Эмгек синирген мугалими» наамы (1993), Эл аралык коомдук Айтматов академиясынын академиги наамын (1994), «Манас-1000» медалын (1995), И. Арабаев атн. сыйлыктын лауреаты (1997), «Даңк» медалын (1999), Кыргыз Республикасынын «Эл мугалими» (2003) наамын алган. И. кыргыз тилинин вариативдүү окуу программасын (5-кл.), Манас сабагын окутуу чежиресин (3–11 кл.), «Ыйман сабагы» б-ча окуу программасын түзүүгө катышкан. Ошондой эле «Биздин адабияты» (5-кл.), «Кыргыз адабияты» (8-кл.), Кыргыз тили (7–9-кл.), Манас сабагы (3–11кл.) окуу китептерин жазган. Б.Исаковдун педагогикалык ишмердүүлүгү ж-дө 2 китеп, 4 очерк, 20 ашык макала ж-а методикалык колдонмолор жазган. «Б.Исаковдун алдынкы тажрыйба мектеби» деген ат м-н республикада биринчи жолу республикалык алдыңкы тажрыйбалык мектеби уюшулган.
**ИШЕКЕЕВ -** Назаркул (1955-ж. т., Кочкор р-ну) – кыргыз адабиятын окутуунун теориясы ж-а методикасы б-ча көрүнүктүү окумуштуу адис, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кырг. Респ. эл агартуусунун отличниги, Жусуп Баласагын атн. сыйлыктын лауреаты, Эл аралык коомдук Айтматов академиясынын академиги. 1976-ж. КМУнун филология факультетин бүтүп эмгек жолун мектепте мугалим, республикалык "Ленинчил жаш" газетасынын өз кабарчысы болуп иштөөдөн баштаган. 1984-ж. "Республиканын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларын үйрөтүүнүн методикасы" деген темада кандидаттык, 1994-ж. "Республиканын мектептеринде кыргыз адабятын окутуунун тарыхы ж-а анын азыркы этаптагы актуалдуу проблемалары" деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон. И. адабиятты окутуунун теориялык, тарыхый-таржымалдык ж-а методикалык проблемаларын иликтөөгө ири салым кошкон окумуштуунун бири. Ал республикабыздагы педагогика илиминин жаңы багытын, окуу предметинин окутуунун эволюциясын мектептин окуу тарбия ишинин ж-а тарыхтын конкреттүү тажрыйбасынын алкагында комплекстүү, масштабдуу изилдөөнүн коомдук-педагогикалык зарылдыгын айкындаган. Анын 150дөн ашык ил. эмгегинде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы ж-а анын азыркы этаптагы актуалдуу проблемалары системалуу, комплекстүү изилдөөгө алынган. Ошондой эле аларда мектепте прозалык чыгармаларды окутуунун мазмуну ж-а формалары, окуу пландарынын программаларынын адабий-дидактикалык уюштурулушу, окуу китептеринин структуралык табияты, методикалык илимдин өнүгүшү диахрондуу-аналитикалык планда предметтүү ж-а конкреттүү талдоого алынган. Бул эмгектер кыргыз адабитын мектептерде окутуунун мазмунун толуктоодо, байытууда, предметти окутуунун концепциясын өркүндөтүүдө мамл. билим берүү стандарттарын иштеп чыгууда ж-а окуу методикалык комплекстерди даярдоодо колдонмолук касиетке ээ. Ал бир нече аспиранттын, докторанттын ил. ишине жетекчилик кылган.
**ИШМЕРДИК -** – адамга гана таандык болгон касиет; анын негизинде активдүүлүгү, б. а. адамдын өзүнүн турмуштук талаптарын канааттандырууга багытталган максаттуу активдүү аракети. Адамдын жашоосун ж-а инсан катары калыптанышын шарттаган И-кө баарлашуу (общение), оюн, эмгек ж-а окуп-үйрөнүү (учение – билим алуу) ж. б. кирет. Булар психология, курактык психология илиминде изилденген. Пед. психологиянын маалыматтары б-ча баланын ар бир жаш курагында И-түн белгилүү бир түрү басымдуулук кылат. Мектепке чейинки куракта оюн ишмердүүлүгү, кенже окуучуларда окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгү жетектөөчү болуп эсептелинет.

И-ни окуп-үйрөнүү мында билим алууга үйрөнүү (учение учиться) деген мааниде каралып, балада башталгыч класстарда калыптанышы керек, окуучу конкреттүү билимге эле эмес, аны өз алдынча өздөштүрүү ыгына ээ болуусу тийиш. Окуп-үйрөнүү И. 3 негизги компонент белгиленет:

1) ыкластуулук м-н багыт алуу (мотивационно-ориентировочный);
2) иш-аракеттерди түздө н-түз аткаруу (действия), (операционный);
3. өзүн-өзү текшерүү (самоконтроль) ж-а баалоо (контрольно-оценочный). 1-компонент И-тин башталышы – окуучу тапшырманын максатын түшүнүп, аны ишке ашыруунун шартын аныктап, план түзөт. 2-компонентинде предметтин мазмуну чагылдырылып, ар кандай иш-аракеттер жүргүзүлөт. Иш-аракеттер 2 топко бөлүнөт: буюмдар м-н болгон иш-аракеттер (мис., сүрөттөр, схемалар же реалдуу буюмдар ж-а алардын моделдери м-н иштөө) ж-а ой жүгүртүү иш-аракеттери. Ой жүгүртүү иш-аракеттери катары логикалык операцияларды (анализдөө, синтездөө, салыштыруу, аналогия түзүү, жалпылоо) ж-а татаал интеллектуалдык билгичтиктерди (байкоо жүргүзүү, образ түзүү, моделдештирүү, өзгөртүп түзүү ж. б.) алса болот. Окуп-үйрөнүү И-и адамдын турмуштук иш-аракетинин негизи, ал тургай аспабы катары каралат. Андыктан, кенже окуучулардын окуп-үйрөнүү И-гн калыптандыруу алардын өз алдынча таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн негизги шарты болот.

Ишмердикти таанып-билүү – ишмердиктин бул түрү окуп-үйрөнүү И-ги м-н тыгыз байланышта болуп, андан өнүгүп чыгат: окуп-үйрөнүү И-ги билим алуунун аспабы катарында максатты түшүнүүгө, пландаштырууга, түрдүү иш-

аракеттерди жүр-гүзүүгө, жыйынтыктоого багытталып, конкреттүү предметтин материалында жүргүзүлүп, таанып-билүү И-не айланып, (трансформацияланып) окуучуда билим, билгичтик, көндүм-дөрдүн калыптануусун камсыз кылат, б. а. окуп-үйрөнүү И-ги - аспап, таанып-билүү И-ги анын жыйынтыгы болуп, бири-бирине сиңип, бир бүтүн процесси түзөт.

Ишмердикти окууга дилгирлик Окурмандык көркөм табит, окурмандын жекече пикири – окурмандык ишмердиктин натыйжасы, анын көрсөткүчү үч баскычтан турат.

I. Мында ишке ашырылууга тийиш болгон идея, аны ишке ашыра турган каражат да белгилүү, б.а. мурдагы көрсөтмөлөрдүн негизинде иш алынып барылат. Бул ишмердиктин репродуктивдүү деңгээли м-н дал келет. Буга текстти жөнөкөй түрдө кайра айтып берүүдөн баштап, көндүмгө айланган текстти бөлүктөргө бөлүп, аларга ат коюу; план түзүү, каармандардын ортосундагы окшоштуктарды, айырмачылыкты аныктоо, жаратылыш көрүнүштөрүн сүрөттөгөн, каармандарга тиешелүү сапаттарды ачып көрсөткөн көркөм сөз каражаттарын таап, аларга талдоо жүргүзүү ж. б. кирет, б. а. көрсөтмөлөрдүн негизинде аткарылган, көндүмгө айланган иш-аракеттердин бардыгы биринчи баскычты түзөт, ал эми алгачкы учурда, бул иш-аракеттер жаңыдан аткарылып жаткан мезгилде алар окурмандык ишмердиктин экинчи баскычы болуп саналат.

II. Мында ишке ашырыла турган идея белгилүү болсо да, аны ишке ашыра турган каражат көрсөтүлбөйт, же болбосо белгилүү каражаттарды пайдалануу м-н бир идея жаралат. Демек, мында экөөнүн бирөө белгилүү да, бирөө белгисиз. Экинчи баскычка көндүмгө айланганга чейинки жогоруда көрсөтүлгөн иш-аракеттерге кошумча текстти өзгөртүп түзүү, тексттеги жыйынтыкка башкача жол м-н келүү, текстти улантуу, макал-лакаптарды пайдаланып текст түзүү сыяктуу иш-аракеттерди кошууга болот.

III. Үчүнчү баскычта идея да, аны ишке ашыра турган каражат да белгисиз. Буга тексттеги автордун чеберчиликтерин көрө билүү, андан өзү үчүн жаңылыктарды ачуу, мурда аткарылбаган жаңы деңгээлдеги өз алдынча текст жаратуу кирет.

Текстти кабылдоо м-н текст жаратуу бекем ширелишип, ушул үч баскычты басып өтүп окурмандык ишмердикти түзөт.

Окурмандык ишмердиктин негизги көрсөткүчү болуп эмоциялуу баалуулук мамилелеринин тажрыйбасы аркылуу жаралган окурмандык көркөм табит, окурмандын жекече пикири эсептелет.

**КАБЫЛДОО -** – объективдүү дүйнө-нүн рецепторлорго тийгизген таасиринин натыйжасында пайда болгон нерселердин, окуялардын, кырдаалдардын бирдиктүү образы. К. туюу процесси м-н тыгыз байланышта ж-а ал аркылуу чөйрөгө багыт алууну камсыз кылат. К-нун физиологиялык негизи – дүүлүктүргүчтөрдүн бирдиктүү (комплекстүү) таасиринен жаралган шарттуу рефлекстер.

К-ну эки негизде класстарга бөлүштүрүүгө болот: 1. Материянын жашоо формасы б-ча: а) мейкиндикти К.; б) убакытты К.; в) кыймылды К. 2. К-го катышкан анализаторлордун айырмачылыктары б-ча: а) көрүп К.; б) угуп К.; в) тери К-су; г) даам татуу К-су; д) жыт билүү К-су.

К-нун негизги касиеттерине, анын предметтүүлүгү, бүтүндүгү, структуралуулугу, ойлонуучулугу ж-а туруктуулугу, категориялуулугу кирет. Акыркы жылдарда адамды адам К. проблемасын бардык жактан изилдөө колго алынууда.

**КАЛЛИГРАФИЯ -** – тамгаларды туура жана сулуу жазуу чеберчилиги, б. а. «Каллиграфия» деген термин «кол жазма», «жазуу» деген сөздөргө жакын маанини берет. Баланын сабатын ачууда окутуу м-н бирге эле жазууга да үйрөтө баштайбыз.

«Жазуу» деген термин «графика» деген мааниде колдонулат, б. а. сөздөгү тыбыштар м-н жазуудагы тамгалардын байланышы, о. эле аларды жазуудагы процесстин өзү. «Каллиграфия» менен «графика» мааниси жактан жакын түшүнүктөр. Бири – тамгалардын сүрөтүн тартуу, экинчиси ошол тамгаларды туура, так, сулуу жазуу. Тамгаларды жазууда туурасын, узунун, жантаюусун, аралыктарын бузуп жазса каллиграфиялык ката болуп эсептелет. Тамганы бузуп жазуу манжалардын туура эмес кыймылынан, калем сапты туура эмес кармагандан, дептердин туура эмес жатышынан ж-а отургучта туура эмес олтургандан болот. Ошондуктан жаздырганда тамгаларды ж-а анын элементтерин так жазууга биринчи күндөн тарта көндүрүш керек. Бала тамгаларды элементи м-н жазуудан мурда, ал тамганын элесин көз алдында чагылдырыш керек. Тамганын элеси баланын башында сакталганда гана жакшы натыйжа берет. Жазып жатканда бала бир эле тамганы жазып койбостон, аны экинчи бир тамга менен туташтырып, сөз, андан сүйлөмдү жазганга үйрөнөт. Алиппе мезгилинин аягында баланын каллиграфиялык кол жазмасы калыптана баштайт.

Окуучуларды сулуу ж-а таза жазууга үйрөтүүнүн педагогикалык ж-а коомдук зор мааниси бар. Бул жумуш – мугалимдин чымырканып иштөөсүн ж-а графикалык көнүгүүлөрдү системалуу түрдө жүргүзүп туруусун талап кылат. Жакшы жазууга көнүккөн окуучу катаны да аз жиберет. Мугалим баланы сулуу ж-а таза жазууга үйрөтүү м-н бирге, окуучуларды өз эмгегин баалай билүүгө, аткарып жаткан жумушуна жоопкерчилик м-н мамиле кылууга тарбиялай алат.

**КАЛЫГУЛ -** Бай уулу (1785-ж., – Ысыккөл р-ну, 1855) – XIX кылымдын биринчи жарымында жашаган кыргыздын ойчул даанышман, нускоочу акыны. К. «Акыр заман» ырларында келечекте боло турган коомдук процесстерди, адеп-ыйманга, экологияга байланыштуу көрүнүштөрдү алдын ала болжолдоп, кээде таамай айтып, караңгы элдин көзүн ачып, көөдөнүн агартууга чоң өбөлгө болгон. Ошон үчүн аны олуя Калыгул деп да аташкан.

Өзгөчө анын «терме, санат ырлары» тарбия-таалим маани-маңызга бай. Терең караганда, акын-насаатчынын айрым ойлорунда бүгүнкү күнгө керектүү гуманисттик пед. идеялар камтылган. Мис., «Ийри жыгач түз болот, теске салып оңдосо» деген терең ойлуу поэтикалык сабагында кыялы терс, мүнөзү чатак, тескери жолго түшкөн балдарга (трудные дети) карата ыгын таап, туура методиканы колдонсо, аларды оң жолго салууга болот дегендей оптимисттик педагогикалык идея жатат. К-дун поэтикалык-дидактикалык мурастары – соолгус тарбия казынасы.

**КАНДИДАТТЫК МИНИМУМ -** – илимдин кандидатынын окумуштуулук даражасына ээ болуу үчүн изденүүчү тапшыра турган экзамендер ж-а зачеттор. Кандидаттык экзамендер төмөнкү дисциплиналар б-ча белгиленет: философия, чет тили, диссертациянын темасына ылайык атайын дисциплина, информатика жана эсептөө техникасы (зачет).

**КАНИКУЛ -** (лат. caniculae – жылдын эң ысык учуру) – 1) окуу жайларда окуучуларга берилген дем алыш же тыныгуу; 2) парламенттин ишиндеги тыныгуу.
**КАРАСАЕВ -** Кусеин (1901-ж., Түп р-ну – 1998 Каракол) – алгачкы агартуучулардын бири, окутуучу-педагог, атактуу тилчи-лексикограф, профессор, КРУИАнын ардактуу академиги, К. Тыныстанов атындагы сыйл. лауреаты. Адегенде айылдык молдолордон кат-сабаты ачылып, кийин 1914–1916-ж-дарда Караколдогу орус-тузем мектебинен окуп билим алат. 1923-жылы Ташкенге келип, кыргыз-казак агартуу ин-туна окууга өтөт. Ташкенде окуп жүргөндө Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов м-н таанышып, бул экөө м-н бирге 1924-ж. кыргыздын биринчи газетасы «Эркин-Тоону» чыгарууга катышат.

1927-ж. И.Арабаев м-н бирдикте жаңы латын алфавитинин негизинде «Жаңылык» аттуу окуу китебин жазып, 1928-ж. басмадан чыгарат. Бул китептин учурунда өтөгөн мааниси ж-дө К. Карасаевдин замандашы Зияш Бектенов төмөндөгүчө эскерип жазган: «И. Арабаев м-н К. Карасаевдин «Жаңылык» аттуу алиппе китеби кыргыз эли латын тамгасын кабыл алган кезде, жаңы тамга м-н биринчи басылып чыккан эң мыкты окуу куралы болуп, сабатсыз элдин сабатсыздыгын жоюуга эбегейсиз зор кызмат кылган окуу куралы эле». «Жаңылык» м-н катар К. «Сабат ачкыч» аттуу алиппени да (1927) жазып, жарыкка чыгарган. Бул алиппенин да өз мезгилинде аткарган кызматы чоң болгон. Кыргыз алфавитинин бардык түрүн түзүүгө катышкан. К. Тыныстановго кошулуп, тил терминдеринин сөздүгүн да түзүшкөн. К. чындыгында эле Кыргызстандагы сөздүк түзүү ишинин негиз салуучуларынын бири. Алсак тилчи-агартуучу И. Батманов м-н бирдикте алгачкы «Орусча-кыргызча сөздүктү» (1938), 1944-жылы К. Юдахин, Ж. Шүкүровго авторлош болуп «Орусча-кыргызча сөздүктү» (1944) түзүп жарыкка чыгарган.

Административдик-буйрукчул системанын таптык тар саясаты К-ди кодулап, жектеп куугунтукка алган. 1933-ж. улутчул, контрреволюциячыл делип кармалып, Жалал-Абаддын түрмөсүнө отургузган. 50–60-жылдары 60 миң сөздөн турган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн» (1966) тартуулады. Мындан соң 70–80-ж-дары «Түгөйлүү сөздөр» (1971), эки томдон турган «Накыл сөздөр» (1982; 1987) китебин, «¤здөштүрүлгөн сөздөр», «Камус наме» аттуу сөздүк-китептерди жарыялаган.
**КЕНЖЕ ИЛИМИЙ КЫЗМАТКЕР -** – СССРде ил. изилдөө мекемелериндеги кызмат орду. 1942-ж. киргизилген. К. и. к. конкурс м-н кабыл алынат. Конкурска жогорку билимдүү же кандидаттык ил. даражасы, өз адистиги б-ча бир жылдан кем эмес стажы бар адамдар гана катыша алат. К. и. к. лабораториянын, сектордун, бөлүмдүн планы б-ча ил.иш жүргүзөт. К. и. к. илимдин кандидаты болсо, өз алдынча тема б-ча иштеп, кызматкерлер тобуна жетекчилик кылат. Ар бир үч жылдан кийин К. и. к. жаңы мөөнөткө шайланат.
**КЕСИПТИ (КВАЛИФИКАЦИЯНЫ) ӨРКҮНДӨТҮҮ -** – пед. кадрлардын кесиптик билимдерин жогорулатуу, ишкердик сапаттарын өркүндөтүү, о. эле адистердин теориялык ж-а практикалык билимдерин жаңылоо максатында квалификацияларын жогорулатуу. Ал квалификация деңгээлине талаптардын артышына ж-а кесиптик милдеттерди аткаруунун учурдагы ыкмаларын өздөштүрүү зарылдыгына байланыштуу ишке ашырылат. Квалификацияны жогорулатуу зарылдыгына жараша, бирок кызматкердин бардык иштеген жылдарынын ичинде 5 жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт.
**КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮ -** – мектептин окуу тарбия ишинин маанилүү элементи; окуучунун жекече кызыгуусуна, шыгына, ден соолугуна ж-а коомдогу социалдык экономикалык өзгөрүүлө рдүн талаптарына ылайык аны аң-сезимдүү кесип тандап алууга даярдоого багытталган комплекстүү иш-чаралар системасы. К. б. б. көп кырдуу педагогикалык, психологиялык, экономикалык, социалдык, медициналык проблема. Азыркы кезде мектеп окуучусун кесип тандоого даярдоодо төмөндөгү милдеттерди чечүүгө кө ңүл буруу керек:

– окуучуларды кесипти аң-сезимдүү, жоопкерчилик м-н тандоого тарбиялоо;

– республиканын эл чарбасынын тармактары, эмгекти уюштуруунун формалары, базар экономикасынын маселелери м-н тааныштыруу;

– окуучуларды кесиптер, аларга коюлган талаптар, кесипке ээ болуунун жолдору м-н тааныштыруу;

– окуучунун кесиптик кызыгуусун, аны тандоосунун мамиле мотивдерин калыптандыруу;

– окуучуларды практикалык иштерге катыштыруу м-н билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ кылуу ж. б.

Илимий-пед. адабияттарда К. б. б. ишинин төмөндөгүдөй компоненттери аныкталган:

а) алдын ала кесиптик диагноздоо-алдын ала ар түрдүү методдорду колдонуу м-н окуучунун инсанын үйрөнүү. Натыйжада окуучунун мүнөздөмөсү түзүлөт;

б) кесиптик агартуу-окуучуларды кесиптер, аларга коюлган талаптар, ага ээ болуунун жолдору ж. б. маалыматтар м-н тааныштырат;

в) Кесиптик тарбиялоо-окуучунун кесипке кызыгуусун ж-а аны тандоодогу негизделген мамиле – мотивин калыптандыруу м-н байланышат;

г) кесиптик ылгоо – адамдын белгилүү эмгектин түрүнө жарактуулугун аныктайт;

д) кесиптик кеңеш – окуучунун шык-жөндөмүнө, кызыгуусуна жараша кесиптик багытталгандыгын камсыз кылат;

ж) кесиптик ынгайланууну – адамдын социалдык чө йрө гө, эмгек шарттарына, конкреттүү адистиктин түрүнө активдүү ыңгайланышы.

К. б. б. ишинин ар бир компоненти ө зүнө тийиштүү функциясын аткарганда гана жакшы натыйжа берет. Мектепте К. б. б. окуу процессинде, класстан ж-а мектептен тышкаркы иштерде жүргүзүлө т. КББ ишин жүргүзүүдө окуучулардын жаштык ж-а жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек.
**КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ -** – белгилүү эмгектик иш-аракет тармагындагы билим, практикалык билгичтиктер ж-а көндүмдөр системасы. Кесип ээлерин даярдоонун квалификациялык деңгээли б-ча К. б. б. баштапкы, орто ж-а жогорку болуп бөлүнөт.

К. б. б. анын составдык бөлүгү болгон техникалык билим берүүнүн пайда болуусу м-н өзүнчө тармакка бөлүнгөн. Ал эми кесиптик техникалык билим берүү ири өндүрүштөрдүн ж-а технологиялардын пайда болушунан келип чыкан.

К. б. б. өөрчүшү жалпы орто мектептин өөрчүшү м-н байланыштуу, анткени мектеп аздыр-көптүр кесиптик даярдоонун бир бөлүгүн өзүнө алган.

1921-жылы жалпы билим берүүчү мектептердин төмөнкү типтери киргизилген: башталгыч мектеп (4 жыл), жети жылдык (эки концентрден-4 ж-а 3 жылдан), 9 жылдык мектеп (3-концентрден-4, 3 ж-а 2 жылдан) турган. Биринчи концентр кесиптик билимге, экинчи концентр – орто ж-а үчүнчү концентр жогорку профессионалдык билимге жалпы билим берүү базасы болушу керек болгон. Ошону м-н бирге мектепти турмуш м-н байланыштыруу ишке ашырыла баштаган.

Орто квалификациядагы кесип ээлери жетишпегендигине байланыштуу 1924-жылдан баштап II баскычтагы мектептин жогорку концентрин кесиптештирүү жүргүзүлгөн. Кесиптик: айыл чарбалык, экономикалык, кооперативдик, педагогикалык, индустриалдык ж. б. багыттар киргизилген. Мындай кесиптештирүүнүн эки кемчилигин практика көрсөткөн: окуучуларга берилген атайын кесиптик билим эл чарбасында толук кандуу иштөөгө жетишсиз болгон; атайын даярдык, жалпы билим берүүнүн эсебинен жүргүзүлөт. 1930-жылдан баштап айрым мектептер техникумдарга айландырылган.

Мындай жол м-н орто квалификациялуу кесип ээлерин даярдоо жакшырган ж-а кеңейтилген, бирок жогорку окуу жайларында окуу үчүн илимдердин негиздерин толук өздөштүргөн жаштарды даярдоо кыйынчылыктарды туудурган.

1932-жылдан баштап жалпы билим берүүчү мектептердин иш-аракети жогорку окуу жайлары үчүн илимдердин негиздерин жакшы билген сабаттуу адамдарды даярдоого багытталган.

1940-жылдын октябрында түзүлгөн кесиптик окуу жайлары ж-а мамлекеттик эмгек резервдери мектептер системасы пландуу түрдө шаардык ж-а айылдык жаштардан көптөгөн жумушчу кесипчилигине даярдап, бардык ишканаларга жөнөтүп турган. Бирдиктүү окуу-методикалык жетекчилик кесиптик окуу жайларында кесиптик билим берүүнүн мазмуну, формалары ж-а методдору б-ча суроолорду иштеп чыгууну жеңилдеткен.

Эмгек резервдери окуу жайлары негизинен оор өнөр жайлары, курулуш, транспорт, байланыш ж-а айыл чарбасын механизациялоо боюнча жумушчуларды даярдашкан. Бара-бара эл чарбасынын бардык тармактары үчүн жумушчу кадрларын даярдоого талаптар коюлган. Натыйжада жаштарга кесиптик-техникалык билим берүү өзгөчө мааниге ээ болгон. Орто кесиптик билим берүү индустриалдык, транспорттук, айыл чарба ж. б. техникумдарда, медициналык, юридикалык, сүрөтчүлүк ж.б. атайын орто окуу жайларында ишке ашырылып келген.

Окуу мөөнөтүндө орто билими жоктор адабият, тарых, математика, физика, химия, география, биология ж. б. жалпы билим берүүчү предметтерди ж-а тандаган кесибине байланыштуу жалпы техникалык, атайын предметтер боюнча билим берилген, өндүрүштүк практика өткөрүлгөн. Теориялык даярдык сабактын, лекциянын, семинардын ж-а лабораториялык сабактардын жардамы м-н берилген. Илимдин жетишкендиктерине таянган ж-а техника м-н жабдылган өндүрүшкө жогорку деңгээлдеги техникалык даярдыкка ээ болгон ж-а практиканы жакшы билген кесип ээлери керек болгон.

**КИБЕРНЕТИКА -** – жалпы закондордун башкаруучулук байланыштарынын объекттери ж-дөгү илим; ал информацияны кабыл алганга, эстегенге, кайра иштеткенге жөндөмдүү. К. өзүнчө илим катары калыптанды ж-а электрондук-эсептөө техникасынын пайда болуп, өнүгүшү м-н кошо өнүккөн. К-нын өзгөчө жоболорун америкалык окумуштуу Норберт Винер 1948-жылы «Кибернетика» деген китебине жазып чыккан. 50–60-ж. Советтер Союзунда К-ны изилдөөнүн жетекчиси ж-а демилгечиси Аксель Иванович Берге болгон. К-нын теориясына ж-а прикладдык К-ага чоң салымын (АН СССР жана АН УССР) Виктор Михайлович Глушков кошкон.

Учурда К. техникалык, экономикалык, педагогикалык ж. б. деп бөлөт. Кибернетикалык подход көп, бири-бири м-н байланышкан объекттерди изилдөөдөн келип чыккан. Мындай мамиле жалпы илимдик методикалык изилдөө ж-а башкаруу, анын өнүгүшү системалуу мамиле болгон. Системалык анализ татаал кубулуш, процесстер, жаратылыштын объекттери ж-а коомчулук түзүлүшү ж-а функциясы, анан да синтез – жаңы системалоо ж-а моделдөө болуп саналат.

Педагогикалык кибернетика – окутуу-тарбиялоо процессиндеги оптималдуу башкаруу ж-дөгү илим, пед. система м-н, окутуунун технологиясы, кибернетикалык подходдун негиздери ж-а эсептөө техникаларынын колдонулушу.

**КИМ -** Валерий Леонидович (1951-ж. т., Ош ш.) – педагогика илиминин доктору (2000), профессор (2002), 1973-ж. КМУнун прикладдык математика факультетин бүтүргөн. Кыргызстан ИАнын физика ж-а математика ин-тунда ага ил. кызматкер. И. Арабаев атн. ун-тте проректор, 2002-ж-дан Кырг. Респ. Президентинин атайын өкүлчүлүк секретариатындагы инвестициялык маркетинг б-ча эксперт. Ал 50дө н ашык ил. ж-а ил.-методикалык эмгектин, 2 монографиянын автору, алар Жогорку окуу жайларын реформалоого арналган.

**КИТЕПКАНА -** – басмадан чыккан китеп, журнал, газеталарды топтоо, сорттоо, окурмандарга берүү, пропагандалоо б-ча иш алып баруучу, о. эле библиографиялык иштерди жүргүзүүчү мекеме. Милдетине, китеп фондуна ж-а иштөө методуна жараша К-лар массалык, ил. ж-а атайын деп бөлүнөт. Массалык К-лардын негизги милдеттери: адабияттарды талдоо ж-а окурмандардын кеңири чөйрөсүнө жеткирүү, ил. китепканалар илим, эл чарбасы ж-а маданият тармагындагы адистерди тейлейт. Ошондой эле жогорку ж-а орто окуу жайлардын студенттер ж-а окутуучулар составынын муктаждыктарын канааттандырат. Ил. китепканага мамлекеттик, академиялык, университеттик ж-а илимдин түрдүү тармагы боюнча К-лар кирет. Атайын китепканага техника, ишкана, илим изилдөө ин-ттары м-н жогорку окуу жайлардын К-лары кирет. К-лардын негизги багыты – китеп фондун комплекттөө ж-а уюштуруу, китеп окуучуларды тейлөө.

К. аралык абонемент (КАА) – калкты китеп м-н тейлөө формасы. К. каталогу – китепканадагы басмадан чыккан китептердин тизмеси. Китепкана каталогу китепканалардын фондунда кандай китептер барын билүүгө, аларды талдап окуганга көмөк берет. Каталогдор системалык, предметтик, алфавиттик, номерлүү деп бөлүнөт. Системалык каталогдо

карточкалар илимдин тармактары боюнча бөлүнүп, анын ичи алфавит тартибинде жайгашат. Алфавиттик каталогдо карточкалар автордун аты-жөнү б-ча алфавит тартибинде берилет. Номерлүү каталогдо карточкалар китепке берилген номерлер боюнча орун алат.

**КЛАСС -** – 1. Жалпы билим берүүчү орто мектеп окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүнө, билими деңгээлинин бирдейлигине жараша тобу (мис., 1-класс; 5-класс; 10-класстын ж. б. окуучулары). Эреже катары бир класс-комплекти 25 окуучудан турушу зарыл. Объективдүү шарттардан улам мектептерде класстагы окуучулардын саны өзгөрө бериши мүмкүн. 2. Мектептеги окуучулар окуй турган санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берген, атайын эмеректер м-н жабдылган окуу бөлмөсү же класстык комната.

**КЛАСС ЖЕТЕКЧИ -** – жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуучулар коллективинин класстагы ж-а класстан тышкаркы окуу-тарбия иштерин уюштуруп, иш жүзүнө ашырууну аркалаган тажрыйбалуу мугалимдердин ичинен тандалган мугалим.

Орто мектептердин башталгыч класстарында К. ж. милдетин бул класстарды жетектөөчү мугалим өзү аткарат. К. ж. мектеп директору тарабынан дайындалат.

**КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕР -** – окуудан тышкаркы убакытта окуучулардын билим, билгичтик ж-а көндүмдөрүн өркүндөтүү ж-а тереңдетүү, өз алдынчалыгын ж-а жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, о. эле алардын акыл-эстүү эс алуусун камсыздоо үчүн мектеп тарабынан уюштурулган максаттуу иш – чаралар. Мектептердеги К. т. и. ар түрдүү формада уюштурулуп, окуучулардын кеңири катмарын камтыйт.

К. т. и-ди уюштуруу формаларына: а) мектептеги окуучулар кружоктору (предметтик), б) идеялык-массалык иштер (докладдар, аңгемелер, лекциялар, окуу конференциялары, мамлекеттик, улуттук, мектеп майрамдары, жолугушуулар, кечелер), в) окуучулар м-н жекече иштөө (китеп окуу, техникалык, искусство сабактары) ж. б. кирет. Булардын баары негизинен ата-энелердин катышуусу менен ишке ашууга тийиш.

**КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУ -** Бул термин 1886-жылы орустун окумуштуусу В. П. Шереметев тарабынан сунуш кылынган (Шереметев В. П. Соч. М.: 1897, С. 51–52). XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап бул термин педагогика илиминде ж-а практикада окуу сабагынын бир бөлүгү катарында жалпы билим берүүчү мектептерге киргизилген. Аны педагог тарабынан уюштурулган, окуучулардын өз алдынча көркөм, илимий-популярдуу ж. б. чыгармаларды окуусу катары кабылдоо зарыл.

К. т. о. программаны мазмундук жактан кеңейтүү, тереңдетүү м-н гана чектелбестен, окуучулардын предметке болгон кызыгуусун, окурмандык ишкердигин арттырып, алардын ар кандай окуу талаптарына жооп берет. К. т. о. окуучулардын өз алдынча китеп тандоодо алардын кызыкчылыгын, табитин, канаттандыруу м-н аларды нравалык, эстетикалык, аң-сезим жагынан өстүрүү, тарбиялоо каражаты болуп эсептелет. Ошондуктан К. т. о-ну туура уюштуруу өтө маанилүү ж-а зарыл.

**КОГНИТИВДҮҮ ТЕХНОЛОГИЯ -** – информациялык технология, адамдын интеллектуалдык жөндөмүн далилдөөгө ориентирленген. Компьютердик графика когнитивдүү технологияга мүнөздүү болуп эсептелет, экранда жөн гана геометриялык фигуралар эмес, ар түрдүү математикалык формулалары бар компьютердик графикалар.

**КОЗГОЛУУ -** – тирүү организмдин таасир эткен дүүлүктүргүчтөргө берген активдүү жообу. К. негизги физиологиялык процесс. Ал нерв системасынын башкы функциясы болуп да эсептелет.

К-нун негизин химиялык ж-а физикалык процесстердин татаал түйүнү түзөт. Нерв системасынан турган бардык клеткалардагы К. өткөрүүчүлүк касиетке ээ болуп, электрдик потенциал аркылуу иштейт. К. клеткалардагы ж-а ткандардагы жылуулуктун көп бөлүнүп чыгуусун, зат алмашуудагы өзгөрүүлөрдү, иондордун (калий, натрий, кальций) орун которуусун камсыз кылат.

К. нерв клеткаларында(нейрондордо) пайда болуп, нервдик импульс түрүндө биринен-экинчисине өтөт. К. ички ж-а сырткы таасирлерден улам жаралган дүүлүгүүлөрдү кабыл алууга жөндөмдүү болгон рецепторлордон башталып, борбордук нерв системага (жүлүнгө ж-а баш мээге) берилет. Баш мээде кайра иштелип чыккан маалымат жумушчу органдарга(булчуңга, бездерге, кан тамырларга) жетет. Нерв системасында болуп жаткан К.- тормоздолуу процесси м-н биргелешип иштейт. Мындай бирдиктүүлүк организмге келип түшкөн сигналдарды (дүүлүгүүлөрдү) кабылдоо ж-а кайра иштеп чыгуунун жүрүшүн жүзөгө ашырат.

**КОЛЛЕДЖ -** – Франция, Бельгия, Швейцария (кээ бир гана кантондорунда) ж-а Африка м-н Азиянын айрым өлкөлөрүндө толук эмес орто же орто билим берүү окуу жайы. Бельгияда К. – кыздар орто мектеби болуп эсептелет.

**КООМДОГУ ИНФОРМАЦИЯЛЫК МАДАНИЯТ -** – коомдогу жөндөмдүү-лүктү эффективдүү колдонуу, информациядагы коммуникациялык каражаттарды ж-а ресурстарды информациялык технологияларды ж-а информатизациянын каражаттарын өнүк-түрүү тармагында максаттуу колдонуу.

**КОМЕНЬСКИЙ -** Ян Амос (1592–1670) чех элинин улуу ойчулу, педагог, коомдук ишмер. Бүт өмүрүн таалим тарбия проблемаларын иштеп чыгуу, ал аркылуу дүйнө элдери арасында өз ара бири-бирин жакшылап түшүнүп ырыс-ынтымакта жашоосуна багыт берүүгө арнаган К. философиясы («пансофия»-бардыгын бардык нерсеге үйрөтүү) инсанды өнүктүрүүнүн комплекстүү методдору, программалары учурунда утопия катары кабылданып 20 к-да гана татыктуу баасын алган. Ал «Дидактика» аттуу эмгегинде (1628–30, 1849-ж. жарыяланган) жалпы универсалдуу билим берүү теориясын иштеп чыкан. «Улуу дидактика» (1633–38) аттуу эмгеги узак мезгил орто билим берүүнүн теориялык базасы катары кызмат кылган. К. алгач билим берүүнүн предметтик принцибине артыкчылык берүү м-н физика, геометрия, география, астрономия, тарых б-ча оригиналдуу окуу китептерди даярдаган. Кийинчерээк адам дүйнө тууралуу билимдердин бир түйүнгө бириккен системасын алышы зарыл деген ишенимге келген. «Тилдердин ачык эшиги» (1631), «Сүрөттөн сезим м-н кабыл алынуучу буюмдар дүйнөсү» (1681) аттуу китептерин негиздеп, тилегин ишке ашырууга

далалат жасаган. К. педагогикалык чыгармаларынын толук 4 томдук топтому 1654-ж. Амстердамда латын тилинде жарык көргөн.

Дүйнөлүк коомчулук К. педагогика илиминин – негиздөөчүсү катары таанышат. Азыр күндөлүк педагогикалык процессте бекем орун алып, активдүү колдонулган жалпы билим берүү, класстык сабак, көрсөтмөлүү окутуу методу, эне тилде окутуунун артыкчылыгы, танапис, каникул, чейректер, мектеп расписаниясы, мектеп имаратынын физикалык чөйрөсү, мектеп бакчасы, мектеп аянтчасы, дене тарбия, музыканын өзүнчө атайын сабак катары окутулушу жөнүндөгү ж. б. таамай так түшүнүктөр ж-а өрнөктүү эреже салттар эң алгач К-дин эмгектеринде аныкталган. Демек, К. теориялык ж-а практикалык табылгалары 4 к-га жакын мезгил өтсө да өз наркын, баасын жоготпой тескерисинче актуалдуулугу артып барат.

**КОМПЬЮТЕРДИК САБАТТУУЛУК -** – системалуу билим ж-а билгичтик, адамдын жашоосуна өтө керектүү, эмгек, компьютердик коомдогу эс алуу, компьютерди интеллектуалдык эмгекте курал катары пайдалануу. Ал жалпы билим берүүчүлүк ж-а профессионалдуу сабаттуулукта базаланат, математикалык негиздөө, физика, электрониканын элементтери, программалоо, электрондук-эсептөө машиналары ж. б.:

– алгоритм, анын катмары, каражаты ж-а баяндоо методу жөнүндө түшүнүк,

– алгоритмдин ЭЭМ үчүн сунушталган программасынын формасы жөнүндө түшүнүк,

– алгоритмдик программалоонун биринин негиздерин (Бейсик, Паскалы, Фортран) билүү,

– ЭЭМдеги практикалык пикир алышуунун жолдору,

–түшүнүүнүн мааниси, электрондук-эсептөө техникасынын турмушта, адамдын жашоосунда, илимде, өндүрүштө колдонулушу ж-а ролу.

Аталган элементтер компьютердик сабаттуулуктун жөнөкөй негиздери болуп саналат.

Жогорку деп эсептелген тепкичтерге төмөнкүлөр кирет:

– функционалдуу компьютердик сабаттуулук, ЭЭМ м-н иштөөнүн алдын ала берилген божомол билгичтиги, татаал алгоритмдерди иштеп чыгуу ж-а аларды бир же бир нече программаларга кодировкалоо, пайдалануучу ЭЭМ жөнүндө жакшы билим, өзүнүн ишмердүүлүгү үчүн татаал эмес программаларды билүү, стандарттык программа м-н камсыздоону чыгармачылык ийкемдүүлүк м-н колдонуу, информатика б-ча өзүнүн билим деңгээлин кеңейтүүгө умтулуу;

– системалуу компьютердик сабаттуулук – максаттуу билим системасы ж-а компьютер аймагындагы аткаруу, компьютердик дүйнөдөгү техниканы кеңири ориентирлөө, бир ЭЭМден экинчи ЭЭМге, бир программалоо тилинен экинчи программалоо тилине кенен өтүү, компьютерлештирүүнүн коомдогу оң ж-а негативдүү кыймылдарын баамдоо, программалык каражаттарды кенен иштеп чыгуу ж-а жогорулатуу ж-а компьютердин бардык тармактардагы пайдаланылуусу.

**КОНСЕРВАТОРИЯ -** – итальянча conservatorio деген сөздөн алынып түп мааниси (приют) - ал эми латын тилинде conservo - (сохраняю) сактоо, сактап туруу - атайын музыкалык адистерди даярдоочу жай деген маанини билдирет. Италияда CVI R. шаардын көчөлөрүндө кароосуз калган жетим балдарды баш калкалатып музыкага үйрөткөн (приют) жайларды к. деп атай башташкан.

Кийинки жүз жылдыкта Италиянын консерваториялары, атагы чыккан таланттуу музыканттарды–аткаруучуларды, композиторлорду, ырчыларды тартуулап, чет элдиктердин көңүлүн өзүнө бурган. К-да башка европалык музыканттар да билим алышкан. Францияда эң алгачкы К. 1795-жылы Россияда 1862-жылы ачылган. Орус К-ры өзүнүн профессионалдык деңгээли жогору адистерин дүйнөгө таанымал таланттуу композиторлорду, аткаруучуларды даярдоосу м-н башкалардан айырмаланган. Бул жерде атактуу композиторлор – П. И. Чайковский, Н. А. Римский-Корсаков, С. И. Танеев, А. К. Глазунов, А. К. Лядов ж. б. эмгектенишкен. Кыргызстанда К. Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз Мамлекеттик искусство институтунун эки факультетинин базасында Президенттин указы м-н 1993-жылдын 23-июнунда ачылган. 25-майда 1998-жылы жогорку окуу жайына “Мамлекеттик” деген статус ыйгарылган. Кыска убакыттын ичинде консерватория 500дөн ашык жогорку квалификациялуу адистерди даярдады. Бүгүнкү күнү бул окуу жайда 4 факультет 14 кафедра бар. Алар пианисттер, вокалистер, симфониялык ж-а кыргыз элдик аспаптарда аткаруучулар, эстрадалык артисттер, хордун ж-а оркестрдин дирижерлору, композиторлор, музыка таануучулар, балетмейстрлер даярдалат.

**КОНТЕКСТИК ОКУТУУ -** (контекстное обучение) – жогорку ж. б. окуу жайлардагы окутуунун бир түрү. К. о. келечектеги кесип же адистик ээлерин предметтик ж-а социалдык жактан даярдыгын өз кесибинин реалдуу моделдерине жакындаштыруу максатында теориялык ж-а практикалык жактан даярдоонун формасы да болуп эсептелет. Мындай иш көбүнесе «иштиктүү оюн» ыкмасында жүргүзүлөт да окуучулар келечектеги адистик милдеттерин оюн формасында уюштурулган кандайдыр бир өндүрүштүк проблеманы чечүүгө катышуу аркылуу өздөштүрүшөт.

**КОНФЕРЕНЦИЯ -** (латынча бир жерге чогултам) – ар кандай уюмдардын, топтордун, мамлекеттердин өкүлдөрүнүн, о. эле айрым адамдардын, окумуштуулардын белгилүү бир маселелерди (көбүнчө теориялык) талкуулоого арналган кеңешмелери, чогулуштары.

**КОНФУЦИЙ -** (Кун Фу-цзы – б. з. ч. (552) 551–479) — кытай ойчулу. Көз караштары «Лунь юй» («Ойлор жана маектер») деген эмгегинде чагылдырылган. Ал адам тууралу терең ой толгоп, аны жалпы космостук шайкештикти түзүп турган бүтүндүктүн ортоңку булагы деп эсептеген. Асман (тянь) ааламды ыраattуулукка келтирип турган эң башкы зор күч, ал эми адам жер үстүн мекендеген ортоңку күч, ошондуктан ал асман м-н урмат-ызаат алака-катышта болуш керек деп түшүнгөн. Ал адамдагы ыймандык башатка чечүүчү маани берген. Өзү ж-а анын көз карашын улантуучулар тарабынан этиканы, эстетиканы, мамлекетти курууну ж-а башкарууну, динди камтыган кунфучулук (конфуцианство) деген окуу иштелип чыккан.

**КОНЦЕПЦИЯ -** – латындын conceptio – жалпы түшүнүк, элестетүү, ой деген маанини билдирет. Ал 1) көз караштардын системасы, кубулуштарды ж-а процесстерди мындай же тигиндей түшүнүү; 2) кандайдыр-бир эмгектин, илимий иштин

ж. б. башкы, аныктоочу, бирдиктүү идеясы деп аныкталат. Концепция бул же тигил тармактын максаттык, мазмундук, процессуалдык ж. б. аспектилерин камтыйт. Концепциянын негизинде мыйзам актылары, мамлекеттик стандарттар, программалар ж. б. каражаттар даярдалат. Мис., катары, педагогикада окутууну реформалоо, жогорку билим системасын реформалоо, орто мектепте предметтик билим берүүнүн (тилди, математиканы, химияны, биологияны ж. у. с. окутуу), эстетикалык тарбия берүүнүн концепцияларын көрсөтүүгө болот. Алардын негизинде билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, окуу программалары, китептери ж. б. окуу каражаттары жазылат.

**«КОРКУТ АТА КИТЕБИ - »** – Коркут VIII—IX к-да Сыр-Дарыянын орто ж-а төмөнкү боюн мекендеген. Огуз-Кыпчак урууларынан чыккан баатыр, атактуу акын, күүлөрдүн устаты, кеменгер улама, сөздүн кеңири маанисинде коомдук масштабдагы тарбиячы – «элдик педагог» болгон. Анын мурастары бизге «Коркут ата китебинин» эки нускасы аркылуу жетти. Алардын бири Германиянын Дрезден китепканасынын сейрек кездешүүчү кол жазмалар фондунда, экинчиси Италиядагы Аростолика китепканасында сакталып турат.

«Коркут ата китебинде» педагогикалык мотивдеги адамдын нарк насили тууралуу түрлүү афоризмдер, насыят сөздөр, уламыштар, аңыз аңгемелер жыш учурайт. Алсак «Сапар Казандын үйүн жоо чапкандыгы жөнүндө ыр» аңыз аңгемеде ар намыс, өмүр ж-а өлүм таразага салынып, ар намыстын улуулугу ж-дө келээр муунга таасирлүү сабак берилет. Даанышман таалимчи катары Коркут ата киши затына турмуштун татаал кубулуштарын таанытып, өрнөктүү, нарктуу өмүр кечирүүгө үндөгөн кыска ж-а нуска ондогон орошон осуяттарды мурас калтырган.

**КОРЧАК -** Януш (чыныгы аты, фам. – Генрих Гольдшмит) (1878–1942) польшалык педагог, балдар жазуучусу, публицист, ж-а коомдук ишмер. Балалыктын оригиналдуу концепциясын ж-а баланын аң-сезимин калыптандыруу, жетилдирүүнүн жолдорун иштеп чыккан. Анын «Баланы кандайча сүйүү керек» аттуу китеби дээрлик дүйнөнүн бардык тилдерине которулган. К. таалим-тарбиянын башкы озуйпасы, максаты – конкреттүү ар бир баланын ички дараметин ж-а жөндөм-шыгын эркин, түгөл, гармониялуу өнүктүрүү, инсанды аруулуктун, асылдыктын ж-а эркиндиктин идеалында жетилдирүү. Таалим-тарбия процессинде инсан ички өз алдынчалык ж-а жеке кадыр бедел сыяктуу туюм-сезимдер туура, бекем калыптанышы абзел. К. балдар үйлөрүн жетектеген, атайын педагогика институтунда сабак берген, о. эле жашы жете элек кылмышкерлер боюнча соттордо эксперт болгон. Гитлердик оккупация мезгилинде «Балдар үйүндөгү 200 жакын окуучу ж-а бир катар педагогдор м-н бирдикте Треблинкка концлагеринин газ камерасында өлтүрүлгөн.

**КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ -** – окуу планындагы негизги адистигинен тышкары дагы кошумча билим берүү формасы. Мындай кошумча билим алган адам экинчи бир адистикке ээ болот. Кошумча билим өзгөчө адистер жетишпеген шарттарда өтө зарыл ж-а маанилүү. Мис., химия мугалими негизги адистик болсо, биология кошумча адистик болушу мүмкүн. Башталгыч мектептин мугалими кошумча психолог кесибине да ээ болушу мүмкүн.

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ (КББА - )**, 2003-ж. 9-июнунда Кырг. Респ-нын өкмөтүнүн токтому м-н түзүлгөн, Кырг. Респ-нын билим ж-а маданият министрлигине баш ийет. КББАнын негизги максаттары ж-а маселелери болуп төмөн-күлөр эсептелет:

билим берүүнү башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу;

жаңы муун үчүн мамлекеттик стандарттарды, программаларды, окуу китептерин түзүү, окуу-методикалык адабияттарын ж-а башка билим берүүнүн сапатын жогорулатууну камсыз кылган адабияттарды чыгаруу;

педагогикалык ж-а башкаруучулук кадрларды даярдоо, кайра даярдоо ж-а квалификациясын жогорулатуу;

Кырг. Респ. билим берүүнүн философиясын ж-а илимий-методикалык негиздеринин стратегиясын аныктоо;

аспирантура ж-а докторантура аркылуу жогорку квалификациялуу ил. ж-а ил.-педагогикалык кадрларды даярдоо.

К. б. б. а-нын структурасына төмөнкүлөр кирет:

- Билим берүү борбору.
- Жогорку ж-а үзгүлтүксүз билим берүү проблемаларынын борбору.
- Инновация-информациялык технологиялар борбору.
- педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, даярдоо ж-а кайра даярдоо борбору.

**КӨРКӨМДҮККӨ ТАРБИЯЛОО -** – окуучуларды көркөмдүккө тарбиялоодо адабият, музыка, театр, кино, көркөм өнөрүнүн түрдүү тармактары эстетикалык тарбия берүүнүн маанилүү каражаттарынан болуп эсептелет.

К. т. окуучулардын дүйнөнү таанып билүүдөгү моралдык ишенимин бекемдөөдө тийгизген таасири чоң.

Көркөм тарбиялоо үй-бүлөдө, балдар бакчасында, мектепте адабият, музыка, көркөм өнөр предметтерин окутууда, ошондой эле мектептен сырткаркы атайын өспүрүмдөрдүн атайын борборлорунда, клубдарында жүргүзүлөт.

Жогоруда аталган предметтер үчүн түзүлгөн программаларда белгилүү өнөр инсандарынын чыгармалары ж-а чыгармачылык жолдору м-н тааныштыруу иштери каралган. Союздун учурунда мектептерде драм, хореография, ыр-бий, ыр-хор көркөм өнөрүнүн түрдүү тармактары б-ча ийримдер кеңири ачылып, атайын билим берүү министрлиги тарабына каржыланып балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн эске алып атайын бирдиктүү программалар түзүлүп билим берүү бирдиктүү системасы аркылуу ишке ашырылган, балдардын шыгы жөндөмүнө жараша исскуствонун түрдүү тармактары боюнча тереңдетилген илимдерди алышкан. Таланттуу тандалып алынган балдар кийин ошол багыттагы окуу жайларда окууларын улантып кетүүсүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Мындай мектептен тышкаркы окуу борборлорунун арасында ар дайым кароо конкурстар, фестивалдар, театрлаштырылган спектаклдер, концерттер өткөрүлүп, жаш таланттарга тиешелүү сын-пикирлер айтылып, чыгармачылык ийгиликтерин баалап туруу керек.

Окуучулардын искусство тармагындагы билим, шыгын өстүрүп пропагандалоо иштерине адабий-музыкалык уктурууларды, кино фильмдерди көрүү, көркөм иллюстрацияларды көрсөтүү м-н ангемелешүү, диспуттарды өткөрүү, көргөзмөлөрдү уюштуруу, белгилүү чыгармачыл адамдар м-н тез-тез чыгармачылык кечелерди өткөрүп туруунун мааниси зор.

**КӨРҮҮСҮ АЯЛУУ БАЛДАР МЕКТЕБИ -** – азиз (сокур) ж-а начар көргөн балдар үчүн атайын окуу-тарбия мекемеси. Алар өзүнчө да, о. эле көрүүсү бузулган балдардын категориялары үчүн өз алдынча бөлүм катары да болушу мүмкүн. Офтольмолог-дарыгердин корутундусу б-ча мындай мектептерге көзүнүн көрүү мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар кабыл алынат. Окутуу процесси атайын окуу планы ж-а программанын негизинде жекече ж-а фронталдык иштин атайын ыкмаларын кеңири пайдалануу аркылуу жүргүзүлөт. Ошондой эле класста көрүү иштери үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт, атайын окуу-көрсөтмө куралдары ж-а дидактикалык материалдар, атайын оптикалык ж-а техникалык каражаттар колдонулат. Тармак эки түрдө болот: азиз балдар үчүн мектептер, мында балдар 12 жыл окуп, толук эмес орто билим алышат; ал эми начар көргөндөр үчүн мектептерде балдар ушул эле мөөнөттө жалпы орто билимге ээ болушат.

**КӨҢҮЛ -** , н а з а р – адамдын психикалык ишмердүүлүгүнүн кандайдыр бир нерсеге ыкыластуулук (ой топтогондук) м-н багытталышы болуп саналат. Көп сандаган тышкы ж-а ички информациялардын ичинен өзүнүн иш максатына ылайык келе тургандарын ажыратып алуу мүмкүнчүлүгүн адамга К. гана бере алат. Ошондуктан мектептин милдети окуучуну белгилүү көлөмдөгү билимдер м-н камсыз кылуу гана эмес аны ойлонуу, эсте сактап калуу, көңүл буруу, назар салуу сыяктуу бардык психикалык функцияларды ж-а процесстерди максималдуу пайдалана билүүгө көнүктүрүүгө тийиш. Бирок окуучулар К-дү (көңүл коюуну) билгичтик м-н пайдалануу аларга кандай таанып билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрдү берерин билишпейт. Ырас, ар бир бала үйүндө да, мектепте да «көңүл бургун» деген сөздү такай угат. Ошондой болсо да алар анын мааниси эмнеде экенин анча баамдашпайт. Ал гана эмес кээ бир окуучу өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү, материалды түшүнүп билиши, тапшырмаларды катасыз аткаруусу анын К-үнө байланыштуу экенин ойлоп да койбойт. Албетте, мектепте окуучу өз эркинче эмнени кааласа ошону иштеп эмгектене албайт, ал окуу планында ж-а программаларында көрсөтүлгөн-дөргө ылайык гана тапшырмаларды аткарып эмгектенет. Окуу ишмердүүлүгүн мындайча уюштуруу сөзсүз окуучунун К-үнө (көңүлдүү болуусуна) жогорулатылган талаптарды коет. Ошондуктан көп учурда окуучулар, айрыкча башталгыч класстарда окушкан балдар, иштөө процессинде К-дү кантип топтоо керек экендиги боюнча мугалимдин жардам көрсөтүүсүнө муктаж болушат. Тилекке каршы, көп учурда мугалимдердин өздөрүнүн да К. ж-дөгү түшүнүктөрү өтө эле интуитивдик гана мүнөздө экендиги белгилүү. Башка психикалык процесстерге салыштырганда К., анын мазмуну бир кыйла татаал. Анын татаалдыгы ал өздүк мазмунга ээ болбостон ар дайым: кабылдоо, ойлонуу, эстөө (эс) сыяктуу психикалык башка процесстердин көрүнүштөрү катарында жашайт. Мына ушул айтылган процесстерден айырмалуу көңүлдүн ишмердиктеги өздүк натыйжасы жок.

Мис., кабылдоо (кабыл алуу) процессинин натыйжасы бул предметтин кандайдыр бир образын эстөө (эстеп калуу) процессинин натыйжасы – бул предметтин, кубулуштун эсте сакталып калынышы, ойлоо процессинин натыйжасы – бул маселенин, проблеманын чечилиши боло турган болсо, анда К. ж-дө анын ишмердүүлүгүнүн конкреттүү натыйжасын көрсөтүү мүмкүн эмес, ал жок. Ал жардамчы жумушчу катары психикалык башка процесстердин эффективдүү болуп өтүүсүнө таасир этип тейлейт. К. Д. Ушинский айткандай К. – бул биздин ички дүйнөбүзгө, биздин аң сезимибизге тышкы дүйнөдөн түздөн-түз өтүп кирүүчүлөрдүн бардыгы үчүн бирден-бир эшик болуп эсептелет (Ушинский К. Д. Избр. пед. соч. М., 1954, т. II.с. 562).

К-дүн бар же жок экенин билүүгө жардам берүүчү бир катар белгилер бар, алар адамдын жүрүм-турумунан көрүнөт. Мис., окуучунун жыйнактуу болуп чымырканган абалы, анын оюнун бир жерге жыйнакталып топтолушунун өңүнөн байкалышы, сүйлөп жаткан адамга (мугалимге, класстašына), доскага, демонстрациялык көрсөтмө куралдарга кадалып карашы – мына ушулардын бардыгы окуучуларда К-дүн (көңүлдүүлүктүн) бар экендигин эң сонун ырастап көрсөтөт. Тескерисинче, эгерде окуучу партасында эч ким м-н сүйлөшпөй, кыймылдабай тынч отурганы м-н анын позасы (абалы) бошоңку болуп туруктуу көз карашы жок, зериккендиги өңүнөн көрүнүп турса, анда мугалим мындай окуучу-нун сабакка көңүл бурбай отургандыгын оңой эле байкап биле алат. Бирок жогорку класстын кээ бир окуучулары сабакка К. бурумуш болуп отурушканы м-н чындыгында алардын К-ү, ойлогон ою сабактан тышкары окуялар ж-дө экендигин алар сыртынан билгизишпей тургандыгын мугалим эске алуусу зарыл.

Мындан тышкары, окуучуларда көңүлдүүлүктүн бар же жок болгондугун кыйыр түрдө ырастай турган да бир катар белгилерди көрсөтүүгө болот. Мис., окуу тапшырмасын тез ж-а туура аткаруу окуучунун К-дүүлүгүн ырастайт, анткени тапшырмага ынтызар болуп назар салуу сөзсүз анын натыйжалуу аткарылышына таасир этет. Окуучунун сабакка канчалык көңүл коюп катышкандыгын мугалим көп учурда анын аткарган ишинен аныктап биле алат. Мис., эгерде класстык иште же үйгө берилген тапшырманы аткарууда эч негизсиз одоно каталыктар (сүйлөмдү, сөздү жазууда таштап кетүү, тамгалардын, сөздөрдүн, сандардын, цифралардын орундарын алмаштырып жазуу ж. б.) кетирилсе, анда, албетте, окуучу тапшырманы аткаруу процессинде К. койгон эмес деп ишенимдүүлүк м-н айтууга болот. Тескерисинче, тапшырманы өтө тыкандык м-н, так, сапаттуу аткарылышы, жаңы материалдын сезимталдуу жакшы өздөштүрүлүшү адатта күчтүү көңүлдүүлүктү ырастайт. Мына ошентип, иштин ийгилигин, анын натыйжалуулугун ж-а сапатын, аны аткаруу процессиндеги К-дүүлүктүн болушун аныктоочу кыйыр белгилердин бири катарында кароого болот.

Окуучу чындап К. койгон кезде аткарылуучу иш анын аң сезиминин борборунда болот да, натыйжада жумуштун сапаты ж-а натыйжалуулугу жогорулайт. Аң сезимдин мындай жумушчу абалы окуучунун жүрүм-турумунун жыйнактуулугунан ж-а орунга топтолгондугунан көрүнөт. К-дүн бир нече түрлөрү бар.

К. эрксиз (пассивдүү) ж-а эрктүү (активдүү) болушу мүмкүн. Назар салына турган объект сезимдүү түрдө атайын тандалып алынгандагы К. – бул эрктүү (активдүү), ал эми адамдын сезимталдык багытталышынан тышкары болгондогу К. – эрксиз (пассивдүү) болот. Эрксиз К. адамдын төрөлгөн биринчи күндөрүнөн тартып эле көрүнөт, анткени анын негизин айлана-чөйрөнүн ар кандай өзгөрүүсүнө жандуу организмдин токтоосуз жообу катары келип чыгуучу реакциясы (универсалдуу биологиялык реакция) – болжолдуу (боолголоочу) рефлекс түзөт. Организмге таасир этүүчү тышкы өзгөрүү (стимул) канчалык күчтүү болсо ага карата жооп берилүүчү реакция да ошончолук күчтүү болот. Катуу чыккан

үн, жарыктын жаркырашы, кескин түртүлүү, жыттын, түстүн, кыймылдын кескин өзгөрүшү сөзсүз организмдин жооп берүү реакциясын пайда кылат. Кээде ситуациянын адамдын негизги керектөөлөрүнө багышталган болоор болбос өзгөрүүсү да организмдин эң чоң реакциясын пайда кылат. Адамдын таанып-билүү керектөөсү канчалык күчтүү өнүккөн болсо айлана-чөйрөдөгү чындыктын өзгөрүүсүнө карата анын эрксиз К-ү да ошончолук активдүү болот. Бул учурда анын эрксиз К-үн дүүлүктүрүүчү башкы күч – бул кандайдыр бир жаңылык болуп эсептелет. Биринчи жолу көрүнгөндөр ж-а биринчи жолу угулгандар көп адамдарды кызыктырат, бирок берилген окуяга өтө кызыгып берилген же өзгөчө талаптануучулугу бар адамдардын гана ага карата эрксиз К-ү айрыкча туруктуу болот.

Эрксиз К. м-н катар биздин турмушубузда эрктүү К. да чоң роль ойнойт. Эрктүү ж-а эрксиз К-дөр бири биринен кескин түрдө айырмаланат.

Айлана-чөйрөнүн кокусунан болгон өзгөрүүсү эрктүү К-дү пайда кылуучу фактор боло албайт. Эрктүү К-дү пайда кылуучу фактор – бул ишмердүүлүктүн (эмгектенүүнүн) максаты болуп эсептелет. Ишмердүүлүктүн (иштин) максатына жетишүү үчүн көңүлдүн бир орунга жыйынтыктуу топтоо – бул сезимдүү ж-а эрктүү аракеттин натыйжасы болуп эсептелет. Дал мына ушул учурда гана эң эрктүү К. ж-дө сөз кыла алабыз. Эрктүү К. ишмердүүлүктө гана болот, ал ишти аткаруунун динамикасын жөнгө салып турат. Мис., жаңы теманы түшүндүрүүгө даярданып жаткан мугалим өзүнүн ишмердүүлүгүнүн эң акыркы натыйжасы ж-дө ойлонуп, ага жетишүү үчүн зарыл болгон иш-аракеттердин программасын түзүүдө туруктуу К-дүүлүк м-н эмгектенет.

Көп адистер өздөрүнүн иш маселелерин чечүүдө конкреттүү ситуацияны кайсы белгилери б-ча, кандай ыкмалардын жардамы м-н анализдөө керек экенин жакшы билишет. Бирок, мындай иштердин эффективдүүлүгү изденүүдө ж-а аракеттерди пландоодо К. канчалык даражада интенсивдүү катышкандыгына жараша болот. Ал тургай эң компетенттүү профессионалдар да эгерде алардын К. толугу м-н ишти пландаштырууга ж-а изденүүгө багытталбаган болсо, анда ситуацияны анализдөөгө керектүү кандайдыр эң маанилүү элементти таштап кетиши мүмкүн.

Иштин прогнозун түзүүдө да К. чоң роль ойнойт. Мис., жаңы теманы түшүндүрүүгө даярданып жаткан тажрыйбалуу мугалим, эреже катары, материалдын кайсы фрагменттери окуучулардын кабылдоосу үчүн кыйынчылыктуу болоорун алдын-ала көрөт да түшүндүрүү процессинде дал ошол фрагменттерге жакындаганда ал тескери байланышты, класстын жооп берүүчүлүк реакциясын изденүүгө өзүнүн К-үн активдештирет. Материалды окуучулар түшүнүп билишкенине ишенгенден кийин гана мугалим өзүнүн К-үн бир аз бошоңдотот. Эгерде материалды окуучулар билишпей калса, анда мугалимдин да ж-а окуучулардын да К. топтоолору кайрадан кайталанат. Демек, иштин жүрүшүн прогноздоодогу К. мугалимдин ишмердүүлүгүндө бөтөнчө роль ойнойт, анткени ал окутуу ишин, окуу материалынын спецификасын ж-а окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу м-н пландаштырууга жардам берет.

Мугалим сабакты аябай даярданып пландаштырып, анда мүмкүн катары боло турган бардык кыйынчылыктарды ж-а татаалдыктарды алдын ала билүүгө аракеттениши мүмкүн. Ошондой болсо да ал окуучулардын демилгеси б-ча келип чыгуучу ар кандай күтүлбөгөн ситуациялардан толук арыла албайт. Мындай ситуацияларда негизги күч К-гө келип такалат, анткени, көңүлдү өз убагында кечиктирбестен активдештирүү м-н гана туура чечимге келүүнү оптималдаштырууга болот.

Ишке кызыгып берилүүдө эрктүү К. К-дүн өзгөчө түрүнө – эрктүүдөн кийинки К-гө өсүп өнүгөт. Эрктүүдөн кийинки К-дүн айырмачылыктуу бөтөнчөлүгү – мында адам өзүнүн иштеп жаткан ишине толугу м-н жутулуп кызыгып берилет. Мында иштин мазмунуна тике байланышпагандардын бардыгы адамдын сезиминен жоюлат. Биринчи ирээтте К-дү сактап кармап турууга ниеттелген сезимдүү эрктүү аракет жоголот. Жумушту аткаруу үчүн мобилизацияланган эрк экинчи планга кетет да анын функциясын ишке кызыгуучулук аткарып калат. Жумушка кызыгып берилген адам (мейли бала болсун), эреже катары, алаксытуучу тышкы башка таасирлерге жооп кайтарбайт. Албетте, эң күчтүү тышкы дүүлүктүргүч таасир гана адамды мындай абалдан чыгаруусу мүмкүн. Мындай учурда албетте, эрксиз К-дү пайда кылуучу рефлектордук принцип таасир этет. Бирок эрктүү К-дүн бузулуусуна алып келүүчү айлана-чөйрөнүн дайыма болуп туруучу көнүмүш өзгөрүүлөрү эрктүүдөн кийинки К-гө таасир эте албайт.

Мына ошентип, эрктүүдөн кийинки К-дүн эң маанилүү белгиси анын өзгөчө үнөмдүүлүгүндө. Чындыгында эле адам өзүнүн эрктүүдөн кийинки К-үн актуалдаштырууда, биринчиден, К-дү кармап турууга атайын аракет жасабайт, экинчиден, кошумча дүүлүктүргүчтөрдү анализдөөгө да убара болбойт. Ошондуктан эрктүүдөн кийинки К. ар түрлүү ишмердүүлүктөрдү аткаруу үчүн оптималдуу ж-а эң үнөмдүү болуп эсептелет. Бирок, тилекке каршы, эрктүүдөн кийинки К. адамдын ою боюнча эле жумушка дароо кошулуп кете албайт. Аны үчүн адамдын жалгыз каалоосу жетишсиздик кылат. Эрктүүдөн кийинки К. адамдын жумушка кызыгып берилүүсү канчалык күчтүү болсо ошого карата реакция катары гана ошончолук эртерээк пайда болот. Кыскасы эрктүүдөн кийинки К-дү “алдоого” болбойт.

Көңүлдүн бардык түрлөрү инсандык терең мааниге ээ. Адамдын муктаждыктары ж-а мотивдери, турмуштук баалуулуктары ж-а идеалдары анын К-үнүн динамикасын багыттап жөнгө салып турат. Ошондой болсо да К. инсандын башка касиеттерин калыптандырууга таасир этүүчү таяныч касиет болуп эсептелет. Инсандык касиеттердин бири катары К. адамдын *көңүлдүүлүк* деп аталуучу мүнөздүү белгисинен көрүнөт. К-дүүлүк – бул инсандын турмуштук багытталышы, анын баа берүүчүлүк (баа бере алуучулук) ориентациялары м-н аныкталуучу татаал түзүлүш. Мындай ориентациялар күндөлүк турмушта, иште, үйүндө ж. б. жайларда адам эмнеге канчалык даражада кандай К. буруу керек экендигин буйрук кылат.

Окуу ишиндеги окуучунун көңүл-дүүлүгүн кандайча көрүп-билүүгө болот? Баарыдан мурда анын окуу процессине, окуу материалынын мазмунуна туруктуу К. буруусунан көрүүгө болот. Окуучунун К-дүүлүгү анын окуу ишмердүүлүгүнүн бүткүл стили м-н аныкталат.

К-дүүлүк инсандык мүнөз катары эки түрдүү формада байкалат. Алардын бири айлана-чөйрөдөгү абалга такай назар салуусуна, ситуациялардын болоор болбос майда өзгөрүүлөрүн дароо байкай билүүсүнө, өзүнүн жумушун

ишмердүүлүктүн максаттарына ылайык уюштуруусуна байланыштуу. Бул касиет эмгектин кээ бир түрлөрүндө адамдын адистик жарамдуулугун аныктоодо чечүүчү роль ойнойт.

К-дүүлүктүн экинчи формасы адамдардын бири бири м-н катнашуусунан, алардын өз ара мамилелешүүсүнөн көрүнөт. К-дүүлүктүн мындай түрү адептүүлүк (нравалык) мазмунга ээ, анткени мындай К-дүүлүк башка адамдардын психикалык абалын байкап түшүнө билүүнү туюнтат. К-дүүлүктүн гумандуулук идеалы адамдан боорукердикти, камкордукту, башка кишинин көңүл-жагдайларынын өзгөрүшүн байкай билүүчүлүктү, жардам берүүнү каалоочулукту талап кылат.

Камкор, боорукер педагог укмуштарды жасай алат, анын окуучуларга, алардын ички абалын, ички дүйнөсүнө К-дүүлүгү айрым окуучулардын жүрүш-туруштун нормаларынан чыгып кетүүлөрүнүн себептерин билүүгө ж-а аларды талаптагыдай оңдоп жолго салууга мүмкүндүк берет. Ал эми окуучулардын башкаларга К-дүүлүгү болсо аларда жолдоштук жардамдашуунун, коллективдин таяныч болуусун сезүүчүлүктүн келип чыгышына шарт түзөт.

К-дүн төмөнкүдөй касиеттери бар. *Жыйналып топтолуучулук* – бир эле предметке, ишмердүүлүктүн бир эле объектисине ой токтотуп ыкылас коюучулук. Кээде окуучу маселе чыгарууда өзүнүн айланасында эмне болуп жаткандыгын көрбөй ж-а укпай калганча абдан берилип иштейт. Предметке же ишке мындай тереңдеп берилүүчүлүктүн абалы адамдын К-лүнүн топтолуп жыйнактуу багытталгандыгын көрсөтөт. Дал мына ушундай жогорку даражада топтолгон көңүлдүүлүктө предметтерден ж-а кубулуштардан көп нерселерди таанып-билүүгө болот, сезимдин демейдегидей абалында предметтерден ж-а кубулуштардан анчалык маалыматтарды адам байкай албайт.

*Туруктуулук* – белгилүү бир эле ишмердүүлүктүн чегинде бир предметке же элестелинүүчү объектиге узак убакыт бою ой токтотуп ыклас коюучулук. К-дүн туруктуулугу ийгиликтүү окууда ж-а үзүрлүү эмгектенип иштөөдө эң чоң роль ойнойт. Өзгөчө адамды иштеп жаткан иштен алаксытып кетүүчү ар түрлүү дүүлүктүргүчтөр таасир эткен учурларда К-дүн туруктуу болуп сакталышы өтө зарыл. К-дүн туруксуздугу, жыйнаксыздыгы адамдын *элегейлүүлүгүнөн, унутчаактыгынан* көрүнөт. Байкабастык, элегейлүүлүк, унутчаактык – баланын окуучулук турмушунун эң оор түйшүгү, ишинин такай оңунан чыкпай калуусунун, ата-энелер м-н мугалимдердин кыжырлануууларынын, эң акырында анын жаман окуусунун олуттуу себеби. Ошондуктан элегей окуучунун жүрүш-турушун анализдөөдө мугалим анын унутчаактыгынын чыныгы себеби эмнеде: көңүлүнүн начарлыгындабы же анын тартипсиздигиндеби, аны даана билүүгө тийиш. Биринчи учурда К-дүн касиеттерин машыктырууга туура келет, экинчи учурда болсо–окуучунун жоопкерчилик сезимин, тартиптүүлүгүн жогорулатуу максатында анын личностуна атайын тарбиялык таасир берүү керек.

**КӨҢҮЛДҮН КӨЛӨМҮ -** – салыштырмалуу кыска убакыт ичинде адамдын кабыл алып эсинде сактап кала ала турган объектилердин саны. Мис., чоң кишиге кыска убакыт ичинде бири бирине байланышсыз ар түрлүү 100 предмет көрсөтүлсө, анда алардын 5–8ин гана кабыл алып эстеп кала алат. Бири бирине байланышсыз ар түрдүү элементтерди кабылдоодогу көңүлдүн мындайча чектелүүлүгү физиологиялык себептер м-н түшүндүрүлөт. Бирок жакшы тааныш же бири бири м-н оңой байланыша турган предметтер сунуш кылынса, анда иш башкача болот. Ар түрлүү эле-менттерди тез анализдеп, системалаштырып бирдиктүү бир бүтүнгө жыйнактай билүү – К-дүн к-үн кеңейтет. Ошондуктан окуу материалдарына жакшы ориентация жасай алуучу окуучулар жаңы информацияларды тез өздөштүрүшөт. Демек, педагогикалык иште окуулардын көңүлүнүн көлө-мүнүн чектүүлүгүн сөзсүз эске алуу зарыл, информацияларды өтө көп берүү м-н окуучулардын алы келбей калгандай ашыкча жүктөнтүүгө болбойт.

**КӨҢҮЛДҮН БӨЛҮНҮШТҮҮЛҮГҮ -** – бир эле убакта ар түрлүү ишмердүүлүктүн объектилерин сезимге кармап туруучулук жөндөмдүүлүк. Демек К. б-үк касиети бул адам жумуш аткарып жаткан кезде анда ыкылас коюп ой топтоонун бир гана эмес, бир эле убакта эч болбогондо эки фокусу бар экендигин билдирет. Көңүлдүн бөлүнүштүүлүк касиети окуучунун окуу ишинде эң башкы роль ойнойт. Анткени окуучуга бир эле убакта ар түрдүү мүнөздөгү аракеттерди ишке ашырууга туура келет; мугалимдин айткандарын угуп кабылдайт, материалдын кээ бир фрагменттерин жазып белгилейт, информацияларды канчалык туура түшүнүп жазып жаткандыгын контролдойт ж. б. Бул аракеттердин бир мезгилде параллель иштелиши, албетте көңүлдүн туура бөлүш-түрүлүшүн талап кылат.

Көңүлдүн дагы бир мүнөздүү касиети анын башкага өтүп которулуучулугу – бул адам өзүнүн көңүлүнүн фокусун (борборун) бир объектиден экинчи объектиге сезимдүү түрдө атайын ниеттенип өткөрүү жөндөм-дүүлүгүн мүнөздөйт. Бул жөндөм-дүүлүк да окуучуларда акырындык м-н калыптандырылат.

Мына ошентип, эгерде көңүл туруктуу, жакшы жыйналып топтолгон, оңой бөлүштүрүлүүчү ж-а которулуучу болуп чоң көлөмгө ээ болсо, анда андай адамда көңүлдүн касиеттери жакшы жетилип өнүккөн деп айта алабыз.

**КӨҢҮЛ БУРУУ -** (внимание) – адам үчүн мааниге ээ болгон объектиге карата психикалык иш аракеттердин *багытталышы* ж-а *кадалышы.*

К. б-нун келип чыгышынын негизги шарты – бир объектини башкалардан бөлүп алып, сырткы дүүлүктүргүчтөрдөн толук оолактоо. Тандап алган объектини аң-сезимде кармап туруу – психикалык иш-аракеттердин багытталышы деп аталат. К. б-нун экинчи шарты аң-сезимдин бир гана объектиге *кадалышы.* Бул кабыл алынып жаткан дүүлүктүргүчкө тиешеси жок ар кандай таасирлерден бошонуу, б. а. адамдын иш-аракетинин тереңдеши, акыл-эстин тыгыздалышы ж-а ичкериши м-н түшүндүрүлөт. Мындай шартта (нерв системасынын өтө тарышынан улам) аң-сезимде абдан ачык, даана, так чагылуу пайда болуп, ал акыл-эстин фокусу деп аталат.

К. б-ну инсандын активдүүлүгүнө жараша: эрктүү*, эрксиз ж-а эрктүүдөн кийинки* деп үчкө бөлөт. *Эрксиз* К. б-да адам капыстан туруп (күтүлбөгөн кырдаалда), алдына максат койбостон бир объектиге аң-сезимин топтой алат. Эрктүү К. б. атайы коюлган максатка ылайык, аң-сезимдүү күч жумшоо м-н ишке ашырылат. Эрктүүдөн кийинки К. б. – инсан үчүн баалуу ж-а маанилүү болуп саналган буюмга аң-сезимдин кадалышы. Анын К. б-нун калган түрлөрүнөн айырмасы: объектиге карата болгон кызыгуудан улам пайда болбостон, инсандын багытталышынан келип чыккандыгында.

Мындан тышкары К. б. *ички* ж-а *сырткы* болуп бөлүнөт. Ички К. б. инсандын өзүнүн иш-аракетин, ички дүйнөсүн аңдап-билүүсү м-н байланышкан. Ички К. б-суз келечектин моделин түзүү, туура ойлонуу мүмкүн эмес. Сырткы К. б-ну адамдын кол эмгегин жөнгө салып турушунан даана байкоого болот.

Мектепте окуучулардын К. б-сун туура тарбиялоо ар бир мугалимдин милдети болуп калууга тийиш.

**КРЕАТИВДҮҮ ТЕСТТЕР -** (лат. creatio – түзүп чыгуу, пайда кылуу). Эгерде интеллектуалдык тесттер сыналуучунун жалпы интеллектуалдык деңгээлин аныктай алса, атайын жөндөмдүүлүктү аныктоочу тесттер сыналуучунун бир багыт боюнча чыгармачылык сапатын, жөндөмдүүлүгүн аныктоого арналган. Чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн изилдөө эки багытта жүргүзүлөт: а) сыналуучунун турмуш тажрыйбасын, жекече өзгөчөлүгүн анализдөө; б) чыгармачыл ой жүгүртүүсүн (ой тереңдиги, тактыгы, проблемаларды чечүүдөгү оригиналдуулугу, чечкиндүүлүгү ж. б.) изилдөө. Билим берүү системасында окуучулардын табигый-математикалык жөндөмдүүлүктөрүн изилдөөдө, таланттуу балдарды аныктап ж-а тандап алууда бул түрдөгү тесттер кеңири колдонулуп келет.

**КРУПСКАЯ -** Надежда Константиновна (1869–1939) – советтик педагогиканын ж-а билим берүү системасынын теоретиги, уюштуруучусу. 1917–20-ж. эл агартуу системасын түзүү, уюштуруу б-ча директивалык жоболорду, концепцияларды иштеп чыгууга активдүү катышкан. Элге билим берүү системасын демократиялык негизде уюштуруу б-ча прогрессивдүү педагогдордун көз караштарын кызуу жактаган. Ал калктын жалпы маданиятын жогорулатуу багытында таалим-тарбия ишин жүргүзүүдө мектепке өзгөчө роль таандык экендигин ар дайым баса белгилеп келген. Балдардын ж-а жаштардын коомдук уюмдарын ишмердүүлүгүнүн теориялык негиздерин иштеп чыгууга өзгөчө көп эмгек жумшаган.

**КУЛДАШЕВ -** Бакий (1916, Пишпек – 1956, Фрунзе) – кыргыз совет педагогу, педагогика илимдеринин кандидаты (1950). Кыргыз ССР эмгек сиңирген мугалими (1953). 1937-жылы Ташкент педагогикалык ин-тун 1939-жылы Орто Азия коммунисттик тарбия берүү ин-тун бүтүргөн. 1939–51-ж. КМПИде иштеген. Кырг. педагогика ил. изилдөө ин-тун уюштурууга катышып, анын туңгуч директору (1951–55) болгон. Ошол эле учурда (1951–56) КМУда доцент. «Мугалимдерге жардам» журналына редактор (1951–52). «1917–1930-жылдардагы кыргыз совет мектебинин тарыхы» деген ил. иш кандидаттык диссертация жазган. Бул Октябрь революциясынан өлкөнү индустриялаштыруу мезгилине чейинки Кыргызстандын эл агартуу ишин ил. жактан системалуу сыпаттап жазган туңгуч ил. эмгек.

Республиканын газета-журналдарына педагогикалык маселелер б-ча көп макала жарыялаган. Алардын негизги темасы; жаштарга тарбия ж-а билим берүү ж-дө К. Д. Ушинский м-н А. С. Макаренконун педагогикалык системасы, балдарды үй-бүлөдө ж-а мектепте тарбиялоонун проблемалары ж. б.

**КУРАКТЫК ПСИХОЛОГИЯ -** – адам психикасынын өнүгүү закон ченемдүүлүгүн ар бир курактын өзгө-чөлүгүнө ылайык изилдеп, үйрөтүүчү психология илиминин бир тармагы.

К. п. XIX кылымдын аягынан баштап, психология илиминин өз алдынча тармагы катары түзүлгөн. К. п-нын изилдөө объектиси болуп, түрдүү курактагы адамдардын психикалык өнүгүүсү саналат. К. п. психиканын өнүгүүсүн түрдүү куракка гана эмес, ал курактардагы негизги иш-аракеттин мазмунуна байланыштуу изилдейт.

К. п-да психиканын өнүгүү ж-а закон ченемдүүлүгү Л. С. Выготский, С. Л. Рубинштейн, А. Н. Леонтьев, Д. Б. Эльконин, А. В. Запорожец, А. А. Менчинская ж. б. психологдордун илимий изилдөөлөрүндө кеңири чагылдырылган. Инсандын калыптанышы, анын акыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү ж. б. у. с. маселелер К. п-нын актуалдуу проблемасы бойдон калууда.

**КУРАКТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮК -** – адамдын турмуш жолун мезгилдерге бөлүш-түрүүнүн натыйжасында, анын психикасынын өнүгүү закон ченемдүүлүгүн жеткиликтүү түшүнүү шарты катары каралат.

Ар бир куракта инсандын өнүгүүсүндө «жаңы жаралуулар» пайда болот. Мындай жаралуулар, психолог Л. С. Выготский белгилегендей, өнүгүүнүн алгач жетишкендерине таянат. Бул проб-лемаларды, психиканын өнүгүү закон ченемдүүлүгүн түшүнүүдө К. ө. бөлүнүп каралат.

Психолог Л. С. Выготский «Мезгилдерге бөлүштүрүү өнүгүү процессинин мазмунуна негизделет» – деген жобону иштеп чыккан. Анын негизинде курактык мезгилдерге бөлүүнүн эки негизги принциби жатат: 1. Тарыхый принцип; 2. Психиканын иш-аракетте өнүгүү принциби (А. Н. Леонтьев). Бул принциптердин негизинде адам өмүрүн төмөндөгүдөй курактарга бөлүүгө болот (Л. С. Выготский):

1. Ымыркай курак – 1 жашка чейинки мезгил.
2. Алгачкы балалык – 1–2 жаш.
3. Мектеп жашына чейинки курак – 3 – 6 (7) жаш.
4. Кенже мектеп курагы – 7 – 11 жаш.
5. Өспүрүм курак – 11 –15 жаш кыздар; 12 – 15 –жаш балдар.
6. Жогорку класстын окуучулары (кыргыздар: боз улан ж-а бийкеч деп да бөлгөн) – 15–17 жаш.
7. Жетилген курак.

Л. С. Выготскийдин окуусунун негизинде Д. Б. Эльконин К. ө-түн үч белгисин: өнүгүүдөгү социалдык кырдаал, негизги иш-аракет ж-а ар бир курактагы жаңы жаралууларды бөлүп көрсөткөн. Ал мамиленин эки системасы: «баланын – заттар м-н аракеттенүүсү», «чоң киши баланын инсандык калыптанышынын шарты» – деген. Мындай мамилелердин системасын бала иш-аракетте өздөштүрөт. Д. Б. Эльконин белгилегендей иш аракеттин эки тобу баланын психикасынын өнүгүүсүнө таасир этет. Иш-аракеттин биринчи тобу баланы мамилелердин системасын өздөштүрүүгө багыттайт. Экинчи тобу иш-аракетте, коомдо иштелип чыккан тажрыйбалардын ыгын өздөштүрөт. Мындан К. ө., өнүгүүдөгү социалдык жагдай, негизги иш-аракет м-н мүнөздөлөт деп айтууга негиз бар.

Д. Б. Эльконин белгилеген К.ө. психологияда кеңири белгилүү ж-а бир курактан, экинчи куракка өтүүдөгү инсандык жаңы жаралуулар м-н түшүндүрүлөт.

**КУРМАНХОДЖАЕВА -** Роза Исаевна (1953-ж. т., Тоң р-ну) – педагогика илимдеринин доктору (2002), профессордун милдетин аткаруучу (2003). В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык ин-тунун чет тилдер факультетин (1975), Кыргыз ил. изилдөө педагогика ин-тунун алдындагы аспирантураны (1983) бүтүргөн. И. Арабаев атн. КМПУнун педагогика ж-а психология кафедрасында окутуучу, ага окутуучу, доцент кызмат орундарында эмгектенген.

К. 50дөн ашык ил. эмгектерди жазган, алардын ичинде 2 монографиясы бар. К-нын ил. идеялары "Ч. Айтматовдун педагогикалык көз караштары." деген эмгектеринде чагылдырылган:

"Ч. Айтматов эне тил проблемалары жөнүндө", "Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын жалпы педагогикалык мааниси", "Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы ар намыс проблемасы азыркы күндөгү актуалдуу суроолордун бири катары"./Пробл. реализации программ «Кадры XXI века».

К. Ж. Баласагын атн. КМУУнун философия ж-а мамл. башкаруу факультетинин алдындагы жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында эмгектенет.

**«КУТБИЛИМ - »** – республикабыздагы бирден-бир агартуу маселелерин улуттук масштабда окурман көңүлүнө салып келе жаткан коомдук-педагогикалык, илимий-популярдуу басылма. Гезит 1953-жылы 5-апрелде Кыргыз ССРинин Агартуу министрлиги м-н агартуу кызматкерлеринин республикалык комитетинин органы катарында негизделип, дээрлик 40 жыл бою жалпы коомчулукка «Мугалимдер газетасы» деген ат м-н белгилүү болгон. 1993-жылдын 23-январында юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Гезиттин ээси – Билим берүү министрлиги м-н гезиттин эмгек жамааты. «К.» жумасына бир жолу, кыргыз ж-а орус тилдеринде жарык көрөт. 1999-жылдын январынан тарта гезиттин окуу-методикалык тиркемеси – «Кутбилим сабак» басылып чыгууда.

**«КУТБИЛИМ – САБАК - »** – «Кутбилим» гезитинин окуу-методикалык тиркемеси. 1999-жылдын январынан бери карай басылып чыгууда. «К. с.» айына бир жолу кыргыз, орус тилдеринде жарык көрөт. Тиркеменин «Кутбилим сабактын лекциондук залы», «Педагогиканын классиктери», «Окутуунун алдыңкы усулдары», «Стандарттуу эмес сабак», «Интеграцияланган сабак», «Алдыңкы педагогикалык тажрыйба», «Көңүлдүү математика», «Класстан тышкаркы иш чара», «Мектеп сахнасына», «Окумуштуулар мектепке», «Балдарга айтып бериңиз» ж. б. у. с. рубрикалары астында салтка айланбаган сабактардын мыкты үлгүлөрү, иштелмелери, окутуунун ж-а класстан тышкаркы иштердин заманбап усул-ыкмалары жарыяланып келүүдө. Тиркеме жеке мугалимдин ишкердүүлүгүн гана чагылдырбастан, окурмандарды учурдагы билим берүү системасын реформалоонун алдыңкы сабында бараткан педагогикалык коллективдердин иш-тажрыйбалары м-н тааныштыруу максатында көзөмөл тутат.

**КУУРЧАК ТЕАТР -** – куурчакты ойнотуучу артисттердин тосмонун артындагы аракети м-н кыймылга келүүчү куурчактардын оюндарын көрсөтүүчү маданий-эстетикалык мекеме. К. т-дын сценасы, куурчактардын конструкциясы, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, башкаруу принциптери ар кандай болот. Көбүнчө: жогору көтөрүп ойноочу (петрушкалар, колго кийгизилүүчү ж-а таякчалар м-н кыймыл аракетти чагылдыруучу куурчактар), илинип ойнолуучу куурчактар (марионеткалар), көлөкө театры (жалпак фигураларды экран аркылуу чагылдыруу) болуп бөлүнөт.

Орус элинин жомогундагы Петрушка сыяктуу, дүйнөдөгү ар бир элдин өзүнүн элдик каармандары – куурчактары болот: Франциянын –Полишинели, немец элинин – Гансвурети, Италиянын – Пульчинеллосу, Турциянын – Карагазы, Англиянын – Паичасы, Казактардын – Алдар көсөсү, Кыргыздардын – Мебеке ж-а Бебекеси ж. б.

Москвада С. В. Образцов атн. дүйнөгө атагы чыккан куурчак театры бар. Куурчак театрынын спектаклдери ар кандай көркөм өнөр каражаттары аркылуу балдарга айлана- чөйрөдөгү кооз жаратылыш, жашоо тиричилик ж-дө кызыктуу, акыл-сезимдерине жеткиликтүү түшүнүктөрдү берет. Алар балдардын тарбия-билим алууларына чоң таасир тийгизишет. Балдар бакчаларында өтүлгөн чыгармалардын мазмундары боюнча тарбиячылар балдар м-н бирге спетаклдерди коюшат. Тарбиячылар ата-эне, балдар м-н бирге куурчактардын кийимдерин, спектаклдеги көрүнүштөрдүн декорациясын даярдашат.

К. т-ын үй-бүлө шартында да улууларды балдар м-н чогуу катыштырып уюуштурса болот.

**КЫЗМАТТАШТЫК ПЕДАГОГИКАСЫ -** – XX кылымдын 80-жылдары пайда болгон педагогикалык жаңычылдык кыймыл, Ш. А. Амонашвили, Е. Н. Ильин, И. Н. Иванов, В. Ф. Шаталов, М. П. Шетинин, С. Н. Лысенкова, Е. Гончарова, И. П. Волков, В. А. Караковский, Л. Никитина ж-а Б. Никитин өңдүү жаңычыл-педагогдордун практикалык табылгасы, советтик мектептин салттуу ыкмаларына жедеп көнгөн, көп миңдеген агартуучулар армиясынын педагогикалык ой-жүгүртүүсүн ойгото алган кубаттуу новатордук идея. Кызматташтык педагогикасы жаңычыл-педагогдордун биринчи жолугушуусунда (Москва, Переделкино кыштагы, 1986-жыл) калыптанган.

Кызматташтык педагогикасын коомдук өнүгүүнүн талаптарына жооп берген тарбиялоонун жаңы концепциясынын системалык бир бөлүгү катары түшүнүүгө болот. Кызматташтык педагогикасынын негизинде окуучуга гумандуу мамиле, мажбурлоосуз окутуу, максаттын татаалдыгы, таяныч-сигналдар, эркин тандоо, алдыга озуу, форманын шайкештиги, көлөмдүү блоктор, өзүн-өзү анализдөө, класстын интеллектуалдык фону, личносттук мамиле сыяктуу жаңычыл-педагогдордун он бир идеясы жатат.

Кызматташтык педагогикасынын башкы идеясы баланы өзүнүн таалим-тарбия алуусунда мугалимдердин, ата-энелердин ыктыярдуу жардамчысы, шакирти ж-а пикирдеши катары кароо болуп саналат. Кызматташтык педагогикасы баланы педагогикалык процесстин тең укуктуу катышуучусу деп тааныйт. Кызматташтык педагогикасындагы баланын билим тарбия алуусуна карата мындай мамиле педагогдон баланы ал кандай болсо, ошондой кабыл алууну, баланын кайгы-капасын тең бөлүшүүнү, балага ишенимдүү мамиле жасоону талап кылат.

Кызматташтык педагогикасынын талапкерлери бизде да арбын. Мис., Талас р-нундагы «Арал» орто мектебинин кыргыз тили жана адабият мугалими Бектур Исаковдун Манастаануу сабактары, сабат программасы, ой-толгоо дилбаяндары, Токтогул р-нундагы «Кызыл жазы» орто мектебинин мугалими Б. Батыркуловдун сабак-сахна, сабак-

жомок, сабак-таймаш аттуу стандарттуу эмес сабактары, педагогикалык изденүүлөрү коомчулуктун көңүлүн буруп келүүдө. «Б. Исаковдун сабактарында ар дайым балдардын эркин кыялдануулары, ой жүгүртүүлөрү, акыл чабыттары өкүм сүрүп, накта педагогикалык кызматташтык ишке ашат. Мугалим м-н балдардын ортосунда кандайдыр бир «тосмо» жок. Алар сабак учурунда бири-бири м-н рухий жактан жуурулушуп, тил,адабият, турмуш, адамдык баалуулуктар жөнүндөгү кызуу пикир алышуулардын, талаш-тартыштардын кучагына кирип кетишет». (Байгазиев С. О., Рысбаев С. К. Педагогикалык тажрыйба изденүүлөр жана табылгалар. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо).

Жаңычыл педагогдордун бардыгы баланын келечек тагдырына кол шилтеп, кайдыгер карабаган, тескерисинче өздөрүнүн жеке жоопкерчилигин сезе билген бийик нравалуу инсандар. «Баланын бактысы мектептен ачылат, – дейт Бекмурза Батыркулов, – баланын тагдырына адилет мамиле кылбасам, ал ишим адамдык беделиме, граждандык парзыма сыйбайт».

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ -** билим берүү б-ча бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү, билимдин сапатын, граждандарынын билим алууга конституциялык укугун аткаруучу-тескөөчү функциялуу мамлекеттик башкаруунун борбордук органы.

Министрликтин башкы максатына улуттук ж-а адамзат (бүткүл дүй-нөлүк) баалуулуктарынын негизинде, илим м-н тажрыйбанын жетишкендиктерине таянып инсандын калыптанышына, өнүгүшүнө ж-а профессионалдык калыптанышына багытталган билим берүү б-ча эффективдүү аракеттеги системаны түзүү, маданий баалуулуктарды келечек муундарга сактоо ж-а өнүктүрүү кирет.

Билим берүү жаатындагы негизги максаттары:

- атуулдардын милдеттүү негизги билим алууга конституциялык укуктарын камсыз кылуу;
- ар бир адамдын жөндөмүнө жараша толук орто, башталгыч, орто ж-а жогорку профессионалдык, билим алуусуна мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу;
- билимдин сапатын камсыз кылуу;
- билим берүү мекемелеринин туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу.

Министрликтин негизги функциялары:

билим берүү жаатындагы саясатты калыптандыруу;

- билим берүү иштеринде тескөөчү-жөндөөчү инструменттерди иштеп чыгуу;
- билим берүү тармагында стандартты калыптандыруу ж-а өнүктүрүү;
- билим берүү иштерин контролдоо.

Министрликти Өкмөт, Жогорку Кеңеш тарабынан макулдашылып, Кырг. Респ. Президенти дайындаган министр жетектейт.

Министрликтин ишмердүүлүгүнүн негизги маселелерин карoo, чечимдердин аткарылышын, билим берүү органдарынын жетекчилеринин отчетун угуу максатында коллегия түзүлөт. Министрлик коллегиясынын мүчөлөрү министрдин сунушу боюнча КР Премьер-министри тарабынан бекитилет.

Министрлик Кырг. Респ-нын мамл. герби тартылган, аталышы мамл. ж-а официалдуу тилде жазылган мөөрү, банктык ж-а финансылык мекемелерде эсеп счету бар, юридикалык жак болуп эсептелет.

**КЫЯЛДАНУУ -** – адамдын билиминин ж-а тажрыйбасынын негизинде жаңы ойлорду, сунуштарды жаратуучу татаал психикалык процесс.

К. анык бир сезим образдарына же чындыктын кадимки үлгүсүнө негизделет. К. төмөндөгүлөрдөн билинет: 1. Субъектин предметтик иш-аракетинин башталышын ж-а акыркы натыйжасын көрө билгендигинен; 2. Проблемалык кырдаал аныкталганга чейин, жүрүш-туруштун программасын түзүп койгондугунан; 3. Объекти чамалап жазуу м-н анын образын жарата алгандыгынан.

К. процесси кабылдоо, эс ж-а ой жүгүртүү сыяктуу эле аналитика-синтездик мүнөзгө ээ. Алардан айырмасы эсте сакталып турган, мурунку жаралган образдардан түп-тамырынан бери өзгөргөн, буга чейин болуп көрбөгөн жаңы образды жаратkандыгында. К-да синтездик процесс башкы ролду ойнойт. Ал төмөндөгүдөй формада болот: *агглютинация*–предметтердин реалдуу түрдө бирикпей турган бөлүктөрүн, сапаттарын ж-а касиеттерин бириктирүү; *гиперболизация* –объектини өтө чоңойтуп же кичирейтип жиберүү; *күчөтүү*– жаңыдан жаралып жаткан образдын кайсы бир белгилерине күчтүү акцент жасоо; *схематизация* –предметтерди бири-бирине ийкемдештирүү ж-а алардын ортосундагы окшоштук белгилерди таба билүү; *типтештирүү*–бир түрдүү кубулуштарда кайталана турган эң башкы белгилерди бөлүп көрсөтүү ж-а аны конкреттүү бир образ аркылуу алып чыгуу.

К. *пассивдүү, активдүү* болуп бөлүнөт. Пассивдүү К. жаралган образдар өзгөрбөйт. Активдүү К. өз ичинен *кайра түзүүчү* ж-а *чыгармачыл* болуп жиктелет. Даяр фактынын негизинде жаңыдан элестерди жаратуу кайрадан жаратуучу К. деп аталат. Коом үчүн социалдык баалуулукка ээ болгон кандайдыр бир принципиалдуу жаңы образды түзүүгө багытталган аракет – чыгармачыл К. деп аталат. Чыгармачыл К-да адам терең билимге, тажрыйбага таянат.

К. процесси бардык убакта эле тез аранын ичинде ишке аша койбойт. Кээде келечектеги каалаган образды түзүү, жабык формада, чыгармачыл адамдын ички дүйнөсүндө көпкө кармалып калат. Аны *ой-тилек* деп аташат. К. өзгөчө формасы болгон *ой-тилек* көп жагынан чыгармачыл К-га жакындап кетет. Ой-тилектин чыгармачыл активдүүлүгү, анын мүнөзү, кеңдиги м-н аныкталат. Ой-тилектин каалаган образы – обочолонгон образ б. а. тез аранын ичинде түздөн-түз объективдүү продукт бере албайт. Бирок ой-тилектин инсандын багытталышы, тагдыры м-н байланышкан жактарын изилдөө психология илиминдеги чечилбеген проблема бойдон калууда.

**ЛАБОРАТОРИЯЛЫК ИШ -** – окутууну уюштуруунун формаларынын бири. Мугалимдин тапшырмасы, атайын даярдалган көрсөтмө б-ча окуучулардын, куралдарды, техникалык жабдууларды колдонуу м-н тажрыйбаларды өткөрүшү.

Л. и. учурунда байкоо, анализ ж-а байкоо учурундагы маалыматтарды салыштыруу, корутундуларды жасоо жүргүзүлөт. Ой жүгүртүү, иш аракет м-н айкалышат, окуучулар техникалык каражаттардын жардамы аркылуу окуп үйрөнүп жаткан заттарга ж-а материалдарга таасир этүү м-н өздөрүн кызыктырган кубулуштарды, процесстерди алышат. Акыл ишин физикалык иш аракет м-н мындай айкалыштыруу таанып билүү процессинин продуктивдүүлүгүн жогорулатат.

Л. и. иллюстративдик планда өткөрүлөт, окуучулар өздөрүнүн тажрыйбаларында буга чейин мугалим көрсөткөн демонстрацияны, окуу китебинен алган билимдерин кайталап ишке ашырат, же изилдөөчүлүк планда, окуучулар өздөрү, алардын алдына коюлган таанып билүү тапшырмаларын алгач ирет аткарышат, тажрыйбалардын негизинде, илимде буга чейин белгилүү болгон жыйынтыктарга өз алдынча келишет.

Айрым учурда окуучулар изилдөөчүлүк иш жүргүзүшөт, (окуучунун эксперименти аркылуу) обьектилердин ж-а материалдардын буга чейин белгилүү болбогон, сыналбаган жактарын издеп табышат, технологиялык маселелерди чечүү м-н кубулуштардын жаңы ситуациядагы байланыштарын табышат, иштин жүрүшүндөгү бузулуунун себептерин аныкташат.

Л. и. өткөрүүдө окуучулардын эксперименттик техникасын өздөштүрүүсү маанилүү. Окуучулар эң жөнөкөй куралдар м-н иштөөнү үйрөнүшөт. Экспериментти аткаруу маданиятын, өлчөөчү куралдардын техникасын өздөштүрүшөт, шаймандарды, куралдарды мантаждоого үйрөнүшөт. Булардын бардыгынын учурдагы өндүрүштө иштөөгө даярдоодо чоң мааниси бар.

Л. и. жекече аткарса болот, о. эле жупташуу м-н же топтук түрдө аткарууга б-т. Топтук аткарууда ар бир окуучунун иштин бөлүктөрүн аткаруу м-н белгилүү билимди ж-а билгичтикти өздөштүрүүсү зарыл. Л. и. инструкциясы оозеки же жазуу жүзүндө берилиши мүмкүн. Алгачкы мезгилде инструкция бөлүк бөлүгү м-н берилет. Бара-бара окуучулар татаал инструкциялар м-н иштөөгө үйрөнүшөт.

Л. и. аткарууда окуучулар кубулуштар ж-а процесстер б-ча алган маалыматтарды отчетторунда график түрүндө берүүгө үйрөнүүсү маанилүү. Л. и. сабактын бир бөлүгү болушу мүмкүн. Л. и. өткөрүү окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатат, практикалык билгичтик ж-а көнүмдөргө ээ болууга көмөктөшөт, окутууну турмушка жакындатат.

**ЛАБОРАТОРИЯЛЫК ТАЖРЫЙБАЛАР -** – окуучунун эксперименти лабораториялык тажрыйбалар ж-а практикалык сабактар болуп бө-лүнөт. Алар дидактикалык максаттары б-ча айырмаланышат. Л. т-дын максаты – жаңы материалды окуп үйрөнүү, жаңы билим алуу.

Окуучунун эксперименти төмөнкү этаптар б-ча өтөт:

1) тажрыйбанын максатын аң сезимдүү кабыл алуу;
2) заттарды изилдеп-үйрөнүү;
3) куралды чогултуу же даяр куралды пайдалануу;
4) тажрыйбаны аткаруу;
5) натыйжаны анализдөө ж-а жыйынтык чыгаруу;
6) алынган натыйжаны түшүндүрүү ж-а химиялык теңдемелерди түзүү;
7) отчет түзүү;

Л. т. жекече ар бир окуучу өз алдынча, же топтук (окуучулар тобундагы окуучулар чогуу аткарылуучу функциялар бири биринен айырмаланат, арасында чогуу жыйынтык чыгарышат. Л. т-га жаңы материалды түшүндүрүү сабагынын структурасында орун берилет. Л. т. ж-дө окуучуларга алдын-ала эскертүүнүн зарылчылыгы жок. Техникалык коопсуздук эрежесин сактоо максатында татаал Л. т-ды окуучулардын (2–3 кишиден) тобу аткарганы оң.

Л. т. жаңы материалды түшүндүрүү процессинде өткөрүлгөндүктөн, аны материалды түшүндүрүү ирети бузулбагандай уюштуруу зарыл. Л. т-ды аткаруу учурунда практикалык билгичтиктерин ж-а көндүмдөрүн калыптандырууга анча басым жасалбайт.

**ЛЕКЦИЯЛЫК-СЕМИНАРДЫК СИСТЕМА –** зарыл билимдерге, оозеки баяндалган материалды кабыл алуу тажрыйбасына ж-а маалымат булактары м-н өз алдынча иштөө көндүмдөрүнө ээ адамдарга эсептелген окутуунун түрү. Л-с. с. алгачкы ун-ттер пайда болгондо эле колдонула баштаган. Ушул кезге чейин олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар боло элек. Бул системадагы окутууну уюштуруунун негизги формалары лекциялар, семинарлар, практикумдар, лабораториялык жумуштар, консультациялар, коллоквиумдар, зачеттор ж-а экзамендер.

Кийинки жылдары Л-с. с-нын элементтери жалпы билим берүүчү мектептерде, класстык-сабактык системанын алкагында колдонула баштады.

**ЛИЦЕЙ -** (грек. lykeion) – 1) Афинанын жанындагы Ликей Аппалонго арналган жер. Бул жерде улуу Аристотель шакирттери м-н бак аралай сейилдеп жүрүп (Хр. Р. чейин 322-ж. өлгөн) өз философиясын окуткан; ушундан улам Аристотелдин мектеби перипатетикалык, ал эми шакирттери м-н жолун жолдоочулары – перипатетиктер (сейил учурунда ой жоруган философтор) деп аталышкан. 2) Батыш Европадагы орто окуу жайы. Бизде жалпы орто ж-а кошумча жалпы билим программаларын ишке ашыруучу, жогорку баскычтагы окуучуларды шык жөндөмүнө жараша профилдүү, дифференциалдуу ж-а кесипке ылайыктап окутууну жүзөгө ашырган жалпы орто билим берүүчү мекеме.

**ЛИЦЕИСТ -** – лицейдин тарбиялануучусу. КРда биринчи лицей 1990–91-жылдары Каракол ш-да Т. Сатылганов атындагы ж-а Ош ш-да У. Салиева атн. жалпы билим берүүчү мектептердин базасында ачылган, бүгүнкү күндө ар бир областта, шаарларда бар.

**ЛИЧНОСТТУК ТЕСТТЕР -** – бул түр-дөгү тесттер сыналуучунун ар тараптуу өзгөчөлүгүн изилдөөгө, анын активдүүлүгү кайсыга багытталганын билүүгө, мотивациялык чөйрөсүн диагноздоого багытталган. Сыналуучунун эмоциялык абалын билүүгө арналган тесттер дагы Л. т-ге кирет. Чет элдик тестирлөө системасында личносттук тесттердин бир канчалаган түрлөрү колдонулат, бирок анын жыйынтыгын туура, так интерпретациялоо, инсандын өзү үчүн туура пайдаланууга чоң көңүл бурулат. Л. т-ди уюштурууда өзүн-өзү баалоого ылайыкталган, ситуациялык, суроо-жоопордон турган ж-а проективдүү (маселен, эркин темада сүрөт тартуу) тапшырмалар колдонулат.

**ЛОГИКА** (грек. logos – сөз, ой, кеп, акыл) – ой жүгүртүүнүн формалары ж-а закондору ж-дөгү илим. Ал үч бөлүктөн турат: диалектикалык Л., математикалык Л. ж-а формалдуу Л.

Диалектикалык Л. – объективдүү дүйнөнүн өнүгүшүнүн адамдын ой жүгүртүүсүндөгү чагылыш формасы ж-а закондору, чындыкты таанып-билүүнүн закон ченемдери жөнүндөгү илим. Анын элементтери Гераклит, Платон, Аристотель ж. б. ойчулдардын эмгектеринде, ал эми таанып-билүүнүн, ой жүгүртүүнүн жалпы принциптери ж-а методдору катары Ф. Бекон, Декарт, Лейбниц ж. б. окууларында кездешет. Диалектикалык Л-ны өнүктүрүүгө белгилүү салымды Кант ж-а Гегелдер кошушкан. Анын негизги маселеси катары предметтерге диалектиканын закондорунун жасаган аракеттеринин байланышынын түшүнүктөрдө чагылдырууну изилдөө, анын негизинде ой жүгүртүүнүн өзүнүн өнүгүшүн үйрөнүү, таанып-билүүнүн жалпы законченемдери каралат.

Математикалык Л. – Л-да математикалык методдорду колдонуу, ошондой эле математикалык талдоолорду ж-а далилдөөлөрдү Л-лык изилдөө жөнүндөгү билимдердин жыйындысы.

Формалдуу Л. – ойдун формаларынын (ойдо талдоо, ой жыйынтыктоо, түшүнүү, далилдөө ж. б.) Л-лык түзүлүшүн үйрөтүүчү илим. Формалдуу л.нын негизги максаты – корутунду билимге ээ болуу процессинде сакталуучу закондорду ж-а принциптерди иштеп чыгуу болуп саналат.

**ЛОГИКАЛУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ** – адамдын ой жүгүртүүсүнүн логиканын закондоруна туура келиши. Ал ой жүгүртүүнүн сапатын көрсөтүп, анын удаалаштыгын, карама-каршы эместигин, далилдүүлүгүн мүнөздөйт.

**ЛОГИКАЛЫК БИЛИМ -** – логика илиминин негизги түшүнүктөрүн, законченемдерин, теорияларын, практикада колдонулушун билүү.

**ЛОГИКАЛЫК ЫКМА -** – мурда болгон түшүнүктөрдү салыштыруу, бөлүктөргө ажыратуу, бириктирүү аркылуу терең билимге ээ болууга мүмкүндүк берүүчү ой жүгүртүү ишмердиктин жолу. Л. ы-ларга эң алгач анализ, синтез, абстракциялоо, салыштыруу, жалпылоо, түшүнүккө аныктама берүү, түшүнүктүн көлөмүн бөлүү, көрсөтмө берүү, түшүндүрүү, сүрөттөп жазуу, айырмалоо ж. б. кирет.

**ЛОКК ДЖОН -** (1632–1704) – көрүнүк-түү англис философу, агартуучусу, педагогу. «Адамзаттын акыл-эси жөнүндө тажрыйба» (1690) деген эмгегинде билимдер ж-а идеялар тажрыйбадан келип чыгары жөнүндөгү сенсуализм окуусун негиздеген. Ал баланын жан дүйнөсү «таза доскага» окшош, балдар өздөрүн эмне курчап турганын гана билет деген. Л. бул түшүнүктү адеп-ахлактык чөйрөгө да жайылткан: ал тубаса эмес, белгилүү турмуштук шарттардын ж-а тарбиянын натыйжасын түзөрүн айткан. Л. балдардын жөндөм шыктарында дээринен эле айырмачылыктар бар экендигин көрсөткөн, бирок ага тиешелүү маани берген. Адамдын көз караштарын, жүрүм-турумун калыптандырууда тарбия чечүүчү мааниге ээ деп тыянак чыгарган.

Л. таалим-тарбиянын максатын «жентельменди», б. а. өз ишин жөндүү жүргүзө алган ишкерди калыптандыруудан көргөн. Тарбиялоонун натыйжасында жентельмен ишкер, дени соо, өзүн коомдо алып жүрө алган, тунук ойго, билимге ээ болгон, тырышчак ж-а эр жүрөк, кыйынчылыкты көтөрө билген болушу керек. Л. жентельмен мындай тарбияны мектептен эмес үй-бүлө педагогунан алышы зарыл деп эсептеген. Ал эми мектепти ар түрдүү чөйрөдөн келген балдардын чогулган жайы деп, мындан кичинекей жентельменди бузуунун булагын көргөн. Бул маселелер: «Тарбиялоо жөнүндө ойлор» (1965) деген трактатында каралган. Л. мектептеги курулай жаттоочулукка каршы чыгып, окутуунун иштиктүү оюн, сүрөттүү китептерди пайдалануу, билимди практика м-н байланыштырууну сунуш кылган. «Адамзатты акыл-эси м-н башкаруу жөнүндө» (1706) деген трактатында өз алдынча билим алууну активдештирүүгө ээ б-н талкуулоо, ой бөлүшүү ыкмаларын иштеп чыккан. Л. ойлору 18–19-к-да педагогикалык психологиялык ойлордун өнүгүшүнө олуттуу таасир эткен.

**МАГИСТР -** (лат. magister нускоочу) – толук жогорку билимдин академиялык даражасы. М. даражасын университеттин же ага теңдеш жогорку окуу жайынын атайын программасын бүтүргөн, атайын экзамендерди тапшырган ж-а М-дик диссертациясын ийгиликтүү коргогон бүтүрүүчүлөр ээ болушат. М. даражасын алгандар аспирантурага тапшырууга же кесиптик ишмердүүлүккө киришүүгө укуктуу.

**МАГИСТРАТУРА -** – ил. багытта магистрлерди даярдоо программасы б-ча толук жогорку билимдүү болуунун акыркы бөлүгү. Базалык жогорку билими бар бакалаврлар үчүн окуу мөөнөтү 2 жыл. Магистр даражасын алгандар төмөнкү иштерди аткарууга даярдалат: берилген багыт б-ча ил.-изилдөө жүргүзөт, атайын даярдыкты талап кылган маселелерди өз алдынча чече алат; психология-педагогикалык программаларды кошумча өздөш-түргөн болсо, жогорку окуу жайларында окутуучулук иштерди аткара алат; ар кандай билим берүү мекемелеринде иштей алат; аспирантурада билимин уланта алат.

М-га «бакалавр» даражасы барлар ж-а белгилүү шартта «дипломдуу адис» квалификациясын алгандар да тапшыра алышат.

**МАКАРЕНКО -** Антон Семенович (1888-ж., Украина – 1939) – жазуучу ж-а педагог. 1920-ж-дан Полтавага жакын жерде жашы жетелек кылмышкерлердин эмгек колониясын жетектеген. 1926-ж. ал колония Харьковдун алдындагы Куряжга которулган. (М.Горький атындагы колония). 1927-ж-дан колониядагы жумушун Харьковдун алдындагы Ф. Э. Дзержинский атындагы балдардын Эмгек Коммунасын уюштуруу м-н айкалыштырган. 1928-ж-дан Коммунанын жетекчиси, 1935-ж-дан баштап УССРинин ички иштер комиссариатынын эмгек колониялар б-ча бөлүмүндө түрдүү

кызматтарды аткарган. 1937-ж-дан Москвага келип адабий педагогикалык чыгармачылык м-н алек болгон. М. бүт ишмердүүлүгү тарбия практикасы м-н байланыштуу болгон. Анын педагогикалык көз караштарынын өзөгүн тарбия процессинин негизги формасы болгон коллектив теориясы түзөт. М. коллективди уюштуруу, тарбиялоо методдорунун ырааттуу системасын иштеп чыккан. М. эмгектеринде үй-бүлө педагогикасынын негизги маселелери болгон үй-бүлө структурасы, анын маданияты, үй-бүлөдө тарбиялоонун методдору да иштелип чыккан. М. ачылыштары 30-ж-дары субьективдүү шарттардан улам кенири колдонулган эмес.

Ага революцияга чейинки педагогика м-н алек болот, авторитаризмдик тартипти бекемдөөгө умтулат деген күнөөлөр коюлган. Педагог гуманисттер (П. П. Блонский, В. Н. Сорока-Росинский ж. б.) анын иштин коллективдүүлүк формасы м-н) ашкере алек болгондугун, революциялык активдүүлүгүн кабыл алышкан эмес. М-нун практикасы жөнүндө Н. К. Крупская, А. В. Луначарский ж. б. негативдүү ойлорун билдиришкен. Сынчылардын М-нун артынан сая түшүшү «Педагогикалык поэма» жарыкка чыккандан кийин да улантыла берген. 80-ж.дын акырында М-нун чыгармачылыгына жаңы позицияда баа берүүгө аракет кылган көптөгөн эмгектер пайда болду. Ошондой болсо да М-нун педагогика теориясындагы ордуна ушул күн-гө чейин бир жактуу баа берилбей келет.

**МАКТОО ГРАМОТАСЫ -** (мектепте) – окуучуларга берилчү сыйлык. СССР ЭКС м-н ВКП(б) Бкнын чечими б-ча 1935-ж-дын 3-сентябрынан башталгыч ж-а орто мектептерге киргизилген. М. г. м-н бүтүрүү ж-а класстан класска көчүрүү экзамендерин өтө ийгиликтүү тапшырган окуучулар сыйланат. Ошондой эле коомдук иште, конкурстарда, олимпиадаларда ж-а спорттук мелдеште чоң ийгиликке жетишкен окуучулар, окуучулар коллективи да сыйланат.

**МАМБЕТАКУНОВ -** Эсенбек (1944, Ат-Башы р-ну.) - көрүнүктүү педагог, физик-окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору (1992), профессор (1993), Кыргыз УИАнын корр.-мүчөсү (2000), СССРдин Эл агартуу отличниги (1991), билим берүүнү гумандаштыруу б-ча Эл аралык академиянын (Германия, 1995), Педагогикалык ж-а социалдык ИАсынын (Россия, 1999) анык мүчөсү, КРнын Элге билим берүү отличниги (1984), Ж. Баласагын атындагы сыйлыктын ээси (1998).

КМУУнун физика математика факультетин бүткөн (1965). Мектепте мугалим (1965–1971), Фрунзе политехникалык техникумунда окутуучу (1971–1973), Кыргыз педагогикалык илим-изилдөө ин-тунун аспиранты (1973–1976), сектор башчысы ж-а ага ил. кызматкер (1977–1982), КМУУнун физика факультетинин доценти (1982–1992), Кыргыз билим берүү ин-тунун директорунун илим-изилдөө иштери б-ча орун басары (1992–1997) болуп иштеген. 1994–ж-дан тартып Ж. Баласагын атн. КМУУнун физиканы окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, 1997–ж-дан КМУУнун Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо ин-тунун окутуунун жаңы технологияларын ил. изилдөө бөлүмүнүн начальниги. Кырг. Респ-сында педагогика б-ча докторлук (кандидаттык) диссертациялык кеңештин төрагасы (1993–1995), (2002–2004), Улуттук аттестациялоо комиссиясынын эксперттик кеңешинин башчысы (1995–2002), Абай атындагы Алматы мамлекеттик ун-тинде диссертациялык кеңештин мүчөсү.

Ил. изилдөө иши негизинен окуучулардын ж-а студенттердин ил. түшүнүктөрүн калыптандырууга, предметтерди байланыштырып окутууга, жогорку ж-а орто окуу жайларында окутууга гумандуу мамиле жасоого арналган.

М. 270тен ашуун ил. эмгектин, анын ичинде 8 монографиянын, 9 окуу китебинин, 20дан ашуун илимий-методикалык колдонмонун автору. Орто мектептер үчүн жазылган «Табият таануу» (5–кл.), «Физика» (7, 8, 9-кл.) окуу китептеринин автору. Анын жетекчилиги м-н 2 докторлук, 7 кандидаттык диссертация корголгон.

**МАМБЕТАЛИЕВ -** Көкөбай (1913, Кочкор р-ну, – 1976, ошол эле жер) – биолог, мугалим, КР эмгек сиңирген мугалими (1964), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1968). 1951-ж. Караколдогу мугалимдер ин-ттун бүтүргөн. 1961-ж-дан өмүрүнүн акырына чейин Талаабулак орто мектебинде биологиядан сабак берип, Кыргызстандын өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсү ж-дө миңге жакын ар түрдүү экспонаттарды ж-а көрсөтмө үлгүлөрдү жасаган ж-а жыйнаган. Мектепте түзүлгөн зоология музейи республиканын чегинен тышкаркы жерлерге чейин белгилүү болгон. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган. Талаабулак орто мектебине анын ысымы берилген.

**МАМЫТОВ -** Абакир (1954-ж. т., Кара-Кулжа р-ну.) – Педагогика илимдеринин доктору (1998-ж.), профессор (1993-ж.). Кырг. Респ-сынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер (1995-ж.). 1992-жылдан Кыргыз мамл. физкультура институтунун ректору 1994-жылдан Коомдук багытта КР Олимпия академиясын жетектейт.

Кыргыз мамл. физкультура ин-тун (1976-ж) бүткөн. 1976–1979-ж-дары Бүткүл Союздук (Москва шаары) физкультура илим-изилдөө ин-тунда кандидаттык диссертациясын 1982-ж. коргогон. Доцент ил. даражасын 1986-ж. алган. 1979-ж-дан бери Кыргыз мамл. физкультура ин-тунда эмгектенет. Физкультура теориясы ж-а методикасы кафедрасында мугалим, ага мугалим, профессор.

Дене тарбия ж-а жогорку мектеп педагогикасы б-ча адис. 100дөн ашык илимий, методикалык эмгектин, 6 монографиянын автору. Ил. эмгектери алыскы ж-а жакынкы чет өлкөлөрдө жарык көргөн. Москвада, Алматыда, Лондондо, Варшавада, Тегеранда, Ашхабадда, Хиросимада өткөн конференцияларда ил. докладдар м-н чыгып сүйлөгөн. «Спорт теориясы» (2002), окуу куралынын, «Кыргызстандагы жогорку дене тарбия билими: азыркы абалы ж-а келечеги» (1998) «Саламаттыгыңды сактай бил» (1996), «Сымбаттуу болуу өзүңдөн» (1988), аттуу китептердин автору. Физкультура ж-а спорт энциклопедиясын (2002.) иштеп чыккан жооптуу редактор. «Ден соолук» (1991.) энциклопедиясынын авторлорунун бири.

КР «Билим берүү» (1992-ж., 2003-ж.), «Физкультура ж-а спорт» (1999.) «Мугалимдин статусу» (2001.) мыйзамдарын иштеп чыккандардын бири.

КР Ардак Грамотасы (1991.), «Манас 1000» (1995), «КР 10 жыл» (2001) юбилейлик медалдары м-н сыйланган. Физкультура ж-а спорт отличниги» (2000.), «Билим берүүнүн отличниги» (1995) төш белгилери бар.

**МАХМУД -** Кашгари – XI к-дагы теңир тоолук түрк калктарынан чыккан энциклопедист аалым, тилчи, этнограф, агартуучу болгон. Анын туулган жылы да, дүйнөдөн кайткан жылы да белгисиз. Ил. божомолдорго ишенсек М. К. 1029–

1038-ж-дар аралыгында Кара кагандар сулалесине таандык Барскоон ш-нда туулган. Анын «Түрк сөздөр жыйнагы» 1915–1917-ж-дары Стамбулда таш басмадан үч томдук китеп болуп чыгат.

"Дивандын" структурасы, мазмуну белгилүү өлчөмдө аны Түрк элдеринин түпкү маданий педагогикалык салттарын, көз караштарын ырааттуу чагылдырган энциклопедиялык мазмундагы «окуу китеп» катары кабылдоого толук мүмкүндүк берет.

"Диванда" астрономия, математика, биология, география, тарых, тил илимине таандык бай эмпирикалык билимдер да учурайт. Ал эми байыркы түрктөрдүн педагогикалык көз караштары сөздүктөгү эпостук баян түрүндөгү ырлардын үзүндүлөрүнөн тартып баатырларды жоктоо, акыл насаат айтуу, табигатты сүрөттөө, айрым лирикалык ырларга чейинки чыгармалардын үзүндүлөрү (1000 сапка жакын ырлар), көптөгөн макал-лакаптарга чейин орун алган. Алар белгилүү өлчөмдө ошол доордогу түрк тилдүү элдердин педагогикалык маданиятынын өзгөчөлүктөрү тууралуу башка булактар берген маалыматтарды толуктап турат.

«Диванда» мындан сырткары турмуштагы табияттын адамдардын өз ара мамилелериндеги кубулуштарды таанытууга багытталган макалдар да арбын учурайт.

Педагогикалык мотивдер айрыкча «Алп эр Тонганы жоктоо», «Белгисиз баатырды жоктоо» – деген кошок ырларда, макал-лакаптарда ачык даана баамдалат. Ошентип, М. К-нин мурасы көп кырдуу энциклопедиялык мааниге ээ. Аны, аксиологиялык, тарыхый педагогикалык потенциалын ачып көрсөтүү атайын олуттуу изилдөөлөрдүн объектиси болууга тийиш.

**МЕДИА БИЛИМ БЕРҮҮ -** (лат. media – каражат) – массалык байланыштын законченемдүүлүгүн окуучулардын өздөштүрүүсүнө арналган педагогиканын багыты. М. б. б. окуу процессинде информациялык технологиялар б-ча окуучунун таанып-билүү жөндөмүн калыптандырууга арналган. М. б. б. негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет: а) окуучуларды ар кайсы булактардан тиешелүү маалыматтарды чогултууга үйрөтүү; б) маалымат каражаттары м-н иштөөгө окуучуларды үйрөтүү ж-а калыптандыруу; в) ар кандай каражаттардан маалыматтарды алуу ж-а аларга жүктөй билүү. М. б. б-нүн негизги каражаттары болуп: массалык маалымат каражаттары (гезит, журнал, радио, теле берүү), аудио-видео, компьютерлер, интернет тармагы эсептелет.

**МЕДИЦИНАЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОМИССИЯЛАР** – Атайын билим берүүчү мекемелерге окуу үчүн балдарга жолдомо берүү суроолорун чечүүдөгү комплекстүү, ар тараптуу текшерүүлөрдү жүргүзүүчү мекемелер. Республикалык ж-а зоналдык болуп билим берүү башкармалыктарынын алдында түзүлөт. Саламаттыкты сактоо ж-а билим берүү министрликтери тарабынан бекитилет.

Балдарды ата-энелердин же алардын ордун алмаштыруучулардын көз алдында текшерүүдөн өткөрөт**.**

**МЕНЧИК МЕКТЕПТЕР - –** мамлекеттик эмес мекемелер ж-а жеке адамдар тарабынан уюштурулган билим берүүчү мекемелер. Түрдүү мамлекеттик эмес уюмдар, фонддор, жеке адамдардын кайрымдуулуктары аркылуу каржыланат. М. м-дин ж. б. мамлекеттик эмес билим берүүчү мекемелердин ишмердүүлүктөрү сыяктуу КРнын «Билим берүү» жөнүндөгү М. м-дин билим стандарттары ж-а күндөлүк режими мамлекеттик мектептердикине дал келиши зарыл. М. м. билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугуна ээ болуш үчүн лицензия алышат, алардын иши да мамлекеттик билим берүү мекемелери сыяктуу эле белгиленген мөөнөттө аттестациядан өткөрүлүп турат.

**МЕКЕН ТААНУУ -** – башталгыч класстар үчүн окуу предмети. М. т. кенже мектеп окуучуларына курчап турган дүйнөнү ил. негизде таанытуучу, Ата Мекендин жаратылышын, элдин турмушун, салт-санааны окутуу м-н эли-жерин сүйүүгө, Мекенин коргоого тарбиялоочу интегралдашкан предмет. М. т. предметинин мазмуну табигый илимдер м-н гуманитардык билимдердин айкашынан турат. Алып айтсак, анын мазмунунда астрономия, география, биология, химия, физика илиминин элементтери чагылдырылат. Гуманитардык билимдерден: тарых, адабият, этнография, культурологиянын маалыматтары бар.

М. т. курчап турган дүйнөнү таанытуу максатка ылайык төмөндөгү мазмундук багыттардан турат: Аалам. Жер – ааламдын бир бөлүгү. Жер бетиндеги жаратылыш. Кыргыз жери. Жаратылышты коргоо. Адам – жаратылыш перзенти. Адам – акылман. Адам - өнөрлүү. Адамдардын мамилеси. Ата салты. Үй-бүлө, ата-эне, биздин айылдын (шаардын) эли, Республикабыздын эли. Дүйнө элдери. Достук ж-а ынтымак.

Мазмуну класстар б-ча балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык бөлүштүрү-лүп окуу программасында төмөндөгүчө жайгаштырылган:

1-класс «Мен ж-а айлана чөйрө»**.**

2-класс «Биз жашаган жердин жаратылышы ж-а элдин турмушу».

3-класс «Республикамдын жаратылышы ж-а элдин турмушу».

4-класс «Аалам ж-а биз».

Атайын түзүлгөн программанын негизинде жазылуу м-н, М. т. окуу китеби 1-класстын «Мен жана айлана чөйрө», 2-класстыкы «Жаратылыш жана биз», 3-класстыкы «Кыргыз жери **–** керемет», 4-класстыкы М. т. сабактарында элдик маданият, турмуштук билимдер кеңири колдонулат.

**МЕКТЕП -** – ( араб тилинин «мактаб» деген сөзүнөн алынган) жаш муундарды окутуп-тарбиялоого чакырылган билим берүү мекемеси. Мектептин пайда болушу адамзат коомунун жаралышы, андагы өндүрүштүк мамилелердин татаалданышы ж-а эмгектин коомдогу бөлүштүрүлүшү м-н түздөн-түз байланыштуу, б. а. эң алгачкы коомдордо эле адамдар балдарды тарбиялоо ишин атайын бул ишке жооптуу кишилерге тапшырышкан. Байыркы Грецияда М. деп философтордун өз окуучулары м-н эркин темадагы баарлашуусун түшүнүшкөн. Байыркы Римде болсо М. деген сөз азыркы маанисине жакын колдонулуп, билим-тарбия берүүчү мекемени түшүндүргөн. Кыргызстандын М-тик билим берүүсү да өз тарыхына эгедер. Кокон хандыгынын тушунда Кыргызстанда ислам дининин негиздерин окутууга багытталган: М-тер (башталгыч билим берүүчү) ж-а медреселер (орто ж-а жогорку билим берүүчү) болгон. Кыргызстан

Россия падышачылыгынын карамагына өткөндөн тартып, көчүп келгендер тарабынан негизделген шаар-кыштактарда орус-тузем башталгыч М-тери, бирин-экин гимназиялар ачылып, аларда жергиликтүү элдин балдарынын арасынан да тилмечтерди, катчыларды даярдоо иши колго алынган. Кыргызстандын азыркы М-тик билим берүү системасы негизинен совет бийлигинин тушунда түзүлүп, жетилген. Кыргызстан өз эгемендүүлүгүнө ээ болгон күндөн бери (1991, 31-август) М-тик билим берүү жаатында чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Билим берүүнүн көп түрдүүлүгүн камсыз кылган, айрым предметтерди терендетип окутуучу мектеп-гимназиялар, лицейлер, автордук, жеке менчик М-тер пайда болду. Азыркы М-тик билим берүү рынок мамилелеринин мезгилиндеги инсандын билимге болгон керектөөсүн толук канааттандырууга багытталган. КРынын М-тик билим берүүсү төмөнкү үч баскычты: – башталгыч жалпы (1–4 класстар), негизги жалпы (5–9 класстар), орто жалпы (10–11 класстар) билим берүүчү М-терди өз ичине камтыйт. М-тик окутуу 6–7 жаштан тартып башталат. КРсынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына ылайык башталгыч ж-а негизги жалпы мектепте окуу жалпыга бирдей милдеттүү түрдө ишке ашырылат ж-а мамлекеттик ж-а муниципалдык окуу жайларда окутуу акысыз жүргүзүлөт.

**МЕКТЕП ИНФОРМАТИКАСЫ -** – изилдөө предмети программалык, техникалык, окуу-методикалык маселе болуп саналган ж-а мектептин окуу процессинде ЭЭМди колдонууну уюштурууну камсыз кылуучу информатиканын бир бөлүгү.

**МЕКТЕП КАНИКУЛДАРЫ -** – балдардын эс алышын камсыз кылуу үчүн окуу процессинин убактылуу токтотуу мезгили. Аны бир мамлекет өзүнүн табигый шарттарынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу м-н мыйзам чегинде белгилейт. КРда окуу жылынын башталышы ж-а аякташы «Билим берүү» жөнүндөгү мыйзам жөнгө салат. Ошол мыйзамга ылайык КР башталгыч, толук эмес орто билим берүү ж-а орто билим берүү мектептерде төмөнкү мезгилдердеги каникулдар белгиленген: күзгү каникул – 5 күн (5–9-ноябрга чейин), кышкы каникул – 12 күн (30-декабрдан 10 январга чейин), жазгы каникул – 8 күн (шаар жерлеринде жергиликтүү айыл өкмөттөрүнүн кароосу б-ча убакыт өзгөрүшү мүмкүн). Окуучулардын жайкы эс алуусу же каникулы мектептеги окуу аяктагандан 1-сентябрга чейин улантылат.

**МЕКТЕП КАФЕДРАСЫ - –** мектептердин айрыкча гимназия, лицейлердин уюштуруу, жетектөө структурасындагы жаңы бирикме. М. К. мугалимдердин илим изилдөө иштерин жетектөө, жаңы окуу программаларды, окуу китептерди, ошондой ил.–педагогикалык долбоорлорду баалоо, рецензиялоо, практикада колдонуу иштерин кординациялоо, мектептин илим-изилдөө мекемелери, ЖОЖдор м-н байланышын камсыз кылуу сыяктуу милдеттерди аркалайт. Эреже катары ага башчылык кылууга ил. даражасы бар ил. кызматкерлер, ЖОЖдун окмуштуулары чакырылат. Кафедранын жетекчилиги алдында мугалимдер окутуу тарбиялоо тармагындагы жаңы идеяларды ж-а технологияларды ишке киргизишет.

**МЕКТЕП КӨРГӨЗМӨСҮ -** – окуучулар коллективинин иштерин, алардын коомдук пайдалуу эмгегинин жыйынтыгын, спорттогу ж.б. тармактарда формасы. Иштин бул формасы окуучулардын өз алдынчалыгын, илимдин тигил же бул тармагына кызыгуусун, чыгармачылык иштөөсүн өнүктүрөт.

М. к.төмөндөгүдөй бөлүнөт: Коомдук саясий темаларга байланышкан М. к. Бул иш көпчүлүк учурда белгилүү даталарга ж-а өлкөдөгү маанилүү окуяларга арналып, ар түрдүү стенддер көргөзмөлөр уюштурулат.

Предметтик сабактар м-н байланышкан МК. Бул көргөзмөнүн окуучунун предметке кызыгуусун өнүктүрүүгө жардам берет. Ошондуктан ар стендге, көргөзмөгө сунуш кылынган адабияттардын тизмесин берүү керек.Жыйынтыктоочу М. к. мектеп турмушунун жалпы картинасын, окуу-тарбия ишинин ийгилигин камсыз кылган жолдорду ж-а каражаттарды чагылдырат.

М. к. уюштурууда салыштыруу методу чоң роль ойнойт. Көргөзмөгө бүткүл окуу процессинин өнүгүшүн чагылдырган материалдар тандалышы керек. М. к. окуучулардын мыкты эмгектери, чыгармачылык м-н жасаган буюмдары коюлушу керек. Алгач М. к. уюштурулганда мүмкүн болушунча окуучулардын көп катышуусу максатка ылайыктуу. Кийин М. к. традицияга айланганда экспонаттарды тандоого катуу талап койсо болот. М. к. 2–3 тур м-н өткөрүү зарыл. МК, окуучулар үчүн чоң тарбиялык мааниге ээ.

МК, мектептин жалпы турмушун көрсөтүп, ийгиликтерге жетишүүнүн жолдорун аныктоого, тажрыйба алмашууга, өзүлөрүнүн жетишкендиктерин жайылтууга жардам берет.

**МЕКТЕП ТААНУУ** – педагогика илиминин тармагы. Анын негизги максаты мектеп ишин башкаруунун мазмунун ж-а методдорун изилдөө, мектепти башкаруу системасынын ж-а анын жумушун уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү болуп эсептелет. Мамлекеттеги мыйзамченемдүүлүктөр, педагогика илиминин корутундулары ж-а сунуштары М. т-нун методологиялык негизин түзөт. М. т-нун мазмуну төмөнкү компоненттерден турат:

– мектепти башкаруу ж-а ага жетекчилик кылуунун негизги принциптери;

– мектепти башкаруунун ил. негиздери ж-а башкы функциялары;

– мектепке административдик-педагогикалык ж-а чарбалык жетекчилик кылуу б-ча билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүктөрү (билим берүү жөнүндөгү закондун аткарылышын уюштуруу, жалпы билим берүүчү мектептердин типтерин аныктоо, алардын тармактарын түзүү ж-а рационалдаштыруу, мектеп имараттарын окуу мастерскойлорун, окуу лабораториялык кабинеттерди, мектеп алдындагы участокторду долбоорлоого ж-а курууга коюлуучу педагогикалык талаптарды иштеп чыгуу, мектептерди каржылоо, мектептерди окуу жабдуулары м-н камсыздоо);

– мектептердин окуу-тарбиялоо иштерин башкаруудагы билим берүү маселелеринин ишмердүүлүктөрү (мугалимдерге илимий-методикалык жардамдарды уюштуруу, мектептердин иштерин текшерип-контролдоо);

– мектепке ичтен жетекчилик кылуунун мазмуну ж-а методдору;

–элге билим берүү ишин өркүн-дөтүүгө коомчулукту тартуу;

– мугалимдердин билимин жогорулатууну ж-а адистик квалификациясын өркүндөтүп уюштуруу;

– окуучулардын өзүн-өзү башкаруусун уюштуруу;

– агартуу мекемелеринин отчеттуулугун уюштуруу;
– мектептик иштин статистикасы.

Ушул компоненттердин ичинен мектепти башкаруунун ил. негиздерин ж-а башкы функцияларын гана чечмелөө м-н чектелебиз.

**МЕКТЕПТИ ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕ БАШКАРУУНУН ФУНКЦИЯЛАРЫ -** . Жетекчинин башкаруучулук ишмердүүлүгүнүн толук цикли төрт функцияны аткаруудан турат:

1. Жамааттын (коллективдин) ишмердүүлүгүн пландаштыруу.
2. Жамааттын ишмердүүлүгүн уюштуруу.
3. Жамааттын ишмердүүлүгүн жөнгө салып туруу.
4. Жамааттын ишмердүүлүгүн учетко алуу, контролдоо, анализдөө ж-а анын натыйжаларына баа берүү.

Пландаштыруунун мазмуну эмнеден турат?

Жамааттын ишмердүүлүгүн пландаштырууда жетекчи сөзсүз төмөн-күлөрдү билүүгө тийиш:

а) негизги программалык, мамлекеттик документтерде көрсөтүлгөн мектептин ишмердүүлүгүн, жалпы максаттарын ж-а милдеттерин сезимталдуулук м-н баамдап түшүнүп билүү;

б) жалпы максаттарды ж-а милдеттерди өзүнүн жамааттарынын өзгөчөлүктөрүн толук эске алуунун негизинде конкреттештирүү;

в) коюлган милдеттүү маселелерди ишке ашырууга керектүү каражаттардын (кадрлар ж-а материалдар) оптималдуу комплексин туура тандап алуу;

г) маселелердин аткарылышын убакыт б-ча рационалдуу бөлүштүрүү, б. а. алардын аткарылышынын кезектүү туура удаалаштыгын аныктоо. Мис., конкреттештирүүгө жетекчи: Эмнелер өркүндөтүлөт?, Белгиленген ишти аткарууну эмнелер татаалдаштырат? Жамааттын ишмердүүлүгүн көтөрүү үчүн эмнелерге таянуу керек? – дегендерди аныктап алууга тийиш.

Ишмердүүлүктү уюштуруу төмөнкү элементтерден турат:

а) маселени туура коюу ж-а анын жамаат тарабынан сөзүз кабыл алынышын камсыз кылуу;

б) маселенин аткарылышынын функцияларын аткаруучуларга бөлүштүрүп берүү;

в) аткаруучуларга инструктаж берүү;

г) ишти аткарууда аларга жардам көрсөтүү;

д) ийгиликтүү эмгектенүүгө зарыл болгон шарттарды түзүү.Мис., маселени туура коюп анын жамааттын ар бир мүчөсү тарабынан сөзсүз кабыл алынышын камсыз кылуу үчүн:

1) жетекчи жамааттын ар бир мүчөсүн маселенин аткарылышынын зарылдыгына ынандырууга тийиш, анткени ынангандык адамга психологиялык жактан таасир этет; ансыз маселени адам формалдуу гана кабылдайт;

2) жетекчи маселени ишеничтүү коюуга тийиш, б. а. ал маселенин сөзсүз аткарылышы аткарылышы зарыл экендигин көрсөтүү керек; 3) маселе жеткиликтүү, ачык, так коюлууга тийиш.

Ишмердүүлүктү жөнгө салуу үчүн жетекчи аткаруучуларды өз учурунда моралдык ж-а материалдык (мүмкүн болсо) жактан дайыма стимулдаштырууга тийиш.

Жамааттын ишмердүүлүгү учетко алып, анализдеп чыгып төмөндөгүлөрдү аткарууга тийиш: 1) иштин акыркы жыйынтыгын баштапкы план м-н салыштыруу; 2) эгерде алар дал келишпей калган болсо, анда алардын себептерин тактап аныктоо; 3) жамааттын андан аркы иштөөчү жаңы милдеттерин долбоорлоо.

Мына ушуну м-н жетекчинин башкаруучулук ишмердүүлүгүнүн бүткүл процесси камтылат, б. а. башкаруу цикли толук туюнтулат.

**МЕКТЕП ТАРТИБИ -** – окуучулардын жүрүм-турумун багыттаган ченем. Анын максаты – жеткинчектерди коом тарабынан коюлган талаптын нугунда тарбиялоо. М. т-н чыңдоодо окуучулар, мугалимдер, ата-энелер кеңеши биримдикте иш жүргүзөт. М. т-н ар бир окуучу ж-а мугалим бекем сактоого тийиш.

**МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МЕКЕМЕ КЫЗМАТКЕРИ** – тарбиячы, балдар бакчасынын, балдар үйүнүн ж-а сезондук балдар аянтчаларынын башчысы. Кызматкер атайы педагогикалык билимди Бишкек ш-ындагы педагогикалык атайы орто билим берүүчү окуу жайында, И. Арабаев атн. педагогикалык ун-тте, Каракол ш-ындагы педагогикалык атайы орто билим берүүчү окуу жайында ж-а Ош мамл. ун-тинде даярдалат. Ал окуу тарбия ишин Билим берүү министрлик тарабынан программалык-методикалык окуу каражаттары ж-а сунуштары б-ча уюштуруп, балдардын ден соолугунун чың болушуна жооп беришет.

**МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ТАРБИЯ -** – бул мектепке чейинки (0–7 жаш) курактагы балдарга үй-бүлөнүн ж-а коомчулуктун таалим-тарбия берүүсү. Мектепке чейинки курактагы балдарга таалим-тарбия берүү системасы бизге чейинки бардык прогрессивдүү, алдыңкы педагогикалык бай тажрыйбалардын негизинде түзүлгөн. Ал педагогикалык илимдин ж-а балдар бакчаларынын бай иш- тажрыйбаларынын тыгыз байланышы аркылуу өркүндөйт.

Мектепке чейинки таалим-тарбиянын негизги максаты, ар-тараптан өнүккөн, айлана- чөйрөдөгү кубулуштар, мамилелер ж-дө түшүнүктөрү бар, улууларды сыйлаган, досчулук ж-а жолдошчулукту урматтаган инсанды калыптандыруу.

Балдарды тарбиялоодогу эң негизги каражат болуп оюн эсептелет. Акыл тарбиясы эрте жаш курактан башталып, балдардын айлана-чөйрөдөгү жашоо-тиричилик ж-дөгү алгачкы түшүнүктөрүн калыптандырат. Мамилелешүү ж-а таанып-билүүнүн каражаты болгон кеп үлгүлөрүн үйрөнүп, ар тараптуу тажрыйбага ээ боло башташат. Балдар бакчаларында атайы балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык түзүлгөн «Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо» программасы б-ча окуу-тарбия аракеттери иш жүзүнө ашырылат. (Балдар ар тараптуу түшүнүктөрдү өздөштүрүшөт).

Мектепке чейинки мекемелерде системалуу окутуп-тарбиялоо:

- балдардын акыл-сезимдеринин өнүгүшүнө ж-а аларды мектепте окууга ийгиликтүү даярдоого чоң көмөк көрсөтөт;
- ден-соолуктарын чыңдоо ж-а дене түзүлүштөрүн өркүндөтүүнүн максаты: туура режим, тамактануу, кыймыл аракеттерин өстүрүү;
- маданий-гигиеналык ыктарын, көнүгүүлөрүн калыптандыруу;
- жөнөкөй эмгектин түрлөрүнө катыштыруу;
- кыймылдуу оюндар ж-а гимнастикалык сабак – көнүгүүлөрдү ж-а эстетикалык тарбиялоонун бардык каржаттарын (ийлеп- чаптоо, кесип, чаптоо, сүрөт ж. б.) пайдаланып балдардын ар-тараптуу өнүгүшүн камсыз кылуу.

Азыркы күндө, илимий-теориялык ж-а практикалык бай тажрыйбанын негизинде мамлекеттик ж-а альтернативдүү мектепке чейинки тарбия берүү системалары өнүгүүдө.

Мектепке чейинки курактагы балдарга таалим-тарбия берүүдө балдар бакчаларынын ж-а үй-бүлөнүн максаты бир болот. Коомдук ж-а үй-бүлө тарбиясынын биримдиги, тарбиячы ж-а ата-энелердин тыгыз байланышы, тарбиялоонун негизги шарты болупп эсептелет.

**МЕКТЕПТЕН ТЫШКАРКЫ МЕКЕМЕЛЕР -** – мектептеги окуу процессинен кийин балдар м-н кошумча билим, таалим-тарбия берүүчү мекемелер эсептелет. Негизинен мында окуучулар мектептен өздөштүргөн таалим-тарбиясын өркүндөтөт, илим, техника, адабият, искусство, спорт ж. б. тармактар боюнча балдардын мүдөө-талаптарын, кызыкчылыктарын өстүрөт, балдардын эс алуусун, уюштурууга көмөктөшөт. Кеңири профилдеги М. т. м.: балдар үйлөрү, дворецтери, клубдардагы, театрлардагы балдар секторлору, парктарга, балдар бурчтары, жайкы эс алуу лагерлери ж. б. кирет. Ал эми тар профилдүү М. т. м.: балдар библиотекасы, окуу залдары, ойноо автоматтары, машиналар, жаш техниктердин станциясы, жаш натуралистер станциясы, балдардын туристтик станциясы, лагерлер, балдардын спорттук мектептери, балдар эстетикалык борборлору, балдар театрлары, куурчак театрлары ж. б.

М. т. м. – билим ж-а маданият министрлигине, профсоюздук ж. б. коомдук уюмдарга, фонддорго карайт. М. т. м. мектептерге, ата-энелерге, балдарга таалим-тарбия берүүдө чоң жардам беришет.

**МЕТОДИСТ -** **–** кайсы бир предмет б-ча окутуунун методикасы тармагындагы адис. Ошондой эле методикалык мекемелерде иштеген кызматкерлерди да м. деп айтышат.

Анын милдети- тигил же бул предметтин абалын билип туруу, мектептердеги алдыңкы мугалимдердин иш-тажрыйбаларын таркатуу, предметтер б-ча ачылган жаңылыктарды мугалимдерге жеткирүү, аларды жайылтуу, мугалимдер м-н методикалык иштерди уюштуруу, мугалимдердин окуу-тарбиялык иштерине көмөк көрсөтүү.

**МЕТОДИКАЛЫК ИШТЕЛМЕ -** – окумуштуу-усулчу же практик мугалим тарабынан педагогикалык кайсы бир жалпы проблемаларды, же предметке тиешелүү болгон окутуунун же тарбиялоонун түйүндүү маселелерин чечүүнүн конкреттүү багыттарын, мугалимдер жетекчиликке алуучу практикалык сунуштарды, жаңыча педагогикалык технологияларды камтыган ил. эмгек.

**МОДЕЛДЕШТИРҮҮ МЕТОДУ -** – таанып-билүү объектилерин алардын моделдери аркылуу изилдөө; реалдуу жашап турган предметтердин ж-а кубулуштардын моделдерин түзүү аркылуу изилдөө методу. Мис., экономикадагы, табигый жаратылыштагы ж. б. чөйрөлөрдөгү процесстерди алардын математикалык моделдерин түзүү аркылуу изилдөөгө, алардын ички механизмдерин аныктоого, ички түзүлүшүн тактоого болот. М. м. азыркы учурда өтө кеңири колдонулууда. Өзгөчө бул же тигил социалдык процесстерди изилдөөдө, проблемаларды чечүүдө компьютерлер колдонула турган моделдер бар. Компьютердеги типтүү ж-а жекече программалар алдын-ала түзүлгөн моделдердин негизинде иштелип чыгат.

**МОДЕЛДӨӨ** – объектти изилдөө же кубулуштун пайда болуусун изилдөөдө моделин ж-а аны операциялоосун пайдалуу информация алуу максатында колдонууга болот. Модель ж-а аны түп нускасында физикалык процесс жалгыз ж-а ар түрдүү болушу мүмкүн.

Физикалык М-гө мисалдар: изилдөөнүн аэродинамикасында легателдик аппарат аэродинамикалык трубадагы, плотинаны изилдөөдөгү, физикалык моделдин шлюзу. Физикалык М. процесс бир системада математикалык болбогондо колдонулат. Математикалык М. – катмарды аныктоо, ал каралган кубулушка мүнөздүү, процесси же абал ЭЭМнын жардамы м-н кээ бир теңдемелерди чыгаруу – математикалык модел болуп саналат.

**МОДУЛДАП ОКУТУУ –** инсанды жекече окутууга негизделип түзүлгөн, окуучунун өз алдынча жигердүү аракетине басым жасаган, өз ичине (модулга) байланыштуу окуу материалдар бирдигин, тиешелүү адабияттарды, аларды пайдалануу б-ча көрсөтмөлөрдү, өзүн-өзү текшерүүчү суроолорду камтыган ж-а өздөштүрүү денгээлдери ар бир тема (модул) б-ча өз алдынча билдирилип туруучу окутуу ыкмасы.

**МОЛДО КЫЛЫЧ -** Шамыркан уулу (1866, Кочкор – 1917) – жазгыч акын. М. К-тын негизги чыгармалары: «Зилзала», «Кыз-жигит», «Алдамчы», «Кол казалы», «Керме-Тоо», «Жинди суу», «Көбөй, Султан», «Балбак», «Азамат», «Садырбай», «Мал казал», «Кайнага-келин», «Канаттуу», «Буудайык», «Бүркүттүн тою», «Зар заман», «Чүй баяны» болуп эсептелет. Чыгармалары адам баласынын жүрүм-туруму ж-дөгү этикалык ойлорго, накыл сөздөргө, тарбия-таалим идеяларына бай. «Чүй баяны», «Буудайык» чыгармасы табиятка каршы баруу адам баласы үчүн трагедия м-н аякташы мүмкүн деген филос. ойду билдирип турат.

М. К-тын чыгармалары тоталитардык идеология узак мезгил бою саясый кодулоодо болуп, «кара сандыкка» жабылган. Анын чыгармачылыгы ж-дө 40-жылдары ил. эмгек жазган окумуштуу Тазабек Саманчин «Улутчул», «Космополит» катары куугунтукка алынган. М. К-тын адабий мурастары демократиялык жаңылануу жылдарында элге кайрылып келди.

**МОНОГРАФИЯ** – ил. эмгектин, изилдөөнүн бир түрү. Монографияда белгилүү бир тема же проблема (көптөгөн темалар, проблемалар эмес) ар тарабынан каралып толук изилдөөгө алынат. М-да объектиге алынган тема б-ча буга

чейин жазылган адабияттар талдоого алынат ж-а жалпыланат, жаңы ил. гипотезалар ж-а корутундулар жасалат. М. кеңири библиографиялык тизме ж-а эскертүүлөр м-н коштолот.

Кыргызстанда ил. М. биринчи жолу 1930-жылдарда жаралган. Тил илими б-ча кыргыз тилиндеги «Кыргыз тилинин морфологиясы» деп аталган туңгуч М-нын автору – Касым Тыныстанов.

**МУГАЛИМ-МЕТОДИСТ -** – чыг-лык ишмердүүлүгүндө бай тажрыйбага ээ, ил.-методикалык сунуштарында жаңычылыкка умтулган, өз ишинин оң натыйжаларын көрсөткөн практик мугалимдерге берилүүчү наам. Бул наамга кандидаттарды педагогикалык жамааттар көрсөтөт ж-а алар тандалып отуруп, өлкөнүн билим берүү тармагын тейлеген министрлик тарабынан ыйгарылат.

**МУЗЫКАЛЫК ЖЕТЕКЧИ -** – музыкалык искусстводо ар кандай жамааттар (оркестр, хор, ансамбль) же белгилүү сандагы адамдардын тобу (дуэт, трио, квартет, квинтет ж. б.) м-н иштеп, аларды жетектеген устат. М. ж-лик негизинен өздүк-көркөм чыг-лык бирикмелеринде ишке ашырылат.

**МУЗЫКАЛЫК МЕКТЕП -** – Кырг. Респ-нын Билим берүү министрлигинин карамагындагы кесиптик ж-а жалпы музыкалык таалим-тарбия берүүчү мектептен тышкаркы окуу жайы. М. м. - балдарга жалпы 7 жылдык, башталгыч музыкалык таалим-тарбия берет ж-а о. эле таланттуу балдарды - консерваторияга даярдайт. 7 жылдык музыкалык мектептин окуучулары бир эле мезгилде жалпы билим берүүчү мектептерде да окушат.

**МУЗЫКАЛЫК ТААЛИМ ТАРБИЯ -** – окуучулардын музыкалык маданиятын калыптандыруу ж-а руханий дүйнөсүн байытуу. Башталгыч музыкалык тарбия ж-а билим берүү м-н алардын шык-жөндөмүн өнүктүрүү элдик музыка м-н катар профессионалдык музыканы да кенен таануу мектепте алган музыкалык билим ж-а тарбиясын андан ары өз алдынча өркүндөтүүгө багытталган таалим-тарбия ишинин бир тармагы.

**МУЗЫКАЛЫК УГУУ -** (слух) – музыкалык үндөрдү (добуштарды) кабыл алуу аларды эске сактап калуу м-н өздөштүрүү жөндөмү. Музыкалык эске тутуунун абсалюттук ж-а салыштырма сыяктуу эки түрү бар. Абсалюттук эске тутууга жөндөмдүүлөрүн кандай гана үн бийик болбосун, аларды так, таза эч өзгөрүүсүз өзүндөй аткарып бере алышат. Ал эми салыштырма эске тутууга жөндөмдүүлөр, үндөрдү кабыл алуу ж-а аткарып берүүдө үндөрдүн ыргактарын жайгаштырууда бир аз чектелишет. Музыкалык эске тутуу музыкалык ишмердүүлүк б. а. ырдоо, музыкалык аспапта ойноо, чыгарма жаратуу аркылуу өнүгөт. Балдардын эске тутуу сезимин калыптандырууда өзгөчө мектептеги нота б-ча аспаптын коштоосусуз ырдоо, диктант жазуу, шар окуу, тааныш обонду нотасыз аспапка салып ойноо сыяктуу иш-чаралардын мааниси зор.

**МУЗЫКАЛЫК ЭСКЕ ТУТУУ -** (память) – музыкалык материалды таануу, билүү, өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү. Башкача айтканда музыкалык чыгарманын айрым эң жөнөкөй ж-а татаал интонацияларын, обонун, гармоникалык жүрүштөрүн, ыргактык сүрөттөмөлөрүн ж. б. өз калыбында же өзгөртүлгөн абалда кайталай алуу дегендик. Эгерде, бул кайталанылуучу музыкалык чыгарманын элементтери угуучуларга таанылбаса, анда ал угарман үчүн ойго сыйбаган түшүнүксүз, ыргаксыз үндөр катары болуп кабылданат. Ошондуктан, музыканы таануу музыкалык ой-мүдөөнү кабыл алуунун эң керектүү шарты. Музыкалык таануунун керектүү шарты катары, музыкалык эске тутуунун жетишээрлик деңгээлде өнүгүүсү ж-а сезимдеги негизги эки компоненттериндеги эске тутуу сезимдерин колдонуу жөндөмдүүлүгү эсептелет. Ал музыкалык таанууда эң маанилүү биринчи компонент, ал эми музыканы өздөштүрүүдө - экинчи компонент катары эсептелет. Музыка таанууда угуу ж-а эске тутуу орчундуу мааниге ээ. Музыка таануу үчүн эмоциялык эске тутуунун да зор мааниси бар. Музыканы өздөштүрүүдө кыймылдуу эске тутуу (берилген чыгарманы аткаруу үчүн керектүү кыймыл-аракеттердин түзүлүшүн эске сактоо), көрүп эске тутуу (ноталык тексти эске сактоо), ой жүгүртүү, сүйлөө аркылуу эске тутуу (музыкалык материалдык түзүлүшүнүн ой-мүдөөсү) маанилүү. Музыкага окутууда (өзгөчө музыкалык аспаптарда ойноодо), жогоруда айтылган эске тутуунун түрлөрү борбордук музыка таануу компонентин - угуу м-н эске тутуу көз жаздымга калтырбай, анын көмөктөшүү роль ойноосуна умтулуу керек.

**МҮЧӨ КОРРЕСПОНДЕНТ -** – академиялык наам. Илимдин өнүгүшүнө чоң салымдарын кошкон адамдардын ичинен «мүчө-корреспондент» илимдер академиясынын курамына шайланат. М. к-ке кандидаттарды көрсөтүү укугуна ил. мекемелери, коомдук организациялар ж-а жеке адамдар ээ. М. к. ИАсынын тиешелүү бөлүмдөрүндө жашыруун добуш берүү аркылуу шайланат.

**НАЗАРОВ -** Мадамин (1933-ж. т., 1955-ж. Оштогу педагогикалык ин-ттун физика – математика факультетин бүтүргөн. 1971-ж. педагогика илимдеринин кандидаты деген ил. даражага ээ болгон. Жаш муундарды, келечектеги педагогдорду тарбиялоодогу эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланып, 1970-ж. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, 1972-ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Ошондой эле 1971-ж. «СССР жогорку окуу жайларынын отличниги», 1977-ж. «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги», 1984-ж. «СССРдин эл агартуусунун отличниги» деген ардактуу наамдарга татыктуу болгон. 1965–1982-жылдары Ош мамл. ин-тутунун кафедранын башчысы болуп эмгектенген. Ага 1976-ж. доцент, 1990-ж. профессор окумуштуулук наамдары ыйгарылып, профессор Н-дун жетекчилиги м-н бир нече аспиранттар кандидаттык диссертациясын коргогон.

**НАМАТОВ -** Сатыбалды – (1905–1938) алгачкы 20–30-ж-дардагы агартуучулардын бири, туңгуч методист, калайык-калктын сабатсыздыгын жоюу ишине активдүү эмгек сиңирген. Кыргыз тилин ж-а адабиятын окутуунун методикасына алгач чыйыр салган. Сабатсыз аялдар үчүн Алиппе (Ф., 1929), Сабатсыздык жоюлсун (1929), чала сабаттуулар үчүн окуу куралы (1930), Сабаттуу колхозчу (1932), Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөткүчү (1935) деген сыяктуу өз мезгили үчүн зарыл эмгектерди жазып ишке киргизген.

**НАРИСТЕ ҮЙҮ -** – Кырг. Респ-касынын Саламаттык сактоо министрлигинин системасына караштуу үч жашка чейинки балдарды тарбиялоочу мекеме. Балдар үйүнө жетим балдарды, о. эле жалгыз бой энелердин балдары кабыл алынат. Тарбиялануучулар курактык топторго бөлүштүрүлөт. Ар биринде тарбиячы болот. Наристе үйүн балдар дарыгери жетектейт.

**НОРМАГА Ж-А КРИТЕРИЙГЕ ЫЛАЙЫКТАЛГАН ТЕСТТЕР -** билим берүү системасында XX к-дын 60-жылдарында негизделген. Нормага ылайыкталган тесттер сыналуучунун билим өзгөчөлүгүн аттестациялоого арналып, массалык сыноолорду уюштуруу максатында пайдаланылат (мис., мектептин бүтүрүү экзамендери, жогорку окуу жайына кабыл алуу экзамендери). Мындай тесттерди уюштурууда кээ бир норма аныкталат. Маселен, сыноодо максималдуу 100 балл алуу керек болсо, сыналуучу үчүн норма болуп, 70, же андан жогору баллга ээ болуу. Норма эксперттердин чечими м-н аныкталат. Негизги өзгөчөлүгү – сыналуучуларды деңгээлдери б-ча рангдарга бөлүү, рейтингин аныктоо. Тестирлөө жүргүзүлүп бүткөндөн кийин сыналуучулар нормативдик көрсөткүчтөрү б-ча жогорку, орто ж-а төмөнкү деңгээлдерге бөлүнөт. Ар бир сыналуучунун орду апробациянын жыйынтыгынан алынган нормага карата салыштырылат. Нормага ылайыкталган тесттер мектептерге, лицей-гимназияларга ж-а жогорку окуу жайларына кабыл алуу экзамендерин уюштурууда дагы колдонулат. Нормага ылайыкталган тесттер жалпы массалык сыноолорду уюштурууда диагноздоонун бирден бир методу деп дагы эсептелет. М., орто мектептерде билим берүүнүн стандартынын (ар бир окуучу милдеттүү түрдө ээ болуучу деңгээл) аткарылышы б-ча жалпы мамл. деңгээлде сыноолорду уюштуруу. Мектептердин окуу процесси мамл. стандартка жооп бере алабы, деңгээлдери кандай, кайсы мектептерде окуу деңгээли жогору, региондордо (область, райондор) билим берүүнүн абалы кандай ж.б. бир канчалаган керектүү маалыматтарды алууга мүмкүндүк бере алат.

Критерийге ылайыкталган тесттер окутуунун коюлган максатка жеткендигин текшерүүгө багытталган. Ал үчүн текшерилүүчү билгичтиктер ж-а көндүмдөр (критерий) такталып, аларды толук камтый ала тургандай тесттик тапшырмалар түзүлөт. Тестирлөөнүн жыйынтыгы м-н, сыналуучу канчалык деңгээлде алдыга жылгандыгы, ал эми өтүлгөн бөлүм б-ча өзүнүн жалпы билим деңгээли кандай, кетирген кемчиликтери кайсы, ушул сыяктуу маалыматтар алынат. Мугалимдин берген баасы окуучунун кийинки окуу аракеттерине жолдомо көрсөтө алат. Мындай тесттер окуу процессинде окуучунун билимин коррекциялоону шарттайт. Мындан тышкары, окуу жылынын аягына дейре окуучунун билиминин өсүшүнө дайыма байкоо жүргүзүү (мониторинг) мүмкүн-чүлүгү бар.

Критерийге ылайыкталган тестирлөөнү жүзөгө ашырууда тесттин айрым бир тапшырмасын класстагы окуучулардын баардыгы аткара албаса же болбосо баардыгы туура аткарган болсо, жыйынтыгын анализдөөгө келгенде мындай тапшырмалар эффективдүү деп эсептелет. Себеби мында тапшырма камтыган билим-көндүмдөрдү окуучулардын анчалык өздөштүрө албагандыгы, же болбосо толук өздөштүргөндүгү тууралуу маалымат алынып, сыноонун жыйынтыгынын интерпретацияланышына чоң өбөлгө түзө алат. Нормага ылайыкталган тестирлөөдө бир тапшырманы жалпы окуучулардын 20% тен кеми же 80%тен жогорусу аткара алса тапшырма ылайыксыз түзүлгөн деп эсептелет. Анткени жыйынтыгында окуучуларды рангдарга бөлүү жагдайы бир топ кыйынчылыктарды алып келет. Ошондуктан көпчүлүк учурларда мындай тапшырмаларды алмаштыруу шарты келип чыгат.

**ОБЛАСТТЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАСЫ (ОБББ - ).** ОБББ билим берүүнү башкаруунун аткаруучу-тескөөчү ж-а координациялоочу мамлекеттик органы катары билим берүү тармагын башкаруу органдарынын структурасына кирет.

КР герби тартылган мамл. ж-а официалдуу тилде жазылган мөөрү ж-а өз атында бланкы, банктык ж-а финансылык мекемелерде эсеп-счету бар юридикалык жак болупп эсептелет.

ОБББ негизги маселелери обл-тын аймагында:

- жалпы орто, мектепке чейинки ж-а мектептен тышкаркы билим жаатында бирдиктүү мамл. саясатты ишке ашыруу;
- орто билимдин жеткиликтүүлүгүн ж-а сапатын камсыз кылуу;
- билимдин мамл. стандарттарын киргизүү, жергиликтүү шартка ылайык окуу планынын регионалдык компонентин иштеп чыгуу ж-а ишке ашыруу;
- жалпы орто, мектепке чейинки ж-а мектептен тышкаркы билим берүү мекемелери б-ча башкаруу органдарынын ж-а уюм-мекемелердин аракетин координациялоо;
- билим берүү мекемелеринин кадр ж-а материалдык-техникалык тарабынан камсыздалынышына көмөк көрсөтүү;
- билим берүү тармагын информациялык, методикалык ж-а нормативдик жактан камсыз кылуу ж. б.

ОБББ структурасына шаардык, райондук билим берүү бөлүмдөрү, обл-тык мугалимдердин билимин өркүндөтүү институту, областта жайгашкан мамл. мектептер, мектепке чейинки ж-а мектептен тышкаркы мекемелер ж. б. кирет.

ОБББ обл-тык мамл. администрациясынын макулдугу м-н КР БМ тарабынан дайындалган аким (начальник) жетектейт.

Областагы билим берүү тармагынын өнүгүүсүнүн билим ж-а тарбия берүүнүн сапатын жакшыруу, билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу орчундуу маселелерин кароо үчүн ОБББ коллегиясы түзүлөт. Бишкек ж-а Ош шаардык билим берүү башкармасы ОБББ статусуна ээ.

**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ -** – жогорку окуу жайынын ректорунун ж-а илим-изилдөө мекемелеринин директорунун кеңеш органы. Анын милдети окуу ж-а илим-изилдөө мекемелеринин маанилүү маселелерин кароо, илимий кызматкерлерди ишке алуу, конкурстарды уюштуруу ж-а окумуштууларга ил. наамдарды ж-а даражаларды ыйгаруу иштерин кароо. Окумуштуулар кеңешине окуу жайдын же мекеменин жетекчилери, жетектөөчү окумуштуулар ж-а коомдук уюмдардын төрагалары киришет. Окумуштуулар кеңешинин чечимдери конкурстарды өткөрүүдө окумуштуулук даражалар ж-а наамдарды ыйгарууда жашыруун добуш берүү м-н чыгарылат, ал директордун (ректордун) бекитүүсү м-н чечилбейт. Окумуштуулар кеңеши жогорку окуу жайларынын факультеттеринде да бар.

**ОКУМУШТУУЛУК НААМ ЖАНА ОКУМУШТУУЛУК ДАРАЖА** – жогорку квалификациялуу окумуштууларды ж-а педагог адистерди аттестациялоонун формасы. Кыргыз Республикасында салттуу окумуштуулук даражалар булар: илимдин кандидаты ж-а доктору. Ал эми жогорку окуу жайларында – ассистент, доцент ж-а профессор; илим-изилдөө мекемелеринде – кенже ил. кызматкер, ага ил. кызматкер, жетектөөчү ж-а башка ил. кызматкер сыяктуу окумуштуулук наамдар берилет. Илимий наамдар жогорку окуу жай кызматкерлеринин кызмат абалына ж-а ил.-педагогикалык

ишмердигине жараша аныкталат. Илимий даража коюлган талапка канааттандырарлык жооп берген ар бир адамга ыйгарылышы мүмкүн. Окумуштуулук наам жогорку окуу жайларда ж-а ил.-изилдөө мекемелеринин кызматкерлерине гана ыйгарылат.

**ОКУТУУ -** – бул окуучуларды билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ кылууга, аларды тарбиялоого ж-а өстүрүп өнүктүрүп чыгармачыл инсанга даярдоого багытталган мугалим м-н окуучулардын максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүү процесси. Демек, бул эки жактуу процессте эки түрдүү ишмердүүлүк орун алат. Биринчиси – мугалимдин ишмердүүлүгү (окуучулардын изденип иштеп эмгектенүүлөрүнө керектүү жагдайды түзүп алардын ишмердүүлүктөрүн уюштурат; окуучулардын ишмер-дүүлүктөрүн стимулдаштырат; аларды иштеп эмгектенүүгө кызыктырат; окуучулардын окуп билим алуу ишмердүүлүктөрүн башкарат; алардын ишмердүүлүктөрүнүнө контролдук кылып, натыйжасын баалайт);

Экинчиси – окуучунун ишмердүүлүгү (билим, билгичтик, көн- дүмдөрдү өздөштүрөт, тарбияланат; логикалык жактан өсүп өнүгөт; өзүн өзү контролдойт).

**ОКУТУУ МЕТОДУ** –окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялоого ж-а өстүрүп өнүктүрүп чыгармачыл инсандыкка даярдоого багытталган мугалим м-н окуучулардын арасындагы өз ара максаттуу биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасы. Демек, окутуу методу үч нерседен: *окутуунун максатынан, окуучунун окуп үйрөнүү ыкмаларынан ж-а окутуучунун (мугалимдин) окутуу ыкмаларынан турат.* Эгерде бул үчөөнүн ар бирин өз-өзүнчө айрым алып карай турган болсок, анда биз О. м-дору жөнүндөгү суроого даана жооп ала албайбыз. Мис., окуп үйрөнүүнүн ыкмаларын эсепке албай туруп О. м-рун анын жалаң максаттары б-ча гана аныктагыбыз келсе, анда ал максаттарга жетишүү үчүн жасалуучу аракеттерге туура келүүчү метод кандай боло турганын аныктоо мүмкүн эмес. Эгерде биз окуп үйрөнүүнүн закончөнемдүүлүктөрү м-н гана чектеле турган болсок, анда өздөштүрүп кабылдоо кандай максаттарга багытталгандыгы ж-а эмнени өздөштүрүп кабыл алуу зарыл экендиги түшүнүксүз болуп калат. Ал эми окуп үйрөнүүнүн максаттарын ж-а закончөнемдүүлүгүн билбей туруп, мугалимдин окутуунун максаттарына жетишүүнү камсыз кылуучу иш аракеттеринин эффективдүү ыкмаларын табууга болбойт. Ошондуктан окутуу методдорун ж-а окуп үйрөнүү методдорун өз ара бир-бирине ж-а окутуунун максаттарына туура келтирбей айрым-айрым аныктоо мүмкүн эмес. Окутуунун максаттары билим берүүнүн мазмуну м-н аныкталат, ал эми билим берүүнүн мазмуну болсо төмөнкү төрт элементтен турат:

Билим берүүнүн мазмунунун элементтери.

1) Жаратылыш, техника, коом, адам жөнүндөгү ж-а ишмердүүлүктүн (эмгектенүүчүлүктүн) ыкмалары жөнүндөгү билимдердин чыгуусунан;

2) Ишмердүүлүктүн буга чейин белгилүү болгон ыкмаларын ишке ашыруунун тажрыйбалары (билгичтиктер ж-а көндүмдөр);

3) Чыгармачылык ишмердүүлүктүн (эмгектенүүнүн) тажрыйбасы (чыгармачылык м-н эмгектенүү атайын интеллектуалдуу иштерде кездешет, аны күн мурунтан алдын ала жөнгө салынуучу аракеттердин системасы катарында көрсөтүү мүмкүн эмес);

4) Айлана-чөйрөдөгү реалдуу чындыкка, анын ар кандай көрүнүштөрүнө ж-а сфераларына, башка адамдарга эмоциялуулук м-н мамиле кылуунун тажрыйбасы.

Окутуунун максатын, демек, үйрөнүлүүчү мазмундун жогоруда көрсөтүлгөн элементтерин (түрлөрүн), о. эле аларды өздөштүрүүнүн ыкмаларын билүү м-н биз окутуунун ар кандай методундагы мугалимдин да ж-а окуучунун да эмгектенүүсүнүн спецификалык бөтөнчөлүгүн аныктай алабыз. Билим берүүнүн мазмунунун жогорку элементтеринин ар бири өз өзүнчө ыкма б-ча өздөштүрүлөт. Мис., дүйнө ж-дөгү к. б. билимди өздөштүрүү адегендеги сезип (угуу, көрүү, даамын, жытын сезүү, тери сезүү ж.б.) кабыл алуудан башталат. Окуучу предметтерди же окуяларды сезет, сезилгендердин бардыгы анын сезиминде белгиленет. Сезүү тажрыйбасы өнүккөн сайын ал жаңы сезилгендерди мурункулар м-н салыштырат да аларды белгилүү системага келтирет, алардын арасындагы байланышты баамдап билет, бул билимдердин бардыгы акырындык м-н окуучунун эсинде бекемделип калат. Мына ошентип, билимдер адам тарабынан ар түрдүү кабыл алуулар аркылуу өздөштүрүлөт: дүйнө ж-дөгү билимдерди баамдап, сезимдүү түшүнүү ж-а бул билимдерди эстеп калуу аркылуу калыптандырылат. Эстеп калуусуз бир нерсени (айлана-чөйрөдөгү объектилердин арасындагы байланыштарды) түшүнүп билүү мүмкүн эмес.

Демек, билим берүүнүн биринчи элементи – жаратылыш, коом, техника, адам жөнүндөгү ж-а эмгектенүүнүн буга чейин белгилүү болгон ыкмалары жөнүндөгү маалыматтарды окуучулар даяр түрдө (мугалим түшүндүрүп баяндашынан, окуу куралдардан ж-а китептерден) кабыл алышат.

Бирок билимди алганы м-н аны пайдалана билбөө мүмкүн, эмгектенүүнүн буга чейин белгилүү болгон ыкмасын үйрөнүү үчүн ал ыкманы бир нече ирет кайталап аткаруу керек. Ошондо гана ишмердүүлүктүн коомго буга чейин белгилүү болгон ж-а окуучуга да белгилүү болуп жаткан ыкмалары окуучунун көндүмүнө, анын өздүк ыкмасына айланат. Мугалим окуучуларга эмгектүүнүн белгилүү ыкмасын түшүндүрөт, зарыл болгон учурда аны кандайча аткаруу керек экендигин иштеп көрсөтөт, андан кийин ал ыкманы окуучу практика жүзүндө кайталап аткарышын камсыз кылат. Ошентип, билим берүүнүн экинчи элементи – эмгектенүүнүн (ишмердүүлүктүн) ыкмаларын ишке ашыруунун тажрыйбасы аны бир нече ирет кайталап иштөө м-н өздөштүрүлөт, б. а., окуучуларда биринчи иретте өздөштүрүлгөн билимдерди практика жүзүндө пайдалана билүүнүн көндүмдөрүн ж-а ыкмаларын калыптандыруу үчүн мугалим окуучулардын репродукциялоочу иш-аракеттерин (көнүгүүлөрдү аткаруу, окулган текстти кайталап айтып берүү, материалды баяндап айтуу, практикалык иштерди аткаруу ж. у. с.) уюштуруп өткөрөт. Натыйжада окуучулар ишмердүүлүктүн ыкмаларын мугалимдин көрсөткөн үлгүсү б-ча гана өздөштүрүшөт. Даяр түрдө кабыл алынып өздөштүрүлгөн маалыматтар да, мугалимдин көрсөткөн үлгүсү б-ча калыптанган көндүмдөр ж-а практикалык ыкмалар

да чыг-лык эмгектенүүнүн тажрыйбасын үйрөнүп өздөштүрүүнү камсыз кыла албайт. Анткени чыг-лык эмгектенүүгө мүнөздүү болгон ар бир белгини (жаңы проблеманы көрө билүү, белгилүү эле объектинин жаңыча колдонулушун – жаңы функциясын көрө билүү, ар бир проблеманы чечүүнүн альтернативдерин көрө билүү ж. б.) мугалим кандай гана жол м-н дааналап түшүндүрбөсүн, баары бир окуучу дал ошол белгилер м-н мүнөздөлүүчү психикалык сапаттарга ээ боло албайт. Мындай сапаттарга ээ болуу үчүн окуучу өзүнө жеткиликтүү бир катар тапшырмаларды аткаруу процессинде чыгармачылык ыкмаларды көрсөтүү зарыл түрдө талап кылынуучу ситуацияга дуушар болуусу керек. Чыг-лык эмгектенүүнүн сапаттарын калыптандыруу процесси ар бир жолу улам жаңы шарттарда, кырдаалдарда эмгектенип иштөөнү талап кылат, б. а. чыгармачылык м-н эмгектенүүдө алдын ала түзүлүп коюлгудай белгилүү тартипте аткарылуучу аракеттердин системасы болбойт.

Чыг-лык эмгектенүү ж-дөгү, аны ишке ашыруунун оңтойлуу шарттары ж-а ага үйрөнүүнүн ыкмалары ж-дөгү түшүндүрүп айтуулар, албетте, чыг-лык эмгектенүүнүн тажрыйбасын үйрөнүүнү жеңилдетет, бирок анын өзүн толук өздөштүрүүнү камсыз кыла албайт. Мис., окуучуларга далилдөөнү кандайча түзүү керектигин, ал кандай элементтерден турганын түшүндүрүп айтууга болот, бирок, далилдөөнүн өзүнүн жолун табуу милдети баары бир далилдөөнү издөөчүнүн мойнунда калат. Ошондуктан чыгармачылык эмгектенүүнүн сапаттарын ж-а аларды көрсөтө билүүнү өздөштүрүүнүн бирден бир жолу окуучу үчүн жаңылыктуу проблемаларды окуучунун өз бетинче изденип чыгарышы болуп эсептелет Мындай проблемаларды чыгаруу процессинде окуучу чыгармачылык эмгектенүүнүн жогоруда көрсөтүлгөн сапаттарын көрсөтө алат, демек, анда чыгармачылык эмгектенүүнүн негизин түзүүчү психикалык касиеттер калыптанып өркүндөйт. Мына ошентип, билимдерден ж-а билгичтиктерден айырмалуу чыгармачылык эмгектенүүнүн тажрыйбасын окуучу өзү үчүн жаңылык болгон проблемаларды чечүү жолу м-н гана өздөштүрө алат. Муну уюштуруп ишке ашыруу үчүн мугалим окуучуларга жеткиликтүү, бирок, аларды жетишерлик даражада тырышып ойлонтуучу проблемаларды түзүп алып, аларды үйрөнүлүүчү билимдердин контекстине киргизип, кыйын проблеманы майда проблемаларга ажыратып, алардын чыгарылышына жалпы жетекчилик кылып багыттап турат.

Билим берүүнүн эң акыркы, төртүнчү, элементинде биз – окуучунун дүйнөгө – анын ар кандай област-тарында, эмгектенүүгө, башка адамдарга, жеке өзүнө болгон мамилесин калыптандырууну түшүнөбүз. Мындай мамилени калыптандыруунун эң маанилүү шарты адамдын сезимине таасир этүү болуп эсептелет Мындай эмоциялык сезим кандайча калыптандырылат? Эмне үчүн айрым балдар эрте жашынан эле эч айныбай, мис., окууга, билим алууга өтө кызыгат, башкаларында болсо, мындай кызыгуучулукту тарбиялоонун конкреттүү жолдору түрдүүчө болушу ыктымал.
Билим берүүнүн мазмунун - өздөштүрүү деңгээлдери.
Билим берүүнүн мазмунунун биринчи үч элементинин ар бири ар башка деңгээлде өздөштүрүлүшү мүмкүн.

Биринчи элементи, б. а. дүйнө ж-а ишмердүүлүктүн ыкмалары жөнүндөгү билимдер төмөнкү деңгээлдерде өздөштүрүлөт:

а) билимдерди кабыл алуу, аларды түшүнүп баамдоо ж-а эстеп калуу;

б) билимдерди тааныш ситуацияда колдонуу;

в) билимдерди жаңы ситуацияда (тааныш эмес жагдайда) колдонуу.

Экинчи элементи, б. а. ишмердүүлүктүн буга чейин белгилүү болгон ыкмаларын ишке ашыруунун тажрыйбасы ( билгичтер ж-а көндүмдөр) төмөнкү эки деңгээлде өздөштүрүлөт:

а) ишмердүүлүктүн ыкмаларын окутуучунун көрсөткөн үлгүсү б-ча ишке ашыруу;

б) ишмердүүлүктүн ыкмаларын тааныш эмес жаңы жагдайда колдонуу;

Үчүнчү элементи, б. а. чыгармачылык м-н эмгектенүүчүлүктүн тажрыйбасы жалгыз бир гана деңгээлде – чыгармачылык м-н изденип эмгектенүүнүн деңгээлинде өздөштүрүлөт. Бул схемадан биринчи элементтин үчүнчү деңгээлде (в), же экинчи элементтин экинчи деңгээлинде (б) өздөштүрүлүшү үчүнчү элементтин өздөштүрүлүшү боло турганын байкоого болот. Ошондой эле биринчи элементтин экинчи деңгээлде (б), өздөштүрүлүшү экинчи элементтин биринчи (а) деңгээлде өздөштүрүлүшүн камсыз кыла турганын көрөбүз.

Жыйынтыктап айтканда, биз окутуу методун мүнөздөөчү негизги үч компоненттин биринчисин (окутуунун максатын) толук карап өттүк. Окутуунун кандай методунан пайдалануу керек экендиги анын максатына ылайык аныкталат. Сабакта мугалим окутуунун кандай максатын ишке ашыргысы келсе, ал өзүнүн бүткүл күч аракетин окуучулардын да дал ошол максатка жетишкендей багытта эмгектенүүлөрүн камсыз кылууга жумшайт.

Окутуу методдорунун классификациясы окумуштуу педагогдордун көбү акыркы жылдарга чейин окутуу методдорун анын мына ушул үч компоненти б-ча класстарга бөлүштүрүшпөстөн аларды классификациялоонун негизи катары ар кандай башка компоненттерди алышкан. Мис., алардын кээ бирөөлөрү окутуу методдорун классификациялоонун негизи катары билимдердин булактарын эсептешет, башкалары болсо окутуу методдорун дидактикалык максаттар б-ча, үчүнчүлөрү – окуучулардын ойлоолорунун логикалык формалары б-ча ж. б. классификациялашкан. Мис., билимдердин булактары б-ча окутуу методдорун төмөнкү үч класска бөлүштүрүшкөн: сүйлөмө метод (айтып берүү, түшүндүрүү, лекция, аңгеме ж. б.) көрсөтмөлүү метод (демонстрация, байкоолор ж. б.); практикалык метод (лабораториялык иштер, практикалык жумуштар, китеп м-н иштөө, тажрыйбаларды жүргүзүү, маселелерди чыгаруу, көнүгүүлөр, графикалык иштер ж. б.). Албетте, окутуу методдорун мындайча классификациялоо окуучунун же мугалимдин иш аракеттеринин сырткы белгилери б-ча жүргүзүлгөндүгү көрүнүп турат. Экинчиден, мындай классификациялоодо окутуунун бир методун анын экинчи методунан ачык айкын ажыратып көрсөтүү кыйын, мис, маселелерди чыгарууну алсак, мында сөзсүз сөз да, практикалык иш да, көрсөтмөлүүлүк да орун алат. Ошондуктан окутуунун методдорун классификациялоону окуучулардын туюнуп билүү ишмердүүлүктөрүнүн мүнөзү б-ча жүргүзүү максатка ылайыктуураак, анткени, мында конкреттүү максатка жетишүү үчүн мугалимдин уюштуруу иш–аракеттеринин натыйжасында

окуучулардын ойлонуп эмгектенүүлөрү, демек, алардын ички психикасы кандайча болууга тийиш экендиги ачык көрүнөт.

Ошентип, окуучулардын туюнуп билүү ишмердүүлүктөрүнүн мүнөзү боюнча окутуу методдору төмөнкүдөй беш түрдүү классификациялана тургандыгы белгилүү:

а) иллюстрациялап түшүндүрүү методу – бул метод билимдерди окуучуларга даяр түрдө түшүндүрүп берүүдө колдонулат;

б) репродуктивдүү метод – биринчи иретте жаңы өздөштүрүлгөн билимдерди колдоно билүүнүн практикалык ыкмаларын, көндүмдөрүн калыптандырууда колдонулат;

в) проблемалык баяндоо методу – илимий фактыларды далилдүү кылып негиздеп баяндоонун, проблемаларды чечүүнүн үлгүсүн окуучуларга көрсөтүүдө колдонулат;

г) изденүү аңгемеси – бүтүн проблеманы толук чыгаруунун айрым этаптарына окуучуларды активдүү катыштырууда колдонулат;

д) изилдөө методу – окуучулардан бүтүн проблеманы баштан аяк толук чыгаруунун бардык этаптарын өз алдынча аткаруу талап кылынган учурда колдонулат. Бул методдордун ар биринде окутуу методунун негизги үч компоненти эмнеден тура тургандыгын оңой эле аныктоого болот. Мис., репродуктивдүү методдо: окутуунун максаты – окуучуларда алынган билимдерди колдоно билүүнүн практикалык ыкмаларын, көндүмдөрүн калыптандырууну камсыз кылуудан турат; мында мугалимдин ишмердүүлүгү – окуучуларды көндүмдөргө, ыкмаларга машыктырууга керектүү көнүгүүлөрдү, тапшырмаларды улам татаалдашкан тартипте тандап алып, ал тапшырмалардын окуучулар тарабынан сөзсүз аткарылышын камсыз кылууда турат; Окуучулардын ишмердүүлүгү – мугалимдин үлгү катары аткарып көрсөткөн тапшырмасынын негизинде сунуш кылынуучу тапшырмалардын системасын белгилүү санда кайталап (репродуцирлеп) аткаруу аркылуу зарыл болгон көндүмдөргө, ыкмаларга, машыгууларга ээ болуудан турат. Мына ошентип, ар кандай сабакта тигил же бул мугалим тарабынан колдонулуп жаткан окутуунун методу кандай метод экендигин эч жаңылышсыз туура аныктоо үчүн окуу процесси төмөнкү үч суроого кандайча жооп берип жаткандыгын айкындоо гана жетиштүү болот: сабакта эмне максат коюлган; мугалимдин ишмердүүлүгү эмнеге багытталган; окуучунун ишмердүүлүгү эмнеден турат (ал эмне иш кылат?).

**ОКУТУУ ПРОЦЕССИ -** – максатка жетүү багытындагы мугалим м-н окуучунун биргелешкен аракеттери. Анын жүрүшүндө билим берүүнүн, тарбиялоонун ж-а өнүктүрүүнүн негизги маселелери чечилет. Окутуу бул эки жактуу процесс. Мугалим окутат, окуучу окуйт. Мугалим м-н окуучу окутуу процессинин материалдык негизи болуп эсептелет. Эгер окутуу процессин дидактикалык система катары карасак, анын элементтери төмөнкү суроолорго жооп берүүсү керек: ким окуйт ж-а ким окутат (окуучу ж-а окутуучу); эмне үчүн окутуу керек (окутуунун мазмуну ж-а көлөмү); окутуу эмнеге негизделет (окутуу принциптери); кантип окутуу керек (окутуу технологиясы) ж. б. Окутуу процесси аркандай баскычтагы окуу жайларында ишке ашырылат.

**ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ -** – билим берүү стандартында, окуу программасында көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн окутуунун методдорун, каражаттарын, формаларын, шарттарын иштеп чыгуунун, тандоонун, колдонуунун ж-а текшерүүнүн жолу. «Технология» – «техника» ж-а «логия» деген эки сөздөн турат. «Техника» – искусство, чеберчилик дегенди, ал эми «логия» – түшүнүү, үйрөнүү, окуу дегенди билгизет. Демек, технология – искусствого, чеберчиликке үйрөнүү. О. т-сы – окутуу чеберчилиги, окутуу искусствосу. О. т-сы окутуунун максаты, мазмуну ж-а принциптеринин негизинде иштелип чыгат. Ал өз ичине окутуу методу, окутуу каражаты, окутууну уюштуруу формасы, окутуунун шарты, текшерүү, баалоо, окутуунун жыйынтыктары ж. б. камтыйт. Чет элдик ж-а атамекендик дидактикада окутуунун технологиясынын ар кандай модели түзүлгөн. Алар бири-бири м-н тыгыз байланышта ж-а бири-бирин толуктап турат. Алар: маалымат берүү ж-а кайталоо модели; окутуунун өнүктүрүүчү модели; окутуунун активдештирүүчү модели; окутуунун оптималдаштыруучу модели; окутуунун интеграциялоо модели; эркин байытуу модели; окутуунун инсанга багытталган модели. Жогоруда келтирилген моделдер ар кайсы тарыхый-социалдык этаптарда пайда болгон. Алардын ар бири дидактикалык атайын теорияга негизделген. Мис., окутуунун маалымат берүү ж-а кайталоо модели Я. А. Коменскийдин заманынан ушул күнгө чейин жашап келе жатат. Мында мугалим окуучуларга окуу маалыматтарын даяр түрдө беришет, ал эми окуучулар аларды кабыл алышат, түшүнүшөт ж-а кайталап айтып беришет. Окутуунун калыптандыруучу модели окуучулардын акыл эмгегин ж-а ил. элестерин, түшүнүктөрүн белгилүү этаптар б-ча калыптандырууга арналган. Бул теориянын автору белгилүү психологдор ж-а дидакттар П. Я. Гальперин, Н. Ф. Талызина, А. В. Усова ж. б. Окутуунун өнүктүрүүчү модели 60-жылдарда пайда болгон. Анын негизги баштоочусу Л. В. Занков башталгыч билим берүүнүн программасы ж-а окутуу методикасы окуучулардын жалпы өсүүсүнө жардам бербестен, ар кандай окуу материалдарын жаттап алууга гана шарт түзөрүн ашкерелеген. Бул оюн ал Л. С. Выготскийдин «окутуу өнүгүүнүн алдында жүрүүгө тийиш» деген жобосу м-н негиздеген. Өнүгүүгө багыттап окутуу идеясын башка психологдор (В. В. Давыдов, Н. Я. Менчинская, Н. Ф. Талызина, А. И. Якиманская, Д. В. Эльконин ж. б.) тарабынан да колдоого ээ болуп, алар бул моделдин теориясын түзүүгө зор салымдарын кошкон. Окутуунун активдештирүү модели окуучуларга билимдерди даяр түрдө бербестен, ага шарт түзүүгө арналып иштелген. Бул дидактика проблемалуу окутуу деген ат м-н белгилүү. Бул багыттын баштоочулары ж-а негиздөөчүлөрү Дж. Брунер, И. Я. Лернер, М. М. Махмутов, В. Оконь, М. Н. Скаткин ж. б. болушкан. Окутуунун оптималдаштыруу модели көрүнүктүү педагог Ю. К. Бабанскийдин жетекчилигинде түзүлгөн. Анын мазмунун берилген шартта мугалимдин ж-а окуучулардын минималдуу аракеттерин жумшоо м-н кыска убакыт ичинде жогорку натыйжага жетишүү дегенди билгизет. Окутуунун интеграциялоо модели ар кандай предметтерден алынган билимдерди бири-бирине шайкеш келтирүү, ылайыкташтыруу, системалаштыруу максатын көздөйт. Ал илимдин өнүгүшүнүн философиядагы интеграциялоо ж-а дифференциация принциптерине (Б. П. Кедров, М. Г. Чепиков, А. Н. Федосеев ж. б.) негизделген. Дидактикада биринчилерден болуп кесиптик билимдер м-н

жалпы билимдерди интеграциялоо процессинде (М. Н. Берулава) ишке ашкан. Интеграциялоонун алгачкы элементи болуп окутуу процессинде тектеш предметтерди байланыштырып окутуу саналат. Инсан таламдуу багытталган окутуу модели кийинки убактарда гана пайда болду. Бирок анын элементтери буга чейин эле ар кандайча аталып келген. Мис., гумандуу педагогика, неопрагматизм, экзистенциализм, неопедоцентризм, эркин тарбиялоо, кызматташуу педагогикасы ж. б. Бул идеялардын негизинде гумандуулук психологиясы (А. Маслоу, К. Роджерс ж. б.) турат. Ал инсанды татаал, кайталанбаган өз алдынча баалуулук катары кабыл алат. Адамдын бардыгы бирдей, алар бири-бирин кемсинтүүгө укугу жок. Мына ушулар инсанга багытталган окутуунун моделин түзүүгө негиз болгон принциптер болуп эсептелет. Билим алуунун эркин байытуу модели ар бир адамдын өз билимин көтөрүүгө, байытууга болгон жеке муктаждыгы м-н мүнөздөлөт. Ал көбүнчө балдардын музыкалык билим алуусу, чет тилдерин үйрөнүүсү, спорт м-н машыгуусу, репетитор жалдап билимин көтөрүүсү аркылуу ишке ашат. Бул моделдин мазмунунда бардык окуучуга бирдей көрсөтмө же программа болушу мүмкүн эмес. Бирок ал процессти уюштурууга коюлуучу жалпы талаптар, натыйжасын жогорулатуунун жалпы жоболору болуусу закон ченемдүү көрүнүш.

**ОКУТУУНУН АУДИОВИЗУАЛДЫК КАРАЖАТТАРЫ -** – окутуу процессинде колдонулуучу аудио ж-а видео материалдар. Окуу материалы, же анын структурасы, же эң негизги жери аудио ж-а видео кассеталарда, слайддарда, трансперенттерде, плакаттарда, схемаларда жазылат. Алар «Бул сиз үчүн кандай угулат?», «Көрдүңүзбү, мен эмнени айтып жатам?» аспектилерин баса белгилөөчү каражаттар болупп эсептелет. Аудио каражаттарга үн м-н коштолуучу аңгемелер, таратма материалдар, лекциялар, кассеталар, визуалдык каражаттарга атайын аппараттын жардамында көрсөтүлүүчү слайддар, плакаттар, графиктер, схемалар, видео материалдар кирет. Мис., слайддар проектор деп аталган атайын аппараттын жардамында экранга чагылтылат ал эми видео кассеталар видео аппарат аркылуу көрсөтүлөт, аудио кассеталар магнитофону бар радио аппаратуралар аркылуу угузулат. Азыркы мезгилде визуалдык ж-а аудио аппаратуралардын колдонулуш чөйрөсү абдан тез ылдамдыкта кеңейүүдө. Ошого байланыштуу бизге белгилүү болуп калган видео, аудио аппараттардын, компьютерлердин айкалышкан мүмкүнчүлүктөрү абдан бат өнүгүүдө. Мис. алсак, аралыктан окутуу мына ушуга негизделген.

**ОКУТУУНУН МЫЙЗАМЧЕНЕМДҮҮЛҮКТӨРҮ** – педагогикалык белгилүү кубулуштардын (процесс-тердин) арасындагы дайыма такай кайталанып туруучу объективдүү байланыштар**.** Мис., окутуу м-н тарбиялоонун биримдүүлүгү: окутуу процессинде (сабакта) окуучулар билим, билгичтик, көндүмдөргө гана эмес, ошону м-н катар биз кааласак да, каалабасак да белгилүү даражадагы тарбияга да ээ болушат. Бирок ал тарбия жакшыбы же жаманбы – башка кеп. Чындыгында эле ар бир сабак окуучуларды үч нерсеси м-н тарбиялайт:

1) окулуп жаткан программалык материалдын мазмуну тарбиялайт, анткени ал материалды өздөштүрүүнүн негизинде окуучунун дүйнөгө көз карашы калыптанат;

2) мугалимдин сабак окутуу методикасы (же активдүү, же пассивдүү) тарбиялайт;

3) мугалимдин окуучуларга жасаган мамилеси, адилеттүүлүгү, боорукерлиги, адамкерчилиги, тактысы, эрудициясы, чынчылдыгы, жүрүш-туруш манерасы, тышкы көрүнүшү ж. б. тарбиялайт.

**ОКУТУУНУ ДИФФЕРЕНЦИАЦИАЛОО -** (дифференциация обучения) – окуучулардын каалоосун, шыгын, кызыгууларын ж-а жөндөмдүүлүк-төрүн эсепке алуу м-н уюштурулган окутуунун түрү. О. д-у адатта эки түргө бөлүшөт: ички дифференциациалоо ж-а тышкы дифференциалоо. Ички дифференциалоо туруктуу калыптанган класстын, группанын ичинде ишке ашырылат. Бул учурда негизинен окуучулардын бул же тигил окуу предметин өздөштүрүүсү эсепке алынат да, алар бир нече топторго бөлүнөт. Ар бир топко анын мүчөлөрүнүн даярдыгынын деңгээлине жараша тапшырмалар берилүү м-н окуу процесси уюштурулат.

Сырткы дифференциациялоодо окуучулардын каалоосуна, шыгына, жөндөмүнө жараша алар үчүн атайын мектептер, (мис., физика-математикалык), класстар ачылат, факультативдик, кружоктук ж. б. группалар түзүлөт. Кийинки мезгилдерде ички дифференциалоо ж-а тышкы дифференциациялоо терминдеринин ордуна тиешелүү түрдө деңгээлдик длифференциациялоо ж-а профилдик дифференциациялоо деген терминдер колдонула баштады. Ал терминдер м-н туюнтулган түшүнүктөрдүн окшош жактары болгону м-н, айырмачылыктары да бар. Алсак, деңгээлдик дифференциалоодо бул же тигил окуу предметин өздөштүрүүгө карата бардык окуучулар үчүн бирдей, минималдуу деңгээлдеги талаптар коюлат. Предметти ал талаптардын деңгээлинде өздөштүргөн окуучу ошол деңгээлде эле калууну же андан жогорку деңгээлдерге жетүүнү өзүнүн каалоосу боюнча чечет. Ал эми профилдик дифференциалоодо окучулар каалоолоруна, ошол эле учурда болочоктогу кесибинин профилиндеги окуу предметтери боюнча даярдыгынын деңгээлине жана шык-жөндөмдүүлүгүнө жараша өзүнчө класстарга бөлүнүшөт да, тиешелүү предметтер тереңдетилип ж-а кеңейтилип окуп үйрөнүлөт. Деңгээлдик дифференциалоодо да, профилдик дифференциалоодо да, окуучулардын каалоолору, кызыгуулары толугураак эсепке алынуу м-н демократиялуу, гумандуу мамиле ишке ашырылат, алардын шыгын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө ыңгайлуу жагдай түзүлөт.

**ОКУТУУНУН ИНСАН ТАЛАМДУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ -** – инсанды татаал, кайталанбаган өз алдынча баалуулук катары кабылдаган ж-а инсанды гармониялуу өнүктүрүүгө арналган окутуу жолдорунун жыйындысы. Мындай технологиянын негизинде гумандуулук педагогикасы ж-а психологиясы, граждандык коомду түзүүдөгү демократиялык принциптер жатат. Ал «Адамдын бардыгы бирдей, алардын бири-бирин кемсинтүүгө укуктары жок» дегенди билгизет. Окутуунун инсанга багытталган технологиясын иштеп чыгууда негизги көңүл коомдун өнүгүү талабына, инсандын талабына, инсандын каалоосуна, жөндөмүнө, өнүгүшүнө гумандуу мамиле жасоо, ошого жараша окутуунун мазмунун, ыкмаларын, каражаттарын, уюштуруу формаларын тандоо, колдонуу, ар бир инсандын жетишкендигин объективдүү баалоо, аларга жекече мамиле жасоо идеясы жатат. Албетте, алардын бардыгын тизмелеп олтуруу мүмкүн эмес. Ошондой болсо дагы инсандын өнүгүүсүн ишке ашыруунун эки элементин белгилөөгө болот: 1) социалдык-маданий тажрыйбаларды дидактикалык жактан кайрадан иштеп чыгуу, аларды окуу-программалык материал (билим стандарты)

катары сунуш кылуу; 2) окутууда окуучунун субъект катары өздүк тажрыйбасына таянуу, аларды өз алдынча өнүгүүгө, кемчиликке өкүнүп, жетишкендикке канааттанууга үйрөтүү, шарт түзүү. Мындай шарттар бир нече типтеги технологиялар аркылуу ишке ашат: максатында ар кандай жагдайдагы коомдук, социалдык, адистик ролдорду имитациялоочу оюндарды уюштуруу (имитациялоочу оюндар технологиясы) ж. б.

**ОКУТУУНУ УЮШТУРУУНУН ФОРМАЛАРЫ -** (форма организации обучения или организационные формы обучения) – окуучулардын (студенттердин) саны, окутуунун убактысы ж-а орду, о. эле аны ишке ашыруунун ирети м-н байланышкан окуу процессин уюштуруунун сырткы тарабы. О. у. ф. окутуунун максатын, мазмунун, методдорун ж-а каражаттарын эсепке алуу м-н тандалат. Жогорку ж-а атайын орто окуу жайларында негизги О. у. ф. катары лекция, семинар, лабораториялык ж-а практикалык жумуштар, консультация ж. б. колдонулат. Жалпы билим берүүчү мектептерде сабак (сөздүн тар маанисинде) окутууну уюштуруунун негизги формасы болуп эсептелет. Бирок, өткөн кылымдын 80-жылдарынын аягынан тартып биздин өлкөбүздүн мектептеринде лекциялар, семинарлар, зачеттор кеңири колдонула баштады.

Окутууну уюштурууну кээ бир формасынын алкагында жекече, жуптук, топтук ж-а фронталдык жумуштарды жүргүзсө болот. Педагогикада булар дагы О. у. ф. катары каралат.

**ОКУУ ЖЫЛЫ -** – билим берүү мекемелеринин окуу жылынан башынан жайкы каникулга чейинки иш мезгили. Окуу жылы ар түрдүү мамлекеттердин табигый өзгөчөлүктөрүнө, социалдык шарттарына ылайык бири биринен айырмалуу келет. Окуу мезгилинин окуу жылдарына бөлүнүшү XVI к. аягында – XVII к. башында Батыш Европанын ж-а Украина м-н Белоруссиядагы боордоштор мектептерине (братские школы) чех элинин улуу педагогу Я. А. Каменский негиздеген класстык-сабак системасы киргизилгенден башталган. Ага чейин баланын мектепке кирүүсү белгиленбей, окуу сабактары ар бир бала м-н жекече өткөрүлүп, окуу жыл бою (каникулсуз) жүргүзүлгөн. М. Россияда башталгыч мектеп үчүн окуу жылы 180 күн деп белгиленип, айыл мектептери бар болгону 152 күн эле окуган. Орто мектептер болсо 200 күн иштеген.

1958-ж. 24-декабрда СССРде мектеп жөнүндө мыйзам кабыл алынып, анда о. ж. башталышы ж-а аякташы такталып, ал эми м. к. жергиликтүү аба ырайына байланыштуу союздук республикалардын кароосуна берилген. Ошол мыйзамга ылайык окуу жылы V–VII класстар ү-н 38 жума (анын ичинен 2 жума коомдук өндүрүштүк практикага бөлүнгөн), ал эми VIII класстар ү-н 39 жума (алардын ичинен 2 жума коомдук-өндүрүштүк практикага, 2 жума бүтүрүү экзамендерине даярдык жана тапшыруу үчүн) белгиленген. Окуу жылы Кыргыз Республикасында 1-сентябрдан башталып, I–IV класстар – 31-майда, V–VII класстар – 19 июнда, VIII класстар – 25-июнда (экзамендер дагы аяктайт) аяктоосу көрсөтүлгөн. Окуу жылы төрт чейрекке бөлүнгөн.

**ОКУТУУНУ ЖЕКЕЛЕШТИРҮҮ** (индивидуализация обучения) – дидактиканын маанилүү түшүнүктөрүнүн бири болуп окуучунун өнүгүү деңгээлин, окуу жөндөмдүүлүгүн, өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгүн окуу материалын өздөштүрүүдө окуучулардын ортосундагы айырмачылыктарды, жеке бөтөнчүлүктөрдү эсепке алуу м-н уюштурулган окутуу ыкмасы м-байланышат.

Окуу предметинин мазмунун өздөштүрүү процессинде конкреттүү материалды үйрөнүү учурунда, үйгө таапшырма берүүдө окуучунун рухий-интеллектуалдык, психо-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн, өзүмдүк талант-шыгын, кызыкчылыктары м-н керектөөлөрүн, предметке кызыгуу даражасын, сабактагы өксүк-төрүн, билим деңгээлин терең эсепке алып, жекелештирип окутуу окуучунун жөндөмдүүлүктөрүнүн, ички потенциалдык мүмкүнчүлүк-төрүнүн ачылышына, өсүшүнө шарт түзөт.

**ОКУТУУНУН КАБИНЕТТИК СИСТЕМАСЫ -** – окуу сабактарын уюштуруунун бир түрү. О. к. с-га ылайык окуу планындагы предметтер б-ча сабактар атайын жабдылган окуу кабинеттеринде, мектеп устаканаларында же мектептин спорттук залында окутулат. О. к. с. б-ча класс коллективине өзүнчө атайын бөлмө бекитилбейт; алар бир кабинетте сабак окугандан кийин башка кабинетке өтүшөт. Алардын ордуна башка класстын окуучулары ошол предмет б-ча сабак окуу үчүн келишет. Ошентип, сабактардын расписаниеси көп факторлорду эске алуу м-н туура түзүлгөн учурда ар бир предметтик кабинет-аудитория, устакана же спортзал дайыма иштеп турат. Бул системага өтүү мектептин класстык бөлмөлөрүнүн аянтын рационалдуу пайдаланууга шарт түзөт. Окуу бөлмөлөрүнүн үнөмдөлүшү 20%ке жетет, 2-сменага чыгарылган класстардын саны кыскарат. Бардык предметтер б-ча сабактардын (мектептин комплекттүүлүгүнө жараша бир предмет б-ча 1, 2 же бир нече класс кабинети болушу мүмкүн) атайын жабдылган кабинеттерде окутулушу окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун жогорулатат. О. к. с б-ча сабакта окуу планына ылайык ар түрдүү көрсөтмө куралдарды, окутуунун техникалык каражаттарын, лабораториялык жабдууларды ж.у.с. нерселерди системалуу пайдаланууга шарт түзүлөт. О. к. с. колдогу окутуу каражаттарын жакшы сактоого да мүмкүндүк берет.

О. к. с. мугалимдин эмгегин жеңилдетет, убактысын үнөмдөйт. Демейде кабинетти бир нече предметтик мугалим жабдыйт ж-а чогуу пайдаланат. Бул болсо өз ара тажрыйба алмашууга туруктуу шарт түзөт. Кабинеттин жасалгасы ж-а жалпы көрүнүшү окуучулардын бир предметтен экинчисине тезирээк өтүшүнө, алардын көңүл буруусу туруктуу ж-а багыттуу болушуна шарт түзөт. Кабинет (устакана, спортзал) класстан тышкаркы иштердин (ийрим, факультатив ж. б.) базасы болуп кызмат өтөйт. Кабинетти жасалгалоо үчүн окуу-көрсөтмө куралдарын даярдоого окуучуларды тартуу аларды конструкциялоого ж-а моделдөөгө үйрөтөт.

О. к. с-га өткөндө жергиликтүү шартты (класс бөлмөлөрүнүн ж-а класс комплектилеринин саны, окуу жабдууларынын бар-жоктугу ж. у. с.) толук эске алуу зарыл.

**ОКУТУУНУН КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯСЫ** – окутуунун техникалык каражаттарынын бири компьютер б-ча окуу системасы. Окуу процессинде компьютер төмөндөгүдөй максаттарда колдонушу мүмкүн: мугалимдин предметти ж-а программалоону окуучуга окутуу; окуучунун окуу ж-а өз алдынча окуусу;билимди контролдоо ж-а кайталоо; алган билимди өркүндөтүү ж-а бышыктоо (эсеп, чыгарылыш, маселе, графика ж.б.); окутуучунун ж-а окуучунун эмгекти

илимий уюштуруусу; формуланын, физикалык чоңдуктардын, хронологикалык ж.б. маалыматы ж-а библиотекалык маалыматы; окуучулардын көркөм, музыкалык ж-а адабий чыгармачылыгы; окуучулардын жетишүү, катышуу ж-а жүрүш-турушу тууралуу жыйындардын (топтом) ж-а анализдердин маалыматы; физикалык процесстерди, техникалык каражаттарды, химиялык реакцияларды, Жердеги саякаттарды ж-а космикалык учууларды моделдештирүү; бош убакытты ж-а оюндарды уюштуруу.

**ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ -** – педагогика илимдеринин составдык бөлүгү. Анын максаты, жеке бир окутуу процессиндеги педагогикалык кубулуштардын системасын изилдөө, б. а. анын максатын, мүнөзүн, структурасын, байланыштарын, шарттарын аныктоо. Булар О. м-нын түзүлүшүн аныктайт: О. м-сы система катарында окутуунун максатын, анын мазмунун, окутуу методдорун, каражаттарын ж-а окутуу формаларын өз ичине камтыйт. Аталган компоненттер ар бир окуу предметинин (тил, математика, адабият, биология, физика ж. б.) өзгөчөлүгүнө жараша такталат.

**ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ -** – окутуу процесси (сабакты) даярдап өткөрүүгө коюлуучу талаптарды туюнта турган алгачкы дидактикалык жоболор. Принциптер мыйзамченемдүүлүктөргө салыштырмалуу туунду түшүнүк болуп эсептелет. Чындыгында мугалим сабакты тобокелдикке салып «кайдан чыксаң андан чык» деп өткөрө албайт, анткени анын ар бир сабагы окуучуларга сөзсүз пайдалуу, (аларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандырып, активдүү инсандыкка тарбиялап, өстүрүп өнүктүрүүчү) болууга тийиш. Башкача айтканда окутуу процесси (ар бир сабак) төмөнкүдөй талаптарга жооп берүүгө тийиш:

1. Окутуунун илимийлүүлүк принцибине ылайык сабакта окуучуларга илимий такталган, аларды эки ача ойго келтирбей турган гана маалыматтар берилүүгө тийиш, б. а.

- үйрөнүлүүчү фактылардын, кубулуштардын, закондордун, эрежелердин чындыктуулугу, алардын илим м-н техниканын эң жаңы жетишкендиктерине туура келүүчүлүгү;
- үйрөнүлүп жаткан материал б-ча чыгарылган корутундулардын негизделиниши, далилденүүчүлүгү;
- программанын ар бир суроосун жалпы теориялык ж-а жалпы илимий идеялык позицияда карап чыгуу;
- сабактын бардык этаптарында теманын мазмунундагы эң негизги түйүндүү суроолорго бөтөнчө көңүл буруу м-н окуучуларда жалпыланган билим, билгичтик ж-а көндүмдөрдү калыптандыруу маселелери толук аткарылууга тийиш. Бул принципке ылайык бир дагы окуучунун оозеки же жазуу жүзүндөгү жоопторунда кетирилүүчү каталыктар эч убакта мугалимдин көз жаздымында калтырылбас-тан дароо оңдолуп турууга тийиш.

2. Окутуунун жеткиликтүүлүк принцибине ылайык:

- үйрөнүлүүчү материалдын татаалдыгын ж-а класстагы окуучулардын даярдык деңгээлин эске алуу м-н билимдерди туура тандап алуу;
- жаңы материалды өздөштүрүүгө керектүү убакытты оптималдуу бөлүштүрүү;
- татаал нерселерди да жөнөкөй, түшүнүктүү, жеткиликтүү кылып айтып берүү;
- «жеңилден оорго», «жакындан алыска», «жөнөкөйдөн татаалга» карай деген эрежелерди колдонуу талап кылынат.

3. Окутуунун турмуш м-н, коомдук курулуш м-н байланыштуулук принциби – үйрөнүлүүчү жаңы материалды мүмкүн болушунча окуучулардын турмуштук тажрыйбасынан, аларды курчап турган айлана - чөйрөдөгү кубулуштардан, курулуштардан алынган мисалдар м-н конкреттештирүүнү, практикалык маселелерди чыгарууну талап кылат. Бул принципке ылайык коомдук турмушта болуп жаткандарды жаап жашырбастан чындыкты айтуу, жалаң жетишкендиктер жөнүндөгү фактыларды келтирүү м-н гана чектелбестен болуп жаткан негативдик көрүнүштөрдү да келтирип, алардын себептерин түшүндүрүү, ушундай маселелер б-ча окуучулар тарабынан берилүүчү суроолордон баш тартпастан (тилекке каршы, кээде мугалим мындай суроолорду же укмаксан болуп, же бул суроонун темага «байланышы жок» демиш болуп суроо берген окуучунун таанып билүүчүлүк муктаждыгын канааттандырбай таштайт) аларга сөзсүз ачык ж-а толук жооп берүү талап кылынат. Устат мугалимдер, тескерисинче, мындай суроолорду бүткүл окуучулардын сабакка кызыгууларын жандандыруу үчүн пайдаланып иштейт. Албетте, аны үчүн мугалим өзү коомдук турмуш м-н ар түрлүү көрүнүштөр м-н дайыма тааныш болууга тийиш, ошондо гана ал окуучулардын суроолоруна жооп берүүдөн баш тартпай иштей алат.

4. Окутуунун системалуулук ж-а удаалаштык прициби – ар бир иште логикалык байланыштуулуктун болушу зарыл. Демек окутууда эч убакта баш аламандыкка жол берилбөөгө тийиш, б. а. үйрөнүлүүчү окуу материалынын ар бир кийинки дозасы (кадамы) сөзсүз ага чейинки өтүлгөн материалдын логикалык уландысы болууга тийиш, ошондо гана окуучу жаңы материалды сезимталдуу түшүнүп өздөштүрүү үчүн өзүнүн буга чейинки билгендерин таяныч катары пайдалана алат. Бул талаптын аткарылышын камсыз кылуу үчүн мугалим предметтердин ички ж-а предметтер аралык тышкы байланыштарды ишке ашырышы керек.

5. Окуучулардын окууга (билим алууга) ынтызар болуусун стимулдаштыруу принциби. Бул принципке ылайык окуучуларды сабакка такай кызыктыруу зарыл. Аны үчүн окуу материалынын окуучулар үчүн кызыктуу моменттерин, материалга байланышкан кызыктуу мисалдарды, окуучулардын өз турмушунан ж-а алардын субъекттик тажрыйбасынан фактыларды пайдалануу талап кылынат. Тилекке каршы, көп учурда мугалимдин сабагы бир өңчөй, кызыксыз тажатма мүнөздө өтөт.

6. Окутуунун сезимталдуулук принциби. Окуучулар окуу материалын формалдуу эмес сезимдүү кабылдап өздөштүрүүлөрү зарыл, аны үчүн алар окуу процессине (сабактын бардык этабына) активдүү катыштыруулары керек, буга жетишүү үчүн ар бир окуучуну өз алдынча эмгектентүүгө туура келет. Демек: сезимталдуулук болсун үчүн окуучуларда активдүүлүк керек, ал эми активдүүлүк болсун үчүн өз алдынча эмгектенүү керек.

Сезимталдуулук – активдүүлүк – өз алдынча иштеп эмгектенүү сезимталдуулук принцибине ылайык мугалим окуу материалын окуучуларга даяр койбоого тийиш, окуучулар болсо ал материалды даяр бойдон кабыл алып тим болбоого

тийиш. Тескерисинче, алардын бардык өздөштүргөндөрү өздөрүнүн мугалим м-н биргелешип эмгектенүүлөрүнүн натыйжасы болуусу талап кылынат.

7. Окутуудагы билимдердин бекемдик принциби. Окутууда формалдуулукка, үстүрдөндүккө жол берилбөөгө тийиш. Ал үчүн окулуп өтүлгөн билим, билгичтик, көндүмдөрдүн окуучулар тарабынан колдонулуп турушун такай текшерип туруу талап кылынат. Бул максатта өтүлгөн материалды окуучулардан дайыма кайталап сурап туруу, контролдук иштерди тез-тез өткөрүп, тесттик тапшырмаларды пайдаланып туруу талап кылынат.

8. Сабакты окутуунун фронталдык (жалпы класстык), группалык ж-а жекече формаларын оптималдуу айкалыштырып пайдалануу принциби. Бул принципке ылайык сабакта окуучуларга дифференциалдуу ж-а жекече мамиле жасоо ыкмаларын колдонуу талап кылынат.

9. Окутуунун көрсөтмөлүүлүк принциби – окуу материалынын окуучуларга жеткиликтүү болуусун камсыз кылууну ж-а алардын окуу иштерин жеңилдетүүнү талап кылат. Аны үчүн мугалим сабактын ар кандай этаптарында тийиштүү моделдерди, макеттерди, плакаттарды, сүрөттөрдү, схемаларды, таблицаларды, ар түрлүү заттарды, о. эле техникалык каражаттарды пайдаланат. Бирок, окутуудагы көрсөтмөлүүлүктүн оң ж-а терс жактары бар экендигин эске алуу зарыл. Мис., ашыкча көрсөтмөлүүлүктүн пайдасы жок, ал зыяндуу, анткени ал окуучулардын логикалык, абстрактык ойлоосунун өнүгүшүнө тоскоол этет. Ошондуктан мугалим көрсөтмөлүүлүктү колдонуунун оптималдуу вариантын табууга тийиш, тактап айтканда, мугалим жаңы материалды окуучулар көрсөтмө куралсыз түшүнүшпөй тургандыгын туура аныктап анын зарылдыгына көзү жеткен учурда гана аны пайдаланышы талап кылынат.

10. Окутуу процессинин оптималдуулук принциби –берилген шартта мугалимдин да, окуучулардын да зарыл болгон минималдуу аз убакыт ж-а аз күч жумшоолору м-н окуучуларга билим, билгичтик, тарбия берип өнүктүрүү б-ча мүмкүн болгон максималдуу натыйжаны камсыз кылгыдай окутуунун вариантын сезимдүү тандап алуу.

**ОКУТУУНУН ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫ -** – окуу процессинде пайдаланылуучу ар түрдүү жарык бергич техникалык (светотехнические) ж-а дабыш бергич (звуковые) колдонмолор ж-а аппаратура. Буларды азыр аудиовизуалдык, б. а. угузгуч-көрсөткүч (слухо-зрительные) колдонмолор дешет. О. т. к-дын жарык бергич техникалык же экрандык, дабыш бергич техникалык ж-а программаланган окутуу каражаттары сыяктуу түрлөрү бар. Экрандык О. т. к-га окуу кино-диафильмдерин, диапозитивдерди, телеберүүлөрдү кошууга болот. Окуу кино-диафильмдери мурда мектептерди тейлөөчү атайын фильмотекаларда топтоло турган. Азыр көп мектептер өз фильмотекаларын түзүшкөн. Дабыш бергич О. т. к-га окуу грамзаписterин, магнитзапистерди ж-а телеберүүлөрдү кошууга болот. Мурда мектеп үчүн атайын дабыш бергич каражаттар (башталгыч класстар, адабияты үчүн фонохрестоматиялар, айрым предметтер б-ча граммпластинкалар, чет тилдер үчүн магнитофондук курстар ж. у. с.) чыгарылып келген. Дабыш бергич ж-а экрандык окуу колдонмолорун сабакта пайдалануу үчүн тиешелүү аппаратура (электрофондор, магнитофондор, проекторлор ж-а кинопроекторлор) керектелет. Компьютерлер үчүн окуу-программалык каражаттар колдонмо программалык жабдылыш) ж-а компьютерлер (аппараттык жабдылыш) азыркы учурдагы өзгөчө О. т. к. болуп эсептелет. Мында экрандык дагы, дабыш бергич дагы О. т. к-дын мүмкүнчүлүктөрү биргелешип кетет. Мектептерде чет тилдерди окутууну жакшылап уюштурууга арналган атайын лингафондук кабинеттер бар. Бул кабинеттердин аппаратурасын колдонуп, окуучулар өз оруңдарында баштарына кийген телефон ж-а алдындагы микрофон аркылуу бири-бири ж-а мугалим м-н сүйлөшө алышат. Мугалим окуучулардын маектешүүлөрүн, жекече жоопторун угуп ж-а жазып алат, кемчиликтерди дароо талдайт ж-а тактайт. О. т. к. мында чет тилин угуп түшүнүүгө, ошол тилде сүйлөй алууга шарт түзөт. Мектептин окуу-тарбия процессинде радиотехникалык каражаттар дагы пайдаланылат. Окуучулардын билимдерин байытуучу ж-а тереңдетүүчү, кызыгууларын арттыруучу радиоберүүлөр уюштурулат. Радиоберүүлөрдү угуу эреже катары сабактан тышкаркы убактарда жүргүзүлөт. Мектептер үчүн телеберүүлөр дагы көбүнчө класстан тышкаркы иштерде пайдаланылат. Мындай телеберүүлөр мектептик курсту тереңдетип үйрөнүү максатын көздөйт, алардын ичинде илим, техниканын ж-а маданияттын актуалдуу проблемалары б-ча лекциялар, кесип тууралуу берүүлөр, сырттан окугандар үчүн лекциялар, кирүү экзамендерине даярдоочу ж-а чет тил үйрөнүү үчүн берүүлөр ж. у. с. болот.

Азыркы учурда мектептерде программаланган окутуунун элементтери да пайдаланылып жатат. Буга окуучулардын өз алдынча, машыктыруу ж-а текшерүү иштерин жүргүзүүчү атайын карточкалар же бланктар, басма негиздүү дептерлер ж. у. с. кирет. Демейде О. т. к. мектепте кабинеттерде жайгаштырылат. Кээ бир мектептерде өзүнчө О. т. к. кабинети борборлоштуруп түзүлүшү мүмкүн, бирокк бул учурда тейлене турган сабактардын саны азаят ж-а О. т. к-дын методикалык мүмкүн-чүлүгү төмөндөйт. Бардык дабыш бергич ж-а экрандык окуу колдонмолоруна бирдиктүү талап коюлат: алардын мазмуну мектеп программасына туура келиши ж-а окуу информациясынын баяндалыш формасы бул колдонмолордун табиятына ылайык келиши зарыл.

Атайын изилдөөлөр көрсөткөндөй, О. т. к-дын окуу-тарбия процессинде кеңири ж-а дайыма колдонулушу окутуунун көрсөтмөлүүлүгүн күчөтөт, өздөштүрүү кыйын болгон материалды жеткиликтүү кылат, окутуу темпин тездетет, окуучуларга каралып жаткан кубулуш же объект тууралуу так маалымат берет, окутуунун активдүү методдорун колдонууга шарт түзөт. О. т. к-ды дайыма колдонуу мугалимди окуу материалын баяндоо методикасын өзгөртүүгө, материалды баяндоо ж-а бышыктоонун ортосунда убакытты башкача бөлүштүрүүгө мажбурлайт. Окуучулар О. т. к-ды колдонуу менен билимди өз алдынча, активдүү ала баштаашат. Үй тапшырмаларын аткарууда радио-телеберүүлөрдүн, грамм-магнитзапистердин, компьютердин мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк колдонулат. Окуу-тарбия иштеринин уюштуруу формалары өзгөрүлөт. Класс-сабак системасы окуу иштерин уюштуруунун бирден-бир формасы болуудан калат, жаңы формалар ж-а методдор көп колдонула баштайт. Окуу телеберүүлөрү, кинофильмдер, дабыш бергич запистер чоң аудиторияларда параллель класстардын бириккен группаларына демонстрацияланышы мүмкүн. О. т. к. стабилдүү окуу китептериндеги материалды тандоого ж-а жайгаштырууга таасир көрсөтөт. Айрым предметтердеги (география, ботаника, жаратылыш таануу, биология) баяндама материал кыскартылып, тиешелүү информацияны окуучулар кинофильмдерден

ж-а телеберүүлөрдөн алышы мүмкүн. Албетте, бул иш окуу китептерин ар түрдүү окуу колдонмолорунун комплектилери м-н тыкан байланыштыруунун талап кылат. Учур педагогикалык илимдердин алдына көп проблемаларды (жаңы каражатты түзүүнүн принциптерин аныктоо; аларды колдонуу областтарын ж-а натыйжалуулугун тактоо; О. т. к-ды сабактын ар түрдүү формаларында колдонуунун методикасын иштеп чыгуу; О. т. к-ды окуу кабинеттеринде колдонуунун формаларын аныктоо ж. у. с.) койду.

Окуу-тарбия процессинде О. к. т-ды колдонуу методикасы жагынан мугалимдерди даярдоо педагогикалык жогорку окуу жайларда ж-а мугалимдерди өркүндөтүү курстарында жүргүзүлөт.

**ОКУУ ДИСКУССИЯСЫ -** – билим-трабия процессинде окуучулар м-н иштөөнүн бир формасы, логикалык-аналитикалык ой жүгүртүүнү өстүрүүнүн таасирдүү ыкмасы. Билим берүүнү, окутуу процессин гумандаштыруунун, демократиялаштыруунун шарттарында, инсанга багыттап окутуу (личностно-ориентированное обучение) моделинин ишке киргизилип жатышынын кырдаалында окуу дискуссиясы өзгөчө актуалдуулукка ээ болот. Бүгүнкү окутуунун жаңы модели б-ча окуучу - бул баарыдан мурда билим берүү процессинин субъектиси. Демек, окуу-тарбия процессинде окуучунун өзүнүн индивидуалдуу ишмердигине чоң маани берилет. Бул жерде башкы нерсе – окуучунун субъективдүү активдүүлүгү, илим-билимге ич жактан кумардануусу, чындыкты өз акылы м-н ачышы, өзүнүн ишенимин өз аракет-мээнети м-н түзүшү, окуу материалын өзүнүн күчү м-н талкуулап түшүнүшү, окуу милдеттерин чечүүдө өз күч-кубатын ич жактан мобилизациялашы. Ушундай ички активдүүлүктү, окуучунун аналитикалык-логикалык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүдө О. д-сы, талаш-тартыш, диспут, диалог, «мээ чабуулу» («мозговой штурм») ж.б. формаларда чоң роль ойнойт. Механикалык түрдө жаттоо, ой жүгүртүү катышпаган эске сактоо – бул окуучунун башындагы өлүү жүк. Бирөөдөн жасалма түрдө үйрөнгөн нерсе, тескерисинче, адамга тушоо болот. «Киши акылы кишен м-н тушоо, өз акылың өзүң м-н тамыр» деп элдик педагогика туура аныктаган. Өз акыл-эси, сезим-туюму м-н издеп тапкан нерсе гана окуучунун чындыгы боло алат. Бул үчүн сабакты окуу дискуссиясы формасында, б. а., окутууну окуучу проблемага, карама-каршылыкка, акыл-ой түйшүгүнө кабылгандай, түрдүү пикирлер, түшүнүктөр, позициялар кагылыша тургандай, түрдүү далилдер салыштырыла тургандай, баланын иликтөө-издөөчүлүк ишмердигине стимул түзүлө тургандай кылып уюштуруу керек. О. д-сы чындыкты даяр түрүндө эмес, окуучунун өз ой жүгүртүүлөрүнүн ж-а ой толгоолорунун, окуу материалына чыгармачылык менен мамиле жасоонун жардамы м-н табууга мүмкүнчүлүк түзөт. Окуу дискуссиясын ар тарабынан терең ойлонуп уюштуруу маанилүү ж-а окутууну уюштуруунун бул түрүндө мугалимдин алдын ала чечимдерди таңуулабаган кылдат, чебер жетекчилиги чоң роль ойнойт.

**ОКУУ ИШ – АРАКЕТТЕРИН АКТИВДЕШТИРҮҮ -** – окутуу процессиндеги окуучунун окуп билим алуучулук, таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун камсыз кылууга карата жасалган методикалык аракет болуп эсептелет. Окуучунун ар бир сабактан же сабактан тышкары кошумча өткөрүлүүчү иштерден ала турган билими, билгичтиги ж-а көндүмү (интеллектуалдык байлыгы, табылгасы) анын мугалим м-н ж-а класс коллективи м-н биргелешип аракеттенип эмгектенүүсүнүн натыйжасы болууга тийиш. Дал ушундай шартта гана анын билими сезимталдуу боло алат, б. а. анын чыныгы өздүк интеллектуалдык байлыгына айланат. Окуучунун билиминин сезимталдуулугун камсыз кылуу үчүн аны бүткүл сабак бою активдүү эмгектенүүсүнө туура келет, ал үчүн сабактын бардык процессинде ага атайын тапшырма берип аны өз алдынча ойлонуп эмгектенүүгө муктаждап кызыктыруу зарыл. Окуучунун окуу иш аракетинин активдүүлүгүнүн эң жогорку деңгээли анын инсандык өнүгүүсүнө багытталган окутууда эң ачык көрүнөт. Анткени инсандык багыттап окутууда үчүн зарыл болгон билим берүүнүн мазмунун аныктоо үчүн ил. маалыматтарды гана эмес окуучунун субъектик тажрыйбасын да кошо пайдаланууга туура келет.

**ОКУУ КИТЕБИ -** – белгилүү окуу предмети б-ча окутуунун максаттарына ылайык программалык ж-а дидактикалык талаптарга негизделген ил. билимдердин негиздерин баяндоочу китеп. Окуу жайларынын ар бир тиби үчүн (башталгыч мектеп, негизги – базалык мектеп, жалпы билим берүүчү орто мектеп, кечки мектеп, кесиптик-техникалык, атайын орто ж-а жогорку адистик окуу жайлары ж. б.) алардын талаптарына жооп бергидей, окуучулардын жаш-курактык ж. б. өзгөчөлүктөрүнө туура келгидей өзүнчө О. к. түзүлөт. О. к-не кошумча хрестоматиялар, маселелердин жыйнактары, сөздүктөр, энциклопедиялар, дидактикалык материалдар, таблицалар, схемалар, предметтик буклеттер сыяктуу көптөгөн окуу-көрсөтмө колдонмолору түзүлөт. Билим берүү процессинде окуучулардын өз алдынча чыгармачылык м-н изденип эмгектенүүлөрүн өнүктүрүүнүн зарылдыгы улам күчөп турган кезде мындай колдонмолордун маанилүүлүгү ого бетер күчөп жатат. Алардын ролу өзгөчө факультативдик окууну уюштурууда, кечки мектепте ж-а сырттан окуу жайларында, аралыктан билим берүүдө өтө зор. Анткени окуу китебисиз ж-а ага кошумча түзүлүүчү колдонмолорсуз бул окуу жайларынын алдына коюлуучу милдеттердин аткарылышын элестетүү мүмкүн эмес. Мектептин окуу китеби бүткүл окуу процессинин өзүнчө бир сценарий деп эсептөөгө болот, анткени ал окутуунун мазмунун гана эмес белгилүү даражада аны м-н иштөөнүн методикалык ыкмаларын да аныктайт, ал гана эмес мында иштин жалпы маанайы, окутуучунун да, окуучунун да көңүлү камтылат. Социалдык жактан багытталган рыноктук экономикага өтүүнүн шартындагы билим берүүнүн өнүгүү этабына ылайык окуучулардын өз алдынча иштери эң чоң мааниге ээ болуп жаткан кезде окуу китебинин ролу өзгөчө жогорулап өсүп жатат. Окуу китеби мурдагыдай информациялардын пассивдүү жыйындысы болуудан арылып, азыр эми ал дидактикалык активдүү системага айланып, окуучунун өзүн өзү контролдоосун, өзүн өзү түзөтүп оңдоосун камсыз кылуучу, анын рухий жактан жетилүүсүнүнө, логикалык ойлоосунда өсүп өнүгүшүнө ж-а тил маданиятынын калыптанышына эффективдүү таасир этүүчү каражатка айланып олтурат.

О. к. билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүүнүн каражаты катары берилген предметтик программадагы окуу материалды толук камтуу м-н катар ал илимдин тиешелүү тармагы б-ча окурмандарга эң керектүү энциклопедиялык сөздүк болуп да кызмат кылат. Окуу китебинде берилген илимий таануу идеяларын калыптандыруунун негизин түзөт. Анткени окуу китебинде билим берүүнүн мазмунун 1 – компоненти: жаратылыш, коом, техника, адам, иштеп

эмгектенүүнүн ыкмалары, илимий фактылар, маанилүү терминдер ж-а таанып билүүлөр, илимдин негизги закондору ж-а теориялары, методологиялык ж-а баа берүүчүлүк билимдер баяндалып берилет.

О. к. окуучулардын руханий жактан жетилип өнүгүүсүнө, логикалык ойлонуусунун ж-а тил маданиятынын калыптанышына шарт түзүүгө тийиш. Аны үчүн тандалып алынуучу окуу материалы ж-а анын окуу китепте жайгаштырылышынын методикасы бирдиктүү төмөнкүдөй үч максатка багытталууга тийиш:

Билим берүүчүлүк максат – бул мамл. стандартта ж-а расмий сунуш этилген окуу программасында көрсөтүлгөн теориялык билимдердин, практикалык билгичтиктердин ж-а көндүмдөрдүн окуучу тарабынан өздөштүрүлгөн деңгээли м-н аныкталат;

Тарбиялоочулук максат – бул коомдук маанилүү инсандык сапаттардын окуучуда калыптанышынын деңгээли м-н, б. а. жалпы адамзаттык, улуттук ж-а регионалдык баалуулуктардын гармониялуу бирдиктүүлүгүнүн артыкчылыктары эске алынуу м-н руханий сапаттарга тарбиялангандыктын даражасы аркылуу аныкталат;

Өнүктүрүп өстүрүүчүлүк максат – бул окуучунун таанып билүүгө кызыгуучулуктун калыптанышы м-н, анын эркинин, эмоциясынын өнүгүшү м-н, изденүүчүлүк ишмердүүлүккө умтулуу жөндөмдүүлүгү м-н аныкталат. Окуу материалынын мазмуну ж-а анын о. к.инде методикалык, гигиеналык жактан жасалгаланып берилиши окутуудагы негизги дидактикалык төмөнкү принциптердин ишке ашырылышын камсыз кылууга тийиш:

Илимийлүүлүк (окуу материалы катары берилүүчү информациялардын чындыктуулугу, негизделип аныкталгандыгы, далилдүүлүгү; бул маалыматтар эч кимди эки ача ойго келтирбей тургандай илимий жактан өтө дыкаттык м-н текшерилген болууга тийиш); Илимийлүүлүк принциби б-ча түзүлгөн китепте окулуучу курстун спецификалык бөтөнчөлүгү ж-а анын өзгөчөлүктөрү толук эске алынуу м-н дүйнөнүн ил. картинасы кеңири сүрөттөлүп берилет. Дүйнөнүн мындай көрүнүшү: 1) мыйзамдардын ж-а мыйзамченемдүүлүктөрдүн, 2) ил. теориялардын, 3) ил. концепциялардын, 4) ил. гипотезалардын (божомолдоолордун), 5) ил. түзүлүштөрдүн, 6) ил. терминдердин иерархиялык бири-бирине багынычтуулугун чагылдырат.

Жеткиликтүүлүк (ар бир класстагы окуучулардын жаш-курактык бөтөнчөлүктөрүнө ылайык алардын реалдуу окуй алуу ж-а таанып билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн оптималдуу эске алуу). О. к-де илимийлүүлүк м-н жеткиликтүүлүктүн ортосунда эч кандай диспропорция болбоого тийиш.

Системалуулук (окуу китебинде баяндалып берилүүчү материалдардын өтө такталган удаалаштыгы – ар бир кийинки информация сөзсүз өзүнүн мурунку информациянын логикалык уландысы болууга тийиш).

Сезимталдуулук жана бекемдүүлүк (окуучунун алган теориялык билимдеринин ж-а практикалык билгичтиктеринин ар бир порциясы анын педагогикалык кызматташтыкынын негизинде мугалим м-н биргелешип эмгектенүүсүнүн натыйжасы болууга тийиш экендигин эске алынуу м-н окуу материалынын канчалык даражада өздөштүрүлгөндүгүнүн деңгээлин контролдоп текшерүү үчүн (о. эле өзүн өзү текшерүү үчүн) пайдаланыла турган керектүү көнүгүүлөр, суроолор ж-а көрсөтмөлөр, тесттик тапшырмалар м-н О. к-нин текстин методикалык жактан камсыз кылынышы). О. к. үзгүлтүксүз билим берүүнүн негизин түзүүчү, практикалык билгичтерди ж-а көнүмдөрдү калыптандыруучу фундаменталдык билимдерге багытталуусу зарыл. О. к-де окуучулар келечекте кандай кесипте иштей тургандыгына карабастан алардын бардыгына тез зарыл түрдө сөзсүз керек боло тургандардын негизгилери өзүнчө белгиленип көрсөтү-лүүгө болууга тийиш.

Көрсөтмөлүүлүк (окуу материалын керектүү сүрөттөр, схемалар, таблицалар, диаграммалар, графиктер м-н о. эле абстрактуу ж-а образдуу сөз түрүндөгү көрсөтмөлүүлүктөр м-н жабдуу).

Уланмалуулук (берилген предмет б-ча мурунку класстардын О. к. материалдардын мазмунун максималдуу эсепке алуу, аларга ссылка (шилтеме) жасоо, окуучуларды мурунку алган билимдерин пайдаланууга (актуалдаштырууга ынтызар кылып кызыктыруучу суроолор м-н китептин текстин жабдуу, б. а. мурда өтүлүп өздөштүрүлгөндөрдү О. к-нин текстин сезимдүү активдүү өздөштүрүүнүн таянычы катарында кайталап пайдалануу).

Турмуш м-н, практика м-н байланыштуулук (О. к-инин текстинде окуучулардын өздөрүнүн тажрыйбасынан ж-а турмуштук чөйрөсүнөн алынган мисалдардан пайдалануу, окуучулардын берилген предметке тутумдаш болгон башка предметтерди окуп үйрөнүүдөн алган билимдерине шилтеме жасоо). О. к. окуучуларды өз алдынча изденип эмгектенип билимге ээ болууга багыттоого тийиш, б. а., ал окуучулардын мындай иштерине жетекчилик кылуу үчүн мугалимге зарыл жагдайды түзүүсү зарыл, анткени бул эң негизги, эң баалуу практикалык иш болуп эсептелет, ошондо гана окуучунун интеллектуалдык байлыгы өсөт. О. к. барыдан мурда окуучулардын билимдерге өз алдынча изденип эмгектенүү жолу м-н ээ болууларына мугалимдин жетекчилигин камсыз кыла тургандай сабактын формасын кеңири жайылтууну камсыз кылууга тийиш.

Чыгармачылык активдүүлүк (О. к-нин текстинде окуучуларды активдүү изденүүчүлүк м-н чыгармачылык ишмердүүлүккө шыктандыруучу (ниеттендирүүчү) проблемалык тапшырмалардын ж-а суроолордун болушу). Бул принципке ылайык китептеги окуу материалынын проблемалуу мүнөздө болушу, б. а. аны баяндоодо маселелерди пайдалануу ыкмасынын талап кылынышы зарыл. Билимдерге ээ болуу процессинин толук циклин шарттуу түрдө төмөнкүдөй үч деңгээлден турат деп эсептөөгө болот:

Түшүнүп билүү (аңдап баамдоо, маани берүү, жалпылоо);

Өздөштүрүү (утурумдуу, тематикалык ж-а жыйынтыктоочу кайталоо);

Колдонуу репродуктивдүү стандарттык ж-а продуктивдүү чыгармачылык м-н ошондуктан О. к-индеги текст окуучуну материалды түшүнүүгө да, өздөштүрүүгө да, пайдаланууга да багыттоого тийиш. О. к-ин маселелерди пайдалануу ыкмасынын негизинде түзүү зарыл. Мындагы негизги аракет: «Эмне үчүн?», «Эмне себептен?», «Кандайча?», «Кантип?» деген суроолорго таянат. Биринчи эки суроого берилүүчү жооп маселенин мааниси эмнеде экендигин ачып көрсөтөт, ал эми үчүнчү ж-а төртүнчү суроонун жооптору болсо маселенин чыгарылыш жолун ж-а натыйжасын көрсөтөт.

Дифференцирленгендик – (О. к.инде окуучулардын негизги психологиялык группаларынын бөтөнчө өзгөчөлүктөрүн максималдуу эсепке алуу үчүн колдонууга жарамдуу болгон ар түрдүү татаалдыктагы көнүгүүлөрдүн ж-а тапшырмалардын болушу). О. к. мугалимди өзүнүн окутуу ишин кандайдыр абстрактуу «орточо» окуучуга ылайыкташтырылган темпте иштөөгө багыттабастан, тескерисинче, базалык тексти б-ча да, тапшырмаларынын системасы б-ча да, тексттик материалды колдонууда илимий-практикалык дифференциациялоону камсыз кылууга багыттай тургандай болуп түзүлүшү керек. Эгерде окуу китебинин мазмуну жогоруда көрсөтүлгөн принциптерге ылайык аныкталса, анда анын структурасы ж-а андагы негизги тексттик элементтердин жайгаштырылуусу төмөндөгүдөй болушу ыктымал. Мазмуну – Сөз башы – Кириш сөз – Негизги текст (иллюстрациялар, суроолор ж-а тапшырмалар м-н коштолуучу текст) – Корутунду – Тиркемелер – Көрсөткүчтөр. Окутуунун максаттарына ж-а милдеттерине ылайык, о. эле окуучуларды билимдүүлүккө даярдоонун деңгээлине жараша окуу китебинде үйрөнүлө турган билимдердин көлөмү ж-а системасы такталып берилет. Жыйынтыктап айтканда жогоруда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык түзүлгөн О. к-ин пайдаланууда окуучунун көз карашы калыптанат, предметке болгон кызыгуусу артат, логикалык ойлоосу, эстеп калуусу өнүгөт, ал о. эле китеп м-н өз алдынча эмгектенүүгө үйрөнөт, анын речи өсүп, сүйлөө чеберчилиги өркүндөйт, эстетикалык жактан тарбияланат.

**ОКУУ КУРАЛЫ -** – мазмуну б-ча окуу программасынын талаптарын эске алган, окуу китептеги берилген материалдарды кошумча маалыматтар м-н андан ары тереңдетүүчү, толуктап туруучу окуучуларга арналган китепче түрүндөгү басылма. Окуу куралдар, түзүлүшү б-ча окуу китептерден кыйла айырмачылыкка ээ. О. к. тиби б-ча таблица, таблица-альбом, маалымат берүүчү, окуу хрестоматиясы, көнүгүүлөр топтому, маселелер жыйнагы, жазуу дептерлери, боёо альбомдору (дептерлери), экзамендик билеттер, практикумдар, тесттер жыйнактары, диктанттар тексттери, баяндамалар ж-а дилбаяндар топтомдору, фонохрестоматиялар, окуу кинолору, диафильмдер ж.б. болуп бөлүнөт ж-а алар бирин-бири толуктап туруу м-н, О. к-тин жандооч материалы катары кызмат кылат.

**ОКУУ КЫЗМАТТАШТЫГЫ -** – XX кылымдын 60–70-жылдары пайда болгон илимий-педагогикалык түшүнүк, дидактика илиминдеги салтка айланган усул-ыкмалардан айырмаланган окутуунун продуктивдүү кызматташтык жолу. О. К.нын калыптанышында А. Г. Ривиндин корниндик методунун ролу чоң. А.Г.Ривиндин окуучулары (бир класста 10 жаштан 16 жашка чейинкилер чогуу окушкан) көбүнчө экиден чанда гана тайпаларда иштешкен. Окуудагы өнөктөштүк такай мүнөзгө ээ болгон эмес, тескерисинче өнөктөштөр дайыма алмашып турган. Натыйжада ар бир окуучу өз тайпасынын бардык мүчөлөрү м-н кезектешип иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Өнөктөшүп иштөө окуучу бала башка бирөөгө түшүндүрүп, көрсөтүп жатып, өзү дагы жаңы билимге, же болбосо жаңы билгичтикке толук өлчөмдө ээ болгонго чейин токтотулган эмес (В. К. Дьяченко). О. К-ында окутуу процесси ар дайым баланын өзүнөн жашы улуу адам м-н кызматташуу формасында ишке ашат, анткени, кимдир бирөөнүн жетекчилигинин астында, бирөөнүн жардамы м-н ар дайым өз алдынча аракеттенгенге караганда кызматташтыкта бала күчтүү да, акылдуу да болот. Ал өзү чечүүчү кыйынчылыктардын деңгээли б-ча кыйла жогору көтөрүлөт (Л. С. Выготский). Себеби бала тышкы таасирден эмес, өсүмдүк сымал ичтен өсүп-жетилет ж-а бул процесс ашкере индивидуалдык мүнөзгө ээ. Ошондуктан окутуу ишинде бала «өзүнө зарыл ресурстарды айлана-чөйрөдөн алуусу үчүн» мугалим жаңы материалдык каражаттарды (эркин тексттерди, окуу карточкаларын, үйрөтүүчү ленталарды) түзүп бериши керек (С. Френе). Мындайда көп нерсе педагогдун тапшырманы аткарууда окуучусуз ага кыйын болорун ишендире билүү билгичтигине көз каранды. Жаңычыл-педагог Ш. А. Амонашвили маселени «чечиш» үчүн балдардан акыл сурап кайрылуу, доскага атайылап маселенин туура эмес чечилишин жазуу, темага уккулуктуу аталыш таап келүү өтүнүчү м-н балдарга кайрылуу сыяктуу окуу кызматташтыгынын бир топ алгылыктуу ыкмаларын колдонот. О. к-на сабактардын милдеттери м-н жыйынтыктарынын балдар м-н биргеликте чечилиши, балдардын окуу аракеттеринин жол-жоболорун мугалимге ак ниеттүү эскертүүсү, тапшырмаларды ж-а өзүнө зарыл маалыматтарды тандоосу, тарбиячылар м-н балдардын бири-биринин жумушун текшерүүсү мүнөздүү турпаты.

**ОКУУ ПЛАНЫ -** – билим берүү тармагынын өзөктүү документтеринин бири. Окуучулар эмнени окуп үйрөнүшү керек ж-а окуу предметтеринин тизмегин, ага каралган сааттарды аныктоо м-н окуу планы билим берүүнүн мазмуунун, анын приоритеттүү багыттарын ж-а окуу дисциплиналарынын циклдарынын ортосундагы сандык катнаштарды мүнөздөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бүгүнкү күндө республикадагы мектептер 1992-ж. бекитилген базистик окуу планынын, о. эле варианттардын негизинде окутууну улантууда. Окутуу мектепте кайсы тилде жүргүзүлүшүнө ж-а мектептин статусуна (тереңдетип окутуу, гимназия ж. б.) жараша мектептер 9 вариантка чейин окуу планын тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Вариативдүү окуу пландары республикалык ж-а регионалдык компоненттерден туруп, республикалык компонент Кыргыз Республикасында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыздоону шарттайт ж-а аны өзгөртүүгө тыюу салынат. Бул компоненттин максаты окуучуларды улуттук маанидеги ж-а жалпы маданий-тарыхый баалуулуктарга үйрөтүү ж-а коомдун талабына ылайык атуулдук сапаттарга тарбиялоо (калыптандыруу) эсептелет. Ал эми регионалдык компонент региондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүнүн негизинде региондун билим берүү тармагындагы кызыкчылыгына жооп берүүгө шартталат.

Мындан тышкары мектептин өзгөчөлүгүнө жараша окуучулардын ж-а ата-энелердин кызыкчылыгына ылайык тандоо сабактарынан, курстарынан, кружокторунан турган мектеп компоненти болушу мүмкүн. Республикалык компонент КР БМ, регионалдык компонент областык (шаардык, райондук) БББ тарабынан бекитилип, милдеттүү болуп, өзгөртүүгө жатпайт ж-а бюджет тарабынан каржыланат. Ал эми мектеп компоненти мектеп тарабынан аныкталып, бюджет аркылуу каржыланбайт, б.а. ата-энелердин ж.б. бюджеттен тышкаркы каражаттын эсебинен каржыланат. ОП аркылуу тил сабактарын окутуудагы өзгөчөлүктөр, класстагы окуучулардын санына жараша айрым предметтерди бөлүп окутуу мүмкүнчүлүктөрү, эмгек практикасынын өтүү тартиби ж-а окуу жылынын уюштурулушу (окуу каникулдарын белгилөө) аныкталат. ОП б-ча сабактын узактыгы биринчи класста – 40 минут, калган класстарда – 45 минутадан, балдардын жаш

өзгөчө-лүгүнө жараша бир жумадагы максималдуу сабак окуу чеги белгиленген (1 класс – 23 саат, 5 кл. – 34 саат, 6–11 класс – 36 саат).

**ОКУУ ПРОГРАММАСЫ** – бул расмий мамл. документ. Анда окуу планына ылайык ар бир окуу предмети б-ча окуучулар тарабынан µздµштүрүлүүчү билим, билгичтик кµндүмдµрдүн дидактикалык модели аныкталат. Мектепте канча окуу предмети болсо алардын ар биринин өз өзүнчө программасы болот.

Окуу програмасынын структурасы төмөнкүлөрдөн турат:

1. Окуу предметин үйрөнүүнүн максаты, балдардын билим коюлуучу талаптар сунуш кылынган окутууну фермалары жана методдору»
2. Окуу материалынын тематикалык мазмуну;
3. Предмет ичиндеги айрым темаларды үйрөтүүө бөлүнгөн убакыт;
4. Предметтер аралык байланышты камсыз кылуу б-ча көрсөтмөлөр;
5. Окуу куралдарынын каражаттарынын тизмеси;
6. Сунуш кылынган адабияттар.

Окуу программалар типтүү, жумушчу, автордук болушу мүмкүн. Типтүү окуу программалар мамлекеттик билим стандартынын талаптарынын негизинде иштелип чыгат ж-а билим берүү министрлиги тарабынан бекитилип бардык мектептерге сунуш кылынат.

Жумушчу окуу программалары конкреттүү шарттарга ылайык реалдуу окутууну жүзөгө ашыруу үчүн мугалимдердин өзү тарабынан түзүлµт. Жумушчу окуу программалары ар бир окуу курсу, класска ылайыкталып эреже катары бир окуу жылына карата түзүлµт. Мында мамлекеттик билим стандарттары м-н бирдикте аймактык өзгөчөлүктөргө байланыштуу темалар, мектептин билим берүү концепциясы, мугалимдин дидактикалык концепциясы, окуучулардын өзгөчөлүктөрү, маалыматтык, техникалык каражаттар мүмкүнчүлүгү эске алынат.

**ОКУТУУ СӨЗДҮГҮ** - – окутуу ишмердүүлүгүндө окуучунун бул же тигил предметтер б-ча билим алуусуна көмөк көрсөтүү багытында, мектеп минимумунун четинде, мазмундук-тематикалык көлөмдө түзүлгөн сөздүктөр. Алар окуучуга ылайыкталат да, негизинен мектеп программасынын алкагын камтыйт. Бир нече жолу окуучулар үчүн Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү, Орусча-кыргызча сөздүктөр басылган ж-а Татаал сөздөрдүн орфографиялык сөздүгү (түзгөн К. Сейдакматов, 1985), Э. Абдулдаев, К. Сейдакматовдун «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» (Ф., 1990) сыяктуу окуу сөздүктөрү жарык көргөн. Мындай окуу сөздүктөрүнүн максаты-маалыматтарды тереңирээк жеткирүү ж-а окуучулардын өз алдынча иштеп, билимин тереңдетүүгө шарт түзүү.

**ОКУУ-УСУЛДУК КОЛДОНМО** - – илимдин кайсы бир тармагы б-ча окуучулардан теориялык түшүнүктөрүн ж-а ал б-ча пратикалык машыгууларын бекемдөөдө мугалимге ил.-методикалык жактан таяныч болуучу эң биринчи окуу куралы. О. у. к. кайсы бир окуу китеби б-ча окуу комплексине карата да жазылат. Анын структурасы төмөндөгүдөй компоненттерден турат: окуу китепке же окуу комплексине жалпы мүнөздөмө; окуу материалдарынын чейректерге болжолдуу бөлүштүрүлүшү, тематикалык пландар, сунуштар; программалык материалдардын негизги багыттары, башкы идеалар, эрежелер талдоого алынып, урунтуу учурлар б-ча окуучулардын теориялык түшүнүктөрүн, практикалык машыгууларын тереңдетүү б-ча методдор, методикалык ыкмалар, сунуштар; окуучуларга жаңы түшүнүктөрдү берүү, жаңы алган билимин бышыктоо, аларды кайталоо, жалпылоо, тереңдетүү сабактарынын типтүү үлгүлөрү; айрым чоң-чоң бөлүктөр б-ча окуучуларга кошумча маалыматтар берилүү м-н, алардын түшүнүктөрүн, билим, билгичтиктерин, машыккандыктарынын конкреттештирүүнүн жолдору; Андан соң ар бир сабакты натыйжалуу жүргүзүүнүн жаңы технологиялары, уюштуруу формалары, ар бир сабактын этаптары б-ча үлгү сунуштар ж.б. Бирок бул сабактардын үлгүлөрү мугалимге таңууланбай таяныч гана материал болуусу, ар бир тажрыйбалуу мугалим аны чыгармачылык м-н өркүндөтүп колдонуусу абзел.

**ОКУТУУЧУ** - – жогорку, атайын ж-а кесиптик-техникалык окуу жайларында белгилүү бир предметти үйрөтүүнү ж-а тарбиялоону алып барууну аркалаган кызматкерлер (жалпы билим берүүчү орто мектептерде ал мугалим деп аталат).

**ОКУУЧУЛАРДЫ МЕДИЦИНАЛЫК КАРООДОН ӨТКӨРҮҮ** - – медициналык кароо өзүнүн милдети б-ча үчкө бөлүнөт: алдын ала кароодон өткөрүү; дайыма мезгил-мезгили м-н өткөрүү; бир максатка ылайыктуу массалык жүргүзүлүүчү изилдөө. Алдын ала кароонун максаты окучулардын ден соолугунун текшерип, окуп кетүүгө жарамдуулугун аныктоо. Мезгил-мезгили м-н дайыма медициналык кароодон өткөрүү профилактикалык максатты көздөйт. Мында айрым окуучулардын кайсы ооруга организми жакын экенин, кантип алдын алуу жолдорун аныктайт. Айрым оорунун башталышына жол бербей алдын алууга болот. Массалык кароодон өткөрүү айрым эпидемиялык ооруларга таралуу шарты пайда болгондо жүргүзүлөт. Мында массалык эмдөөгө алдын ала даярдык көрүлөт.

**ОЛИГРОФЕНОПЕДАГОГИКА** - (лат. oligos-аз; fren-акыл) – дефектологиянын тармагы; акыл–эси кем балдарды диагностикалоо ж-а коррекциялоо жолу м-н окутуунун ж-а тарбиялоонун проблемаларын иштеп чыгуучу педагогика илиминин бир салаасы. Анын милдети – баланы коомдун шартына ж-а эмгекке көнүктүрүү максатында керт башына таандык кемчиликтерин оңдоонун оптималдуу педагогикалык каражаттарын аныктоо.

**ОКУУЧУЛАРДЫН УКУГУ** - – билим, тарбия алуу жана өнүгүү процесстериндеги окуучулардын укуктары.

**ОРТО БИЛИМ** - – коомдук пайдалуу эмгекке же атайын жогорку билим алууга керектүү болгон билимдердин, ыктардын ж-а машыгуулардын жыйындысы. Жалпы О. б. келечекте ээ боло турган кесибине карабай бардык жаштарга бирдей берилет ж-а каалаган жогорку же атайын орто окуу жайына өтүүгө экзамен тапшырууга укук берет. Жалпы О. б. системасы 15–16-к-да түзүлүп, ал классикалык билим берүү деп аталат 18-к-да классикалык билим берүү м-н катар реалдык билим берүү пайда болгон. Революцияга чейинки Россияда жалпы О. б-ди гимназиялар, реалдык ж-а коммерциялык окуу жайлары, кадет корпустары ж. б. берген. СССРде жалпы О. б-ди жалпы билим берүүчү орто мектеп, кесипчилик-техникалык ж-а кээ бир атайын орто окуу жайлары берет. Кыргызстанда революцияга чейин жалпы О. б.

берүүчү жалгыз орто мектеп (эркектер гимназиясы) Пишпек (азыркы Фрунзе) шаарында болгон. 1924-жылдан кыргыз тилинде О. б. берүүчү мектептер ачылган. Азыр жалпы О. б-ди республикада жашаган негизги улуттар өз эне тилинде ала алышат. Кыргызстанда атайын орто билим, жалпы билим берүүчү мүмкүндүгү толук ишке ашууда. Чет өлкөлөрдө жалпы О. б-ди түрдүү типтеги орто мектептерден, гимназия, лицей, коллеж, грамматикалык мектептерден ж. б. алышат.

**ОРТО МЕКТЕП -** жалпы билим берүүчү – окуучуларга илимдин негиздеринен системалуу билим берүүчү ж-а кесиптик даярдыкка ж-а жогорку билим алууга зарыл болгон ыкманы үйрөтүүчү окуу-тарбия мекемеси. Жалпы орто билим берүү орто кылымда калыптана баштаган. 12–13-кылымда университеттер пайда болушу м-н жалпы билим берүүчү орто мектептин милдетин искусство факультеттери аткарган. Өз алдынча окуу жайы катары жалпы берүүчү орто мектеп 16-к-да гимназия түрүндө (эң алгачкысын 1538-ж. педагог-гуманист И. Штурм Страсбургда негиздеген) болгон. Гимназияларда негизги сабак латын ж-а грек тили болгон. Ар кайсы мамлекеттерде О. м. ар кандай аталган. Мис., гимназия, лицей, коллеж ж. б. 18-кылымдын 2-жарымынан жалпы билим берүүчү орто мектептин мүнөзү олуттуу өзгөргөн. Алдыңкы педагогдор жалпы билим берүүчү О.м-тин негизги милдети деп окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, эстетикалык табитин, дүйнөгө көз карашынын калыптанышын ж.б. эсептеген. Гимназия ж. б. окуу планында маанилүү орунду математика, байыркы тилдердин грамматикасы, эне тил, тарых ж. б. ээлеген. Жалпы билим берүүчү орто мектеп университеттик билим алууга даярдоочу баскыч болгон. Анын мүнөзү ж-а милдети көз өзгөрбөстөн, 19-кылымдын аягына чейин сакталган. Капитализмдин өнүгүшү жаштарды өндүрүштүн ж-а илимдин ар кандай тармагына даярдоодо мектепте жаңы милдеттерди койду.

Демократиялык ойчулдар ж-а педагогдор (Т. Мор, Ф. Рабле, Ж. Беллерс, Я. А. Коменский ж. б.) реалдык билим (таалим) берүүнү сунуш кылышкан. Алгачкы реалдык билим (таалим) берүү мектебин И. Хеккер 1747-ж. Берлинде ачкан. Кийин башка мамлекеттерде да пайда боло баштаган. Россияда жогорулатылган түрдөгү алгачкы мектеп 17-к-дын 2-жарымындагы грек-латын мектептери болгон. Анда чиркөө-славян, грек-латын тилдери, философия, риторика окутулган. 1701-ж. Москвада жогорулатылган түрдөгү алгачкы реалдык мектеп ачылган. Эң биринчи өз маанисиндеги О. м. 1726-ж. Петербург академиясынын алдында болгон. Революцияга чейинки жалпы билим берүүчү орто мектептин мүнөздүү жагы – анын башталгыч мектептен ажыратылганында. Балдар, кыздар бөлөк-бөлөк окуган. СССРде жалпы билим берүүчү орто мектептин принципиалдуу негизи турмуш, мамл.саясат м-н байланыштыруу, мектепти чиркөөдөн бөлүү болгон. Мектеп ишинин түп тамырынан бери кайра курулушу «Советтик Социалисттик Федерациялык Россиянын бирдиктүү эмгек мектеби жөнүндөгү жободо», «Бирдиктүү эмгек мектебинин негизги принциптеринде» (1918) чагылдырылган. Окуу жайынан байыркы тил, диний окуу чыгарылып, коомдук-саясий дисциплинаны үйрөнүү киргизилген. Табият жөнүндөгү илимди окутуу күчөтүлүп, политех. билим берүү жөнүндөгү маркстик-лениндик идея турмушка ашырыла баштаган. Билими жоктор үчүн 1919-ж. жумушчу факультети (рабфак) ачылган. 1920-жылдары фабрика-завод жети жылдыгы, айыл жерлеринде дыйкан жаштар мектеби ж. б. негизделген. 1934-ж. 15-майдагы СССР ЭКСтин ж-а ВКП(б)нын БКнын «СССРде башталгыч ж-а орто мектеп структурасы жөнүндөгү токтомуна ылайык жалпы орто билим берүүчү орто мектептин жаңы түрлөрү: жумушчу жаштар мектеби, айылдык жаштар мектеби, Суворов ж-а Нахимов окуу жайлары пайда болгон. 1958-ж. «Мектептин турмуш м-н байланышын күчөтүү ж-а СССРде элге билим берүү системасын андан ары өркүндөтүү жөнүндөгү» законго ылайык толук эмес орто мектеп 8 жылдык, толук орто мектеп 11 жылдык болгон. 1964-ж. 10 жылдык мектеп калыбына келтирилген. Кечки ж-а сырттан жалпы билим берүүчү орто мектептер бар. Окуучулардын билимин тереңдетүү, кызыгуусун ар тараптан өстүрүү максатында 7-класстан баштап факультативдик сабак киргизилген. Жалпы орто билим берүүчү мектеп мектептен тышкаркы мекемелер м-н тыгыз байланышта. Мектеп үчүн 300 млнго жакын окуу китеби 47 тилде чыгат. Жалпы билим берүүчү орто мектеп эки баскычтуу: ар кандай окуу мөөнөтү м-н милдеттүү негизги мектеп ж-а орто мектеп.

Мектептер гимназия, лицей ж. б. болуп ар кандай аталат. О. эле гуманитардык ж-а реалдык мектептер болуп бөлүнөт.

**ОРХОН–ЕНИСЕЙ ТАШ ЖАЗУУЛАРЫ - .** Орхон–Енисей аймагынан табылган бул таш жазуулары VI–V кылымдарга таандык. Кыргыз эли м-н бирдикте казак, өзбек, уйгур, түркмөн, якут, тува, хакас, алтай ж. б. түрк элдерине бирдей энчилеш эстеликтер. Ташка чегилген жазуулардын таалим–тарбиялык мазмуну терең ж-а көп кырдуу. Алардын текстинде мекендин бейпилдигин саңоо, когандар м-н кегтар ортосундагы мамиледеги, демократиялуулук, калыстык, муундар ортосундагы салттуу мамилелерди бекемдөө, улут аралык күн үчүн да актуалдуулугун жогото элек ойлор, осуят насыяттар мол учурайт. Ата журттун, элдик бейпилдиги, бакыбаттыгы журт башчысынын көрөңгөсүнө, адилеттигине ж-а элдин ыймандык нарк дөөлөттөрүнө жараша болоору жазууда өзгөчө эскертилет Коомдук турмушту уюштуруунун адилет, демократиялык салттарына артыкчылык берүү байыркы түрк элдеринде жогорку баалуулук катары бекталгандыгын айкын көрүүгө болот. Ошону м-н бирдикте жазууларда акылман бабанын көзү өткөн соң «иниси агасындай болбой» улуу муундардын уңгулуу салттарына карата кайдыгерлик мамиле чоң өкүнүч м-н баяндалат. «Акылман эмес ташка олтурса, анын мыйзамы да акылсыз, мыйзамына баш ийгендер да караөзгөй болду». Мындан түрк элдеринде акыл м-н бигүм ханды да, карапайым калкты баалоодо да башкы критерий болгон. Эстеликтерде мамлекеттин эгемендүүлүгүн бекемдөө үчүн кулдар м-н мамиле кылуу, эмнелерди жасап, кандай жол жобону, мыйзамды тутунуу керектиги жөнүндөгү баштан кечирген сабактар да арбын. Атуулдук ар намыс, патриоттук сезим да эстеликтердеги эң башкы тема. Бул идеялар Култегин ж-а Йолыч кегендердин, түрктөрдүн улуу саптарында таасын чагылдырган. Ушундан улам Орхан – Енисей эстеликтери түрк калктарынын салттуу педагогикалык маданиятын, тарыхын изилдеп үйрөнүүнүн даректүү булагы катары каралууга тийиш.

Оюн- бул адамдардын ж-а жаныбарлардын ишмердүүлүктөрүнүн бир түрү. Жаныбарлар дүйнөсүндө оюн – бул жаш жаныбарлардын эволюциялык өнүгүшүнүн айрым бир баскычында пайда болуучу жашоо тиричилигинин бир формасы.

Балдардын О. – бул тарыхый өнүгүүдө пайда болуучу балдардын ишмердүүлүктөрүнүн бир түрү, улуулардын аракеттерин ж-а өз ара мамилелеринин чагылдырууга, буюм ж-а социалдык чындыкты таанып билүүгө багытталган,

балдардын дене-тарбиясы, акыл ж-а адеп-ахлак тарбия каражаттарынын бири. О. – бул маданияттын ж-а этнографиянын тарыхы, педагогика, психология ж. б. ар кандай илимдердин изилдеп үйрөнүүсүнүн предмети болуп эсептелет. О-дун пайда болуусунун социалдын, жаратылышы, ички түзүлүшү ж-а баланын өсүп өнүгүшүндөгү мааниси жөнүндөгү теориялык изилдөөлөрдүн үстүндө Л. С. Выготский, А. Н. Леонтьев, Д. Б. Эльконин ж. б. чоң эмгектенишкен. Саякатчы ж-а этнографтардын изилдөөлөрүндө коомдогу балдардын абалы ж-дө бай материалдар топтолгон. Коомдун өнүгүүсүн алгачкы баскычтарында адамдар таякчалардын жардамы м-н мөмө-жемиштерди кагып ж-а казып жеп күн көргөн мезгилдерде О. болгон эмес. Балдар уюмдардын жашоо-тиричилигине эрте аралашып, тамак аш табуунун ж-а каражаттарды пайдаланууну улуулардан үйрөнүшкөн. Мергенчилик, мал чарбачылык, жерди иштетүүгө өтүү курал-жарактардын татаалданышы алгачкы адамдардын коомунун пайда болушуна, коомдогу балдардын абалынын өзгөрүшүнө алып келген. Улуулар балдарга чоң адамдардай эле мамиле жасашкандыктан балдар эрте эле өз алдынча аракеттенишкен. Ошондуктан улуулар чоң адамдар пайдаланган каражаттардын кичиртилген түрлөрүн даярдашкан (бычак, жаа, чокмор, аркан ж. б.). Ошентип О. көнүгүүлөр пайда болгон. Балдардын колдонгон каражаттары алардын өсүшү м-н бирге чоңойгон. Адамдардын коомунда өнүгүшү, өндүрүштүн өркүндөшүнө байланыш эмгек каражаттарынын татаалданышы коомдогу эмгектин бөлүнүшүндө, балдардын жашоо-турмуштагы абалына чоң таасир эткен. Балдардын татаал өндүрүшкө катыша албагандыгы бара-бара айлана-чөйрөдөгү жашоо-тиричиликти, эмгек каражаттарын чагылдыруучу оюнчуктардын пайда болушуна алып келген. Баланын жекече өнүгүшүндө оюн чоң мааниге ээ. О. аркылуу баланын айлана-чөйрөгө болгон мамилени, аракети, акыл-сезими, моралдык, эрк ж. б. жалпы инсандык сапаттары калыптанат. Ошондуктан, О. баланын өсүп-өнүгүшүндө эң негизги ишмердүүлүк болуп эсептелет. Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн (дидактикалык кыймылдуу), улуулар атайы түзгөн же сюжеттик-ролдук бир муундан экинчи муунга калтырылган О-дар пайда болгон. О. аркылуу балдар улуулардын жардамы м-н байкабастан керектүү билимге, көнүгүүлөргө ээ болот. Башталгыч мектепте сюжеттүү-ролдуу О-да экинчи планга жылып, баланын негизги ишмердүүлүгү окуу болуп калат.

О-дарда кенже класстагы балдар күчтүүлүктү, эрктүүлүктү, шамдагайлуулукту ж. б. сапаттарды чагылдырган баатырдык мазмундагы сүйүктүү ролдорду аткарышат, Мис., космонавт, саякатчы, альпинист, манастын чоролору ж. б. Бара-бара балдардын жашоо-турмушунда интеллектуалдуулук ж-а спорт О-дары маанилүү орунду ээлеп, күчтүү, шамдагай, чыдамкай, эрктүүлүгү ж. б. сапаттары өркүн-дөйт.

Балдарды тарбиялоодо элдик мурасты туура пайдалануу өсүп келе жаткан муундардын денесин чыңдоого, аларды адептүүлүккө тарбиялоого, турмушка көнүктүрүүгө, улуттук маданияттарды жакындаштырууга ж-а байытууга чоң көмөк берет.

Элдик О-дар элдик тарбиянын ажырагыс бөлүгү. О-дар кенже курактан баштап балдарды элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл-эстүүлүккө, баатырдыкка,чечкиндүүлүккө, эрктүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын кылымдан бери адатка айланган талабы болгон. Азыркы кезде да элдик О-дар жаш муундардын турмушка алгачкы даярдоо процессинин негизги фактору бойдон калууда. О-дар О-га катышуучулардын кеңири ой жүгүртүүгө эске тутуп билүүгө, чыгармачылык м-н элестете билүүгө, байкагыч-баамдагычтыкка, туруктуулукка, чечкиндүүлүккө, кыраакылыкка, тапкычтыкка, айлакердикке, эпчилдикке, ийкемдүүлүккө, шамдагай-шайырлыкка, шайдооттукка, ар кандай шартта токтоолукка, эрктүүлүккө, эр жүрөктүүлүккө, тыкандыкка, тез тыянак чыгара билүүгө ж. б. бардык О-дар тарбия берүүнүн комплектүү каражаттарынын бири болуп эсептелет.

**ОЮНЧУК -** – балдардын көнүлүн ачуу ж-а билим берүү үчүн реалдык буюмдардын шарттуу чагылдырылышы, тарбиялоонун эң негизги таасирдүү каражаттарынын бири. Оюнчукка атайын педагогикалык, эстетикалык, гигиеникалык талаптар коюлат. Педагогикалык талаптарга ылайык О. баланын фантазиясын өркүндөтүп, айлана-чөйрөнү, жашоо-турмушту түшүнүүгө, улууларды туурап аракеттенүүгө, эмгекти сүйүүгө, техникага болгон кызыгууларын, байкагыч-баамчылдыктарын, көркөм табитин, чыгармачылыгын, жөндөмдүүлүктөрүн тарбиялайт. О. балдарда жолдошчулук сезимдерин тарбиялап, көңүлдөрүн куунак кылып, көңүлдөрүн ачат. О. көркөм чыгармачылыктын, элдик көркөм кол – өнөрчүлүктүн буюму катары, көркөм формада сырткы кубулуштардын образы катары, көркөм формада сырткы кубулуштардын образын балдарга жеткирет. Бул образдар, формалар балдардын кызыгуу, кубануусун чакырышы керек. Ар бир улут өзүнүн тарыхый өнүгүшүнө жашоо-шартына ылайык балдар үчүн ар кыл материалдардан оюнчуктарды реалдуу шарт, турмуш м-н байланышта образдуу жасап беришкен. О. тандоодо ата-эне, педагогдор балдардын жаш курагын эске алып төмөнкүдөй сапаттарына көңүл бурuусу керек: ару кандай оюн-ишмердүүлүктөрдө пайдалана алууга ыңгайлуулугу, зыяндыгы, көркөмдүгү, кооздугу, тазалыгы, жеңилдиги ж. б. О. сюжеттик, дидактикалык, спорттук ж-а көңүл ачууга арналган болуп бөлүнөт. Сюжеттик-образдуу О-тар бизди курчап турган жансыз ж-а жандуу чөйрөнү чагылдырып, сюжеттик-ролдук оюндарда колдонулат (куурчактар, адамдардын ж-а жаныбарлардын фигурасы, оюнга керектүү оюнчук – буюмдар, техникалык ж. б). Дидактикалык О. бул мазмунуна ж-а сырткы түзүлүшүнө карай билим берүүчү (өркүндөтүүчү) максатты көздөйт (конструкторлор ж-а курулуш, башкатырма, музыкалык, көңүл ачуусу О.) ж. б. Спорт О-тары балдардын кыймыл аракетин өркүндөтүүчү болуп ага 2–3 дөңгөлүктүү велосипед, топ, самокат, чыгырык, машина, чана ж. б. кирет. Көңүл ачуучу О-тарга көбүнчө элдик кыймылдуу О-тар кирет:

Мис., кыргыз элинде «Так-теке» орус элинде «Кукла певалка» ачкыч м-н буралып кыймылга келүүчү О-тар ж. б. Азыркы учурда да мезгилдин талабына ылайык ар кандай мазмундагы, формадагы көркөмдөлүп жасалган О-тар балдар үчүн чыгарылууда. Буларга коюлган негизги максат: алардын балдардын ден соолугуна, өмүрүнө зыян келтирбеген материалдардан жасалышы, көркөм, эстетикалык бийик деңгээлде аткарылышы ж-а атайы адистештирилген көркөм-техникалык кеңешмеде бекитилиши.

**ӨЗ АЛДЫНЧА ҮЙРӨНҮҮ -** – билим алуунун бир түрү. Атайын окуу жайлардан системалуу түрдө билим албастан, өз алдынча иштөөнүн, аракеттенүүнүн натыйжасында жөндөмдүүлүктөргө, профессионалдуулукка үйрөнүү.

**ӨЗ АЛДЫНЧА БИЛИМ АЛУУ -** – кээ бир маселени же проблеманы адистерден мезгил-мезгили - кеңеш суроо аркылуу же аларсыз эле өз алдынча үйрөнүүгө негизделген ырааттуу окуу ишмердиги. Демек, Ө. а. б. а-да окутуунун максаты, мазмуну, шарттары - каражаттары адамдын өзүнөн көз каранды, б. а. Ө. а. б. а. окуп үйрөнө турган адам өзү башкара турган процесс болуп эсептелет. Ө. а. б. а-нун кайтарымдуулугу адамдын акыл-эс жагынан өнүгүү-сүнөн, о. эле окуу иш-аракетине карата ниетинен билимге болгон мамилесинен, эркинен ж. б. көз каранды болот. Ө. а. б. а. жекече ж-а группалык формада болушу мүмкүн. Группалык формада Ө. а. б. а. биргелешкен иш-аракеттин билгичтиктерин ж-а көндүмдөрүн калыптандырууга көмөк берет. Үзгүлтүксүз билим берүү системасында Ө. а. б. а. уюмдашылган окуунун баскычтарынын арасындагы байланыштыруучу ролду аткарат. Натыйжада ал билим берүү процессине бүтүндүк ж-а өйдөлөөчү мүнөз берет. Ошондой болсо да, Ө. а. б. а. балабы же чоң кишиби билим берүү мекемелеринде окуп жаткан учурда деле жүрө берет .

Ө. а. б. а-нун төмөнкүдөй негизги элементтерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

– максатты (үлгүнү же идеалды) аныктоо – аны өздүк мүмкүнчүлүк – салыштыруу ;

– максатка жетүү - зарыл болгон шарттарды караштыруу:

– иш-аракеттин жолдорун тандоо б-ча чечим кабыл алуу;

– Ө. а. б. а. б-ча коюлган милдеттерди ишке ашыруу;

–максатка (үлгүгө, идеалга) жетүү аракетиндеги өзүнүн жетишкендиктерин ж-а мүмкүнчүлүктөрүн талдоо - баалоо, о. эле Ө. а. б. а. б-ча андан аркы ишмердүүлүктүн багыттары боюнча тыянак чыгаруу.

**ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ - –** окутуунун бирден бир натыйжалуу методдорунун бири. Ө. а. и. процесси ар кандай жумуштарды жекече аткаруу аркылуу ишке ашат. Ал көп кырдуу, татаал структура катарында каралат. Конкреттүү окуу материалында орун ээлеп, мугалим м-н окуучунун спецификалык иш-аракеттерин пайда кылып, окутуу процессин башкарууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ө. а. и. окуучулардын өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу каражаты, ошол эле маалда алардын түрү катарында алынат. Ө. а. и-нүн төмөнкү 4 тиби белгиленет: үлгү б-ча аткарылуучу Ө. а. и.; реконструкциялоо-вариативдик Ө. а. и.; эвристикалык Ө. а. и.; чыгармачыл Ө. а. и. Булар окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн түзүлүшүн чагылдырып, анын ой жүгүртүүсүндөгү продуктивдүү же репродуктивдүү процесстерди мүнөздөшөт. I типтеги Ө. а. и. үлгүдө көрсөтүлгөн схема (алгоритм) б-ча так аткарылып, окуучунун ишмердүүлүгүнүн калыптанышынын зарыл этабы болуп эсептелет. II типтеги Ө. а. и. мурда үйрөнгөн билимди (ыкма же эрежени) пайдалана билүүнү, жөнөкөй жалпылоону көздөйт. III типтеги Ө. а. и. чыгармачылык Ө. а. и-ге даярдык катарында киргизилет: мугалим жаңы билимди киргизүүдө анын максатын окуучуга түшүндүрүп, андан ары ал өз алдынча ой жүгүртүп кетүүгө шарт түзөт. IV типтеги Ө. а. и. окуучу каралып жаткан кубулуштардын жаңы жактарын, байланыштарын ж-а катыштарын ачып, түрдүү ой жүгүртүү ж-а практикалык аракеттерди жүргүзөт.

**ӨЗДӨШТҮРҮҮ - –** таанып билүү ишмердиги. Индивиддин тарыхый шартталган, коомчулук тарабынан иштелип чыккан жөндөмдүүлүк, билим, билгичтик ж-а көндүмдөрдү өзүнүн субъективдик ишмердүүлүгүнө айландыруусу. Өздөштүрүү процессин психология илими изилдейт.

**ӨЗДҮК ТАЖРЫЙБА -** – инсан үчүн өзүмдүк болуп калган, узак мезгилдүү эс тутумда сакталган ж-а дайыма колдонууга даяр абалда турган информациялар, о. эле инсан өзүнүн жашоосунда ээ болгон билгичтиктер ж-а көндүмдөр. Окуу-тарбия процессинде окуп үйрөнүүчүнүн өздүк тажрыйбасына таянуу айрыкча маанилүү. Анткени бул учурда, биринчиден, билим баалуулукка айланат, экинчиден, өздүк тажрыйба инсанга билим берүү процессинде жеке мүмкүнчүлүктөрүн толугураак жүзөгө ашырууга шарт түзөт, үчүнчүдөн, окуп үйрөнүүчү өзүнүн өзүнө болгон урматтоону аңдап сезет. Өздүк тажрыйбага таянуу м-н окутууда дидактиканын негизги принциптери, айрыкча, жеткиликтүүлүк, билимдин аң- сезимдүүлүгү ж-а бекемдиги, активдүүлүк принциптери ийгиликтүү жүзөгө ашырылат.

**ӨНҮКТҮРМӨ ОКУТУУ -** – байыртадан келе жаткан окутуу м-н өнүгүүнүн ортосундагы байланыштарды (атайын уюштурулган окутуу м-н табигый өсүп-өнүгүү ортосундагы) ил. педагогикалык жол м-н чечүүдөн келип чыккан ил. теория. Бул теориянын адам баласынын өсүп-өнүгүүсү анын табигый мүмкүнчүлүктөрү м-н гана чектелбестен, социалдык таасирлердин, анын ичинде атайын уюштурулган окутуунун түздөн – түз таасири астында жүрөт деген идеяга негизденет. Бул концепциянын негиз салуучусу Россиянын көрүнүктүү психологу Л. С. Выготскийдин пикири б-ча жакшы уюштурулган өнүктүрмө окутуу баланын буга чейинки өнүгүүсүнөн бир аз алдыда жүрүп анын андан ары өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө болуп жүрүп олтурушу зарыл. Учурдагы Ө. о-га байланыштуу Л. Занков тарабынан аныкталган бир катар дидактикалык талаптар бар. Алар жогорку татаалдыктагы окутуу, ыкчам темптеги окутуу, окутуудагы теориялык билимдин басымдуулугу ж. б.

**ӨТӨ ЗЭЭНДҮҮ БАЛДАР -** – өзүнүн жаш курагына салыштырмалуу интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрү ж-а жетишкендиктери жогору болгон балдар. Табият тарабынан берилген шыктан тышкары зээндүү балдардын өсүп-өнүгүшүнө багыттуу системалуу таалим-тарбия, чөйрө өз таасирин тийгизет.

**ПАВЛОВ -** Иван Петрович (1849, Рязань – 1936, Ленинград) – орустун окумуштуу физиологу. Физиология илиминин негиздөөчү И. М. Сеченовдун ишин улантуучу. Адамдын организминдеги болуп жаткан ички ж-а сырткы көрүнүштөр бир бүтүн процесс катарында чөйрө м-н өз ара тыгыз байланышта иштей тургандыгын, аларды жөнгө салып, башкарып турган борбордук нерв системасы ж-дөгү окуу Павловдун ил. чыгармачылыгында башкы орунду ээлейт.

Өзгөчө П-дун шарттуу рефлекс жөнүндөгү окуусу дүйнөлүк мааниге ээ. П. өз окуучулары м-н бирдикте шарттуу рефлекстин пайда болушунун ж-а алардагы өзгөрүүлөрдүн динамикасын (козголуу, тормоздолуу ж-а иррадация ж. б.) бардык жагынан изилдөө м-н көптөгөн нервдик-психикалык детерминанттардын мыйзамченемдүүлүгүн ачкан. Шарттуу рефлекстердин ичинен ал психология илимине түздөн-түз таандык болгон баамдоочу рефлекс эркиндик ж-а максат рефлекстерин бөлүп көрсөткөн. П. сездиргич органдардын иштерин изилдөө м-н анализаторлор жөнүндөгү окуу б-ча жаңылыктарды ачкан. П. алардын ички ж-а сырткы чөйрөдөн келген дүүлүгүүлөрдү эң жогорку деңгээлде талдоочулук

ж-а синтездөөчүлүк маанисин даңазалаган. Шарттуу рефлекстин пайда болушунун ж-а жүрүш-туруштун модификациясынын мыйзамченемдүүлүгү ж-дөгү П-дун ил. ачылыштары кибернетиканын өнүгүшүнө да чоң түрткү берди. Жогоруда айтылгандардан тышкары ал нерв иштеринин типтери ж-дөгү, дүүлүктүргүчтөрдүн реакциясынын туруктуу комплекси катарында каралуучу динамикалык стереотип ж-дөгү проблемага да кайрылып, олуттуу ил. корутундуга келген болучу. Жалпылап айтканда П.дун илимий ачылыштары дүйнөлүк физиология, медицина ж-а психология илимдерин түп тамырынан бери кайра курууга, о. эле тирүү жандыктардын кыймыл-аракетин ж-а жүрүш-турушун изилдөөдө объективдүүлүк ж-а детерминисттик жолдорду кеңири колдонууга өбөлгө түздү.

**ПАЛАГИНА -** Нина Николаевна (1930-ж. т., Куйбышев обл.) – психология илиминин доктору (1992), профессор (1995). Балалык кезден Кыргызстанда, Панфилов р-нунун Кайыңды айылында окуп, чоңойгон. П. Низами атн. Ташкент пединтунун психолого-педагогика факультетин (1950), Герцен атн. Ленинград пед-тунун алдындагы аспирантуранын күндүзгү бөлүмүн (1956) аяктаган, 1957- жылдан бери Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайларда эмгектенет. П. катышуусу м-н Кыргыз кыз келиндер пед-тунда мектепке чейинки педагогика ж-а психология факультети ачылып, ошол мезгилдеги студенттер терең психологиялык билим алууга жетишишкен. Ал жерде 15 жыл иштеп П. өзүнүн ил. чыг-лыгын балдар дүйнөсү, алардын проблемалары м-н байланыштарган. 1973-ж. П.-га Республикалык мугалимдердин билимин өркүндөтүү ин-тунда педагогика ж-а психология кафедрасынын түзүү тапшырмасы берилген. Жаңыдан түзүлгөн кафедра Союздук деңгээлдеги иш чараларга, семинарларга, алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларын демонстрациялоого жетише алган. П. Республикабызда базалык психологиялык билими бар алгачкы психолог, биринчи психология илиминин кандидаты ж-а биринчи психология илиминин доктору. Анын кандидаттык изилдөөсү “Кенже мектеп окуучуларынын моралдык түшүнүктөрүнүн калыптанышына”, а докторлугу – алгачкы балалык куракта элестин калыптанышына арналган. П. изилдөөсү дүйнөлүк психология илимине жаңылык киргизгендиги м-н баалуу. Союз мезгилинде, жалпы мамлекетте, ал гана эмес чет өлкөлөрдө 3 жашка чейинки балдардагы элестин калыптанышы изилденген эмес. Бардык ил. булактар, Л. С. Выготский баш болуп, балдардагы элес сюжеттик, ролдук оюндун негизинде 3 жаштан калыптанат деп ил. жыйынтык чыгарышкан. П. элдик педагогиканын ыкмаларынын жардамында балдардагы элес 1,5-2 жаштан калыптана тургандыгын эксперименталдык жол аркылуу далилдеген (1992). П. элдик педагогикадагы ыкмалардын таасир этүү механизмдерине анализ берүү ж-а аларды азыркы педагогикалык практикага киргизүү б-ча изилдөөнүн өз алдынча жолун таба алган. Бул багытта П-нын жетекчилиги астында 7 кандидаттык диссертация ийгиликтүү корголгон. Оюнда чыныгы кубулуштарды жарыш моделдештирүү механизмин колдонуу, эрте курактагы балдардын оюндарын өнүктүрүү (Л. В. Усенко); Социумдун колдоосу, эмоционалдык жугуу механизми балдардын нарктуулуктарынын өнүгүүсүндө (Т. А. Конурбаев); Бала бакчаларда элдик интеллектуалдык оюндарды жандандыруу (Т. Уметов); Кенже мектеп окуучуларынын эмгек активдүүлүктөрүн өстүрүүдө фольклорду колдонуу (Ч. Т. Осмонова); Окуу процессинде, бала бакчада өз ара аракет этүү механизмдерин бөлүү ж-а аларды педагогикалык процессте колдонууну (П. Я. Гальпериндин иши б-ча) К. Сейдакулова, (Ш. Аманашвили б-ча) Э. К. Омуралиева изилдөөлөрдү ишке ашырган. Акыркы убакта социалдык зарылчылыктардын негизинде П. курактык закон ченемдүүлүктөрдү этнопсихология м-н байланыштыруунун үстүндө иштеп жатат. П. 70 басма табактан ашык ил. эмгектерди жазган. П-нын ил. чыгармачылыгы төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:

1. Эрте курактагы балдардын оюндары, алар менен сабак өтүү (1985).
2. Мектеп жашына чейинки балдардын оюндары (1989).
3. Элестетүүнүн эң алгачкы башаты (1997).
4. Кенже мектеп окуучуларын личносттук багытта тарбиялоодо этикалык аңгемелешүү (2001) (авторлош).
5. Этнопсихология: теориялар жана методикалар (2001).
6. Кыргызстандагы этникалык көп жаралуулар (2003).

**ПЕДАГОГ -** (гр. paidagogos –тарбиялоочу) – жалпы билим берүүчү мектептин мугалими, кесиптик-техникалык, атайын орто же жогорку окуу жайынын окутуучусу, мектепке чейинки мекемелерде, мектеп интернатта, балдар үйүндө, тарбиялоо колонияларында тарбиячы, мектептен тышкаркы ж. б. уюмдардын кызматкери, пед. илими б-ча ил. кызматкер ж. б.

Педагогика деген сөз ал илимдин өзүнө караганда алда канча мурда пайда болгон. Педагогика гректердин «пайдос» – балдар, «ого» – жетелөө, алып баруу деген сөздөрүнүн курамынан турат. Байыркы Грецияда педагог деп мугалимди эмес, балдарды мектепке жеткирип, кайра алып келүүчү кулду эсептешкен. Бара-бара маанилик чектери кеңейип, кийинчерээк педагогика термини баланын дене бою м-н акыл көрөңгөсүнүн өнүгүшүнө туура багыт берүү, аны турмуштун туура жолуна салуу өнөрү катары колдонула баштаган. Күндөлүк турмуш сабактарынан ж-а айрым озгун ойчул адамдар тарабынан таалим-тарбия ишине байланыштуу анык ойлордун арбын топтолушу, аларды жалпылоо, ырааттуу, максаттуу өнүктүрүү иштерин аркалаган педагогика илиминин пайда болушу зарылдыгын шарттады. Байыркы грек, рим, византия ж-а чыгыш философтору Платон, Аристотель, Паутарх, Гераклит, Селена Квинтиллиан, Варлаам, Ионна Демоскина, Авицена, Конфуций, о. эле орто кылым ойчулдары Ж. Баласагын, М. Кашгари ж. б. мурастарынан таалим-тарбия темасындагы баа жеткис акыл кеңештерди табууга болот. Педагогика илим статусуна чех элинин улуу педагогу Я. А. Коменскийдин (1592–1670) эмгектери аркылуу ээ болгон. Ал түрдүү өлкөлөрдө тамыр жайып өнүккөн бай тажрыйбаларды ж-а өзүнүн ишмердүүлүгүн астейдил талдоо аркылуу, окутуу-тарбиялоонун объективдүү мыйзамченемдүүлүктөрүн ил. жактан негиздеп системалаштырууга далалат жасаган. Ушундан улам Коменскийди педагогика илиминин негиздөөчүсү деп аташат. Учурда педагогика предмети, объекти, милдеттери айкын, түптүү түшүнүктөрү, категориялары бар көп тармактуу илим. Ал таалим тарбиялоо процессин долборлоо, божомолдоо, уюштуруу, өркүндөтүү ыкмалары, ошону м-н бирдикте аларды өнүктүрүү, турмушка даярдоо жаатындагы атайын билимдердин булагы катары кабылданат.

П. предмети – адам инсанынын өнүгүш маңызын ж-а мыйзамченемдүүлүктөрүн изилдөө, анын негизинде атайын уюштурулган процесс катары окутуу тарбиялоонун теориясын ж-а методикасын иштеп чыгуу. Педагогика төмөнкү милдеттерди чечүүнү аркалайт:

1. Окутуу тарбиялоонун, ал процесске жетекчилик кылуунун мыйзамченемдүүлүктөрүн ачуу, айкындоо;
2. Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, талдоо ж-а жалпылоо;
3. Окутуу тарбиялоонун, о. эле таалим-тарбия структураларын башкаруунун заманбап методдорун, каражаттарын, формаларын иштеп чыгуу;
4. Таалим-тарбия иштеринин жакынкы мезгилде ж-а келечектеги абалын, өнүгүш тенденцияларын божомолдоо;
5. Педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын сыноо ж-а ишке киргизүү. Педагогика илиминин системасы төмөнкүлөрдөн турат: мектепке чейинки П.; мектеп П.; кесиптик (баштапкы, орто, атайын орто, жогорку) таалим-тарбия П.; өндүрүштүк П.; аскердик П.; салыштырма П.; атайын П.; П. тарыхы; валеология.; социалдык П.; этнопедагогика ж. б. Жалпы П. адамды өнүктүрүүнүн жалпы мыйзамченемдүүлүктөрүн ж-а бардык типтеги таалим-тарбия мекемелердеги окутуу тарбиялоо процессинин жаңы негиздерин иштеп чыгуучу илим ж-а окуу предмети. Мугалимдерди даярдоочу жогорку окуу жайлардын практикасында орун алган салттарга ылайык П. жалпы негиздери; дидактика (окутуу теориясы), тарбиялоо теориясы; мектеп таануу сыяктуу төрт бөлүккө бөлүнөт.

**ПЕДАГОГИКА ТАРЫХЫ -** – ар түрдүү доорлордогу педагогикалык ойлордун ж-а таалим-тарбия мекемелеринин өнүгүшүн, бүгүнкү күн үчүн маанилүү, өнүмдүү жактарын аныктап үйрөтүүчү педагогика илиминин бир тармагы. Педагогика тарыхынын негизги булактары төмөнкүлөр: таалим-тарбия маселелерине таандык расмий документтер; мектептерде колдонулган окуу программалар, окуулуктар, окуу куралдары; маданият, агартуу ж-а илим ишмерлеринин эмгектери; таалим-тарбия ишине байланыштуу гезиттик, журналдык материалдар; архивдик материалдар, көркөм адабий чыгармалар. Тарыхый педагогикалык фактылар адам коомунун өнүгүшү жаатындагы кабыл алынган жалпы мезгилдештирүү тартибине ылайык изилденет. Ушундан улам педагогика тарыхында байыркы мезгил, орто кылым ж-а азыркы доор өз өзүнчө бөлүнүп каралат.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК МЕТОДОЛОГИЯ -** – ил. изилдөөнүн алгачкы (негизги) жоболору, структурасы, функциялары ж-а методдору жөнүндөгү окуу. Методологиялык билимдердин составына, биринчиден, жалпы методологиялык, жалпы ил. закондор, закон ченемдүүлүктөр ж-а алардан келип чыгуучу педагогикалык иш-аракеттерге коюлуучу талаптар ж-а педагогикалык жоболор кирет (маселен, таанып-билүүдө чагылтуунун ж-а чыгармачылыктын биримдиги, таанып-билүүнүн субъектисинин актив-дүүлүгү, тарбиялоонун жалпы максаттары жөнүндөгү ж. б. жоболор); экинчиден, бир далай негиздүү ж-а маңыздуу педагогикалык закондор ж-а закон ченемдүүлүктөр ж-а алардан келип чыгуучу педагогикалык ишмердүүлүккө коюлуучу талаптар; үчүнчүдөн, педагогикалык изилдөөлөрдүн принциптери ж-а методдору. Мына ошентип, методология ил. таанып-билүү иш-аракеттеринин принциптери, формалары ж-а жолдору жөнүндөгү окуу катарында эсептелинет да, ал эми педагогикадагы методологияны педагогикалык кубулуштарды таанып-билүүнүн ж-а өзгөртүп түзүүнүн негизинде жатуучу теориялык жоболордун системасы деп түшүнөбүз. П. М. философия м-н тыгыз байланышта каралат (бекеринен, XIX кылымга чейин аны философиянын бир бөлүгү катарында эсептешпеген чыгар).

Дидактикалык таанып-билүү теориясын окутуу аркылуу таанып-билүүнүн педагогикалык негизи катарында мааниси чоң. Бул теорияга таануу м-н ил. педагогика окуу-тарбия процессин уюштуруунун, окутуунун ж-а мектеп окуучуларынын өз алдынча билим алуусунун методикасынын теориялык ж-а практикалык бардык маселелерин изилдейт. Чындыгында эле, окутуу, улуу муундун өсүп келе жаткан муунга коомдук мамилелердин, өндүрүштөрдү ж-а эмгектенүүнүн ыкмаларын, тажрыйбаларын үйрөтүүнүн объективдүү зарылчылыгы, өзгөчө коомдук кубулуш катарында адам баласынын чыныгы дүйнөнү таанып-билүү теориясы м-н тыгыз байланышта. Объективдүү дүйнөнүн адам баласынын аң-сезиминде чагылышы катарында каралуучу таанып-билүү теориясы, идеяларга, аң-сезимге салыштырмалуу материянын, бытиянын биринчи экендигин мойнуна алат. Ошол эле учурда, ушуну м-н адам баласынын аң-сезиминин, чыныгы дүйнөнү таанып-билүүдөгү ж-а өзгөртүп түзүүдөгү орду (ролун) жокко чыгарылбайт. Материя ар дайым өз ара байланышта, туруктуу ж-а түбөлүктүү кыймыл аракетте ж-а өзгөрүүдө болуп, анын кыймылынын бир формасынын калыптанышы м-н экинчисинин жоголушу ж-а сапаттык кандайдыр бир абалдын башка абалдарга өтүшү м-н шартталып турат.

Илимий негизде уюштурулган окутуу эки негизи максатты көздөйт: чындыкты жаштарга жеткирүү ж-а аны өздөштүрүүсүн камсыз кылуу, о. эле алардын ил. теориялык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу. Ар бир адамдан терең интеллектуалдык өсүп өнүгүүнү талап кылган ил.-техникалык прогресстин шартында, окутуу процессинде реалдуу – конкреттүүнү жай-баракат кабыл алуу м-н өз-өзүнчө алынган түшүнүктөрдү, абстракцияларды окуучулардын аң-сезиминде калыптандырууга ж-а о. эле конкретүү бүтүндүктү өздөштүрүү максаты үчүн абстракцияларды колдонуу процессине жетишүүгө олуттуу көңүл буруу абзел. Окутуу м-н таанып – билүүнүн логикасы конкреттүүлүктөн абстракцияга ж-а тескерисинче, абстрактуудан конкреттүүлүккө аң-сезим аркылуу чексиз өтүүнүн диалектикалык биримдиги болот. Билим алуу процессинде окуучу кубулуштардын, предметтердин объективдүү экендиги жөнүндөгү жалпы элестерден, алардын бир беткей касиеттери, сапаттары, бөлүк-төрү жөнүндөгү ой аркылуу алыстаган билимдерге ээ болушат. Андан ары абстрактуу, чектелген ж-а байланышсыз түшүнүктөрдөн, бүтүн катары каралуучу кубулуштун маңызына, чындыкка сүңгүп кирүү ишке ашырылат. Ой жүгүртүү процесстеринин, көрсөтүлгөн, өз ара аракеттенүүсү окутуу процессиндеги таанып-билүүнүн негизги законун түзөт. Ушуну м-н катар эле окутуу ж-а таанып-билүү процесстеринин айырмачылыктары ж-а жалпы жактары бар экендигин эске алуу пайдалуу.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК БАСЫЛМАЛАР -** – билим берүү, агартуу, окутуу, таалим-тарбия берүү багытында ил. изилдөөлөрдү, практикалык иш тажрыйбаларды, жогорудагы багыттагы иштерди уюштуруу маселелерин иликтөөлөрдү,

кеп-кеңештерди жарыялаган журналдар, газеталар, дагы башка басмасөз каражаттары. Кыргызстандын тарыхында адегенде 1924-жылдан «Эркин-Тоо», кийин «Ленинчил жаш», «Жаңы маданият жолунда» деген басылмалар атайын элдин сабатсыздыгын жоюу багытындагы кабар, макала, тил үйрөтүү сабактарын берип келсе, 1928-жылдан атайын педагогикалык журнал «Жаңы маданият жолунда» (1932-жылдан «Маданий майдан», 1938-жылдан «Окутуучуларга жардам» деген ат м-н чыккан) басыла баштайт. Кыргызстандын педагогикалык басылмаларынын тарыхында «Мугалимдерге жардам», «Эл агартуу», «Русский язык и литература в киргизской школе», «Мектеп» журналдарынын, «Мугалимдер газетасынын» (азыркы «Кутбилим») мааниси чоң болгон.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨ МЕТОДДОРУ -** – педагогикалык кубулуштарды изилдөө максатында колдонулган илимий педагогикалык ыкмалардын, усулдардын жыйындысы. Педагогика илиминдеги методдор негизинен педагогикалык тажрыйбаны изилдөө, теориялык изилдөө ж-а математикалык изилдөө методдору болуп үчкө бөлүнөт. Педагогика методдору жалпысынан алганда эмпирикалык жолдор м-н топтолгон педагогикалык маалыматтарды теориялык жактан анализдөө ж-а аларды жыйынтыктоонун негизинде теориялык концепцияларды жаратуу ж-а окуу-тарбия иштерин өркүндөтүү үчүн зарыл болгон сунуштарды иштеп чыгууга негиз болот. Мындай методдорго: педагогикалык байкоо, педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү методдору, педагогикалык эксперимент, анкета аркылуу жооп алуу ж. б. социометрикалык ж-а математикалык методдор кирет.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ИНФОРМАЦИЯ -** – окуучуларды информатика, дүйнөнүн информациялык картинасы м-н тааныштыруучу, окуучуларга информациялык аймакта, анын курчап турган чөйрөсүндө багыт берүүчү, информациялык агымдарды колдонуу ж-а алардын мазмунун аң-сезимдүү анализдөө, туура ж-а кыйыр информациялык байланыштарды курчап турган чөйрөгө адаптация кылуу максатында таратуу ж-а анын саясий, социалдык-экономикалык ж-а экологиялык структурасын жетилтүүчү информациялык педагогиканын атайын бир бөлүгү.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ КАЙРА ДАЯРДОО -** – белгилүү чөйрөдө кесиптик иш-аракеттин жаңы түрүн аткаруу үчүн зарыл болгон айрым сабактарды, илимдердин, техниканын ж-а технологиянын бөлүмдөрүн окуп-үйрөнүүнү кароочу билим берүү программалары б-ча кошумча билим, билгичтик ж-а көндүм берүү максатында кадрларды кайра даярдоо. Жаңы экономикалык ж-а социалдык шарттарга ылайык адистерди билимин өркүндөтүү, квалификациясын жогорулатуу ж-а жаңы кесиптерге ээ кылуу максатында атайын уюштурулган билим берүү формасы.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕҢЕШ -** - мектепти коллективдик башкаруу органы. П. к-тин составына: мектептин директору, анын орун басарлары, мектептин бардык педагогдору, китепканачы, мектеп врачы, ата-энелер советинин председатели кирет. П. к-тин председатели болуп мектептин директору эсептелет. П. к-тин мүчө-лөрү талкууланып жаткан суроолорду чечүүдө бирдей укуктарга ээ; чечим ачык добуш берүү аркылуу кабыл алынат ж-а мектептин бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү түрдө болот. П. к-те белгилүү убакыт ичиндеги мектептин иштери ж-дөгү администрациянын отчету каралат, мугалимдердин иштери ж-дө докладдар ж-а билдирүүлөр талкууланат. Андан сырткары педагогикалык кеңеште төмөнкү маселелер каралат: окуучулардын билими, тартиби, сабакка катышуусу, аларды кийинки жылга көчүрүү, мектепти бүтүрүү, сыйлыктарды тапшыруу, мектептен чыгарып салуу ж. б.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕКТИВ -** – билим берүү мекемесинин жалпы эмгек жамааты. Педагогикалык коллективдин курамына мугалимдер, тарбиячылар, мектеп директору, анын окуу-тарбия иштери б-ча орун басарлары, мектеп дарыгери ж-а психологу кирет. Педагогикалык коллективдин ишмердиги коллектив мүчөлөрүнүн педагогикалык көз караштарынын, иш аракеттеринин биримдигине, окуучу баланын билим-тарбиясына карата жалпы педагогикалык талаптын коюлушуна көз каранды. Бул туурасында А. С. Макаренко мындай дейт: «... Бир да тарбиячы өз бетинче аракеттенүүгө акысы жок. Эң алдын тарбиячылар коллективи болушу керек. А эгер тарбиячылар арасында биримдик жок болсо, коллективдин бирдиктүү иш планы, бирдиктүү үнү, баланын окуу тарбиясына карата бирдиктүү талабы жок болсо, анда ал жерде эч бир тарбиялык процесстин жүрүшү мүмкүн эмес».

Педагогикалык коллективдин ишмердиги мектеп директору тарабынан нукка салынып, жетектелет. Мектеп директору педагогикалык коллективде иштиктүү чыгармачыл эмгектин, изденүүнүн, жагымдуу эмоционалдык кырдаалдын жаралышына жооптуу. Мектеп директору педагогикалык коллективдин мүчөсү ж-а анын алдында жооп берет. Педагогикалык коллективдин жогорку органы - педагогикалык кеңеш. Мында коллегиялдуу негизде билим берүү мекемесинин эң маанилүү маселелери каралат. Педагогикалык коллектив өз ишмердигин окуучулар коллективи м-н тыгыз байланышта жүргүзөт ж-а өз ишинде ата-энелер комитетинин, коомчулуктун иштиктүү жардамына таянат.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КОНСИЛИУМ -** – окуучулардын билим алуу иши ж-а жүрүм турумундагы кем өксүктөр ж-дө пикир алышуу, аларды четтетүү боюнча туура негиздүү чечим кабыл алуу максатында бир нерсеге мугалимдин масилети, кеңешмеси: мындай кеңешмелер көпчүлүк учурда адис психологдор, ата энелердин катышуусу м-н да өткөрүлүп жүрөт. Термин алгач ирет көрүнүктүү педагог Ю. К.Бабанский тарабынан киргизилген.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨРГӨЗМӨ -** – алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтуунун формасы. П. к. – билим берүү тармагында ж-а педагогика ишиндеги жетишкендиктер көрсөтүлөт; окутуунун ж-а тарбиялоонун натыйжалуу методдору, новатор педагогдордун ж-а алдыңкы мектептердин иштеринин системасы пропагандаланып, көргөзмө куралдардын, окуу-лабораториялык жабдуулардын жаңы үлгүлөрү, программалар, окуу методикалык адабияттар ж. б. демонстрацияланат. П. к. төмөндөгүдөй бөлүнөт: 1. Деңгээлине жараша (мектепте, райондо, областа, республикада); Узактыгына жараша (туруктуу, убактылуу ж-а көчмө). П. к. Кырг. Респ. Билим берүү министрлиги, билим берүү бөлүмдөрү, агартуу кызматкерлеринин профсоюздук комитеттери, билим ж-а тарбия берүүчү мекемелер тарабынан уюштурулат. П. к. уюштурганга чейин алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү м-н экспозиция үчүн материалдар жыйналат. Көргөзмөгө ар түрдүү документалдык материалдар, методикалык колдонмолор, методикалык адабияттар ж. б. материалдар коюлат. Ошондуктан экспозиция үчүн конкреттүү ж-а көргөзмөлүү материалдарды тандоо керек. Материалдардын ар түрдүүлүгү анын ишенимдүүлүгүн көрсөтөт. П. к. экспонаттарга ж-а документтерге кыскача

текст түрүндө түшүндүрмө берилет. Бүгүнкү күндө эл аралык П. к. уюштурулуп, анда ар түрдүү өлкөлөрдө элге билим берүү маселесинин өнүгүшү, окутуунун ж-а тарбиялоонун проблемаларын чагылдырган экспонаттар демонстрацияланат.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА -** – ин-тардагы, ун-ттердеги окуу процессинин составдык бөлүгү. Келечек мугалимдерде пед. илимдер жаатында илим-изилдөө иштерине кызыгуусун өнүктүрөт. П. п-нын максаты студенттерди бардык предметтерди, педагогика, психологияны үйрөнүүдө алган ил.-теориялык билимдерин ж-а практикалык машыгууларын пед. ишмердигине чыг-чылык м-н пайдалана алууга үйрөтүү. Жайкы П. п-сын студенттер балдар лагеринде, окуучулардын бригадаларында, окуу-тажрыйбалык чарбаларда тарбиячы-жетекчи катары өткөрүшөт. Төмөнкү курстардын студенттерин П. п-га даярдоо максатында балдар лагерлеринде практика башталар алдында факультативдик практикумдар (көркөм окуу, ырдоо, оюндар, бийлер, край таануу, ден соолукту чыңдоо ж-а массалык спорттук иштер, моделдештирүү ж. б. б-ча) ж-а ийримдик сабактарды (окуудан сырткаркы убактарда) өткөрүү каралган. Педагогика кафедрасы, дене тарбия кафедрасы м-н практикалык түрдө тааныша ала турган семинарларды уюштурушат. Бүтүрүүчү курстардын студенттери П. п-га мугалимдердин август кеңешмесинин башталар алдында жөнөтүлөт. Анткени алар мектепке иштөөгө даярдануулары керек. Бул үчүн алар класс жетекчилер м-н бирдикте окуу ишинин ж-а тарбиялык иштердин планын түзүүлөрү керек.

П. п-нын биринчи жумасы мектеп, класс м-н таанышуу ж-а окуучулар м-н тарбиялык иштерди уюштурууга арналат. Андан соң методист же мугалимдин жетекчилиги м-н практиканттар мектепте ар кыл типтеги зачеттук сабактарды өткөрүшөт. Калган убакытта практиканттар өз алдыларынча окуу ж-а тарбиялык иштерди (класс жетекчисинин ж-а мугалимдин планына ылайык) жүргүзүшөт. Бардык факультеттердин жогорку курстарынын студенттери психология б-ча практиканы өтөт. Психология кафедрасынын мугалимдери студенттердин сабактарына психолого-педагогикалык талдоо жасашат. П. п-ны өткөрүү процессинде мектептин же окуу-тарбиялык мекемелердин бардык турмушу камтылат, педагогикалык жамааттын иши, ийримдер ж-а ата-энелер м-н иштөө да үйрөнүлөт. Методикалык проблемаларды өздөш-түрүү үчүн практиканттар мектептеги предметтик комиссиянын, мектептер аралык методикалык бирикменин ишине катышат. Жогорку курстардын студенттерине П. п-нын материалдары боюнча курстук, дипломдук иштерди даярдоого тапшырма берилет.

П. п-нын жыйынтыгында жогорку курстун студенттери пед.практиканын күндөлүгү тиркелген отчетту, зачеттук сабактын же класстан тышкаркы иштердин конспектисин, окуу колдонмону көрсөтүшөт.

П. п-нын жыйынтыгы мектепте мугалимдер, завуч, директор, методисттер, педагогика, психология кафедрасынын өкүлдөрүнүн катышуусундагы акыркы конференцияда талкууланат. П. п-нын жыйынтыгында мектептин практикантка берген мүнөздөмөсүн эсепке алуу м-н ар бир практикантка баа коюлат. П. п-нын учурундагы студенттин иши жараксыз деп табылса, анда ал практиканттардын жетекчисинин айтуусуна ылайык практиканы бүтүндөй же жарым-жартылай кайрадан өтүүсү зарыл.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ПСИХОЛОГИЯ -** – окутуу ж-а тарбиялоонун психологиялык закон ченемдүүлүктөрүн окуп үйрөтүүчү психология илиминин бир тармагы. П.п. илим катары XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап калыптана баштаган. П. п-га негиз салуучулардын бири орус окумуштуу К. Д. Ушинский. П. п-нын өз алдынча илим катары калыптанышына П. Ф. Каптеревдин, А. П. Нечаевдин ж-а А. Ф. Лазурскийдин эмгектери чоң роль ойногон. П. п. индивиддин социалдык тажрыйбаны өздөштүрүү процессине көбүрөөк көңүл буруп, педагогикалык теорияларды ж-а практиканы негиздөөчү психологиялык фактыларды, мыйзам ченемдүү маалыматтарды иштеп чыгат. П.п. өзүнүн алдына койгон милдеттерди курактык ж-а социалдык психология м-н биримдикте чечет. Бул биримдик педагогика м-н жеке методиканын психологиялык негизи болуп саналат. П.п. билим, билгичтик, ыкты өздөштүрүүнүн психологиялык ыкмаларын, жолдорун ж-а өздөштүрүүнүн сапатын, деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берүүчү методдорду иштеп чыгат. П. п-да бир нече теориялар иштелип чыккан: ассоциативдик-рефлектордук теория, акыл иш аракеттеринин этаптуу калыптанышы теориясы. П. п-нын жаш бөлүгү – тарбиялоо психологиясы. Ал окутуу-тарбиялоо иштеринин жүрүшүндө окуучулардын ишенимин, көз карашын калыптандыруунун ж-а адептүүлүк нормаларын, принциптерин өздөштүрүүнүн психологиялык мыйзамдарын үйрөтөт.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАКТ -** – мугалимдин өз пед. ишмердигинде, окуучулар, балдар м-н болгон мамиледе ченем принцибин сакташы, окуу-тарбия ишинде балдарга ыгын таап туура мамиле жасай билүү, кылдаттык м-н табылган педагогикалык каражат-ыкмалар аркылуу окуучуларга таасир көрсөтүү чеберчилиги.

П. т. негизи - педагогдун балдардын психологиясын терең билүүсү жана окуучуга индивидуалдуу мамиле жасоо жөнүндөгү педагогикалык жобого кеңири түшүнүүсү. П. т. мугалимдин түрдүү кырдаалдарда, түрдүү моменттерде окуучунун көңүл маанайын, оюнун багытын кылдаттык м-н баамдап, ошого жараша мамиле жасап, баланын тилин таап, окуу-тарбия процессинде оң натыйжага жетишинен көрүнөт. Мугалим окуучулар м-н алака-катышта аларга акыл-эстүү талаптарды коюп, ошону м-н катар сылык-сыпаа болуп, өзүн аяр кармай билиши керек. Ар бир окуучунун, тарбиялануучунун жекече кыял-жоругун, индивидуалдуу өзгөчөлүгүн, жашоо шартын эсепке алуу м-н жасалган кылдат, мээримдүү, камкор, жапакеч мамиле, конфликттүү кырдаалдарда сезим ченемин (чувство меры) сактап, сабырдуу туруп, өзүн окуучунун ордуна коюп, маселеге баланын көзү м-н карай билүү ж-а карама-каршылыкты ийкемдүү айла-амалдар м-н чече билүү искусствосу – ийгиликтин ачкычы. Авторитардык-буйрукчул мамиле бала м-н педагогдун ортосунда гармонияны эмес, дисгармонияны жаратат.

П. т. – мугалимдин профессионалдык сапат-касиети, анын педагогикалык чеберчилигинин бир кыры. Мындай сапат педагогдун чаалыкпаган эмгегинин, изденүүлөрүнүн, бул багыттагы атайын илим-билимди терең үйрөнүүсүнүн, өзүн өзү кайрап-бүлөп өстүрүүсүнүн натыйжасы. Окуучуга жакын болуу, ага мээримдүү, жапакеч мамиле жасоо, аны ыгы жок эркелетүү, тең ата болуу деген сөз эмес. Балага гумандуу мамиле жасап, ошону м-н катар ага талап коё да билүү керек. Окуучуга ишеним көрсөтүү, ага «оптимисттик гипотеза» (Макаренко) м-н карай билүү, анын кишилик ар намысын

урматтоо, маданияттуу, сылык жүрүм-турум, мамиле этүүнүн демократиялык стили, түркүн кырдаалда учурдун, моменттин өзгөчөлүгүн бурчатпай туюп, керектүү тоналдуулукту кармай билүү – педагогдун окуу-чулар арасындагы атак-аброюнун, авторитетинин булагы.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ -** – окуу-тарбия иштери б-ча атайын түзүлгөн же изилдөөчү тарабынан көзөмөлдөнүп турган шарттагы илимий негизде жүргүзүлгөн тажрыйба. П. э. – пед. кубулуштардын себеп-натыйжа байланыштарын үйрөнүү максатын көздөгөн изилдөөчү ишмердүүлүк. П. э-ти өткөрүлүш шарты б-ча табигый (кадимки билим берүү процесинин шартында) ж-а лабороториялык (атайын жасалма шарттарды түзүү, мис., бул же тигил методдун натыйжалуулугун текшерүү максатында айрым окуучуларды башкалардан бөлүп алуу) деп бөлүүгө болот. П. э. өткөрүлүш максаты б-ча констатациялоочу (проблеманын практикалык абалын аныктоого багытталган), изденүүчү (жумушчу гипотезанын тууралыгын чакан чөйрөдө текшерүүгө багытталган), текшерүүчү же калыптандыруучу (алынган теориялык тыянактардын тууралыгын, иштелип чыккан методикалык эффективдүүлүгүн текшерүүгө багытталган) деген түрлөргө да бөлүнөт.

П. э-тин түрлөрү адатта бири-биринен обочолонбой, тескерисинче, үзгүлтүксүз удаалаштыкта колдонулат. Көпчүлүк учурда салыштыруу жүргүзүү үчүн эксперименттик ж-а контролдук класстар (группалар) тандалып алынат. Эксперименттик тыянактардын ишенимдүүлүгү эксперименттин шарттарын сактоодон түздөн-түз көз каранды болот. Эксперимент жүргүзүүдө текшерилүүчү факторлордон башкалары толугу м-н теңдештирилүүгө тийиш.

**ПЕДОЛОГИЯ -** гр. pais, – балдар, paidos, логос–илим) алгачкы ирет 1893-ж. америкалык психолог Хризман тарабынан балдардын курактык өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн мүнөздөө максатында колдонулган. Кийинчерээк балдардын өнүгүшү ж-дөгү ар кандай илим тармагындагы табылгаларды практикалык максатта системалаштырган өз алдынча илим катары калыптана баштаган. Бул илим тармагынын түптөлүшү И. А. Сикорский, П. Ф. Лесгафт, Г. И. Россолумо В. М. Бехтеров ж. б. ысымдары м-н байланыштуу. Алсак 1907-ж. В.М.Бехтеров тарабынан Педагогикалык ин-тут ж-а "Вестник психологии, криминальной антропологии и педологии" аттуу журнал түзүлгөн. Бул багытта Октябрь революциясынан кийин да бир топ алгылыктуу аракеттер жасалган. 1927-ж. педологдордун съезди өткөрүлүп, 1927-жылдан "Педолог" журналы чыга баштаган. 1920–30-жылдары Е. Аркин, И. А. Арямов, П. П. Блонский, Л. С. Выготскийлер балдардын түрдүү курактагы өнүгүш өзгөчөлүктөрү тууралуу масштабдуу изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Ошону м-н бирдикте педологиянын предмети, милдеттери, методдору тууралуу кызуу талаш-тартыштын объектисине айланган. П. илиминде балдардын өнүгүшү тууралуу өтө баалуу ил.-методикалык материалдар топтолуп мыкты натыйжалар алынганына карабастан советтик-партиялык атайын токтомдун негизинде анын андан ары өнүгүшүнө тыюу салынган. П-га байланыштуу изилдөөлөр токтотулуп, мурда жарык көргөн эмгектердин бары колдонуудан алынган. Ошентип окумуштуулар балдар турмушунун айрым жактарын гана изилдөө м-н чектеле баштaшкан. Педагогика узак жылдар "баласыз" илимге айлана баштаган. Ал эми курактык психология, курактык физиология, педагогикалык психология бири биринен окчун илимдерге айлана баштаган. 1990-жылдан билим берүү тармагындагы гуманисттик парадигмалардын кеңири кулач жайышы П-нын кайрадан жанданып өнүгүшүнө өбөлгө болду.

**ПЕРШИНА -** Татьяна Ивановна (1939-ж.т., Талды Коргон обл.) Кырг. мамл. аялдар ин-тун (1970) бүтүргөн. 1963 ж-дан бери Бишкек ш-нын №61 мектебинде эмгектенет. Кырг. Респ. «Эмгек сиңирген мугалими» (1985), «Эл мугалими» (2001).

**ПЕСТАЛОЦИ -** Ииган Генрих (1746–1827) – Швейцариялык атактуу педагог ж-а агартуучу. Анын пикири боюнча окутуунун максаты – адамдын бардык мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөм шыгын ар тараптуу, гармониялуу өнүктүрүү. Руссо сыяктуу ал да тарбиялоонун табият таламдуу болушун, б. а. балага табият тарабынан берилген ички күчтөрдүн, талаптарды кылдат эске алып тарбия ишин ошого негизденип уюштуруу зарылдыгына өзгөчө басым жасаган. П. – башталгыч билим берүүнүн дидактикасын негиздөөчүлөрдүн бири. Анын элементардык таалим-тарбия теориясында балдардын акылын, адептик нарк насилин дене-күчүн, иш билгилигин өз өзүнчө эмес, өз ара биримдикте гармониялуу өнүктүрүү идеясы психологиялык педагогикалык жактан ар тараптуу негизделген. Анын бул өнүктүрүп окутуу идеясын К. Д. Ушинский улуу ачылыш катары баалаган. П., балдарды эсептөөгө, ченөөгө, сүйлөөгө, сүрөт тартууга, ырдоого, гимнастикага үйрөтүү машыктыруунун оригиналдуу эң эле жөнөкөй усулдарын иштеп чыккан. Мындай жол м-н ал карапайым элди билимге билимди элге жакындаштырууга далалат кылган. П., өзүнүн «Лингард жана Гертруда» деген эмгегинде балдарга мээрман мамиле кылуу, аларды башкалардын кайгысын, азабын тең бөлүшүү сезимин калыптандыруу маселелерин б.а. тарбиялоонун гумандуу болушу жөнүндөгү ишенимин, идеясын бекемдеген. Ал өзүнүн практикалык педагогикалык ишинде окутууну балдардын өндүрүмдүү кол эмгеги м-н терең айкалышта уюштурууга умтулган. Ал тургай бул методикасына таянып жөнөкөй эле сабаттуу дыйкан эне өз баласын өзү окутуп алууга ылайыкташтырылган «Энелер үчүн колдонмо» аттуу китеп да жазган. Гуманист педагог баланын бакыбат өсүшү үчүн табигый ата-энелик мамилени, мээримди эч нерсе м-н алмаштыргыс гүлазык катары караган. Ушундан улам мектепте үй бүлөдөгүдөй мамилени табигый жылуулукту сактоого аракет кылган. Улуу педагогдун мурастары педагогика илиминин ж-а таалим тарбия практикасынын өнүгүш жолунда олуттуу мааниге ээ болгон.

**ПИЛОТ МЕКТЕБИ -** – билим берүү ишинде жаңы табылгаларды, өзгөрүүлөрдү ишке киргизүүдөн мурда аны сынап, пайдаланып, анын натыйжаларын баалап, кер байланыш түзүү ж-а андан ары колдонуу ж-дө бирдиктүү чечим чыгаруу үчүн тандалган мектеп. Алсак, учурда Кыргызстанда 12-жылдык билим берүү системасы ар бир райондон тандалып алынган мектептерде сыноодон өтүп жатат.

**ПОЛИТЕХНИКАЛЫК ОКУТУУ -** (гректин «поли»–көп, көпчүлүгү ж-а «тexvn»–искусство) – өндүрүштүн негизги тармактары ж-а ил. принциптери ж-дө билим берүү ж-а окуучуларга зарыл болгон жалпы техникалык практикалык көнүмдөрүн калыптандыруу. П. о. коомдун ар тараптан өнүккөн мүчөсүн тарбиялоо процесси болуп саналат. Билим берүү системасында кайра куруунун негизги максаты окутууну өндүрүштүк эмгек, мектепти турмуш м-н байланыштыруу. Мектептеги мындай өзгөрүүлөрдө политехникалык окутуу чоң роль ойногон. Экинчи жактан

мектептин кайра курулушу политехникалык окутууну ишке ашырууга шарт түзгөн. П. о. мазмунуна, окуучуларды учурдагы өндүрүштүк ил. негиздери м-н тааныштыруу: электр, жылуулук ж-а механикалык энергияны алуу ж-а колдонуу, материалды механикалык иштетүү, негизги химиялык заттарды алуу ж-а пайдалануу, машина таануу ж-а электротехника, о. эле айыл чарба өсүмдүктөрү ж-а мал чарбасы м-н тааныштыруу. П. о. экономика ж-а өндүрүш, сырье булактары жайгашкан жерлер, эл чарбасынын системасы, аны уюштуруу ж-дө маалыматтарды камтыйт. П. о. мазмунунда, өндүрүштө колдонулуучу ар түрдүү практикалык билгичтиктерди ж-а көнүмдөрдү камтыйт: өлчөө, эсептөө, эксперимент аркылуу текшерүү, конструкторлук-сызуу, кайрадан иштетүү-монтаждоо, айрым машина-аппараттарды башкаруу, агротехникалык ыкмалар. П.о. аркылуу окуучулардын эмгектик техникалык маданиятын, жеке ж-а коллективдик эмгегин рационалдуу уюштурууга жетишүүгө болот. П. о. көптөгөн жолдор м-н ишке ашырылат. Физиканы, химияны, биологияны ж.б. жалпы билим берүүчү предметтерди окутуу мезгилинде өндүрүштөрдүн табигый-илимий негиздери ачылат, анын негизги тармактары б-ча маалыматтар берилет, түрдүү практикалык, эмгектик иш аракет көнүмдөрү калыптанат. Учурдагы өндүрүштүн жалпы мүнөзү ж-а негизги өнүгүү тенденциялары политехникалык окутуунун зарылчылыгын гана жогорулатпастан, аны ишке ашыруунун обьективдүү ил. негиздерин камсыз кылат. Учурдагы жаңы техникада, өндүрүштүк окутуунун политехникалык негизин түзгөн жалпы техникалык кубулуштар ж-а процесстер калыптанууда. Технологияда ар түрдүү өндүрүштөр үчүн зарыл болгон процесстер: майдалоо, кесүү, материалды пластикалык, электроимпульстук, ультраүндүк таасир этүү методдоруна негизделген.

Политехникалык элементтер адамдын эмгегинде да кездешет. М., рычаг, кнопка, педаль, штурвал ж-а башкаруу каражаттары м-н болгон физикалык кыймыл; өндүрүштүк процесстин бардык циклине мүнөздүү болгон типтүү маселелерди чыгаруу б-ча акыл иш аракети.

П. о. – тигил же бул окуу предметтеринин (химия, физика) чегинде негизги жаратылыш закондорунун ж-а коомдун өнүгүшүнүн негизги практикалык маселелерин чечүүдө колдонуу жолдорун окуп үйрөнүү. Ошондуктан ар бир предметтин алдында, анын өзгөчөлүгүнө жараша окуучуларды өндүрүштүн жалпы ил. принциптери, анын башка тармактары м-н тааныштыруу ж-а алардын практикалык билгичтиктерин ж-а көнүмдөрүн калыптандыруу милдеттери турат. Курстун теориялык деңгээлин жогорулатуу м-н политехникалык билим берүүнүн деңгээли жогорулайт. М., химиялык тең салмактуулук теориясын ж-а химиялык кинетиканы терең окуп үрөнүүнүн мааниси чоң, анткени практика бул эки теорияга тең бирдей таянат. Теориянын практика м-н байланышын окуп үйрөнүү, окуучуларды химиянын өндүрүштө колдонулушу м-н тааныштырууну жогорку деңгээлге көтөрүүгө мүмкүндүк берет. Учурдагы өндүрүштүн ил. негиздерин ачып көрсөтүүдө өндүрүштүк-техникалык материалды тандоодо, өндүрүштүк экскурсияларды өткөрүүдө, окуучуларды жалпы политехникалык мүмкүнчүлүгүн анализдөөдө ж-а баалай билүүдө мугалимдин политехникалык даярдыгы жогору болуусу зарыл. Теориялык билимди өндүрүштүк маселелерди чечүүгө колдоно билүү негизги политехникалык билгичтиктерге таандык. Химияны окуп-үйрөнүү мезгилинде химиялык технологиянын законченемдүүлүктөрү, химиялык өндүрүштүн максаттары, методдору ж-а мүмкүнчүлүктөрү, химиялык өндүрүш эл чарбасынын негизги тармагы экендиги ж-дөгү окуучулардын түшүнүктөрү калыптанат.

**ПРАКТИКУМ -** – жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарында башталып өтүлүүчү лабораториялык сабактын бир түрү. П. курстун чоң бөлүмдөрүнүн аягында өткөрүлүп, кайталоо ж-а жалпылоо мүнөзүнө ээ. П. учурунда фронталдык лабораториялык иштегиге караганда окуучуларга бир кыйла татаалыраак, көп эмгекти талап кылган жумуштар берилет.

**ПРЕДМЕТ БОЮНЧА ОКУУ–УСУЛДУК ТОПТОМ -** (комплекс)– негизинен окуучу үчүн арналып түзүлөт**.** Ал ар бир класс үчүн да, ар бир окуу предмети б-ча да жазылат. Топтомдун максаты окуучуну жалгыз окуу китеп м-н чектебөө, анын окуу ишкердүүлүктөрүнүн ар тарабынан өсүүсүн, калыптануусун камсыз кылуу, өз алдынча ишкер аракеттенүүлөрүн уюштуруу. Демек, аталган топтом өзүнө бир канча окуу куралдарын камтып турат. Предмет б-ча окуу-усулдук топтомдун типтери, түрлөрү ж-дө окумуштуулардын (Д. Д. Зуев, И. А. Ерофеев, В. П. Мак-саковский, С. Г. Шапавалененко, Н. М. Шахмаев, Я. А. Микк, К. Я. Сакс ж. б.) пикирлери бирин бири толуктап турат. Предмет б-ча топтом төмөндөгүдөй окуу куралдарынын типтүү тутумунан турат ж-а окуучулардын окуу мотивациясын, кызыкчылыктарын тереңдетип, окуу маалыматтардын мол ж-а терең болушуна шарт түзөт, алардын өз алдынча иштөөгө болгон машыгууларын ар тараптуу өнүктүрөт. Мис., окуу китеби (негизги маалыматты берүүчү); жумушчу дептери (өз алдынча иштөөсүн уюштуруу ж-а башкаруу); таратып берүүчү материалдар (окуучунун билгичтиктерин ж-а машыгууларын калыптандыруучу, жеке иштөөсүнө багыт берүүчү); кошумча материалдардын жыйнагы (окуу ишкердүүлүктөрүн арттыруу, окууну турмуш м-н бай ланыштыруу); маалымат бергичтер (окуу материалдарын ар тараптан байытуучу ж-а кайталап үйрөтүүгө багыттоочу); текшерүү жумуштарынын топтомдору (үйрөнгөндөрүн ж-а машыгууларын текшерүү максатында); таблицалар (билимдерин, билгичтиктерин конкреттештирүүчү аудиовидео материалдар (окуу китепке кошумча фактылар катары колдонуу үчүн); окуу сөздүктөрү; көнүгүү топтомдору; маселелер жыйнактары ж. б. Бул топтомго кирген ар бир окуу куралдарынын сабактагы дидактикалык кызматы, орду ж-а аны колдонуу максаты, ыгы бар. Предмет б-ча окуу топтому окуучуга арналып түзүлгөндүктөн, алар ар бир окуучуга жеткиликтүү санда чыгарылышы максатка ылайыктуу ж-а алар класс каанасында же мектеп китепканасында сакталышы мүмкүн. Учурда кыргыз мектептери үчүн «Алиппе», «Кыргыз тили», «Математика», «Мекен таануу», «Орус тили», «Орус адабияты» предметтери б-ча жогоруда аталгандай топтомдор бар.

**ПРОБЛЕМА -** – адамда болгон зарыл каражаттардын (белгилүү даражадагы билим, практикалык ыкма, изденип эмгектенүүнүн тажрыйбасы) негизинде чыгаруу үчүн адам тарабынан кабыл алынган проблемалуу жагдай. Окуучунун турмуштук тажрыйбасына ж-а үйрөнүүчү объект ж-дөгү анын билимине байланышпаган суроо (проблемалык жагдай) ал үчүн П. боло албайт. Демек, тигил же бул проблемалык жагдай (суроо же маселе) проблемага айлансын үчүн ал суроону чечүүгө керектүү каражаттар (белгилүү даражадагы билим, изденип эмгектенүүнүн тажрыйбасы) адамда сөзсүз болууга

тийиш. Мына ушул каражаттардын негизинде гана адам айлана-чөйрөдөгү кубулуштарды ж-а законченемдүүлүктөрдү туюнуп-билүү процессинде келип чыгуучу проблемалуу жагдайды чече алат (кыйынчылыктан чыгуунун буга чейин белгисиз болгон жолун издеп таба алат). Демек, П. деп – окуучунун өз алдынча изденүү активдүүлүгүнүн натыйжасында чыгарылуучу практикалык же теориялык кыйынчылыктуу суроону (маселени) түшүнөбүз. Ошентип, П. – чыгарууга, үйрөнүүгө ж-а изилдөөгө берилген теориялык же практикалык татаал суроо (маселе же тапшырма). Бирок, П. жөн эле татаал суроо эмес. П. – бул, бир жагынан алганда, окуучунун билиминен келип чыгуучу ж-а ага таянуучу, экинчи жагынан алганда, окуучунун билиминин анча толук эместигин, үйрөнүлүүчү объект жөнүндөгү анын билимин толуктоо үчүн андан аркы изденүүлөрдү жүргүзүү зарыл экендигин көрсөтүүчү суроо болот.

Мына ошентип, проблемалык жагдай м-н П. бири-биринен айырмаланат: ар кандай эле проблемалуу жагдайда П. боло бербейт, тескерисинче, ар кандай П-да проблемалык жагдай сөзсүз болот. Окутуу практикасында мугалимдин берген суроолору көп учурда өздөрүнүн мазмуну боюнча окуучуларга түшүнүктүү болуп, алар үчүн кандайдыр бир кыйынчылыкты түзөт, бирок ал суроолорго издеп жооп табуу окуучулардын колунан келбейт. Ошондуктан мындай суроолор окуучулар үчүн проблемалык жагдай гана болуп П-га айланбай калат. Мис., физика мугалими окуучулардын алдына: «Эмне үчүн бийик тоолордо адам түтөгүп (дем алуусу начарлап) ооруйт?» – деген суроону коёт дейли. Эгерде бул суроо басым түшүнүгү жөнүндөгү тиешелүү тема өтүлө электе коюлса, анда ал суроо өзүнүн мазмуну б-ча окуучуларга түшүнүктүү болуп турганы м-н алар үчүн проблемалык жагдай гана болот, бирок П. боло албайт, анткени окуучуларда ал суроону чечүүгө керектүү каражаттар (билим, тажрыйба) азырынча жок, ошондуктан окуучуларга ал суроонун жообун азырынча мугалим өзү түшүндүрүп берет. Эгерде ошол эле суроо окуучуларга басым түшүнүгү жөнүндөгү тиешелүү тема өтүлгөндөн кийин берилсе, анда проблемалуу жагдайды ичине камтыган ал суроону окуучулар өздөрү чечиши мүмкүн, демек ошол эле суроо алар үчүн П. болуп эсептелет.

Туюнуп-билүү маселеси (же окуу проблемасы) деп берилген шарттарда же берилген параметрлерде чыгарылуучу П-ны түшүнөбүз. Окуучунун билгендери м-н анын дагы билгиси келгендердин арасындагы карама-каршылыктан келип чыгуучу П. дал ушундай маселенин мазмунун түзөт. Демек, ар кандай туюнуп-билүү маселесинде П-ны сөзсүз камтыган болот, бирок тескерисинче эмес. П-ны чечүүчү үчүн адам адегенде аны белгилүү параметрлердеги маселеге айландырууга тийиш

Туюнтуп билүү маселесинин эң негизги белгиси – бул белгилүү м-н белгисиздин ортосундагы, б. а. окуучулардын билгендери м-н дагы билгиси келген фактылардын арасындагы карама-каршылык болуп эсептелет. Мына ушундай карама-каршылык окуучунун ойлоосун алга жылдырып өстүрөт. Өсүү дегенибиздин өзү карама-каршылыктардын күрөшү болуп эсептелет. Ошондуктан ойлонгон адамга карама-каршылыктын келип чыгышынын өзү – бул баарыдан мурда адат болуп калган эски аракеттер м-н чечилбей турган П-нын пайда болушунун сигналы. Окуучунун билгени м-н билгиси келген фактылардын арасындагы карама-каршылык аны өз алдынча чыгармачылык м-н эмгектенүүгө, жетишпеген белгисиздерди издеп табууга, изденүүгө аргасыз кылат.

**ПРОБЛЕМАЛУУ ЖАГДАЙ -** – объективдүү чындыкты туюнуп кабылдоо процессинде теориялык же практикалык мүнөздөгү маселени чечүүгө байланыштуу келип чыгуучу кандайдыр бир кыйынчылыкты адамдын сезиши, ал кыйынчылыктан чыгуунун ага белгисиз болушу, ошондуктан ал жолду издеп табуу зарыл экендигине анын толук ишенип түшүнүшү. Адам өзүнө белгилүү болгон аракеттерди мурдагыдай жолдор м-н аткара албай калган шарттарга туш келип, ошондуктан ал аракет кылуунун жаңы жолун издеп табууга аргасыз болгон учурларда, чыгармачылык ойлонуунун зарылдыгы келип чыгат. Мына дал ушундай шарттар проблемалуу жагдайды түзөт. Адам кандайдыр бир жаңылыкты (жаңы информацияны) түшүнүп, сезимдүү кабыл алсын үчүн анда сөзсүз буга чейин да белгилүү түшүнүктөр болууга тийиш, ансыз маалымат ж-дө ал ойлоно да албайт, б. а., адамдын ойлоосу анын билгендеринен башталат. Адамдын интенсивдүү активдүү ойлонуусу анын алдына кандайдыр бир карама-каршылыктардын келип чыгышынан, проблемалуу суроонун коюлушунан, адамдын бир нерсеге кызыгып таң калуусунан башталат. Көрүнүктүү физиолог И. П. Павловдун айтуусу б-ча биз – адамдар башка жаныбарлар сыяктуу эле айлана-чөйрөнүн ар кандай билинер билинбес өзгөрүшүнө назар салабыз да, өзүбүздүн көңүлүбүздү дал ошол өзгөрүү болуп жаткан багытка дароо бурабыз. Жаныбарлар үчүн «бул эмне?» деп аталуучу ушул рефлекстин мааниси өтө зор, эгерде аларда мындай рефлекс болбосо, анда алардын жашоосу И. П. Павлов айткандай ар бир секунд сайын кылдын учуна илинип турган сыяктуу коркунучтуу болор эле. Адамдарда болсо бул рефлекс адегенде таң калуучулук м-н гана чектелбестен андан ары эң алыс тереңдеп кетет да, эң акырында анын ар нерсени туюнуп-билүүгө тырышуучулугуна ж-а талаптануучулугуна айланат. Адамдын мындай таң калып кызыгуучулук сапаты илимди түзүүгө ж-а өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

**ПРОБЛЕМАЛУУ ОКУТУУ -** – мектеп программасынын чегиндеги негизги законченемдүүлүктөрдү окуп-үйрөнүү-нүн базасында теориялык же практикалык мүнөздөгү проблемалуу маселелерди чыгаруу процессине окуучуларды системалуу түрдө катыштырып туруу. П. о. негизинен төрт баскычтан турат:

а) проблемалуу жагдайды түзүп түшүнүү, баамдоо;

б) аны талдоо ж-а конкреттүү проблеманы формулировкалоо;

в) П. о-ну чечүү (гипотезаларды көрсөтүү ж-а аларды текшерип көрүү: чындыгын же жалган экенин далилдөө), негизги проблеманы окуучулардын бардыгына тең жеткиликтүү болсун үчүн айрым майда проблемаларга ажыратуу;

г) проблеманын чечилишинин тууралыгын текшерүү.

Окутуудагы О. п. үч түрдүү метод м-н ишке ашырылат, алар:

1) Окуу материалын баяндоо; 2) Изденүү аңгемеси; 3) Изилдөө методу. Бул методдордун ар бири проблемалык жагдайды түзүү ж-а чыгаруу аркылуу ишке ашырылат, алардын жалпылыгы мына ушунда. Алар окуучулардын өз алдынча изденип иштөөлөрү канчалык даражада боло тургандыгы м-н айырмаланышат.

Изилдөө методу Бул методдо окуучулардын өз алдынча изденип иштөөлөрү эң жогорку даражада болот. Бул методдун мааниси төмөн-дөгүчө: окуучулар проблеманы чечүүнүн планын өздөрү түзүшөт, өздөрү гипотеза коюшуп, анын тууралыгын өздөрү текшеришет, зарыл болгон байкоолорду, эсептөөлөрдү, тажрыйбаларды, фактыларды, топтоону, салыштырууларды, классификациялоону, жалпылоону, тиешелүү корутундулоолорду өздөрү жасашат, б. а., мында проблеманы чыгаруунун бардык этабын окуучулар өздөрү иштешет. Мындагы окуучулардын туюнуп-билүү иштери өзүнүн мүнөзү б-ча окумуштуулардын изилдөө жумушуна окшоп кетет. Изилдөө методу көбүнчө окуучулар м-н өткөрүлүүчү класстан ж-а мектептен тышкаркы иштерде: жаш натуралист, техник, химиктердин ж. б. кружокторунда көп убакыттан бери колдонулуп келе жатат. Азыр бул метод түздөн-түз сабакта пайдаланылууда. Мында окуучуларга берилүүчү тапшырмалардын формалары ар түрлүү: кыска убакыттуу же бүткүл сабакка эсептелинген, класста же үйдө иштелүүчү болушу мүмкүн. Айылдык мектептерде изилдөө методу окуучулардын айыл чарбачылыгы б-ча жүргүзүүчү тажрыйбалык иштеринде көп колдонулат. Мис., окуучулар зыяндуу отоо чөптөрдүн түрлөрүн ж-а алар м-н күрөшүүнүн чараларын аныктоо б-ча; эгин айдоо талаасындагы жер кыртышынын агрофизикалык ж-а агрохимиялык составын анализдөө б-ча; жергиликтүү климаттын ж-а жер кыртышынын шарттарында өсүмдүктөрдүн тигил же бул түрлөрүн өстүрүүнүн агротехникалык эффективдүү ыкмаларын аныктоо б-ча ж. б. айыл чарба тажрыйбаларын жүргүзүүлөрү о. эле алар кыштакты социалдык ж-а экономикалык жактан изилдөөлөргө катышуулары мүмкүн. Эмгек жамаатынын, фабриканын, заводдун, коомдук уюмдардын тарыхын үйрөнүү б-ча да изилдөө иштери тапшырма болуп берилиши ыктымал. Албетте, изилденилиши узак убакытка созулуучу мындай тапшырма ар бир предмет б-ча бүткүл окуу жылы ичинде бирден ашык берилбөөгө тийиш. Окутуунун күндөлүк практикасында болсо изилдөө методу көбүнчө математикалык ж-а табият таануу багытындагы предметтерди окутууда колдонулат. изилдөө методунун функциясы ж-а андан пайдалануунун чеги азыр так аныкталган; бул метод, биринчиден, ил. туюнуп-билүүнүн методдоруна ээ болууну камсыз кылат; экинчиден, чыг-лык эмгектенүүнүн белгилерин калыптандырат; үчүнчүдөн, чыг-лык м-н эмгектенүүгө кызыктырат ж-а муктаж кылат; төртүнчүдөн, терең сезимдүүлүк м-н кабылданган, эң керектүү ж-а билгичтик м-н пайдаланылуучу билимдерди берет.

Изилдөө методу м-н аткарылуучу тапшырмаларды иштөөдө окуучулар бир эле эмес, бир нече предметтер б-ча алган билимдеринин комплексин пайдаланууга аргасыз болушат, демек, билимдерди пайдалана билүүнүн практикалык ыкмаларына машыгышат. Натыйжада алардын билими өздөрүнүн ишенимине айланат, дүйнөгө ил. көз карашы калыптанат.

2) Изденүү аңгемеси. Бул методдо окуучулардын изденүүлөрү издении аңгемеси азыраак болот. Бул методдун мааниси төмөндөгүчө: проблемалык жагдай түзүүнү, андан тиешелүү проблеманы формулировкалоону, проблеманы чечүү үчүн керектүү гипотезаларды түзүп, алардын тууралыгын текшерүүнү, тиешелүү корутундуларды жасоону ж. б., кыскасы, проблеманы чыгаруунун бардык этаптарын мугалим өзү пландап, өзү ишке ашырат, бирок жаңы материалды түшүндүрүп жатып, мугалим кезек-кезегинде окуучуларга ар түрдүү суроолор м-н кайрылат. Мис., мугалим: «өз кезегинде окумуштуулардын алдында келип чыккан проблемаларга туш келгенде силер кандайча иштемек элеңер?» деп сурашы мүмкүн. Окуучулар ар түрдүү болжолдоолорду айтышат. Андан ары мугалим: «Бул болжолдоолордун кайсынысы туура экендигин кантип текшерүүгө болот?» деген суроону коёт. Окуучулар болжолдоону текшерүүнүн ар түрдүү жолдорун сунуш кылышат. Кээде мугалим окуучуларды өз кезегинде окумуштуулар тарабынан айтылган гипотезаларды талкуулоого катыштырат. Же кээде окуучулардан ар түрдүү окуялардын арасындагы өз ара байланыштык ж-дөгү закон ченемдүүлөрдү аныктоону талап кылат ж. у. с. Мына ошентип, мугалим акырындык м-н окуучуларды изденүү ишине тартат. Окуучулар изденүүнүн кээ бир этаптарын өз алдынча аткарууга үйрөнүшөт. Проблеманы толук чыгарууга үйрөнүүдөн мурда адегенде изилдөөнүн айрым этаптарын өз алдынча ишке ашырууну өздөштүрүү зарыл. Ошондуктан изденүү аңгемесинде мугалим окуучуларды кээде проблеманы көрө билип формулировкалоого, кээде тиешелүү гипотезаларды түзүүгө, кээде гипотезаны далилдөөнүн планын түзүүгө, кээде келип чыккан фактылардан тиешелүү корутундуларды жасоого катыштырат. Кыскача айтканда, эгерде бүгүн проблеманы толук чечүү 6–7 этаптан турган болсо, анда ошол этаптардын айрымдарын окуучулардын өздөрүнө сунуш кылып окутуу ыкмасын изденүү аңгемеси деп атоого болот. Изденүү аңгемесине ылайык кээде сабакта коюлуучу жалпы проблемалык маселенин чыгарылышы бардык окуучуларга жеткиликтүү болгон жөнөкөйүрөөк айрым маселелердин сериясына ажыратууга туура келет. Мындай айрым маселелер жалпы проблеманын чыгарылышын жеңилдетет. Албетте, мындай айрым маселелердин ар бири (коюлуучу ар бир суроо) окуучуну максималдуу ойлонууга багыттоосу зарыл. Жалпысынан алганда изденүү аңгемеси бул эвристикалык аңгеме методдун элестетет. Бул методду колдонууда класстагы окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө, алардын жалпы деңгээлине жараша мугалим тарабынан берилүүчү түшүндүрмөлөрдүн көлөмү да же кыскартылып, же көбөйтүлөт, демек, тиешелүү түрдө окуучулардан талап кылынуучу ар бир суроонун да көлөмү өзгөртүлүп турат. Ошондуктан бул метод окуучуларды изилдөөнүн ыкмаларына үйрөтүүнүн ийкемдүү жолу болуп эсептелет.

Материалды проблемалуу баяндоо Бул методдо окуучулардын өз алдынча изденип эмгектенүүсү мурдагыдан да азыраак болот, анткени мында изилдөөнүн бүткүл этабын мугалим өзү аткарат. Окуучулар болсо мугалимдин проблеманы чыгарууга багытталган ой корутундулоолорун анализдеп кабыл алып отурушат. Мис., мугалим илимде тигил же бул проблеманын өз кезегинде кандайча келип чыккандыгын, аны түркүн окумуштуулар кандайча чыгарууга аракет кылгандыгын, кандай гипотезалар айтылгандыгын, кандай талаш-тартыштар болгондугун, айтылган гипотезалардын тууралыгы кандайча текшерилгендигин ж-а ал текшерүүлөрдүн жыйынтыгында кандай натыйжалар алынгандыгын бүт бойдон өзү толук баяндап айтып берет. Мында мугалим окуучуларга илимдин тигил же бул акыркы корутундусун даяр бойдон эле айтып берүү м-н чектелбестен, ал корутундуну ачууга өз кезегинде окумуштуулар кандайча жол м-н келишкендигин толук далилдеп түшүндүрөт, б. а. мында мугалим окуучуларга материалды ил.-

далилдүү баяндап түшүндүрүүнүн үлгүсүн көрсөтөт. Материалды иллюстрациялап түшүн-дүрүү методунан проблеманы баяндоо методу дал ушул өзүнүн ил. далилдүүлүгү м-н айырмаланат. Тарыхый мүнөздөгү материалдар, о. эле чечилишинин далилдүүлүгүн окуучуларга көрсөтүү эффективдүү натыйжаны бере турган материалдар проблемалуу баяндоо методу м-н берилгени жакшы. Мис., абанын составын проблемалуу баяндоо методу м-н төмөндөгүчө үйрөнүүгө болот. Мугалим мындай дейт: Абанын кээ бир касиеттерин билүү м-н анын составы ж-дө далилдүү бир нерселерди айтууга болобу? Мис., кислороддо күйүүчү заттардын бир тобу (күкүрт, көмүр, фосфор) абада да күйөт. Мунун өзү абанын составында кислород бар деген болжолдоону айтууга мүмкүндүк берет. Абанын составында кислород бар деш азырынча болжолдоо гана болуп эсептелет, анткени күкүрт, көмүр, фосфор абада эмне себептен күйө тургандыгын биз азырынча билбейбиз. Мүмкүн ал заттар абада кандайдыр башка себептен күйө тургандыр? Абанын составында кислород болуш керек деген биздин болжолдообуздун чындыгын ырастоо үчүн айтылган үч зат кислороддо күйгөн кезде кандай продуктылар алынса, о. эле продуктылар ал үч затты абада күйгүзгөндө да алына тургандыгын, б. а. күкүрттүү газ, көмүр кычкыл газы, фосфордун окиси пайда боло тургандыгын көрсөтүү зарыл. Мына ушул тажрыйбаларды жасап көрөлү. Мугалим тиешелүү тажрыйбаларды жасоо м-н абанын составында кислород бар экенин ырастайт. Андан ары мугалим мындай дейт: Кислороддогуга караганда бул заттар абада начарыраак күйөт. Муну кандайча түшүн-дүрүүгө болот? Мүмкүн абанын составында кислороддон башка да газдар бардыр ж-а ал газдар күйүүнү күчөтпөстөн, тескерисинче күйүүгө тоскоолдук кылып жүрбөсүн? Бул болжолдоону кандайча текшерүүгө болот? Эгер биз абанын составынан кислородду ажыратып ала алсак, андан кийин ал кислородду абада калган газдар м-н аралаштырганда кайтадан аба гана келип чыгып, башка эч бир химиялык реакциялардын белгиси билинбесе, анда мунун өзү – аба бул кислород ж.б. газдардын аралашмасы экендигин ырастайт. Бул тиешелүү тажрыйба жасоо м-н бекемделет. Бул келтирилген мисалдан биз төмөнкүлөрдү көрөбүз: мугалим окуучулардын алдына проблеманы койду, гипотезаларды түздү ж-а аларды түшүндүрдү, гипотезаларды текшерүүнүн жолдорун белгиледи – ой м-н эксперимент жүргүздү, корутундуларды чыгарды, ал корутундуларды реалдуу эксперимент жүзүндө текшерүүнүн зарылдыгын көрсөттү; окуучулар болсо негизги суроонун чечилишине алып келүүчү ой жүр-гүзүүлөрдүн логикалык системалуулугун ж-а тууралыгын сунуш кылынган гипотезалардын чындыкка туура келүүчүлүгүн, далилдердин ишенимдүүлүгүн ж-а чыгарылган корутундулардын эффективдүүлүгүн толук анализдеп кабыл алышты.

Изилдөө методунда ж-а изденүү аңгемесинде чыгарыла тургандагыга караганда Пл. Б. методунда мугалим бир кыйла татаал проблемаларды алып чыгарышы мүмкүн, анткени мында проблеманы бүтүндөй мугалим өзү чагылдырат. Мына ошентип, биз окутуунун проблемалуулугун ишке ашыруунун үч түрдүү методун баяндап көрсөттүк. Өтүлүүчү материалдын мүнөзүнө, окуучулардын интеллектуалдуу мүмкүн-чүлүктөрүнө жараша мугалим мына ушул үч методдун бирөөнү өзү тандап колдоно алат.

4) окуу процессинде проблемалуулуктун ээлей турган орду.

Традициялык методдорго караганда проблемалык методдордун бир кыйла артыкчылыгы бар: 1-ден, мында материал далилдүү түшүндүрүлөт, ар бир ил. чындык каяктан ж-а кантип алынгандыгы ачык көрүнүп турат, ошондуктан окуучунун билими сезимдүү болот да анын ишенимине айланат; 2-ден, проблемалуулук ил.-диалектикалык ойлоого үйрөтөт, ил. изилдөөнүн эталонун берет; 3-дөн, проблемалуу методдо окуучулардын эмоциялуулугу дайыма жогору болот да, ошондуктан алардын окуу предметине болгон кызыгуулары күчөйт.

Проблемаларды чыгаруу окуу процессинин бардык этабында тең эффективдүү натыйжаны берет. Бирок, мындан бүткүл окутууну окуу-чулардын өз алдынча иштөөлөрү ж-а проблемаларды чыгаруулары м-н алмаштыруу керек деген корутунду жасоого болбойт. Окуу процессин бүт бойдон окуучулардын өз алдынча иштөө жумуштары м-н алмаштырууга жасалган ар кандай аракеттер эч натыйжага жетише албагандыгы педагогиканын тарыхынан белгилүү.

Ил. аныкталган чындыктардын бардыгын кайтадан өз алдынча издеп табууну окуучулардан талап кылуу эч мүмкүн эмес. Ошондуктан программадагы материалдын басымдуу көпчүлүгү окуучуларга иллюстрациялап түшүндүрүү методу м-н даяр түрдө берилүүгө тийиш. Окутуунун иллюстрациялап түшүндүрүү методу илимдердин жыйынтыгын окуучуларга системалаштырып берүүнүн кылымдар бою практикада текшерилген эң үнөмдүү жолу болуп эсептелет. Ошондуктан окуучуларга билимдин негизги көлөмү иллюстрациялап түшүндүрүү ж-а репродуктивдүү методдор м-н берилүүгө тийиш. Бирок окуучунун чыгармачылык м-н ойлоосун, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн анын изденүү ишине, проблемаларды өз алдынча чыгарууга катыштырууда гана өнүктүрүүгө болот. Ошондуктан эгерде окутуунун азыркы системасында проблемалуулук болбосо, анда аны толук баалуу деп эсептөөгө болбойт, анткени окутуунун даяр гана билимдерди өздөштүрүүгө негизделинип түзүлгөн системасы окуучуларды изденүүгө, ойлонуп эмгектенүүгө үйрөтүү ж-а чыгармачылык м-н иштөө жөндөмдүүлүгүн өстүрүү маселесин чече албайт. Окутууда проблемалуулукту ишке ашыруу мугалимге эң эле орчундуу талаптарды коёт. Баарыдан мурда мугалим өзү окутуп жаткан илимди – ал илимдин тарыхын, азыркы абалын, проблемаларын, перспективаларын, изилдөө методдорун жакшы билүүгө тийиш. Мындан тышкары мугалим проблемалык ордунун маанисин, анын методдорун мыкты өздөш-түрүүгө тийиш. Ошондо гана тиешелүү учурларда ал окутуудагы проблемалуулукту талаптагыдай ишке ашыра алат.

**ПРОБЛЕМАЛЫК ОКУТУУ -** – коомдун, илим м-н техниканын мурда болуп көрбөгөндөй тез темпте тынымсыз өсүп-өнүгүшүнө байланыштуу жаш өспүрүмдөрдү окутуу практикасын кескин түрдө өркүндөтүү зарылдыгына карата мектептердин алдына курч түрдө коюлуп олтурган жаңы талаптарга ылайык өлкөбүздүн чыгармачылык м-н эмгектенишкен мугалимдери ж-а илимпоз-дидактары тарабынан акыркы жылдардын ичинде өзгөчө эффективдүү иштелип жаткан *өнүктүрүүчү* окутуунун негизги бир жолу.

П. о-нун маанисин ачык-айкын баяндап көрсөтүүгө байланыштуу төмөнкү суроолорго токтолууга туура келет.

а) Окутуудагы проблемалуулуктун зарылдыгы.

б) П. о-да колдонулуучу негизги түшүнүктөрдүн мааниси.

в) Окутуудагы проблемалуулукту ишке ашыруунун методдору.

г) Окуу процессинде проблемалуулуктун ээлей турган орду.

Бул суроолордун ар биринин маанисин чечмелөөгө өтөбүз.

1. Жаш жеткинчектерге билим берүү мектептин ишинин негизин түзөт, окутуунун максаты билим берүүнүн мазмуну м-н аныкталат. Ал эми билим берүүнүн мазмуну болсо төмөнкүдөй негизги төрт составдык бөлүктөн турат:

а) коом, илим, техника, адамзат жөнүндөгү билимдер, иштерди (күч эмгеги ж-а акыл эмгеги м-н) аткаруунун тажрыйбасы (бир сөз м-н айтканда: ил.-теориялык информациялар, практикалык ж-а интеллектуалдуу эмгектенүүлөрдүн тажрыйбасы) жөнүндөгү маалыматтар;

б) практикалык ж-а интеллектуалдуу (ойлонуунун негизинде иштелүүчү) иштерди мугалимдин көрсөткөн үлгүсү боюнча аткаруунун тажрыйбасы, билгичтиктер ж-а көндүмдөр;

в) практикалык ж-а интеллектуалдуу иштерди көрсөтүлгөн үлгү б-ча гана эмес өз алдынча ойлонуп, изденип чыгармачылык м-н аткаруунун тажрыйбасы;

г) практикалык ж-а интеллектуалдуу иштерди чын жүрөктөн берилип шыктануу м-н аткаруунун жогорку эмоционалдуулук мамилелери, айлана-чөйрөгө, башка адамдарга кайдыгерчилик м-н эмес, эмоционалдуу боорукерчилик м-н мамиле кылуунун тажрыйбасы.

Окутуу процессинде мугалим окуучуларды дал мына ушул элементтердин калыптанышын камсыз кылууга аракеттениши зарыл, анткени окутуунун максаты билим берүүнүн дал ушул негизги төрт элементинин калыптанышы м-н толук аныкталат. Төрт элементтин ар бири окуучуларда окутуунун өз алдынча ар түрлүү методдору м-н калыптандырылат. Мис., биринчи ж-а экинчи элементтерди сүрөттөп түшүндүрүү ж-а репродуктивдүү методдор м-н калыптандырууга болот. Ал эми үчүнчү ж-а төртүнчү элементтерди болсо окутууну сүрөттөп, түшүндүрүү ж-а репродуктивдүү методдору м-н калыптандыруу мүмкүн эмес, бул элементтер окутуунун проблемалык деп аталуучу жаңы методу м-н гана калыптандырылат.

Окуу китептеринен, колдонмолордон ж-а ар түрдүү методикалык көрсөтмөлөрдөн мугалим жогоруда көрсөтүлгөн төрт элементтин биринчи экөөнү гана калыптандырууга керектүү материалды толук таба алат, ал эми кийинки эки элементтин калыптанышы болсо бул көбүнчө мугалимдин өзүнүн чыгармачылыгына (анын билиминин тереңдигине, методикалык устаттыгына, ойлоп тапкычтыгына, демилгелүүлүгүнө) байланыштуу чечилет. Окутуунун жаңы мазмунуна толук ылайык келүүчү жаңы методиканы иштеп чыгуунун зарылчылыгы да, кыйынчылыгы да мына ушунда.

Жалпы билим берүүчү орто мектепти тынымсыз өнүгүп жаткан илимдин ж-а техниканын деңгээлине эч убакта толук туура келтирүү мүмкүн эмес, окуучулар орто мектепти бүтүрүшкөнчө илимдин ар бир тармагы өзүнүн көлөмү боюнча эки эселенип, мазмуну боюнча алда канча тереңдеп, кеңейип өсүп алга кетет да алардын алган билими азыркы талапка анча туура келбей эскирип калат. Мына ушундай шарттарда ил.-техникалык жаңылыктардан турмуштан кескин түрдө артта калышпасын үчүн орто мектепти бүтүрүшкөн биздин жаштарыбыз алган билимдерин өз алдыларынча тынымсыз толуктап, тынымсыз жаңылап турууга аргасыз болушат. Турмуштун мындай курч талабына туруштук берүү үчүн алар мектептен алган билиминин базасында ил. адабияттарга өз алдынча ээ болуунун ыкмаларына көнүгүүлөрү тийиш.

Азыркы кезде окутууну окуучуларда билимдердин белгилүү системасын калыптандыруу деп гана кароого болбойт. Азыр окутууну окуучулардын акылынын максималдуу өсүшүн камсыз кылгыдай уюштуруу зарыл болуп олтурат. Ошондуктан окутуу окуучунун өсүп жетилген деңгээлине карата гана багытталбастан, андан бир аз озуп алга кетип, анын ойлонуусуна, өзүндө болгон мүмкүнчүлүктөрүнөн бир аз ашыгыраак талаптарды коюуга тийиш. Ошондо гана окутуу окуучунун акылынын өсүп-өнүгүшүнө керектүү «азыктарды» бере алат, ошондо гана окутуу процессинде окуучу белгилүү көлөмдөгү билим алуу м-н чектелбестен ал акылы жагынан да өсүп-өнүгө алат.

Азырга чейин окуучулар билимди негизинен мугалимдердин түшү-ндүрүүсүнөн, окуу китептеринен ж-а уккандары м-н көргөндөрүнүн сабакта бир нече ирет кайталанып суралуу процессинен алышкан. Азыркы кезде болсо булардан тышкары окуучулардын таанып-билүү тажрыйбаларына видео, интернет, кино, радио, телевизор, искусство чеберлеринин реалисттик чыгармалары ж-а ар түрдүү ил.-популярдык адабияттар сыяктуу эң күчтүү факторлордун тынымсыз таасир этип жатышын эске алуу зарыл болуп олтурат. Бул факторлор үйрөнүлүүчү чындыкты бир кыйла даражада окуучуларга «жакындатат» да, алардын таанып-билүүчүлүк, туюнуп кабылдоочулук тажрыйбасын байытат, турмуштук тажрыйбасынын анча бай эместигине карабастан ойлонулуп чечилүүчү татаал операцияларга активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан окутуунун жаңы мазмунуна ылайык келүүчү жаңы методдорду иштеп чыгуу төмөнкү үч багытта ишке ашырылышы ыктымал:

а) окутууну интенсификациялоо (окутууну кыйынчылыктардын мүмкүн болгон чектеги жогорку деңгээлинде уюштуруу; материалды окуп үйрөнүүнүн темпин мүмкүн болгон чекке чейин тездетүү; окуу материалынын практикалык бөлүгүнө караганда анын теориялык бөлүгүн күчөтүү) – мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрү ж-а интеллектуалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү буга чейин орун алып келген традициялык көз караштарды өзгөртүп, алардын акылын максималдуу өстүрүүнүн резервдерин издеп табуу;

б) окуучулардын активдүү, өз алдынча ж-а чыгармачылыктуу ойлоосун, өз алдынча туюнуп билүү ж-а билимге өз алдынча ээ болуу, өзүн-өзү окутуу жөндөмдүүлүктөрүн кеңири калыптандыруу;

в) окутууну жекечелештирүү (ар бир окуучунун өздүк өзгөчөлүгүн эсепке алуу м-н окутуу ж-а дифференциялаштыруу), окуу процессин окуучуларды алардын интеллектуалдуу жөндөмдүүлүктөрүнүн окшоштугу боюнча группаларга топтоп уюштуруу;

Окутуу процессинде окуучулардын өз алдынча корутунду жасай алуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү азыр турмуштук курч талап болуп жатат.

Бул милдетти ишке ашыруунун эффективдүү жолу – окутуудагы проблемалуулук экендигин алдыңкы мектептердин тажрыйбалары, о.э. советтик дидактардын, методисттердин ж-а психологдордун атайын жүргүзгөн изилдөөлөрү ачык көрсөттү.

2. П. о. мектептерде азыр кеңири практикаланып жаткан традициялык иллюстрациялап-түшүндүрмө ж-а репродуктивдүү методдордон кескин түрдө айырмаланат. Мис., материалды иллюстрациялап-түшүндүрүүдө окуучулар өз алдынча корутунду жасоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат, мында корутундуну алар мугалимдин оюнун жыйынтыгы катарында даяр түрдө гана алышат; алардын туюнуп эмгектенүүлөрү уккандарды ж-а көргөндөрдү эстеп калууга гана багытталып, ошону м-н гана чектелет; ал эми проблемалуу окутууда болсо ил. информациялар (программалык маалыматтар) окуучуларга даяр бойдон түшүндүрүлүп берилбестен, алардын өз алдынча ойлонуп эмгектенүүлөрүн талап кылуучу П. о. түрүндө сунуш кылынат. Окуучулар билимге өз алдынча изденүү м-н эмгектенүү аркылуу гана ээ болушат. Мындай билим сезимдүү кабылданат да, окуучунун эсинде бекем сакталат, анын дүйнөгө көз карашынын негизин түзөт. П. о-ну чечүү процессинде окуучулар муну м-н катар илимдин методдору ж-а негизги идеялык багыттары м-н таанышат, өздөрүнүн акыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт, өз алдынча ойлонуп изденүүгө үйрөнүшөт. Өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө туура келүүчү П. о-ну чечүү м-н окуучулар кичине болсо да өз алдынча «жаңылыкты» ачуунун кубанычына батышат, ошондуктан алардын окууга кызыгуулары күчөйт, эмоциясы көтөрүлөт. Адамдын эмоциясы (кызыгып керектенүүсү) болмоюнча анын чындыкты изденүүсү эч убакта болгон эмес, жок ж-а болушу да мүмкүн эмес. Окуучунун окуу предметине кызыгуусун арттырууда ал өзүнүн өсүшүн сезип турушу эң маанилүү, эгерде окуучу өзүнүн өсүшүн сезип турса, анда ал татаал материалга да кызыгат.

Окутуудагы проблемалуулуктун мазмуну «проблемалуу ситуация (жагдай)», «проблема», «туюнуп-билүү маселеси», «проблемалуу окутуу» деген сыяктуу бир катар түшүнүктөрдүн мааниси м-н гана толук аныкталат.

**ПРАГМАТИЗМ -** (лат. pragma–иш, иштөө) – Батыштын, өзгөчө американын билим системасындагы көрүнүктүү ил. теориялык ж-а практикалык багыт. Дж. Дьюи башында турган бул ил. педагогикалык теориянын жоболоруна ылайык билимдин баалуулугу анын күнүмдүк практикалык ишке пайдалуулугу ж-а натыйжалуулугу м-н чектелет. П. үчүн практикалык пайдасы ачык көрүнүп турган нерсе гана нукура билим. Окутуунун, билим берүүнүн негизги максаты балдарды пайдалуу иш аткарууга, «пайдалуу билим» алууга үйрөтүү. Ил. булактарда бул агым кээде «инструментализм», «экспериментализм», «конструктивизм», же «прогрессивизм» деген түшүнүктөр м-н мүнөздөлүп жүрөт. Мындай теориялык көз караштарда системалуу теориялык билимдердин баа баркы таназар алынбайт, окуп үйрөнүү жекече мүнөзгө ээ болуп, мугалимдин ролу төмөндөп, окуучунун өздүк тажрыйбасы биринчи орунга чыгат.

**ПРОГРАММАЛАНГАН ОКУТУУ -** – билим берүүнүн мазмуну ж-а ошол мазмунду өздөштүрүүнүн жолу б-ча алдын-ала түзүлгөн программага ылайык ишке ашырылуучу окутуу. Мындай программада үйрөнүлүүчү билимдердин мазмуну гана эмес, ошол билимдерди түшүнүп-билүүнүн бүткүл процесси толук баяндалып кошо жазылат, б. а. үйрөнүлүүчү билимге ээ болуу үчүн окуучу кандайча окуп эмгектенүүсү керек экендигинин бүткүл жолу баяндалып көрсөтүлөт.

Мугалим окуу процессин уюштуруп, анын жүрүшүнө жетекчилик да, контролдук да кылат. Ошого карабастан окутууну биз толугу м-н башкарылуучу процесс дей албайбыз. Анткени башкарылуучу окутуу деп ар бир окуучунун алга жылышынын ар бир кадамы мугалим тарабынан дайыма толук контролдукка алынып турган окутууну, жумуштун ар кандай этабында ар бир окуучу материалды кандай өздөштүрүп кабыл алып жаткандыгы жөнүндөгү маалыматтарды мугалим тынымсыз билип тура турган окутууну, улам кийинки материал мурдагы материалдын кандайча өздөштүрүлгөндүгүнө жараша берилип тура турган окутууну айтабыз. Ал эми окутуунун адаттагы практикасында болсо мугалим сабактын каалаган учурунда ар бир окуучунун материалды өздөштүрүү процессин, анын акылынын өнүгүү жолун контролдукка ала албайт. Мына ушунун өзү традициялык окутуунун негизги кемчилдиги болуп эсептелет. Материалды окуучулар канчалык даражада түшүнүп кабыл алып жаткандыгы ж-дө мугалим жалпы гана болжолдуу маалыматтарды окуучулардын оозеки же жазуу жүзүндөгү жоопторунан ала алат. Ошондуктан мугалим сабакты өтүүнүн темпин, эреже катары кандайдыр бир орточо окуучуга тууралап гана уюштурат да ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн эсепке ала албай калат. Дал мына ушул мааниде биз мугалим окутуу процессин толук башкара албайт дейбиз. Ошондуктан ушул мааниде традициялык окутууну биз башкарылуучу процесс боло албайт деп билебиз.

Чынында эле, эгерде окутуу процессинде мугалим тигил же бул окуучунун материалды туура же туура эмес түшүнүп жатканын, же такыр эле түшүнбөй жатканын, анын кандай суроолору келип чыгып жатканын билбесе, анда ал муктаж болгон окуучуга ошол замат зарыл жардам көрсөтө албайт. Демек, окуу процесси анын башкаруусунда болбой калат. Эгерде окуучу улам мурдагы материалды жакшы өздөштүрүп түшүнбөсө, анда ал андан кийинки материалды оңой м-н түшүнө албайт. Ошондуктан окутуу процессинде мугалимдин түшүндүрүп жаткан материалын түшүнбөй калуучу бир дагы окуучу болбоого тийиш, бардык окуучу улам жаңы материалды өздөштүрүп кабыл алууга толук даяр болуусу зарыл. Ошондо гана биз окуучуларга терең ж-а бекем билим бере алабыз, ошондо гана экинчи жылы ордунда калуучулукту жоё алабыз.

Окутууну толук башкарылуучу процесске айландыруунун ишенимдүү жолунун бири программаланган окутуу болуп эсептелет. П. о-нун кадимки окутуудан кандайча айырмалана тургандыгын ачык элестетүү үчүн окуу процессин ага катышуучулар тарабынан эки жактуу процесс катары карап көрүүгө туура келет. 1- окутат, билим берет, (мугалим), 2- окуйт, билим алат (окуучу). Булар окуу процессинин эки звеносун түзүшөт.

Кибернетикалык тил м-н айтканда мына ушул эки звенонун арасында түз ж-а тескери байланыштын каналдары түзүлүп, ал каналдар б-ча мугалим м-н окуучу өз ара бири-бирине маалыматтар берип турушат. Мугалим түшүндүрөт, далилдейт, негиздейт, чийип же сүрөтүн тартып баяндайт, тажрыйба көрсөтөт, окуучу болсо угат, түшүнүп алууга ж-а эстеп калууга аракеттенет, ойлонот, жалпылайт. Демек, «түз байланыштын каналы» боюнча информация субъектиден объектиге, б. а. мугалимден окуучуларга берилет. Бирок, окутуу башкарылуучу процесс болсун үчүн «тескери

байланыштын каналынын» иштеши да зарыл: окуучу сабакта уккан ж-а көргөн материалын кайра кайталап айтат, маселе чыгарат, мугалим анын жообун угуп ж-а көрүп, ага баа коёт. Мына ушул «тескери информациянын» негизинде гана мугалим ар бир окуучунун окуусу канчалык ийгиликтүү болуп жаткандыгын биле алат ж-а ошого жараша окуу процессине тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизе алат да, окуу процессинин андан аркы жүрүшүн туура пландаштырат.

Бирок, ар бир класста мугалимдин карамагында 35–40 окуучу боло тургандыктан, ал ар бир окуучудан тынымсыз тескери информация алып тура албайт, окуучунун ар бир кадамы сайын аны сурап тура албайт, б. а. «тескери байланыштын» каналы боюнча информация мезгил-мезгили м-н гана сейрэк келип турат. Натыйжада материалдын ар бир окуучу тарабынан өздөштүрүлүшүнүн өзгө-чөлүгүн мугалим даана билбей калат. Мис., окуучу ката кетирди дейли. Бирок, анын конкреттүү себеби эмнеде экендиги адатта белгисиз бойдон эле кала берет.

Традициялык окутуунун мына ушул сыяктуу бардык терс жактары программаланган окутууда жоюлат.

Айрым учурда мугалимдер программаланган окутууну сөзсүз окутуучу машиналардын жардамы м-н гана жүргүзүү мүмкүн деп ойлошот. Бул туура эмес. Чындыгында П. о. машина м-н да ж-а машинасыз да ишке ашырылат, анын негизги мааниси машинаны колдоно же колдонбой тургандыгында эмес, эң негизгиси мында окутуу – окуучу улам мурдагы кадамдагы материалды түшүнмөйүнчө андан кийинки кадамга өтө албай тургандай болуп уюштурула тургандыгында. Ал үчүн окуу материалын логикалык тизмектештикте жайланышкан анча чоң эмес пропорцияларга («кадамдарга», «дозаларга», «кадрларга») бөлүштүрүшөт. Бул принципте түзүлгөн окуу материалын программа деп аташат.

Улам кийинки порциядагы билимди алуудан мурда окуучу ага чейинки порциядагы материалды түшүнүп өздөштүргөндүгүн кандайдыр бир жол м-н (коюлган суроого туура жооп берүү, маселе чыгаруу ж.б.) далилдеп көрсөтүүгө тийиш. Ошентип, окуучу материалды кандай түшүнүп өздөштүрүп жаткандыгы жөнүндө мугалимге тынымсыз билдирип турат. Окуучунун жообунун сапатына (анын берген жообу туурабы же катабы, эгер ката болсо, ал кандай ката) жараша окутуунун андан аркы кадамы белгиленет: же окуучуга кийинки порциядагы материалга өтүү, же мурдагы эле порциядагы материалды кайталап окуп өздөштүрүү, же өтүлгөн материалды тиешелүү кадр боюнча кайталоо сунуш кылынат. Мындай функциялар окутуучу машинанын же атайын программаланып түзүлгөн окуу китебинин жардамы м-н ишке ашырылат. Ошондуктан программаланып түзүлгөн окуу китепти кээде «окутуучу кагаз машина» деп да аташат.

Мына ошентип, окуучудан мугалимге келүүчү тескери байланыш ар бир окуучунун ишине тынымсыз контролдук кылууну камсыз кылат, демек, окуу процесси толугу м-н башкарылуучу процесске айланат.

Тескери байланыш ар бир окуучунун ишин анын жеке өзгөчөлүгүнө жараша башкарууга мүмкүндүк берип, анын окуу процессине дайыма активдүү катышуусун камсыз кылат, анткени мында окуучу пассивдүү болуп жөн олтура албайт, анын пассивдүүлүгү дароо эле билинип турат. П. о-да эң негизгиси ар бир окуучу анын жеке өзү үчүн оптималдуу болгон темпте, өзүнө ылайык стилде окуп эмгектенет.

Жалпысынан алганда П. о. мектептерде азыр колдонулуп жүргөн традициялык окутуудан бир кыйла артыкчылыкка ээ. Б-к, ошого карабастан бүткүл окутууну программалаштырып жиберүүгө болбойт.

П. о-ну белгилүү өлчөмдө окутуунун башка методдору м-н туура айкалыштырып колдонгондо гана биз оптималдуу натыйжага ээ болушубуз ыктымал. Ошондо гана окуучулардын билими бекемделип, сапаты жогорулайт, тигил же бул теманы окууга кетүүчү убакыт үнөмдөлөт, окуучулардын машыгууларына сунуш кылынуучу көнүгүүлөр көбөйөт, алардын окуусуна контролдук кылуу жакшырат.

Программаланган окутуунун негизги принциптери окутуунун техникалык каражаттарынын бар же жоктугуна карабастан окуу-тарбия ишинин эффектисин жогорулатуу үчүн ар бир мугалим П. о-нун төмөнкүдөй негизги принциптеринен толук пайдалана алышы мүмкүн.

1). Сабактын темасы боюнча окуучуларга берилүүчү окуу материалын билгичтик м-н туура тандап алуу.

Ар бир тема боюнча окуучулар үчүн эң кызыктуу болгон фактылар эң эле көп. Бирок, окуу материалын тандоо: биринчиден, берилген теманы андан ары тереңдетип үйрөнүүгө база түзө алгыдай негизги гана суроолорду аныктап алуу ж-а ошол суроолордун бекем өздөштүрүлүшүнө көбүрөөк көңүл буруу; экинчиден, илим м-н техниканын азыркы өнүгүшүнүн көз карашында алганда анчалык маанилүү эмес болуп эскирип калган суроолорду чыгарып таштоо иши эң маанилүү.

2). Тандалып алынган материалды окуучулар сезимдүү түрдө толук кабыл алып үлгүргүдөй кылып рационалдуу дозаларга бөлүштүрүү. (Көңүлдүн башка эч нерсеге алагдыланбай туруктуу токтоп тура ала турган убактысынын ичинде өздөштүрүп кабылданылуучу логикалык аякталган ойду информациянын дозасы деп түшүнөбүз).

Мугалим сабакта окуу материалын, адатта, бүткүл тема (же параграф) боюнча баяндап түшүндүрөт. Бирок, окуучулар мугалимдин айткандарын түрдүүчө түшүнүшөт да, түрдүүчө кабыл алышат. Мис., кээ бир окуучу мугалимдин айтып жаткан оюн узакка чейин ээрчий албайт, бир нерсеге алаксыйт, түшүндүрүлүп жаткан ойдун логикалык байланыштуулугун жоготуп жиберет да, эң акырында өтүлүп жаткан материалды түшүнбөй калат. Башка бирөөлөрү болсо, мурдакы материалды жетишээрлик даражада өздөштүрбөгөн-дүктөн азыркы айтылып жаткан ойду ээрчий албайт да, сабакта өтүлүп жаткандар ал үчүн кызыксыз болуп сезилет. Натыйжада окуучунун билиминде оңой м-н ордуна келгисиз кемчилик пайда болот. Ошондуктан окуу материалын дозаларга бөлүштүрүү ж-а анын окуучулар тарабынан туура кабыл алынып жаткандыгына токтоосуз ишенүү П. о-нун негизи болуп эсептелет. Адегенде биринчи доза берилет, экинчи доза болсо ошол биринчи дозаны окуучу даана түшүнгөндүгүнө мугалим толук ишенгенден кийин гана берилет, экинчи дозаны окуучу толук кабыл алгандыгына ишенген соң үчүнчү доза ж. у. с. улам кийинки дозалар берилет. Материалды өтө эле майда дозаларга бөлүштүрүү түшүндүрүүнүн тизмектештигинин бузулушуна алып келет, ж-а ошондуктан татаал материалды өтүүдө ал колдонулбайт. Тескерисинче, материалды ирирээк дозаларга бөлүштүрүү аларды окуучулардын кабылдоосун кыйындатат ж-а алардын билимине контролдук кылууну татаалдаштырат,

материалдардын туура кабыл алынып жатышы жөнүндөгү ырастоонун (тескери байланыштын) келип турушун кечиктирет. Ошондуктан материалдарды дозаларга туура бөлүштүрүү начар окугандарга талаптын күчтүү болуп калышы же жөндөмдүү окуучуларга талаптын жеңил болуп калышы сыяктуу кемчиликтерди болтурбоого мүмкүндүк берет.

3). Окуучулар көбүнчө жакын арада суралуучу суроолорго гана даярдануу м-н чектелишет да материалды системалуу түрдө өздөштүрүү боюнча максималдуу эмгектенишпейт. Мугалим материалды түшүндүрүп жатканда кээ бир окуучу аны китептен окуп аламын деген ой м-н мугалимдин бир дагы сөзүн укпастан жалдырап олтура берет. Же өтүлгөн материалды бышыктоодо мугалим эки-үч, же көп болгондо үч-төрт окуучуга тиешелүү суроолорду берет, калган окуучулар болсо бул убакытта өзүлөрүн бардык иштен бошонгондой сезишет. Ошондуктан бардык окуучуну окуу процессине активдүү катыштырып, ар бир окуучунун көңүлүн бүткүл сабак бою жаңы материалга топтоо эң зарыл методикалык ыкма болуп эсептелет.

П. о. мугалимге дал ушул маселени чечүүгө мүмкүндүк берет: окутуунун бардык этабында (үй тапшырмасын текшерүүдө, жаңы материалды өтүүгө база түзүү максатында окуучуларды ага даярдоодо, жаңы материалды өтүп жатканда, аны бышыктоодо, жаңы материал боюнча окуучуларды өз алдынча иштетүүдө, мурда өтүлгөн материалдардын негизги суроолорун кайталоодо) бардык окуучунун билимин такай контролдоп турууга мүмкүндүк берет.

4). Окуу процессинде окуучунун ишинин, анын ар бир аракетинин тууралыгын эч токтоосуз ырастап туруу.

Коюлган суроолорго окуучулардын берген жоопторунун тууралыгын ырастоону бир аз эле убакыт кечиктирүү окутуунун сапатын кескин түрдө төмөндөтүп жиберет. Ал гана эмес, эгерде окуучунун ишинин тууралыгын ырастоо жок болсо, анда ал туура эмес фактыларды, туура эмес аракеттерди туура сыяктуу эсептеп калышы да мүмкүн. Бул учурда анын мындай катасын жоюу эң кыйын болот. Окуучунун оозеки жообунун, же анын маселе чыгаруудагы аракетинин тууралыгын мугалим өзүнүн жүзүн жылмайтуу, башын ийкөө, же кээде айрым фраза аркылуу токтоосуз кубаттап ырастап турганы жакшы. Окуучунун ишинин тууралыгын бул сыяктуу ырастап туруу анын күчүнө ишенимин арттырат.

5). Окуу процессинин бардык этабында түз ж-а тескери байланышты ишке ашыруу.

Окутууну белгилүү суммадагы билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн ж-а чыгармачылык м-н өз алдынча изденип эмгектенүүнүн ыкмаларын окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн башкаруунун процесси деп эсептөөгө болот. Ал эми ар бир башкарылуучу процессти автоматташтыруу мүмкүн, демек, окутууну автоматтык башкарылуучу процесс деңгээлине келтирүүгө болот.

Автоматтык башкарууда дайыма башкаруучу ж-а башкарылуучу объектинин же анын айрым элементтеринин иш абалы жөнүндөгү маалымат башкаруучу объектиге келип түшөт. Бул маалымат башкаруучу объектиде талданып чыгып, ошонун негизинде башкаруунун буйругу иштелип чыгат да, ал түз байланыштын каналы боюнча башкарылуучу объектиге берилет.

Дал ушул сыяктуу башкарылуучу окуу процессинде түз байланыш деп мугалимден окуучуга келүүчү информацияны (материалды түшүндүрүү, консультациялар, оңдоолор, тактоолор ж.у.с.), ал эми тескери байланыш деп болсо оозеки суроолордо, үй тапшырмаларын текшерүүдө, контролдук иштерди өткөрүүдө окуучудан мугалимге келип туруучу окуу материалынын өздөштүрүлүшүнүн сапаты, анын тереңдиги ж-а бекемдиги жөнүндөгү бардык маалыматтарды түшүнөбүз.

Тескери байланыштын информациялары канчалык тез-тез келип турса, мугалимдин эмгегинин эффективдүүлүгү да, окуу процессин башкаруунун сапаты да ошончолук жогору болот. Д-к, окуучулардын эмгектенүүсү да ошончолук интенсивдүү болуп, алардын өздөштүрүүлөрү жогорулайт, анткени мында мугалим өзүнүн түшүндүрүүсүндөгү орун алган кемчилдикти өз учурунда дароо байкап билүүгө ж-а окуучулардын материалды чала түшүнүп калышкан жерлерин толуктоого мүмкүндүк алат.

6). Окуу процессинде ар бир окуучунун өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө карата ага жекече тапшырма берип, өзүнчө эмгектентүү.

Жакшы окуган окуучу начар окуучуга салыштырганда ар кандай сабактын материалын болжол м-н үч эсе тез өздөштүрө тургандыгы педагогикалык тажрыйбадан ж-а көп сандаган изилдөөлөрдөн айкын болду. Ошондуктан түшүндүрүүнүн темпин жакшы окуган окуучуларга жараша ориентациялоодо начар окуган окуучулар материалды кабыл алууга үлгүрбөй калышат, тескерисинче, түшүндүрүүнүн темпин начар окуган окуучуларга ылайыктап жай жүргүзсөк, анда алдыңкы окуучуларды каныктыра эмгектенте албай калабыз, алардын өсүүсүн жасалма түрдө зордуктап токтоткон болобуз. Демек, окутууда ар бир окуучуну анын дал өзүнө туура келүүчү темпте эмгектентүү эң зор мааниге ээ.

Тажрыйбалуу мугалимдер бул принципти ар дайым ишке ашырууга аракеттенишет, бирок группалык (класстык) окутууда ар бир окуучуга окутуунун бардык этабында жекече мамиле жасоо эң эле кыйын. Адатта бүткүл окуу процесси орто окуган окуучуга ылайыкталып пландаштырылат. Натыйжада күчтүүрөөк окуучулар өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө караганда алда канча жай өсүп өнүгүшөт, тескерисинче, начар окуучулар да ушул темпте өтүлүүчү материалды да толук өздөштүрө албай калышат. Жыйынтыгында күчтүү окуган окуучулар да, начар окуган окуучулар да бара-бара өтүлүүчү материалга кызыкпай калышат. Ошондуктан окутуунун бардык этабында ар бир окуучуну анын өзүнө тиешелүү темпинде эмгектентүү иштин ийгилигин бир кыйла даражада камсыз кылат.

7). Окуу предметинин структуралык ж-а логикалык схемасын түзүү, б. а. предмет боюнча окуучуларда логикалык жактан аякталган системалуу билимди калыптандыруунун материалын жеңилден оорго карай бүткүл окуу жылына ылайыктап пландаштыруу.

Структуралык ж-а логикалык схемада, белгилүү логикалык тизмектештикте бири-бири м-н ж.б. предметтердин тиешелүү бөлүмдөрү м-н байланышта болгудай дозаларга бөлүштүрүлгөн бөлүмдөрдүн, темалардын, параграфтардын

(же информациянын элементтеринин) системалаштырылган тизмеси берилет. Мындан тышкары материалды үйрөнүүнүн эң эффективдүү методдору, сырттан контролдоонун ж-а өзүн өзү контролдоонун ар түрдүү формалары көрсөтүлөт.

Структуралык ж-а логикалык схеманы түзүүдө ушул предмет боюнча окуучунун логикалык ойлоосунун өсүшүнө ж-а анын керектүү практикалык көндүмдөргө ээ болуусуна түрткү боло албай турган, же улам кийин өтүлүүчү материалды өздөштүрүү үчүн анча мааниге ээ болбогон информациялар, о. эле кайталанылуучу информациялар чыгарылып ташталат.

Структуралык ж-а логикалык схеманын негизинде сабактарга бөлүштүрүлгөн план түзүлөт да, анда ар түрдүү окуу материалынын ж-а сабакта колдонулуучу методикалык ыкмалардын эң эле рационалдуу ирээттүүлүгү көрсөтүлөт. Планды окуучулар өздөрүнүн сабак убагында алган билимин практикага колдонууну аларга тиешелүү дозадагы информация берилер замат эч токтоосуз жүргүзө башташкандай кылып түзүү керек. Эгерде практикалык көнүгүү иштери кечиктириле турган болсо, анда берилген дозадагы ил. информациянын өздөштүрүлүшү анча чың болбой калат.

Структуралык ж-а логикалык схеманын жардамы аркасында мугалим окуучуларга сабак убагында өтүлүүчү материалдын эң керектүү, түйүндөрүн гана толук терең түшүндүрүп, окуучуларга мурдатан же башка предметтер боюнча тааныш болгон суроолорго, о. эле окуучулар өздөрү окуп түшүнүп алыша турган маселелерге токтолуп олтурбоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

8). Окутуунун эффективдүүлүгүн камсыз кылуу максатында оптималдуу алгоритмдерди түзүү ж-а аны окутуу процессинде колдонуу.

**ПРОГРАММАЛАНГАН ОКУУ КИТЕБИ** - программаланган окуунун принциптери техникалык каражаттарды (окутуу машинасын) колдонуу аркылуу, о. эле аларсыз да (П. о. к. ж-а окуу куралдарынын жардамы м-н) ишке ашырылышы мүмкүн.

П. о. к-нде же окуу куралында окуу материалынын мазмуну гана эмес, аны үйрөнүүнүн программасы да кошо берилет. Окуу китебинде бардык информация эң кылдаттык м-н тандалып алынып, оптималдуу түрдө дозаларга бөлүштүрүлүп, логикалык тизмектештикте жайлаштырылышы керек.

Материалды өздөштүрүүнүн сапатын окуучулар өз алдынча текшерип биле алсын үчүн информациянын ар бир дозасында контролдоочу суроолор ж-а маселелер кошо берилет. Эгерде окуучу суроого туура жооп бере албаса, анда ага кошумча түшүндүрүүлөрдү же жардамчы суроолорду берүү максатында китептин тиешелүү бетин окуп чыгуу сунуш кылынат.

П. о. к. улам кийинки дозага окуучу алдыңкы дозадагы информацияны өздөштүргөндөн кийин гана өтө алгыдай болуп түзүлөт.

**ПРОГРАММАЛАНГАН ОКУУ КИТЕБИНИН (КУРАЛЫНЫН) ТҮР-ЛӨРҮ -** П. о. к. ж-а окуу куралы бири-биринен принципиалдуу айырмаланган эки түрдүү системада сызыктуу ж-а тармактуу программада түзүлүшү мүмкүн.

а) *Сызыктуу программа* боюнча түзүлгөн окуу китептери эки түрдүү болот: «вертикалдуу» ж-а «горизонталдуу».«Вертикалдуу» окуу китебинде окуу материалы өз ара белгилүү логикалык системада жайланышкан дозаларга бөлүштүрүлүп берилет. Ар бир дозадан кийин суроолор же көнүгүүлөр сунуш кылынат. Барактын оң жагына ошол суроолорго туура жооптор жазылат, ал жооп сызгыч м-н же башка тунук эмес жылгыч баракча м-н далдаланып көрүнбөй жабылып турат. Ар бир окуучу ага сунуш кылынган дозаны иштеп чыккандан кийин анын артынан келүүчү дозаны иштейт (контексттин маанисине карата ташталып кеткен сөздү, тамганы же санды ж. б. толуктап жатат) да, сызгычты жылдыруу м-н өзүнүн жообун туура жоопко салыштырып текшерет. Эгерде катасы болсо, анда аны дароо оңдойт. Демек, кийинки дозага өтүүдөн мурда окуучу өзүнүн жообунун туура же туура эмес экендигин билет, өзүнүн ишинин ийгилигин дароо көрүп, анын ишке кызыгуусу артат. Окуучунун берген туура жооптору канчалык тез-тез болуп турса, анын окууга кызыгуусу ошончолук күчөйт.

Сызыктуу программалоонун эң негизги бөтөнчөлүгү – мында окуучу өзүнүн жообун өзү конструкциялап түзөт, өзүнүн жообун өзү түзүү окуучуну ойлонуп эмгектенүүгө, ишке жоопкерчиликтүү катышууга, материалды чың түшүнүп өздөштүрүүгө мажбур кылат.

Сызыктуу программаны схемалык түрдө төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

Мында окуучуларга адегенде №1, андан кийин №2, №3, ж. б. дозалардагы тапшырмаларды иштеп чыгуу сунуш кылынат.

б) *тармактуу программа* боюнча түзүлгөн окуу китептеринде тандоо методу колдонулат. Информациялардын ар бир дозасы ж-а ага тиешелүү суроолор же тапшырмалар барактын өзүнчө бетине жайлаштырылат. Ар бир суроодон же ар бир тапшырмадан кийин ага карата 3 же 4 (кээде андан да көп) түрдүү жооптор берилет. Бул жооптор адатта окуучулар тарабынан кетирилүүчү мүнөздүү каталыктарды эсепке алуунун негизинде түзүлөт. Окуучу туура деп эсептеп тандап алган тиешелүү жооп м-н катар ал андан кийин китептин кайсы бетиндеги кайсы материалды окуй тургандыгы кошо көрсөтүлүп жазылат. Эгерде окуучунун тандап алган жообу туура болсо, анда анын жообунун тууралыгы ырасталат да, ошол жооп эмне үчүн туура экендиги түшүндүрүлөт ж-а ага андан кийинки дозага өтүү сунуш кылынат. Эгерде окуучунун тандап алган жообу ката болсо, анда анын жообунун туура эмес экендиги айтылат, анын катасы эмнеде экендиги түшүндүрүлүп, ушул эле доза боюнча бир аз жардамчы түшүнүк берилет. Мына ушулардан кийин же алгачкы дозага кайтып, анын суроосуна туура жооп берүүгө дагы бир жолу аракеттенип көрүү, же андан кийинки дозадагы материалды иштөөгө өтүү сунуш кылынат.

Тармактуу программаны схема түрүндө төмөдөгүчө көрсөтүүгө болот:

Эгерде окуучу материалды жакшы өздөштүрсө, анда ал 2А,2Б,

3А, 3Б, 3С сыяктуу кошумча порцияларга токтолбостон, 1, - 2, - 3 - негизги порциялар аркылуу эле 4 – порцияга өтөөрү схемадан көрүнүп турат.

Эгерде окуучу, мисалы, 2-порциянын материалы б-ча жөнөкөй ката кетирген болсо, анда ага жардамчы 2А же 2Б порцияны окуп чыгуу сунуш кылынат. Ал порциядан окуучу өзүнүн катасы эмнеде экенин билип, аны жоюу б-ча тиешелүү көрсөтмө алат. Андан кийин ал 2-порцияга кайта келип, анын суроосуна туура жооп берүүгө дагы бир жолу аракет кылат.

Эгерде окуучу кандайдыр бир порциянын (мисалы, №3 порциянын) материалын өтүүдө өтө эле одоно ката кетирген болсо, анда бул учурда окуучуга анын катасы эмнеде экендигин көрсөтүп гана тим болбостон, ошол 3-порциянын материалын көрсөтмөлүү мисалдары бар майдараак 3А, 3Б, 3С сыяктуу жардамчы бөлүктөргө бөлүшөт. Эгерде жардамчы порциялардын бир моментинде окуучу өзүнүн 3-порциядагы каталыгы кокусунан болгондугун, материалды түшүнө албагандыктан эмес аны иштөөгө анча көңүл койбогондугунан болгонун далилдеп көрсөтө алса, анда жардамчы порциялардын калгандарын окуп олтурбастан түз эле 4-порцияга өтүүгө уруксат кылынат. Схемада окуучу 3Б ж-а 3С порцияларды окубастан эле 3А порциядан деле 4-порцияга өтө ала тургандыгы көрсөтүлгөн. Эгерде окуучунун катасы чоңураак болсо, анда ал 3А дан 3Б га өтүп, андан 4-порцияга барышы мүмкүн. Эгерде ал өзүнүн катасын жардамчы 3А ж-а 3Б порцияларды окуп чыккандан кийин да оңдой албаса, анда ал 3С порциядагы материалды да иштеп чыгууга мажбур болот, ошондон кийин гана ал 3-порциядагы негизги суроого туура жооп таап, 4-порцияга өтүүгө мүмкүндүк алат.

Демек жөндөмдүү окуучу окуу материалын өзүнө ыңгайлуу тез темпте иштеп чыга алат, анткени ал жардамчы порцияларга токтолбостон негизги гана 1, 2, 3, 4-порциялар менен иштейт. Орто окуган окуучу негизги порциялардан башка дагы жардамчы порциялардын кээ бирөөлөрүн кошо окуп чыгууга тийиш. Начар окуган окуучу болсо негизги ж-а бардык жардамчы порцияларды бүт окуп чыгууга мажбур болот. Ошентип, программаланган окуу китебинин көлөмү жөнөкөй окуу китебине караганда адатта өтө чоң боло тургандыгына карабастан эң жакшы же жакшы окуган окуучу анын 40%тин гана, орто окуган окуучу 70–80%тин гана окуйт, ал эми начар окуучу болсо ал китепти 100% окуп чыгууга мажбур болот. Натыйжада эң жакшы ж-а жакшы окуган окуучулардын жалпыга милдеттүү окуу материалын өздөштүрүүдөн көп убактысы үнөмдөлүп калат. Бул убакыт алардын программалык материал боюнча билимин тереңдетүүгө, предмет боюнча жалпы деңгээлин көтөрүүгө, алардын изилдөөчүлүк ж-а чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн арттырууга жумшалат.

Теорияларды далилдөөнүн, маселелерди чыгаруунун, ал гана эмес күндөлүк турмуштун туура жолун баамдап билүү үчүн дайым эле жалгыз гана туура жолду көрүү м-н чектелүүгө болбойт. Туура жол м-н катар туура эмес жолдорду да карап чыгуу керек, ошондо гана туура жолдун чыныгы мазмуну ачылат.

Эгерде баланы дайыма тапталган жол м-н гана алып жүрө турган болсо, анда ал жол деген эмне экендигин билбейт. Демек, «бар» деген м-н бирге «жок» дегенди да көрсөтүү үчүн «сулуу» өңдү көрсөтүү үчүн, «сулуу эмес» одоно өңдү да көрсөтүү керек. Трапецияны билүү үчүн трапеция боло албай турган төрт бурчтуктарды да көрсөтүү керек. Геометриянын дедуктивдүү түзүлүшүн түшүнүү үчүн анын дедуктивдүү эмес түзүлүшүн да көрүү зарыл. Окуучу туура жолдон адашып кетип, өзүнүн катасын өзү таап кайта туура жолго түшкөндө гана ал туура жолдун чыныгы мазмунун сезимдүү кабыл алат.

в) Программалоонун «адаптивдүү» деп аталуучу үчүнчү түрү дал ушул идеяга негизделген.

Электрондук техниканын жетишкен ийгилиги окуу процессиндеги адамдын ички ой жүргүзүүсүндөгү өзгөрүштөрдү эсепке алуучу адаптивдүү окутуучу машиналарды түзүүгө мүмкүндүк берди. Мындай машиналар көндүмдөргө жакшы үйрөтөт, аларды кээде тиешелүү түшүнүктөрдү формировкалоо максатында колдонууга болот.

Программалоонун адаптивдүү системасы: «окуучуларды керектүү көндүмдөргө үйрөтүү үчүн белгилүү өлчөмдөгү каталыктардын кетирилиши зарыл, б.а. жаңы материалды үйрөнүп жатканда окуучу тарабынан эч ката кетирилбесе, анда окутуунун эффектиси (жугумдуулугу) аз болот» деген гипотезага негизделген. Жиберилүүчү каталыктардын проценти эки түрдүү пайдаланылат:

1) каталыктардын проценти эки түрдүү пайдаланылат: каталыктардын проценти белгилүү деңгээлден төмөндөп кетсе машина программалык суроолордун татаалдыгын ошол замат автоматтуу түрдө жогорулатат;

2) каталыктардын проценти жогорулап кетсе, машина суроолордун татаалдыгын ошол замат автоматтуу түрдө төмөндөтөт. Ошону м-н катар окуучуга «көрсөтмө информация» кошо берилет, анда ага туура жоопту тандап алуу ж-а түшүнүүгө өтө кыйынчылык жараткан суроолор боюнча кошумча көнүгүүлөрдү иш-төө сунуш кылынат.

**ПРОГРАММАЛАП ОКУТУУ** - (окутууну программалоо) – атайын түзүлгөн программада окутуу. Программлаштырылган окутуунун негизин төмөн-дөгү принциптер түзүшөт:

1. Материалды чоң эмес, өз ара бекем байланышкан үлүштөргө бөлүү (кадам, бөлүк).
2. Программалык текст аркылуу окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүү.
3. Ар бир жооп берген окуучуну учурунда (токтоосуз) баалоо.
4. Окутуунун мазмунундагы жекече темп (ылдамдык).

41-сүрөттө программалык окутуунун системасынын милдеттик принциби компьютердин жардамы м-н көрсөтүлгөн.

**ПРОРЕКТОР** - – жогорку окуу жайында ректордун орун басары. Чакан жогорку окуу жайларында иштин көлөмүнө ылайык бир эле П. болуп, ал окуу-ил. тарбия иштерин чогуу алып барат. Студенттердин чоң контингенти бар бүгүнкү мамлекеттик жогорку окуу жайларында иштин түркүн багыттары б-ча: окуу иштери б-ча П. ил. иштер б-ча П. финансы-чарбалык иштер б-ча П. тарбия иштери б-ча П. эл аралык байланыштар б-ча П. кызматы киргизилген.

П. окуу жайынын уюштуруучулук жөндөмү жогору, кесиптик адистиги, ил. даражасы ж-а наамы бар кызматкерлеринин ичинен тандалып дайындалат.

**ПРОФЕССОР** - (лат. – окутуучу) – жогорку окуу жайдын окутуучусунун ж-а илим-изилдөө мекемесинин ил. кызматкеринин ил. наамы ж-а кызмат орду. Официалдуу статусу XVI к. белгиленген (эң алгач Оксфорд

университетинде). Бул наам жогорку окуу жайлардын же илим-изилдөө мекемелеринин, өндүрүштүк бирикмелердин окумуштуулар советинин көрсөтүүсү б-ча, Жогорку улуттук аттестациялоо комиссиясынын чечими б-ча ыйгарылат. Айрым өлкө-лөрдө ординардык (штаттык) ж-а экстра ординардык (штаттан тышкары) профессордук кызматы болот. Бир катар өлкөлөрдө (Австрия, Белгия, ГЭР, Югославия ж. б.) ун-тин ж. б. окуу жайларынын гана эмес, о. эле мектептердин мугалимдери, АКШда колледждин окутуучулары дагы П. деп аталышат.

**ПСИХОЛОГИЯ -** (гр. «психе»-«жан», «логос»-«илим») – адамдардын, айбанаттардын обьективдүү дүйнөнү активдүү чагылдыруу процессин үйрөнүүчү илим. П-нын башкы изилдөө предмети – психика, аң-сезим. П. инсандын ички дүйнөсүндө өтүүчү психикалык процесстердин тегин, түзүлүшүн, өсүп- өнүгүшүн, абалын иликтейт.

П-да көңүл буруу, туюм, кабылдоо, эс, ойлом, кыялдануу сыяктуу таанып-билүү процесстери изилденет. П-нын башкы милдети ушул процесстердин закондорун, маңызын ж-а табиятын ачуу. Бул закондорду билүү психиканы максатка багыттап өзгөртүүгө, тарбиялоого, анын калыптанышына таасир тийгизүүчү факторлорду башкарууга өбөлгө түзөт.

П. илими инсанга айрыкча көңүл буруп, аны изилдөөнү дифференциялдык (индивид өзгөчөлүктөрүн изилдөө), онтогенездик (жеке адамдын балалык, тестиер ж-а өспүрүм курагында калыптанышын изилдөө), адам психологиясы (жеке адамды бүтүндөй, толук бойдон мүнөздөө) боюнча - үч багытта жүргүзөт.

П. – эксперименталдык илим. Ал өзүнүн изилдөөлөрүндө эксперименттен тышкары байкоо, иш-аракеттин туундуларын талдоо, салыштырма-генезис методу, психологиялык тесттер (сыноолор), анкета, маек ж.б. методикалык ыкмаларды кеңири колдонот.

Азыркы П. өз алдынча илим катарында өнүгүп отуруп, бир нече тарамдарга ажырап кетти. Андан зоологиялык П., медициналык П., балдар П-сы, педагогикалык П., курак П-сы, эмгек П-сы, спорт П-сы, социалдык П., этнопсихология, аскер П-сы, инженердик П. космос П. ж. б. өсүп чыкты.

П-га иш-аракет (деятельность) түшүнүгүнүн кириши м-н адам психикасынын өнүгүшүндөгү биологиялык ж-а социалдык фактордун өз ара катышы ж-дөгү маселе калетсиз чечилди.

П. илиминин өнүгүшүнө батыш өлкөлөрүнүн ж-а орус илимпоздорунун салымы чоң. XIX–XX к-дарда Россияда П. илими болуп көрбөгөн-дөй өнүгүүгө жетишсе (Л. С. Выготский, С. Л. Рубинштейн, А. Н. Леонтьев, Б. Г. Ананьев ж. б.), ал эми австриялык врач З. Фрейд психоанализ теориясын негиздеген, Америкада бихевиоризм, Батыш Европада Гештальт-П. агымдары пайда болгон.

**РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМДӨРҮ - (райБББ)** – РайБББ тиешелүү р-догу билим берүүнү башкаруунун мамл. органы катары билим берүү тармагын башкаруу органдарынын структурасына кирет.

РайБББ Кырг. Респ. Мамл. Герби тартылган, мамл. ж-а официалдуу тилдерде жазылган мөөрү, атайын бланкы, банктык жана финансылык уюмдарда (мекемелерде) эсеп счету бар юридикалык жак болуп эсептелет.

РайБББ негизги маселелери болуп, р-дун аймагында:

- жалпы орто, мектепке чейинки ж-а мектептен тышкаркы билим берүү жаатындагы мамл. саясатты ж-а билим берүүнү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу;
- орто билимдин жеткиликтүүлүгүн ж-а сапатын камсыз кылуу;
- билимдин мамл. стандарттарынын аткарылышын, жергиликтүү шартка ылайык окуу планынын регионалдык компонентин иштеп чыгуу ж-а киргизүү;
- билим берүү мекемелерин кадр тарабынан камсыз кылуу ж-а материалдык-техникалык жактан камсыздалышына көмөк көрсөтүү;
- жалпы орто, мектепке чейинки ж-а мектептен тышкаркы билим берүү мекемелерди жетектөө ж-а алардын маселелери б-ча мамлекеттик ж-а өзүн-өзү башкаруу органдарынын, уюм-мекемелердин аракетин координациялоо;
-билим берүү тармагын информациялык, методикалык ж-а нормативдик жактан камсыз кылуу;
- билим берүү тармагынын рынок шартында эффективдүү өнү-гүшүн камсыз кылуу ж-а р-дун социалдык-экономикалык өсүшүнө көмөктөшүү. ж. б.

РайБББны р-дук мамл. администрациянын сунушу б-ча Кырг. Респ. Билим ж-а маданият министрлиги тарабынан дайындалган башчы жетектейт. РайБББ аппаратынын кызматкерлери «мамлекеттик кызматчы» статусуна ээ.

Р-догу билим берүү тармагынын орчундуу маселелери райБББнин кеңешинде талкууланып, каралат.

Республикадагы шаардык (Бишкек ж-а Ош ш-нан бөлөк) билим берүү бөлүмдөрү райБББ статусуна ээ.

**РАХИМОВА -** Магрифа (1929. Жетиөгүз р-ну) – педагогика илимдеринин доктору (1979), профессор (1978), Кырг. Респ. илимине эмгек сиңирген ишмер, РФ Эл аралык педагогика ж-а социалдык ИАсынын академиги (1995). Пржевальск ш-ндагы пед. окуу жайын Кыргыз мамл. педин-ттун тарых факультетин (1951) бүтүргөн. 951–54-жылдары Кыргыз мамл. у-теттин педагогика ж-а психология кафедрасынын ассистенти, 1954-жылдан азыркы И. Арабаев атн. КМПУда (В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер ин-ту) окутуучулуктан баштап, профессорлук даражага чейинки түрдүү кызмат орундарында: 1968-81-жылдары сырттан окуу бөлүмүнүн деканы, 1981-2003-жылдары педагогика кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген.

Ал «Совет бийлигинин мезгилиндеги Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия берүү» деген темада кандидаттык (1967-ж), ал эми «Кыргызстанда мектепке чейинки тарбия берүүнүн калыптанышы жана өнүгүү келечеги» деген темада докторлук диссертация (1978-ж.) коргоп, Орто-Азия ж-а Казакстан аймагында аялдардын ичинен биринчилерден болуп, педагогика илиминин доктору даражасына ээ болгон.

Р-нын ил. иштери мектепке чейинки балдарды тарбиялоо ж-а окутуу маселелерине арналган. Ал мектепке чейинки мекемелер үчүн монография, хрестоматия, окуу куралдарын, окуу-методикалык колдонмолорду ж-а 60тан ашык илимий макалаларды жараткан. Р-нын илимий жыйынтыктары «Мектеп жашына чейинки балдар үчүн хрестоматия», «Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия», «Наристе», «Кыргыз элдик педагогикасы», «Педагогиканын тарыхы

боюнча очерктер», «Бүчүр», «Наристе», «Мөл булак», «Бала бакча», «Педагогиканын теориясы, системасы ж-а технологиясы» сыяктуу эмгектеринде чагылдырылган

Р. республикабызда ил. кадрларды даярдоого чоң салым кошууда, анын жетекчилиги м-н 15 кандидаттык диссертация корголгон. Ал И. Арабаев атн. КМПУнун алдында ачылган Квалификацияны жогорулатуу ж-а кадрларды кайра даярдоо ин-тунун негиздөөчүсү. Р. «Кыргыз ССРинин элге билим берүүсүнүн эң мыктысы» (1967), «СССР эл агартуусунун эң мыктысы» (1974) төш белгилери, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» (1971), «Даңк» (2003) медалдары, Ардак грамоталар м-н сыйланган. И. Арабаев атн. сыйлыктын ээси.

Р. бүгүнкү күндө И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-тетте профессор-консультант болуп эмгектенүүдө.

**РЕКТОР -** (лат. rektor – жетекчи, башкаруучу) – жогорку окуу жайынын жетекчиси. Кыргызстанда Р. илимдин доктору, профессор ил. наам-даражасы бар, тажрыйбалуу, уюштуруучулук жөндөмгө эгедер, компетенттүү окумуштуу-адистердин ичинен тандалат ж-а ЖОЖдун коллективи тарабынан шайланат. Өзүнүн уставдык милдети б-ча Р. окуу жайынын окуу-тарбиялык, ил. финансылык-чарбалык иштерин, мамл. стандарттын, окуу пландарынын, окуу программаларынын аткарылышын жетектейт, көзөмөлдөйт, камсыз кылат. ЖОЖго студенттерди кабыл алууну, бүтүрүүчүлөрдү ишке бөлүштүрүүнү уюштурат ж-а ишке ашырат. ЖОЖдун ички тартибинин эрежелерин, профессордук-окутуучулар курамынын штатын, окуу расписаниелерин бекитет. Окумуштуулар кеңешин жетектейт. Бардык жерлерде жогорку окуу жайынын өкүлү катары чыгат ж-а иш жүргүзөт.

**РЕПЕТИТОР -** (лат. repetitio – кайталоо) – жетише албаган окуучуларды сабактан тышкары кошумча окутуучу адис. Айрым мектептерде атайын штаттык Р-лор болот. Штаттык Р-лордон тышкары мугалимдерден, студенттерден, орто окуу жайлардын жогорку классынын окуучуларынан алынган аттта калгандарды ж-а өз алдынча билим алууну көздөгөндөрдү үйдө машыктыруучу жекече Р-лор бар.

**РЕФЕРАТ -** (лат. referat – билдирсин, refero–билдирем деген маанини түшүндүрөт) – жазуу жүзүндө же эл алдында окулган китептин, илимий эмгектин мазмунун кыскача баяндоо, ил. проблеманы үйрөнүүнүн жыйынтыктары ж-дө билдирүү, маселелери булактардын негизинде түшүндү-рүлүүчү бир тема боюнча доклад. Эреже катары, Р. ил.-информациялык мүнөзгө ээ. Теманы толук ил.-объективдүү түшүндүрүүдөн башка да рефератта тиешелүү ил. теорияларга, ил. жыйынтыктарга карата анализ ж-а сын камтылат. Ил. доклад деп аталган мындай Р-тар илим изилдөө мекемелеринде ж-а ЖОЖдордо кеңири жайылтылган. Алар илимий семинарларга, аспиранттардын ж-а ЖОЖдордун жогорку курстарынын студенттеринин семинарларына киргизилет. О. эле жалпы билим берүүчү мектептердин, атайын орто окуу жайларынын окуучуларынын ар кандай кружоктордо, лекторияларда ж-а клубдарда жасаган докладдары да Р. деп аталат. Кандидаттык же доктордук ил. даражаны изденүүчүлөр тарабынан өздөрүнүн диссертациялары боюнча түзүлгөн Р-тар (автореферат, б. а. диссертациянын автору тарабынан даярдалган Р.) диссертациялык иштин негизги ил.-теориялык маңызын камтыйт ж-а окумуштуулар м-н адис-практиктердин кеңири тобун аны талкуулоого катыштыруу максатын көздөйт. Автореферат 100 экземплярдан кем эмес тираж м-н басылат ж-а тиешелүү илим изилдөө институттарына, жогорку окуу жайларга, мекемелерге ж-а диссертация корголуучу жердеги ЖОЖдорго же ил. мекемелерге жөнөтүлөт.

**РЕЦЕНЗИЯ -** (лат. – карап чыгуу, текшерүү жүргүзүү) – ил. же көркөм эмгектерди, кинофильм, спектакль ж. б. сындоо, пикир айтуу, колдоо максатында жазылган макала.

**РЫСКУЛБЕКОВ -** Муса (1911-ж. т. – Аламүдүн р-ну), экономикалык илимдеринин кандидаты (1947), профессор (1963), Кырг. Респ. эл мугалими (2001). Самарканддагы эл чарба ин-тун (1936) бүтүргөн. КР эл агартуу комиссары, СССР ИАсынын Кыргыз филиалынын экономика бөлүм башчысы, Кырг. Респ. ИА ага ил. кызматчы, КМУда кафедра башчы, проректор, 1970-ж. профессор-консультант. 300гө жакын ил. эмгектин автору, Ленин, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**РУССО -** Жан Жак (1712–1778) франциялык жазуучу ж-а философ. Эркин тарбиялоонун таасирдүү теоретиги. Социалдык теңсиздикке, эгоизмге, ошол учурдагы бийликтин ж-а укуктун негиздерине каршы чыккан. Руссонун эстетикалык ж-а пед. көз караштары «Эмиль, же тарбия жөнүндө» романында (1762) чагылдырылат.

Р-нун пикири б-ча тарбия башкаруу формаларынын бардыгынын таянычы, ошондуктан ал коомдук мүнөзгө ээ. Ар бир индивиддин гана эмес мамлекеттин алдыга жылуусу да туура тарбия берүүдөн көз каранды.

Тарбия «адамдын табиятына шайкеш», б. а. баланын куракты өзгөчөлүгүн эске алуу м-н жүргүзүлүшү керек. Тарбиялоодо адамдын дүйнөнү сезүү аркылуу кабыл алуу ж-а өзүнө болгон сүйүү сыяктуу эки өзгөчөлүгүн кылдат эске алуу абзел. Окутуу м-н тарбиялоо бүтүн нерсе, аларды бөлүп кароо мүмкүн эмес. Тарбиялоонун башкы максаты баланы турмушка, өз алдынчалуулукка даярдоо, ой жүгүр-түүгө, адамдарга кең пейилдик м-н мамиле кылууга, ар кандай шартта өзүн чечкиндүү сезүүгө үйрөтүү. Р. ар бир курактын өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарбиялоонун өзгөчө милдеттерин ж-а каражаттарын сунуш кылат. Бардык курактагы балдарды тарбиялоодо эмгекти башкы фактор катары карайт.

Р-нун оюу б-ча табигый тарбия берүү 22–24 жашка чыгып, б.а. адам үй-бүлө куруп өз алдынча турмуш күткөнгө чейин токтобостон өркүндөп олтурушу керек.

**САБАКТАРДЫН ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ -** – окутуу процессин пландаштыруунун негизги түрүнүн бири. Пландаштырууну ишке ашыруунун алгачкы документтери катарында мектептердин окуу пландары ж-а программалары эсептелет да, алардын негизинде календардык, тематикалык ж-а күндөлүк сабактардын пландары түзүлөт.

С. т. п. программанын ар бир темасынын же бөлүмүнүн маанилүү (түйүндүү) маселелерин сабактардын системасына бөлүштүрүү ишке ашы-рылат. С. т. п. теманы дидактикалык анализдөөнүн негизинде түзүлүп, аны окуп-үйрөнүүнүн логикасын туюнтат. Программанын ар бир темасы өз-ара тыгыз байланыштагы сабактардын системасы болгондуктан, мугалим тематикалык планды түзүүдө темадагы окуу материалдарынын максатка ылайыктуу болгон удаалаштыгын ойлоштурат; теманын материалдарын сабактарга бөлүштүрөт; ар бир сабакты өтүүнүн методдорун чагылдырып, кайсыл

көрсөтмө каражаттарды ж-а техникалык каражаттарды кандай ж-а качан колдонуу керек экендигин тактайт; сунуш кылынуучу мисал, маселелерди, кайталоо үчүн колдонулуучу материалдарды тандап алат.

С. т. п-дын бардык предметтер үчүн милдеттүү болгон бир түрдүү формасы жок. С. т. п-да маселен, «сабактын темасы», «окуучулардын өз алдынча иштери», «көрсөтмө курал-дар ж-а окутуунун техникалык каражаттары», «өткөндү кайталоо» сыяктуу бөлүмдөрдөн тышкары, кошумча түрдө «предметтер аралык байланыштар», «татаалыраак масele-лер» ж. б. бөлүмдөрдү да зарыл-дыгына жараша кошумчалоого мүмкүн.

Окуу материалын пландаштырууда, жалпы алганда, мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор ж-а методикалык адабияттар жардам берет.

С. т. п-дын сапаттуу түзүлүшү ар бир сабак үчүн керектүү болгон көрсөтмө каражаттарды ж-а приборлорду, дидактикалык материалдарды өз учурунда ж-а сапаттуу камдап алууга мугалимге жардам берет да, окутууну иш жүзүнө ашырууда чыг-лык м-н изденүүгө өбөлгө түзөт.

**САБАКТЫ ТАЛДОО -** – билим берүү мекемелеринде жүргүзүлүүчү сабакты (лекцияны, семинарды ж.б.) толугу м-н же анын айрым жактарын, курамдык бөлүктөрүн иликтөөгө ж-а баалоого багытталган методикалык иштин бир түрү. С. т. мугалимдерге, окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү, алардын тажрыйбаларын үйрөнүү ж-а жалпылоо максатында жүргүзүлөт. С. т-нун бирдиктүү схемасы жок, анткени ал талдоонун максатына, окуу предметине, окутуунун баскычына жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. С. т. адатта төмөн-күлөрдү камтыйт: сабактын тема, бөлүм боюнча сабактардын катарындагы орду; сабактын максаты ж-а милдеттери (окутуучулук, өнүктүрүү-чүлүк, тарбиялоочулук); сабактын мазмуну; колдонулган методдордун ж-а ыкмалардын, окутуу каражаттарынын сабактын максатына, мазмунуна ылайыктуулугу; окуп үйрө-нүүчүлөрдүн иш-аракети (иштөө ыкмалары, көңүл буруулары, кызыгуулары, активдүүлүгү, өз алдынчалыгынын даражасы ж. б.); мугалимдердин иш-аракети,өзүн алып жү-рүүсү. Талдоонун натыйжасында сабак максатына жеткендиги же жетпегендиги аныкталуусу тийиш. Сабактын окутуучулук максатынын ишке ашкандыгы төмөнкү суроолор аркылуу такталышы мүмкүн: окуу-чулар кандай билимдерге ээ болушту, алардын сапаты кандай, окуучуларда кандай билгичтиктер ж-а көндүмдөр калыптанды же калыптана баштады. Бир сабакты талдоонун негизинде окуп үйрөнүүчүлөрдү тарбиялоодогу ж-а өнүктүрүүдөгү жылыштарды аныктоо кыйын, көпчүлүк учурда мүмкүн да эмес. Ошентсе да сабактын жүрүшүн, анын этаптарын талдоо м-н сабактын тарбиялоочулук ж-а өнүктүрүүчүлүк милдеттерин ишке ашыруу үчүн мугалим (окутуучу) кандай аракеттерди жасагандыгына, ал үчүн сабакта кандай кырдаалдар түзүлгөндүгүнө, канчалык деңгээлде ал ийгиликтүү болгондугуна көңүл буруу зарыл.

С. т. ил. изилдөө максатында да, б. а. методикалык жаңылыктардын максатка ылайыктуулугун ж-а натыйжалуулугун практикада текше-рүү үчүн да колдонулат.

С. т-до атайын схеманы пайдалануу максатка ылайык. Андай схемалар көп түрдүү болушу мүмкүн.

Мугалим, окутуучу үчүн өзүнүн сабагын өзү талдап туруусу зарыл ж-а пайдалуу. Мында мугалим, биринчиден, өзүнүн күчтүү ж-а чабал жактарын аныктайт, экинчиден, жетишкендиктерин бекемдөө ж-а кемчиликтерин жоюу б-ча иш-ара-кеттеринин багыттарын белгилейт, үчүнчүдөн, өздүк тажрыйбасын жал-пылоого керектүү материалдар топтоло берет.

**САБАТ АЧУУ -** –баланы окууга, жазууга, эсептөөгө өз алдынча мамиле кылууга, чөйрөнү таанып-билүүгө, сөз байлыгын өстүрүүгө, өз сөзүн (аңгемесин, баяндамасын) оозеки ж-а жазуу жүзүндө түзө билүүгө үйрөтүү.

Бул учурдагы негизги нерсе – баланын ой жүгүртүүсүн, көңүл буруусун, жоопкерчилигин калыптан-дыруу, б. а., баланын өзүн өстүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

С. а. алиппеге чейинки даярдоо, алиппе мезгили, алиппеден кийинки мезгил болуп 3 баскычтан турат. Алиппеге чейинки даярдоо мезгилинде сүрөттөр аркылуу баланын сөзү-кеби өстүрүлүп, айлана-чөйрөсү, таанып-билүү каражаттары аркылуу адам-дардын сүйлөшүүлөрүн, кебин сүй-лөмдөргө, сүйлөмдөрдү сөздөргө, сөздөрдү муундарга, муундарды тыбыштарга ажыратып, ал тыбыш-тарды туура угуп, айта билүүгө машыктырылат. Сөздөгү тыбыштар-дын орду, ирети сүйлөшүүдө зор мааниге ээ экендигине басым жасалып үйрөтүлөт. Ошондуктан даярдоо мезгилиндеги окутуу методу – сөздөрдү тамгасыз белгилер аркылуу тыбыштык-муундук талдоо-жыйноо. Бул мезгилде окуучу сөздөрдү муундарга туура ажырата билүүнү, тыбыштарды туура угууну жакшы өздөштүрүүгө тийиш.

Тыбыштык талдоодо тамгасыз белгилер аркылуу (кызыл, көк, жашыл тегерекчелер же чарчылар) сөздөргө талдоо-жыйноо жүргүзүү биринчи класстын окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүн эске алуудан келип чыккан. Үндүүлөр кызыл, жумшак үнсүздөр жашыл, каткалаң үнсүздөр көк чарчылар м-н белгиленет. Тыбыштарды чарчы м-н белгилөөдөгү эң оор нерсенин бири созулмалар, алардын эки тамга аркылуу белгилениши. Тыбыштык талдоо учурунда буга өзгөчө көңүл буруу керек.

Үндүүлөр м-н тааныштыруу даярдоо мезгилинде, б. а. экинчи баскычта жүргүзүлөт. Үндүүлөрдү туура угуунун, айтуунун иш-аракеттерине машык-тырылып, ичке ж-а жоон, кыска ж-а созулма үндөрдү салыштыруу аркылуу тыбыштык талдоо жүргүзүлөт. Ушул учурда жаратылыштагы дабыштар, музыкалык добуштар, сүйлөшүүдөгү үндүүлөрдү туура угуу, айтуу, тегерек же чарчылар м-н белгилөө аркылуу машыктырылып, үндүү тыбыштар үйрөтүлөт. Тыбыштардын алгачкы-лыгы, анын графикалык белгиси ариптер (тамгалар) экендиги тааныш-тырылат.

Тилибиздин тыбыштарынын колдонушунун жыштыгы изилден-бегендиктен, С. а-да тыбыштарды тааныштыруу ирети ил. жактан негизделбеген. Ошондукутан тыбыш-тардын айтылышы, түзүлүшү, жазы-лышы жагынан окшоштугу эске алынып, блокторго топтоо жүргүзүлгөн. Мындай ыкма окуучунун сабатын тез ачууга мүмкүндүк берет.

Жазууну окуу м-н бирге жүргүзүү баланын курактык өзгөчөлүгүнө түздөн-түз байланыштуу, анткени баланын ою ансыз да чаржайыт. Ошондуктан окуу, жазууну, эки башка сабак түрүндө эмес, бир гана С. а. сабагы катары кароо натыйжалуу болуп саналат. Алиппе мезгилиндеги окуу муундап окууга негизделет. Муундап, муун аркылуу окууга көнгөн бала шар окууга тез үйрөнөт. Шар окуй алган баланын көркөм окуй алуусу табигый иш. Алиппеден кийинки

мезгилде окуучулар окуунун техникасына (шар, сезимдүү, көркөм үн кубултуп, түшүнүп, купуя же жарыя окууга) калыптанып, жазуунун билгичтик-терине машыгып кеп маданиятына багытталып калат.

Сабат ачуудагы тамга–муун методу болуп эң байыркы метод. Байыркы Грецияда, Римде, андан кийин Европага ж-а Азиядагы элдерге таркайт. Россияда 16-к-дан 19-к-га чейинки мезгилди кучагына алат. Бул методдогу эң башкы нерсе – тамгаларды жаттоо болгон, алардан түзүлгөн муундарды балдар жатташкан. Жазууга болсо тамга-лардын баарын үйрөнүшкөндөн кийин гана киришкен. Биринчи иретте тамгаларды, сөздү, андан кийин фразаларды жазышкан. Мындай жол м-н сабат ачуу узак убакытка созулуп кеткен. Тамга-муун методу синте-тикалык метод болуп саналат. Башкача айтканда тамгадан муун, андан сөз түзүлүп, бөлүктөн бүтүн жаралат. Кыргыз алиппелери көп жылдар бою тамга-муун методуна негизденип түзүлүп келди ж-а учурдагы жаңы алиппелер да ушул методго негизделген. Мында алгач тамга тааныштырылып (китептин бетинде тамга сунуш кылынып), андан кийин ага карата сүрөттөр, муундар, сөздөр ж-а сүйлөмдөр берилет. Негизги көңүл өтүлө турган тамгага топтолуп, тамганын, сөздүн кайсы жерине (башында, ортосунда, аягында) келгенин балдарга түшүндүрөт.

**САЛЫШТЫРМА ПЕДАГОГИКА** - – ар түрдүү өлкөлөрдүн таалим-тарбия системасындагы жалпы ж-а бөтөнчө көрүнүштөрдөгү көзөмөл кылуучу педагогика тармагы. Бул багыттагы билимдер тигил же бул өлкөнүн таалим тарбия системасынын ал-дыңкы жетишкендиктери бөтөнчө айырмалуу жактарын гана ачып көрсөтүүгө багытталбастан, алардын өрнөктүү тажрыйбаларынын неги-зинде өлкөнүн таалим-тарбия систе-масын өнүктүрүүдө колдонууга өбөлгө болот.

**САЛЫШТЫРУУ** - – предметтердин кубулуштардын арасындагы жалпы-лыктарды ж-а айырмачылыктарды аныктоого багытталган ой жүгүртүү операциясы. С-нун курчап турган чөйрөнү таанып-билүүдөгү ролу өтө зор. Ошондуктан ал окуу процессинде зор мааниге ээ. Адамдын ой жүгүртүүсүнө курчап турган чөйрөдөгү предметтерди ж-а кубу-луштарды салыштыруу аркылуу аңдоого умтулуу мүнөздүү. Адамдын аң-сезими салыштырууга, өзү көрүп билип жүргөндөргө окшош же окшошпогон жаңы предметтерди ж-а кубулуштарды аныктоого ыктап турат. С. окуп-үйрөнүлүүчү материал-дагы жаңы логикалык байланыштарды табууга жардам берет. Ал байла-ныштар аркылуу ар түрдүү убактарда ээ болгон билимдер бириктирилиши мүмкүн. Окуу материалы салыштыруу колдонулган учурда үстүртөн эмес, аң-сезимдүү өздөштүрүлөт. Окуу мате-риалы канчалык толугураак ж-а ар тараптуу салыштырылса, ал ошончолук жакшы эске сакталат.

С. анализ-синтез, абстракциялоо, классификациялоо, жалпылоо сыяктуу башка ой жүгүртүү операциялары м-н тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Алсак, предметтерди, кубулуштарды салыштыруу үчүн анализдөө аркылуу алардын белгилерин бөлүп алуу керек. Андан кийин салыштырууга мүмкүндүк берүүчү белгилерди аныктоо, б. а. ал орчундуу белгилерди калгандарынан абстракциялоо талап кылынат.

**САБАКТЫН СТРУКТУРАСЫ** - – бири-бири м-н өз ара байланыштагы ж-а белгилүү бир иреттеги сабактын элементтеринин катнаштары. С. с. сабактын дидактикалык максатынан, окуу материалынын мазмунунан, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнөн ж. б. көз каранды ж-а жөнөкөй да, о. эле кыйла татаал да болушу мүмкүн. Узак мезгилдер бою сабактын 4 элементтүү структурасы үстөмдүк кылып келген: 1) үй тапшырманы текшерүү; 2) мугалимдин жаңы материалды түшүндүрүүсү; 3) жаңы материалды бышыктоо ж-а жаңы билимди колдонуу билгичтиктерин калыптандыруу б-ча көнүгүүлөр; 4) үйгө тапшырма берүү. Мындай «катып» калган С. с. окуучулардын өз алдынча иштөө билгичтиктерин ж-а көндүмдөрүн калыптандырууга, алардын окуу, таанып-билүүчүлүк иш–аракетин активдештирүүгө жакшы өбөлгө түзө алган эмес. Анткени мында мугалимдин иш-аракети үстөмдүк кылып, ал маалыматтын негизги булагынын ролун аткарат да, окуучунун иш-аракети негизинен репродуктивдүү мүнөзгө ээ болот.

Ошондуктан кийинки мезгилдерде дидакттар С. с. б-ча төмөнкүдөй сунуштарды беришүүдө: бүтүндөй С. с. дидактикалык подструктурага ж-а методикалык подструктурага бөлүнөт; дидактикалык подструктура 3 элементтен– окуучулардын сабактын максатын аңдап түшүнүүсүнөн, таяныч билимдерди актуалдаштыруудан ж-а окуучулардын жаңы нерселерди үйрөнүүсүнөн турат; дидактикалык подструктура кандай гана сабак болбосун анын курумуна камтылат; методикалык подструктура мугалим-дин өзүнүн кароосуна калтырылат. С. с-н аныктоого мындай мамиле кылуу анын ийкемдүүлүгүнө өбөлгө түзөт, мугалимдин чыг-лык м-н изденүүсүнө кеңири жол ачат.

**СЕНСОРДУК ТАРБИЯ** - Сезимталдык тарбия – сезимталдык процесстерди (туюу, кабылдоо, элестөө) максатка багыттап өркүндөтүү ж-а өнүктүрүү сезимталдык процесстер таанып-билүүнүн адепки баскычы болуп саналгандыктан, С. т. акыл-эс тарбиясынын башталма звеносу катары кызмат кылат. Ошондуктан С. т. акыл-эс тарбиясынын негизи деп эсептелет. Тагыраак айтканда, С. т. музыка м-н сүрөт исскуствосу б-ча окуучулардын жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунy башкы милдети деп карайт. Бул өңүттөн алып караганда аны эстетикалык тарбиянын ажырагыс бөлүгү деп эсептесе да болот. Ал эми С. т-нын жүрүшүндө сезимталдык таанып-билүүдөн рационалдуу таанып-билүүгө, кабылдоодон ой жүгүртүүгө карай өтүү б-ча даярдык көрүлөт да, бара-бара интектуалдык ишмердүүлүктүн калыптанышы жүзөгө ашырылат. Мындан тышкары С. т. баланын булчуң сезимдерин өстүрүүнү, эне тили б-ча үндөрдү талдоону өркүндөтүүнү, музыкалык табитин, мейкиндиктеги буюмдар м-н түстөрдүн ортосундагы мамилелерди, көлөм м-н форманы ж. башкаларды кабыл алуу өңдүү процесстерди калыптандырууну өз ичине камтыйт. Мектепке чейинки жаштагы балдарда сезимталдык процесстер жакшы өнүккөндүгүн эске алсак, анда ушул курак үчүн С. т-га башкы роль таандык. Ошондуктан тарбиянын бул түрү бакча жашындагы балдардын педагогикасындагы бирден бир башкы проблема болууга тийиш. С. т. б-ча көрүнүктүү педагогдор Я. А.Ко- менский, И. Г. Песталоцци, А. П. Усова, Е. И. Тихеева ж. б-лардын үзүрдүү эмгектери педагогика илимине кошкон эбегейсиз зор салым болуп саналат.

**СМАНБАЕВ** - Аман (1934, Нарын р-ну) – эл агартуунун отличниги (1967), Эмгек сиңирген мугалим (1976), Кырг. Респ. эл мугалими (2002). Нарын ш-ндагы Г. Дмитров атн. пед. окуу жайын (1950), Н. В. Гоголь атн. мугалимдер ин-тун (1953), КМУнун кыргыз филология факультетин (1961) бүтүргөн.

С. 6-класстын «Кыргыз адабияты» окуу китебине авторлош ж-а «Изложениелердин жыйнагы» (V–VIII класстар үчүн), «Жат жазуулар жыйнагы» (IX–XI класстар үчүн), "Кыргыздын Ала-Тоосу" деп аталган окуу-колдонмонун автору. С. 120дан ашык ил. – методикалык колдонмолорду жазып, мектеп практикасына сунуш кылган. Анын эмгектери өз кезегинде СССР эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө коло медалга татыган. Медалдар ж-а Ардак грамоталар м-н сыйланган.

**СКОТКИН -** Михаил Николаевич (1900–1991) – белгилүү педагог, теоретик. Педагогика илиминин методологиялык негиздерин, окутуу процессин, билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүү маселелерин иштеп чыккан. Анын дидактиканын фундаменталдуу маселелери б-ча көз караштары СССРде ж. б. өлкөлөрдө жүргүзүлгөн көптөгөн изилдөөлөр үчүн негиз катары кабыл алынган. Окуу программаларын түзүүнүн теориясын иштеп чыккан окумуштуулардын эң алгачкыларынын бири. Ошону м-н бирдикте ил. негизде окутуу принциби, билим берүүнүн мазмуну – окутуунун ил. – изилдөөлөрдүн методологиясы, методдору б-ча бир катар концепциялардын автору болуп эсептелет.

**СОЦИАЛДЫК ИНФОРМАТИКА -** – информациянын кыймылынын коомдогу закон ченемдери ж-а формасы жөнүндөгү илим. Информатиканын бир бөлүгү катары илим-изилдөө тармагына жаңы дисциплиналар аралык тармакты киргизүүнү ишке ашырат.

**СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГИКА -** – өсүп келе жаткан жаш муундарды коом мүчөсү катары калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн таалим-тарбия иштеринин мыйзамченемдүүлүктөрүн изилдөөгө ж-а ага байланыштуу пед. кубулуштарды айкындоо, аныктоо милдетин аркалаган педагогика илиминин тармагы. Адамдын коомдун мүчөсү, инсан катары жетилишин, калыптанышын көздөгөн социалдык тарбия ар кандай коомдук ин-ттар аркылуу ишке ашат. Аларга: үй-бүлөлүк тарбия, мамлекет тарабынан атайын уюштурулган таалим-тарбия, аскердик тарбия, өндүрүштүк тарбия, калк арасындагы агартуучулук иштер ж. б. кирет.

**СОЦИАЛДЫК ЫҢГАЙЛАШУУ -** – инсандын социалдык- экономикалык, тарыхый-маданий, саясий ж. б. шарт-жагдайларга карата ыңгайланышуусу ж-а чөйрөгө карай социалдашуусу. С. ы. инсан тарабынан ошол коомго мүнөздүү болгон социалдык нормаларды, эрежелерди, көндүмдөрдү өздөштүрүү аркылуу ишке ашат.

**СТИПЕНДИЯ** (лат. stipendium – төлөө, маяна) – атайын окуу жайларынын (жогорку, кесиптик-техникалык ж-а атайын орто) күндүзгү бөлүмүндө өндүрүштөн ажыратылып окугандарга, аспиранттарга ж-а квалификацияны жогорулатуу системасында өндүрүштөн ажыратылып, ил. даярдыктардан өтүүчүлөргө туруктуу, ай сайын берилүүчү акчалай жардам. Атайын окуу жайларда акысыз окутуу м-н жетишип окуган алдыңкы окуучулар жана студенттер үчүн мамлекет тарабынан төлөнөт, ал эми кээ бир чет мамлекеттерде айрым бир окуучуларга гана, көбүнчө кайрымдуулук фондунун эсебинен берилет. Мыкты окуп, коомдук иштерге активдүү катышкан студенттердин С-лары жогорулатылат.

**СТАТИСТИКАЛЫК МЕТОДДОР -** – эксперименттин натыйжаларын талдоо ж-а жалпылоо максатында колдонулуучу прикладдык математикалык статистиканын айрым методдору. С. м. педагогикада эксперименттин жыйынтыгында алынган көрсөткүчтөрдүн орточо чоңдугун аныктоо максатында колдонулат. Алар: арифметикалык орто маани (сандык көрсөткүчтөрдүн суммасын алардын жалпы санына бөлгөндөн келип чыккан тийинди), медиана (статистикалык катардын ортосунун көрсөткүчү), дисперсия (көрсөткүчтөрдүн орточо чоңдуктун тегерегинде жайылыш даражасы). Буларды эсептөө үчүнатайын формулалар, маалыматтык таблицалар колдонулат. С.м-ду колдонуу м-н талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары сандык көз карандылыкты графиктердин, диаграммалардын, таблицалардын жардамы м-н көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

**СТУДЕНТ -** (лат. studens-окуучу) – жогорку, орто (кээ бир мамлекеттерде) окуу жайларынын окуучулары. XI к-да университеттер уюшулгандан тартып, андагы окуучуларды (алгачкы учурларда окутуучуларды да) студент деп айтышкан. Окутуучулар үчүн ил. наам киргизилгенден кийин С. – окугандарга гана колдонулуп калган. ЖОЖда окугандар – С., атайын орто окуу жайында – окуучу, аскер окуу жайында – курсант, академиядагыларда – угуучу аталат. Биздин мамлекетте башка шериктеш мамлекеттер м-н бирге эле 17-ноябрь Студенттердин Эл аралык күнү деп бүгүнкү күн-гө чейин белгиленип жүрөт.

**СТУДЕНТТИК БИЛЕТ -** – студенттин ким экендигин ж-а окуу процессинин бардык мезгилинде окуу жайдын имаратына кирүү үчүн күбөлөндүрүүчү документ. С. б. – ЖОЖ орун алган территориядагы республиканын тилинде басылып жазылат, билетте кайсы ЖОЖдо, кайсы факультетте, канчанчы курста окуп жаткандыгы, студенттин курстан курска көчкөндүгү декандын колу м-н ж-а окуп жаткан окуу жайынын мөөрү м-н бекитилет. С. б. окуу жайын аяктагандан кийин алардын өздүк карточкасына кошуп, студенттин өздүк делосу м-н окуу жайда сакталат.

**СУРОО-ЖООП МЕТОДУ** – мектеп практикасынын тарыхында эң кеңири тараган ж-а азыркы учурда да кыргыз мектептеринде кеңири колдонулуп келе жаткан методдордун бири. Метод оозеки суроого ж-а ал суроого карата жоопко негизделет. Көбүнчө, суроону окуу ишмердүүлүгүнүн башкы уюштуруучусу мугалим берет да, жоопту анын суроосуна карата окуучу айтат, кээде мунун тескериси да болот. С. ж. м. окуучулардын алган билимин текшерүү ж-а бекемдөөнүн эң ийкемдүү формасы.

**СУХОМЛИНСКИЙ -** Василий (1918–1970) XX к-дын эң көрүнүктүү педагогдорунун бири. Ал Украинанын Кировград областына караштуу Павлыш орто мектебинде 25 жылга жакын мугалим, директор катары иштөө м-н бирдикте 30дан ашуун китеп, 600дөн ашуун макала жарыялаган. Анын мурастарына көп кырдуулук, универсалдуулук мүнөздүү, б. а. ал таалим-тарбия ишине тике ж-а кыйыр тиешеси бар бардык маселелерди өз алдынча изилдеп, оригиналдуу идеяларды ж-а тажрыйбаларды жараткан. Ошентип, ал мейли дидактика, мейли тарбия теориясы, мейли мектеп таануу болсун бул тармактардын баарында өзүнчө кайталангыс из калтырган. Ал мугалимдин балдарга карата гумандуу мамилесин калыптандырууга бөтөнчө маани берген. С-дин пикири б-ча пед. гумандуулуктун биринчи белгиси–бул балдардын жан дүйнөсүн түшүнө билүү.

С. пед. ишмердиги согуштун запкысын көргөн балдарга байланыштуу болгондуктан, анын эмгектеринен балдарга боорукер мээримдүү мамиле кылуу педагог м-н окуучунун ортосундагы өз ара боорукердик мамиле ж-дө айрым ой тыянактарды да, бүтүндөй бир нече беттен турган ой толгоолорду да жолуктурууга болот. С. жаш муундарда мекенди акыл эси жүрөгү м-н түшүнүүгө, б. а. атуулдук сезимин тарбиялоо маселесин ар тараптуу изилдеген. О. эле ал мурдагы педагогдор тарабынан чыйыр салынган «коллективде», «коллектив аркылуу», «жекече тарбиялоо», «коллектив шартында айрым окуучулар менен жеке иш алып баруу» сыяктуу олуттуу проблемалардын жаңыча чечимин, усулдарын таба алган. С., «коллективдин рухий турмушу», «класстын интеллектуалдык дасмиясы» сыяктуу жаңы түшүнүктөрдү киргизген. Ар бир баланын өз кызыгуусу бар, ар кимдин өз «чымыны» бар, ар бири коллективди өзүнүн бир нерсеси м-н өнүктүрөт. кызыгуулардын мындай көп кырдуулугу коллективди интеллектуалдык дасмиясын ар тараптуу байытат.

С. ар кандай мектептеги таалим-тарбия ишинин жемиштүүлүгү, таасирдүүлүгү элдик педагогиканын бай кенч казыналарын өздөштүрүүгө, пайдаланууга байланыштуу болот. Аны жүзөгө ашыруунун чыныгы үлгүсүн көрсөткөн. Ырасында эле, анын педагогикалык системасына үстүрт серп салган адам, алардын негизги өзөгү украин элинин бай тарбиялык салттарына негизделгендигин ачык баамдайт. С. «Мектептин жаш директору м-н аңгемелер», «Уулума кат», «Мугалимге жүз насаат», «Тарбиялоо жөнүндө» сыяктуу эмгектери көрүнүктүү тарыхчы, таланттуу котормочу Дүйшө Айтмамбетов тарабынан кыргыз тилинде жарыкка чыгарылып, пед. коомчулуктун сүймөнчүлүгүнө айланган. Мындан тышкары улуу педагогдун мурастарына, пед. ишмердигине байланыштуу кыргызстандык педагог-окумуштуу А. Борисовскийдин үч китеби жарык көргөн.

**СҮРӨТ ТАРТУУ, СҮРӨТ САЛУУ, СҮРӨТ ТҮШҮРҮҮ -** – окуу предмети катары сүрөт тартуунун эң жөнөкөй негиздерин окутуп, жалпы орто билим берүүнүн талаптарына жооп бергидей билим ж-а ыктарын иштетип чыгуу м-н бирге эстетикалык тарбия берүүнүн негизги бөлүгү.

Россияда алгач сүрөт сабагы XVIII к-дын биринчи жарымында (1733-ж.) аскердик окуу жайларындагы кадеттик корпустарда, тоо кендерин иштетүү заводдорундагы мектептерге киргизилген. XIX к-дын башында сүрөт сабагы жалпы орто билим берүүчү мектептердеги атайын окуу предметтери катары кошулган. 1838-жылы А. П. Сапожниковдун «Сүрөт тартуунун курсу» деп аталган окуу усулдук китепчеси басылып чыккан. Сүрөт сабагынын окуу предмети болуп калыптанышына Россиядагы Көркөм Академиянын, белгилүү художниктер И. Е. Репин, П. П. Чистяковдун тийгизген таасири зор. В. И. Ушинский да ошол мезгилдеги эстетикалык тарбия берүү жаатында жүргүзүлүп, иштерге чоң маани берген. XX к-да орустун белгилүү методисттери В. И. Бейер, К. М. Лепилов, В. С. Мурзаевдин предметти окутуунун методикасын байытуудагы кошкон салымдары чоң.

Совет мезгилинде 1985-жылдарга чейин Кыргызстанда Россиядан чыккан программалар орусчадан кыргызчага которулуп окутулуп келгендиги маалым. Ал программаларда окуу-тарбия иштерин жүргүзүү үчүн сабактын төрт түрү каралган: натурадан сүрөт тартуу, темага карата сүрөт тартуу, декоративдүү сүрөт тартуу, сүрөт искусствосу жөнүндө аңгеме өтүү. Жогоруда аталган сабактын төрт түрү 1-класстан 7-класска чейин кайталанып окутулушу окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун төмөндөткөн. 1985–1993-жылдардын аралыгында жогоруда аталган негизги программадагы айрым темалар киргизилип жергиликтүү материалдар м-н толукталган. 1993-жылы атайын элибиздин көркөм өнөр мурастарынын негизинде кыргыз мектептери үчүн жаңы окуу программасы түзүлгөн. Предметтин мазмунун ж-а окутуунун ыкмаларын жаңылоо максатында 1997-жылы предметтин аты жаңыча «Көркөм өнөр» болуп аталган, программага ылайык бала бакчалардын тарбиячылары, башталгыч класстардын мугалимдери жана ата-энелер үчүн «Көркөм өнөр булагы» деп аталган усулдук колдонмонун биринчи бөлүмү Д. А. Акматов, С. Бердибаева, Р. А. Маркова тарабынан даярдалып, 2002-жылы басылып чыккан.

**СЫДЫКБЕКОВ -** Түгөлбай – (1912-ж. Кырг. Респ. Түп р-ну, – 1997-ж. Бишкек) – жазуучу, Кыргыз эл жазуучусу (1968), Эл Баатыры, СССР мамл. сыйл. лауреаты (1949 ж. «Биздин замандын кишилери» романы үчүн), академик (1954). 1919-ж. айылдык молдодон окуйт, 1920-ж. Кеңсуу мектебине кирет, 1921-ж-дан Караколдо окуусун улантат. 1923–27-ж. Караколдогу А. П. Чехов атн. 1-баскыч орус мектебинде билим алып, 1927-ж. Н. К. Крупская атн. 2-баскыч мектепте, 1928–1931-ж-дары Фрунзе айыл чарба техникумун окуган.

С-дун чыг-лыгында, өзгөчө анын «Тоо балдары» романында Улуу Ата Мекендик согуштун соңку жылдардагы мектеп турмушу, аталар ж-а балдар проблемасы, мугалимдин образы, тарбия-таалим маселелери ар тараптуу чагылдырылса, «Көк асаба» романында байыркы энесайлык кыргыздардын балдарды согуш өнөрүнө, мергенчиликке, сөздү кунт коюп угуу ж-а сүйлөө маданиятына, ыймандуу болууга тарбиялоо б-ча элдик пед. ойлор терең көрсөтүлөт. Жазуучунун чыгармаларында элдик нарктуу сөздөр көп колдонулуп, кыргыздардын таалим-тарбия усулдары кеңири берилет. Ошондой эле ал «Манас» эпосун изилдөө, жарыялоо ишине белсемдүү салымын кошуп, бул мурастын жаштарды тарбиялоодо мааниси теңдешсиз чоң экендигин белгилеген ж-а аны мектепте окутууга жол ачкандардын бири болгон. «Жол», «Бел-белес» деген автобиографиялык роман-эсселеринде кыргыз калкынын тарбия берүү салттары, алгачкы кыргыз интеллигенциясынын калыптануу процесси, Кыргызстандын туңгуч маданий-агартуу мекемелери тууралуу маалыматтар көркөм жалпылаштырылган. С-дун «Табылга», «Мезгил сабактары» деген китептерине кирген маектеринде, макалаларында эне тил, улуттук маданият, көркөм мурас, элдик тарбия, салт маселелери, өткөн кылымдын соңундагы билим берүү, окуу китептери, мектеп, жогорку окуу жайлары б-ча өзүнүн сүрөткерлик ж-а атуулдук позицияларын билдирген.

**СЫНЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ -** – эмнеге ишенүү керек же кандай чара көрүш керек деген чечимге багытталган рационалдуу, аңдап түшүнүү м-н жүрө турган ой жүгүртүү. Ал жөндөмдүүлүктү да, шыкты да өзүнө камтыйт.

С. о. ж. маалымат алуудан башталып, чечим кабыл алуу м-н аяктай турган татаал ой жүгүртүү процесси болуп саналат. С. о. ж-нү калыптандыруунун ж-а өнүктүрүүнүн ил. негизи катары окутуунун иш-аракеттик теориясы кызмат кылат. С. о. ж. башка бардык окуу иш-аракеттериндегидей эле үч негизги компоненттен (стадиядан) турат: 1) козгоо, ынтызарлыкты

пайда кылуу; 2) ой калчоо аркылуу иш-аракеттин аткарылышы; 3) иш-аракетти аткаруу процессине ж-а анын натыйжасына баа берүү (рефлексия).

**ТАБИЯТ ТААНУУ -** – жаратылышта жандуу ж-а жансыздар, о. эле алардын байланышы ж-дө баштапкы маалымат берүүчү окуу предмети. Бул предмет б-ча өткөрүлгөн сабактарда, практикалык иштерде окуучулар, өсүмдүк, жаныбарларды багуу, өздүк гигиена б-ча практикалык ык-машыгуу элементтерине да ээ болушат.

Т. т. предмети көпчүлүк мамлекеттерде XX к-дын башталышында мектептерге киргизилген. Прогрессивдүү педагогдор Т. т. предметинин окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө ж-а речтин өнүгүшүнө өзгөчө ролун белгилешкен. Ошону м-н бирге айыл чарбачылыкты алып баруудагы элементардык билим берилген. Мына ушундай пикирди К. Д. Ушинский негиздеген. Андан кийин көрүнүктүү методисттер М. Н. Скаткин (1956), А. А. Перроте (1963), С. А. Павлович (1965), Г. Е. Ковалева (1970), Н. А. Рыков (1980) тарабынан негизделген.

**ТАБЫШМАК -** – көп кырдуу пед. функциясы м-н элдик салтуу тарбия практикасында, о. эле мектептердин окуу тарбия процессинде да зарыл каражат катары дамамат колдонуп келе жаткан чакан фольклордук жанр. Кыргыздарда өзгөчө кышкы узун түндөрдө оюн зоок кечелерде башы кошулган жерлерде же табышмак айтуу балдардын кызыктуу сабына айланган. Ага катышкандардын бири Т. айтып калгандары жандырмагын издейт, айрым учурда олтургандар эки жакка бөлүнүп алып, биринчи тарабы суроо салып, экинчи тарабы жооп издейт. Мында Т-ты көп билгендер, же өзү ойлоп чыгаргандар о. эле алардын жандырмагын таамай тапкандар жеңишке жетишкен. Т. төмөндөгүдөй кош кабат жаматты көзөмөл тутат. Биринчиден, Т. мазмуну программалуу келет б. а. аларда жаратылыш кубулуштары, асман, ай, күн, жылдыздар, жаныбарлар м-н өсүмдүктөр дүйнөсү, элдик үрп-адат, каада салт, адам ж-а анын дене мүчөлөрү, тиричилик үчүн керек болгон тамак-аш, кийим кече, үй жай, ар кандай эмгек куралдары тигил же бул жумушту аткаруунун жол жоболору каймана мааниде туюнтулат. Ушундан улам, Т. бүгүнкү мектептердин дээрилик бардык окуу китептеринде өтө көп кездешет. Экинчиден табышмактын жандырмагын табуу балдарды ой жүгүртүүгө калыптандырат, мажбурлайт, өз алдынча ойлоп табуунун кубанычына бөлөйт, өзүнүн анык дараметине ишеничин арттырат, анын эсин чыйралтат.

**ТАРБИЯ -** (тарбиялоо) – жаш муундарды коомдук турмушка ж-а өндүрүмдүү эмгекке даярдоо максатында коомдук-тарыхый тажрыйбаларды берүү же өткөрүп берүү. Т. – чөйрөнүн ж-а атайын уюштурулган шарттардын таасири астында балдардын (мектеп курагындагылар) жан дүйнөсү ж-а дене күчтөрүнүн өнүгүшү; көзкараштарынын калыптанышы; билим, ык ж-а машыгууда кабыл алышы ишке ашат. Бул иште уюшкан пед. процесс негизги мааниге ээ. Пед. процесс тарбиячылардын тарбиялануучуларга болгон таасирин максаттуу ишке ашырат. Мектеп м-н (мектептен тышкаркы мекемелер дагы) бирдикте үй бүлө, чөйрө, турмуш-тиричилик, жашоо шарттар баары тарбиялоочу мааниге ээ. Алардын таасири белгилүү кырдаалдарда (шарттарда) өзгөчө мааниге ээ.

Т. коомдун эң зарыл функциясы, б. а. коомдун тарыхый, өнүгүү процесси, белгилүү өлчөмдө Т-га байланыштуу болгондуктан ал түбөлүк категория катары каралат. Арийне Т. мазмуну, формалары ж-а методдору тарыхый шартталгандыктан, адамдардын коомдогу мамилелеринин өзгөрүшүнө жараша өзгөрүп олтурат.

**ТАРБИЯЛАНУУЧУ -** – тарбиялык таасирдин объекти болгон (таалим-тарбия мекемелердин шартындагы - бала, өспүрүм, кыз же жаш улан) адам. Тарбиялык таасир мугалим, тарбиячы, коллектив, окуучулар, коомчулук, үй-бүлө ж. б. уюмдар ж-а алардын биргелешкен ишракеттеринен чыгат. Т. – тарбиянын пассивдүү объекти гана эмес, өзүнүн жеке сапаттарын калыптандырууда ага дамамат активдүүлүк мүнөздүү. Анткени адам баласы иш-аракеттин негизинде тарбияланат. Чөйрөнүн ж-а атайын уюштурулган шарттардын таасири аркылуу анын жүрүм-турумуна инсан аралык мамилелерине ж-а иш-аракеттерине таандык бекемделген инсандык кулк-мүнөзү бекемделип калыптанат. Т. тигил же бул коллективдин мүчөсү катары өз жолдошторуна таасир этүү м-н тарбиялоо процессинин объектинин субъектине айлана баштайт.

**ТАРБИЯЧЫ** – тарбиялык таасирди ишке ашыруучу адам же коллектив (мугалимдер, окуучулар, коомчулук, үй-бүлө коллективи). Билим берүүчү (таалим-тарбиялоочу) мекемелерде тарбиялык милдеттерди аткаруучу кызмат адамы. Билим берүүчү мекемелерде ал милдетти бардык мугалимдер аткарат; ал эми V–XI класстарга тарбия иштерин уюштуруу ж-а шайкеш келтирүү үчүн класс жетекчилер дайындалат. Ал эми балдар үйлөрүндө, мектеп-интернаттарында, узартылган күнү бар мектептерде, аскердик мектеп, колледждерде ар бир класска же группага атайын Т. к. кызматтык орун (штат) каралат же бекитилет. Ошондой эле мектепке чейинки мекемелерде иштеген педагогдор да Т. к. деп аталат. Т. к-га болгон негизги талаптар эң жогорку өздүк адеп-ахлактык сапаттар, балдарга ызаат-урмат ж-а сүйүү м-н мамиле жасоо, жаш курактарына ылайык талап кыла билүү; аткарган иштерине зарыл болгон атайын (пед. социалдык ж. б.) билимдерге ээ болуу, тарбиялануучуларды уюштура билүү ыгынын болушу ж-а алардын түрлүү иштерине кол кабыш бере билүүсү керек.

**ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТТАРЫ -** – тигил же бул методду колдонууну шарттаган иш-чаралар (аңгемелешүү, жыйналыш, экскурсиялар, кечелер ж. б.); окуучулардын ишмердигинин түрлөрү (предметтик ийримдер, олимпиада, конкурстар, жеке тапшырмаларды аткаруу); көргөзмө куралдар көркөм адабият үлгүлөрү, кинофильмдер, массалык-маалымат буюмдары ж. б. Мис., ынандыруу тарбиялоонун методу катары сабакта ж-а сабактан тышкаркы учурларда саясат, искусство, адеп маселелери б-ча аңгемелешүү, талкуу өнөрү, лекция окуу сыяктуу иш-чаралар аркылуу ишке ашат. Ал эми көнүгүү методунун негизги каражаттарына сүрөт тартуу, ырдоо сочинение жазуу, бийлөө, роль ойноо, драмалаштыруу ж. б. кирет.

**ТАРБИЯЛООНУН МЕТОДДОРУ -** (грекче «методос»-«жол») – тарбиялоонун максатына жетүү жолу. Педагогикада бул түшүнүккө окумуштуулар арасында ушул мезгилге чейин бир пикир жок. Практикада, тарбия берүү процессинде тарбиялоонун методун төмөнкүдөй түшүнүк м-н колдонуп жүрөт. Т. м. тарбия процессинде, тарбиялануучулардын ар кандай ишмердүүлүгүн уюштурууда алардын инсандык сапаттарын, касиеттерин, көз караштарын, ынанымдарын, көнүмүш адаттарын тарбиялоонун максаттарына ылайык өнүктүрүүгө, калыптандырууга багытталган атайын

ыкмалардын жыйындысы. Жогоруда көрсөтүлгөндөргө таянсак Т. м. көп кырдуу ж-а көп жактуу кубулуш болуп эсептелет. Демек, тарбиялоонун да методдору ошондой көп жактуу, көп кырдуу:

Азыркы учурдун талабына ылайык, Т. м-нун төмөндөгүдөй топтору бар:

I топ- окуучунун социалдык тажрыйбасын калыптандыруучу методдор: педагогикалык талап, көнүгүү тапшырма берүү, үлгү көрсөтүү, улуу адамдарды үлгү көрсөтүү, эркин тандоонун кырдаалы.

II топ- окуучу өзүнүн иш-аракетине, жүрүм-турумуна, социалдык тажрыйбасына, оюна ой жүгүртүүчү методдор: аңгеме, лекция, ангемелешүү, дискуссия.

III топ – окуучунун (тарбиялануучунун)-өзүн-өзү аныктоочу методдор: окуучунун өзүнүн сырткы ж-а ички келбети, жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүгү, мүнөзү ж-дө билимдерге сын көз караш м-н кароо жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга багытталган иш-аракеттер.

IV топ – тарбиялоо процессинде окуучулардын мамилесин, иш-аракеттерин коррекциялоо ж-а стимулдаштыруу: мелдештер, мактоолор, жазалар.

**ТАРБИЯЛООНУН ПРИНЦИПТЕРИ -** – тарбиялоо процессин уюштурууда анын мазмунуна, методдоруна карата талаптардын жалпы жобосу же жетектөөчү эрежеси. Т. п. жөнөкөй эле кеңеш, сунуш катары каралбастан, сөзсүз түрдө ошол принциптер төмөндөгүдөй талаптарды аткарыш керек. Ал талаптар: милдеттүүлүк, комплекстүүлүк, бирдей маанилүүлүк.

Т. п. азыркы мезгилде ж-а бул мезгилге чейин эле тарбиялоо системалары тарбия принциптерине таянып келген. Тарбиялоонун принциптери ж-а ага болгон талаптар да өзгөрүлүп, оңдолуп турат. Азыркы мезгилде окумуштуулардын арасында көп кырдуу, ар кандай ойду камтыган тарбиялоонун төмөндөгүдөй принциптери иштелип чыккан: инсандын жалпы үзгүлтүксүз ж-а кесиптик өнүгүүсү; инсандык; полисубьектүүлүк; ишмердүүлүк; жекече-чыгармачылык; табигый шайкештүүлүк; маданий шайкештүүлүк; коомго багыттуулук; жашоо, эмгек м-н байланыштуулук; тарбияда оң тараптуулукка таянуу; гумандаштыруу; бирге аракеттешүүлөр; оң тараптуу эмоционалдык чөйрөнү түзүү;

**ТЕОРИЯ МЕНЕН ПРАКТИКАНЫН БАЙЛАНЫШЫ -** – окутуу процессинин психологиялык–дидактикалык негизги принциптеринин бири. Окутуудагы теория ж-а практика бул дүңүнөн алынган таанып билүү процессинин бири-биринен ажырагыс, терең байланыштагы эки жагы, компоненттери. Өздөштүрүлүүгө тийиш болгон билимдердин системасы катарында теория, түшүнүктөр, закон ченемдүүлүктөр ж-а формулалар түрүндө, тигил же бул деңгээлде ар бир окуу предметинин структурасын түзөт.

Т. м-н п. б. биринчиден, практика каалагандай теориянын, ар кандай илимдин башаты, соолубас булагы катарында кызмат кылгандыгы м-н шартталат. Илим адам баласынын дүйнөнү таанып-билүү зарылчылыгы м-н пайда болуп, калыптанып, анын андан ары өсүп-өнүгүшүнө да өбөлгө түзөт. Ушуга окшош эле, окутуу процессинде практика, окуучулар үчүн жаңылык болгон түшүнүктөрдү ж-а законченемдүүлүктөрдү окуп үйрөнүүнүн алгачкы, башталыш пункту катарында да кызмат кыла алат. Бул максатта окуучулардын турмуштук тажрыйбасы, алар аткарган эксперименттик же лабораториялык иштердин жыйынтыктары, о. эле практиканын ж-а өндүрүштүн талаптарынан улам келип чыккан илимдеги ири ачылыштар жөнүндөгү мугалимдин аңгемеси ж. б. пайдаланышы мүмкүн.

Т. м-н п. б. экинчиден, ар кандай теориянын толук кандуулугунун ченөлчөмү практика экендиги м-н аныкталат. Ушуга байланыштуу, окутуу процессинде, мазмундук мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушуна жараша, теориялык мүнөздөгү тигил же бул маалыматтардын чындык экендигине эксперименттин, атайылап түзүлгөн тапшырмаларды аткаруунун ж.б. натыйжаларына таянуу аркылуу окуучуларды ынандыруу максатка ылайыктуу.

Т. м-н п. б. үчүнчүдөн, практика м-н теорияны колдонуунун, пайдалануунун сферасы болгондугунда турат. Практикалык ар түрдүү билимдерди кеңири колдонуу белгилүү деңгээлде, теориялык илим-билимдин өзүнүн байышына, кеңейишине гана алып келбестен, ошону м-н бирге эле анын чыныгы түрдө жалпыланышына ж-а ийкемдүү болушуна да шарт түзөт.

Т. м-н п. б. конкреттүү формалары ж-а окуучулардын акыл-иш аракеттеринде алардын өз ара айкалыштырылышы ж-а бул максатта колдонулган методикалык каражаттар ар түрдүү болушу мүмкүн экендиги түшүнүктүү.

Жыйынтыктап айтканда, билим алуунун жүрүшүндө, окуучу илим-билимдердин негиздерин өздөштүрүү м-н гана чектелбестен, ошону м-н бирге эле, аларды практикалык иш-аракеттерди аткарууда эффективдүү пайдалана билүүнүн тиешелүү жолдорун өздөштүргөнү абзел.

Мында тиешелүү түрдө, чыныгы эмгектенүү м-н тыгыз байланышта болгон машыгууларды калыптандыруунун мааниси чоң экендиги талашсыз. Ошол эле учурда практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүү, окуучулар үчүн жаңы теориялык окуу материалдарын өздөштүрүүгө сүңгүп кирүүнүн, айлана–чөйрөгө карата таанып-билүү кызыгуусунун пайда болушунун ж-а калыптанышынын булагы б-п калганы жөндүү.

**ТЕСТ -** (англ. – test – сыноо, текшерүү, байкоо жүргүзүү) – сыналуучунун (окуучу, инсан ж. б.) психофизиологиялык өзгөчөлүгүн, билим, билгичтик ж-а көнүм деңгээлдерин кыска убакыттын ичинде аныктоого арналган каражат. Т. ички мазмунуна жараша стандартташтырылган тапшырма, аткарган функциясына жараша процесс деп да айтылат. Колдонуу чөйрөлөрүнө жараша т. психологиялык, педагогикалык ж-а кесиптик багыттарга бөлүнөт. Окуу процессинде колдонулуучу тест контролдоонун формасы катары аныкталат.

Адамды изилдөөдө, анын өзгөчө-лүктөрүн ченөөгө ж-а баалоого, аларга мүнөздөмө берүүгө чоң маани берилет. Мына ушул ченөөнүн жана баалоонун бирден бир эффективдүү каражаты болупп тест эсептелет.

Инсандын өзгөчөлүктөрүн каражаттын жардамы м-н ченөө проблемалары XIX к-дын аягында психологдордун кызыгууларын пайда кылган. Англиялык психолог Ф. Гальтондун 1883-ж. жарык көргөн «Адамдардын жөндөмдүүлүктөрүн ж-а алардын өнүгүшүн изилдөө» эмгегинде төмөнкүдөй теориялык тыянак чыгарылган: 1) көп сандаган сыналуучуларга бир канча сыноо жүргүзүүгө болот; 2) сыноонун жыйынтыгы статистикалык жол м-н иштелип

чыгат; 3) жыйынтыгы эталондук үлгүнүн негизинде бааланат. 1890-ж. америкалык психолог Дж. Кеттел Т. ыкмасын негиздеп чыгып, «тест» терминин сунуш кылган. Т-тин алгачкы колдонуулары психологиялык багытта болгон. XIX к-дын 90-ж-дан баштап окуучунун билим-көндүм деңгээлдерин аныктоо максатында тесттин пед. багыты жолго коюла баштаган. Т-тин пед. багытта (жетишкендик т-тери) кенен колдонулушу француздук окумуштуулар А. Бинэ ж-а Т. Симондун эмгектерине таандык (1905–1908-ж). Ушул жылдары окуучулардын практикалык ж-а таанып билүү аракеттерин ченөө үчүн интеллектуалдык шкалалар иштелип чыккан. XX к-дын башынан тартып, мектеп предметтерине арналган т-тик тапшырмалардын алгачкы жыйнактары басмадан жарык көрүп, окуу процесстеринде колдонула баштаган. 1915–1917-ж-дары америкалык психолог Р. Йеркестин изилдөөлөрүнүн натыйжасында ар бир тапшырманын «салмагына» жараша балл ыйгаруу сунушталып, сыноонун жыйынтыгын баллдык системанын негизинде чыгаруу кабыл алынган. 1915-ж-дардан баштап, мекемелерге ылайыктуу адисти тандап алуу аракетинде кесиптик т-тер түзүлүп, турмушта пайдаланыла баштаган.

Совет өлкөсүнүн мектеп практикасында тестти колдонуу 1920-жылдарга туура келет. Окуу процессинде тест педологиялык кызматтын методу катары милдет аткарган. П. П. Блонский, С. И. Архангельский, Е. Гурьянов, К. Н. Корнилов ж. б. окумуштуулар т-тин советтик билим берүү системасына кенен жайылтылышына зор өбөлгө түзүшкөн. Бул жылдары тесттин тапшырмаларынын түрлөрүн тактоо, аларга коюлуучу талаптарды аныктоо маселелери изилденген. Бирок, ВКП(б) БКнын 4. 07. 1936-ж-дагы «Наркомпросстордун системасындагы педологиялык бузуулар тууралуу» аттуу токтомунун негизинде тестти билим берүү системасында колдонууга тыюу салынган. Кийин, 60-ж-дары программаланган окутуунун бардык өлкөлөрдө жайылтылышы м-н бир катар т-ке дагы кайрадан көңүл бурула баштаган. 60-ж-дардын аягынан тартып тестти билим берүү системасында колдонуу (нормалык ж-а критериалдык тесттер) маселеси күч алды. Т-ти өнүктүрүү ж-а кеңири колдонуу максатында өлкөлөрдө тест жүргүзүү б-ча борборлор уюштурулган.

Т. сыналуучунун өзгөчөлүктөрүн объективдүү аныктоочу каражат. Ошол себептен тестке бир канчалаган талаптар коюлат: 1) т-тин бардык текшерилүүчү өзгөчөлүктөрдү камтып, ар бир сыналуучуга жекече варианттагы тапшырмаларды ыйгарууга ылайык болушу; 2) т-тин мазмуну текшерилүүчү өзгөчөлүктөргө шайкеш келүүсү; 3) тапшырмалардын сыналуучу үчүн анык, түшүнүктүү, эки ача мааниде болбой, деңгээлдүү тартипте болушу; 4) варианттардын бирдей татаалдыкта түзүлүшү**.**

**ТЕСТИРЛӨӨ -** – алдын-ала түзүлгөн, апробацияланган тапшырмаларды колдонуу м-н сыналуучунун өзгөчө-лүгүн аныктоо. Т. аткаруучу функциясына жараша уюштурулат. Т-нү уюштурууда ыйгарыла турган тапшырмалар, уюштуруу орду, убакыт алдын ала белгиленет. Т. алдында тапшырмаларды аткаруу, жооп-баракчаларын толтуруу ирети, Т. убактысы б-ча сыналуучуларга инструктаж өткөрүлөт. Т-гө берилген убакыт аяктагандан кийин, сыналуучулардын аткаруу иштери жыйналып алынат, математика-статистикалык методдун негизинде жыйынтыктары чыгарылат, кийинки учурда аткарылуучу иш-аракеттер белгиленет.

Психологияда ж-а кесип тандоодо сыналуучунун психофизиологиялык кесиптик жөндөмү аныкталат. Билим берүү жаатында сыналуучунун билим деңгээлин аныктоо максатында колдонулат.

Мектептердин окуу-тарбия процессинде Т. педагогикалык диагноздоонун бирден бир эффективдүү каражаты деп эсептелет. Окуучунун алдын-ала билимин текшерүүдө т. контролдоонун диагноздоочу ж-а мотивациялык функцияларын аткарат. Күнүмдүк контролдоону уюштурууда Т. аркылуу тескери байланыш, диагноздоочу, коррекциялоочу, окутуучу ж-а өнүктүрүүчү функциялары ишке ашырылат. Ал эми темалык ж-а жыйынтык контролдоону уюштурууда Т-нүн аткаруучу негизги функциялары болуп баалоочу, текшерүүчү ж-а өнүктүрүүчү функциялары эсептелет.

Тестирлөөнү уюштуруунун этаптары – төмөнкүдөй иш-аракеттерди камтыйт: тестирлөөнүн максатын ж-а мазмунун аныктоо; тесттик тапшырмаларды түзүү; жыйынтыктоочу материалдарды алдын ала даярдоо; тестти репрезентативдүү тандалган сыналуучуларга апробациялоо, тесттин сапатын арттыруу; сыноону уюштуруу; жыйынтыгын чыгаруу ж-а интерпретациялоо. Тесттин сапатын арттыруу - тест тапшырмалары түзүлүп, алар апробацияланганда кийинки аткарылуучу иш-аракеттер. Т. сапатын артыруучу негизги иш аракеттер болуп тесттин жарамдуулугун (валиддүүлүк), татаалдык даражасын, ишенимдүүлүгүн ж-а айырмалоочу күчүн аныктоо эсептелет. Жарамдуулук - текшерүүнүн максатына тесттин адекваттуу болушу ж-а текшерилүүчү материалдын мазмунун толук камтый алышы, б. а. эмнени текшерүү максат кылынган болсо (билим, билгичтик ж-а көндүм), тесттик тапшырмалардын ошого шайкеш түрдө түзүлүшү. Т. сапатын артыруу сыналуучунун билимдери ж-а билимдер колдонулган таанып-билүү аракеттери текшерилет. Ошол себептен жарамдуулук мазмундуу ж-а функционалдык болуп бөлүнөт. Мазмундуу жарамдуулукту аныктоодо: 1) текшерилүүчү предметтин, бөлүмдүн мазмуну изилденет, 2) аныкталган билимдер ж-а билим элементтери тапшырмада камтылуу даражасы текшерилет, 3) жарамдуулук деңгээли (жогору, орто, төмөн) аныкталат. Функционалдык жарамдуулукту аныктоодо тест тапшырмаларында таанып билүү аракеттери канчалык деңгээлде камтылгандыгы айкындалат. Тесттин татаалдык даражасын аныктоо максатында тест камтыган ар бир тапшырма анализденет. Сыналуучунун ээ болгон тиешелүү чийки (кам) баллдарына (упайларына) жараша ар бир тапшырманы аткаруу пайызы, тапшырманын оордугу же жеңилдиги статистикалык методдордун негизинде анализденет. Туура жообун тандап алууга ылайыкталган (көптөн тандама) тапшырмалардын ар бир даяр жоопторун тандап алган сыналуучулардын саны дагы анализденип, начар тапшырманы оңдоо, же болбосо анын ордуна башка тапшырмаларды түзүү керектиги айкындалат. Тесттин татаалдык даражасына жараша аны массалык сыноолордо (мис., кабыл алуу экзамендери), же болбосо окуу процессинде колдонуу маселеси чечилет. Изилденүүчү өзгөчөлүктү канчалык деңгээлде так аныктап бере алышы тесттин ишенимдүүлүгү деп айтылат Ишенимдүүлүктү аныктоо үчүн төмөндөгүдөй ыкмалар колдонулат: 1) Бир нече убакыт өткөндөн кийин, бирдей шартта тестирлөө кайрадан уюштурулат (ретест). Эгерде мурдагы сыноонун жыйынтыгына барабар же жакын жыйынтык алынган болсо, анда тест ишенимдүү деп эсептелет; 2)

Бирдей деңгээлдеги тесттердин эки варианты сунуш кылынат, эгерде экөөнүн жыйынтыгы бирдей болсо, анда тест ишенимдүү; 3) Бир эле тест бирдей деңгээлдеги эки группага сыналат, алынган жыйынтыктар бири-бирине жакын болсо, тест ишенимдүү деп эсептелет; тапшырманын айырмалоочу күчү (тапшырманын күчтүү сыналуучуларды начар сыналуучудан айырмалоо сапаты) түзүлгөн тапшырманын сапаттуулугун текшерүүнүн каражаты деп эсептелет. Эгерде күчтүү сыналуучулардын бир тапшырмадан алган баллдарынын (упайлары) пайызы м-н начар сыналуучулардын ошол тапшырмадан алган пайызынын айырмасы 0,3 төн (же 30%тен) жогору болсо, мындай тапшырмалар сапаттуу тапшырмалар болот. Эгерде айырма 30%тен төмөн болсо, андай мындай тапшырмаларды оңдоо же алмаштыруу талап кылынат.

Тесттин өзгөчөлүктөрү. Тест өзгө-чөлөнгөн касиетке ээ: 1) тест өзгөчө процедураларды камтыйт, тестти уюштуруу алдын-ала ил. түрдө аныкталган этаптардын негизинде жүр-гүзүлөт; 2) тест оперативдик тескери байланышты камсыз кылат, анын негизинде окуучунун билими, аракеттери тууралуу мугалимдер тез аранын ичинде маалымданат; 3) тест прогноздоочу белгиге ээ, б. а. сыналуучунун алдыдагы ээ боло турган деңгээлдери, аны м-н бир катар окуу материалын окуучу кандай өздөш-түргөн болоору алдын ала прогноздолот; 4) тапшырмаларды түзүү этабы м-н параллелдүү түрдө окуучу жооп бере турган билим-көндүм критерийлери, тапшырманы аткаруусуна жараша окуучуга ыйгарылуучу баллдар, билим өздөштүрүү коэффициенттери, ар кандай формадагы жолдомо-көрсөтмөлөр пландаштырылат; 5) жыйынтыгынын оперативдүү маалымдалышынын негизинде окуучунун билим актуалдуулугу артат; 6) жыл бою окуу процессинде окуучунун билим өздөштүрүүсүнө, билим өсүшүнө байкоо жүргүзүү (мониторинг) мүмкүнчүлүгүнө дагы ээ; 7) тестирлөө процесси - массалуулуктун шартындагы жекече контроль жүргүзүүнүн артыкчылыгын далилдей алат.

Тесттин колдонуу багыттары. Тест психологиялык, педагогикалык ж-а кесиптик багытта колдонулат. Тестирлөөнүн психологиялык багыты инсандын психологиялык өзгөчө-лүктөрүн изилдөөгө арналган ж-а мындай тесттерди жалпы жонунан психодиагностикалык тест деп аталат. Психодиагностикалык тест психологиялык эксперимент катары пайдаланылат, анын жардамы м-н так аныкталган шартта стандартташтырылган тапшырмаларды сунуштоонун негизинде сыналуучунун психологиялык өзгөчө-лүктөрү, белгилери аныкталып, изилденет. Психодиагностикалык тесттерди түзүүнүн ж-а практикада колдонуунун теориялык негиздерин иштеп чыгууга чет элдик окумуштуулар Ф. Гальтон, Дж. Кеттел, А. Бинэ, Г. Мюнстерберг, А. Анастази, советтик психологдор П. П. Блонский, Л. С. Выготский, А. Смирнов, Б. М. Теплов ж. б. чоң салым кошкон.

Азыркы учурда психодиагностикалык тесттин төмөнкүдөй түрлөрү практикада кеңири колдонулат:

Жалпы акыл жөндөмдүүлүктөрүн аныктоочу тесттер, буга инсандын акыл деңгээлдерин аныктоочу, маалыматтарды акылга сактоо даражасын иликтөөчү, инсандын демөөргө (стимул) карата реакциясынын ылдамдыгын, деңгээлин изилдөөчү, ой жүгүртүү байлыгы, б. а. жалпы акыл өнүгүшүнүн деңгээлин аныктоочу тесттер кирет;

Сыналуучунун айрым бир жөндөм-дүүлүгүн аныктоочу тесттер, мында инсандын айрым иш аракеттери, акыл жөндөмү изилденет. Мис., окуучунун математикалык жөндөмүн аныктоо ж. б.;

Инсандын сапаттык өзгөчөлүктөрүн аныктоочу тесттер, мис., физиологиялык өнүгүүсүн изилдөө, материалды, же ыкмаларды өздөштүрүү темпи, тактыгы, кызыгуулары, мамилеси, мүнөзү ж. б.

Психодиагностикалык тесттин жыйынтыгы м-н ар кандай мазмундагы таблицалар, диаграммалар түзүлүп, ар бир окуучуга, инсанга кийинки учурларда кандай жардам көрсөтүү керектиги, инсандын ж-а окуучунун өзү кандай аракеттерди жасоо керектиги тууралуу түшүн-дүрмөлөр иштелип чыгат.

Тестирлөө системасынын *педагогикалык багыты* окуучунун билим деңгээлин аныктоого, билими б-ча ар бир окуучунун класстагы ордун аныктоого, билим баалоого ж-а билим берүү сапатын аныктоого негизделген (***педагогикалык, дидактикалык тесттер***).

*Кесиптик тесттер* мекемелер үчүн ылайыктуу адисти тандап алууда, кесип тандоодо колдонулат. Мындай тесттердин алгач пайда болушуна ж-а теориялык негизин түзүүгө америкалык адистер Ф. Тейлордун жана Ф. Гильберттин, француздук психолог Я. Амардын, советтик окумуштуу-психологдор К. М. Гуревич ж-а К. К. Платоновдун эмгектери өбөлгө түзгөн. Изилдөөлөрдө өндүрүшкө, мекемелерге жарактуу адисти тандап алуу үчүн инсандын физиологиялык ж-а психологиялык өзгөчөлүгү, сапаты өзгөчө мааниге ээ экендиги баса көрсөтүлгөн. Инсандын кесипке жарактуулугун текшерүүдө бирин-экин сапатына гана басым жасоо жетишсиздик кылат. Демек анын ар кандай өзгөчөлүктөрүнө, касиеттерине комплекстүү түрдө анализ кылуу талап кылынат. Инсандын кесипке жарактуулугун текшерүү багытында анын ден соолугу, жалпы ж-а атайын жөндөмдүүлүктөрү, даярдыгы (билими, аракеттеринин деңгээли), эрктүүлүгү ж-а эмгектенүү сапаттары эске алынат. Анын негизинде тесттик тапшырмалар түзүлүп, экспертизадан өткөрүлөт. Кесиптик тесттерди уюштуруу иштери төмөндөгү принциптерге таянат:

Тандап алуунун бирдиктүүлүгү, б. а. бардык сапат эске алынышы керек;

Инсандын ар тараптан изилденүүсү;

Инсандын өнүгүү динамикасынын изилдениши;

Инсандын иш аракеттериндеги активдүүлүгү**.**

Тесттин түрлөрү. Сыноо уюштуруунун дүйнөлүк практикасында, кээ бир өзгөчөлүктү негиз кылып алуунун натыйжасында тесттер бир нече түрлөргө бөлүнгөн. Инсандын психологиялык сапаттарын негиз кылып алууда тесттер жалпы акыл жөндөмдүүлүктөрүн аныктоочу, айрым бир жөндөмдүүлүктү аныктоочу, креативдүү, личносттук ж-а жетишкендик тесттери деп бөлүнүшөт. Уюштуруу тартиби б-ча стандартташтырылган ж-а стандартташтырылбаган тесттер кездешет. Аткаруу милдеттери боюнча тесттер жалпы диагностикалык, интеллектуалдык, жөндөмдүүлүктү аныктоочу деп бөлүнүшөт. Текшерилүүчү предметтерге жараша гомогендүү ж-а гетерогендүү, сөз катышын эске алуу м-н вербалдык ж-а вербалдык эмес деп бөлүнөт. Мындан тышкары объективдүү тесттер чет элдик тестирлөө практикасында кездешет.

Тесттин формалары. Сыноону уюштуруунун сырткы көрүнүш белгилерин эске алуу м-н (сыноо убактысы, окуучулардын саны, уюштуруу орду жана ирети) тесттин төмөнкүдөй формалары негизделген.

1) Аракеттенүү тесттери. Сыноодо окуучунун ар кандай куралдар, материалдар м-н аракеттенүүсүнүн сапаты текшерилет. Мис., окуучунун сүрөт б-ча керектүү деталдарды чогултуу аракеттери, кенже окуучулардын фигураларды класс-группа б-ча иреттештирүүсү, карта б-ча сыналуучулардын ориентирлери, дене-тарбия сабагында окуучунун норманы аткарууга карата аракети, информатика сабагында окуучунун компьютер м-н аракеттенүүсү.

2). Бланкалык тестирлөө. Алдан-ала даярдалган бланкаларда же баракчаларда сыналуучуга ыйгарыла турган тесттик суроолор ж-а тапшырмалар келтирилген. Баракчалардын бош жерлерине же болбосо кадимки эле дептердин баракчаларына тапшырмаларды аткаруу сунуш кылынат. Окуучулардын тапшырмаларды аткаруусу, жоопторун жазуу ирети б-ча мугалимдер тарабынан атайын инструктаж өткөрүлөт. Даяр жооптору бар тапшырмаларды аткарууда окуучу туура деп эсептеген жооптун номерин тегеректейт. Жообун берүүгө ылайыкташкан тапшырмаларды аткарууда окуучу бланкадагы же баракчадагы бош орундуктарга жоопторун жазат. Жыйынтыгы алдын-ала даярдалган «ачкыч» аркылуу текшерилет.

3. Компьютердик тест. Компьютер тарабынан тапшырмалар ирети м-н экранга чыгарылат. Тапшырманын жооптору сыналуучу тарабынан клавиатура аркылуу же болбосо «мышь» аркылуу белгиленет. Ар бир берилген жоопту “ачкыч” аркылуу салыштыруу м-н, компьютер улам кийинки тапшырманы сунуш кылат. Сыноо аяктагандан кийин статистикалык маалыматтар, коюлуучу баалар, жыйынтык материалдар экран же принтер аркылуу сунуш кылынат.

4. Оозеки тестирлөө. Чет элдик билим берүү системасында окутуунун айрым бир этаптарында колдонулуучу тестирлөөнүн бир формасы болуп эсептелет. Бөлүм-темалардагы негизги түшүнүктөрдүн калыптанышы, аныктамалардын өздөштүрүлүшү, гуманитардык-сүйлөмө сабактарда кай бир окуялардын-мезгилдердин, эрежелердин ж-а терминдердин туура чечмелениши текшерилет. Окуучулар оозеки жооп берип, мугалимдер жооп берүү критерийлеринин негизинде сыналуучунун билимдерин баалашат.

**ТАНДАМА БИЛИМ АЛУУ -** – учурдагы тездик м-н өнүгүп бара жаткан билим берүүнүн ж-а билим алуунун тандама жолу; мамл. билим берүү тармактарынан тышкары, мамл. эмес уюм-мекемелердин эсебинен тандоо жолу м-н билим алуу мүмкүнчүлүгү. Мис., мамлекеттин эсебинен билим алуу жолдору м-н катар келишим б-ча мамл. эмес уюмдар тарабынан кошумча билим же адистикти өркүн-дөтүү мүмкүнчүлүгү бар.

**ТАРБИЯЛООНУН МЕТОДДОРУ -** – тарбиялоонун көп кырдуу милдеттерин жүзөгө ашыруунун жолдору; тарбияланууучу м-н тарбиячынын өз ара бири бирине таасир көрсөтүүсүнүн ыкмалары.

Ар бир коомдун, билим берүү мекемесинин о. эле ар бир педагогдун Т. м. ж-дөгү көз караштарында белгилүү айырмачылыктар болот. Мис., авторитардык пед. системада ынандыруу, буйрук, талап, жазалоо сыяктуу методдорго көбүрөөк орун берилет; ал эми тарбиялоонун демократиялык стили ишендирүү, үйрөтүү, алкоо, өрнөк көрсөтүүгө артыкчылык берет. Тарбиялоо татаал кубулуш. Ал тарбиялоонун максаты, ишке ашыруунун каражаттары, колдонуунун ырааттуулугу, инсандык фактор (тарбиячынын ж-а тарбияланууучунун позициялары ) сымал критерийлердин негизинде чечмеленет.

Ошондуктан Т. м-ун классификациялоо маселесинде түрдүү көз караштар, кайчы пикирлер арбын.

Алсак, Н. И. Болдырев, Н. К. Гончаров ж-а Ф. Ф. Королевдор Т. м-ун жалпысынан ынандыруу, көнүүгү, алкоо ж-а жазалоо сыяктуу топторго бөлүп карайт. Ал эми Т. А. Ильина ж-а И. Т. Огородников ынандыруу, окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруу, жүрүм-турумун стимулдаштыруу методдорун бөлүп карашкан.

Практикада педагог кайсыл методду колдонуп жатканы ж-дө олутуу ойлонбошу деле мүмкүн, бирок кыйын кырдаалдан чыгуу үчүн тигил же бул методдун зарылдыгын сезбей койбойт. Т. м. системаларын тандап алуу коллективдин жетиктиги, курактык өзгөчөлүктөрү, тарбияланууучулардын өнүгүү деңгээли сыктуу факторлор м-н аныкталат. Т. м-нун системасын тандап алууда тарбия процесси дайыма тарбиячы м-н тарбияланууучунун өз ара алака катышы аркылуу белгилүү бир пед. системанын алкагында ишке ашаарын көңүлгө түйүү зарыл.

Жогорудагыларды эске алуу м-н Т. м-ун үч топко бөлүп кароого болот: ишмердүүлүктүн ж-а карым-катнаштын жаңы түрлөрүн киргизүү алардын мазмунун татаалдаштыруу формаларын өркүндөтүү аркылуу тарбияланууучулардын ишмердүүлүгүн ж-а алака катыш маданиятын өзгөр-түү; коллективдеги мамилелерди өзгөртүү методу (балдарды өзүнө тартуучу жаңы мамилелерди демонстрациялоо); тарбиялоо системаларынын компоненттерин өзгөртүү методу (жаңы педагогикалык максаттарды, коллективдин максаттарын, коллективдин өзүнүн курчап турган дүйнөдөгү орду өсүп-өнүгүү, жетилүүнүн перспективалары жөнүндөгү көзкараштарды аныктоо ж. б). Бул методдордун үч тобу тең ар бир тарбияланууучунун личностун оң багытта өнүктүрүү үчүн өбөлгө болот.

**ТИЛИ АЯЛУУ БАЛДАР МЕКТЕБИ -** – угуусу ж-а интеллекти нормалдуу, бирок речиндеги кемчилдиктен жапа чеккен балдар үчүн ачылган атайын окуу-тарбия мекемеси (атайын мектептер, жатак мектептер, узартылган күндүү мектептер). Мындай мектептер экиге бөлүнөт: 1) дудук, тантык, келегей ж.б. тилинде кемчилиги бар балдар 11 жыл окуп, толук эмес орто билимге ээ болот; 2) өтө кекечтенип сүйлөгөн балдар мектеби. Бул мектептин балдары речиндеги кем-өксүктөрдөн арылгандан соң жалпы мектепке которулат. Балдардын речиндеги кем-өксүктөрдөн арылтуу, түзөтүү аларды кадыресе сүйлөө, окуу ж-а жазууга үйрөтүү мектептин бүткүл окуу-тарбия ишинин мазмунун түзөт. Мектепте балдардын дене тарбиясына ж-а алардын ден соолуктарын чыңдоого өзгөчө көңүл бурулуп, балдар психоневролог ж-а оторинолоринголог сыяктуу дарыгерлердин такай көзө-мөлүндө болот. Мектеп балдарга жалпы билим берүү м-н катар эле кесиптик даярдыкка ээ кылат.

**ТИМОФЕЕВ -** Александр Иванович (1923-ж. т. – Ленинград обл.). Кырг. мамлекеттик ун-тин (1952) бүтүргөн, педагогика илимдеринин кандидаты (1968), профессор (1988). Талас обл. мугалим, мектеп директору, КПИИ ага

ил.кызматчы, сектор башчы, МБӨР инст-да окутуучу, КМУда, КББ ин-да, КББ Академиясында кафедра башчы. 50дөн ашык ил. ж-а ил. методикалык эмгектин автору.

**ТОГОЛОК МОЛДО -** – Байымбет Абдрахман уулу (1860, Акталаа р-ну – 1942) – кыргыздын улуу акыны, иштиктүү педагог. Анын ырчылык, жомокчулук дарамети, пед. ишмердиги тууралуу бир катар изилдөөлөр бар. Т. М. пед. мазмундагы чыгармаларында баланы жашынан тарбиялоонун бирден – бир шарты аны өндүрүмдүү эмгекке катыштыруу, ансыз баладагы инсандык асыл сапаттар түптөлбөйт деген ойду бекемдейт.

Ошону м-н бирдикте алардын нарктуулугунун бирден-бир көрсөткүчү-окуу, билим экендигин аңдап түшүнүп, калайык-калкты, жамы-журтту илим-билим алууга үндөйт.

Т. М. Тогузторо жергесинде биринчи мектептин ачылышына активдүү катышып, ал мектептин алгачкы окуучуларына арнап жазган «Алга, алга», «Кайдасыңар», «Окугула» өңдүү ырларында мугалимдерге окуучулар м-н кызматташ болуусун эскертет. Ал эми «үркөр-үркөр топ жылдыз», «Торпогум», «Турумтай», «Балдар ыры», «Куштардын аңгемеси», «Жер жана анын балдары», «Эки чилде», «Талымкыз менен Көбөктүн айтышканы», «Алатоо» өңдүү ырлары ж-а поэмалары аркылуу ал балдардын сөз байлыгын өркүндөтүүнү, аларга өз жергеси, анын табияты, флора, фауналарын таанытып-үйрөтүүнү ниет кылган.

**ТОКОМБАЕВ -** Аалы (1904-ж. Кемин р-ну – 1988-ж. Бишкек) – Кыргыз эл жазуучусу, Социалисттик Эмгектин Баатыры (1974), Токтогул атн. мамл. сыйлыктын лауреаты (1967-жылы «Таң алдында» романы үчүн), академик (1954), акын, жазуучу, драматург, коомдук ишмер.

1916-жылы Үркүндө Кытайга кеткендердин ичинде болуп, 1917-жылы кайтып келген. 1922-ж. Ташкендеги советтик-партиялык мектепке кабыл алынат да, 1923–1927-жылдары Орто Азия Коммунисттер у-тетинен (САКУдан) билим алат. Тунгуч ыры «Октябрдын келген кези» деген ат м-н Ташкенде «Эркин-Тоо» газетасына басылат. Т-дин «Күүнүн сыры», «Акай мерген», «Даат», «Өлүм кимди коркутпайт», «Акылмандын жообу», «Жол жомогу» деген аңгемелеринде кыргыз элинин оозеки чыгармаларындагы элдик пед. идеялар заманга ылайык колдонулат, «Мезгил учат» повестинде алгачкы балдар интернаттарынын билим ж-а тарбия берүү жолдору, анын сүрөткердин калыптанышына таасир этиши көркөм электен өткөрүлөт. Ыр м-н жазылган «Кандуу жылдар» («Таң алдында») романында, «Жараланган жүрөк» повестинде элдин оор турмушун сүрөттөө м-н, окуучуларга Ата Мекенди сүйүү, анын адам өмүрүндөгү орду, инсан болуп калыптанышы адептик тарбиянын мыкты үлгүлөрүн, кыйын күндөрдө да чыныгы адам бойдон калган образдарды ачып берет. Жазуучунун тил байлыгы накта эл тилине жакын, кыргыз тилинин бай казынасын үйрөнүүдө башка булактардын бири катары 70–80-жылдан бери кызмат кылып келе жатат. Өзгөчө орунда акындын лирикалык ырлары м-н алардын тарбиялык маанисине көңүл бурулуп, акындын чыгармалары кыргыз мектептеринин бардык класстарында, биринчи окуу китептери түзүлгөндөн бери окутулуп келүүдө. Кыргыз элдик оозеки чыгармаларын бастырууда, аларды окутууга сунуш кылууда да Т-дин кызматы чоң. Ошондой эле ал балдар үчүн да атайын ырларды жазып, мектеп турмушун, балдардын психологиясын, мугалимдердин образын ачкан.

**ТОКТОГОНОВ -** Султан Аманкулович (1913-ж. т., Токтогул р-ну) – коомдук ишмер. Тарых илимдеринин доктору (1966). 1938–2003 ж. чейин, 65–жыл бою өз өмүрүн агартуу ж-а ил. ишке багыттаган. Бул багытта мектептин директору, облустук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз ССРинин агартуу министринин орун басары, министри болуп эмгектенген. Анын эмгеги жогору бааланып «Эмгек Кызыл Туу», эки «Ардак белгиси» ордендери, Жогорку Кеңештин Ардак грамотасы ж-а бир нече медалдар м-н сыйланган. Ага республиканын мектептерине «Эмгек сиңирген ишмер», «Эл мугалими», Бишкек ж-а Ош шаарларынын ардактуу жараны наамдары берилген.

**ТОПТУК ЖУМУШТАР -** (групповая работа) – окуучулардын, студенттердин окуу ишмердигин уюштуруунун бир формасы. Ал жекече, жуптук ж-а фронталдык жумуштар м-н айкалыштырылып колдонулат. Т. ж-нын звенолук, бригадалык кооперацияланган топтук ж-а дифференцияланган топтук деген түрлөрү бар. Окуу иштеринин звенолук формасында окуучулардын топтору туруктуу болот. Бригадалык форма аркылуу белгилүү бир тапшырманы аткаруу үчүн түзүлгөн окуучулардын, студенттердин убактылуу тобунун иш-аракети уюштурулат. Кооперацияланган ар бир топ жалпы тапшырманын кандайдыр бөлүгүн аткаруу үчүн түзүлөт. Дифференцияланган топтор мугалим (окутуучу) тарабынан окуучулардын (студенттердин) окуу жөндөмдүүлүгү, өздөштүрүү деңгээли, окуу көнүм-дөрүнүн калыптанышы, таанып-билүү процесстеринин жүрүшүнүн ылдамдыгы ж.б. белгилер б-ча түзүлөт.

Кийинки учурларда окуу жумуштарын чакан топтордо (3–5 адам) жүргүзүү көбүрөөк колдонулууда. Чакан топтордо окуу иш-аракеттерин уюштуруу бир катар артыкчылыктарга ээ: негизги турмуштук көндүмдөрдү (башкаларды уга билүү, өзүн башкалардын ордуна коёо билүү, өзүнүн пикирин жүйөөлөрдү келтирүү м-н жактоо, чыр-чатактарды чечүү, жалпы максатка жетүү үчүн биргелешип иштөө ж. б.) калыптандырат; сабакты өздөштүрүү жакшырат; өзүн өзү урматтоого тарбиялайт; атаандаштыктын терс жактарынан качууга мүмкүнчүлүк түзүлөт; окуучулар өз ара жардамдашуунун баалуулугуна ынанышат. Чакан топтордогу жумуштун төмөнкүдөй жалпы белгилерин бөлүп көрсөтүүгө болот: топтун мүчөлөрүнүн бардыгынын жалпы, бирдиктүү максатынын болушу; аткарыла турган жумуштардын ж-а милдеттердин бөлүнүшү; кызматташтык ж-а өз ара жардам көрсөтүү; топтун ар бир мүчөсүнүн активдүү катышуусу.

**ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨР -** – адамдын коомдо толук кандуу мүчө катары жашап кетүүсү үчүн зарыл болгон бардык көндүмдөр жыйындысы. Алардын ичинен айрыкча «Гигиенанын жана сергек жашоонун көндүмдөрү», «Тиричилик көндүмдөрүн жана айлана – чөйрө менен өз-ара аракеттенишүүсү», «Социалдык көндүмдөрдү» бөлүп көрсөтүүгө болот. Алсак, сергек жашоо мүнөзү өздүк гигиенадан башталат. Өздүк гигиена баарыдан мурда өзүнүн денеси ж-а чачтары үчүн камкордук көрүү, кийим-кечесине көз салуу эрежелеринен түзүлөт. Ар бир адам өздүк гигиенанын төмөнкү нормаларын билүүгө тийиш: жуунуу, тишти тазалоо, чачты тароо, кийимдин тазалыгы, күндүк режимди сактоо, эртең мененки гимнастика ж. б. Сергек жашоо мүнөзү тамеки чегүү, алкоголдук ичимдиктерди ичүү,

токсикомания, наркомания сыяктуу зыяндуу адаттарды четке кагат. Өздүк гигиенанын эрежелерин сактоо инфекциялык ооруларды жуктуруп алууну алдын-алат.

Тиричилик көндүмдөрүнө биринчи иретте туура тамактана билүү кирет. Рационалдуу ж-а толук кандуу тамактануу адамдын ден соолугуна, кара күч ж-а акыл эмгегине карата жөндөмдүүлүгүнө, жашоосунун узактыгына олуттуу таасирин тийгизээрин окуучулардын, студенттердин билүүсү керек. Тиричилик көндүмдөрүнө сууну туура пайдалануу да кирет. Сууларды атмосфералык (жамгыр, кар) арыктардагы ж-а жер астындагы (грунттук ж-а катмарлар аралык же артезиандык) суулар деп бөлүшөт. Тазалабай туруп эле ичүүгө катмарлар аралык (артезиандык) суулар гана жарактуу. Ал эми грунттук сууларды хлордоштуруу, озондоштуруу, ультрафиалетивдик нурлар м-н нурландыруу, жумшартуу ж. б. жолдор – тазартып, ичүүгө жарактуу кылышат.

Ар түрдүү өзгөчө кырдаалдарда (суу ташкыны, өрт, кар көчкүсү, жер көчкүсү ж. б.) өзүн жоготпой, ыңгайга жараша аракеттенүү да маанилүү Т. к. катары каралат.

**ТҮШҮНДҮРҮҮ -** – мугалимдин чыг-лыгы м-н окуучуларга жаңы теманы түшүндүрүү ж-а анын башка темалар м-н болгон байланышын далилдөө. Жаңы теманы түшүндүрүү мугалимден көп күч, талыкпас эмгек, чеберчиликти талап кылат. Т. окуучуга жаңы окуу материалынын биринчи баскычын өздөштүрүүгө жетиштирүүчү негизги ыкма ж-а каражат болуп саналат. Андан ары окуучу билимин чыңаш үчүн башка булактар аркылуу өнүктүрүүсү керек. Мугалим ага көмөк болот. Мугалим жаңы теманы түшүндүргөнүнөн көп нерсеге жетиштирүүгө болот, башкача айтканда окуучунун ошол темага кызыгуусунун артылышы, андан ары өркүндөтүүгө болгон табитинин ачылышына түрткү болот. Мугалим бир эле теманы ар кандай методдор м-н түшүндүрөт. Лекция-сабак, оюн-сабак, аңгемелешүү сабагы, дебат-сабак, жарыш-сабак ж. б. сабактардын методдору м-н ж-а Т-дө ар кандай методикалык курал, мугалимдер үчүн колдонмо, плакаттар, таяныч белгилерди колдонуу аркылуу Т-гө да болот.

Т-дө окуучулардын аң-сезими, турмушка көз карашы калыптанат, улууларды урматтоого, табиятты коргоого үйрөнсө, Ата Мекенин сүйүүгө, ага кызмат кылууга багыт берет. Окуучу өз көз карашын айтууга, анализ берүүгө, синтездөөгө, жакшы м-н жаманды ажыратууга, салыштырууга жетишет.

**ТЫНЫСТАНОВ -** Касым (1901, Ысыккөл р-ну –1938) - туңгуч агартуучулардын бири, окумуштуу-тилчи, коомдук ишмер, акын, драматург, котормочу, педагог. 20–30-ж-дардагы Кыргызстандагы агартуу ж-а илим-билим ишине зор салым кошкон. 1919-ж. Ташкен ш-на келип, казак-кыргыз агартуу ин-туна окууга кирет. Ал 1923-ж. 22 жаш курагында кыргыз тилинде «Окуу китеби» аттуу китебин жазып, аны 1924-ж. Ташкендеги Орто Азия басмасынан чыгарган. Өз эне тилибиздеги окуу куралдары кезде жарык көргөн бул туңгуч «Окуу китеби» калкыбыздын турмушунда өзүнчө чоң жаңылык болгон. Казак-кыргыз агартуу ин-тун 1924-жылы бүтөрү м-н Түркстан республикасынын академиялык борборунда илим комиссиясынын Кара-Кыргыз областтык бөлүмүнүн катчылыгына бекитилип, андан кийин анын төралыгына көрсөтүлөт, көп өтпөй кыргыздын туңгуч газетасы «Эркин-Тоонун» жооптуу редакторунун кызматын да аткарат. 1927-ж. Кыргыз АССРинин эл агартуу комиссары болуп дайындалып, бул кызматта 1930-ж.га чейин иштеген. Мындан тышкары 1928–1931-ж-дары «Жаңы маданият жолунда» аттуу маданий-агартуу журналын уюштуруп, анын түптөлүп-өнүгүшү үчүн көп эмгек жумшаган.

Т. буга чейин колдонулуп келген араб алфавитин кыргыз тилинин бөтөнчүлүгүнө ылайыкташтыруу ишине катышып, андан соң араб алфавитин латынчага алмаштырууга да көп эмгегин жумшап, акыры латынчадан орус алфативине өтүүнүн биринчи демилгечилеринен болот. 1926-жылы И. Арабаев м-н бирге Баку шаарында өткөн түркологдордун биринчи съездине катышып, «Жаңы алфавитти түзүүнүн негизги принциптери» деген доклад жасаган. Ал Т. «Чоңдор үчүн алиппе», «Биздин тил», «Тил илиминин терминологиялык сөздүгү», «Кыргыз адабий тилинин жаңы орфографиясынын долбоору» (1926, 1927, 1933, 1934-ж-дары), «Кыргыз тилинин морфологиясы», «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1934–1936-ж.) аттуу окуу-илимий эмгектерин жазган, элге тартуулаган. Бул эмгектер эл агартуу ишинде ж-а кыргыз тил илимин өнүктүрүүдө өтө зор рол ойногон. Аталган эмгектер кыргыздын туңгуч тилчи-илимпозунун чыныгы окумуштуулук ж-а атуулдук эрдиги болгон.

Агартууга, илимге, маданиятка, адабиятка сиңирген эмгеги зор экенине карабастан, Т. тоталитардык тар идеология тарабынан ак жерден айыпталып, саясий жактан «алашчыл», «эл душманы», «улутчул» катары негизсиз күнөөлөнүп, репрессияга кабылып, 1938-ж. атууга өкүм кылынган. Т. 1957-ж. айыпсыз деп табылып, акталган.

**ТРЕНИНГ -** – ар топтогу инсандар аралык мамилелердин өнүгүүсүнө, окуу материалынын интенсивдүү өздөштүрүлүшүнө ж-а катышуучулардын активдүүлүгүнүн жогорулашына көмөктөшүүчү методдор колдонулуучу окутуу формасы. Ар бир катышуучу өзү мурдатан ээ тажрыйбаларынын негизинде, башка катышуучулардын маалыматтарын өздөштүрүүнүн натыйжасында өз ык-машыгууларын өнүктүрөт. Ал өз ара пикир алмашуунун, ой бөлүшүүнүн негизинде жаңы деңгээлге көтөрүлөт. Т-ди тренер же фасилитатор алып барат. Ал мүмкүн болушунча калыс болууга аракеттенет. Ой жарыш негизинде ар бир катышуучу өзүнүн жетишпеген жактарын толуктап алууга мүмкүнчүлүк алат. Т. тажрыйба аркылуу окутуунун негизги формаларынын бири болуп саналат. Т-де ар кандай методдор колдонулат. Мис., майда топтордо иштөө, түгөйлөш иштөө, жекече иштөө, ролдук оюндар, «акыл чабуулу», моделдештирилген оюндар, 6□6□б ж б

**ТЬЮТОР -** (англ. tutor – репетитор, куратор, тарбиячы, насаатчы) – окуучулардын сабактан тышкары окуу ж-а чыг-лык ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашыруучу педагог. Европанын айрым ун-ттеринде бул кадыресе окутуучулук кызмат. Т-лук маалымат булактары м-н өз алдынча иштөөгө, о. эле жекече программа м-н билим алууга артыкчылык берилген ун-ттерде кеңири практикаланат. Ошондуктан ал студенттин жеке ил. жетекчиси катары да каралат.

**УГУУСУ АЯЛУУ БАЛДАР МЕКТЕБИ -** (дүлөй ж-а кереӊ балдар мектеби) – угуусунда кемчилиги бар балдар үчүн атайын окуу-тарбия мекемеси. Мектепке балдарды топтоо отоларинголог дарыгердин аудиологиялык диагнозунун ж-а адис сурдопедагогдун корутундусунун негизинде жүргүзүлөт. Дүлөй балдар үчүн мектепте окуучулар 12 жыл окуп,

толук эмес орто билим алышат. Керең балдар эки бөлүмчөгө бөлүштүрүлөт: окуучулар 12 жыл окуп жалпы орто билим алышат; ушул эле мөөнөттө толук эмес орто билимге ээ болот. Окутуу жекече ж-а фронталдык иштин атайын ыкмалары кеңири пайдалануу м-н атайын окуу планы ж-а программасы б-ча жүргүзүлөт. Аталган мектептердин атайын милдетине оозеки сүйлөөгө окутуу ж-а жатыктыруу, о. эле сөздү көз м-н кабыл алууну өнүктүрүү (эрин м-н окуу) кирет. Мектептин класстары үн күчөтүүчү аппараттар, окуучулар жекече уктуруу протездери м-н жабдылат.

**УЗАРТЫЛГАН КҮНДҮҮ ТОП -** – сов. мектепте орун алган, 14–15 жашка чейинки окуучулардын сабакка чейин же сабактан кийин уюшулган тобу. Мугалим же тарбиячы аталган топтун балдары м-н 4–5 сааттын ичинде окуу-тарбия ишин алып барат. 1956-жылы мыйзам түрүндө бардык сов. мектептерге киргизилген, өкмөт тарабынан каржыланган. У. к. т-га балдар ата-энелеринин каалоосу м-н кабыл алынган. Негизги максаты – балдарды бош убактысында кароосуз калтырбастан, аларга эффективдүү коомдук тарбия берүүгө багытталган ж-а ата-энелерге жардам катарында сабактан тышкаркы убакытты рационалдуу пайдалануу болгон. Бул топко бир класстын, же бир нече жарыш класстардын окуучулары, же түрдүү жаштагы (демек, ар кандай класстагы) окуучулар топтолушкан. Тарбиячы мугалимдин укугуна ээ болгон. Ал балдар м-н белгиленген тартипте ишти алып барган, үй тапшырмаларын аткарууга жардам берген, кызыктуу оюндарды уюштурган, тарбиялык жумушту да жүргүзгөн. Кырг. Респ-касында кээ бир мектептерде ата-энелер аркылуу каржылануучу У. к. т. иштейт.

**УНИВЕРСИТЕТ** –билимдердин негизин түзгөн ар түрдүү тармакта окулуучу жогорку илим окуу жайы. Эл чарбасынын, илим ж-а маданияттын түрдүү тармактары б-ча адистерди даярдайт. Алгачкы ун-тер XII–XIII к-дарда Италия, Испания, Франция, Англияда ачылган.

Кыргызстанда биринчи жолу 1951-ж. Фрунзеде Кырг. мамл. ун-ти негизделген. Учурда ал окуу жайы Ж. Баласагын атн. Кыргыз Улуттук ун-ти статусун алган. Мындан сырткары азыр БГУ, КМАКУ, КРСУ, КТМУ, ЖАМУ, ОшМУ, НМУ ж. б. ун-ттер бар.

**УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ -** – Кырг. Респ. мамл. борбордук ил.-эксперттик органы. Ал жогорку квалификациялуу ил. ж-а ил.-пед. кадрлардын аттестациясы жаатындагы бирдиктүү мамл. саясатты жүзөгө ашырат ж-а окумуштуулук даражаларды берет, окумуштуулук наамдарды ыйгарат.

Комиссия өз ишмердигинде Кырг. Респ. Конституциясын, Кырг. Респ. закондорун, Кырг. Респ. Президентинин актыларын, Кырг. Респ. өкмөтүнүн токтомдорун, «Кырг. Респ. У. а. к-сы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону» жетекчиликке алат.

Кырг. Респ. Президентине отчет берет. У. а. к-сы, доктордук ж-а кандидаттык диссертацияларды коргоо б-ча советтерди (диссертациялык советтер), жогорку окуу жайларынын ж-а ил.-пед. мекемелердин эксперттик, окумуштуулар, ил.-техникалык советтерин, жогорку квалификациялуу ж-а ил.-пед. кадрларды мамл. аттестациялоо системасын түзөт. У. а. к-сынын негизги милдеттери төмөнкүлөр:

а) министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун жогорку квалификациялуу ил. ж-а ил.-пед. кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндө бирдиктүү мамл. саясатты иштеп чыгуу ж-а калыптандыруу б-ча иштерди ж-а макулдашылган иш-аракеттерди координациялоо;

б) Кырг. Респ. ил. потенциалын түзүүгө катышуу;

в) илимдин, техниканын, билим берүүнүн ж-а маданияттын өнүгүү перспективаларын ж-а тенденцияларын анализдөө;

г) жогорку окуу жайларга, ил. мекемелерге, басмаларга жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү (докторантура, аспирантура, изденүүчүлүк) программаларын ишке ашыруу укугун берген алардын статусун белгилөө ж-а Кырг. Респ. Билим берүү министрлиги өткөргөн аттестациянын негизинде ил. басма продукцияны чыгаруу жагынан аларды белгиленген тартипте аккредитациялоо.

Кырг. Респ. У. а. к-сы юридикалык жак болуп саналат, анын Кырг. Респ. Мамлекеттик Гербинин сүрөтү түшүрүлгөн, аталышы кыргыз ж-а орус тилдеринде жазылган мөөрү бар.

**УТРЕННИК -** – мектепке чейинки балдарды тарбиялоо программасында белгиленген тарыхый, жыл мезгилдерине байланыштуу өткөрүлүүчү таалим-тарбия иш-чаралары.

Анын алкагында даңктуу даталарга арналган тарбиянын таасири зор түрдүү инценировкалар, ырдоо, бийлөө сыяктуу маданий-эстетикалык иш-чаралар, о. эле ден соолукту чыңдоочу көнүгүүлөр аткарылат.

У-ти даярдоодо ж-а уюштурууда музыкалык жетекчи, тарбиячылар, ата-энелер да кеңири катышат. Балдардын активдүүлүгүн, эмоционалдык сезим туйгучтуктарынын өнүгүшүнө таасир этет ж-а сабакта, күндөлүк турмушта алган түшүнүктөрүн кеңейтип бекемдейт.

**УШИНСКИЙ** Константин Дмитриевич (1824–70) – педагог, Россиядагы ил. педагогиканын негиздөөчүсү. Москва ун-тинин юридика факультетин бүтүргөн (1844). 1846–49-жылдары Ярославлдеги Демидов лицейинин профессору. 1850–54-жылдары Тышкы иштер боюнча департаменттин канцеляриясында кызмат өтөгөн. «Современник», «Библиотека для чтения» журналдары м-н тыгыз байланышта болгон. Гатчинскийдеги жетимдер ин-тунда сабак берген. 1959-жылдан баштап Смольный институтунда инспектор болуп иштөө м-н анда бир катар кайра түзүүлөрдү жүргүзгөн. Жаңы окуу планын, окутуунун рационалдуу методдорун жаңы окуу предметтерди киргизип сыноодон өткөргөн. 1862–67-жылдары Швейцарияда жашап, мектеп иштерин ж-а аялдарга билим берүү б-ча тажрыйбаларды изилдеп үй-рөнгөн. У-дин пед. теориясынын негизин коомдук тарбиядагы элдүүлүк идеясы түзөт. Таалим-тарбия иштерин башкаруу ж-а уюштурууда элдин таламын ж-а демилгелерин кылдат эске алуу зарылдыгын баса белгилеген. Ушундан улам билимди эне тилинде берүүнү туура көргөн.

У. тарбияны «Тарыхтын түзүүчүсү» катары караган. Тарбиялоонун предмети адам болуп эсептелет, эгерде педагогика адамды бардык жактан тарбиялагысы келсе, аны бардык жагынан үйрөнүүсү керек. Педагогика тарбия процессин максаттуу уюштуруу үчүн адам ж-дөгү бардык илимдердин жетишкендиктерине таянат. У. ал илимдерди

«антропология» деп атап, анын ичине философия, саясий экономия, тарых, адабият, психология, анатомия, физиология ж. б-ларды кийирет. Антропологиялык позиция ага фундаменталдык педагогикалык проблемаларды жогорку ил. деңгээлде чечүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Адамдын табиятын үйрөнүү маселелери «Адам тарбиялоонун предмети катары, «Педагогикалык антропологиянын тажрыйбалары» (1868–69) деген эмгектеринде кеңири ачылган. Тарбиянын максаты – активдүү ж-а чыгармачыл инсанды калыптандыруу. Б. а. адам ишмердигинин жогорку формасы болгон – акыл, дене күч өнүкмөйүнчө эмгекке тарбиялоо мүмкүн эмес. У. адамдагы коомдук моралды калыптандырууда диндин ролуна оң көз караштa караганы м-н, ошол эле учурда илимдин ж-а мектептин өз алдынча болуусун жактаган. Ырааттуу дидактикалык системаны иштеп чыккан. Анда билим берүүнүн мазмунун тандап алуудагы бардык принципиалдуу маселелер ачып көрсөтүлүп, өзгөчө табиятка маданиятка шайкештик принциптери башкы проблема катары белгиленген. Башталгыч мектеп үчүн жазган “Балдар дүйнөсү» (1861), «Эне тил» (1864) сыяктуу китептеринде көркөм адабияттын ж-а элдик оозеки чыгармачылыктын үзүндүлөрүнөн сырткары жаратылышты үйрөнүү, өлкөнүн тарыхы, географиясы боюнча көп кырдуу маалыматтар берилген. У-дин көптөгөн мурастары азыр да актуалдуулугун жогото элек.

**ҮЙДӨГҮ БАКЧА** - – өзүмдүк тарбия мекемеси. Пед. билими, тажрыйбасы, үйдө шарты бар адамдардын демилгеси м-н түзүлөт. Окуу-тарбия иш-аракеттери «Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо, окутуу ж-а өркүндөтүү» б-ча түзүлгөн мамл. программанын негизинде түзүлгөн атайы билими бар педагог-тарбиячы же инициативдүү ата-энелер аркылуу уюштурулат. Үй-бүлө бакчасынын уюштуруучулары окуу-тарбия ишинин мазмунун жакын аралыкта жайланышкан балдар бакчасы м-н тыгыз байланышта алып барат, методикалык иштерине активдүү катышат. Азыркы учурда биздин республикада да мындай балдар бакчалары алыскы айылдарда, шаар жерлеринде ачылууда.

**ҮЙ-БҮЛӨ БАЛДАР БАКЧАЛАРЫ** - (семейный детский сад) – айыл жерлеринде, шаарларда мектепке чейинки курактагы балдарды үй-бүлө шартында багып, тарбиялоочу өзүмдүк тарбия мекемелери.

Үй-бүлө балдар бакчаларындагы шартка ж-а ата-энелердин суроо-талабына ылайык балдар 2 жаштан 6-7 жашка чейин тарбияланышат. Тарбиялоочу адамдын атайы пед. билими болушу керек, же педагогдордун билимдерин жогорулатуучу курстардан өтүшү зарыл. Окуу-тарбия иш-чаралары мамл. «Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо, окутуу ж-а өркүндөтүү» деген программанын негизинде уюштурулат. Үй-бүлө бакчасындагы иштин тартиби, иштин мазмуну иштелип чыгып, ата-энелер м-н келишим түзүлөт.

**ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ** - – окутуу процессинин ажырагыс бир бөлүгү, логикалык жыйынтыгы. Ал класстык иш м-н байланыштуу. Класста өтүлгөн теманы окуучу үйдө кайталап окуйт, эске түшүрөт, оозеки ж-а жазуу жүзүндө тапшырмаларын аткарат, маселе чыгарат, байкоо жүргүзөт, тажрыйба өткөрөт. Өтүлгөн теманы өз алдынча толуктайт, билим, билгичтик, көндүмдөрдү бекемдөөгө шарт түзүлөт. Үй тапшырмасында чыгармачыл мүнөздөгү тажрыйбалар өзгөчө мааниге ээ. Мында окуу материалдарын өркүндөтүп, өзгөртүп түзүүгө, жаңыча комбинациялоого (сочинение жазуу, модель жасоо, таблица, диаграмма түзүү ж. б.), о. эле теориялык билимди практикада, өнөрканаларда, мектеп аянтчасында колдонууга машыгат. Окуу программаларында үй тапшырмасынын педагогикалык талапка ылайык көлөмү эске алынат. Үй тапшырмасы жеткиликтүү болууга тийиш ж-а өз алдынча иштөөгө мүмкүнчүлүк ачышы зарыл. Тапшырма кыскача доскага жазылат ж-а аны окуучу күндөлүгүнө көчүрүп алат. Мугалим түшүндүрүп, багыт берет. Үй тапшырмасы жалпы окуучуларга гана эмес, жекече айрым окуучуларга да берилет. Сабакта жетише албаган окуучулардын мүмкүнчүлүгү да эске алынат.

**ҮМӨТОВ** - Таалайбек Эгембердиевич (1959-ж. т., Сузак р-ну) – педагогика илимдеринин доктору, Кырг. Респ. билим берүүсүнүн отличниги. 1984-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Ушул эле жылы пед. ишмердигин мектепте баштаган. 1989-ж-дан баштап ил. изилдөө иштери м-н катар КМУнун ага окутуучусу, 1992–1996-ж. ж. Билим берүү ин-тунун ага ил. кызматкери болуп иштеген. 1996-ж. «Мектепке чейинки мекемелердеги кыргыздын элдик оюндарын колдонуудагы педагогикалык шарттар» деген темада кандидаттык диссертация коргогон. 2003-ж. «Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн теориясы жана тажрыйбасы» (калыптануу, өнүгүү ж-а перспективалары) – деген темада докторлук диссертациясын коргогон. 1999-ж. баштап Кыргыз медицина академиясынын, практикалык педагогика ин-тунун директору. 30дан ашык ил. иштер, монография жарыялаган. Кырг. Респ. саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Эл аралык Айтматов академиясынын академиги.

**ҮЙРӨНҮҮ** - (учение) – максатка багытталган, окуучунун, студенттин билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктерге ж-а көндүмдөргө ээ болуу, айлана–чөйрөгө карата өзүнүн баалуулук мамилелерин калыптандыруу процесси. Окуу ишмердигин ишке ашыруу коюлган максатка ылайык адамдын өз аракеттерин башкара билүү жөндөм-дүүлүгү м-н шартталат.

Ү. негизинен үч компоненттен турат: ынтызарлануу, түздөн-түз окуу иш-аракеттери ж-а натыйжаларды талдап баалоо иш-аракеттери. Ынтызарлык инсандын оң да, терс да эмоциялык абалына (окуп үйрөнүүчү материалдык жаңылыгы ж-а кызыктуулугу, мугалимдин жагымдуу иш-аракети, мактоого татыктуу болгусу келүү, терс баа, жаза алып калуудан кооптонуу, мугалимден коркуу, класста келеке болгусу келбөө ж. у. с.), билим алуунун манилүүлүгүнө түшү-нүүсүнө (бул же тигил билимдин, билгичтиктин ж-а көндүмдүн дүйнө таанымдык, социалдык, практикалык маанисин аңдап-билүү, окуу предметин болочок турмушу м-н байланыштыруу, өзүнүн парзын, жоопкерчилигин сезүү ж. у. с.), таанып билүү процесинин өзүнөн канааттануу алуу (билимге болгон кызыгуусу, ышкылуулук, өзүнүн маданий деңгээлин көтөрүүгө умтулуу, окуу-таанымдык тапшырмаларды аткаруу процессинин өзүнө кызыккандык ж. у. с.) байланыштуу.

Окуу иш-аракеттери аңдалып-түшүнүлгөн максатка ылайык ишке ашырылат. Аларды тышкы (байкалуучу) ж-а ички (байкалбоочу) деп эки түргө бөлүүгө болот. Тышкы иш-аракеттерге жазуу, сүрөт тартуу, тажрыйба жүргүзүү, угуу, байкоо, сүйлөө ж. б. кирет. Ал эми ички иш-аракеттер болуп материалдарды эске сактоо, аны иретке келтирүү, ой жүгүртүү ж. б.

Натыйжаларды талдап баалоо, б. а. иш-аракеттин натыйжаларын анализдөө, баалоо инсанга өзүнүн күчтүү ж-а чабал жактарын аныктоого ж-а тиешелүү чечим кабыл алууга мүмкүндүк берет.

**ХИМИЯ -** – табият таануу областынын (илимдеринин) бир тармагы, химиялык элементтердин ж-а алардын бирикмелеринин курамын, касиеттерин, түзүлүштөрүн, о. эле алардын айланыштарын (химиялык реакцияларды) окуп үйрөнүүчү илим. Химия органикалык эмес, органикалык, физикалык, аналитикалык болуп бөлүнөт. Химия башка илимдер м-н байланышып: биологиялык химия (биохимия), геологиялык химия (геохимия), агрохимия, космохимия ж.б. сыяктуу илимдин чектеш тармактарынын бөлүктөрүн түзөт. Химиялык илимдин ж-а техниканын өркүндөшү, эл чарбасынын техникалык жактан өрчүшүндө чоң роль ойногон химиялык өндүрүштүн интенсивдүү өрчүшүнө алып келет. Мектепте химия - окуу предмети катары кирген, ал заттар, алардын составы, түзүлүшү, касиеттери ж-а айланыштары ж-дө мазмунду камтыйт.

Химиянын мектептин окуу планына киргизилишинин себеби өндүрүш-түн талаптарынын ж-а XVIII кылымдын аягында ж-а XIX к. башындагы өндүрүштүн өзгөрүш шарттарында табият таануунун дүркүрөп өрчүшүнө байланыштуу болгон. XIX кылымдын орто ченинде химия атайын окуу жайларында, кийинчерээк жалпы билим, XX кылымдын башында негизги капиталистик өлкөлөрдө (Англия, Франция, Германия, Австралия) бардык орто окуу жайларына киргизилген.

Химия орто мектептин окуу предметтери м-н катар окуучуларды инсан катары калыптандырат. Мектептин химия курсу окуучуларды илимдин негиздери м-н тааныштырат, б. а.,

окуучулардын негизги химиялык закондорду, теорияларды, түшүнүктөрдү аң сезимдүү өздөштүрүүсүн камсыз кылат, химия илиминин методдору м-н тааныштырат;

дүйнөгө илимий көз карашты калыптандырат, о. э. химиялык билим ар бир адамга зарыл болгон маданияттын милдеттүү элементи экендигин түшүндүрөт;

акыл эмгегине, адеп-ахлактуулукка, предметти сүйүүгө, жаратылышка сарамжалдуу мамиле кылууга, кайра өзгөртүүгө илимдин мүмкүнчүлүктөрүнө сый мамиленин жалпы адамзаттык баалуулуктардын приоритетин түшүнүүгө тарбиялайт;

окуучулардын ой жүгүртүүсүн, билимди өздөштүрүүдөгү алардын өз алдынчалыгын, чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрөт, түрдүү окуу иш-аракеттерине үйрөтөт;

эл чарбасын химиялаштыруунун негизги тармактары, курчап турган айлана-чөйрөдөгү чындыктагы химиянын мааниси м-н тааныштырууну камсыз кылат, хемофобияны жеңүүгө көмөктөшөт;

практикалык билгичтик ж-а көндүмдөрдү калыптандырат, кесипти аң сезимдүү тандоого көмөк берет, даярдайт.

Химия коомдук жашоосунда чоң мааниге ээ. Химиянын жетишкендиктери болбосо, космостук мейкиндикти өздөштүрүү, атомдун энергиясын тынчтык максатында колдонуу мүмкүн болмок эмес. Эл чарбасынын баардык тармактарында учурдагы химиянын жетишкендиктерин толук колдонуу м-н арзан, сапаттуу өндүрүш каражаттарын, эл керектеген буюмдарды өндүрүү мүмкүн.

Учурдагы коомдук орчундуу актуалдык ж-а келечектүү проблемаларын чечүүдө химия чоң ролду ойнойт. Алар төмөнкүлөр:

1) айыл-чарба продуктуларынын түшүмдүүлүгүн жогорулатууда жасалма жер семирткичтердин эффективдүүлүгүн жогорулатуу;

2) сырьелордун океандык булактарын өздөштүрүү;

3) энергиянын жаңы булактарын иштеп чыгуу, түзүү;

4) негизги биохимиялык процесстердин механизмдерин жактоо;

келечектин техникалык милдеттерин чечүү;

5) жаңы заттарды, композицияларды синтездөө;

6) айлана-чөйрөнү коргоо.

**ФАТЕЕВ -** Сергей Валентинович (1963, Бишкек ш. 2003) – психология илиминин доктору (1998), и. о. профессор (1999). Новосибирск мамл. педин-тунун физика-математика факультетин (1985) бүтүргөн.

Ф. мектепте мугалим, ин-тта ага окутуучу, ун-те кафедра башчысы ж. б. жоопту кызматтарда иштеген.

Ф. элестин психологиялык табияты ж-а анын иш-аракетинин жыйынтыгын камсыз кылуудагы ролун изилдеп, максатка карай багытталып уюштурулган элес, окуу иш-аракеттин субъектисинин энергия сарптоосун үнөмдөй тургандыгын экспериментте далилдеген. Ошондой эле активдүү, пассивдүү элестин адамдын иш-аракеттеги мотивдерди, мотивацияларды аңдоосундагы ролун аныктаган. Ф-тин изилдөөсүнүн практикалык мааниси – окууда ж-а чыгармачылык иш-аракеттерде алардын жыйынтыгын туура баалай билүүгө жол тапкандыгында.

Ф. 60тан ашык ил. эмгек жазган. Алардын ичинде 3 монография, 1 окуу куралы бар. Ф-тин жетекчилиги м-н 3 кандидаттык диссертация корголгон.

**ФИЗИКА -** – 1) жаратылыш кубулуштарынын жалпы законченемдерин, материянын түзүлүшүн, касиетин ж-а алардын кыймылынын закондорун үйрөтүүчү илим; 2) орто ж-а жогорку окуу жайларында окулуучу окуу предмети.

**ФИЗИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ -** – окуучуларга жаратылыштын физикалык кубулуштары ж-а законченемдери, материянын түзүлүшү, касиеттери ж-а кыймылынын закондору ж-дө билим берүү. Физикалык билим берүүнүн максаты: окуучулардын аң-сезиминде физикалык билимдердин системасын, б. а. ил. фактыларды, түшүнүктөрдү, закондорду, теорияларды, физика илиминин изилдөө методдорун, алардын иш жүзүндө колдонулушун, дүйнөнүн физикалык сүрөттөлүшүн ж. б. калыптандыруу; материянын түзүлүшүнүн чексиздигин ж-а биримдигин, аны ар дайым таанып-билүүгө боло тургандыгын ачып көрсөтүү; жаратылыштагы физикалык кубулуштардын диалектикалык мүнөзүн, сакталуу ж-а айлануу закондорунун универсалдуулугун түшүндүрүү; физика илиминин өнүгүшүндө теория м-н тажрыйбанын ажырагыс байланышын, практиканын таанып-билүүдөгү маанисин ачып берүү; окуучулардын билимге өз

алдынча ээ болуусун, физикалык кубулуштарды байкай билүү ж-а түшүндүрө алуусун, басма сөз каражаттары м-н иштей билүү ыкмаларын калыптандыруу; кыргыз жергесинде байкалуучу жаратылыштын ар кандай кубулуштарынын элдик баяндамасын, астрономиялык байкоолордун негизинде ар кандай алдын-ала айтуулардын маанисин түшүндүрүү; ил.-техникалык өнүгүштүн башкы багыттары – энергетика, байланыш, эл чарбасын автоматташтыруу ж-а механикалаштыруу, космосту өздөштүрүү, электрондук-эсептөөчү техника физика илимине негизделгендигин, физикалык закондордун техникада, өндүрүштүк ж-а маалыматтык технологияларда колдонулушу м-н тааныштыруу ж. б.

Физикалык билим берүү орто мектептен башталат. Башталгыч мектептин «Мекен таануу» курсунун мазмунуна физика илиминин алгачкы элементтери киргизилген. Физикалык айрым кубулуштар, заттардын түзүлүш-төрү жөнүндөгү маалыматтар 5-класстын «Табият таануу» курсунда берилген. Ал эми физиканын системалуу курсу 7–11-класстарда окутулат. Орто мектептин мамлекеттик билим берүү стандартына ж-а программага ылайык физика курсу эки баскычтан туруп (7–9, 10–11-класстар), алар өз алдынча бүткөн курс катары каралат.

Башталгыч, орто ж-а жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайларында физика курсу атайын мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн окуу планы, окуу программасы ж-а окуу китептеринин негизинде жүргүзүлөт.

**ЧОРОВ -** Маматкан Жетимишович (1953-ж. т., Талас р-ну) - педагогика илиминин доктору (2003), профессордун милдетин аткаруучу (2001). Кырг. Мамл. ун-тинин биология факультетин (1975), Кыргыз топурак таануу ин-тунун алдындагы аспирантураны (1981) бүтүргөн.

Инженер ихтиопатолог, Мамл. токой чарба комитетинде жаратылышты коргоону жайылтуу б-ча методист, Ысыккөл коругунда, Кыргыз топурак таануу ин-тунда ил. кызматкер. И. Арабаев атн. КМПУда окутуучу, доцент, ж. б. кызматтарды аркалап келген.

50дөн ашык ил. эмгектерди жарыкка чыгарган. Алардын ичинде 3 монография, 7 окуу-методикалык колдонмолору бар.

Жараткан эмгектери үчүн бир нече жолу Министирликтин грамоталары м-н сыйланган. 1996-ж. КР «Элге билим берүүсүнүн эң мыктысы» деген төш белги алган.

**ШАКЕЕВА -** Чынара Асановна (1958, Жетиөгүз р-ну) – психология илиминин доктору (1998), профессор (1999). Санкт-Петербург (Ленинград) мамлекеттик ун-тинин психология факультетин «социалдык психология» адистиги б-ча бүтүргөн. КНУда психология кафедрасынын башчысы (1984–1997), Кыргыз-Россиялык билим берүү академиясынын окуу иштери б-ча проректору (1997–2003). 2003-жылдан аталган академиянын ректору. Ш-нын 68 ил. иш, анын ичинде 2 монографиянын автору.

**ШАЦКИЙ -** Станислав Теофилович (1878–1934), педагог. Пед. ишмердигин 1905-жылы Россиядагы балдар жана өспүрүмдөр клубун (Москвага жакын) Шелковдогу жайкы колонияны түзүү м-н баштаган. 1906-ж. «Сетлемент» коомун (А. У. Зеленко, Л. К. Шлегер ж. б. менен бирдикте) уюштурган. 1909-ж. «Балдар эмгеги жана эс алуусу» деген коомду жетектеген. 1911-ж. аялы В. Н. Шацкая м-н «Көңүлдүү турмуш» («Бодрая жизнь») деген жайкы эмгек колониясын уюштурган. Ш-дин чыг-лык ишмердигинде балдар м-н маданий-агартуу ишин жүргүзүү негизги мааниге ээ болгон. Балдар коллективинин проблемаларын изилдеген, балдар м-н иштөөнүн мазмуну ж-а методдорун «Көңүлдүү турмуш» деген монографиясына киргизген. (1914-ж. Шацкая м-н бирдикте). 1917-ж. кийин Ш. теориялык ж-а эксперименталдык-тажрыйбалык иштерин мектептин жаңы тиби боюнча түзгөн. Шацкая, Шлегер, А. А. Фортунатов, М. Н. Скаткин, Л. Н. Скаткин ж. б. м-н чогуу ил. мектеп уюштурган. Ш. мектептеги билим берүүнүн мазмуну ж-дөгү маселелерди иштеп чыгууга бараандуу салым кошкон ж-а окутуу ишин уюштуруунун негизги формасы – сабактын ролун жогору көтөргөн. Ш. жетекчилиги м-н социалдык-пед. эксперимент, байкоо, сурамжылоо деген педагогиканын ил. изилдөө усулдарын иштеп чыгарган.

**ШЕЙМАН -** Лев Аврумович (1924, Одесса ш.) – педагогика илимдеринин доктору, профессор, пед. ж-а социалдык илимдер академиясынын академиги (Москва), Кырг. Респ. эмгек сиңирген мугалими (1970). Адабият ж-а тил таануунун дидактикасы, маданият ж-а термин таануу б-ча ири окумуштуу. (1945-ж.) Пермь ун-тетин, 1949-ж. Одесса ун-тетинин аспирантурасын аяктап, кандидаттык даражага ээ болгон. 1951–1956-ж. Кыргыз педагогика илим-изилдөө ин-тунда ил. кызматкер, (1956), 1990-жылдан орус тили ж-а адабияты секторунун (1990) башчысы. Кыргыз мектептеринде орус тилин ж-а адабиятын окутуунун методикасы, этномаданият ж-а символ таануу илимий багыттарынын негиз салуучусу. Ал улуттук мектепте орус тилин ж-а адабиятын окутуу проблемаларынын бардык тарабын камтыган "Орус тили ж-а адабияты боюнча окуу программасы". IX–XI кл. (1987, 2002), "Кыргыз мектептери үчүн орус адабияты боюнча окуу китептеринин структурасын жакшыртуунун жолдору" (1973, 1975, 1977), «Кыргыз мектептеринде орус адабиятын окутуунун методикасынын негиздери» (1981, 1982), «Орус адабияты. Кыргыз мектептеринин IX–X кл. үчүн окуу китеби» (авторлош, 1961–1990), «Совет адабиятынын маанилүү барактары» (IX кл. үчүн хрестоматия, 1973), «XIX к. орус классикасынын маанилүү барактары» (X кл. үчүн хрестоматия, 1990) сыяктуу илимий-методикалык комплекстин түзүүчүсү ж-а автору. Ал орус адабиятынын тарыхы, анын ири өкүлдөрү жөнүндөгү монографиялык багыттагы: «Пушкин ж-а кыргыздар», «Кыргыздар, казактар ж. б. чыгыш элдери Пушкиндин дүйнөсүндө», «Пушкин ж-а замандаштары: Чыгыш – Батыш деген үчилтик фундаменталдуу эмгектин да автору. Илимпоз Венгрия, Германия, Франция, Россия ж. б. өлкөлөрдө болуп, лекциялар окуган. Жалпысынан анын калеминен 450дөн ашык ил. ж-а ил.-методикалык эмгек жаралган. Анын жетекчилиги астында ондон ашык кандидаттык ж-а докторлук диссертациялар корголгон. Билим берүүгө сиңирген көп жылдык эмгеги үчүн «Ардак белгиси» (1986), «Данакер» (2003), «Достук» (Россия, 2004) ордендери, «Данк» (1999), А. С. Пушкин (1999) медалдары, бир нече Ардак грамоталар м-н сыйланган. «СССР агартуусунун отличниги» (1974), «Кыргыз ССР Эл агартуусунун отличниги» (1964) наамдары берилген.

**ЭВРИСТИКАЛЫК АҢГЕМЕ -** (гр. эвристика – издеп табам, бир нерсени ачам) – аңгемелешүүнүн бир түрү. Анда мугалим окуучудан мурда билген даяр билимин айтып берүүсүн талап кылбайт, аңгемелешүү учурунда баланын буга

чейин ээ болгон тажрыйбасынан, билиминен улам, туура, билгичтик м-н коюлган проблемалуу суроонун негизинде ага жоопту өзү издеп табуусуна ылайыкталган окутуунун суроо-жооп формасы. Э. а-лешүү процессинде окуучу жаңы бир нерселерди болжолдойт, ой жүгүртүүлөрдөн кандайдыр бир башка жыйынтыктарга келет, күтүлбөгөн ойлорго кабылат, ачылыштарды табат. Бул метод курулай жаттап алуучулукка, догматикалык ыкмаларга каршы болуп, анда индукция аркылуу, проблемаларды коюу ж-а издөө м-н жаңы жыйынтыктарга жетишилет. Мугалим бул аңгемелешүүлөрдө бири-бирине байланыштуу ж-а бирин-бири улаган проблемалуу суроолорду коет да, андан окуучу жообун айтып, ошол айтканы туура экенин далилдеп берүүгө умтулат. Метод окуучулардын изденүүчүлүк-табуучулук ишмердигин арттырып, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрүүдө жакшы натыйжа берет. Окуучулар жооп туура эмес болсо, туура жолду издешет ж-а ошол аркылуу сабак процессинин активдүүлүгү артат.

**ЭКЗАМЕН -** (лат. examen – сыноо, салмактоо) – окуучулардын билимдерин текшерүүнүн бир формасы. Э. биринчи жолу Кытайда, б. з. II кылымда, мамл. чиновниктерди тандоо үчүн колдонулса, Европада орто кылымдарда ун-теттерде бакалавр м-н магистр даражаларына ээ болуучуларды сыноо максатында киргизилген. XIX к-дан баштап Э. системасы Европанын бардык өлкөлөрүндө колдонула баштаган. Россиянын мектептеринде, гимназияларында, элдик окуу жайларында Э. XVIII кылымдан баштап, адегенде бүтүн түрдө, андан кийин кышкы ж-а жайкы Э. болуп эки этапка бөлүнүп колдонула баштаган. Ал эми XIX к-дын жарымынан баштап уездик окуу жайларда ж-а гимназияларда Э. билеттер б-ча жүргүзүлүп, билимдерди баалоонун беш баллдык системасы киргизилген.

Э. жүргүзүү системасы мурдагы СССРдин мектептеринде ж-а жогорку окуу жайларында андан ары өнүктүрүлгөн. Революциядан кийин, XX к-дын 30-жылдарына чейин бардык баскычтагы мектептерде, жыл сайын окуучуларды билим деңгээлин текшерүүнү көздөгөн Э. жүргүзүү системасы бекитилген. Ошол эле, 1932-жылдан баштап жогорку окуу жайларына өтүүчүлөр үчүн милдеттүү кирүү экзамендерин тапшыруу ишке ашырыла баштайт. Ал эми 1957-жылдан баштап, 1944-жылы киргизилген мектептердин ар бир классында класстан класска көчүрүү Э. алынып салынып, анын ордуна толук эмес орто ж-а орто мектептерди аяктоочулар үчүн гана бүтүрүү экзамендери калтырылган.

Кырг. Респ. мектептеринде ж-а жогорку окуу жайларында СССРдин учурундагы Э. система негизинен сакталып келүүдө. Кийинки жылдарда тесттик сыноо (бүтүрүүчүлөр ж-а кирүүчүлөр үчүн) кеңири кулач жаюуда ж-а билимдерди текшерүүдө компьютердик техника кеңири колдонула баштады.

**ЭКЗИСТЕНЦИАЛИЗМ -** – филос. идеализмдин азыркы агымдарынын бири. Экзистенция латынча «бар болуу» деген сөздөн келип чыккан. «Мен» бармын, андыктан бардык нерсе эң алды м-н менин кызыкчылыгыма, менин мүмкүнчүлүгүмө жооп бериш керек дегенди билдирет. Социалдык тарбияда адамдын коомдогу орду ж-а ролу, анын тандап алган жолу, коом алдындагы жоопкерчилиги ж. б. абалдарынын бардыгы аң сезимдин деңгээлиндеги түшүнүктөргө анчейин баш ийбеген, ашынган индивидуалисттик, иррационалдык ж-а пессимисттик көз караштарга таянат. Экзистенциализм инсандын жетилүүсүндө тарбиянын ж-а билим берүүнүн ролун анчейин этибар албайт ж-а өнүгүүнү табияттан гана келген имманенттүү кубулуш катары карайт.

**ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ -** (гр. oikos-үй, жашаган жери, тиричилик өтүп жаткан аймактар) – организм м-н организмдердин ж-а алардын айлана-чөйрө м-н өз ара байланышынын закон ченемдүүлүгү ж-дөгү илим.

**ЭКСКУРСИЯ -** (лат. – жол жүрүү) – окуу-тарбия ишин уюштуруунун бир формасы. Мында жаратылышка, музейге ж. б. табыгый шарттын тиричилик аракетиндеги бир бүтүн турпатын кабыл алуу, үйрөтүү үчүн ал жерге окуучулар атайын даярдалып, уюшуп барат. Мында окуучуларга өз алдынча изденүүгө, изилдөөгө, байкап анализдөөгө шарт түзүлөт. Ошондуктан мектеп пайда болгондон баштап эле экскурсияга сабак сыяктуу көңүл бурулат. Улуу франциялык ойчул Ж. Ж. Руссо 18-к-да эле анын тарбиялык маанисин далилдеп, аны мектепке киргизүүнү негиздеген. Ал өзүнүн эмгектеринде (1762-ж). мамлекет да, мектеп да табияттын законун үйрөнүп, ошого негизделүү керектигин белгилеген. Тарбияны жаратылыш шартында алып баруу баланын табигый өзгөчөлүгүн билүүгө мүмкүндүк берет дейт да, природасообразности, же ар бир адамдын өзгөчөлүгү анын айлана-чөйрөдөн келип чыгарын белгилейт. Ошондуктан бала жаратылыш м-н бир болуп, өзүн эркин сезип, өз алдынча ой жүгүртүп, өз жөндөмүн өнүктүрүүдө экскурсия зор роль ойной турганы көпчүлүк педагогдор, методисттер (Б. Е. Райков, Н. М. Верзилин, Н. А. Рыков) тарабынан изилденип аныкталган. Экскурсия көпчүлүк учурда бир эле предметтин ичинде өтөт. Эгерде биология, география, физикалык материалдар бир темага бириктирилсе, анда комплексттик болот.

Экскурсияга баруу, ага педагогдун даярдыгы ж-а анын окуучуларынын да даярданышынан башталат. Ал эми экскурсия өткөрө турган жерге баргандан кийин аны өткөрүү төмөн-дөгүдөй тартипте: 1. Экскурсия өтө турган аймакты мүнөздөө (географиялык абалы, биргелештик (сообщество) шартты ж. б. 2. Максаты аныкталат. 3. Теманы тиешелүү материал сабак өткөндөй эле түшүн-дүрүү. 4. Өз бетинче ишти уюштуруу. 5. Окуучулар 20–25 минут материал чогултушат, байкоо жүргүзүшөт. 6. Чогулган материалдарды группа (топ-топ) болуп отурушуп кайрадан иштеп чыгышат. 7. Отчет үчүн тапшырма алышат. 8. Тамактанып түш-төнүшөт ж-а сөзсүз түрдө ар түрдүү ыр-бий м-н коштолуучу кызыктуу оюн өткөрүлөт. 9. Бул экскурсиянын жыйынтыгы (көргөзмө конкурс өткөрүү м-н кийинки жумаларда) мектепте чыгарылат.

**ЭКСТЕРНАТ -** – жалпы орто билимди өз алдынча кезектеги аттестациядан өтүп туруу аркылуу алуу (айрым учурда ылдамдатылган шартта) жолу. Э. формасында жалпы орто билим алуу мүмкүнчүлүгүнө мамл. ж-а мамлекеттик эмес жалпы билим берүү мекемелеринде күндүзү окугандар, мектептерде ар түрдүү себептер м-н убактылуу окубай калгандар (чет мамлекетте убактылуу жашап ж-а окуп жаткандар, оорусу б-ча мектепке барбай калгандар, качкындар ж. б.), орто ж-а баштапкы, орто профессионалдык окуу жайларын бүтпөй калган атуулдар, чет мамлекетке ата-энеси м-н биротоло көчүп кетип жаткандар ж-а бүтүрүү аттестациясы мезгилинде мелдешке же гастролго кетип жатышкан спортсмендер м-н артисттер ээ. Э-ка жазылуу үчүн мектепке өз арызы (жашы 16га толбогондорго ата-энесинин арызы), билимин тастыктаган документ (өздүк дело, справка), паспорттун (туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн) көчүрмөсү талап кылынат. Экстерн (экстернат түрүндө билим алып жаткан адам) бүтүрүүчү классты (9, 11) аякташ үчүн аралык ж-а аяктоочу

аттестацияга чейин 3 айдан кем эмес мөөнөттө, ал эми калган класстарды бүтүрүү үчүн мектеп аныктаган мөөнөттө арыз жазуу керек.

Бүтүрүүчү эмес класстардын аттестациясынын өткөрүү тартиби, формасы ж-а мөөнөтү мектептин уставы аркылуу аныкталат ж-а аны толук тапшыргандар кийинки класска көчүрүлөт.

Э-дердин 9, 11-класс үчүн аралык аттестациясы 1-жарым жылдык үчүн декабрь айында, 2-жарым жылдык ж-а окуу жылы үчүн май айында өткөрүлөт.

11-классты бүтүрүүчүлөрдүн мамл. (жыйынтык) аттестациясы Кырг. Респ. Билим берүү министрлиги тарабынан өткөрүлөт. Мамл. (жыйынтык) аттестациядан ийгиликтүү өткөн Э-дерге тиешелүү документтер (аттестат, күбөлүк) «экстернат» белгиси м-н берилет.

Э. түрүндө билим алуу акы төлөө аркылуу жүргүзүлөт (консультация, экзамен ж. б. чыгымдар). Инвалид, жетим, көп бүлөлүү ж. б. социалдык жеңилдик шарты бар балдар акы төлөөдөн бошотулат.

**«ЭЛ АГАРТУУ - »** – Кырг. Респ. Билим берүү министрлигинин ил.-педагогикалык ж-а методикалык журналы. Журналдын алгачкы саны 1928-жылы май айында «Жаңы маданият жолунда» деген наам м-н жарык көргөн. Адепки жооптуу редактор Касым Тыныстанов, редколлегиянын мүчөлөрү Токчоро Жолдошев, Баялы Исакеев болушкан. Журнал алгач «Жаңы маданият жолунда» деп аталып, андан кийин «Окутуучуларга жардам», «Мугалимдерге жардам», анан 70-жылдары «Эл агартуу» болуп өзгөрдү.

1978-жылы «Эл агартуу» журналы жаш муундарды окутуп-тарбиялоо боюнча сиңирген зор эмгеги үчүн «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. Кыргыздын залкар жазуучулары, агартуучулары Аалы Токомбаев, Касымалы Баялинов, Токчоро Жолдошев журналдын алгачкы редакторлорунан болушкан. Булардан тышкары журналды жетектөөдө Ж. Шүкүров, А. Элебесов, Б. Юнусалиев, Б. Колдошев, Б. Үмөталиева, Р. Шамурзина, Н. Кангелдиев, А. Токтосунов эмгек өтөгөн. Журналдын азыркы башкы редактору Т. Сагымбаев.

**ЭЛДИК ДИДАКТИКА -** – бул жаш муундарга таалим-тарбия берүүнүн максаты-мазмуну, аларды билим ж-а билгичтиктерге ээ кылуунун усулдары ж-а каражаттары жөнүндөгү салттуу көз караштардын ж-а тажрыйбалардын системасы.

Э. д. көз караштар ж-а тажрыйбаларды үч түрдүү түйүндүү түшүнүк-төрдүн чегинде кароого болот. алардын эң башкысы акыл, билим ж-а өнөрдүн баалуулугу жөнүндөгү элдик көз караштар. Байыркыдан мурасталган аңыз аңгемелерде, дастандарда, макал-лакаптарда жаш муундар үчүн акыл м-н билимдин адам турмушундагы ордун ар тараптуу түшүнүүгө, алардын билимге болгон дитин ойготууга дүрмөт болуучу учкул сөздөр арбын. Билимдеги эң улуу күч, улуу дөөлөт, башкы байлык катары каралат. «Акыл тозбогон тон, билим түгөнбөгөн кенч», «Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат», «Кылыч курал эмес, акыл курал», «Алтын чирибейт, акыл азбайт», «Акыл байлыгы, азбас байлык».

Э. д. баалуулугун арттырган дагы бир жагдайы элдин көп кылымдын тажрыйбасынан жаралган эмприкалык билимдер. Эл өзүнүн жашоо тиричилигин уюштурууга зарыл болгон бардык билимдерди акыл парасат м-н оңдоп, андан келип чыккан ой тыянактарын, тажрыйбаларын улам кийинки муундарга өткөрүп берип олтурат. Анын мазмунунда Ала-Тоонун флора ж-а фаунасы, аба-ырайына эсептөө, ченөө, астрономиялык, географиялык, тарыхый, агрономиялык медицинага байланышкан бүгүнкү предметтик билим берүүнү өркүндөтүүгө өбөлгө болуу үчүн актуалдуу билимдер да арбын.

Кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында билим-тажрыйбаларды гана топтобостон, аны жаш муундардын акыл эсине, жан дүйнөсүнө жеткирип, сиңирүүнүн комплекстүү усулдарын, жол-жоболорун да иштеп чыгышкан.

Элдин пикиринде балдардын өнөр-билимге кунтун, ыклас-ынтызарлыгын өстүрүү кенедей кезинен башталышы зарыл («Жаш кездеги билгениң ташка тамга баскандай, карыганда билгениң карга тамга баскандай», «Уяда эмнени көрсө учканда ошону алат»).

Ал эми чыныгы билим жолуна түшүү адамдан чыдамкайлык туруктуулукту талап кылат («Илим ийне м-н кудук казгандай», «Саргара жортсоң кызара бөртөсүң», ж-а кыйнабай жумуш бүтпөйт, талаптанбай муратка жетпейт»). Э. д-лык жоболорго ылайык көз м-н көрүп көөдөн м-н туюлган нерселер гана чыныгы билим көрөңгөгө айланат («Миң уккандан бир көргөн артык», «Кулагыңа эмес, көзүңө ишен», «Көздөн алыс нерсе, көөдөндөн да ыраак болот»). Э.д. таалим-тарбиянын ырааттуулук, системалуулук принциби да кылдаттык м-н эске алынган («Иш кылсаң иретин бил», «Тамчыдан булак, булактан көл болот», «Азды билбеген, көптү да билбейт», «Көрө көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот», «Аста-аста иш кылсаң, алыстагыны аласың»). Элдин пикиринде өнөр билимге ээ болуу адамдын ынтаасы, ынтызаарлыгы, активдүүлүгү аркылуу гана ишке ашчу кубулуш («Эс акылыңды бербесең эңсегениңе жете албайсың»). Өзгөчө билим алуудагы өз алдынчалыкка терең маани берилген («Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт»).

Ошентип Э. д. бүгүнкү таалим-тарбия процессинин мазмунун ар тараптуу байытууга, өркүндөтүүгө тикеден-тике тиешелүү рационалдуу билимдер, тажрыйбалар арбын. Кеп аларды орду м-н максаттуу пайдалана билүүдө жатат.

**ЭЛДИК ПЕДАГОГИКА -** – элдик оозеки чыг-лыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюн ж-а оюнчуктарда сакталган пед. идеяларынын ж-а тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму.

Ал эми анын илимий-тематикалык географиясын, изилдөө чектерин төмөнкүчө мүнөздөп көрсөтүүгө болот: элдин негизги пед. түшүнүктөрү (багуу, кароо, асыроо, тарбиялоо, бутуна тургузуу, эрезеге жеткирүү, адам катарына кошуу); элдик педагогиканын кенч казыналары, булактары (уламыш, болумуштар, дастандар, жомоктор, макал-лакап, табышмактар, элдик ырлар, колдонмо-жасалма өнөрү, таштагы жазуулар, акындар чыг-лыгы, санжыралар); элдик тарбиянын мазмуну ж-а максат-милдеттери (пейил-мүнөздү, адеп-ахлакты, акыл ж-а дене бой маданиятын калыптандыруу, ден соолукту сактоо, чыңдоо, көркөм-эстетикалык табитти өстүрүү ж. б.); тарбиялоонун факторлору, усулдары (жандуу жаратылыш, эне тил эмгек, каада-салт, үрп-адаттар, элдик өнөр, дин, турмуш-тиричилик ж. б.);

каражаттары (өрнөк, түшүндүрүү, ынандыруу, ишеним, бата, өтүнүч, кеңеш, ишаарат, алкыш, какшык, зекүү, эскертүү, көндүрүү, тыюу, коркутуу, дем берүү ж. б.); (эпостор, жомоктор, макалдар, табышмактар, жаңылмач, апыртма, бат айтма, элдик ырлар, көркөм өнөр, оюндар, табият, элдик майрамдар ж. б.); адамзаттын жамааттык жашоо образынын пед. концепциясы (үй-бүлө, урук, уруу, коом, эл, адамзат); дүйнө элдеринин пед. маданияттарындагы жалпылыктар ж-а бөтөнчөлүктөр (жалпы адамзаттык пед. маданият, славян элдеринин пед. маданияты, түрк элдеринин пед. маданияты ж. б.); элдик тарбиячылар (ата-эне, уруулар, карыялар, усталар, уздар, саяпкерлер, мүнүшкөрлөр, эсепчилер, манасчылар, жомокчулар, акындар, санжырачылар, уламалар); элдик педагогикадагы инсандык идеалдар (чыныгы адам, эр жигит, аксакал, карыя, ак көрпө жайыл ургаачы, жабылуу кара инген, ак жоолук делбир ж. б.).

Элдик педагогикадагы инсан идеалы. Кыргыз эли тарбиялоонун максаты ж-а мазмуну ж-дөгү кылымдардан берки түзүлгөн түптүү көз караштарын «адам кылуу» деген жөнөкөй ж-а улуу түшүнүк м-н туюнтушат. «Адам бол» деген бийик талапты ар бир ата-эне бала сөзгө түшүнө баштагандан эле кулагына куюп, жандүйнөсүнө сиңире баштайт.

Кыргыз элинин тарбия концепциясында уул балдар м-н кыздардын идеалы алардын үй-бүлөлүк ж-а коомдук турмуштагы ордуна, функциясына карай өз алдынча, өзгөчө мерчемдер м-н аныкталган. Атап айтсак, уул балдарды тарбиялоонун идеалы – байыркы доорлордон азыркы күнгө чейин «Эр жигит» деген түшүнүк м-н туюнтулуп келет. Жигит идеалынын мазмуну башка элдердин нарк дөөлөттөрүнө, б. а. орус элиндеги «азамат уул» (добрый молодец), жапан элиндеги «самурай», англичандардагы «жентельмен» деген түшүнүктөргө жакын. Алардын баарына тең эле албеттүүлүк, эр жүрөктүүлүк, тайманбастык, кичи пейилдик, калыстык, шайыр-шайдооттук сыяктуу жалпы касиеттер мүнөздүү.

Ал эми аял затынын идеалын таамай, так туюнтуп турган «Ак жоолук делбир», «Ак көрпө жайыл», «Жабуулуу кара инген» деген түшүнүктөр да кездешет. «Ак жоолук делбир» түшүнүгү төмөнкүчө чечмеленет: «Мындай аял сымбаттуу келет. Күйөөсүнүн кенедей да көңүлүн калтырбайт. Жоро-жолдоштору дайыма келип турат. Аларды сүйлөгөн сөзү, кылган кылыгы менен ыраазы кылат. Үйүн таза кармайт. Балдарын куурчактай кылып кийиндирет. Маңдайы жарык болот». «Ак көрпө жайыл ургаачы» түшүнүгү акылга дыйкан, мээримдүү, адамгерчиликтүү, жүрүм-туруму м-н өзгөлөргө өрнөк боло алган аялды сыпаттоо иретинде колдонулат. Ал эми «Жабуулуу кара инген» үй турмушунда бардык түйшүктү мойнуна алган, уздугу, чеберчилиги м-н айырмаланган, ушак-айыңга кошулбаган, ашыкча кеп-сөзү жок, көтөрүмдүү, көпчүлүктүн ишине активдүү катышкан аял.

Элдик педагогикалык негизги түшүнүктөр. Кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятына таандык терминдерди ж-а түшүнүктөрдү талдоо төмөнкүдөй тыянак чыгарууга негиз берет. Биринчиден, азыр элдик пед. лексикондо активдүү колдонуп келе жаткан түшүнүктөр, терминдердин айрымдары бардык түрк тилдерине ислам дини м-н кошо кирип, орток терминге айланып кеткен.

Алсак «Тарбия» дээрлик бардык түрк тилдерине арабдардын «тарбият» деген сөзүнөн кирген. Семантикалык мааниси бардык түрк элдеринде бирдей, б. а., инсанды өнүктүрүү, өстүрүүгө байланышкан пед. кубулуштарды жалпылоо маанисинде колдонулуучу түшүнүк.

«Тарбия» деген уңгу сөзгө -лоо мүчөсү жалганганда инсандын көп кырдуу сапаттарын калыптандыруу, өстүрүү процессин, мыйзам ченемдүүлүктөрүн мүнөздөөчү түшүнүккө айланат. Жалпылап айтканда, кыргыз элиндеги «тарбиялоо» түшүнүгү баланы багуу, кароо анын акыл-эсин өстүрүү, ден-соолугун чыңдоо, аны өрнөктүү жүрүм-турум адаттарына үйрөтүү дегенди билдирет.

«Тарбиялоо деген түшүнүктүн ажырагыс компоненттеринин бири – тартип. «Тартип» – фарс сөзү, кыргыз тилинде «ирет», «ырааттуулук» деген маанини билдирет. Ал эми «тартиптүү» деген сын атооч сөз инсандын жүрүм-турумунун белгилүү ыраатка салынгандыгын, андагы өр-нөктүү, үлгүлүү инсандык касиеттерди мүнөздөйт. Кыргыз тилинде тарбиялоо түшүнүгүнө синонимдеш төл сөз арбын. Алардын баары көп маанилүү, алардын маани-маңызы баланын ар кыл жаш курагындагы өсүп-өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө, ага ылайык камкордуктардын мазмунуна карай улам тереңдеп олтурат. Алсак, «торолтуу» деген сөз жаңы көз жарган наристенин өсүп-өнүгүүсүн мүнөздөө иретинде колдонулат. Ал эми «алдейлөө», «бапестөө» деген түшүнүктөр ымыркайды көзөмөлдөп баккандардын аруу сүйүүгө ширелген ар түрдүү камкордуктарын айгинелеп турат.

Байыркы кыргыздардын пед. лексиконунда «телчиктирүү» түшүнүгү кеңири колдонулган. Бул түшүнүктөн кыргыздардын аңчылык өнөрүнө байланышкан адат-салттарынын изи ачык байкалат. Анткени, бул сөз куш, ителги, бүркүт таптоодо да, баланы жетилтүүдө да кеңири колдонулуп келген.

Тарбиялоо маселесине байланышкан элдик түшүнүктөрдү таанып-билип, тактоодо «үйрөтүү», «үйрөнүү» деген сөздөр өзгөчө мааниге ээ. Түз маанисинде «үйрөтүү» тарбиячы, насаатчынын, ал эми «үйрөнүү» деген сөз тарбиялануучунун ишмердигин сыпаттайт. Сөздүн тегине келсек, анын тамыры байыркы мезгилдерге барып такалат. «Үйрөн» деген уңгу сөз байыркы түрк тилинде «ө» – ой жүгүртүү, ойлонуу, «ег» – ой, акыл-эс деген эки сөздүн курамынан турган. Түп маанисин түзмө-түз чечмелегенде башкалардын акылына, кеңешине канык, өз алдынча ойлон, акылыңы өстүр деген мазмунга ээ. Семантикалык мааниси жагынан кыргыз тилиндеги «кемелине келтирүү», «баралына келтирүү», «эрезеге жеткирүү» сыяктуу сөздөр да негизги пед. терминдердин катарына кирет. Булар бир караганда тектеш терминдер катары туюнтулат. Бирок, элдин тарбия практикасында алардын ар бири өз алдынча түшүнүк, өз алдынча өзгөчө пед. функцияны аткарат.

«Баралына келтирүү», «баралга жеткирүү» деген түшүнүктөр, төгөрөгү төп, жигит катары жетилдирүү деген маанини билдирип, көбүнчө уул балдарды тарбиялоо, өстүрүү процессин мүнөздөйт. Ал эми «кемелине келтирүү» деген түшүнүктө адамдын жыныстык өзгөчөлүгү эске алынбайт. Башкача рухий маданият, өнөр жагынан өнүгүп-өсүп калыптангандыгынын чен өлчөмү катары мүнөздөлөт. Кыргыз фольклорундагы «санат», «насыят», «терме», «нуска», «үлгү», «үгүт» ырлары да генезиси, элдин түшүнүгүндөгү колдонулуп келинген ар кандай семантикалык мааниси

жагынан, элдик тарбия, таалим деген термин м-н тамырлаш. Алар жаштардын жан дүйнөсүнө небактан калыптанган, аныкталган, такталган абийир ар, адеп ыймандуулуктун жол жобо, эреже, тартиптерин сиңирүүгө байланышкан улуулардын пед. иш-аракетин туюнтат.

Талдоого алынган сөздөрдө тастыкталгандай, кыргыз элинде тарбиялоонун маңызы жөнүндө көп кырдуу, ырааттуу түшүнүк берүүчү терминдер, пед. туюнтмалар арбын. Бирок, элдин рухий турмушундагы динамикалык процесстерден улам айрымдары архапкага айланып кетсе, айрымдары таалим-тарбия ишинин айрым бир компонентин гана сыпаттаган кө-мөкчү түшүнүктөр катары гана кабылданып калгандыгын байкоого болот. Мында, баарыдан мурда, тарбиялоо деген башка тилден кирген сөздүн маңыз-мазмуну улам тереңдеп, улам кеңейип улам байып, олтуруп нагыз улуттук түр-түспөлгө ээ болгонун эске алуу зарыл.

Элдик педагогиканын өзгөчө-лүктөрү. Элдик педагогика ил. педагогикадан өзүнө таандык бир катар өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат. Элдик таалим-тарбиянын мазмуну элдин тарыхы м-н өтмө катар байланышта. Байыркы бабалардын турмуш практикасынан жаралган каада-салттар, үрп-адаттар эчен муундардын акыл-элегинен өтүп, улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп, өрнөктүү жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланган. Демек, улуттун теги сыяктуу анын тарбия маданияты да тарыхый категория.

Коллективдүүлүк – элдин таалим-тарбия тажрыйбаларынын генезисин, өсүп-өнүгүшүн мүнөздөөчү башкы өзгөчөлүк. Ал миллиондогон адамдардын акыл чабыттарынан, турмуштук сабактарынан жаралып, эчен муундардын элегинен өтүп, иргелип тандалып, байып отуруп, соңку урпактардын уңгулуу дөөлөттөрүнө, тарбия маданиятына айланган.

Муундан муунга тынымсыз өтүү-чүлүк, элдик мурастарга, анын ичинде элдик педагогикалык мурастарга да мүнөздүү. Ушул ыңгайдан алып караганда элдик педагогика муундар ортосундагы байланышты бекемдөөнүн, улуттук рухий баалуулуктарды сактоонун бөтөнчө формасы болуп эсептелет.

Элдик педагогикалык салттардын турмушта жандуу жашоосун камсыз кылган шарттардын бири – коомдук пикир. Баарыга маалым, тигил же бул элдин этикалык эрежелеринин аткарылышын түгөл законго жазууга болбойт. Алар көбүнесе коомдук пикирлердин таасири м-н көзөмөлгө алынат. Элдин салтын, этикалык эрежелерин бузган адам ошол элдин өкүлдөрү тарабынан сынга алынат, өзү жашаган чөйрөдө адамгерчилик наркtан чыгып калат. Муну «салтты билбес, санда жок» деген кыргыз макалы таасын туюнтуп турат. Элдик педагогикага мүнөздүү бөтөнчөлүктөрдүн бири – синкретизм. Бул термин кыргыз тилинде «биригишкен», «айкалышкан» деген түшүнүктү билдирет. Элдин таалим-тарбиялык жөрөлгөлөрү эл турмушунун бардык тарабын: коомдун саясый-экономикалык түзүлүшүн, элдин диний ишенимдерин, салт-санаа, үрп-адаттарын, тиричилик-чарбалык иш-аракеттерин, коомдук жүрүм-турум нормаларын ж.б. өз ара айкалышта чагылдырып көрсөтөт.

**ЭЛЕКТРОНДУК БИБЛИОТЕКА -** –документтүү автоматташтырылган информациялык система, андагы сакталган документтер (статьялар, монографиялар, отчеттор, рефераттар ж. б.), эреже боюнча, текст толук түрдө электрондук машинкадагы терилгени ж-а автоматташтырылган электрондук формасы, мис., тексттерди электрондук почта аркылуу жиберет ж. б.

**ЭЛЕКТРОНДУК ОКУТУУ -** – жаңы электроника ж-а кагазсыз информатикалык каражаттардын жардамы м-н окутуу. Электрондук окутууну негизги эки түргө бөлөбүз:

1. *рецептикалык* («рецепция» сөзүнөн алынган) – телевидение, аудио же видеомагнитофондо жазылып, ТСОнун жардамы м-н берилген билимдерди өздөштүрүү ж-а кабыл алуу.

2. *интерактивдүү* («өз ара аркеттешүү» сөзүнөн алынган) – окуучу ж-а окутуучу системанын адам ж-а машина формасындагы диалогдук өз ара аракеттенишүүсү.

Электрондук окутуунун жетилген интерактивдүү системасы компьютерден, түстүү телевизордон, видеодискалык аппараттардан турат. Бул системада окууда окуучулар жазылган ситуациянын активдүү катышуучусу болуп калышат ж-а компьютердин жардамы м-н анын өсүшүнө (чыгышына) ж-а жыйынтыгына (натыйжа) таасир берет. Космонавттар, учкучтар, танкисттер, автомобиль айдоочулар ушул сыяктуу системада даярдык алышат.

**ЭЛЕКТРОНДУК ОКУУ КУРАЛЫ -** салттуу кагаз китептерге караганда бир катар олуттуу артыкчылыктарга ээ. Мис., 650 мегабайт көлөмүндөгү бир компакт-дискке (CD-ROM) 400 томго жакын китептердин тексти батат. Э. о. к. практикалык жактан да түбөлүктүү, айрылып, эскирип калбайт, аз гана орун ээлеп, алып жүргөнгө да ыңгайлуу. Алардын колдонулушу да вариативдүү: текстеринин шрифтеринин өлчөмүн, түсүн каалагандай өзгөртүп алууга, ал эми мазмунун окутуунун максатына ылайык ар дайым толуктоо, оңдоо, түзөөгө мүмкүн. Ошондой эле зарыл учурда принтердин жардамы м-н окуу китептин кайсы бир бөлүгүн же толук баарын каалаган форматта чыгарып алууга да Stylus тибиндеги машиналык котормочунун жардамы м-н окуулуктун тексттерин башка тилге да оңой эле оодарып алууга да болот.

Э. о. к. окутуу процессинде мугалимди да сабакка окуулукка кошумча көп сандаган окуу куралдарын, карточкаларды тексттерди кыркып даярдап келүү сыяктуу бир катар түйшүктөрдөн куткарат. Э. о. к. мындай материалдарды башка электрондук китепканалардан, китептерден, журналдардан интернет аркылуу оп-оңой эле кошо алат. Демек, Э. о. к. билимдин мазмунун жыл өткөн сайын өнүктүрүп, өстүрүп туруу үчүн өтө ийкемдүү.

**ЭМГЕКТИ СҮЙҮҮ -** тубаса керектөө таризиндеги ишмердик. Баланын турмушунун биринчи жылдарында эле айрыкча анын оюн ишмердигинде эмгектин элементтери арбын кездешет, өзүнө-өзү ээ болууда пайда болот. Эгерде пед. шарт-жагдайлар туура уюштурулса, баланын оюн улам татаалдашып олтуруп кадыресе эмгектик көнүгүүлөргө айланып алгачкы тажрыйбаларынын түптөлүшүнө өбөлгө түзөт. Үй-бүлөдө балдардын так аныкталган ар дайым аткаруучу милдеттери болушу зарыл. Алардын аткарылышын системалуу түрдө көңүл чордонунан чыгарбай дамамат текшерип туруу баланын колунан бирдеме келе тургандыгына ишеничин арттырат. Эмгек аркылуу жазалоо мүмкүн эмес. Тескерисинче, балдар өз алдынча аткарган ар бир иши үчүн алкоо, сыйлоого муктаж.

**ЭМГЕККЕ ОКУТУУ -** – эмгектенгенге окутуп тарбиялап-үйрөтүү процессинде балдарда калыптанган өзүн-өзү тейлөөнүн айрым турмуштук практикалык көндүмдөрү. Мис., куурчак оюнчуктарын жасап, алар м-н ойногонду, өсүмдүктөрдү өстүрүп, жаныбарларга камкордук көргөндү, эмгекке үйрөтүү б-ча окуу программада кенже курактан баштап улуулардын эмгектерин баалай билгенди, эмгектин түрлөрү м-н тааныштырып колдорунан келишинче иштерди өз алдынча аткартып, жуунганды, кийингенди, тамактанганды үйрөнүшөт. Бара-бара ата-энесинин, мугалимдердин өтүнүчү боюнча гүлдөрдү сугарып, үй жаныбарларын бакканды, оюнчуктарды кириинтип, кийимдерин жууп тазалап, жаңы кийимдерди тигип кийиндирүү, жасалгалоо аларга кубаныч тартуулайт. Бул аткарылган иш-аракеттер балдардын тулку боюнун ой жүгүртүүсүнүн өсүп өнүгүшүнө улуулардын берген тапшырмаларын жоопкерчилик м-н аткарып, милдетин сезип чыдамкайлык сапаттарын калыптандырат.

Эмгекке тарбиялап окутуу байыркы болуп эсептелет. Анын тарбия берүү тармагындагы орду, мүнөзү тарыхый шарттарга байланыштуу белгиленет. Акыл эмгеги м-н күч эмгеги болуп бөлүнгөндөн баштап акыл эмгеги башкаруучу таптардыкы, ал эми күч эмгеги эзилүүчү таптардыкы болуп калган.

Эмгек мектептерин түзүү – окутууну өндүргүч күчтөр м-н байланыштырып жумушчуларды эмгек жолуна даярдоо Руссо, Песталоцци, Оуэн ил. иштеринде чагылдырып, практика жүзүндө ишке ашырууну көздөшкөн. Башкаруучу тап көптөгөн кылымдарга эмгек тарбиясынан четтетилген.

Эмгекке тарбиялоо алгачкы социалист-утописттердин эмгектеринде тарбиялоонун бирден бир негизгиси экендиги жарыяланган. Ошондон улам көптөгөн прогрессивдүү педагогдор ж-а буржуазиялык коомдогу коомдук ишмерлер Я. А. Каменский, Дж. Локк, Дж. Беллерс, И. Г. Песталоцци, Р. Оуэн, Н. Г. Чернышевский, Д. И. Писарев, К. Д. Ушинский ж. б. баардык балдарды үйдө ж-а мектепте күч эмгегине аралаштыруу үчүн күрөшүшкөн. Алар күч эмгеги өсүп келе жаткан жаш муундардын ар тараптан өстүрүп, нравалык тарбия берет деп эсептешкен.

**ЭМГЕК ТАРБИЯСЫ -** – мектепте жүргүзүлгөн иштердин составдык бөлүгү. Э. т-нын негизги максатына окуучуларды эмгекке чыгармачыл, аң-сезимдүү мамиле жасоого тарбиялоо кирет. Бул максатка жетүү төмөндөгү милдеттерди чечүүгө байланышат: окуучунун эмгекке муктаждыгын тарбиялоо; акыл эмгеги м-н күч эмгегин айкалыштырып, анын интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүү; билимин кеңейтүүгө муктаждыгын тарбиялоо; эмгекке аң-сезимдүү чыгармачыл мамиле жасоого тарбиялоо; эмгек көндүмдөрүн, билгичтиктерин калыптандыруу; эмгек маданиятын, эмгекти уюштуруучулук жөндөмүн арттыруу; эмгек тарбиясы м-н бирдикте окуучуларга экономикалык тарбия берүү; эмгекке тарбиялоо процессинде окуучунун нравалык сапаттарын калыптандыруу ж. б.

Бул милдеттерди чечүү окуучуларды эмгекке теориялык, практикалык ж-а психологиялык жактан даярдоого жардам берет.

Мектепте Э. т. окуу-тарбия ишинин баардык процессинде, окууда өзгөчө илимдердин негизин окутууда, эмгекке үйрөтүү сабактарында, класстан ж-а мектептен тышкаркы иштердин системаларында ишке ашат.

Илимдердин негизин окуутууда окуучулар өндүрүштүн ил. негиздери ж-дөгү билимдерге ээ болушуп, таанып-билүүгө ж-а кесипке болгон кызыгуусу өнүгөт. Окуучулар эмгекке үйрөтүү сабактарында эмгек предметтери, каражаттары ж-а процесстери ж-дөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүшүп, белгилүү көндүмдөргө ж-а билгичтиктерге ээ болушат.

Мектепте жүргүзүлгөн класстан ж-а мектептен тышкаркы иштердин ар түрдүү формасы окуучулардын чыг-лык сапаттарын өнүктүрүүгө, шык-жөндөмүн аныктоого жардам берет.

Э. т. берүүдө окуучулардын эмгеги мааниге ээ. Пед. адабияттарда окуучулардын окуу эмгеги, өзүн өзү тейлөө эмгеги, коомдук пайдалуу ж-а өндүрүмдүү эмгеги белгиленген. Окуучуларды эмгек процессине катыштыруу алардын адептик, инсандык сапаттарынын, эмгекти сүйүү, эмгек адамдарын урматтоо сезимдерин калыптандырууга чыг-лык демилгесин ж-а эмгектик көндүмдөрүн, билгичтиктерин өнүктүрүүгө жардам берет. Мына ошого байланыштуу окуучулардын эмгегин туура пландаштырууга, уюштурууга өзгөчө көңүл бөлүү керек.

**ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ -** Чех педагогу Я. А. Коменский өзүнөн мурдагы окумуштуулардын ж-а үй-бүлөдөгү тарбия тажрыйбаларын пайдаланып, биринчилерден болуп мектепке чейинки курактагы балдарга үй-бүлөдө тарбия-таалим берүү ж-дөгү (1629–32-ж.) ойлорун пед. чыгармаларында жазган. Я. А. Коменскийдин «Энелер мектеби» деген чыгармасында 6 жашка чейинки балдар м-н уюштурулуучу нравалык-диндик, акыл, ден соолукту чыңдоо ж-а эмгекке тарбиялоо б-ча иш-аракеттердин мазмуну ж-а методдору чагылдырылган. «Э. м.» максаты мектепке чейинки курактагы балдарды мектепте окууга даярдоо болгон.

Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу республикадагы көптөгөн балдар бакчалары жабылып, мектепке чейинки курактагы балдардын 80–85%тен ашыгы үй-бүлө шартында тарбияланууда.

Мектепке чейинки мекемелерге тартылбай калган балдарды үй-бүлө же балдар бакчаларынын, башталгыч мектептердин шартында мектепке ар тараптан ийгиликтүү даярдоо максатында Кыргыз билим берүү академия-сынын доценттери Л. В. Усенко, К. С. Сейдекулова тарабынан «Энелер мектеби» («Материнская школа») программасы 2001-жылы түзүлгөн. Программа үй-бүлө шартында же балдар бакчаларында балдардын кыска мөөнөттө болушуп, мектепке даярдык алуусуна арналган. Ошондой эле программа республикадагы мектепке чейинки 3–6 жаш курактагы балдарга альтернативдүү билим берүүнү уюштуруунун негизи болуп эсептелет.

«Э. м.» ата-энелердин суроо-талаптарына ылайык 2 сааттан 4–8 саатка чейин иштейт. Программа балдардын ар кандай максаттуу: дидактикалык, кыймылдуу оюндарын, ыр-бий, сүрөт тартуу, ийлеп чаптоо, кесип чаптоо, конструкциялоо, тил үйрөнүү, эне тилин өстүрүү, жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу ж. б. ишмердүүлүктөрүн камтыйт. Азыркы күндө республикабызда 50дөн ашык «Э. м.» уюштурулган.

**ЭРК -** – ички ж-а сырткы каршылыктарды жеңүү үчүн адам өзүнүн иш-аракетин, кылык-жоруктарын аң-сезимдүү түрдө башкаруусу.

Ар кандай эле аң-сезимдүү, тоскоолдуктарды жеңип, максатка жетүүгө умтулган иш-аракет Э-ти мүнөз-дөбөйт. Э-те максаттын баасын айкын түшүнүү, анын адамдын умтулуусуна, принциптерине ылайык келиши мааниге ээ. Э-тин психологиялык теорияларын 2 топко ажыратууга болот: Э-ти башка процесстерге камтылбай турган бөтөнчө кубулуш катары караган «автогенетикалык» теориялар (В. Вундт, Н. Ах ж. б.) ж-а тигил же бул психикалык фактордун, кубулуштун туундусу деп эсептеген «гетерогенетикалык» теориялар (Н. Ф. Гербарт, Э. Мейман, Э. Бле-йер ж. б.). Ал эми орус психологдору Э-ти коомдук-тарыхый кубулуш катары карайт. Э-тин табиятын аныктоого Д. Н. Узнадзе ж-а анын мектебинин установка теориясы чоң салым кошкон.

Э-тин физиологиялык механизмин төмөндөгүдөй көз алдыга келтирүүгө болот. Чоң жарым шардын кыртышынын чоку жагында (теменной) кыймылдуу областта жайгашкан кыймылдуу область бардык анализаторлордун кыртыштык бүтүшү ж-а кыртыштын бардык бөлүктөрү м-н байланышкан. Бул байланыш кыртыштын бөлүктөрүндө пайда болгон козголууну кыймылдуу областка жеткирет да, ал жерде да козголуу процесси жүрөт. Анализатордон кыймылдуу областка келген маалымат кыймылдын башталуу сигналы болот. Маалыматты алган кыймылдуу клеткалар каалаган убакта «кыймыл» ж-дө «буйрук» жөнөтүшү мүмкүн. Ошентип, кыртыштын кыймылдуу областынын мээнин башка бөлүктөрү м-н болгон байланышы адамдын кыймылынын, аң сезимдүү аракетинин керектүү шарты болуп саналат.

Э-тик аракеттерди жөнөкөй, татаал деп ажыратуу кабыл алынган. Жөнөкөй Э-тик аракет – максат коюу ж-а аткаруудан, ал эми татаал Э-тик аракет – максатты түшүнүү, пландаштыруу ж-а аткаруудан турат. Чынында турмушта коюлган максатты түшүнбөстөн аткаруу көп жаңылыштыктарды пайда кылып жаткандыгы белгилүү. Бүгүнкү билим берүү процессинин алдындагы проблема жаштарды татаал Э-тик аракеттерге үйрөтүү болуп саналат.

**ЭСКЕ ТУТУМ -** – маалыматтардын эсте кармалып туруусун камсыз кылуучу, эс процесстеринин бири. Э. т-ду мүнөзүнө, ишке ашуу жолуна жараша: а) эрктүү, эрксиз; б) механикалык, маанилүүлүк; в) түздөн-түз, кыйыр деп бөлүүгө болот. Эрксиз Э. т-да кубулуштур, материалдар алдын-ала тандалбайт, эрктик аракеттер жумшалбайт, кошумча каражаттар колдонулбайт. П. И. Зинченко, А. А. Смирнов ж. б. психологдор тарабынан материал иш-аракеттин негизги максаты м-н байланыштуу болсо, эрксиз Э. т. жемиштүү боло тургандыгы далилденген. Эрксиз Э. т. акыл активдүүлүгүнө, жумуш аткаруудагы өз алдынчалыкка жараша болот: акыл аракеттерин талап кылбаган материал начар, эрксиз эсте калып, тез унутулат.

Эрктүү Э. т-да адам аныкталган мотивдердин негизинде (өзү белгилеген же ага сунуш кылынган) нерселерди эсте калтыруу үчүн өзүнүн алдына максат коёт, б. а. эрктүү Э. т. атайын мнемикалык аракет болуп саналат. Эрктүү Э. т-дун ийгиликтүүлүгү мнемикалык максаттардын өзгөчөлүгүнө көз каранды болот. Эрктүү Э.т. ийгиликтүү жүрсүн үчүн төмөндөгүдөй жолдорду колдонуу керек: а) материалдын планын түзүү; б) эски м-н жаңынын ортосундагы тиешелештикти коюу, б. а. жакшы белгилүү жактарына таянуу; в) материалды системалаштыруу ж-а класстарга бөлүштүрүү; г) материалды айырмачылыктары, окшоштуктары б-ча ажыратуу ж. б. у. с.

Бирдей шартта эрктүү Э. т., эрксиз Э. т-га караганда жогору бааланат, анткени анда өздөштүрүлгөн билимдер бекемдиги, аң-сезимдүүлүгү, системалуулугу б-ча айырмаланышат. Бирок практикада адамдын активдүү акыл иш-аракеттерин талап кылган көп иштер (адам өзү көңүл койсо) эрксиз эсте жакшы тутула тургандыгы белгилүү.

Механикалык, маанилүүлүк Э. т. процесси түшүнүк м-н байланыштуу. Механикалык Э. т. дегенде бул же тигил объектилерди так удаалаштыкта, логикалык байланыштарды түзбөстөн эсте калтырууну түшүнөбүз. Маанилүүлүк Э. т. – материалдын маңызын, логикалык байланыштарын табуунун эсебинен ишке ашырылат. Практикада маанилүүлүк Э. т. механикалык Э. т-га караганда бир топ жемиштүү келет. Түздөн-түз Э. т-да таасир эткен дүүлүктүргүч төгүлбөй-чачылбастан, эч кандай алымча-кошумча киргизилбестен, өзгөрүүсүз сакталат. Ал эми кыйыр түрдө Э. т-да кийин эстөөгө зарыл болгон «ачкычтар» изделип, аң-сезимдүү түрдө кошумча каражаттар пайдаланылат. А. Н. Леонтьевдин изилдөөсүндө түздөн-түз Э. т. эстин өнүгүшүнүн алгачкы этабында байкалып, анын жогорку өнүгүү деңгээлин кыйыр түрдө Э.т. камсыз кыла тургандыгы далилденген.

Э. т-га таасирин тийгизүүчү эки факторду бөлүп көрсөтүүгө болот: 1). эсте тутулган материалдын өзгөчөлүктөрү – субъект үчүн маалымат канчалык маанилүү болсо, ошончолук жакшы эсте тутулат; 2). Э. т-дун детерминанттык жагы – материал үйрөнүлүп жатканда кандай болсо, ал эсте тутулуп, кайра калыбына келтирилгенде так ошондой контекстте болсо Э. т. эң жакшы жүрдү деп айтса болот, б. а. субъект Э. т-га жөндөмү.

Э. т. процессинин жүрүшүндө негизги роль кайталоого таандык. Кайталоо аркылуу маалыматты Э. т-нун законченемдүүлүгү – белгилүү психолог Г. Эббингауз тарабынан кеңири изилденген.

**ЭСКЕ ТҮШҮРҮҮ -** – адам тажрыйбасында кездешкен ойлорду, элестерди, сезимдерди, кыймылдарды кайрадан калыбына келтирүүчү эс процесстеринин бири. Бул процесстин жүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Мында «билүү» ж-а «эстөө» түшүнүктөрүн айырмалоо мааниге ээ. Билүү – кайрадан кабыл алуу шартында кандайдыр бир объектинин тааныштыгы. Билүүнүн турмуштук мааниси чоң. Эгер билүү болбосо таасир эткен дүүлүктүргүчтөр ар дайым жаңыдан белгилүү болуп жаткандай болмок. Билүү биздин тажрыйбаны кабыл алган дүүлүктүргүчтөр м-н байланыштырып, чөйрөгө туура багыт алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Э. т-нүн билүүдөн айырмасы – объект түздөн-түз таасир этип турбаган учурда, өткөн окуялардын эсте калышынын негизинде ишке ашат. Материал толук, так эсте калса, аны Э. т. оңой. Бирок практикада ар дайым эле андай боло бербейт. Кээде керектүү нерсени Э. т. кыйынчылыкты жаратып, активдүү изденүүнү талап кылат. Мындай абалдагы Э. т-нү – эстөө деп айтабыз.

Э. т. эрктүү ж-а эрксиз деп экиге бөлүнөт. Эрктүү Э. т-дө адам эсте калган материалды калыбына келтирүү үчүн, аң-сезимдүү установкаларды түзүп, атайын максат коюп, пландуу аракет жасайт. Ал эми эрксиз Э. т-дө өткөн окуялар атайын уюштурууну талап кылбастан, эрктик аракеттер жумшалбастан «өзүнөн-өзү» эске түшөт.

Э. т. эки жол аркылуу ишке ашат: а) түздөн-түз; б) кыйыр түрдө. Биринчи жол аркылуу Э. т-дө пайда болгон мнемикалык маселенин жообу кошумча бөлүкчөлөрдү, оңдоп-түзөөлөрдү талап кылбастан табылат. Экинчи жол аркылуу

Э. т. узакка созулган процесс, анда ар түрдүү байланыштыруучу бөлүктөр ишке киргизилет. Бул жолдо Э. т. бир топ татаалданат да, активдүү эрктик аракеттер, ойлом процесстери катышып, адам аң-сезимдүү изденип эстөөгө өтөт.

Э. т-нун негизги өзгөчөлүгү – тандоо мүнөзүнө ээ экендигинде. Бул эрксиз Э. т-дө эле байкалат. Анткени сакталган материалды калыбына келтирүү адамдын керектиги, иш-аракетинин багыты, тынчсыздануулары м-н байланышкан. Ал эми эрктүү Э. т-дө, анын тандоо мүнөзүнө ээ экендиги ачык көрүнөт, б.а. адам алдына коюлган маселенин шартына жараша: керектүү маалыматтарды толук же айрым бөлүктөрүн, маалыматты сакталган абалда, же болбосо башка удаалаштыкта Э. т-гө аракет жасайт. Э. т. кабыл алынган маалыматтардын толук сүрөттөлүшү эмес, ал адамдын түшүнүгүнө, аракетине, иш-аракетте коюлган маселеге жараша боло турган кубулуш. Психология илиминде эстин механизмдерин, процесстерин изилдөө кызыктуу фактыларды берүүдө. Айрыкча эстин Э. т-гө даяр болушу, б. а. эстин иш-аракетти аткарууга зарыл маалыматтарды так, тез калыбына келтирүү жөндөмдүүлүгү психологдордун бүйүрүн кызытып келүүдө. Э. т-гө даяр болуу даражасы, эске сактоонун жүрүшүнө ж-а өз учурунда берилген установкага көз каранды болот.

Психология илиминде Э. т-гө терс таасирин тийгизүүчү кубулуштар изилденип, такталган. Алардын бири эс «издеринин» интерференциясы деп аталган кубулуш.

Э. т. процессинин негизинде эсти изилдөөнүн эксперименталдык методдору түзүлгөн. XIX к. аягында немец психологу Г. Эббингауз «Удаалаш Э. т.», «Антиципация» методдорун сунуш кылган. Акыркы мезгилде эркин Э. т. методу, тартиптештирилген Э. т. методу, Броун-Петерсон методу иштелип чыккан.

Э. т-нүн механизмдерин изилдөө психологдордун алдындагы чоң проблемалардын бири. Э. т-нү изилдөөнүн ил. жемиштери пед. иш-аракеттеги ийгиликти камсыз кыла тургандыгын ишеним м-н белгилесек болот.

**ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ -** , э с т е - т и к а л ы к т а р б и я л о о – көркөм өнөр чыгармаларындагы, табияттагы ж-а өз турмушундагы кооздукту сезе ж-а туя билүү сезимдерин эстетикалык кабылдоо ж-а түшүнүү үчүн инсандын идеалдарын ж-а табитин атайын максатка ылайык калыптандыруу б-ча жүргүзүлгөн таалим-тарбия иштеринин системасы. Байыркы Грецияда жаралган филос. ой Э. т-нын каражаты катары биринчи орунга музыканы койгон да, адамдын эстетикалык табитинин өсүшүнө бирден бир таасир эткен нерсе музыка деп эсептешкен. Бул концепцияны бир кыйла кеңейтип, Аристотель музыкага адабият м-н театрды кошкон. Адамзат тарыхында ар кыл мезгил, ар кыл багыттар эстетикалуулук ж-а көркөмдүүлүк, сулуулук ж-а куниктик, көтөрүңкүлүк ж-а пастык, баатырдык ж-а коркоктук, трагедиялуулук ж-а комедиялуулук тууралуу өз түшүнүктөрүн жаратkan. Э. т. тарбиянын башка түрлөрү (ыйман-адептик, укуктук, патриоттук, саясый, экологиялык, интерноционалдык, көркөмдүк, эмгектик ж. б.) м-н байланыштуу ж-а өз милдетин тарбиянын ушул түрлөрү м-н бирдикте жүргүзөт. Табияттагы ж-а турмуштагы, адамдагы кооздукту айырмалай билүү, жаратылышка жандуудай мамиле кылуу, көркөм өнөрдөгү бийик деңгээлдеги чыныгы чыгарма м-н халтураны айра билүү, классикалык искусстводон рухий азык табуу Э. т-га ээ болгон инсандарга гана таандык касиеттерден болуп саналат. «Коомдун эстетикалык түшүнүгүнүн квинтэссенциясы эстетикалык идеал, ал инсандын эстетикалык аң-сезиминин эстетикалык кабылдоо, толгонуу, сезим, табит, керектүүлүк, көз караш ж-а ишеним сыяктуу составдык элементтеринде чагылдырылат» (Краткий словарь по эстетике. Книга для учителя. М. Ф. Овсянниковдун редакциялоосу астында, М., «Просвещение», 1983, 23-б.). Э.т. мектептерде комплекстүү жүргүзүлгөндө гана, б. а. анда адабият, сүрөт, музыка, кол өнөрчүлүгү сыяктуу эстетикалык циклдеги сабактар м-н класстан тышкаркы иштер, туристтик-экскурсиялык жүрүштөр, концерттер, спектаклдер, ийримдер, ата-эне, коомчулук, бүт айлана-чөйрө балага оң таасир эткенде гана эстетикалык тарбиялоо өз үзүрүн көрсөтөт. Эстетикалык тарбия үзүрүн көрсөткөн инсан ыймандуу болот, экологияны да сактайт, маданияттуу да, билимдүү да адам катары дүйнөнүн асылдыгын, кооздугун өнүктүрүүгө салым кошот ж-а кооздуктун, сулуулуктун мыйзамдары аркылуу чөйрөгө ж-а коомго таасирин тийгизет.

**ЭТИКА -** – (гр. ethika, ethos адат, салт, каада) – изилдөө объекти болуп мораль эсептелинген филос. илим. 1. Филос. этика кишинин кулк-мүнөзү, жүрүм-туруму ж-дөгү филос. окуу, идеология формаларынын бири. 2. адеп, сылыктык, тартип нормасы. Э. – байыркы теоретикалык илимдердин бири, философиянын бөлүгү катары кул ээлөөчүлүк коомдун калыптануусунда пайда болгон. Адеп-ахлак ж-дө окутууну белгилөө үчүн этика терминин ойчул Аристотелң биринчи болуп киргизген. Адеп-ахлактык Э. коомдо пайда болгон ж-а ага активдүү түрдө таасир берген коомдун өнүгүшүн чагылдырган, коомдук аң-сезимдин бир формасы болуп саналат.

Этиканын максатына адамдын жашоосунда пайда болгон адеп-ахлак көйгөйлөрүн чечүү да кирет.

**ЭТНОМАДАНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ -** – эне тили ж-а маданий салттарга үйрөтүү, о. эле дүйнөлүк маданий салттарга байыр алдыруу аркылуу инсандын этномаданий адептүүлүгүн сактоо, өнүктүрүүнү көздөгөн таалим-тарбия.

Кыргызстандын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде этнопед. билим берүү б-ча теориялык негиздемелер ж-а методикалык көрсөтмөлөр «Кыргыз мектептеринде предметтик билим берүүнүн концепциялары» (1994), «Маданиятка шайкеш таалим-тарбия» (1995) сыяктуу расмий документтерде орун алган. Аталган концепцияларга ылайык мектептеги, айрыкча гуманитардык багыттагы сабактардын окуу программалары, окуу китептери улуттук-маданий баалуулуктардын негизинде кайра иштелип чыккан.

**ЭТНОПЕДАГОГИКА -** – термини илимий лексиконго 60–70-жылдарда Г.Н.Волковдун эмгектери аркылуу кирген. Ал «Чуваш элинин этнопедагогикасы» (1986), «Этнопедагогика» (1974) аттуу эмгектеринде бул илимдин өзүнө таандык табияты, предмети, изилдеп чечүүчү проблемалары алгачкы жолу аныкталып, өз алдынча илим катары калыптанышы, өнүгүшү үчүн өбөлгөлөр түзүлдү.

«Г. Н. Волковдун аныктамасы б-ча Этнопедагогика өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим».

Э. «этнос» ж-а «педагогика» деген ил. терминдердин курамынан турат. «Этнос» – уруу, урук, эл, улут деген түшүнүктөрдү жалпы туюнтуучу ил. термин. Демек Э. элдердин, уруулардын, улуттардын таалим-тарбия жаатындагы билимдери м-н тажрыйбаларын жалпылап изилдөөчү педагогика илиминин бир тармагы.

Ал эми «элдик педагогика» ж-а «этнопедагогика» түшүнүктөрүнүн ортосундагы жалпы айырмачылыктарды төмөнкүчө түшүндүрүүгө болот; элдик педагогика элдин таалим-тарбиялык идеяларын, тажрыйбаларын мүнөздөөгө карата айтылса, ал эми Э. теориялык ой жүгүртүү-лөрдүн, илимдин сферасы болуп саналат.

Элестүү айтсак, эгер «элдик педагогика» ж-а «этнопедагогика» деп эки хрестоматиялык жыйнак түзүлө турган болсо, анын биринчисинде элдик пед. мазмундагы оозеки чыгармалар, үрп-адат, каада-салттардын кыскача баяндамалары орун алмак, ал эми экинчиси ошол тарбиялык салттарды, орошон ойлорду, илимий талдоого алган эмгектерден турмак.

Тарыхый Э. – тигил же бул элдин пед. маданиятынын тарыхын, кенч-казыналарын, булактарын, өсүп-өнүгүү жолдорун изилдөөнү көзөмөл тутат. Азыркы Э. дээрлик көпчүлүгү ушул өңүттө жазылган.

Салыштырма Э. – ар андай элдердин пед. маданият чөйрөсүндөгү карым-катнашын, алардын пед. маданияттарынын ортосундагы жалпылыктарды ж-а бөтөнчөлүктөрдү иликтөөчү илим тармагы. Э-нын бул тармагынын артыкчылыгы мында: биринчиден, ал тигил же бул улуттун пед. маданиятын ашкере даңазалабай, адилет баалайт; экинчиден, ар кандай элдердин пед. маданияттарынын ортосундагы жалпылыктарды ж-а бөтөнчөлүктөрдү ачык, так аныктайт.

Этнодидактика – элдин окутуу, билим берүү ж-дөгү көз караштарын, элдик эмпирикалык билимдердин мазмунун ж-а аны муундарга мурастоонун принциптерин, усулдарын, формаларын изилдөөчү этнопедагогикалык билимдердин өзгөчө компоненти.

Практикалык Э. – бул элдик педагогиканын өрнөктүү идеяларын жана салттарын үй-бүлөдө, окуу-тарбия мекемелеринде жемиштүү пайдалануунун, кайра жаратуунун теориялык ж-а методикалык негиздерин иштеп чыгат. Азыркы мезгил жаш муундарды тарбиялоо процессин жалпы адамзаттык ж-а нагыз улуттук дөөлөттөрдүн негизинде өркүндөтүү талабын коюп олтурат. Бул иш окумуштуулар м-н практик мугалимдердин биргелешкен иш аракети аркылуу ишке ашмакчы.

**ЮДАХИН -** Константин Кузьмич (1890, мурунку Оренбург губерниясы, Орск ш.,– 1975, Бишкек) – көрү-нүктүү кыргыз тилчиси, лексикограф, түркολог, профессор (1940-ж.). Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер (1940-ж), филология илимдеринин доктору (1949-ж), Өзбек илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти (1952-ж), Кыргыз илимдер академиясынын академиги (1954-ж), Эл аралык Урал-алтаистика коомунун ардактуу мүчөсү (1961).

1906–1910-ж. Ташкент ш-ндагы Түркстан мугалимдер семинариясында окуган, аны 1910-жылдары бүтүргөн. Кыргыз, өзбек, казак, уйгур, перси тилдеринде сүйлөй билген. Өзүнүн пед. ишмердүүлүгүн мурунку Чымкент уездиндеги Манкент, Кара-Булак кыштагында мугалим болуу м-н баштаган. 1915–1920-ж. ал Синьзяндын шаарларында (Кашкарда, Үрүмчүдө, Кулжада) уйгур тилин ж-а этнографиясын изилдеп үйрөнгөн. 1920-ж. Түркстан чыгыш ин-тунда окуган. 1924–1925-ж. акыркы курстарында окуп жүрүп, биринчи курстарга өзбек тилинен сабак берген. 1925-ж. Ю. ун-ттин түрк ж-а иран филология факультетин бүтүргөн. Андан кийин Ташкент шаарындагы Киров облОНОсунун академиялык борборунда окумуштуу катчы болгон, ошол эле жылы ил. иштерин улантуу үчүн Ленинград шаарына жиберилип, профессор С. Е. Маловдун жетекчилигинде иштеген.

1925-ж. баштап, кайрадан пед. ишке өткөн. Ленинграддын Енукидзе атн. чыгыш таануу ин-тунда өзбек, казак, кыргыз ж-а уйгур тилдеринен лекция окуган, андан кийин Ленинград мамл. ун-тетинде ишин уланткан. 1932–1944-ж. Чыгыш таануунун Москва ин-тунда уйгур тили б-ча кафедра башчысы болгон. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде (1941–1943-ж) Ю. иштеген ин-т Өзбек ССРинин Фергана ш-на көчүрүлгөн. Анда да уйгур тилинен сабак берип, кыргыздардын тили м-н кеңири таанышып, кыргыз тилинин түштүк говорлору б-ча материал топтоого киришкен. 1944-ж. Кыргыз өкмөтүнүн чакыруусу б-ча Фрунзе ш-на келип, туруктуу кызматка өткөн. Ал 1944–1952-ж. СССР ИАсынын кыргыз филиалында кыргыз тил, адабият ж-а тарых ин-тунда кыргыз тили б-ча секторун башкарган. 1946–1951-ж. М. В. Фрунзе атн. Кыргыз мамл. пед. ин-тунда профессор, 1951–1954-ж. В. В. Маяковский атн. кыз-келиндер пед. ин-тунун профессору, бир эле мезгилде Фергана пед. ин-тунун өзбек тили кафедрасынын профессору, 1955-ж. Кыргыз мамл. ун-тетинин кыргыз тил кафедрасынын профессору.

Ю. кыргыз пед. кадрларын тарбиялоого көп эмгек сиңирген, көптөгөн ил. кадрларды даярдаган, алардын арасында көрүнүктүү тилчи-окумуштуулар: профессор. Б. М. Юнусалиев, профессор Х. К. Карасаев, акад. Б. Ө. Орузбаева ж. б. бар.

**ЮНУСАЛИЕВ -** Болот Мураталиевич (1913, Кемин р-ну – 1970. Фрунзе ш.) – белгилүү тилчи, түрколог, «Манас» изилдөөчү, коомдук ишмер. Кыргыз ССР ИАсынын академиги (1954), филология илимдеринин кандидаты (1954), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1963). Ю. (1926), Ташкент ш-ндагы политехникалык техникумунда (1927–1930-ж), рабфакта (1930–1931), Москва педин-тунда (1931–1933) билим алган. 1938–1941-ж. «СССР Жогорку Советинин ведомостторунун» кыргызча басылышынын редактору, ушул эле жылдары Ю. СССР ИА тил институтунда аспирантурада окуган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан.

Ю. 1945–1951-ж. Кыргыз ССР Эл агартуу министри ж-а «Мугалимдерге жардам» журналынын редактору болгон. 1949-ж. «Кыргыз тилиндеги көмөкчү (жардамчы) этиштер» деген темада кандидаттык диссертация, 1954-ж. «Кыргыз тилиндеги уңгу этиштердин (сөздөрдүн) өнүгүшү» деген темада докторлук диссертация жактаган. Ю. 1954–1960-ж. Кыргыз мамл. ун-тинин ректору, филология факультетинин кыргыз тил илими кафедрасынын башчысы, 1960–1970-ж. Кырг. мамл. ун-тетинин кыргыз тил илими кафедрасында профессор, Кыргыз ССР ИАнын «Манас» секторунда улуу ил. кызматкер болуп иштеген. 1970-жылдары «Советская тюркология» (Баку), «Кыргыз ССР ИАнын кабарлары» журналдарынын редколлегия мүчөсү болгон.

Ю. Кыргызстан КП БКнын, Кырг. ССР ИАнын Президиумунун мүчөсү, Кырг. ССР Жогорку Советинин 2–5-шайланыштарынын депутаты болгон. Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган. 1971-ж. «Кыргыз диалектологиясы» деген монографиясы жарыяланган. Ю. «Манас» эпосунун орчундуу проблемалары б-ча изилдөө иштерин жүргүзгөн. Эпостун пайда болушуна ж-а өнүгүшүнө байланыштуу оригиналдуу ойлорун «Манас» эпосунун бириктирилген вариантынын баш сөзүндө жарыялаган.

Ю. Улуу Ата Мекендик согуштун алдында марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын кыргызча которууга катышкан. Ал ил.-пед. кафедраларды түзүүгө активдүү катышкан. Көптөгөн илимдин кандидаттарын, докторлорун даярдаган. 1985-ж. «Илим» басмасынан «Тандалган эмгектери» басылып чыккан.

**ЯКИР** - Ефим Борисович (1934-ж. т., Украина, Мариуполь ш.) – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими. Кырг. Респ. Эл мугалими (2003), КГУнун физмат факультетин бүтүргөндөн кийин 36 жыл бою Чүй обл. Калинин р-нда, Бишкек ш. № 61 мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Ленин, «Элдердин достугу» ордендери, юбилейлик медалдар м-н сыйланган.